**МАТАЙ жазган Жакшы Кабар**

**1-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын санжырасы**

1 Ыйса Машайактын санжырасы: Ал – Дөөттүн Уулу, Ал – Ыбрайымдын Уулу.

2 Ыбрайымдан Ыскак, Ыскактан Жакып, Жакыптан Жүйүт жана дагы башка балдар төрөлгөн.

3 Жүйүт менен Тамардан Перес менен Зерак төрөлгөн. Перестен Хесрон, Хесрондон Рам төрөлгөн.

4 Рамдан Аминадап, Аминадаптан Нахшон, Нахшондон Салмон төрөлгөн.

5 Салмон менен Рахаптан Бууз төрөлгөн. Бууз менен Руттан Обейт төрөлгөн. Обейттен Жышай төрөлгөн.

6 Жышайдан Дөөт падыша төрөлгөн. Дөөттөн Сулайман төрөлгөн. Сулаймандын энеси мурун Урийдин аялы болчу.

7 Сулаймандан Рехабам, Рехабамдан Абиям, Абиямдан Аса,

8 Асадан Жошапат, Жошапаттан Жорам, Жорамдан Узия,

9 Узиядан Жотам, Жотамдан Ахаз, Ахаздан Хиския,

10 Хискиядан Менаше, Менашеден Амон, Амондон Жошия төрөлгөн.

11 Бабыл өлкөсүнө туткундалып бара жатканда, Жошиядан Жайаким, Жайакимден Жайахин жана дагы башка балдар төрөлгөн.

12 Бабыл өлкөсүнө туткундалып баргандан кийин, Жайахинден Шалем төрөлгөн. Шалемден Зоробабыл,

13 Зоробабылдан Абыйут, Абыйуттан Элийаким, Элийакимден Адзор,

14 Адзордон Садок, Садоктон Аким, Акимден Элийут,

15 Элийуттан Элазар, Элазардан Матан, Матандан Жакып төрөлгөн.

16 Жакыптан Мариямдын күйөөсү Жусуп төрөлгөн. Мариямдан Машайак деп аталган Ыйса төрөлдү.

17 Ошентип, Ыбрайымдан Дөөткө чейин бардыгы болуп он төрт муун, Дөөттөн Бабыл туткундугу убагына чейин он төрт муун, Бабыл туткундугу убагынан Машайак төрөлгөнгө чейин он төрт муун.

**Ыйса Машайактын төрөлүшү**

18 Ыйса Машайактын төрөлүшү мындай болду: Анын энеси Мариям Жусуп менен убадалашып койгон. Бирок алардын никеси кыйыла электе эле, Мариямдын Ыйык Рухтан кош бойлуу болгону белгилүү болду.

19 Анын болочок күйөөсү Жусуп адил адам болгондуктан, Мариямды эл алдында уятка калтыргысы келген жок. Ошондуктан ал Мариям менен бекиткен убадасын жашыруун бузууну ойлоду.

20 Ушундай ойго келген кезде, Теңирдин периштеси ага түшүндө көрүнүп, мындай деди: «Жусуп, Дөөттүн уулу! Мариямды аялдыкка алуудан коркпо, анткени анын боюна бүткөн бала Ыйык Рухтан.

21 Ал Уул төрөйт, Анын ысымын Ыйса деп койгун. Анткени Ал Өз элин күнөөлөрүнөн куткарат».

22-23 Булардын баары Теңирдин Ышайа пайгамбар аркылуу «Кыз кош бойлуу болуп, Уул төрөйт, анын ысымын Эмануел деп коюшат» деп айткан сөзүнүн аткарылышы үчүн болду. Бул ысым «Кудай биз менен» деп которулат.

24 Жусуп ойгонгондон кийин, Теңирдин периштеси буйругандай кылды. Ал Мариямды аялдыкка алды.

25 Бирок Мариям Уулун төрөгүчө, Жусуп ага жакындаган жок. Уул төрөлгөндө, Жусуп Анын ысымын Ыйса деп койду.

## 2-БӨЛҮМ

### Даанышмандардын Бейт-Лехемге келиши

1 Ирод падышанын убагында, Жүйүт жеринин Бейт-Лехем деген шаарында, Ыйса төрөлгөндө, чыгыштан Иерусалим шаарына даанышмандар келип:

2 «Жүйүттөрдүн жаңы төрөлгөн Падышасы кайда? Чыгыштан биз Анын жылдызын көрүп, Ага таазим кылганы келдик», – дешти.

3 Муну укканда, Ирод падышанын тынчы кетти, аны менен бирге бүт Иерусалим эли да дүрбөлөңгө түштү.

4 Ошондо Ирод башкы ыйык кызмат кылуучулар менен элдик мыйзам окутуучулардын баарын чогултуп алып, алардан: «Машайак кайсы жерде төрөлүшү керек эле?» – деп сурады.

5 Алар ага мындай деп жооп беришти: «Жүйүттүн Бейт-Лехем деген шаарында төрөлүшү керек. Анткени бир пайгамбар аркылуу мындай деп жазылган:

6 “Бирок сен, Бейт-Лехем, Жүйүт жери, Жүйүттүн башка шаарларынан эч бир нерсең менен кем эмессиң, анткени сенден Менин элим Ысрайылды жетектеп жүрө турган Жол башчы чыгат”».

7 Ошондо Ирод даанышмандарды өзүнө жашыруун чакыртып алып, жылдыздын пайда болгон убактысын астыртадан сурап билип алды.

8 Анан аларды Бейт-Лехемге жөнөтүп жатып: «Баргыла да, ошол Наристе жөнүндө жакшылап сураштырып билгиле. Аны табарыңар менен, мага кабарлагыла. Мен да барып, Ага таазим кылайын», – деди.

9 Падыша муну айткандан кийин, алар жөнөп кетишти. Чыгышта көрүнгөн жылдыз алардын алдында жылып жүрүп отуруп, Наристе жаткан жерге келип токтоду.

10 Жылдыздын токтогонун көргөндө, даанышмандар аябай сүйүнүп кетишти.

11 Анан алар үйгө кирип, Наристени жана Анын энеси Мариямды көрүштү. Ошондо алар жүзтөмөндөп жыгылып, Ага таазим кылышты. Сандыкчаларын ачып, Ага ладан, смирна деген жыпар жыттуу заттарды жана алтын тартуу кылышты.

12 Алар Иродго кайтып барбоо керектиги жөнүндө түштөрүндө аян алып, өз өлкөсүнө башка жол менен жөнөп кетишти.

**Мисирге качуу**

13 Даанышмандар жөнөп кетишкенден кийин, Теңирдин периштеси Жусупка түшүндө көрүнүп: «Тур, Наристени жана Анын энесин алып, Мисирге кач. Мен айтканга чейин, ошол жерде бол. Анткени Ирод Наристени өлтүртүү үчүн издеткени жатат», – деди.

14 Ошондо Жусуп ордунан туруп, Наристени жана Анын энесин алып, түн ичинде Мисирди карай жол тартты.

15 Ошентип, алар Ироддун көзү өткөнчө, ошол жерде болушту. Теңирдин бир пайгамбар аркылуу «Уулумду Мисирден чакырып алдым» деп айткан сөзүнүн аткарылышы үчүн ушундай болду.

**Наристелердин өлтүрүлүшү**

16 Ирод өзүнүн даанышмандарга алданып калганын билгенде, аябай каарданып, Бейт-Лехемдеги жана анын тегерек-четиндеги эки жаштагы жана эки жашка чейинки эркек балдарды кырып салууга аскерлерди жөнөттү. Ал Анын жашын даанышмандардан сурап билип алган убакыт боюнча аныктады.

17-18 Ошондо Жеремия пайгамбар аркылуу «Рама шаарынан зар какшап, боздоп ыйлагандын үнү угулат. Бул – өзүнүн балдарын жоктоп ыйлаган Рахел. Ал сооронгусу келбей жатат, анткени алар эми жок» деп айтылган сөз аткарылды.

**Назаретке кайтып келүү**

19 Ироддун көзү өткөндөн кийин, Мисирде Теңирдин периштеси Жусупка түшүндө көрүнүп:

20 «Тур! Наристени жана Анын энесин алып, Ысрайыл жерине жөнө. Анткени Наристени өлтүрүүнү каалагандардын көзү өтүп кетти», – деди.

21 Ошондо Жусуп ордунан туруп, Наристени жана Анын энесин алып, Ысрайыл жерине келди.

22 Жүйүт аймагында атасы Ироддун ордуна уулу Архелай падышачылык кылып жатканын угуп, Жусуп ал жакка баруудан коркту. Бирок түшүндө аян алып, Галилея аймагын көздөй жол тартты.

23 Ал жерге келип, Назарет деген шаарга жайланышты. Пайгамбарлар аркылуу «Ал “назареттик” деп аталат» деп айтылган сөздүн аткарылышы үчүн ушундай болду.

**3-БӨЛҮМ**

**Чөмүлдүрүүчү Жакандын кызматы,анын Ыйса жөнүндө күбөлөндүрүүсү**

1 Бир нече жылдан кийин чөмүлдүрүүчү Жакан келип, Жүйүт жериндеги ээн талаада мындай деп жар сала баштады:

2 «Тобо кылгыла! Анткени Асман Падышачылыгы жакындап калды».

3 Жакан жөнүндө Ышайа пайгамбар: «Теңирге жол даярдагыла, Ал үчүн жолду түздөгүлө деп, ээн талаада жар салган үн угулат», – деп айткан.

4 Жакан болсо төөнүн жүнүнөн кийим кийип, белине кайыш кур курчанып жүрчү. Жегени чегиртке менен жапайы бал эле.

5 Ошондо Иерусалимдеги, Жүйүт аймагындагы жана Иордан дарыясынын айланасындагы элдин баары ага келип,

6 күнөөлөрүн моюндарына алып, ачык айтып жатышты. Жакан аларды Иордан дарыясында сууга чөмүлдүрүп жатты.

7 Чөмүлдүрүлүү үчүн келе жаткан бир топ фарисейлер менен садукейлерди көргөндө, Жакан мындай деди: «Жылан тукумдары! Кудайдын келечектеги каарынан качып кутулууну силерге ким айтты?

8 Тобо кылганыңарды иштериңер аркылуу көрсөткүлө!

9 "Биздин атабыз – Ыбрайым", – деп ойлобой эле койгула. Силерге айтып коёюн, Кудай Ыбрайымга мына бул таштардан да балдарды жаратып бере алат.

10 Балта дарактардын тамырынын жанына коюлган. Демек, жакшы жемиш бербеген ар бир дарак кыйылып, отко ыргытылат.

11 Мен силерди тобо кылуу чөмүлдүрүүсү менен сууга чөмүлдүрүп жатам, бирок менин артымдан Келе Жаткан менден күчтүү. Мен Анын бут кийимин көтөрүп жүрүүгө да татыксызмын. Ал силерди Ыйык Рухка жана отко чөмүлдүрөт.

12 Анын күрөгү Өз колунда, Ал Өз кырманын тазалап, буудайын кампага жыйнайт, ал эми саманды өчпөс отко салат».

**Ыйсанын чөмүлдүрүлүшү**

13 Ошондо Ыйса Жакан тарабынан сууга чөмүлдүрүлүү үчүн, Галилеядан Иорданга келди.

14 Жакан Аны токтотуп: «Мени Сен чөмүлдүрүшүң керек эле. А Сен болсо мага келе жатасыңбы?» – деди.

15 Бирок Ыйса ага: «Азыр ушундай кылууга жол бер, анткени ар бир адилеттүү ишти ушундайча аткарышыбыз керек», – деп жооп берди. Ошондо Жакан Ага жол берди.

16 Чөмүлдүрүлөрү менен Ыйса суудан чыкты. Ошол учурда (Жакан) асмандын ачылганын жана Кудайдын Рухунун көгүчкөн сыяктуу Ага түшүп келе жатканын, Анын үстүнө түшкөнүн көрдү.

17 Ошондо асмандан «Бул Менин сүйүктүү Уулум, Мен Ага ыраазымын» деген үн угулду.

**4-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын сыналуусу**

1 Ошондон кийин Ыйса шайтан тарабынан сыналуу үчүн, Рух аркылуу чөлгө алынып барылды.

2 Ал кырк күн, кырк түн орозо кармап, акырында ачка болду.

3 Ошондо азгыруучу Ага жакын келип: «Эгерде Сен Кудайдын Уулу болсоң, анда мына бул таштарга нанга айланууну буйру!» – деди.

4 Ыйса ага: «"Адам нан менен гана эмес, Кудайдын оозунан чыккан ар бир сөз менен да жашайт", – деп, Ыйык Жазууда жазылып турат», – деп жооп берди.

5 Ошондо шайтан Аны ыйык шаарга алып барып, ийбадаткананын төбөсүнө тургузуп, мындай деди:

6 «Эгерде Сен Кудайдын Уулу болсоң, анда боюңду таштап жибер. Анткени Ыйык Жазууда: "Ал Өзүнүн периштелерине буйрук берет. Сен бутуңду ташка уруп албашың үчүн, алар Сени колдоруна көтөрүп кетишет", – деп жазылып турат».

7 Ыйса ага: «Ыйык Жазууда: "Кудай-Теңириңди сынаба", – деп да жазылып турат», – деп жооп берди.

8 Шайтан кайрадан Аны алып, абдан бийик тоого чыгарды да, дүйнөдөгү бардык падышачылыктарды жана алардын атак-даңкын көрсөттү.

9 Анан Ага: «Алдыма жыгылып, мага таазим кылсаң, ушунун баарын Сага берем», – деди.

10 Ошондо Ыйса ага: «Кет жанымдан, шайтан! Анткени: "Кудай-Теңириңе табын жана бир гана Ага кызмат кыл", – деп жазылып турат», – деп жооп берди.

11 Ошондо шайтан Ыйсанын жанынан кетти. Периштелер келип, Ыйсага кызмат кыла башташты.

**Ыйсанын Капернаум шаарына келип, кызматын баштоосу**

12 Ыйса Жакандын камакка алынганын угуп, Галилеяга кетти.

13 Ал Назарет шаарында калбастан, Забулун жана Напталы дубандарына, Галилея көлүнүн жээгиндеги Капернаум шаарына жайланышты.

14-15 Бул Ышайа пайгамбар аркылуу «Деңизди карай кеткен жолдогу Забулун жана Напталы жери, Иордандын наркы өйүзүндө жашаган бутпарастардын Галилеясы,

16 караңгычылыкта жашаган эл улуу жарыкты көрдү, өлүм көлөкөсү баскан өлкөдө жашагандарга жарык жаркырады» деп айтылган сөздүн аткарылышы үчүн болду.

17 Ошол убакыттан тартып, Ыйса мындай деп жар сала баштады: «Тобо кылгыла! Анткени Асман Падышачылыгы жакындап калды».

**Петир менен Андрейдин кызматка чакырылышы**

18 Ал Галилея көлүнүн жанынан өтүп бара жатып, Петир деген да ысым коюлган Шымонду жана анын бир тууганы Андрейди көрдү. Бул эки бир тууган көлгө тор ыргытып жатышкан, анткени алар балыкчылар эле.

19 Ыйса аларга: «Менин артымдан ээрчигиле, силерди Мен адам кармоочу кыламын», – деди.

20 Алар ошол замат торлорун таштап, Аны ээрчип жөнөштү.

**Жакып менен Жакандын Ыйсанын артынан ээрчүүсү**

21 Ыйса андан ары кетип бара жатып, башка эки бир тууганды, Зебедейдин уулдары Жакып менен Жаканды көрдү. Алар атасы Зебедей менен бирге кайыкта торлорун оңдоп жатышкан. Ыйса аларды да чакырды.

22 Алар ошол замат кайыкты да, атасын да таштап, Аны ээрчип жөнөштү.

23 Ыйса бүт Галилеяны аралап, синагогаларда элди окутуп, Асман Падышачылыгы жөнүндө Жакшы Кабар таратып, адамдардын ар кандай ооруларын жана кеселдерин айыктырып жүрдү.

24 Ошондо Ал жөнүндө бүт Сирия эли угуп, Ага бардык оорулууларды: ар түрдүү кеселге жана дартка чалдыгып кыйналгандарды, жин оорулууларды, элирме оорулууларды, шал оорулууларды алып келип жатышты. Ыйса болсо аларды айыктырып жатты.

25 Галилеядан, Декапол дубандарынан, Иерусалим шаарынан, Жүйүт аймагынан жана Иордан дарыясынын наркы өйүзүнөн келген топ эл Ыйсанын артынан ээрчип жүрдү.

**5-БӨЛҮМ**

**Тоодо айтылган насаат. Кимдер бактылуу**

1 Ыйса элди көргөндө, тоого чыкты. Ал отургандан кийин, шакирттери жанына келишти.

2 Ошондо Ыйса аларга мындай насаат айта баштады:

3 «Руху жакырлар бактылуу, анткени Асман Падышачылыгы алардыкы.

4 Ыйлагандар бактылуу, анткени алар сооронушат.

5 Момундар бактылуу, анткени алар жерди мурасташат.

6 Адилеттикке ачыккандар жана суусагандар бактылуу, анткени алар тоюшат.

7 Ырайымдуулар бактылуу, анткени аларга да ырайым кылынат.

8 Жүрөгү таза адамдар бактылуу, анткени алар Кудайды көрүшөт.

9 Тынчтык орнотуучулар бактылуу, анткени алар “Кудайдын уулдары” деп аталышат.

10 Чындык үчүн куугунтукталгандар бактылуу, анткени Асман Падышачылыгы алардыкы.

11 Мен үчүн кордук көрсөңөр, Мен үчүн куугунтукталсаңар, Мен үчүн жалган жалаага калсаңар, бактылуусуңар.

12 Кубанып шаттангыла, анткени асмандагы сыйлыгыңар чоң! Силерден мурунку пайгамбарларды да ушинтип куугунтукташкан.

**Ыйсага ишенгендердин бул дүйнөдөгү милдети**

13 Силер жердин тузусуңар. Эгерде туз өз даамын жоготсо, аны кайра кантип калыбына келтиресиң? Ал адамдардын тепсендисине ыргытылуудан башка эч нерсеге жарабайт.

14 Силер дүйнөнүн жарыгысыңар. Тоо үстүндөгү шаар жашырына албайт.

15 Чыракты жандырып, анын үстүнө идишти көмкөрүп койбойт. Үйдөгүлөрдүн баарына жарык берсин деп, аны чыракпаяга коёт.

16 Силердин жарыгыңар да адамдардын алдында так ошондой жаркырап турсун. Алар силердин жакшы иштериңерди көрүп, Асмандагы Атаңарды даңкташсын.

**Ыйсанын мыйзамга карата мамилеси**

17 Мени мыйзамды же пайгамбарлардын сөзүн жокко чыгаруу үчүн келди деп ойлобогула. Жокко чыгаруу үчүн эмес, аткаруу үчүн келдим.

18 Мен силерге чындыкты айтып коёюн, асман менен жер жок болмоюнча, бардыгы аткарылмайынча, мыйзамдын бир да тамгасы, бир да белгиси жок болбойт.

19 Ошондуктан ким бул осуяттардын эң кичинесин аткарбаса жана башкаларга да ошентип үйрөтсө, ал Асман Падышачылыгында “эң кичинекей” деп аталат. Ал эми ким аткарса жана үйрөтсө, ал Асман Падышачылыгында “улуу” деп аталат.

20 Силерге айтып коёюн, эгерде силер мыйзам окутуучулар менен фарисейлерден да адилеттүү болбосоңор, анда Асман Падышачылыгына кирбейсиңер.

**Алтынчы осуят**

21 Байыркы мезгилде жашагандарга: “Киши өлтүрбө. Ким киши өлтүрсө, ал жазага тартылат”, – деп айтылганын уккансыңар.

22 Мен болсо силерге мындай деп айтамын: бир тууганына жөнү жок ачууланган ар бир адам жоопко тартылат. Бир тууганын “келесоо” деген адам синедрион алдында жоопко тартылат, “акылсыз” деген адам болсо оттуу көлгө түшөт.

23 Ошондуктан сен курмандык чалынуучу жайга курмандыгыңды алып келгениңде, бир тууганыңдын сага каршы бир нерсеси бар экени ошол жерден эсиңе түшсө,

24 анда курмандыгыңды курмандык чалынуучу жайдын алдына таштагын да, барып, адегенде бир тууганың менен элдеш. Ошондон кийин гана курмандыгыңды алып кел.

25 Жолдо бара жатканыңда эле, каршылашың менен элдешип алганга шаш. Болбосо каршылашың сени сотко берет, сот болсо сакчыга тапшырат, ошентип, сени түрмөгө отургузуп коюшат.

26 Сага чындыкты айтып коёюн, акыркы кодрантыңды бермейинче, ал жерден чыкпайсың.

**Жетинчи осуят**

27 Байыркы мезгилде жашагандарга: “Ойноштук кылба”, – деп айтылганын уккансыңар.

28 Мен болсо силерге мындай деп айтамын: аял кишиге кумарлануу менен караган адам өз жүрөгүндө ойноштук кылган болот.

29 Эгерде оң көзүң сени күнөөгө түртсө, аны оюп алып, ыргытып жибер. Он эки мүчөң бүт бойдон оттуу көлгө түшкөндөн көрө, мүчөлөрүңдүн биринен гана ажыраганың жакшы.

30 Эгерде оң колуң сени күнөөгө түртсө, аны кесе чаап, ыргытып жибер. Он эки мүчөң бүт бойдон оттуу көлгө түшкөндөн көрө, мүчөлөрүңдүн биринен гана ажыраганың жакшы.

**Ажырашуу жөнүндө**

31 Дагы мындай деп айтылган: “Ким аялын кетире турган болсо, ага талак кат жазып берсин”.

32 Мен болсо силерге мындай деп айтамын: ойноштук кылуу себеби менен эмес, башка бир себеп менен аялын кетирген адам аялынын ойноштук кылуусуна себепкер болот; күйөөсү кетирип жиберген аялды алган адам да ойноштук кылган болот.

**Ант жөнүндө**

33 Байыркы мезгилде жашагандарга: “Антты бузба. Теңирдин алдында берген антыңды аткар”, – деп айтылганын да уккансыңар.

34 Мен болсо силерге мындай деп айтамын: эч качан ант бербе; асманды оозанып ант бербе, анткени ал – Кудайдын тактысы.

35 Жерди оозанып да ант бербе, анткени ал – Анын бут коёр жери. Иерусалимди оозанып да ант бербе, анткени ал – улуу Падышанын шаары.

36 Башыңды оозанып да ант бербе, анткени бир да тал чачыңды ак же кара кыла албайсың.

37 “Ооба” деп айтуу керек болсо, “ооба” дегиле; “жок” деп айтуу керек болсо, “жок” дегиле. Ал эми булардан башкасы амалкөйдөн.

**Душманды сүйүү менен жеңүү**

38 Силер: “Көзгө көз, тишке тиш”, – деп айтылганын уккансыңар.

39 Мен болсо силерге мындай деп айтамын: жамандык кылган адам менен каршылашпа; оң жаагыңа чапкан адамга сол жаагыңды тосуп бер.

40 Сени менен соттошуп, көйнөгүңдү алгысы келген адамга сырт кийимиңди да бер.

41 Сени өзү менен бирге бир чакырым жол жүрүүгө мажбурлаган адам менен эки чакырым жол жүр.

42 Сураганга бер, карыз сураган адамга тескери караба.

43 “Жакыныңды сүй, душманыңды жек көр”, – деп айтылганын уккансыңар.

44 Ал эми Мен силерге мындай демекчимин: душманыңарды сүйгүлө, силерди каргагандарга батаңарды бергиле. Силерди жек көргөндөргө жакшылык кылгыла. Силерди таарынткандар үчүн жана куугунтуктагандар үчүн сыйынгыла.

45 Ошондо силер асмандагы Атаңардын уулдары болосуңар. Анткени Ал Өз күнүн жаманга да, жакшыга да тийгизип, жамгырын адилеттүүгө да, адилетсизге да жаадырат.

46 Силерди жакшы көргөндөрдү гана жакшы көрсөңөр, силерге кайдагы сыйлык? Салык жыйноочулар деле ошентишет эмеспи.

47 Эгерде бир туугандарыңар менен гана саламдашсаңар, анда эмне өзгөчөлүгүңөр бар? Бутпарастар деле ошентишет эмеспи.

48 Ошондуктан асмандагы Атаңар кандай жеткилең болсо, силер да ошондой жеткилең болгула.

**6-БӨЛҮМ**

**Тоодогу насааттын уландысы.Динчилдикти айыптоо**

1 Адилеттүү иштериңерди адамдарга көрүнүш үчүн кылуудан сак болгула. Болбосо асмандагы Атаңардан сыйлык албайсыңар.

2 Ошондуктан кайыр берип жатканыңда, элге жарыялаш үчүн, сурнай тартпа. Эки жүздүү адамдар элден атак алыш үчүн, синагогаларда, көчөлөрдө ушундай кылышат. Силерге чындыкты айтып коёюн, алар өз сыйлыгын алышты.

3 Ал эми сен кайыр берип жатканыңда, оң колуң сол колуңдун эмне кылып жатканын билбесин.

4 Кайырды жашыруун бер. Жашыруун кылынганын көргөн Атаң сага тиешелүүнү ачык эле берет.

5 Эки жүздүүлөргө окшоп сыйынбагын. Алар адамдарга көрүнүш үчүн, синагогаларда жана көчөлөрдүн бурч-бурчтарында туруп алып сыйынганды жакшы көрүшөт. Силерге чындыкты айтып коёюн, алар өз сыйлыгын алышты.

6 Ал эми сен сыйынарда, бөлмөңө кирип, эшигиңди жап да, көрүнбөгөн Атаңа сыйын. Жашыруун сыйынганыңды көргөн Атаң сага тиешелүүнү ачык эле берет.

7 Бутпарастарга окшоп ашык сөздөрдү айтып сыйынбагыла. Себеби алар: “Көп сүйлөсөк, сыйынуубуз угулат”, – деп ойлошот.

**Сыйынуу жөнүндө**

8 Ошондуктан алардай болбогула, анткени эмнеге муктаж экениңерди Атаңар сурай элегиңерде эле билет.

9 Силер болсо мындай сыйынгыла: “Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун.

10 Сенин Падышачылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын.

11 Бизге күнүмдүк наныбызды бер.

12 Бизге жамандык кылгандарды кечиргенибиздей, Сен да биздин күнөөлөрүбүздү кечире көр.

13 Азгырылышыбызга жол бербе, бизди жамандыктан сакта. Анткени Падышачылык да, күч да, даңк да түбөлүккө Сага таандык. Оомийин”.

14 Эгерде силер башкалардын күнөөлөрүн кечирсеңер, анда асмандагы Атаңар да силерди кечирет.

15 Эгерде башкалардын күнөөлөрүн кечирбесеңер, анда Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирбейт.

**Орозо жөнүндө**

16 Ошондой эле орозо кармаганыңарда, эки жүздүүлөргө окшоп кабагыңарды салбагыла. Алар өздөрүнүн орозо кармап жатканын адамдарга көрсөтүш үчүн, кабагын бүркөп алышат. Силерге чындыкты айтып коёюн, алар өз сыйлыгын алышты.

17 Ошентип, сен өзүңдүн орозо кармап жатканыңды адамдарга эмес, көрүнбөгөн Атаңа көрсөтүш үчүн,

18 башыңды майлап, бетиңди жуу. Жашыруун орозо кармаганыңды көргөн Атаң сага тиешелүүнү ачык эле берет.

**Байлык жөнүндө**

19 Жер үстүндө байлык жыйнабагыла. Жерде аларды күбө жейт, дат басат, уурулар үйдүн түбүн казып кирип, уурдап кетишет.

20 Андан көрө байлыкты асманга жыйнагыла. Асманда аларды күбө жебейт, дат баспайт, уурулар үйдүн түбүн казып киришпейт да, уурдап кетишпейт.

21 Байлыгыңар кайсы жерде болсо, жүрөгүңөр да ошол жерде болот.

22 Дененин чырагы – көз. Эгерде көзүң таза болсо, анда бүт денең жарык болот.

23 Эгерде көзүң жаман болсо, анда бүт денең караңгы болот. Эгерде сендеги жарык караңгы болсо, анда ал кандай коркунучтуу караңгылык!

24 Эч ким эки кожоюнга кул боло албайт. Бирин жаман көрүп, бирин жакшы көрөт; бирине жан-дили менен берилип, экинчисин барк албайт. Бир эле учурда Кудайга да, байлыкка да кызмат кыла албайсыңар.

**Түйшүк тартпоо жөнүндө**

25 Ошондуктан силерге айтарым: “Эмне ичип, эмне жейбиз?” – деп, жаныңар үчүн; “Эмне киебиз?” – деп, денеңер үчүн түйшүк тартпагыла. Тамакка караганда жан, кийимге караганда дене кымбат эмеспи!

26 Асмандагы канаттууларды карагылачы! Алар эгин экпейт, оруп-жыйбайт, кампага жыйнабайт, бирок Асмандагы Атаңар аларды азыктандырат. Алардан силер канча эсе артыксыңар!

27 Кимиңер түйшүк тартуу менен боюңарды бир чыканак өстүрө аласыңар?

28 Кийим үчүн эмнеге түйшүк тартасыңар? Талаадагы лилия гүлдөрүнүн кантип өсүп жатканын карагылачы! Алар эмгектенбейт, жип ийрибейт.

29 Бирок силерге айтып коёюн, атүгүл, атак-даңктуу Сулайман да булардын бириндей кийинген эмес.

30 Бүгүн талаада өсүп турган, эртең болсо отко ыргытыла турган чөптү Кудай ушундай кийиндирсе, силерди алардан артык кийиндирбейби, ишеними аздар!

31 Ошондуктан: “Эмне жейбиз, эмне ичебиз?” же “Эмне киебиз?” – деп түйшүк тартпагыла.

32 Анткени бутпарастар булардын баары үчүн түйшүк тартышат. Ал эми силердин ушунун баарына муктаж экениңерди асмандагы Атаңар билет.

33 Баарынан мурда Кудайдын Падышачылыгын жана адилеттигин издегиле, ошондо мунун баары силерге кошулуп берилет.

34 Ошондуктан эртеңки күн үчүн түйшүк тартпагыла. Эртеңки күн өзү үчүн өзү түйшүк тартат. Ар бир күндүн өз түйшүгү өзүнө жетиштүү.

**7-БӨЛҮМ**

**Тоодогу насааттын уландысы. Башка бирөөлөрдү айыптабоо жөнүндө**

1 Айыптабагыла, ошондо өзүңөр да айыпталбайсыңар.

2 Кандай айыптасаңар, силер да ошондой айыпталынасыңар. Кандай өлчөм менен өлчөсөңөр, силерге да ошондой өлчөм менен өлчөнөт.

3 Эмнеге өз көзүңдөгү дөңгөчтү көрбөйсүң да, бир тууганыңдын көзүндөгү кыпынды көрөсүң?

4 Өз көзүңдө дөңгөч турса, бир тууганыңа: "Кел, көзүңдөгү кыпынды алып салайын", – деп, кантип айтасың?

5 Эки жүздүү! Адегенде өз көзүңдөгү дөңгөчтү алып ташта, ошондо бир тууганыңдын көзүндөгү кыпынды кантип алып таштоо керектигин билесиң.

6 Ыйык нерсени иттерге бербегиле, берметтериңерди чочколордун алдына таштабагыла. Болбосо алар аны тебелеп-тепсеп, анан кайрылып келип, силерди тытып таштайт.

**Сурагыла, издегиле, тыкылдаткыла**

7 Сурагыла, ошондо силерге берилет. Издегиле, ошондо табасыңар. Тыкылдаткыла, ошондо силерге эшик ачылат.

8 Анткени сураган адам алат, издеген адам табат жана тыкылдаткан адамга эшик ачылат.

9 Араңарда нан сураган уулуна таш берген адам барбы?

10 Же балык сураган уулуна жылан берген адам барбы?

11 Силер жаман болуп туруп, балдарыңарга жакшы нерселерди бергенди билсеңер, анда Асмандагы Атаңар Өзүнөн сурагандарга жакшы нерсени берери анык.

12 Ошентип, адамдардын силерге кандай мамиле кылышын кааласаңар, силер да аларга ошондой мамиле кылгыла. Анткени мыйзам да, пайгамбарлар да ушуну үйрөтөт.

**Эки жол**

13 Тар дарбаза аркылуу киргиле. Анткени кең дарбаза менен кенен жол өлүмгө алып барат, ал жолдо бара жаткандар көп.

14 Ал эми тар дарбаза менен тар жол өмүргө алып барат, ал жолду тапкандар аз.

**Жалган окутуучулардан сак болуу**

15 Жалган пайгамбарлардан сак болгула! Алар силерге кой терисин жамынып келишет, бирок, чындыгында, алар – жырткыч карышкырлар.

16 Аларды жемиштеринен билип аласыңар. Тикенектен жүзүм, уйгактан анжыр жыйнабайт да!

17 Ар бир жакшы дарак жакшы жемиш берет, жаман дарак болсо жаман жемиш берет.

18 Жакшы дарак жаман жемиш бербейт, ал эми жаман дарак жакшы жемиш бербейт.

19 Жакшы жемиш бербеген ар бир дарак кыйылып, отко ыргытылат.

20 Демек, аларды жемиштеринен билип аласыңар.

21 Мени “Теңир! Теңир!” дегендин баары эле Асман Падышачылыгына кирбейт, асмандагы Атамдын каалоосун аткаргандар гана кирет.

22 Ошол күнү көп адамдар Мага: “Теңир! Теңир! Биз Сенин атыңдан пайгамбарчылык кылчу эмес белек? Сенин ысымың менен жиндерди куучу эмес белек? Сенин ысымың менен кереметтерди көрсөтчү эмес белек?” – дешет.

23 Ошондо Мен аларга: “Мен силерди эч качан таанычу эмесмин. Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар”, – деп айтамын.

**Эки негиз**

24 Ким Менин ушул сөздөрүмдү укса жана аткарса, ал үйүн таштын үстүнө курган акылдуу адамга окшош.

25 Шамал согуп, жамгыр төгүп, өзөндөр ташып, ал үйдү каптады. Бирок үй кулаган жок, анткени ал үй таштын үстүнө курулган эле.

26 Ал эми ким Менин ушул сөздөрүмдү укса, бирок аткарбаса, ал үйүн кумдун үстүнө курган акылсыз адамга окшош.

27 Шамал согуп, жамгыр төгүп, өзөндөр ташып, ал үйдү каптады. Ошондо үй кулап, чоң кыйроого учурады».

28 Ыйса бул сөздөрдү айтып бүткөндө, эл Анын окутуусуна таң калды.

29 Анткени Ал мыйзам окутуучулардай эмес, бийлиги бар адамдай окутту.

**8-БӨЛҮМ**

**Пес оорулуу адамдын айыгуусу**

1 Ыйса тоодон түшкөндө, көп эл Аны ээрчиди.

2 Ошондо бир пес оорулуу Ага жакын келип, таазим кылды да: «Теңир! Эгерде кааласаң, мени таза кыла аласың», – деди.

3 Ыйса ага колун тийгизип: «Каалайм, таза бол!» – деди. Ал ошол замат пес оорусунан айыгып, таза болуп калды.

4 Анан Ыйса ага: «Эч кимге айтпагын! Баргын да, ыйык кызмат кылуучуга көрүнүп, Муса буйруган курмандыкты чал, бул аларга күбөлөндүрүү болсун», – деди.

**Капернаумдук жүз башынын кулунун айыгуусу**

5 Ыйса Капернаум шаарына келгенде, бир жүз башы Ага жакын келип:

6 «Теңир! Үйдө менин кулум катуу ооруп, кыйналып жатат», – деп, Андан жардам сурады.

7 Ошондо Ыйса ага: «Мен барып, аны айыктырамын», – деди.

8 Бирок жүз башы мындай деди: «Теңир! Үйүмө кирүүңө мен татыксызмын. Сен бир ооз сөз айтсаң эле, менин кулум айыгат.

9 Анткени мен да бийлик астындагы адаммын, бирок менин кол астымда да аскерлер бар. Алардын бирине: “кет”, – десем, кетет; дагы бирине: “кел”, – десем, келет; кулума: “муну кыл”, – десем, кылат».

10 Муну угуп таң калган Ыйса Өзүнүн артында келе жаткандарга мындай деди: «Мен силерге чындыкты айтып коёюн, Ысрайыл жеринен да мындай ишенимди таппадым.

11 Силерге айтып коёюн, чыгыш менен батыштан көптөр келип, Асман Падышачылыгында Ыбрайым, Ыскак жана Жакып менен бирге болушат.

12 Ал эми Падышачылыктын уулдары сырттагы караңгылыкка ыргытылат. Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот».

13 Анан Ыйса жүз башыга: «Бара бер, сен ишенгендей болсун», – деди. Кул ошол замат айыкты.

**Ыйсанын Петирдин кайын энесин айыктырышы**

14 Ыйса Петирдин үйүнө келип, анын кайын энеси ысытма оорусу менен ооруп жатканын көрдү.

15 Ыйса Өзүнүн колун анын колуна тийгизери менен, ал ысытма оорусунан айыгып калды. Анан ал аял туруп, Ага кызмат кыла баштады.

16 Кеч киргенде, Ыйсага жин оорусуна чалдыккан көп кишини алып келишти. Сөзү менен жиндерди кууп чыгарып, Ал бардык оорулууларды айыктырды.

17 Бул Ышайа пайгамбар аркылуу айтылган төмөнкү сөздүн аткарылышы үчүн болду: «Ал биздин кеселдерибизди Өзүнө алды, ооруларыбызды алып кетти».

18 Ыйса Өзүнүн тегерегиндеги элди көргөндө, шакирттерине көлдүн наркы өйүзүнө сүзүп өтүүнү буйруду.

**Ыйсанын артынан ээрчүү**

19 Ошондо Ага бир мыйзам окутуучу келип: «Устат! Кайда барсаң да, мен Сенин артыңдан барам», – деди.

20 Ыйса ага: «Түлкүлөрдүн ийини бар, асмандагы канаттуулардын уясы бар. Ал эми Адам Уулунун баш калкалар жери жок», – деди.

21 Шакирттердин бири Ага: «Теңир! Адегенде атамдын сөөгүн коюп келейин, мага уруксат бер», – деди.

22 Бирок Ыйса ага: «Менин артымдан ээрчи. Өлүктөр өлгөн адамдарын өздөрү коюп алышсын», – деди.

**Ыйсанын толкунду токтотуусу**

23 Ыйса кайыкка түшкөндө, шакирттери кошо түшүштү.

24 Күтүлбөгөн жерден көлдө чоң толкун башталды. Кайыкты толкун ура баштады. Ыйса болсо уктап жаткан эле.

25 Шакирттери Ага келип: «Теңир, бизди сактай көр, чөгүп баратабыз», – деп, Аны ойготушту.

26 Ошондо Ыйса аларга: «Эмне мынча корктуңар, ишеними аздар?!» – деди да, ордунан туруп, шамал менен көлгө тыюу салды. Ошондо улуу тынчтык орноду.

27 Адамдар: «Шамалды да, көлдү да баш ийдирген бул ким?» – деп таң калышты.

**Ыйсанын жиндерди кууп чыгуусу**

28 Ыйса көлдүн наркы өйүзүндөгү Гадара аймагына келгенде, Аны мүрзөлүк үңкүрлөрдүн ичинен жин оорулуу эки адам тосуп чыкты. Алар аябай жаалдуу болгондуктан, бул жолдон эч ким өтө алчу эмес.

29 Анан алар: «Кудайдын Уулу, бизде эмне ишиң бар? Сен бизди белгиленген убакыт келе электе эле кыйнаганы келдиңби?» – деп кыйкыра башташты.

30 Алардан анча алыс эмес жерде чочколор жайылып жүргөн эле.

31 Жиндер Ыйсадан: «Эгерде Сен бизди кууп чыгара турган болсоң, анда бизди чочколорго жиберчи», – деп өтүнүштү.

32 Ыйса аларга: «Баргыла!» – деди. Алар бул адамдардын ичинен чыгып, чочколорго киришти. Ошондо чочколор тик жардан көлгө кулап, сууга чөгүп өлүштү.

33 Чочко кайтаруучулар болсо качып жөнөштү. Алар шаарга кирип, болгон окуяны айтып беришти, жин оорулуу адамдар жөнүндө да айтышты.

34 Ошондо шаардын бүт эли Ыйсаны утурлап чыкты. Аны көргөндө, алар Андан өздөрүнүн аймагынан чыгып кетүүсүн өтүнүштү.

**9-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын шал оорулуу адамды айыктырышы**

1 Ошондо Ыйса кайыкка түшүп, кайра Өз шаарына сүзүп келди.

2 Бул жерден Ага төшөктө жаткан шал оорулуу бир адамды алып келишти. Ыйса алардын ишенимин көрүп, шал оорулууга: «Коркпо, балам! Күнөөлөрүң кечирилди», – деди.

3 Ошондо мыйзам окутуучулардын кээ бирөөлөрү: «Бул Кудайга акарат келтирип жатат», – деп ойлошту.

4 Ыйса алардын оюн билип: «Эмне үчүн жаман ойлоп жатасыңар?

5 “Күнөөлөрүң кечирилди” деп айткан оңойбу, же “Ордуңдан туруп, бас” деп айткан оңойбу?

6 Бирок силер Адам Уулунун жер үстүндө күнөөлөрдү кечирүүгө бийлиги бар экенин билишиңер үчүн», – деди да, – шал оорулууга: «Ордуңдан туруп, төшөгүңдү ал да, үйүңө бар», – деди.

7 Ал ордунан туруп, төшөгүн алды да, үйүн көздөй жөнөдү.

8 Муну көргөн эл аябай таң калып, адамдарга ушундай бийлик берген Кудайды даңктады.

**Ыйсанын Матайды чакырышы**

9 Ыйса ал жерден өтүп бара жатып, бажыкананын жанында отурган Матай деген адамды көрүп, ага: «Менин артымдан ээрчи», – деди. Ал ордунан туруп, Ыйсанын артынан жөнөдү.

**Ыйсанын салык жыйноочулар жана күнөөкөрлөр менен бирге тамактанышы**

10 Ыйса Матайдын үйүндө дасторкон үстүндө отурганда, көптөгөн салык жыйноочулар менен күнөөкөрлөр келип, Ыйса жана Анын шакирттери менен бир дасторконго отурушту.

11 Муну көргөн фарисейлер Ыйсанын шакирттерине: «Эмне үчүн силердин Устатыңар салык жыйноочулар жана күнөөкөрлөр менен бирге тамактанып жатат?» – дешти.

12 Муну уккан Ыйса аларга: «Дарыгер соо адамдарга эмес, оорулууларга керек.

13 Баргыла да, “Мен курмандыктарды эмес, ырайымдуулукту каалайм” деген сөздүн мааниси эмне экенин билип алгыла. Анткени Мен тобо кылууга адилеттүүлөрдү эмес, күнөөкөрлөрдү чакырганы келдим», – деди.

**Орозо жөнүндө**

14 Ошондо Жакандын шакирттери келип, Ыйсадан: «Фарисейлер да, биз да орозону көп кармайбыз, эмне үчүн Сенин шакирттериң орозо кармашпайт?» – деп сурашты.

15 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Күйөө менен чогуу отурганда, тойдогулар капаланышмак беле? Бирок Күйөө алардын жанынан алынып кете турган күндөр да келет, алар ошондо орозо кармашат.

**Кийим жана чанач жөнүндө үлгү-насаат аңгемелер**

16 Эч ким эски кийимге жаңы кездемеден жамачы салбайт. Анткени жаңы салынган жамачы эски кийимден сөгүлүп, жыртык мурункудан да чоң болуп калат.

17 Ошондой эле жаңы шарапты эски чаначка куйбайт. Болбосо чанач айрылып, шарап төгүлүп, чанач жараксыз болуп калат. Жаңы шарапты жаңы чаначка куят, ошондо экөө тең сакталат».

**Ыйсанын оорулуу аялды айыктырышы жана Жайырдын кызын тирилтиши**

18 Ыйса аларга ушуну айтып жатканда, бир башчы келип, Ага таазим кылды да: «Менин кызым өлүм алдында жатат. Бирок Сен келип, анын үстүнө колуңду койсоң, ал тирүү калат», – деди.

19 Ошондо Ыйса шакирттери менен бирге анын артынан жөнөдү.

20 Ошол маалда он эки жылдан бери кан агуудан кыйналып жүргөн бир аял арт жагынан келип, Ыйсанын кийиминин этегине колун тийгизди.

21 Ал аял: «Анын кийимине колумду тийгизсем эле айыгып калам», – деп ойлогон эле.

22 Ыйса артына бурулуп, аны көргөндө: «Коркпо, кызым! Сени ишенимиң куткарды», – деди. Аял ошол замат айыгып калды.

23 Башкаруучунун үйүнө келгенде, Ыйса чоор тарткандарды жана дүрбөлөңгө түшкөн элди көрүп, аларга: «Бул жерден чыккыла!

24 Кыз өлгөн жок, уктап жатат», – деди. Эл Аны шылдыңдап күлдү.

25 Элди чыгарып жибергенден кийин, Ыйса кыз жаткан бөлмөгө кирип, аны колунан кармап тургузду. Кыз турду.

26 Ошондо бул кабар ошол аймактагы элдин баарына тарады.

**Эки сокурдун жана жин оорулуу дудуктун айыгышы**

27 Ыйса ал жерден өтүп бара жатканда, эки сокур Аны: «Ыйса, Дөөттүн Уулу, бизге ырайым кыл!» – деп кыйкыра ээрчип алышты.

28 Ыйса үйгө киргенде, сокурлар Анын жанына келишти. Ыйса алардан: «Жардам бере аларыма ишенесиңерби?» – деп сурады. Алар Ага: «Ооба, Теңир!» – деп жооп беришти.

29 Ошондо Ыйса алардын көздөрүнө колун тийгизип: «Ишениминерге жараша болсун», – деди.

30 Алардын көздөрү көрүп калды. Ыйса аларга: «Бул жөнүндө эч ким билбесин», – деп, катуу эскертти.

31 Алар болсо ал жерден чыгышты да, ошол аймактагылардын баарына Ыйса жөнүндө жайып жиберишти.

32 Алар чыгып бара жатышканда, Ыйсага жин оорулуу бир дудук адамды алып келишти.

33 Ыйса жинди кууп чыгаргандан кийин, дудук сүйлөй баштады. Ошондо эл: «Ысрайыл жеринде мындай нерсе эч качан болгон эмес», – деп, таң калып жатты.

34 Фарисейлер болсо: «Жиндерди Ал жин башчысынын күчү менен кууп чыгарып жатат», – дешти.

**Кызматчы сурап сыйынуу**

35 Ыйса бардык айыл-кыштактарды жана шаарларды аралап, синагогаларда элди окутуп, Падышачылык жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратып, ар түрдүү оорулардан, ар кандай кеселдерден айыктырып жүрдү.

36 Элди көрүп, Ыйсанын боору ооруду. Анткени алар койчусу жок койлор сыяктуу жүдөп, мүңкүрөп калышкан эле.

37 Ошондо Ыйса шакирттерине мындай деди: «Түшүм көп, бирок жумушчулар аз.

38 Ошондуктан түшүмдүн Кожоюнуна жалынгыла, Ал Өз түшүмүн жыйнаганга жумушчуларды жиберсин».

**10-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын он эки шакиртин кызматка жибериши**

1 Ыйса он эки шакиртин чакырып алып, аларга ар түрдүү ооруларды, ар кандай кеселдерди айыктырууга жана жиндерди кууп чыгарууга бийлик берди.

2 Он эки элчинин ысымдары мындай: Петир деген да ысым коюлган Шымон жана анын бир тууганы Андрей, Зебедейдин уулдары Жакып менен Жакан,

3 Филип жана Барталамей, Томас жана салык жыйноочу Матай, Алпей уулу Жакып жана Тадай деген да ысымы бар Леби,

4 кааналык Шымон жана Ыйсага чыккынчылык кылган Жүйүт Искариот.

5 Он эки шакиртин жиберип жатып, Ыйса мындай буйрук берди: «Бутпарастардын жерине барбагыла, самариялыктардын шаарларына кирбегиле.

6 Адегенде Ысрайыл элинин адашкан койлоруна баргыла.

7 Барганыңарда, Асман Падышачылыгынын жакындаганын жарыялагыла.

8 Оорулууларды, пес оорулууларды айыктыргыла, өлгөндөрдү тирилткиле, жиндерди кууп чыгаргыла. Бекер алдыңарбы, бекер бергиле.

9 Белиңерге алтын да, күмүш да, жез тыйын да түйүп албагыла.

10 Жолго түйүнчөк да, эки сыйра кийим да, чарык да, таяк да албагыла. Анткени эмгектенген адам ичип-жегенге акылуу.

11 Кайсы гана шаарга же кыштакка барбагыла, ал жерден ылайыктуу бирөөнү сураштырып таап, кеткениңерче, ошонукунда калгыла.

12 Үйгө киргенде, саламдашып: “Бул үйгө тынчтык келсин!” – дегиле.

13 Эгерде ал үйдө тынчтыкты кабыл алууга татыктуулар болсо, тынчтыгыңар аларга келет. Эгерде татыктуулар жок болсо, тынчтыгыңар өзүңөргө кайтып келет.

14 Ал эми ким силерди кабыл албаса жана сөзүңөргө кулак салбаса, ал үйдөн же ал шаардан чыгып бара жатканыңарда, бутуңардагы чаңды күүп койгула.

15 Силерге чындыкты айтып коёюн, сот күнү ал шаарга караганда Содом менен Амор шаарларына жеңилирээк болот.

16 Мен силерди карышкырлардын арасына койлорду коё берген сыяктуу жиберип жатамын. Ошондуктан жыландай акылдуу, көгүчкөндөй жөнөкөй болгула.

17 Адамдардан сак болгула, анткени алар силерди сотко беришет жана синагогаларында уруп-сабашат.

18 Мен үчүн силерди башчылардын жана падышалардын алдына алып барышат. Ошентип, силер аларга жана бутпарастарга Мен жөнүндө күбөлөндүрөсүңөр.

19 Силерди кармап беришкенде, “Эмнени айтабыз, кантип айтабыз?” деп тынчсызданбагыла. Эмнени айтуу керек болсо, ошол учурда силерге берилет.

20 Анткени силер эмес, силер аркылуу Атаңардын Руху сүйлөйт.

21 Бир тууган бир тууганын, атасы баласын өлүмгө кыят. Балдары ата-энелерине каршы чыгып, аларды өлтүрүшөт.

22 Менин ысымым үчүн баарына жек көрүндү болосуңар. Ким акырына чейин чыдаса, ал куткарылат.

23 Силерди бир шаардан кубалашса, башка шаарга качкыла. Силерге чындыкты айтып коёюн, силер Ысрайылдын бардык шаарларын айланып чыкканыңарча эле, Адам Уулу келип калат.

24 Шакирт өз устатынан, кул өз кожоюнунан жогору эмес.

25 Шакиртке өзүнүн устатындай, кулга өзүнүн кожоюнундай болуу жетиштүү. Эгерде үй ээсин Белзебул дешсе, анда үйдөгүлөрүнө андан бетер жаман айтышпайбы!

26 Ошондуктан алардан коркпогула. Анткени ачылбай калчу жашыруун эч нерсе жок, билинбей калчу эч бир сыр жок.

27 Силерге караңгылыкта айтканымды силер жарыкта айткыла. Акырын айтканымды там үстүнөн жарыялагыла.

28 Денени өлтүрүп, бирок жанды өлтүрө албагандардан коркпогула. Жанды да, денени да оттуу көлдө өлтүрө ала тургандан корккула.

29 Эки таранчы бир ассарийге эле сатылат эмеспи. Бирок Атаңардын эркисиз алардын бири да өлбөйт.

30 Ал эми силердин башыңардагы чачыңар да саналуу.

31 Ошондуктан коркпогула, силер топ таранчыдан кымбатсыңар.

32 Ким Мени адамдардын алдында ачык тааныса, Мен да аны асмандагы Атамдын алдында ачык тааныйм.

33 Ким адамдардын алдында Менден баш тартса, Мен да асмандагы Атамдын алдында андан баш тартам.

34 Мени жер үстүнө тынчтык алып келди деп ойлобогула. Мен тынчтык эмес, кылыч алып келдим.

35 Анткени Мен баланы атасынан, кызды энесинен, келинди кайненесинен бөлүү үчүн келдим.

36 Адамдын душманы – өз үйүндөгүлөрү.

37 Ким атасын же энесин Менден артык сүйсө, ал Мага татыктуу эмес. Ким уулун же кызын Менден артык сүйсө, ал Мага татыктуу эмес.

38 Ким Мени өз айкаш жыгачын алып ээрчибесе, ал Мага татыктуу эмес.

39 Ким өз жанын аяса, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат.

40 Ким силерди кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот. Ким Мени кабыл алса, ал Мени жиберген Кудайды кабыл алган болот.

41 Ким пайгамбарды пайгамбар катары кабыл алса, ал пайгамбардыкындай сыйлык алат. Ким такыбааны такыбаа катары кабыл алса, ал такыбааныкындай сыйлык алат.

42 Ким Менин ушул жөнөкөй шакирттеримдин бирине, ал Менин шакиртим болгону үчүн, бир чөйчөк муздак суу берсе, силерге чындыкты айтып коёюн, ал сыйлыксыз калбайт».

## 11-БӨЛҮМ

### Чөмүлдүрүүчүнүн суроосу, Ыйсанын жообу

1 Ыйса Өзүнүн он эки шакиртине акыл-насаат айткандан кийин, элди окутуу үчүн, башка шаарларга жөнөп кетти.

2 Түрмөдө жаткан Жакан Машайактын иштери жөнүндө укканда, шакирттерин жиберип,

3 Андан: «Келиши керек болгон Сенсиңби же башканы күтөлүбү?» – деп суратты.

4 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Баргыла да, уккан-көргөнүңөрдү Жаканга айтып бергиле.

5 Сокурлар көрүп, майыптар басып, пес оорулуулар айыгып, дүлөйлөр угуп, өлгөндөр тирилип, жакырларга Жакшы Кабар айтылып жатат.

6 Менден шектенбеген адам бактылуу».

**Ыйсанын чөмүлдүрүүчү жөнүндө күбөлөндүрүүсү**

7 Жакандын шакирттери кеткенден кийин, Ыйса элге Жакан жөнүндө айта баштады: «Ээн талаага эмне көргөнү бардыңар эле? Желге ыргалган камыштыбы?

8 Деги, силер эмнени көргөнү бардыңар эле? Кымбат баалуу кийим кийген адамдыбы? Кымбат баалуу кийим кийгендер хан сарайларда болот эмеспи!

9 Деги, силер эмнени көргөнү бардыңар эле? Пайгамбардыбы? Силерге айтып коёюн, ал пайгамбардан да чоң.

10 Анткени “Мына, Мен Сенден мурун Өзүмдүн периштемди жиберип жатам. Ал Сага жол даярдайт” деген сөз ошол жөнүндө жазылган болчу.

11 Силерге чындыкты айтып коёюн, аял затынан төрөлгөндөрдүн арасында чөмүлдүрүүчү Жакандан чоңу болгон эмес. Бирок Асман Падышачылыгындагылардын эң кичинеси андан чоң.

12 Чөмүлдүрүүчү Жакандын убагынан ушул убакка чейин Асман Падышачылыгы күч менен алынып келе жатат, ага күч жумшагандар ээ болушат.

13 Анткени пайгамбарлардын китептеринде жана мыйзамда Жаканга чейин эле алдын ала айтылып келген.

14 Эгерде кабыл алгыңар келсе, келиши керек болгон Илияс ошол.

15 Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!

16 Бул муунду кимге окшоштурсам экен? Бул муун көчөдө отуруп алып, өздөрүнүн досторуна:

17 “Биз силерге чоор тартып бердик, бирок силер бийлеген жоксуңар. Биз силерге муңдуу ырларды ырдап бердик, бирок силер боздоп ыйлаган жоксуңар”, – деп кайрылган балдарга окшош.

18 Анткени Жакан келди, ал жебейт, ичпейт. Ал жөнүндө: “Анын ичинде жин бар”, – деп айтып жатышат.

19 Адам Уулу келди, Ал жейт, ичет. Ал жөнүндө: “Ал тамак жегенди, шарап ичкенди жакшы көрөт, салык жыйноочулар жана күнөөкөрлөр менен дос”, – деп айтып жатышат. Акылмандуулук өз иштери менен акталды».

**Ыйсанын тобо кылбаган шаарларды айыптоосу**

20 Ыйса кайсы шаарларда Өзүнүн кереметтерин көп көрсөтсө, ошол шаарларды тобо кылышпагандыгы үчүн айыптай баштады:

21 «Хоразин, сага кайгы! Бетсайида, сага кайгы! Эгерде силерде көрсөтүлгөн кереметтер Тир менен Сидондо көрсөтүлсө, анда алар эчак эле зумбал кийип, күлгө отуруп, тобо кылышмак.

22 Бирок силерге айтып коёюн, сот күнүндө силерге караганда, Тир менен Сидонго жеңилирээк болот.

23 Ал эми сен, Капернаум, асманга көтөрүлмөкчүсүңбү? Сен өлгөндөр жаткан жайга чейин төмөн түшөсүң. Эгерде сенде көрсөтүлгөн кереметтер Содомдо көрсөтүлгөн болсо, анда ал бүгүнкү күнгө чейин бар болмок.

24 Бирок силерге айтып коёюн, сот күнүндө бул шаарга караганда, Содомго жеңилирээк болот».

**Атаны даңктоо**

25 Ыйса сөзүн андан ары улантып, мындай деди: «Ата, асман менен жердин Теңири! Муну даанышмандар менен акылмандардан жашырып, наристелерге ачып бергениң үчүн Сени даңктайм!

26 Ооба, Ата! Анткени Сенин тилегиң ушундай болчу.

27 Мага бардыгын Атам берген. Уулду Атадан башка эч ким билбейт. Атаны Уулдан башка жана Уул кимдерге ачып бергиси келсе, ошол адамдардан башка эч ким билбейт.

**Ыйсанын чарчап-чаалыккандар менен түйшүк тарткандарды Өзүнө чакыруусу**

28 Чарчап-чаалыккандар жана түйшүк тарткандар, баарыңар Мага келгиле, Мен силерге тынчтык берем.

29 Менин моюнтуругумду алып, Менден үйрөнгүлө, анткени Мен жоошмун жана момунмун. Ошондо жаныңарга тынчтык табасыңар.

30 Анткени Менин моюнтуругум жакшы, жүгүм жеңил».

**12-БӨЛҮМ**

**Жүйүттөрдүн ишемби күн жөнүндөгү мыйзамдары**

1 Ишемби күндөрүнүн биринде Ыйса эгин талаасы менен кетип бара жаткан. Ачка болгон шакирттери буудайдын баштарын үзүп жей башташты.

2 Муну көргөн фарисейлер Ыйсага: «Мына, Сенин шакирттериң ишемби күнү кылууга болбой турган ишти кылып жатышат», – дешти.

3 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Өзү жана жанындагылар ачка болгондо, Дөөттүн эмне кылганы жөнүндө окуган жок белеңер?

4 Дөөт Кудай үйүнө кирип, ыйык кызмат кылуучулардан башка эч кимге жегенге болбой турган нан курмандыгын жеген.

5 Ишемби күндөрү ийбадатканада ыйык кызмат кылуучулар ишемби күндү бузушса да, күнөөлүү болбостугу жөнүндө мыйзамдан окуган жок белеңер?

6 Силерге айтып коёюн, бул жерде ийбадатканадан чоң Бирөө бар.

7 Эгерде силер “Мен курмандыктарды эмес, ырайымдуулукту каалайм” деген сөздү түшүнсөңөр, айыпсыздарды айыптабас элеңер.

8 Анткени Адам Уулу – ишемби күндүн да кожоюну».

**Бир колу шал болуп калган адамдын ишемби күнү айыктырылуусу**

9 Ал жерден кетип бара жатып, Ыйса алардын синагогасына кирди.

10 Ошол жерде бир колу шал болуп калган адам бар эле. Фарисейлер Аны айыптоо үчүн: «Ишемби күнү оорулууну айыктырууга болобу?» – деп сурашты.

11 Ыйса аларга мындай деди: «Ишемби күнү бирөөңөрдүн жалгыз коюңар чуңкурга түшүп кетсе, барып, аны чыгарып албайт белеңер?

12 Койго караганда, адам канча эсе баалуу! Демек, ишемби күнү жакшылык кылууга болот».

13 Анан тиги адамга: «Колуңду сунчу!» – деди. Ал колун сунду. Ошондо анын колу айыгып, экинчи колундай болуп калды.

14 Фарисейлер болсо сыртка чыгып, Ыйсаны өлтүрүү жөнүндө кеңешишти. Ыйса муну билип, ал жерден кетип калды.

**Ыйса – Кудайдын момун кулу**

15 Ошондо Ыйсаны көп адам ээрчип алды. Ыйса алардын баарын айыктырып,

16 Өзү жөнүндө башкаларга жарыялоого катуу тыюу салды.

17 Ышайа пайгамбар аркылуу айтылган бул сөздүн аткарылышы үчүн ушундай болду:

18 «Мына, Менин тандап алган Кулум, Менин Сүйүктүүм, Мен Ага ыраазымын. Мен Ага Өзүмдүн Рухумду берем, Ал элдерге акыйкаттыкты жар салат.

19 Ал кыйкырбайт, үнүн көтөрбөйт, көчөдөн Анын үнүн укпайсың.

20 Акыйкаттыкты жеңишке жеткирмейинче, чала сынган камышты сындырып салбайт, түтөп жаткан чырактын билигин өчүрүп салбайт.

21 Анын ысымына элдер үмүттөнүшөт».

**Жин оорулуу адамдын айыгышы. Фарисейлердин Кудайга акарат келтириши**

22 Андан кийин Ыйсага жин оорулуу, сокур, дудук бир адамды алып келишти. Ыйса ал адамды айыктырды, анын тили сүйлөп, көзү көрүп калды.

23 Элдин баары таң калып: «Дөөттүн Уулу Машайак ушул эмеспи?» – дешти.

24 Муну уккан фарисейлер: «Жиндерди Ал жиндердин башчысы Белзебулдун күчү менен кууп чыгарып жатат», – дешти.

25 Ыйса алардын оюн билип, мындай деди: «Ич ара бөлүнгөн падышачылык кулайт. Ич ара бөлүнгөн шаар кыйрайт, ич ара бөлүнгөн үй-бүлө бузулат.

26 Эгерде шайтан шайтанды кууп чыгарып жатса, анда ал өзүнө өзү каршы чыгып жаткан экен да?! Анда анын падышачылыгы кантип турат?

27 Эгерде Мен жиндерди Белзебулдун күчү менен кууп чыгарып жаткан болсом, анда силердин уулдарыңар кимдин күчү менен кууп чыгарып жатышат? Ошондуктан силерди ошолор айыпташат.

28 Эгерде Мен жиндерди Кудайдын Руху менен кууп чыгарып жаткан болсом, анда силерге Кудайдын Падышачылыгы келди.

29 Күчтүү адамды байлап салмайынча, үйүнө кирип, мал-мүлкүн уурдоо мүмкүнбү? Аны байлап салгандан кийин гана үйүн тоноого болот.

30 Ким Мени менен болбосо, ал Мага каршы. Ким Мени менен бирге жыйнабаса, ал чачат.

**Ыйык Рухтун иштерин шайтандыкы деп эсептөө – кечирилгис күнөө**

31 Ошондуктан силерге айтып коёюн, ар бир күнөө жана акарат сөздөр кечирилет, бирок Рухка каршы айтылган акарат сөздөр кечирилбейт.

32 Ким Адам Уулуна каршы сөз айтса, анын бул күнөөсү кечирилет. Ал эми ким Ыйык Рухка каршы сөз айтса, анын бул күнөөсү бул кылымда да, келечек кылымда да кечирилбейт.

**Ар бир сөз үчүн жооп берүү**

33 Даракты да, жемишин да жакшы деп эсептегиле. Же даракты да, жемишин да жаман деп эсептегиле. Анткени дарак жемишинен билинет.

34 Жылан тукумдары! Жаман болуп туруп, жакшы сөздү кантип сүйлөмөк элеңер? Жүрөк эмнеге толсо, ооздон ошол чыгат.

35 Жакшы адам жакшы казынасынан жакшылык алып чыгат. Жаман адам жаман казынасынан жамандык алып чыгат.

36 Силерге айтып коёюн, адамдар ар бир куру сөзү үчүн сот күнү жооп беришет.

37 Анткени өз сөзүң менен акталасың, өз сөзүң менен айыпталасың».

**Ыйсанын керемет талап кылган фарисейлерди айыпташы**

38 Ошондо мыйзам окутуучулар менен фарисейлердин кээ бирөөлөрү мындай дешти: «Устат, Сенин бизге бир жышаан көрсөтүшүңдү каалайбыз».

39 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Бузулган, жаман муун жышаан көргүсү келет. Бирок ага Жунус пайгамбардын жышаанынан башка жышаан көрсөтүлбөйт.

40 Жунус пайгамбар үч күн, үч түн чоң балыктын ичинде болгондой эле, Адам Уулу да үч күн, үч түн жер ортосунда болот.

41 Ниневи эли сот күнү бул муун менен бирге тирилип, бул муунду айыптайт. Анткени ниневиликтер Жунустун насаат сөзүн угуп тобо кылышкан. Бирок бул жерде Жунустан чоң Бирөө бар.

42 Түштүктүк падыша аял сот күнү бул муун менен бирге тирилип, бул муунду айыптайт. Сулаймандын накыл сөздөрүн угуш үчүн, ал падыша аял дүйнөнүн бир четинен келген. Бирок бул жерде Сулаймандан чоң Бирөө бар.

**Жыгылуудан сак болуу**

43 Жин адамдын ичинен чыккандан кийин, тынчтык издеп, кургак жерлерди кыдырат, бирок таппайт.

44 Ошондо: “Чыккан жериме, өз үйүмө кайтайын”, – дейт. Үйүнө келип, анын бош экенин, шыпырылып, жыйналганын көрөт.

45 Анан барат да, өзүнөн да ашынган жети жинди ээрчитип келет. Бардыгы ал үйгө кирип, жашай башташат. Ошондо ал адамдын абалы мурункусунан да жаман болот. Бул жаман муунга да ошондой болот».

**Ыйсанын чыныгы туугандары ким?**

46 Ыйса элге сүйлөп жаткан маалда, энеси менен бир туугандары Аны менен сүйлөшүш үчүн, сыртта күтүп турушту.

47 Ошондо кимдир бирөө: «Энең менен бир туугандарың Сени менен сүйлөшүш үчүн, сыртта турушат», – деди.

48 Ыйса муну айткан адамга: «Менин энем ким? Бир туугандарым ким?» – деди да,

49 шакирттерин көрсөтүп: «Мына, Менин энем, Менин бир туугандарым.

50 Ким Менин Асмандагы Атамдын эркин аткарса, ошол Менин иним, карындашым, энем», – деп жооп берди.

**13-БӨЛҮМ**

**Асман Падышачылыгы жөнүндө жети үлгү-насаат аңгеме. Үрөн себүүчү**

1 Ошол күнү Ыйса үйдөн чыгып, көлдүн жээгине барып отурду.

2 Жанына көп эл чогулуп калгандыктан, Ал кайыкка түштү. Эл болсо жээкте турду.

3 Ошондо Ыйса аларга үлгү-насаат аңгемелер менен көп насаат айтты. Ал мындай деди: «Себүүчү үрөн себүү үчүн чыкты.

4 Ал сээп жатканда, кээ бир үрөндөр жол боюна түштү. Канаттуулар учуп келип, аларды терип жеп кетишти.

5 Кээ бир үрөндөр топурагы аз, таштак жерге түштү. Жердин кыртышы жука болгондуктан, алар тез эле өнүп чыкты.

6 Бирок күн чыкканда, соолуп, терең тамырлай албай, куурап калды.

7 Кээ бир үрөндөр тикенектин арасына түштү. Тикенектер өсүп, аларды басып салды.

8 Кээ бир үрөндөр жакшы топуракка түшүп, бири жүз эсе, бири алтымыш эсе, бири отуз эсе түшүм берди.

9 Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!»

10 Шакирттери жакын келип, Ыйсадан: «Эмне үчүн Сен аларга үлгү-насаат аңгемелер менен сүйлөп жатасың?» – деп сурашты.

11 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Силерге Асман Падышачылыгынын сырларын таанып билүү мүмкүнчүлүгү берилди, аларга болсо берилген жок.

12 Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет, анда мол болот. Ал эми кимде жок болсо, андан бар нерсеси да тартылып алынат.

13 Аларга үлгү-насаат аңгемелер менен сүйлөгөнүмдүн себеби: алар карап турушса да көрүшпөйт, угуп турушса да угушпайт жана түшүнүшпөйт.

14 Ышайанын алар жөнүндө айткан бул пайгамбарчылыгы аткарылып жатат: “Кулагыңар менен угуп турасыңар, бирок түшүнбөйсүңөр; көзүңөр менен карап турасыңар, бирок көрбөйсүңөр.

15 Анткени бул элдин көкүрөгү сокур болуп калган, кулагын жаап, көзүн жуумп алган, ошондуктан алардын көздөрү көрбөйт, кулактары укпайт, түшүнүшпөйт жана айыгыш үчүн Мага кайрылышпайт”.

16 Ал эми силер көзүңөр менен көрүп, кулагыңар менен угуп турганыңар үчүн бактылуусуңар.

17 Силерге чындыкты айтып коёюн, көп пайгамбарлар жана адил адамдар силер көргөндү көрүүнү каалашкан, бирок көрүшкөн жок. Силер укканды угууну каалашкан, бирок угушкан жок.

18 Эмесе, себүүчү жөнүндөгү үлгү-насаат аңгеменин маанисин угуп алгыла.

19 Асман Падышачылыгы жөнүндөгү сөздү угуп, бирок түшүнбөгөн адамга амалкөй келет да, анын жүрөгүнө себилгенди уурдап кетет. Жол боюна түшкөн үрөн мына ушуну билдирет.

20 Таштак жерге түшкөн үрөн муну билдирет: адам сөздү угат да, дароо кубаныч менен кабыл алат.

21 Бирок сөз анын жүрөгүндө терең тамырлай албагандыктан, ал адам туруксуз болот. Сөз үчүн кайгы же куугунтук болгондо, ал дароо баш тартып кетет.

22 Тикенектин арасына түшкөн үрөн муну билдирет: адам сөздү угат, бирок бул дүйнөнүн түйшүгү жана байлыкка азгырылуу сөздү басып салат да, сөз жемиш бербей калат.

23 Жакшы жерге түшкөн үрөн сөздү угуп, түшүнгөн адамды билдирет. Ал жүз эсе, же алтымыш эсе, же отуз эсе түшүм берет».

**Буудайдын арасындагы кара сойлок**

24 Ыйса аларга дагы башка үлгү-насаат аңгеме айтты: «Асман Падышачылыгын бул нерсеге салыштырууга болот: бир адам өз талаасына жакшы үрөн септи.

25 Эл уйкуда жатканда, анын душманы келип, буудай арасына кара сойлоктун уругун сээп кетти.

26 Буудай баш алып калганда, кара сойлоктор да өсүп чыкты.

27 Ошондо үй ээсинин кулдары келип: “Кожоюн, сен талааңа жакшы үрөн сеппедиң беле? Бул кара сойлоктор кайдан пайда болду?” – деп сурашты.

28 “Муну душман кылды”, – деп жооп берди үй ээси. Кулдары: “Эгерде кааласаң, биз барып, аларды жулуп таштайбыз”, – дешти.

29 Бирок үй ээси: “Жок. Кара сойлокторду жулам деп, буудайды кошо жулуп аласыңар.

30 Тим койгула, орок маалына чейин экөө чогуу өсө берсин. Орок маалы келгенде, мен орокчуларга: "Адегенде кара сойлокторду оргула да, боо-боо кылып байлап, өрттөп жибергиле. Буудайды болсо менин кампама жыйнагыла", – деп айтам”, – деди».

**Сары кычы даны**

31 Ыйса аларга дагы мындай үлгү-насаат аңгеме айтты: «Асман Падышачылыгы талаага себилген сары кычы данына окшош.

32 Ал уруктардын ичинен эң кичинекейи болсо да, өсүп чыкканда, бардык өсүмдүктөрдөн чоң болуп, даракка айланат. Канаттуу куштар учуп келип, анын бутактарына корголошот».

**Ачыткы**

33 Ыйса аларга дагы мындай үлгү-насаат аңгеме айтты: «Асман Падышачылыгы камыр ачытыш үчүн, үч ченем унга салынган ачыткыга окшош».

34 Ыйса булардын баарын элге үлгү-насаат аңгемелер менен айтты. Ал үлгү-насаат аңгемесиз сүйлөчү эмес.

35 Пайгамбар аркылуу айтылган сөздүн аткарылышы үчүн ушундай болду: «Менин оозумдан накыл сөздөр чыгат. Дүйнө жаратылгандан бери жашыруун болуп келе жаткан сырларды айтып берем».

**Кара сойлок жөнүндөгү үлгү-насаат аңгеменин чечмелениши**

36 Ыйса элди таратып жиберип, үйгө кирди. Ошондо шакирттери жанына келип: «Талаадагы кара сойлоктор жөнүндөгү үлгү-насаат аңгеменин маанисин бизге түшүндүрүп берчи», – дешти.

37 Ыйса мындай деп жооп берди: «Жакшы үрөн сепкен адам – бул Адам Уулу.

38 Талаа болсо – дүйнө. Жакшы үрөн – Асман Падышачылыгынын уулдары, кара сойлоктор – шайтандын уулдары.

39 Кара сойлокторду сепкен душман – бул шайтан. Орок маалы – дүйнөнүн акыры, орокчулар болсо – периштелер.

40 Кара сойлоктор орулуп, өрттөлгөндөй эле, бул дүйнөнүн акырында да ушундай болот.

41 Адам Уулу Өз периштелерин жиберет. Алар күнөөгө түрткөн бардык нерсени жана мыйзамсыздык кылгандарды Анын Падышачылыгынан алып,

42 жалындап күйүп турган отко ыргытат. Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот.

43 Ошондо адил адамдар өздөрүнүн Атасынын Падышачылыгында күн сыяктуу жаркырашат. Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!

**Жашырылган казына**

44 Асман Падышачылыгы талаада жашырылган казынага да окшош: бир адам аны таап алып, кайра жашырып койду. Барып, кубанганынан колунда болгондун баарын сатты да, ал талааны сатып алды.

**Бермет**

45 Асман Падышачылыгы асыл бермет издеген соодагерге да окшош:

46 күндөрдүн биринде ал кымбат баалуу берметти тапты. Анан барып, колунда болгондун баарын сатты да, ал берметти сатып алды.

**Тор**

47 Асман Падышачылыгы ар кандай балыктарды кармаган чоң торго да окшош.

48 Тор балыкка толгондо, аны жээкке тартып чыгарышат да, отуруп алып, жакшы балыктарды идиштерге салып алышат, ал эми жамандарын ыргытып жиберишет.

49 Дүйнөнүн акырында да ушундай болот: периштелер келип, адилетсиздерди адилеттүүлөрдөн бөлүп алып,

50 жалындап күйүп турган отко ыргытышат. Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот».

51 Ыйса шакирттеринен: «Булардын баарын түшүндүңөрбү?» – деп сурады. Алар Ага: «Түшүндүк», – деп жооп беришти.

52 Ошондо Ал шакирттерине: «Ошондуктан Асман Падышачылыгы жөнүндө насаат алган ар бир мыйзам окутуучу өз казынасынан жаңыны да, эскини да алып чыккан үй ээсине окшош», – деди.

**Ыйсанын Назаретке кайтып келиши**

53 Ыйса бул үлгү-насаат аңгемелерди айтып бүткөндөн кийин, ал жерден кетти.

54 Өз жерине келип, синагогаларда элди окута баштады. Эл таң калып, мындай деп айтып жатты: «Мындай акыл менен мындай күчтү Ал кайдан алган?

55 Бул жыгач устанын эле уулу эмеспи? Мунун энесинин ысымы Мариям, бир туугандары болсо Жакып, Жусуп, Шымон жана Жүйүт эмеспи.

56 Карындаштарынын баары биздин арабызда эле жүрүшөт го. Ал мындай акыл менен мындай күчтү кайдан алган?»

57 Ошентип, алар Ыйсаны кабыл алгылары келген жок. Ыйса болсо аларга: «Пайгамбар өз жеринен, өз үйүнөн башка жерде урматталат», – деди.

58 Алардын ишенбестигинен улам, Ыйса ал жерде кереметтерди көп көрсөткөн жок.

**14-БӨЛҮМ**

**Чөмүлдүрүүчү Жакандын өлтүрүлүшү**

1 Ошол күндөрү дубан акими Ирод Ыйса жөнүндө угуп,

2 өз карамагындагы адамдарына: «Бул – чөмүлдүрүүчү Жакан. Ал тирилиптир, ошондуктан кереметтерди көрсөтүп жатат», – деди.

3 Ирод өзүнүн бир тууганы Филиптин аялы Иродия үчүн Жаканды байлатып, түрмөгө отургуздурган эле.

4 Анткени Жакан ага: «Бул аялды албашың керек болчу», – деп айткан.

5 Ирод Жаканды өлтүргүсү келген, бирок элден корккон. Анткени эл аны пайгамбар деп эсептечү.

6 Ироддун туулган күнү белгиленип жатканда, Иродиянын кызы ортого чыгып бийлеп берди. Анын бийлегени Иродго жагып калгандыктан,

7 ал эмнени гана сурабасын, берерин айтып, ант берди.

8 Кыз болсо энесинин үйрөтүүсү боюнча: «Мага азыр чөмүлдүрүүчү Жакандын башын идишке салдырып келип бер», – деди.

9 Буга падыша капа болду. Бирок конокторунун алдында ант берип койгондугу үчүн, анын сураганын орундатууну буйруду.

10 Жакандын башын алууга түрмөгө киши жиберди.

11 Идишке салынган башты кызга алып келип беришти, кыз болсо аны энесине алып барып берди.

12 Шакирттери келип, анын сөөгүн коюшту. Андан кийин алар барып, Ыйсага кабарлашты.

13 Ыйса муну укканда, Өзү жалгыз кайыкка түшүп, ээн жерге сүзүп кетти. Бул жөнүндө уккан адамдар өз шаарларынан чыгып, Анын артынан жөө ээрчишти.

14 Жээкке чыгып, Ыйса чогулган көп элди көрдү. Аларга боору ооруп, оорулууларын айыктырды.

**Беш миң адамды тойгузуу**

15 Кеч киргенде, шакирттери Ыйсанын жанына келип: «Бул ээн жер экен, кеч да болуп кетти. Элди тарат, айылдарга барып, өздөрүнө тамак-аш сатып алышсын», – дешти.

16 Ошондо Ыйса аларга: «Элди таратуунун кереги жок, аларга тамак-ашты силер бергиле», – деди.

17 Алар Ага: «Бизде беш нан, эки балык эле бар», – дешти.

18 Ошондо Ыйса: «Аларды бул жерге, Мага алып келгиле», – деди.

19 Элге чөпкө отурууну буйругандан кийин, Ал беш нан менен эки балыкты алды да, асманды карап, Кудайга ыраазычылык билдирди. Нандарды сындырып, шакирттерине берди, алар болсо элге таратышты.

20 Бардыгы тоё жешти. Артып калган нандарды чогултканда, он эки себет толду.

21 Аялдар менен бала-бакыраны эсептебегенде, тамактангандардын саны беш миңге жакын эле.

**Ыйсанын суу үстүндө басышы**

22 Ошондон кийин Ыйса Өзүнүн шакирттерине: «Кайыкка түшүп, Менден мурун наркы өйүзгө өтө бергиле», – деп буйруду. Өзү болсо элди таратыш үчүн калып калды.

23 Элди таратып жибергенден кийин, Өзү жалгыз сыйынуу үчүн, тоого чыкты. Түн ортосуна чейин Ыйса ал жерде жалгыз болду.

24 Ал убакта кайык көлдүн ортосуна жетип калган эле. Карама-каршы тараптан шамал соккондуктан, толкун кайыкты ары-бери чайпап жатты.

25 Түнкү төртүнчү күзөт убагында Ыйса көлдүн үстү менен басып, аларга келди.

26 Көлдүн үстүндө басып келе жаткан Ыйсаны көргөн шакирттер коркуп кетип: «Бул – элес!» – деп кыйкырып жиберишти.

27 Бирок Ыйса ошол замат аларга: «Кайраттангыла! Бул Менмин, коркпогула!» – деди.

28 Петир Ага: «Теңир! Эгерде бул Сен болсоң, буйрук бер, мен Сага суу үстү менен басып барайын», – деди.

29 Ыйса ага: «Кел», – деди. Петир кайыктан түшүп, суу үстү менен басып, Ыйсага жакын барды.

30 Бирок катуу шамалды көргөндө, коркуп кетип, чөгө баштады. Ошондо ал: «Теңир! Мени сакта!» – деп кыйкырды.

31 Ыйса колун сунуп, аны дароо кармап калды. Анан ага: «Ишеними аз, эмнеге шектендиң?» – деди.

32 Алар кайыкка түшкөндөн кийин, шамал басылып калды.

33 Кайыктагылар болсо: «Сен чын эле Кудайдын Уулу экенсиң», – деп, Ага таазим кылышты.

**Генисарет жериндеги оорулуулардын айыгышы**

34 Наркы өйүзгө, Генисарет жерине сүзүп өтүштү.

35 Ал жердин тургундары Ыйсаны таанып, тегерек-четтегилердин баарына киши жиберишти. Ошондо Ыйсага оорулуулардын баарын алып келишип,

36 Андан: «Кийимиңдин этегине эле колубузду тийгизүүгө уруксат бер», – деп өтүнүп жатышты. Анын кийимине колун тийгизгендер айыгып жатышты.

**15-БӨЛҮМ**

**Кудайдын осуяттары адамдардын салттарынан жогору**

1 Ошол убакта Иерусалимден мыйзам окутуучулар менен фарисейлер Ыйсага келип:

2 «Эмне үчүн Сенин шакирттериң ата-бабалардын салтын бузуп жатышат? Алар тамактанардын алдында кол жуу салтын аткарышпайт», – дешти.

3 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Анда эмне үчүн өзүңөр салттарыңардын айынан Кудайдын осуятын бузуп жатасыңар?

4 Кудай мындай деп осуят кылган: “Ата-энеңди сыйла”, “Ким атасына же энесине тил тийгизсе, ал өлүм жазасына тартылсын”.

5 Силер болсо: “Эгерде ким атасына же энесине: "Сенин менден алчу нерсеңдин баары Кудайга багышталган", – десе,

6 ал адам атасына же энесине сый көрсөтпөй койсо да болот”, – дейсиңер. Ошентип, силер өз салттарыңар үчүн Кудайдын осуятын четке кагып койдуңар.

7 Эки жүздүүлөр! Ышайа силер жөнүндө туура пайгамбарчылык кылган:

8 “Бул эл Мага оозу менен жакындайт, Мени тили менен урматтайт, бирок жүрөгү Менден алыс.

9 Алардын Мени урматтаганы – бекер, анткени алардын үйрөткөнү – адамдык эрежелер”».

**Адамды арам кыла турган нерсе**

10 Анан элди жанына чакырып, аларга мындай деди: «Жакшылап угуп, түшүнүп алгыла.

11 Адамды оозуна кирген нерсе арам кылбайт, оозунан чыккан нерсе арам кылат».

12 Ошондо шакирттери келип, Ага: «Билесиңби, фарисейлер бул сөздү укканда кыжырданышты», – дешти.

13 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Асмандагы Атам тикпеген ар бир өсүмдүк түп-тамыры менен жок кылынат.

14 Аларды жайына койгула. Алар – сокурлардын сокур жол башчылары. Сокурду сокур жетелесе, экөө тең аңга түшөт».

15 Петир Ага: «Бул үлгү-насаат аңгемеңди бизге түшүндүрүп берчи!» – деди.

16 Ошондо Ыйса: «Силер да алиге чейин түшүнө элексиңерби?

17 Оозго кирген нерсенин баары ашказанга келип, анан тышка чыгып кетерин билбейсиңерби?

18 Ооздон чыкканы жүрөктөн чыгат, адамды арам кылган мына ушу.

19 Анткени жаман ойлор, киши өлтүрүү, нике бузуу, ойноштук кылуу, уурулук, жалаа жабуу, ушак жүрөктө пайда болот.

20 Мына ушулар адамды арам кылат. Ал эми кол жуу расмисин аткарбай тамактануу адамды арам кылбайт».

**Канаандык аялдын кызынын айыгышы**

21 Ыйса ал жерден чыгып, Тир жана Сидон аймактарына келди.

22 Ошол аймактардан канаандык бир аял чыгып, Ыйсага: «Мага ырайым кылчы, Теңир, Дөөттүн Уулу! Кызым жин оорусунан катуу кыйналып жатат», – деп кыйкырды.

23 Бирок Ыйса аялга жооп берген жок. Ошондо шакирттери Ага жакын келип: «Аркабыздан калбай кыйкырып келе жатат, аны кетирип жиберчи», – дешти.

24 Ыйса болсо: «Мен Ысрайыл элинин гана жоголгон койлоруна жиберилгем», – деп жооп берди.

25 Аял жакын келип, Анын алдына чөгөлөп: «Теңир! Мага жардам бере көр», – деп өтүндү.

26 Ыйса ага: «Балдардын нанын тартып алып, иттерге ыргыткан жакшы эмес», – деди.

27 Аял Ага: «Ооба, ошондой, Теңир! Бирок иттер да кожоюндарынын үстөлүнөн түшкөн күкүмдөрдү жешет эмеспи», – деди.

28 Ыйса аялга: «Оо аял! Ишенимиң зор экен, тилегениңдей болсун», – деп жооп берди. Ошондо анын кызы дароо айыгып калды.

**Көп оорулуулардын айыгышы**

29 Ыйса ал жерден кетип, Галилея көлү тарапка келди. Бир тоого чыгып отурду.

30 Ошондо Анын жанына көп эл келди. Алар чолок, сокур, дудук, майып жана башка оорулуу адамдарды Ыйсанын алдына алып келишти. Ыйса аларды айыктырды.

31 Дудуктар сүйлөп, буту баспагандар басып, сокурлар көрүп калышты. Муну көргөн эл таң калып, Ысрайылдын Кудайын даңктады.

**Төрт миң адамды тойгузуу**

32 Ыйса шакирттерин жанына чакырып алып, мындай деди: «Элди аяп жатам. Үч күндөн бери жанымда жүрүшөт, жегенге эч нерселери жок. Ачка кетиргим келбей турат, жолдо алсырап калышат го».

33 Шакирттери Ага: «Ушундай ээн жерде ушунча эл тоё турган нанды кайдан табабыз?» – дешти.

34 Ыйса алардан: «Канча наныңар бар?» – деп сурады. «Жети наныбыз, бир аз майда балыгыбыз бар», – дешти алар.

35 Ошондо Ал элге жерге отурууну буйруду.

36 Анан жети нан менен балыктарды алды да, асманды карап, Кудайга ыраазычылык билдирди. Нандарды сындырып, шакирттерине берди, алар болсо элге таратышты.

37 Бардыгы тоё жешти. Артып калган нандарды чогултканда, жети себет толду.

38 Аялдар менен бала-бакыраны эсептебегенде, тамактангандардын саны төрт миң эле.

39 Элди таратып жибергенден кийин, Ыйса кайыкка түшүп, Магдала аймагына келди.

**16-БӨЛҮМ**

**Жышаан көрүүнү каалаган фарисейлер**

1 Фарисейлер менен садукейлер Ыйсанын жанына келишти да, Аны сынаш үчүн, асмандан жышаан көрсөтүшүн суранышты.

2 Ыйса болсо аларга: «Кеч киргенде, силер: “Күн кызарып батып бара жатат, эртең күн ачык болот”, – дейсиңер.

3 Эртең менен болсо: “Асман түнөрүп турат, күн бузулат окшойт”, – дейсиңер. Анткорлор! Асманды карап, аба ырайын аныктай аласыңар да, анан убакытка байланыштуу жышаандарды айырмалап биле албайсыңар.

4 Бузулган, жаман муун жышаан көргүсү келет. Бирок ага Жунус пайгамбардын жышаанынан башка жышаан көрсөтүлбөйт», – деди да, ал жерден кетип калды.

5 Алар наркы өйүзгө сүзүп өтүштү. Шакирттер болсо нан алып алууну унутуп калышкан эле.

**Фарисейлердин жана садукейлердин окутуусунан сак болуу**

6 Ыйса аларга: «Фарисейлердин жана садукейлердин ачыткысынан сак болгула», – деди.

7 Алар болсо: «Нан албаганыбыз үчүн ушинтип айтып жатат го», – деп ойлошту.

8 Ыйса алардын оюн билип, мындай деди: «Ишеними аздар! Эмнеге нан алып албаганыңар жөнүндө ойлоп жатасыңар?

9 Дагы эле түшүнө элексиңерби? Беш нанга беш миң киши тойгону, канча себет ашып калганы эсиңерден чыгып кеттиби?

10 Жети нанга төрт миң киши тойгону, канча себет ашып калганы эсиңерден чыгып кеттиби?

11 Кантип түшүнгөн жоксуңар? Мен силерге: “Фарисейлер менен садукейлердин ачыткысынан сак болгула”, – дегенимде, нан жөнүндө айткан жокмун».

12 Анын нандын ачыткысынан эмес, фарисейлер менен садукейлердин окутуусунан сактандырганын шакирттер ошондо түшүнүштү.

**Петирдин Ыйсаны Машайак катары таанышы**

13 Ыйса Филиптин шаары Кейсареяга келгенде, шакирттеринен: «Адамдар Мени, Адам Уулун, ким деп эсептешет?» – деп сурады.

14 Алар Ага: «Бирөөлөр: “Чөмүлдүрүүчү Жакан”, – деп, бирөөлөр: “Илияс”, – деп, дагы бирөөлөр: “Жеремия же пайгамбарлардын бири”, – деп эсептешет», – деп жооп беришти.

15 Ыйса алардан: «А силер Мени ким деп эсептейсиңер?» – деп сурады.

16 Шымон Петир Ага: «Сен тирүү Кудайдын Уулу Машайаксың», – деп жооп берди.

**Жыйын жөнүндөгү биринчи Жакшы Кабар**

17 Ошондо Ыйса ага мындай деди: «Бактылуусуң сен, Жунус уулу Шымон! Муну сага адам эмес, Асмандагы Атам ачып берди.

18 Мен да сага айтып коёюн, сен Петирсиң. Мен Өз Жыйынымды ушул таштын үстүнө курам, аны өлүм да жеңе албайт.

19 Сага Асман Падышачылыгынын ачкычтарын берем. Жер үстүндө эмнени байласаң, асманда да ошол байлануу болот. Жер үстүндө эмнени чечсең, асманда да ошол чечилүү болот».

20 Анан Ыйса Өзүнүн Машайак экендигин эч кимге айтпоону шакирттерине эскертти.

**Ыйсанын Өзүнүн өлөрүн жана тирилерин шакирттерине айтышы**

21 Ошол мезгилден тартып, Ыйса Өзүнүн Иерусалимге баруусу, аксакалдар, башкы ыйык кызмат кылуучулар жана мыйзам окутуучулардын колунан көп азап чегүүсү, өлтүрүлүүсү, үчүнчү күнү тирилүүсү керектигин шакирттерине айта баштады.

22 Петир Аны четке алып чыгып: «Өзүңдү ая, Теңир! Бул Сенин башыңа түшпөсүн», – деп, каршы боло баштады.

23 Ыйса болсо Петирди карап: «Кет жанымдан, шайтан! Сен Мага тузак коюп жатасың. Анткени сенин ойлоруң – Кудайдын эмес, адамдын ойлору», – деди.

24 Анан Ыйса шакирттерине мындай деди: «Ким Мени ээрчигиси келсе, ал өзүнөн баш тартсын жана өз айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин.

25 Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат.

26 Эгерде адам бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок өз жанына зыян келтирсе, андан ага эмне пайда? Адам өз жанын куткарып алуу үчүн кандай кун төлөй алат?

27 Адам Уулу периштелери менен бирге Өз Атасынын даңкы менен келет, ошондо ар кимге ишине жараша тиешелүүсүн берет.

28 Силерге чындыкты айтып коёюн, бул жерде тургандардын кээ бирөөлөрү Өз Падышачылыгы менен келген Адам Уулун көрмөйүнчө, өлүшпөйт».

**17-БӨЛҮМ**

**Теңирдин көрүнүшүнүн өзгөрүлүшү**

1 Алты күн өткөндөн кийин, Ыйса Петирди, Жакыпты жана анын бир тууганы Жаканды ээрчитип, бир бийик тоого чыкты.

2 Ошол жерде алардын көз алдында Ыйсанын көрүнүшү өзгөрүлдү: Анын жүзү күндөй жаркырап, кийими аппак болуп калды.

3 Анан аларга Ыйса менен сүйлөшүп жаткан Муса менен Илияс көрүндү.

4 Ошондо Петир Ыйсага мындай деди: «Теңир! Бул жерде болгонубуз жакшы экен. Эгерде кааласаң, бул жерге үч алачык тургузалы: Сага бирди, Мусага бирди, Илияска бирди».

5 Петир сүйлөп жаткан учурда, жаркыраган бир булут аларды каптап калды. Анан булут ичинен «Бул Менин сүйүктүү Уулум, Мен Ага ыраазымын. Аны уккула!» деген үн чыкты.

6 Муну укканда, шакирттер коркуп кетишип, жүзтөмөндөп жыгылышты.

7 Ыйса аларга жакын келип, колун тийгизип: «Тургула, коркпогула!» – деди.

8 Алар баштарын көтөрүп, Ыйсадан башка эч кимди көрүшкөн жок.

9 Тоодон түшүп келе жатышканда, Ыйса аларга: «Адам Уулу өлүп, кайра тирилгенге чейин, бул көрүнүш жөнүндө эч кимге айтпагыла», – деди.

10 Шакирттери Андан: «Эмне үчүн мыйзам окутуучулар: “Илияс пайгамбар Машайактан мурун келиши керек”, – деп айтышат?» – деп сурашты.

11 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Туура, адегенде Илияс келип, бардык нерсени өз ордуна коюшу керек.

12 Бирок силерге айтып коёюн, Илияс келген. Бирок аны таанышпай, ага ойлоруна келгендей мамиле кылышты. Ошол сыяктуу эле Адам Уулу да алардын колунан азап чегет».

13 Ошондо шакирттер Анын чөмүлдүрүүчү Жакан жөнүндө айтып жатканын түшүнүштү.

**Жин оорулуунун айыгышы**

14 Алар элдин арасына келишкенде, бир адам Ыйсанын алдына келип, чөгөлөп:

15 «Теңир! Менин уулума ырайым кыла көр! Анын элирмеси бар, аябай кыйналат. Бирде отко, бирде сууга боюн таштап жиберет.

16 Аны Сенин шакирттериңе алып келсем, алар айыктыра албай коюшту», – деди.

17 Ошондо Ыйса: «Оо ишенимсиз, бузулган муун! Качанга чейин силер менен болом? Качанга чейин силерге чыдайм? Баланы бул жерге, Мага алып келгиле», – деди.

18 Ыйса буйрук берери менен, баладан жин чыгып кетти. Бала ошол замат айыгып калды.

19 Ыйса жалгыз калганда, шакирттер келип: «Эмне үчүн биз жинди кууп чыгара албай койдук?», – деп сурашты.

20 Ыйса аларга: «Ишенимиңердин аздыгынан улам! Силерге чындыкты айтып коёюн, эгерде силердин сары кычы данындай эле ишенимиңер болсо, бул тоого: “Бул жерден тиги жерге жыл”, – десеңер, ал жылат. Силер үчүн мүмкүн болбогон эч нерсе болбойт.

21 Жиндерди сыйынуу жана орозо менен гана кууп чыгарууга болот», – деди.

**Ыйсанын Өзүнүн өлөрүн жана тирилерин дагы бир жолу айтышы**

22 Галилеяда жүрүшкөн кезде, Ыйса аларга: «Адам Уулун адамдардын колуна салып беришет.

23 Аны өлтүрүшөт. Бирок Ал үчүнчү күнү тирилет», – деди. Шакирттер буга абдан капа болушту.

**Ийбадаткана салыгы**

24 Капернаумга келишкенде, дидрахма жыйнаган салык жыйноочулар Петирге келип: «Силердин Устатыңар дидрахма береби?» – деп сурашты.

25 «Берет», – деп жооп берип, Петир үйгө кирди. Ал эч нерсе айта электе эле, Ыйса андан: «Кандай деп ойлойсуң, Шымон, бул дүйнөдөгү падышалар алык-салыкты кимден алышат: өз уулдарынанбы же бөтөн кишилерденби?» – деп сурады.

26 «Бөтөн кишилерден», – деди Петир. Ыйса ага: «Демек, уулдары салык төлөшпөйт экен да.

27 Бирок салык жыйноочулар кыжырланбашы үчүн, көлгө барып, кайырмак сал. Кармаган биринчи балыгыңды тартып алып, оозун ачсаң, статирди көрөсүң. Аны алып, экөөбүз үчүн берип кой», – деди.

## 18-БӨЛҮМ

### Ким баарынан чоң?

1 Ошол мезгилде шакирттер Ыйсанын жанына келип: «Асман Падышачылыгында ким баарынан чоң?» – деп сурашты.

2 Ыйса бир кичинекей баланы чакырып алып, ортого тургузду да, мындай деди:

3 «Силерге чындыкты айтып коёюн, эгерде жаман жолуңардан кайтып, кичинекей балдардай болбосоңор, Асман Падышачылыгына кирбейсиңер.

4 Ошондуктан ким өзүн басынтып, ушул бала сыяктуу болсо, ал Асман Падышачылыгында чоң болот.

5 Ким ушул сыяктуу баланы Менин ысымым үчүн кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот.

6 Мага ишенген бул кичинелердин бирин күнөөгө түрткөн адамды мойнуна тегирмен ташын илип, деңиздин түбүнө чөктүрүп жиберсе, ал үчүн жакшы болмок.

### Азгырыктарга каршы күрөшүү

7 Бул дүйнө өзүнүн азгырыктары үчүн кайгыга кабылат! Анткени азгырыктар келбей койбойт, бирок ким аркылуу келсе, ошол адам кайгыга кабылат!

8 Эгерде колуң же бутуң сени күнөөгө түртсө, анда аны кесе чаап, ыргытып жибер. Эки колуң, эки бутуң менен түбөлүк отко ыргытылгандан көрө, колуңдан же бутуңдан ажырап, өмүргө ээ болгонуң жакшы.

9 Эгерде көзүң сени күнөөгө түртсө, анда аны оюп алып, ыргытып жибер. Эки көзүң менен оттуу көлгө ыргытылгандан көрө, жалгыз көзүң менен өмүргө ээ болгонуң жакшы.

10 Байкагыла, бул кичинелердин бирин да кордобогула. Силерге айтып коёюн, алардын асмандагы периштелери Асмандагы Атамдын жүзүн дайыма көрүп турушат.

### Жоголгон кой. Жоголгонду издеген Теңир

11 Анткени Адам Уулу жоголгонду издеп таап, куткаруу үчүн келди.

12 Кандай деп ойлойсуңар, эгерде жүз кою бар бир адамдын бир кою жоголуп кетсе, эмне, ал токсон тогузун тоого калтырып, жоголуп кеткенин издебейби?

13 Эгерде аны тапса, силерге чындыкты айтып коёюн, жоголбогон токсон тогузуна караганда, ал үчүн көбүрөөк сүйүнөт.

14 Ошол сыяктуу эле Асмандагы Атаңар да бул кичинелердин биринин да жоголушун каалабайт.

**Келечектеги Жыйындын тартиби**

15 Эгерде бир тууганың сага каршы күнөө кылса, баргын да, жекече сүйлөшүп, анын айыбын ач. Эгерде сага кулак салса, бир тууганыңды кайтарып алган болосуң.

16 Эгерде сага кулак салбаса, жаныңа бир же эки кишини ээрчитип ал. Айтылган ар бир сөз эки же үч күбөнүн сөзү менен ырасталсын.

17 Эгерде аларга кулак салбаса, Жыйынга билдир. Эгерде Жыйынга да кулак салбай койсо, аны бутпарас жана салык жыйноочу катары эсепте.

18 Силерге чындыкты айтып коёюн, жер үстүндө эмнени байласаңар, асманда да ошол байлануу болот. Жер үстүндө эмнени чечсеңер, асманда да ошол чечилүү болот.

19 Дагы силерге айтарым, жер үстүндө араңардан экөөңөр макулдашып алып, асмандагы Атамдан бир нерсе жөнүндө сурасаңар, сураганыңарды аласыңар.

20 Кайсы жерде Менин ысымым үчүн эки же андан көп адам чогулса, Мен да ошол жерде, алардын арасындамын».

**Ырайымдуу падыша жана ырайымсыз кул жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

21 Ошондо Петир Ыйсанын жанына келип: «Теңир, мага каршы күнөө кылган бир тууганымды канча жолу кечиришим керек? Жети жолубу?» – деп сурады.

22 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Сага айтып коёюн, жети жолу эмес, жетимиштен жети жолу.

23 Ошондуктан Асман Падышачылыгын кулдары менен эсептешмекчи болгон падышага салыштырса болот.

24 Эсептеше баштаганда, падышанын алдына он миң талант карыз болгон бир кулду алып келишти.

25 Карызынан кутулууга анын эч нерсеси жок болгондуктан, падыша анын өзү, аялы, балдары жана колунда болгону сатылып, карызы төлөнүүсүн буйруду.

26 Ошондо ал кул падышанын алдына жыгылып: “Падышам, күтө тур, бардыгын төлөп берем”, – деди.

27 Падыша кулуна ырайым кылып, анын карызын кечирди да, аны бошотуп жиберди.

28 Ал кул болсо тышка чыгып, өзүнө жүз динарий карыз болгон башка кулду кармап алып: “Карызыңды бер”, – деп муунтту.

29 Ал кул болсо бутуна жыгылып: “Күтө тур, баарын төлөп берем”, – деп жалынды.

30 Бирок ал күткүсү келген жок. Барды да, карызын бергенче, аны түрмөгө каматып салды.

31 Муну көргөн кулдар аябай капа болушту да, падышага келип, болгон окуяны айтып беришти.

32 Ошондо падыша кулун чакыртты да: “Эй, жаман кул! Жалынып-жалбарганыңдан улам, бүт карызыңды кечирдим эле.

33 Мен сага ырайым кылгандай, сен да тиги кулга ырайым кылсаң болбойт беле?” – деди.

34 Падыша каарданып, бүт карызын бергенче, аны жазалоочулардын колуна тапшырды.

35 Эгерде ар бириңер өз бир тууганыңардын күнөөсүн чын жүрөктөн кечирбесеңер, асмандагы Атам да силерге так ушундай мамиле кылат».

**19-БӨЛҮМ**

1 Ыйса бул сөздөрдү айтып бүткөндөн кийин, Галилеядан чыгып, Иордан дарыясынын наркы өйүзүнө, Жүйүт аймагына келди.

2 Аны көп эл ээрчип алды. Ыйса ал жерде оорулууларды айыктырды.

**Ажырашуу жөнүндө**

3 Ыйсанын жанына фарисейлер келишти да, Аны сынап: «Эркек ар кандай себептен улам аялы менен ажырашса болобу?» – деп сурашты.

4 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Жаратуучу эң башында эле адамдарды эркек-аял кылып жаратканын окуган жок белеңер?

5 Ошондуктан адам ата-энесин таштап, аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот.

6 Эми алар эки эмес, бир дене. Ошондуктан Кудай кошконду адам ажыратпасын».

7 Алар Ыйсага: «Анда эмне үчүн Муса талак кат берип, аялын кетирсе боло тургандыгы жөнүндө айтты эле?» – дешти.

8 Ыйса аларга: «Таш боор болгонуңардан улам, Муса аялыңарды кетирүүгө уруксат берген. Бирок башында мындай эмес болчу.

9 Бирок Мен силерге айтып коёюн, ойноштук кылуу себеби менен эмес, башка бир себеп менен аялын кетирип, башка аял алган адам ойноштук кылган болот. Күйөөсү кетирип жиберген аялды алган адам да ойноштук кылган болот», – деди.

10 Шакирттери Ыйсага: «Эгерде эркектин аялынын алдындагы милдети ушундай болсо, анда үйлөнбөй эле койгон жакшы», – дешти.

11 Ыйса болсо аларга мындай деди: «Бул сөздү ар бир эле адам кабыл ала албайт. Кимге берилсе, ошол гана кабыл ала алат.

12 Анткени жыныстык байланышка тубаса жараксыз адамдар бар. Адамдар тарабынан бычылгандар да бар, Асман Падышачылыгы үчүн өздөрүн өздөрү ошондой кылгандар да бар. Кабыл ала алган адам кабыл алсын».

**Ыйсанын балдарга бата бериши**

13 Колун коюп сыйынсын деп, кээ бирөөлөр Ыйсанын жанына балдарын алып келишти. Шакирттер болсо аларга тоскоолдук кылышты.

14 Ыйса аларга: «Балдарды коё бергиле, алардын Мага келүүсүнө тоскоолдук кылбагыла. Анткени Асман Падышачылыгы ушундайлардыкы», – деди.

15 Балдардын үстүнө колун коюп сыйынгандан кийин, Ыйса ал жерден кетти.

**Ыйса жана бай жигит**

16 Бир жигит келип, Ыйсадан: «Жакшы Устат! Түбөлүк өмүргө ээ болуш үчүн, кандай жакшы иш кылуум керек?» – деп сурады.

17 Ыйса ага: «Мени эмнеге жакшы дейсиң? Кудайдан башка эч ким жакшы эмес. Түбөлүк өмүргө ээ болууну кааласаң, Анын осуяттарын аткар», – деди.

18 «Кайсы осуяттарды?» – деди ал. Ыйса ага мындай деди: «Киши өлтүрбө, ойноштук кылба, уурдаба, бирөөгө жалаа жаппа,

19 ата-энеңди сыйла, өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүй».

20 Ошондо жигит Ага: «Мунун баарын мен жаш күнүмдөн бери сактап келем. Мага дагы эмне жетишпейт?» – деди.

21 Ыйса ага: «Эгерде жеткилең болууну кааласаң, бар да, мал-мүлкүңдүн баарын сатып, жардыларга таратып бер. Ошондо асманда казынаң болот. Анан келип, Менин артымдан ээрчи», – деди.

22 Бул сөздү укканда, жигит капаланып кетип калды. Анткени анын мал-мүлкү көп эле.

23 Ыйса шакирттерине мындай деди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, бай адамдын Асман Падышачылыгына кириши кыйын.

24 Дагы айтарым, бай адамдын Асман Падышачылыгына кирүүсүнө караганда, ийненин көзүнөн төөнүн өтүүсү оңоюраак».

25 Муну уккан шакирттер аябай таң калышып: «Анда ким куткарылат?» – дешти.

26 Ыйса болсо аларды карап: «Адамдар муну кыла алышпайт, ал эми Кудай бардыгын кыла алат», – деди.

**Элчилердин сыйлыгы**

27 Ошондо Петир мындай деди: «Мына, биз баарын таштап, Сени ээрчип жүрөбүз. Бул үчүн эмне алабыз?»

28 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, жаңы жашоодо Адам Уулу Өзүнүн улуу тактысына отурганда, Мени ээрчип жүргөн силер да он эки тактыга отуруп, Ысрайылдын он эки уруусуна бийлик жүргүзөсүңөр.

29 Менин ысымым үчүн үй-жайын, ага-инилерин же эже-карындаштарын, атасын же энесин, аялын же балдарын, же өз жерин таштаган адам жүз эсе алат жана түбөлүк өмүрдү мурастайт.

30 Биринчилердин көпчүлүгү акыркы, акыркылардын көпчүлүгү биринчи болот.

**20-БӨЛҮМ**

**Жүзүмдүктөгү жумушчулар жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

1 Анткени Асман Падышачылыгын бул нерсеге салыштырууга болот: таң заардан бир кожоюн өзүнүн жүзүмдүгүнө жумушчуларды жалдаганы чыкты.

2 Ал күнүнө бир динарийден төлөп бере турган болуп, жумушчулар менен макулдашкандан кийин, аларды жүзүмдүгүнө жөнөттү.

3 Үчүнчү саат чамасында кайра чыгып, ал базар аянтында жумушсуз жүргөн адамдарды көрдү да,

4 аларга: "Силер да менин жүзүмдүгүмө баргыла, тийиштүү акыңарды төлөп берем", – деди. Алар жүзүмдүккө кетишти.

5 Ал алтынчы жана тогузунчу саат чамасында кайра чыгып, дагы ошондой кылды.

6 Ал он биринчи саат чамасында кайра чыгып, жумушсуз жүргөн дагы бирөөлөрдү көрүп: "Бир күн бою бул жерде бош турганыңар кандай?" – деди.

7 Алар болсо: "Бизди эч ким ишке жалдаган жок", – деп жооп беришти. Ошондо ал аларга: "Силер да менин жүзүмдүгүмө баргыла, тийиштүү акыңарды төлөп берем", – деди.

8 Кеч киргенде, жүзүмдүктүн ээси чарба иштерин башкаруучусуна: "Жумушчуларды чакырып, аларга, акыркыларынан баштап, биринчилерине чейин, эмгек акыларын бер", – деди.

9 Он биринчи саат чамасында жалданып иштегендер келип, бир динарийден алышты.

10 Биринчи келгендер көбүрөөк алабыз деп ойлошкон, бирок алар да бир динарийден алышты.

11 Алгандан кийин, кожоюнга нааразы боло башташты.

12 Алар кожоюнга: "Бул акыркы келгендер бир эле саат иштешти. Бирок сен аларды керээли-кечке күндүн ысыгында иштеген бизге теңеп койдуң", – дешти.

13 Ошондо жүзүмдүк ээси алардын бирине мындай деди: "Досум, мен сени алдаган жокмун. Сен мени менен бир динарийге макулдашпадың беле?

14 Өз акыңды алгын да, кете бергин. Сага канча берсем, акыркы келген буга да ошончо бергим келет.

15 Өзүмдүкүн өзүм каалагандай пайдаланууга акым жокпу? Же менин берешендигимди көрө албай жатасыңбы?"

16 Ошентип, акыркылар биринчи, биринчилер акыркы болот. Анткени чакырылгандар көп, бирок тандалгандар аз».

**Ыйсанын Өзүнүн өлүмү жана тирилүүсү жөнүндө үчүнчү жолу айтышы**

17 Иерусалимге бара жаткан жолдо Ыйса он эки шакиртин четке чыгарып алып, мындай деди:

18 «Мына, биз Иерусалимге бара жатабыз. Адам Уулун башкы ыйык кызмат кылуучулар менен мыйзам окутуучулардын колуна салып беришет. Алар болсо Аны өлтүрүүгө өкүм чыгарышат.

19 Аны бутпарастардын колуна салып беришет, алар болсо Аны шылдыңдашат, сабашат, айкаш жыгачка кадашат. Үчүнчү күнү Ал тирилет».

**Эненин суранычы**

20 Ошондо Зебедей уулдарынын энеси уулдары менен Ыйсанын жанына келип таазим кылды да, бир нерсе сурамакчы болду.

21 Ыйса аялдан: «Эмне каалайсың?» – деп сурады. Аял Ага: «Сенин Падышачылыгыңда бул эки уулумдун бири оң жагыңда, бири сол жагыңда отурса экен. Ушундай буйрук берчи», – деди.

22 Ыйса мындай деп жооп берди: «Эмне сурап жатканыңарды өзүңөр билбейсиңер. Мен иче турган чөйчөктөн иче аласыңарбы? Мен чөмүлдүрүлө турган чөмүлдүрүү менен чөмүлдүрүлө аласыңарбы?» «Ошенте алабыз», – дешти алар.

23 Ошондо Ыйса аларга: «Мен иче турган чөйчөктөн ичесиңер. Мен чөмүлдүрүлө турган чөмүлдүрүү менен чөмүлдүрүлөсүңөр. Бирок оң жагыма же сол жагыма отургузуу Менин колумда эмес. Атам кимге даярдаган болсо, ошол отурат», – деди.

24 Муну уккан берки он шакирт эки бир тууганга ачууланды.

25 Ыйса аларды чакырып алып: «Элге башчылар үстөмдүк кылып, төрөлөр бийлик жүргүзөрүн билесиңер.

26 Бирок силердин араңарда мындай болбосун. Араңарда ким чоң болгусу келсе, ал силерге кызматчы болсун.

27 Араңарда ким биринчи болгусу келсе, ал силерге кул болсун.

28 Анткени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген», – деди.

**Эки сокурдун айыгышы**

29 Алар Жериходон чыгып бара жатышканда, Ыйсанын артынан көп эл ээрчиди.

30 Жол боюнда отурган эки сокур адам Ыйсанын өтүп бара жатканын угуп: «Теңир, Дөөттүн Уулу, бизге ырайым кыла көр!» – деп кыйкыра башташты.

31 Элдин тыйганына болбой, алар ого бетер катуу кыйкырып жатышты: «Теңир, Дөөттүн Уулу, бизге ырайым кыла көр!»

32 Ыйса токтоп, аларды жанына чакырды да: «Менин эмне кылышымды каалайсыңар?» – деп сурады.

33 Алар Ага: «Теңир, көзүбүз көрсө экен», – дешти.

34 Ыйса боор ооруп, алардын көзүнө колун тийгизди. Ошол замат алардын көзү көрүп калды. Анан алар Ыйсанын артынан ээрчип жөнөштү.

**21-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын Иерусалимге салтанаттуу түрдө кириши**

1 Иерусалимге жакын жердеги, Зайтун тоосунун этегиндеги Бейтфагия айылына келишкенде, Ыйса эки шакиртин мындай деп жөнөттү:

2 «Айылга кирсеңер, байланып турган бир ургаачы эшекти, кодикти, көрөсүңөр. Чечип алып, Мага алып келгиле.

3 Эгерде бирөө бирдеме десе, “Булар Теңирге керек” дегиле. Ошондо ал дароо берет».

4 Мунун баары пайгамбар аркылуу айтылган бул сөздөрдүн аткарылышы үчүн болду:

5 «Сион кызына: “Сага өзүңдүн момун Падышаң келет. Ал ургаачы эшекке, кодикке, минип келет”, – деп айткыла».

6 Шакирттер барып, Ыйса буйругандай кылышты.

7 Ургаачы эшекти, кодикти, алып келип, үстүнө чапандарын салып, Ыйсаны мингизишти.

8 Элдин көпчүлүгү өздөрүнүн кийимдерин, айрымдары болсо дарактардын бутактарын кесип алып, жолго төшөп жатышты.

9 Ыйсанын алды-артындагы эл: «Дөөттүн Уулуна даңк! Теңирдин атынан Келе Жатканга алкыш! Эң Жогорудагыга даңк!» – деп, кыйкырып келе жатты.

10 Ыйса Иерусалимге киргенде, бүт шаар кыймылга келип: «Бул ким?» – деп сурап жатты.

11 Эл болсо: «Бул – Галилеянын Назарет шаарынан чыккан Ыйса пайгамбар», – деп жооп берип жатты.

**Ыйсанын ийбадатканадан сатуучуларды кууп чыгуусу**

12 Ыйса ийбадатканага кирип, андагы сатуучулар менен сатып алуучулардын баарын кууп чыкты. Акча алмаштыруучулардын үстөлдөрүн, көгүчкөн сатып отургандардын орундуктарын көңтөрүп таштады.

13 Аларга мындай деди: «Ыйык Жазууда: “Менин үйүм сыйынуу үйү деп аталат”, – деп жазылган. Силер болсо аны каракчылардын уюгуна айландырып жатасыңар».

14 Ийбадатканада Ыйсанын жанына сокурлар жана майыптар келди. Ыйса аларды айыктырды.

15 Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен мыйзам окутуучулар Ыйса кылып жаткан ажайып иштерди, ийбадатканада: «Дөөттүн Уулуна даңк!» – деп кыйкырып жаткан балдарды көргөндө, кыжырданышып, Ыйсага:

16 «Булардын эмне деп жатканын угуп жатасыңбы?» – дешти. Ыйса аларга: «Ооба! Эмне, силер “Наристелер менен эмчектеги балдарга Өзүңдү даңктаттың” деген сөздөрдү такыр окуган жок белеңер?» – деди да, ал жерден кетип калды.

17 Шаардан чыгып, Бетанияга келип, түндү ошол жерде өткөрдү.

**Куурап калган анжыр дарагы**

18 Эртең менен шаарга кайтып келе жатканда, Ыйса ачка болду.

19 Жолдун жээгиндеги анжыр дарагын көрүп, анын жанына келди. Жалбырагынан башка эч нерсеси жок экенин көрүп, даракка мындай деди: «Мындан ары сенде эч качан жемиш болбосун». Анжыр дарагы ошол замат куурап калды.

20 Муну көргөн шакирттер: «Анжыр дарагынын тез эле куурап калганы кандай?» – деп таң калышты.

21 Ыйса болсо аларга мындай деп жооп берди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, эгерде ишенимиңер болсо, шектенбесеңер, анда анжыр дарагына кылынганды гана эмес, мына бул тоого да: "Ордуңан көтөрүлүп, деңизге түш", – десеңер, айтканыңардай болот.

22 Ишеним менен сыйынсаңар, сураганыңардын баарын аласыңар».

**Ыйсанын бийлиги жөнүндө**

23 Ыйса ийбадатканага келип, элди окутуп жатканда, башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдар жанына басып келип: «Муну Сен кайсы бийликтин негизинде кылып жатасың? Мындай бийликти Сага ким берди?» – деп сурашты.

24 Ыйса аларга мындай деди: «Мен да силерге бир суроо берейин. Эгерде Мага жооп берсеңер, Мен да силерге муну кайсы бийликтин негизинде кылып жатканымды айтам.

25 Жакандын чөмүлдүрүүсү кимден эле: Кудайданбы же адамданбы?» Алар өз ара акылдашып: «Эгерде Кудайдан десек, анда Ал бизге: "Анда эмне үчүн Жаканга ишенген жоксуңар?" – дейт,

26 "Адамдардан", – десек, элден коркобуз. Анткени баары Жаканды пайгамбар деп эсептешет», – дешти.

27 Анан Ыйсага: «Билбейбиз», – деп жооп беришти. Ошондо Ыйса аларга: «Кайсы бийликтин негизинде кылып жатканымды Мен да силерге айтпайм», – деди.

**Эки уул жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

28 «Кандай деп ойлойсуңар? Бир адамдын эки уулу болгон экен. Ал биринчисине келип: "Уулум, барып, жүзүмдүгүмдө иштегин", – дейт.

29 Бирок ал: "Барбайм", – деп коюп, кийин анысына өкүнүп, иштегени барат.

30 Экинчи уулуна келип, ошону эле айтат. Анысы: "Баратам, кожоюн", – деп коюп, барбай коёт.

31 Экөөнүн кимиси атасынын каалоосун аткарды?» «Биринчиси», – деп жооп беришти. Ыйса аларга мындай деди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, салык жыйноочулар менен бузулган аялдар Кудайдын Падышачылыгына силерден мурун барышат.

32 Анткени Жакан силерге туура жолду көрсөткөнү келген, бирок силер ага ишенген жоксуңар. Салык жыйноочулар менен бузулган аялдар ага ишеништи. Муну көргөндөн кийин да өкүнгөн жоксуңар, ишенген жоксуңар.

**Жүзүмчүлөр жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

33 Дагы бир үлгү-насаат аңгемени угуп алгыла. Бир кожоюн жүзүм багын отургузат. Аны дубал менен курчап, жүзүм сыгылуучу жай жасап, күзөт мунарасын салат. Анан жүзүмдүгүн жүзүмчүлөргө тапшырып, өзү башка жакка кетет.

34 Түшүм жыйноо убагы жакындаганда, жүзүм жемишинен алдыртыш үчүн, кулдарын жумшайт.

35 Жүзүмчүлөр болсо анын кулдарын кармап алып, бирин сабашат, бирин өлтүрүшөт, бирин таш бараңга алышат.

36 Ошондо ал мурункудан да көп кулун жөнөтөт. Жүзүмчүлөр аларга да ошондой эле мамиле кылышат.

37 Акырында кожоюн: "Уулумдан уялышар", – деп, уулун жөнөтөт.

38 Бирок жүзүмчүлөр анын уулун көрүшкөндө, өз ара: "Бул – мурасчы. Жүргүлө, аны өлтүрүп, мурасына ээ бололу", – дешет.

39 Аны кармап алып, жүзүмдүктүн сыртына алып чыгып, өлтүрүп салышат.

40 Жүзүмдүктүн кожоюну кайтып келгенде, бул жүзүмчүлөрдү эмне кылат?»

41 Алар Ага: «Бул зулумдарга ал азаптуу өлүм өкүмүн чыгарат, жүзүмдүктү болсо түшүмүн өз маалында жыйнап бере турган жүзүмчүлөргө тапшырат», – деп жооп беришти.

42 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Ыйык Жазуудагы "Куруучулар жаратпай койгон таш бурчтун негизи болуп калды. Бул Теңирден, бул биздин көзүбүзгө укмуштуу көрүнөт" деген сөздөрдү такыр окуган жок белеңер?

43 Ошондуктан силерге айтып коёюн, Кудайдын Падышачылыгы силерден тартылып алынып, жемишин бере турган адамдарга берилет.

44 Ал ташка жыгылган адам өлөт. Ал эми ал таш кимдин үстүнө куласа, аны басып өлтүрөт».

45 Бул үлгү-насаат аңгемелерди уккан башкы ыйык кызмат кылуучулар менен фарисейлер Ыйсанын өздөрү жөнүндө айтып жатканын түшүнүштү.

46 Алар Ыйсаны колго түшүрүүгө аракет кылышты, бирок элден коркушту. Анткени эл Аны пайгамбар деп эсептечү.

## 22-БӨЛҮМ

### Үйлөнүү тою жөнүндө үлгү-насаат аңгеме

1 Ыйса үлгү-насаат аңгемелерин улантты:

2 «Асман Падышачылыгын бул нерсеге салыштырса болот: бир падыша өзүнүн уулунун үйлөнүү тоюн өткөрмөкчү болот.

3 Ал тойго чакырылгандарды чакырыш үчүн, кулдарын жөнөтөт. Бирок алардын келгиси келбейт.

4 Ошондо ал башка кулдарын жөнөтүп: "Дасторконумду даярдап койдум. Торпокторум, борго байланган малым союлду, баары даяр. Тойго келгиле!" – деп айттырат.

5 Бирок чакырылгандар кайдыгер мамиле кылып, бири талаасына кетсе, бири соода кылганы кетет.

6 Дагы бирөөлөрү кулдарын кармап алып кордоп, өлтүрүп салышат.

7 Муну уккан падыша каарданып, аскерлерин жиберет. Алар канкорлорду өлтүрүп, шаарын күлгө айландырышат.

8 Ошондо падыша кулдарына мындай дейт: “Той даяр, бирок чакырылгандар татыктуу эмес болуп чыкты.

9 Ошондуктан тогуз жолдун тоомуна баргыла да, жолуккандардын баарын тойго чакыргыла”.

10 Кулдар жолго чыгышат да, жолуккандардын баарын – жаманын да, жакшысын да чогултушат. Ошентип, той өткөргөн жай мейманга толот.

11 Падыша меймандарды көрүш үчүн кирип, ал жерден той кийимин кийбеген бир адамды көрөт.

12 Ага: “Досум, той кийимин кийбей, бул жерге кантип кирдиң?” – дейт. Тиги адам унчукпайт.

13 Ошондо падыша кулдарына мындай дейт: “Колу-бутун байлап, муну сырттагы караңгылыкка ыргытып жибергиле. Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот”.

14 Анткени чакырылгандар көп, бирок тандалгандар аз».

**Ыйсанын салык төлөө жөнүндө берген жообу**

15 Ошондон кийин фарисейлер барып, Ыйсаны сөзүнөн кармоо жөнүндө кеңешишти.

16 Анан алар Ироддун адамдарын жана өз шакирттерин Ыйсага жөнөтүштү. Алар келип: «Устат! Сенин адилеттүү адам экениң бизге белгилүү. Кудайдын мыйзамдарын туура окутасың. Эч кимге жагынбайсың, бет карамалык кылбайсың.

17 Оюңду айтчы, Рим падышасына салык төлөө туурабы же туура эмеспи?» – дешти.

18 Ыйса алардын арам оюн билип: «Эки жүздүүлөр! Эмнеге Мени сынап жатасыңар?

19 Мага салыкка төлөнүүчү тыйынды көрсөткүлөчү!» – деди. Ага бир динарий алып келип беришти.

20 Ыйса алардан: «Мына бул сүрөт менен жазуу кимдики?» – деп сурады.

21 «Падышаныкы», – деп жооп беришти алар. Ошондо Ыйса аларга: «Анда падышага тиешелүүнү падышага, Кудайга тиешелүүнү Кудайга бергиле», – деди.

22 Алар муну укканда таң калып, Ыйсанын жанынан кетип калышты.

**Өлгөндөрдүн тирилери жөнүндө**

23 «Өлгөндөр тирилбейт» деген садукейлер ошол күнү Ыйсанын жанына келип, мындай деп сурашты:

24 «Устат! Муса мындай дебеди беле: “Ким бала көрбөй көз жумса, анда анын аялын бир тууганы алып, анын тукумун уласын”.

25 Арабызда жети бир тууган бар эле. Биринчиси үйлөнүп, бала көрбөй өлүп калды. Аялы инисине калды.

26 Экинчиси, үчүнчүсү, атүгүл, жетинчиси да ошондой болду.

27 Акырында аял да өлдү.

28 Өлгөндөр тирилгенден кийин, ал аял бул жети бир туугандын кимисинин аялы болот? Анткени аны баары аялдыкка алышкан».

29 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Силер Ыйык Жазууну жана Кудайдын күчүн билбегендиктен жаңылып жатасыңар.

30 Анткени өлгөндөр тирилгенден кийин, аял алуу, күйөөгө тийүү деген болбойт. Алар асмандагы Кудайдын периштелериндей болуп калышат.

31 Ал эми өлгөндөрдүн тирилери жөнүндө болсо, Кудайдын

32 “Мен Ыбрайымдын, Ыскактын, Жакыптын Кудайымын” деген сөзүн окуган жок белеңер? Кудай – өлгөндөрдүн эмес, тирүүлөрдүн Кудайы».

33 Буларды уккан эл Анын окутуусуна таң калды.

**Улуу осуят**

34 Фарисейлер Ыйсанын садукейлерди сөзгө жыкканын угуп, чогула калышты.

35 Алардын арасындагы бир мыйзам окутуучу Ыйсаны сынап, мындай деп сурады:

36 «Устат! Мыйзамдагы эң маанилүү осуят кайсы?»

37 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт акылың менен сүй.

38 Биринчи жана эң маанилүү осуят ушул.

39 Экинчиси ушуга эле окшош: “Өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды ошондой сүй”.

40 Бүт мыйзам жана пайгамбарчылыктар ушул эки осуятка негизделген».

**Машайак – Дөөттүн Уулу жана Теңири**

41 Фарисейлер чогулганда, Ыйса алардан:

42 «Машайак жөнүндө кандай ойдосуңар, Ал кимдин Уулу?» – деп сурады. «Дөөттүн», – деп жооп беришти алар.

43 Ыйса аларга: «Дөөт Ыйык Рухтун жетеги менен Машайакты “Теңирим” деп айткандыгын кандай түшүнөсүңөр? Анткени Дөөт мындай дебеди беле:

44 “Теңир менин Теңириме мындай деди: "Мен Сенин душмандарыңды бут алдыңа жыкканга чейин, Менин оң жагыма отур"”.

45 Ошентип, эгерде Дөөт Аны “Теңир” деп атаган болсо, кантип Ал анын Уулу болсун?» – деди.

46 Ошондо эч ким жооп бере алган жок. Ошол күндөн тартып, эч ким Ага суроо берүүгө даабай калды.

**23-БӨЛҮМ**

**Мыйзам окутуучулар менен фарисейлердин эки жүздүүлүгү**

1 Андан кийин Ыйса элге жана Өз шакирттерине мындай деди:

2 «Мыйзам окутуучулар менен фарисейлер Муса пайгамбардын ордун басышты.

3 Ошондуктан алардын айткандарынын баарын аткаргыла, сактагыла. Бирок алардын кылганын кылбагыла, анткени алар айткандарын өздөрү аткарышпайт.

4 Көтөрө алгыс оор жүктөрдү таңып, адамдардын ийнине артып коюшат. Өздөрү болсо ага колунун учун тийгизип коюуну да каалашпайт.

5 Бардык иштерин элдин көзүнө көрүнүү үчүн жасашат. Чекелери менен колдоруна байлаган мыйзам жазылган кайыш кутучаларынын көлөмүн чоңойтушуп, кийимдерине таккан чачыларын узартышат.

6 Ошондой эле тойлордо төрдө отурууну, синагогаларда алдыңкы орундарда отурууну,

7 эл чогулган жайларда алик алууну жана адамдардын аларга “Устат! Устат!” деп кайрылып турганын жакшы көрүшөт.

8 Ал эми силер “Устат” деп аталбагыла, анткени силердин бир гана Устатыңар бар, Ал – Машайак, силер болсо бир туугансыңар.

9 Жер үстүндө эч кимди “Ата” дебегиле, анткени силердин бир гана Атаңар бар, Ал – асмандагы Атаңар.

10 “Жол башчы” деп да аталбагыла, анткени силердин бир гана Жол башчыңар бар, Ал – Машайак.

11 Араңарда ким чоң болсо, ал силерге кызматчы болсун.

12 Анткени ким өзүн көтөрсө, ал басынтылат; ким өзүн басынтса, ал көтөрүлөт.

**Ыйсанын мыйзам окутуучулар менен фарисейлерди ашкерелеши**

13 Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Асман Падышачылыгына адамдардын кирүүсүнө тоскоолдук кыласыңар. Өзүңөр кирбейсиңер, киргиси келгендерди да киргизбейсиңер.

14 Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Жесирлердин үй-жайын тонойсуңар, эки жүздүүлөнүп узакка сыйынасыңар. Ошого жараша алчу жазаңар да оор болот.

15 Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Ишенимиңерди бир адам болсо да кабыл алышы үчүн, жер-сууну айланып чыгасыңар. Кабыл алгандан кийин, аны өзүңөрдөн эки эсе ашып түшкөн оттуу көл уулуна айландырасыңар.

16 Сокур жол башчылар, силерге кайгы! Силер: “Ийбадаткананы оозанып ант берген эч нерсе эмес, ийбадаткананын алтынын оозанып ант берген адам антын аткарууга тийиш”, – дейсиңер.

17 Акылсыздар, сокурлар! Кайсынысы маанилүү, алтынбы же алтынды ыйык кылган ийбадатканабы?

18 “Курмандык чалынуучу жайды оозанып ант берген эч нерсе эмес, курмандыкты оозанып ант берген адам антын аткарууга тийиш”, – деп да айтасыңар.

19 Акылсыздар, сокурлар! Кайсынысы маанилүү, курмандыкпы же курмандыкты ыйык кылган курмандык чалынуучу жайбы?

20 Курмандык чалынуучу жайды оозанып ант берген адам курмандык чалынуучу жайды жана анын үстүндөгүнүн баарын оозанып ант берген болот.

21 Ийбадаткананы оозанып ант берген адам ийбадаткананы да, ийбадатканада жашаган Кудайды да оозанып ант берген болот.

22 Асманды оозанып ант берген адам Кудайдын тактысын жана тактыда отурган Кудайды оозанып ант берген болот.

23 Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, силерге кайгы! Эки жүздүүлөр! Силер жалбыздан, анистен жана зиреден ондук бергениңер менен, мыйзамдагы эң негизги нерселерди: акыйкаттыкты, ырайымдуулукту жана ишенимди таштап койдуңар. Тигини да кылыш керек, бирок муну калтырбаш керек эле!

24 Сокур жол башчылар! Чиркейди чыпкалап саласыңар, төөнү болсо жутуп коёсуңар!

25 Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Чөйчөгүңөр менен табагыңардын сыртын тазалайсыңар, бирок алардын ичи талап-тоноочулук менен адилетсиздикке толгон.

26 Сокур фарисей! Адегенде чөйчөгүң менен табагыңдын ичин тазала, ошондо алардын сырты да таза болот.

27 Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Силер сыртынан кооз көрүнгөн, бирок ичи өлүктөрдүн сөөктөрүнө жана ар кандай ыпылас нерселерге толгон, акталган мүрзөлөргө окшошсуңар.

28 Сыртыңардан адамдарга адил көрүнгөнүңөр менен, ичиңер эки жүздүүлүк менен мыйзамсыздыкка толгон.

29 Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Пайгамбарларга күмбөз тургузуп, адил адамдардын эстелигин жасалгалайсыңар.

30 “Ата-бабаларыбыздын заманында жашаган болсок, аларга окшоп пайгамбарлардын канын төкмөк эмеспиз”, – дейсиңер.

31 Пайгамбарларды өлтүргөндөрдүн уулдары экениңерди өзүңөр эле ушинтип күбөлөндүрүп жатпайсыңарбы.

32 Ата-бабаларыңардын кыянат иштерин чегине жеткиргиле.

33 Жыландар, жылан тукумдары! Оттуу көлдөн кантип качып кутуласыңар?

34 Ошон үчүн Мен силерге пайгамбарларды, даанышмандарды жана мыйзам окутуучуларды жиберип жатам. Силер болсо алардын кээ бирөөлөрүн өлтүрөсүңөр жана айкаш жыгачка кадайсыңар, кээ бирөөлөрүн синагогаларыңарда уруп-сабап, шаардан шаарга куушсуңар.

35 Адилеттүү Абылдын канынан тартып, ийбадаткана менен курмандык чалынуучу жайдын ортосунда силер өлтүргөн Берехия уулу Захариянын канына чейинки адил адамдардын төгүлгөн каны силердин мойнуңарда!

36 Силерге чындыкты айтып коёюн, мунун баары ушул муундун башына келет.

**Ыйсанын Иерусалим үчүн кайгыруусу**

37 Иерусалим! Пайгамбарларды өлтүргөн, өзүңө жиберилгендерди таш бараңга алган Иерусалим! Канаттуу өз балапандарын канатынын астына чогулткандай, Мен да канча ирет сенин балдарыңды чогултууну кааладым, бирок сен каалаган жоксуң.

38 Мына, үйүң ээн калат!

39 Сага айтып коёюн, “Теңирдин атынан Келе Жатканга даңк!” деп айтканыңа чейин, Мени көрбөйсүң».

**24-БӨЛҮМ**

**Ыйса Зайтун тоосунда**

1 Ыйса ийбадатканадан чыгып кетип бара жатканда, ийбадаткананын имараттарын көрсөтүш үчүн, шакирттери жанына келишти.

2 Ыйса аларга: «Булардын баарын көрүп турасыңарбы? Силерге чындыкты айтып коёюн, бул жерде таш үстүндө таш калбайт, баары кыйратылат», – деди.

**Теңирдин экинчи жолку келүүсү**

3 Ыйса Зайтун тоосунда отурганда, шакирттери жанына келип: «Бизге айтып берчи, бул качан болот? Сенин келер убактыңды жана дүйнөнүн акыры келип калганын кандай белгилер аркылуу билсе болот?» – деп сурашты.

4 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Силерди бирөө адаштырып кетпес үчүн, сак болгула.

5 Анткени: “Машайак Менмин”, – деп, Менин ысымымды жамынып көптөр келип, көп адамдарды адаштырышат.

6 Ошондой эле алыс жана жакын жерде болуп жаткан согуштар жөнүндө угасыңар. Бирок коркпогула! Анткени булардын баары болушу керек, бирок бул дүйнөнүн акыры эмес!

7 Бир элге бир эл, бир падышачылыкка бир падышачылык каршы көтөрүлөт. Жер-жерлерде ачарчылык, жугуштуу оорулар жана жер титирөөлөр болот.

8 Булардын баары кыйынчылыктардын башталышы гана.

9 Ошондо силерди кыйнашат, өлтүрүшөт. Менин ысымым үчүн бардык элдерге жек көрүндү болосуңар.

10 Ошондо көптөр азгырылышат, бири-бирине чыккынчылык кылышат, бири-бирин жек көрүшөт.

11 Көптөгөн жалган пайгамбарлар чыгып, көптөрдү адаштырат.

12 Тартипсиздиктин көбөйүү себебинен көбүндө сүйүүнүн ысыгы кайтат.

13 Акырына чейин чыдаган адам куткарылат.

14 Асман Падышачылыгы жөнүндөгү бул Жакшы Кабар бүт ааламга, бардык элдерге күбөлөндүрүү катары таратылат, ошондон кийин дүйнөнүн акыры келет.

**Келе турган улуу кайгы**

15 Окуган адам түшүнүп алсын: ошентип, Даниел пайгамбар аркылуу айтылган кыйратуучу жийиркенич ыйык жайда турганын көргөнүңөрдө,

16 Жүйүт аймагындагылар тоолорго качып кетишсин.

17 Ким үйдүн үстүндө болсо, ал үйүнөн бир нерсе алуу үчүн түшпөсүн.

18 Ким талаада болсо, ал кийимдерин алуу үчүн, артка кайтпасын.

19 Ошол күндөрү кош бойлуу жана эмчекте баласы бар аялдарга кыйын болот.

20 Качууңар кышка же ишемби күнүнө туура келип калбас үчүн, сыйынгыла.

21 Анткени ошондо жер жаралгандан тартып, азыркыга чейин болбогон жана андан кийин да болбой турган чоң алаамат болот.

22 Эгерде ал күндөр кыскартылбаса, эч бир адам куткарылмак эмес. Ал күндөр тандалгандар үчүн гана кыскартылат.

23 Эгерде ошондо кимдир бирөө силерге: “Машайак мына, бул жерде” же “Тигине, тигил жерде”, – десе, ишенбегиле.

24 Анткени жалган машайактар, жалган пайгамбарлар чыгат. Мүмкүн болсо тандалгандарды да адаштыруу үчүн, чоң жышаандарды жана ажайыптарды көрсөтүшөт.

25 Мына, Мен силерге алдын ала айттым.

26 Ошондуктан, эгерде силерге: “Мына, Ал ээн талаада”, – дешсе, чыкпагыла; “Мына, Ал ички бөлмөдө”, – дешсе, ишенбегиле.

**Ыйса Теңирдин даңк менен келүүсү**

27 Анткени Адам Уулу чыгыштан батышка чейин жарк этип көрүнгөн чагылган сыяктуу келет.

28 Өлүк кайсы жерде болсо, жору-кузгун ошол жерге чогулат.

29 Ошол күндөрдөгү алааматтан кийин күн караңгылап, ай өз жарыгын бербей калат. Асмандан жылдыздар түшүп, асман күчтөрү кыймылдайт.

30 Ошондо асмандан Адам Уулунун жышааны көрүнөт. Жер үстүндөгү бардык элдер боздошот жана Адам Уулунун асмандагы булуттар үстүндө улуу күч жана даңк менен келе жатканын көрүшөт.

31 Ал чоң сурнай тарткан периштелерин жиберет, алар Кудай тандап алган адамдарды төгөрөктүн төрт бурчунан чогултушат.

**Анжыр дарагына салыштыруу**

32 Анжыр дарагынан сабак алгыла: анын бутактары көөп, бүчүр байлап калганда, жай келерине аз калганын билесиңер.

33 Ошол сыяктуу эле силер да мунун баарын көргөнүңөрдө, аз убакыт калганын, босогодо турганын билсеңер болот.

34 Силерге чындыкты айтып коёюн, мунун баары болмоюнча, бул муун жок болуп кетпейт.

35 Асман менен жер жок болуп кетет, Менин сөздөрүм болсо жок болбойт.

36 Ал күн жана саат жөнүндө Атамдан башка эч ким билбейт, асмандагы периштелер да билбейт.

37 Адам Уулу келген убакта Нухтун убагындагыдай болот.

38 Топон сууга чейин, Нух кемеге кирген күнгө чейин, адамдар ичип-жешкен, аял алышкан, күйөөгө тийишкен.

39 Топон суу каптап, баарын жок кылганга чейин ойлонушкан эмес. Адам Уулу келгенде да ошондой болот.

40 Ошондо талаада жүргөн эки кишинин бири алынат, бири калтырылат.

41 Жаргылчак тартып отурган эки аялдын бири алынат, бири калтырылат.

**Ыйсанын экинчи жолку келүүсүн күтүү жөнүндө**

42 Ошондуктан сергек болгула, анткени Теңириңердин кайсы убакта келерин билбейсиңер.

43 Ууру түндүн кайсы убагында келерин үй ээси билсе, сак болуп, ууруга үйүнүн түбүн каздыртмак эместигин билесиңер.

44 Ошондуктан силер да даяр болгула. Анткени Адам Уулу силер күтпөгөн убакта келет.

45 Кулдардын тамагын өз убагында берип турсун деп, кожоюн дайындаган ишенимдүү жана акылдуу кул ким?

46 Кожоюну кайтып келгенде, иштеп жаткан кул бактылуу.

47 Силерге чындыкты айтып коёюн, кожоюн өзүнүн бүт мал-мүлкүн ал кулга ишенип тапшырат.

48 Кулу жаман чыгып, “Кожоюнум жакында келбейт”, – деп ойлоп,

49 жолдошторун уруп-сабап, шарапкорлор менен ичип-жей баштаса,

50 кулдун кожоюну ал күтпөгөн күнү, ал ойлобогон убакта келет да,

51 аны бөлө чаап, эки жүздүүлөргө тиешелүү жаза менен жазалайт. Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот.

**25-БӨЛҮМ**

**Он кыз жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

1 Ошондо Асман Падышачылыгын бул нерсеге салыштырса болот: он кыз колдоруна чырактарын алып, күйөөнү утурлап чыгышат.

2 Алардын бешөө акылдуу, бешөө акылсыз эле.

3 Акылсыздары чырактарын ала чыгышканы менен, майын албай чыгышат.

4 Акылдуулары болсо чырактары менен кошо идиштерине май да ала чыгышат.

5-6 Күйөө кечиккенинен улам, баары үргүлөп, уктап калышат. Бирок түн ортосунда “Күйөө келе жатат, аны тосуп чыккыла” деген кыйкырык чыгат.

7 Ошондо кыздар тура калып, чырактарын оңдошот.

8 Акылсыздары акылдууларга: “Чырактарыбыз өчүп баратат, бизге майыңардан кайрылышкылачы”, – дешет.

9 Акылдуулар: “Бизге да, силерге да жетпей калбашы үчүн, сатуучуларга барып, сатып алгыла”, – дешет.

10 Алар май сатып алганы кеткенде, күйөө келип калат. Даяр турган кыздар аны менен бирге үйлөнүү тоюна киришет, алардын артынан эшиктер жабылат.

11 Андан кийин берки кыздар келип: “Кожоюн! Кожоюн! Эшикти ач!” – дешет.

12 Ал: “Силерге чындыкты айтып коёюн, Мен силерди таанybайм”, – деп жооп берет.

13 Ошондуктан сергек болгула, себеби Адам Уулунун келер күнүн да, саатын да билбейсиңер.

**Таланттар жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

14 Асман Падышачылыгын бул нерсеге салыштырса болот: бир адам бөтөн жерге кетип жатып, кулдарын чакырып, аларга акча-каражатын тапшырат:

15 ар бирөөнүн алына жараша: бирине беш, бирине эки, бирине бир талант берип, жолго чыгат.

16 Беш талант алганы дароо барып, акчаны айландырып, беш талант пайда табат.

17 Эки талант алганы да эки талант пайда табат.

18 Бир талант алганы болсо барат да, кожоюнунун акчасын жерге көөмп коёт.

19 Арадан көп убакыт өткөндөн кийин, кожоюн келип, кулдардан эсеп-кысап талап кылат.

20 Беш талант алганы дагы беш талант алып келип: “Кожоюн! Сен мага беш талант бердиң эле, мына, беш талант пайда таптым”, – дейт.

21 Кожоюну ага: “Жарайсың, ишенимдүү, жакшы кул! Кичинекей иште ишенимдүүлүк көрсөттүң, сени чоң ишке коём. Кожоюнуңдун кубанычына ортоктош бол”, – дейт.

22 Эки талант алганы да келип: “Кожоюн! Сен мага эки талант бердиң эле, мына, эки талант пайда таптым”, – дейт.

23 Кожоюну ага: “Жарайсың, ишенимдүү, жакшы кул! Кичинекей иште ишенимдүүлүк көрсөттүң, сени чоң ишке коём. Кожоюнуңдун кубанычына ортоктош бол”, – дейт.

24 Бир талант алганы келип: “Кожоюн! Сенин экпеген жерден оруп, сеппеген жерден жыйнаган ырайымсыз адам экениңди билгем.

25 Коркконумдан, берген талантыңды жерге көөмп койгом. Мына, бергениңди ал!” – дейт.

26 Кожоюну ага мындай деп жооп берет: “Жаман, жалкоо кул! Экпеген жерден оруп, сеппеген жерден жыйнаган адам экенимди билесиң.

27 Ошон үчүн менин күмүшүмдү пайызга берип коюшуң керек эле. Мен келип, кирешеси менен алат элем.

28 Мунун колунан талантты алгыла да, он таланты бар кулга бергиле.

29 Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет, аныкы мол болот. Ал эми кимде жок болсо, андан колунда болгон нерсеси да тартылып алынат.

30 Бул пайдасыз кулду сырттагы караңгылыкка ыргытып жибергиле. Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот”». Ыйса муну айткандан кийин: «Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун», – деди.

**Ыйса Теңирдин сот жүргүзүүсү**

31 Адам Уулу Өз атак-даңкы менен, Өзүнүн бардык периштелери менен келгенде, Өзүнүн даңктуу тактысына отурат.

32 Бардык эл Анын алдына чогулат. Койчу койлорду эчкилерден бөлүп алгандай эле, Ал адамдарды экиге бөлөт.

33 Койлорду Өзүнүн оң жагына, эчкилерди сол жагына коёт.

34 Анан Падыша Өзүнүн оң жагында тургандарга мындай дейт: “Атамдын батасын алгандар, келгиле. Дүйнө жарала электе эле силер үчүн даярдалган Падышачылыкты мураска алгыла.

35 Анткени Мен ачка болгондо, тамак, суусаганда, суу бердиңер. Жолоочу болгонумда, силер Мени кабыл алдыңар.

36 Жылаңач болгонумда, силер Мени кийинттиңер. Ооруганымда, силер Мага келдиңер. Түрмөдө отурганымда, силер Мага келдиңер”.

37 Ошондо адил адамдар Ага мындай деп жооп беришет: “Теңир! Качан биз Сенин ачка болгонуңду көрүп, тамак бердик эле? Качан биз Сенин суусаганыңды көрүп, суу бердик эле?

38 Качан биз Сенин жолоочу болгонуңду көрүп, кабыл алдык эле? Качан биз Сенин жылаңач болгонуңду көрүп, кийинттик эле?

39 Качан биз Сенин ооруп жатканыңды же түрмөдө отурганыңды көрүп, Сага келдик эле?”

40 Падыша аларга мындай деп жооп берет: “Силерге чындыкты айтып коёюн, Менин бул кичине бир туугандарымдын бирине жакшылык кылганыңар, Мага кылганыңар”.

41 Анан сол жагындагыларга мындай дейт: “Каргышка калгандар, Менин жанымдан кеткиле! Шайтан менен анын жиндери үчүн даярдалган түбөлүк отко түшкүлө.

42 Анткени Мен ачка болгондо, силер Мага тамак берген эмессиңер. Суусаганымда, суу берген эмессиңер.

43 Жолоочу болгонумда, силер Мени кабыл алган эмессиңер. Жылаңач болгонумда, кийинткен эмессиңер. Ооруганымда, түрмөдө отурганымда, силер Мага келген эмессиңер”.

44 Ошондо алар Андан: “Теңир! Сенин ачка болгонуңду, суусаганыңды, ооруганыңды, түрмөдө отурганыңды биз качан көрдүк эле, качан Сага кызмат кылбай койдук эле?” – деп сурашат.

45 Ал болсо аларга мындай деп жооп берет: “Силерге чындыкты айтып коёюн, Менин бул кичине бир туугандарымдын бирине жакшылык кылбаганыңар, Мага кылбаганыңар”.

46 Булар түбөлүккө азап чегишет, адил адамдар болсо түбөлүк өмүргө ээ болушат».

**26-БӨЛҮМ**

**Ыйсаны өлтүрүү жөнүндө чыгарылган чечим**

1 Бул сөздөрдү айткандан кийин, Ыйса шакирттерине мындай деди:

2 «Эки күндөн кийин Пасах майрамы болорун билесиңер. Адам Уулун айкаш жыгачка кадаш үчүн, адамдардын колуна салып беришет».

3 Ошол убакта башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдар Кайапа деген башкы ыйык кызматчынын үйүнө чогулуп,

4 Ыйсаны амалкөйлүк менен колго түшүрүп, өлтүрүү жөнүндө кеңешишти.

5 Бирок алар: «Эл козголоң чыгарбашы үчүн, муну майрам күндөрү ишке ашырууга болбойт», – дешти.

**Мариям Ыйсанын башына жыпар жыттуу майды куят**

6 Ыйса Бетаниядагы пес оорулуу Шымондун үйүндө эле.

7 Бир аял айнек идишке кымбат баалуу жыпар жыттуу май алып келип, дасторкондо отурган Ыйсанын башына куйду.

8 Шакирттери муну көргөндө: «Мындай ысырапчылыктын эмне кереги бар.

9 Муну кымбат баада сатып, акчасын жакырларга таратып берсе болот эле да», – деп, нааразы болушту.

10 Ыйса муну билип, аларга мындай деди: «Эмнеге аялды оңтойсуздандырып жатасыңар? Ал Мен үчүн жакшы иш кылды.

11 Анткени Мен силер менен дайыма эле боло бербейм, жардылар болсо дайыма жаныңарда болот.

12 Жыпар жыттуу майды денеме куюу менен, ал Мени көргө коюуга даярдады.

13 Силерге чындыкты айтып коёюн, бул Жакшы Кабар дүйнөнүн кайсы гана жеринде таратылбасын, бул аял эске алынып, анын кылганы жөнүндө да айтылат».

**Жүйүт Искариоттун Ыйсага чыккынчылык кылышы**

14 Ошондо он эки шакирттин бири Жүйүт Искариот башкы ыйык кызмат кылуучуларга барып:

15 «Аны колуңарга салып берсем, мага эмне бересиңер?» – деди. Алар ага отуз күмүш тыйын сунуш кылышты.

16 Ошол убакыттан тартып, Жүйүт Ыйсаны алардын колуна салып берүү үчүн, ыңгайлуу учурду күтүп жүрдү.

**Пасах тамагын даярдоо**

17 Ачыткысыз нан майрамынын биринчи күнү шакирттер Ыйсанын жанына келип: «Пасах тамагын Сага кайсы жерге даярдап берүүбүздү каалайсың?» – деп сурашты.

18 Ыйса аларга мындай деди: «Шаардагы баланчаныкына баргыла да: “Устат мындай дейт дегиле: "Менин убактым келип калды. Шакирттерим менен чогуу сеникинде Пасах майрамын өткөрөм"”».

19 Шакирттер Ыйса буйругандай кылып, Пасах тамагын даярдашты.

**Акыркы Кечки Тамак**

20 Кеч киргенде, Ыйса он эки шакирти менен дасторконго отурду.

21 Тамак ичип отурушканда, Ыйса аларга: «Силерге чындыкты айтып коёюн, араңардан бирөө Мага чыккынчылык кылат», – деди.

22 Буга аябай капа болгон алардын ар бири: «Мен эмесминби, Теңир?» – деп сурай баштады.

23 Ыйса аларга: «Мени менен бирге табакка колун салган адам Мага чыккынчылык кылат, – деп жооп берди.

24 Дегинкиси, Адам Уулу жөнүндө Ыйык Жазууда кандай жазылса, ошондой болуп жатат. Бирок Адам Уулуна чыккынчылык кылган адамга кайгы. Ал адам төрөлбөй эле койсо жакшы болмок».

25 Ошондо чыккынчылык кылган Жүйүт да: «Мен эмесминби, Устат?» – деп сурады. Ыйса ага: «Өзүң айтып жатасың», – деди.

**Теңир осуят кылган Кечки Тамак**

26 Тамак ичип отурушканда, Ыйса нан алып, Кудайга ыраазычылык билдирди. Андан кийин нанды сындырып, шакирттерине берип жатып: «Алгыла, жегиле. Бул Менин Денем», – деди.

27 Анан чөйчөктү алып, Кудайга ыраазычылык билдирди да, аны шакирттерине узатып жатып, мындай деди: «Баарыңар мындан ичкиле.

28 Анткени бул – көптөрдүн күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн төгүлүп, жаңы келишимди бекитe турган Менин каным.

29 Силерге айтып коёюн, Атамдын Падышачылыгында силер менен жаңы шарап ичер күн келгенге чейин, Мен мындан ары жүзүм ширесинен ичпейм».

**Ыйсанын Петирдин баш тартарын алдын ала айтышы**

30 Кудайды даңктап ырдашкандан кийин, алар Зайтун тоосуна жөнөштү.

31 Ошондо Ыйса шакирттерине мындай деди: «Ушул түнү баарыңар Менден шектенесиңер. Анткени Ыйык Жазууда: "Койчуну жок кылам, ошондо койлор туш-тушка чачырап кетет", – деп жазылган.

32 Бирок Мен тирилгенден кийин, силерди Галилеядан тосуп алам».

33 Петир Ага: «Баары Сенден шектенишсе да, Мен эч качан шектенбейм», – деди.

34 Ыйса ага мындай деди: «Сага чындыкты айтып коёюн, ушул түнү, короз кыйкырганга чейин, сен Менден үч ирет баш тартасың».

35 Петир Ага: «Сени менен бирге өлүшүм керек болсо да, мен Сенден баш тартпайм», – деди. Ушундай сөздөрдү башка шакирттер да айтышты.

**Ыйса Гетсемани багында**

36 Анан Ыйса шакирттери менен Гетсемани деген жерге келип, аларга: «Мен тигил жакка барып сыйынып келгиче, ушул жерде отура тургула», – деди.

37 Ал Петир менен Зебедейдин эки уулун жанына ээрчитип алды. Анын көңүлү чөгүп, жаны кейип турду.

38 Ыйса аларга: «Жаным аябай кыйналып турат. Бул жерде калып, Мени менен бирге сергек болгула», – деди.

**Биринчи сыйынуу**

39 Анан Ал бир аз нарыраак барып, жүзтөмөндөп жыгылып, сыйына баштады: «Ата! Мүмкүн болсо, ушул чөйчөк Менин жанымдан кыя өтүп кетсинчи. Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун».

40 Кайтып келип, шакирттеринин уктап жатканын көрдү да, Петирге мындай деди: «Жада калса, бир саат Мени менен бирге сергек болуп тура албадыңарбы?

41 Азгырылып кетпеш үчүн, сергек болгула жана сыйынгыла, анткени рух сергек, дене алсыз».

**Экинчи сыйынуу**

42 Анан четке чыгып, дагы сыйынды: «Ата! Бул чөйчөктүн Менден кыя өтүп кетиши мүмкүн эмес болсо, эгерде Мен андан ичишим керек болсо, анда Сен каалагандай болсун».

43 Кайтып келип, алардын кайра уктап калганын көрдү, анткени аларды уйку басып жаткан эле.

**Үчүнчү сыйынуу**

44 Нарыраак барып, ошол эле сөздөрдү айтып, үчүнчү ирет сыйынды.

45 Анан шакирттеринин жанына келип, мындай деди: «Силер дагы эле уктап, эс алып жатасыңарбы? Мына, убакыт келип калды, Адам Уулун күнөөкөрлөрдүн колуна салып беришет.

46 Тургула, кетели. Мына, Мага чыккынчылык кыла турган адам жакын келип калды».

**Жүйүттүн Ыйсаны кармап бериши**

47 Ал сөзүн айтып бүткүчө, он эки шакирттин бири Жүйүт келип калды. Анын жанында башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдар жиберген, кылыч, союл көтөргөн бир топ адам бар эле.

48 Ыйсага чыккынчылык кылуучу болсо: «Мен кимди өпсөм, Ал – Ошол. Ошону кармагыла», – деди да,

49 ошол замат Ыйсанын жанына келип: «Салам, Устат!» – деп, Аны өптү.

50 Ыйса болсо ага: «Досум, эмне үчүн келдиң?» – деди. Ошондо жиберилген адамдар жакын келип, Аны кармап алышты.

51 Ыйсанын жанында жүргөндөрдүн бири кылычын сууруп алып, башкы ыйык кызмат кылуучунун кулунун кулагын шылый чапты.

52 Ошондо Ыйса ага мындай деди: «Кылычыңды кынына сал. Кылыч көтөргөндүн баары кылычтан өлөт.

53 Же, эмне, Атамдан азыр жардам сурап ала албайт деп ойлойсуңбу? Ал Мага он эки түмөндөн көп периштени жиберер.

54 Ушундай болуш керек экендигин билдирген Ыйык Жазуулар анда кантип аткарылмак?»

55 Анан элге кайрылып: «Каракчыны кармачудай болуп, Мени кармаш үчүн, кылыч, союл алып чыктыңарбы? Күн сайын ийбадатканада элди окутуп, силер менен отурганымда, Мени кармаган жок элеңер.

56 Пайгамбарчылыктардын аткарылышы үчүн ушундай болду», – деди. Ошондо шакирттери Аны таштап, качып кетишти.

**Ыйса Кайапанын жана аксакалдардын алдында**

57 Ыйсаны туткундагандар Аны башкы ыйык кызмат кылуучу Кайапанын алдына алып барышты. Ал жерге башкы ыйык кызмат кылуучулар, аксакалдар чогулушкан эле.

58 Петир Аны алыстан ээрчип, башкы ыйык кызмат кылуучунун короосуна чейин келди. Аягы эмне менен бүтөр экен деп, ичкери кирип, сакчылардын жанына отурду.

59 Ыйсаны өлүм жазасына тартуу үчүн, башкы ыйык кызмат кылуучулар жана синедриондогулардын баары жалган күбөлөндүрүү издешти.

60 Жалаа жабуучулар көп келгени менен, Ыйсага айып коё алышкан жок. Акырында эки адам келип, мындай деди:

61 «Бул Адам: “Мен Кудайдын ийбадатканасын бузуп, аны кайра үч күндүн ичинде тургуза алам”, – деп айткан».

62 Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу ордунан туруп: «Эмне жооп бербейсиң? Булардын Сага каршы айткан айыптоолоруна эмне дейсиң?» – деди.

63 Ыйса үндөгөн жок. Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу Ага: «Тирүү Кудайдын алдында айт, Теңирдин Уулу Машайак Сенсиңби?» – деди.

64 Ыйса Ага: «Өзүң айтып турасың. Бирок Мен айтып коёюн, Адам Уулунун кудуреттүү Кудайдын оң жагында отурганын жана асмандагы булут үстүндө келе жатканын көрөсүңөр», – деди.

65 Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу өзүнүн кийимин айрып жиберип, мындай деди: «Бул Кудайга акарат келтирип жатат! Бизге дагы кандай күбөлөр керек? Мына, Анын Кудайга акарат келтиргенин азыр өзүңөр уктуңар!

66 Буга эмне дейсиңер?» Алар: «Өлүм жазасына татыктуу», – деп жооп беришти.

67 Ошондо Анын бетине түкүрүштү, сабашты. Кээ бирөөлөр жаакка чаап:

68 «Кана, пайгамбарчылык кылчы, Машайак, Сени ким урду?» – дешти.

**Петирдин Ыйсаны танып кетиши**

69 Сыртта, короодо отурган Петирдин жанына бир күң келип: «Сен да галилеялык Ыйса менен чогуу жүрбөдүң беле», – деди.

70 Бирок Петир баарынын алдында: «Сенин эмнени айтып жатканыңды билбейм», – деп танып койду.

71 Дарбазадан чыкканда, аны башка бир күң көрүп, ошол жерде тургандарга: «Бул да назареттик Ыйса менен чогуу жүргөн болчу», – деди.

72 Петир карганып: «Ал Адамды тааныбайм», – деп, дагы танып койду.

73 Бир аз убакыттан кийин, ошол жерде тургандар Петирге келип: «Чын эле, сен да ошолордон экенсиң. Сүйлөгөнүңөн эле билинип турат», – дешти.

74 Петир ого бетер карганып: «Ал Адамды тааныбайм», – деди. Ошол маалда короз кыйкырды.

75 Ыйсанын «Короз кыйкырганга чейин, сен Менден үч жолу баш тартасың» деген сөзү Петирдин эсине түштү. Ошондо ал сыртка чыгып, өксөп ыйлады.

**27-БӨЛҮМ**

**Ыйса Пилаттын алдында**

1 Эртең менен бардык башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдар чогулуп, Ыйсаны өлүм жазасына тартуу үчүн, кеңешме өткөрүштү.

2 Алар Аны байлап алып, башкаруучу Понтий Пилатка алып барышты.

**Жүйүттүн өлүмү**

3 Ыйсага чыккынчылык кылган Жүйүт Анын айыпталганын көргөндө өкүнүп, отуз күмүш тыйынды башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдарга кайта алып келди да:

4 «Күнөөсүз кандын төгүлүшүнө себепкер болуп, күнөө кетирдим», – деди. Алар: «Биздин ишибиз эмне! Өзүң бил», – деп коюшту.

5 Жүйүт күмүш тыйындарды ийбадатканага ыргытып жиберип, ал жерден чыкты да, барып, асынып өлдү.

6 Башкы ыйык кызмат кылуучулар тыйындарды жыйнап алып: «Бул – кандын наркы. Муну ийбадаткананын казынасына салууга болбойт», – дешти.

7 Өз ара акылдашышты да, бөтөн жерликтердин сөөгүн коюу үчүн, ал тыйынга карапачынын жерин сатып алышты.

8 Ошондон улам ал жер бүгүнкү күнгө чейин «Кандуу талаа» деп аталат.

9 Ошондо Жеремия пайгамбардын «Алар ысрайылдыктардын Аны баалаган баасын – отуз күмүш тыйынды алып,

10 Теңир мага айткандай, карапачынын жерин сатып алышты» деп айткан сөзү аткарылды.

**Пилаттын Ыйсаны суракка алышы**

11 Ыйса башкаруучунун алдында турду. Пилат Андан: «Сен жүйүттөрдүн Падышасысыңбы?» – деп сурады. «Өзүң айтып турасың», – деди Ыйса.

12 Айыптап жаткан башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдарга Ыйса такыр жооп берген жок.

13 Ошондо Пилат Ага мындай деди: «Сага каршы кандай күбөлөндүрүүлөрдү айтып жатышканын угуп жатасыңбы?»

14 Бирок Ыйса анын бир да сөзүнө жооп берген жок. Пилат буга аябай таң калды.

**“Ыйсаныбы же Вараввабы?”**

15 Пасах майрамы сайын эл каалаган бир туткунду боштондукка чыгарууну башкаруучу адат кылып алган эле.

16 Ошол учурда түрмөдө Варавва деген, атагы чыккан бир туткун бар болчу.

17 Баары чогулганда, Пилат мындай деди: «Кимди бошотушумду каалайсыңар, Вараввабы же Машайак аталган Ыйсаныбы?»

18 Анткени Аны көрө албастыктан улам кармап беришкенин Пилат билчү.

19 Пилат сот тагында отурганда, аялынан «Ал адил Адамга тие көрбө, анткени мен түндө түшүмдө Ал үчүн аябай кыйналып чыктым» деген кабар келди.

20 Ошол учурда башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдар: «Варавваны сурагыла, Ыйса өлүм жазасына тартылсын», – деп, элди көндүрүп жатышты.

21 Пилат алардан: «Экөөнүн кимисин бошотуп берүүмдү каалайсыңар?» – деп сурады. «Варавваны», – дешти алар.

22 «Анда Машайак аталган Ыйсаны эмне кылайын?» деген Пилатка баары бир ооздон: «Ал айкаш жыгачка кадалсын!» – деп жооп беришти.

23 Башкаруучу: «Ал кандай жаман иш кылды эле?» – десе, алар: «Кадалсын!» – деп, ого бетер катуу кыйкырышты.

24 Эч нерсе жардам бербестигин, тескерисинче, ызы-чуу күчөп бараткanын көргөн Пилат суу алып, элдин алдында колун жууду да, мындай деди: «Бул адил Адамдын каны үчүн Мен күнөөлүү эмесмин. Өзүңөр билгиле».

25 Элдин баары: «Анын каны биздин жана биздин балдарыбыздын мойнунда болсун», – деп жооп беришти.

26 Ошондо Пилат аларга Вараввaны бошотуп берди. Ыйсаны болсо камчы менен сабаткандан кийин, айкаш жыгачка кадатуу үчүн, аскерлердин колуна тапшырды.

**Ыйсанын кордолушу**

27 Башкаруучунун аскерлери Ыйсаны падыша сарайына алып келишти да, бүт аскер бөлүгүн Анын тегерегине чогултушту.

28 Ыйсанын кийимин чечип алып, падышалар кийүүчү кочкул кызыл чапан кийгизишти.

29 Тикенектен таажы өрүп, башына кийгизип, оң колуна таяк карматышты да, алдына тизе бүгүп: «Салам, жүйүттөрдүн Падышасы!» – деп келекелешти.

30 Ага түкүрүштү, чыбык менен башка чапкылашты.

31 Келекелешкенден кийин, Андан падышалар кийүүчү кочкул кызыл чапанды чечип алып, Өз кийимин кийгизишти. Анан Аны айкаш жыгачка кадоо үчүн алып жөнөштү.

32 Жолдо алар киренеялык Шымон деген адамды учуратып, Ыйсанын айкаш жыгачын мажбурлап көтөртүп коюшту.

**Ыйсанын айкаш жыгачка кадалышы**

33 Ошентип, алар Голгофа деген жерге келишти. Эврей тилиндеги бул сөз «Баш сөөгү» деп которулат.

34 Ага өт кошулган шарап беришти. Ал анын даамын татып көрүп, ичпей койду.

**Мыйзамдын Машайак аркылуу аткарылышы**

35 Аны айкаш жыгачка кадап коюшкандан кийин, кийимдери үчүн өкчөмө таш ыргытып, өз ара бөлүп алышты.

36 Андан кийин ошол жерге отуруп, Аны күзөтүштү.

37 Баш жагына «Бул – жүйүттөрдүн Падышасы Ыйса» деп жазылган, Анын айыбын көрсөткөн тактайчаны илип коюшту.

38 Ыйсанын жанына эки кылмышкер да айкаш жыгачка кадалды: бири Анын оң жагына, бири сол жагына.

39 Ал жерден өтүп бара жаткандар баштарын чайкап:

40 «Ии, ийбадаткананы бузуп, үч күндө Тургузуучу! Эгерде Кудайдын Уулу болсоң, куткар Өзүңдү! Түш айкаш жыгачтан!» – деп, тилдеп жатышты.

41 Башкы ыйык кызмат кылуучулар да мыйзам окутуучулар жана аксакалдар менен бирге Аны мындай деп шылдыңдашты:

42 «Башкаларды куткарды, Өзүн болсо куткара албайт! Эгерде Ал Ысрайылдын Падышасы болсо, айкаш жыгачтан түшсүн, ошондо биз Ага ишенели.

43 Ал Кудайдан үмүттөнчү эмес беле. Эгерде Ал Кудайга жакса, Кудай Аны куткарып алсын. Анткени Ал: “Кудайдын Уулумун”, – дебеди беле».

44 Анын жанындагы айкаш жыгачтарга кадалган кылмышкерлер да Аны тилдеп жатышты.

**Ыйсанын өлүмү**

45 Алтынчы сааттан тогузунчу саатка чейин бүт жерди караңгылык басып турду.

46 Тогузунчу саат чамасында Ыйса: «Эли, Эли, лама шабактани?» – деп, катуу кыйкырды. Бул «Кудайым ай, Кудайым ай! Мени эмнеге жалгыз калтырдың?» деп которулат.

47 Ал жерде тургандардын кээ бирөөлөрү муну укканда: «Ал Илиясты чакырып жатат», – дешти.

48 Алардын бири дароо жүгүрүп барып, соргуч алып келди. Аны ачуу ичимдикке малып, таяктын учуна илип, Ыйсанын оозуна жакындатты.

49 Кээ бирөөлөр болсо: «Коё тур, Илияс келип, Аны куткарар бекен, көрөлү», – деп жатышты.

50 Ыйса дагы бир ирет үнүн катуу чыгарып, жан берди.

51 Ошол учурда ийбадаткананын көшөгөсү жогорудан ылдый айрылып, экиге бөлүнүп калды. Жер титиреп, аскалар жарылды.

52 Мүрзөлөр ачылып, ыйык маркумдар тирилишти.

53 Алар мүрзөлөрүнөн чыгып, Ыйса тирилгенден кийин, ыйык шаарга кирип, көп адамдарга көрүнүштү.

54 Жүз башы менен бирге Ыйсаны күзөткөн аскерлер жер титирөөнү, болуп жаткан окуяларды көрүшкөндө, үрөйлөрү учуп: «Бул чын эле Кудайдын Уулу болчу», – дешти.

55 Ал жерде Галилеядан бери Ыйсага кызмат кылып ээрчип келген аялдар да бар эле. Алар алыстан карап турушту.

56 Алардын арасында магдалалык Мариям, Жакып менен Жусуптун энеси Мариям жана Зебедей уулдарынын энеси бар болчу.

**Ыйсаны көргө коюу**

57 Кеч киргенде, ариматаялык Жусуп деген бир бай адам келди. Ал да Ыйсанын шакирттеринен эле.

58 Ал Пилатка келип, Ыйсанын сөөгүн сурады. Пилат сөөктү берүүнү буйруду.

59 Жусуп сөөктү алып, таза болотнай менен кепиндеди.

60 Анан ал аны асканын бооруна оюлган өзүнүн жаңы мүрзөсүнө алып барып койду. Мүрзөнүн оозун бир чоң ташты тоголотуп келип жапты да, кетип калды.

61 Магдалалык Мариям менен дагы бир Мариям ошол жерде, мүрзөнүн маңдайында отурушкан.

**Мүрзөнү кайтаруу**

62 Эртеси, ишемби күнү башкы ыйык кызмат кылуучулар менен фарисейлер Пилаттын алдына чогулуп, мындай дешти:

63 «Мырза! Жанагы алдамчынын тирүү кезинде: "Үч күндөн кийин тирилем", – дегени эсибизге түшүп жатат.

64 Ошондуктан мүрзөнү үч күн кайтарууга буйрук бер. Шакирттери түн жамынып келип, сөөгүн уурдап кетип, элге: "Ал өлүп, кайра тирилди", – деп айтышпасын. Ошондо бул акыркы калп мурункудан да жаман болот».

65 Пилат аларга: «Сакчыларды алгыла да, барып, каалаганыңардай кайтарып алгыла», – деп койду.

66 Алар барып, ташка мөөр басышты да, мүрзөнүн жанына сакчыларды коюшту.

**28-БӨЛҮМ**

**Ыйса Машайактын тирилүүсү жана ошол күнкү окуялар**

1 Ишемби күнү өткөндөн кийин, жуманын биринчи күнү таң заардан магдалалык Мариям менен башка Мариям мүрзөнү көргөнү келишти.

2 Ошол учурда катуу жер титирөө болду, анткени Теңирдин бир периштеси асмандан түшүп келди. Ал мүрзөнүн оозундагы ташты жылдырып, таштын үстүнө отурду.

3 Анын көрүнүшү чагылгандын жарыгындай, кийими кардай аппак эле.

4 Күзөттө тургандардын үрөйү учуп, сенейип катып калышты.

5 Периште болсо аялдарга мындай деп кайрылды: «Коркпогула! Айкаш жыгачка кадалган Ыйсаны издеп жүргөнүңөрдү билем.

6 Ал бул жерде жок. Өзү айткандай, Ал тирилди. Келип, Анын жаткан жерин карап көргүлө.

7 Анан тезирээк барып, Анын шакирттерине: "Ал өлүп, кайра тирилди! Ал силерди Галилеядан тосуп алат, Аны ошол жерден көрөсүңөр", – деп айткыла. Силерге айтарым ушу».

8 Аялдар мүрзөдөн шашкан бойдон чыгышты да, ары коркуп, ары аябай кубанып, шакирттерге кабарлаганы чуркап жөнөштү.

9 Шакирттерге кабарлаганы бара жатышканда, Ыйса алардын алдынан чыгып: «Салам!» – деди. Алар жакын келип, Ыйсанын бутун кучактай жыгылып, Ага таазим кылышты.

10 Ошондо Ыйса аларга: «Коркпогула. Барып, Менин бир туугандарыма кабар бергиле. Галилеяга барышсын, алар Мени ошол жерден көрүшөт», – деди.

**Мүрзө күзөтчүлөрүн акчага сатып алуу**

11 Аялдар жолдо бара жатышканда, кээ бир сакчылар шаарга келип, болуп өткөн окуянын баарын башкы ыйык кызмат кылуучуларга айтып беришти.

12 Башкы ыйык кызмат кылуучулар аксакалдар менен кеңешип, аскерлерге көп акча беришти да,

13 мындай дешти: «Силер: “Биз уктап жатканда, шакирттери келип, Анын сөөгүн уурдап кетишти”, – деп айткыла.

14 Эгерде бул кабар башкаруучуга жетсе, биз аны ынандырып, силерди чатактан куткарып алабыз».

15 Аскерлер акчаны алышты да, алардын айтканындай кылышты. Ошол сөз бүгүнкү күнгө чейин жүйүттөрдүн арасында айтылып келет.

**Улуу тапшырма**

16 Он бир шакирт Ыйса буйругандай, Галилеяга барып, тоого чыкты.

17 Алар Ыйсаны көргөндө, Ага таазим кылышты. Кээ бирөөлөрү болсо шектеништи.

18 Ошондо Ыйса аларга жакын келип, мындай деди: «Асмандагы жана жер үстүндөгү бардык бийлик Мага берилди.

19 Баргыла да, бардык элдерди Мага шакирт кылгыла. Аларды Ата, Уул жана Ыйык Рухтун атынан сууга чөмүлдүргүлө.

20 Силерге буйругандарымдын бардыгын аткарууну аларга үйрөткүлө. Бул дүйнөнүн акырына чейин, бардык убакта Мен силер менен болом». Оомийин.

**МАРК жазган Жакшы Кабар**

**1-БӨЛҮМ**

**Чөмүлдүрүүчү Жакандын кызматы, анын Ыйса жөнүндө күбөлөндүрүшү**

1 Кудайдын Уулу Ыйса Машайактын Жакшы Кабарынын башталышы.

2 Пайгамбарлардын китептеринде: «Мына, Мен Сенден мурун Өзүмдүн периштемди жиберип жатам. Ал Сага жол даярдайт»;

3 «Теңирге жол даярдагыла. Ал үчүн жолдорду түздөгүлө деп, ээн талаада жар салган үн угулат», – деп жазылгандай,

4 чөмүлдүрүүчү Жакан келип, ээн талаада сууга чөмүлдүрүп, мындай деп жар салды: «Күнөөңөр кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, сууга чөмүлдүрүлгүлө».

5 Бүт Жүйүт эли жана бардык иерусалимдиктер ага келип, күнөөлөрүн моюндарына алып, ачык айтып жатышты. Жакан аларды Иордан дарыясына чөмүлдүрүп жатты.

6 Жакан төөнүн жүнүнөн кийим кийип, белине кайыш кур курчанып жүрчү. Ал чегиртке менен жапайы бал жечү.

7 Жакан элге мындай деп жар салды: «Менин артымдан менден Күчтүү келе жатат. Мен эңкейип, Анын бут кийиминин боосун чечүүгө да татыксызмын.

8 Мен силерди сууга чөмүлдүрдүм, Ал болсо Ыйык Рухка чөмүлдүрөт».

**Ыйсанын сууга чөмүлдүрүлүшү**

9 Ошол күндөрдө Галилеянын Назарет шаарынан Ыйса келип, Жакан тарабынан Иордан суусуна чөмүлдүрүлдү.

10 Ал суудан чыкканда, (Жакан) ачылган асманды жана Рухтун көгүчкөн сыяктуу Ага түшүп келе жатканын көрдү.

11 Ошондо асмандан «Сен Менин сүйүктүү Уулумсуң. Мен Сага ыраазымын» деген үн угулду.

**Ыйсанын сыналуусу**

12 Ошол замат Рух Аны чөлгө алып барды.

13 Ыйса чөлдө кырк күн болуп, шайтан тарабынан сыналды. Ал жырткычтар менен бирге болду. Периштелер Ага кызмат кылышты.

14 Жакан камакка алынгандан кийин, Ыйса Галилеяга келип, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө жар салып:

15 «Убакыт келди, Кудайдын Падышачылыгы жакындап калды. Тобо кылгыла, Жакшы Кабарга ишенгиле», – деди.

**Петир менен Андрейдин чакырылышы**

16 Ыйса Галилея көлүнүн жээги менен бара жатып, көлгө тор салып жаткан Шымонду жана анын бир тууганы Андрейди көрдү. Алар балыкчылар эле.

17 Ошондо Ыйса аларга: «Менин артымдан ээрчигиле, Мен силерди адам кармоочу кылам», – деди.

18 Алар ошол замат торлорун таштап, Анын артынан ээрчип жөнөштү.

19 Бир аз нары баскандан кийин, Ал Зебедейдин уулдары Жакып менен Жаканды көрдү. Алар кайыктын ичинде тор оңдоп отурушкан эле.

20 Ошол замат Ыйса аларды чакырды. Ошондо алар атасы Зебедейди жумушчулары менен кайыкка калтырып, Ыйсанын артынан ээрчип жөнөштү.

**Ыйсанын жиндерди кууп чыгаруусу**

21 Алар Капернаумга келишти. Ыйса ишемби күнү синагогага кирип, элди окутту.

22 Эл Анын окутуусуна таң калды. Анткени Ыйса аларды мыйзам окутуучулардай эмес, бийлиги бар адамдай окутту.

23 Алардын синагогасында жин оорулуу бир адам бар эле. Ал ошол замат:

24 «Эй, назареттик Ыйса! Бизде эмне ишиң бар? Сен бизди жок кылганы келдиңби? Сенин ким экениңди билем, Сен Кудайдын Ыйыгысың!» – деп кыйкырды.

25 Бирок Ыйса жинге: «Үнүңдү бас да, анын ичинен чыгып кет!» – деп тыюу салды.

26 Ошондо жин ал адамды калтыратып жана катуу кыйкыртып, анын ичинен чыгып кетти.

27 Бардыгынын үрөйлөрү учуп, бири-бирине: «Бул эмнеси? Бул эмне деген жаңы окутуу?! Ал жиндерге бийлик менен буйрук берип жатат, алар болсо Ага баш ийип жатышат», – дешти.

28 Ал жөнүндөгү кабар Галилеянын туш тарабына тез эле тарап кетти.

**Шымондун кайын энесинин айыгышы**

29 Ыйса синагогадан чыккандан кийин, Жакыпты, Жаканды ээрчитип, түз эле Шымон менен Андрейдин үйүнө келди.

30 Шымондун кайненеси ысытма оорусу менен ооруп жаткан. Ыйсага дароо ал жөнүндө айтышты.

31 Ошондо Ыйса оорулуунун жанына келип, колунан кармап тургузду. Аял ысытма оорусунан ошол замат айыгып, аларга кызмат кыла баштады.

**Жиндерди кууп чыгаруу жана көптөгөн оорулууларды айыктыруу**

32 Күн батып, кеч киргенде, Ага бардык оорулууларды жана жин оорулууларды алып келишти.

33 Шаардын бардык эли эшиктин алдына чогулду.

34 Ыйса ар кандай оорудан азап чеккен көптөгөн адамдарды айыктырды, көптөгөн адамдардын ичинен жиндерди кууп чыгарды, алардын сүйлөшүнө жол берген жок. Анткени жиндер Анын Машайак экендигин билишчү.

**Ыйсанын Галилеяда насаат айтышы**

35 Эртеси Ыйса таң ата электе туруп, үйдөн чыгып, ээн жерге барып сыйынды.

36 Шымон жана анын жанындагылар Ыйсаны издеп жөнөштү.

37 Аны табышканда: «Бардыгы Сени издеп жатышат!» – дешти.

38 Ыйса аларга: «Жакын жердеги башка кыштактарга, шаарларга баралы. Мен ошол жерлерде да Жакшы Кабар айтышым керек. Анткени Мен ошон үчүн келгем», – деди.

39 Ошентип, Ал бүткүл Галилеяны аралап, алардын синагогаларында элди окутуп, жин оорулуу адамдардан жиндерди кууп чыгарып жүрдү.

**Пес оорулуунун айыгышы**

40 Ыйсага пес оорулуу бир адам келип, тизелеп жыгылды да: «Эгерде Сен кааласаң, мени таза кыла аласың», – деп жалынды.

41 Ыйса боор ооруп, ага колун тийгизди да: «Каалайм, таза бол!» – деди.

42 Ошол замат ал пес оорусунан айыгып, таза болуп калды.

43 Ыйса болсо ага: «Эч кимге эч нерсе айтпагын!» – деп, катуу эскертти да:

44 «Барып, ыйык кызмат кылуучуга көрүн, тазалануун үчүн, Муса буйруган курмандыкты чал. Бул аларга күбөлөндүрүү болсун», – деп, кетирип жиберди.

45 Ал болсо ал жерден кетти да, болгон окуяны элге жая баштады. Ошондуктан Ыйса шаарга ачык кире албай, шаардын сыртындагы ээн жерлерде болду. Ошондо да Ага бардык жерден эл келип жатты.

**2-БӨЛҮМ**

**Шал оорулуунун айыгышы**

1 Бир нече күндөн кийин Ыйса кайрадан Капернаумга келди. Анын үйдө экендиги маалым болор замат,

2 көп эл чогулуп калды, ал эмес, эшиктин алдында да орун калбай калды. Ыйса болсо элге Кудайдын сөзүн айтып жатты.

3 Ошондо төрт киши Ага бир шал оорулууну көтөрүп келди.

4 Алар элдин көптүгүнөн Ыйсага жакын бара алышпай, үйдүн чатырын ачышты да, Ал турган үйдүн төбөсүн тешип, шал оорулууну төшөгү менен түшүрүштү.

5 Алардын ишенимин көргөн Ыйса шал оорулууга: «Балам, күнөөлөрүң кечирилди», – деди.

6 Бул жерде бир нече мыйзам окутуучулар отурушкан эле.

7 Алар: «Эмне үчүн Ал ушинтип айтып жатат? Ал Кудайга акарат келтирип жатат! Күнөөлөрдү бир Кудайдан башка ким кечире алат?» – деп ойлошту.

8 Ошол замат Ыйса руху менен алардын оюн билип: «Эмне үчүн ушинтип ойлоп жатасыңар?

9 Шал оорулууга кайсынысын айткан оңой: "Күнөөлөрүң кечирилди" дегенби же "Ордуңан туруп, төшөгүңдү ал да, баргын" дегенби?

10 Бирок Адам Уулунун жер үстүндө күнөөлөрдү кечирүүгө бийлиги бар экенин билишиңер үчүн, – деди да, анан шал оорулууга –

11 Сага айтамын: Ордуңан туруп, төшөгүңдү ал да, үйүңө бар», – деди.

12 Ал ошол замат ордунан турду да, төшөгүн көтөрүп алып, бардыгынын көз алдында сыртка чыгып кетти. Ошондо бардыгы таң калып: «Биз эч качан мындай нерсени көргөн эмес элек!» – деп, Кудайды даңкташты.

**Лебинин (Матайдын) чакырылышы**

13 Ыйса кайрадан көлдүн жээгине келди. Ошондо элдин баары Анын жанына келди. Ал элди окутту.

14 Ал кетип бара жатып, бажыканада отурган Алпей уулу Лебини көрүп, ага: «Менин артымдан ээрчи», – деди. Леби ордунан туруп, Анын артынан ээрчип жөнөдү.

15 Ыйса Лебинин үйүндө шакирттер, салык жыйноочулар жана күнөөкөрлөр менен бир дасторкондо отурду. Анткени Анын артынан ээрчигендер көп болчу.

16 Фарисейлер менен мыйзам окутуучулар Ыйсанын күнөөкөрлөр жана салык жыйноочулар менен тамактанып отурганын көрүшүп, Анын шакирттеринен: «Эмне үчүн Ал салык жыйноочулар жана күнөөкөрлөр менен чогуу тамактанып жатат?» – деп сурашты.

17 Муну уккан Ыйса аларга: «Дарыгер соо адамдарга эмес, оорулууларга керек. Мен тобо кылууга адил адамдарды эмес, күнөөкөрлөрдү чакырганы келдим», – деди.

**Орозо жөнүндө суроо**

18 Жакандын шакирттери менен фарисейлер орозо кармашчу. Алар Ыйсага келип: «Жакандын жана фарисейлердин шакирттери орозо кармашат, эмне үчүн Сенин шакирттериң орозо кармашпайт?» – деп сурашты.

19 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Күйөө үйлөнүү тоюндагылардын жанында болгондо, алар орозо кармашмак беле? Алар орозо кармашпайт, азырынча Күйөө алардын жанында!

20 Бирок Күйөө алардын жанынан алынып кете турган да күндөр келет, алар ошол күндөрү орозо кармашат.

**Кийим жана чанач жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

21 Эч ким эски кийимге жаңы кездемеден жамаачы салбайт. Анткени жаңы кездемеден салынган жамаачы эски кийимден чычылып калат да, жыртык ого бетер чоңоюп кетет.

22 Эч ким эски чаначка жаңы шарап куйбайт. Анткени чанач айрылып, шарап төгүлөт, чанач жараксыз болуп калат. Тескерисинче, жаңы шарапты жаңы чаначка куюу керек».

**Ыйса – ишемби күндүн да Кожоюну**

23 Ишемби күндөрүнүн биринде Ыйса эгин талаасынан өтүп бара жатты. Анын шакирттери жолдо бара жатканда, буудайдын баштарын үзүп ала баштаашты.

24 Ошондо фарисейлер Ыйсага: «Карачы, эмне үчүн алар ишемби күнү кылууга болбой турган ишти кылып жатышат?» – дешти.

25 Ыйса аларга: «Дөөт муктаж болуп, өзү да, жанындагылар да ачка болушканда, эмне кылганын силер таптакыр окуган жок белеңер?

26 Ыйык кызмат кылуучу Абыйатардын убагында ал Кудай үйүнө кирип, ыйык кызмат кылуучулардан башка эч кимге жегенге болбой турган нан курмандыгынан жеп, жанындагы кишилерге да бербеди беле», – деди.

27 Анан аларга: «Адам ишемби күн үчүн эмес, ишемби күн – адам үчүн!

28 Ошондуктан Адам Уулу – ишембинин да кожоюну», – деди.

**3-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын ишемби күнү бир колу шал болуп калган адамды айыктырышы**

1 Ыйса кайрадан синагогага келди. Ал жерде бир колу шал болуп калган адам бар эле.

2 Ыйсаны айыпташ үчүн, «Ал бул адамды да ишемби күнү айыктырар бекен», – деп, карап турушту.

3 Ыйса болсо бир колу шал болуп калган адамга: «Ортого чык!» – деди да,

4 тигилерден: «Ишемби күнү жакшылык кылуу керекпи же жамандык кылуу керекпи? Жанды куткаруу керекпи же өлтүрүү керекпи?» – деп сурады. Алар унчугушкан жок.

5 Ошондо Ыйса аларга ачуулана карап, жүрөктөрүнүн катуулугуна кайгырып, жанагы кишиге: «Колуңду сун», – деди. Ал колун сунду. Ошондо анын колу айыгып, экинчи колундай болуп калды.

6 Фарисейлер сыртка чыгары менен, Ыйсаны өлтүрүү жөнүндө Ироддду жактоочулар менен кеңешишти.

**Ыйса Галилеяда**

7 Ыйса шакирттери менен көл тарапка кетти. Ошондо Галилея, Жүйүт, Эдом аймагындагы,

8 Иерусалим шаарындагы, Иордандын наркы өйүзүндөгү көп эл Анын артынан барды. Анын кылган иштери жөнүндө уккан Тир жана Сидон аймактарындагы эл Ага агылып келип жатты.

9 Ошондо Ыйса көпчүлүктүн арасында кысылып калбаш үчүн, Өзүнө бир кайыкты даярдап коюуну шакирттерине дайындады.

10 Анткени Ыйса көп кишилерди айыктыргандыктан, оорулуулардын бардыгы Ага колдорун тийгизүү үчүн, жүткүнүп жатышкан эле.

11 Жиндер Ыйсаны көргөндө, Анын алдына жыгылып: «Сен Кудайдын Уулусуң!» – деп кыйкырып жатышты.

12 Бирок Ыйса алардын Өзү жөнүндө жарыялоосуна катуу тыюу салды.

**Он эки шакирттин тандалышы**

13 Андан кийин Ал тоого чыкты да, Өзү кимдерди кааласа, ошолорду Өзүнө чакырды. Алар Ыйсага келишти.

14 Өзүнүн жанына алып жүрүш үчүн жана насаат айтууга жөнөтүш үчүн, Ал он эки кишини тандады да,

15 аларга оорулууларды айыктырууга жана жиндерди кууп чыгарууга бийлик берди.

16 Ыйса тандаган он эки киши мына булар: «Петир» деген да ысым коюлган Шымон,

17 Бойанергес, башкача айтканда, «Чагылгандай чартылдагандар» деген да ысым коюлган Зебедей уулдары Жакып менен Жакан;

18 Андрей, Филип, Барталамей, Матай, Томас, Алпей уулу Жакып, Тадай, кааналык Шымон,

19 Ага чыккынчылык кылган Жүйүт Искариот.

**Бир туугандарынын Ыйса үчүн тынчсызданышы**

20 Алар үйгө келишкенде, кайрадан көп эл чогулуп калды. Ошондуктан алар тамактана да албай калышты.

21 «Ал акылынан айнып калыптыр», – деп айтып жатышканын уккан жакындары Аны алып кеткени келишти.

**Мыйзам окутуучулардын Ыйсаны жамандашы**

22 Иерусалимден келген мыйзам окутуучулар болсо: «Анын ичинде Белзебул бар. Жиндерди Ал жиндердин башчысынын күчү менен кууп чыгарып жатат», – дешти.

23 Ошондо Ыйса мыйзам окутуучуларды жанына чакырып, аларга үлгү-насаат аңгеме менен мындай деп сүйлөдү: «Шайтан шайтанды кантип кууп чыгарсын?

24 Эгерде падышачылык ич ара бөлүнсө, анда ал падышачылык кулайт.

25 Эгерде үй-бүлө ич ара бөлүнсө, анда ал үй-бүлө бузулат.

26 Эгерде шайтан да өзүнө өзү каршы чыгып бөлүнсө, анда ал тура албайт, анын күнү бүтөт.

27 Күчтүү адамды байлап салмайынча, анын үйүнө кирип, мал-мүлкүн уурдоо мүмкүн эмес. Аны байлап салгандан кийин гана үйүн тоноп кетсе болот.

28 Силерге чындыкты айтып коёюн, адам баласынын бардык күнөөлөрү жана акарат келтирип айткан сөздөрү кечирилет,

29 бирок ким Ыйык Рухка акарат келтирсе, ал түбөлүккө кечирилбейт, түбөлүккө күнөөлүү болот».

30 Ыйса бул сөздөрдү «Анын ичинде жин бар» деп айтышкандыгы үчүн айтты.

**Машайактын чыныгы туугандары**

31 Энеси менен бир туугандары келип, сырттан Ыйсаны чакыртышты.

32 Анын тегерегинде эл отурган эле. Ошондо Ага: «Энең, инилериң, карындаштарың сыртта Сени чакырып жатышат», – дешти.

33 Ыйса аларга: «Менин энем жана бир туугандарым ким?» – деди да,

34 айланасында отургандарды тегерете карап: «Мына, менин энем, мына, Менин бир туугандарым.

35 Анткени ким Кудайдын эркин аткарса, ошол Менин иним, карындашым жана энем!» – деп жооп берди.

**4-БӨЛҮМ**

**Асман Падышачылыгы жөнүндө үлгү-насаат аңгемелер. Үрөн себүүчү жөнүндө**

1 Ыйса кайрадан көл боюнда элди окута баштады. Жанына аябай көп эл чогулгандыктан, Ал көлдөгү бир кайыкка отурду. Эл болсо көлдүн жээгинде, кургак жерде турду.

2 Ошондо Ыйса аларга үлгү-насаат аңгемелер менен көп нерселерди окутту. Ал мындай деди:

3 «Кулак салгыла! Себүүчү үрөн себүү үчүн чыкты.

4 Ал сээп жатканда, кээ бир үрөндөр жол боюна түштү. Ошондо канаттуулар учуп келип, аларды терип жеп кетишти.

5 Кээ бир үрөндөр топурагы аз, таштак жерге түштү. Жердин кыртышы жука болгондуктан, алар тез эле өнүп чыкты.

6 Бирок күн чыгары менен соолуп, терең тамырлай албай куурап калды.

7 Кээ бир үрөндөр тикенектердин арасына түштү. Тикенектер өсүп, аларды басып салды, ошондуктан алар түшүм берген жок.

8 Кээ бир үрөндөр болсо жакшы топуракка түштү. Өнүп чыгып, өсүп, түшүм берди. Кээ бири отуз эсе, кээ бири алтымыш эсе, кээ бири жүз эсе түшүм берди».

9 Анан Ыйса аларга: «Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!» – деди.

10 Эл тарап, Ыйса жалгыз калганда, Аны менен жүргөндөр жана он эки шакирти үлгү-насаат аңгеме жөнүндө сурашты.

11 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Силерге Асман Падышачылыгынын жашыруун сырын билүү мүмкүнчүлүгү берилди, ал эми сырттагыларга бардык нерсе үлгү-насаат аңгемелер менен айтылат.

12 Анткени алар карап турушса да көрүшпөйт, угуп турушса да түшүнүшпөйт, кайрылышпайт, кечирим алышпайт».

**Үрөн себүүчү жөнүндөгү үлгү-насаат аңгеменин чечмелениши**

13 Анан Ыйса аларга: «Силер бул үлгү-насаат аңгемени түшүнгөн жоксуңарбы? Анда башка үлгү-насаат аңгемелерди кантип түшүнөсүңөр? – деди да, мындай деп түшүндүрдү:

14 Себүүчү сөз себет.

15 Кээ бир адамдар жол боюна түшкөн үрөнгө окшош: алардын жүрөгүнө сөз себилет, бирок алар угар замат шайтан келип, алардын жүрөгүнө себилген сөздү уурдап кетет.

16 Кээ бир адамдар таштак жерге түшкөн үрөнгө окшош: алар сөздү угар замат кубанып кабыл алышат.

17 Бирок терең тамырлай албагандыктан, туруксуз болушат. Сөз үчүн кысымга алып, куугунтукташканда, дароо баш тартып кетишет.

18 Сөздү уккан адамдар тикенектин арасына түшкөн үрөнгө окшош.

19 Бирок бул дүйнөнүн түйшүгү, байлыкка азгырылуу жана башка каалоолор алардын жүрөктөрүн ээлеп алып, сөздү басып салат да, сөз жемиш бербей калат.

20 Кээ бир адамдар жакшы топуракка түшкөн үрөнгө окшош: алар сөздү угуп, кабыл алышат, кээ бири отуз эсе, кээ бири алтымыш эсе, кээ бири жүз эсе түшүм берет».

**Чырак жөнүндө**

21 Анан аларга: «Эмне, чыракты көмкөрүлгөн идиштин же керебеттин астына коюш үчүн алып келеби? Чыракты чыракпаяга коюш үчүн алып келет эмеспи.

22 Ачылбай калчу жашыруун сыр болбойт, ачыкка чыкпай турган жашыруун нерсе болбойт.

23 Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!» – деди.

24 Ыйса аларга: «Эмнени угуп жатканыңарга көңүл бургула! Кандай өлчөм менен өлчөсөңөр, силерге да так ошондой өлчөнөт, силерге, угуп жаткандарга, атүгүл, кошулат.

25 Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет, ал эми кимде жок болсо, андан бар нерсеси да тартылып алынат», – деди.

**Үрөн жөнүндө**

26 Ыйса дагы мындай деди: «Кудайдын Падышачылыгы бул нерсеге окшош: бир адам жерге үрөн себет.

27 Түнкүсүн уктайт, күндүзү турат, үрөндүн кантип өнүп-өскөнүн билбейт.

28 Анткени жер өзү түшүм берет: адегенде сабакты, андан кийин машакты өстүрүп чыгарып, акырында машакты данга толтурат.

29 Эгин бышып, оруу-жыйоо маалы келгенде, ал токтоосуз орок салат».

**Сары кычы даны жөнүндө**

30 Анан Ыйса аларга мындай деди: «Кудайдын Падышачылыгын эмнеге окшоштурсак болот? Же аны кандай үлгү-насаат аңгеме менен сүрөттөсөк болот?

31 Кудайдын Падышачылыгы сары кычы данына окшош. Ал жерге себилгенде, жер бетиндеги уруктардын эң кичинекейи болсо да,

32 өсүп чыкканда, бардык дан өсүмдүктөрүнөн чоң болуп, бутактарын кенен жаят. Анын көлөкөсүнө канаттуу куштар корголой алышат».

33 Ыйса элдин уга алуусуна жараша мына ушундай көптөгөн үлгү-насаат аңгемелер менен сүйлөдү.

34 Элге Ал үлгү-насаат аңгемесиз сүйлөгөн жок, бирок өзүнчө калганда, шакирттерине бардыгын түшүндүрүп берди.

**Ыйсанын катуу шамалды токтотуусу**

35 Ошол күнү кечинде Ал шакирттерине: «Наркы өйүзгө сүзүп өтөлү», – деди.

36 Шакирттери элди таратып жиберишти да, кайыкта отурган Ыйса менен бирге сүзүп кетишти. Ал жерде башка кайыктар да бар эле.

37 Ошондо аябагандай катуу шамал башталды. Кайыкты толкун уруп жаткандыктан, анын ичине суу толо баштады.

38 Ыйса болсо кайыктын арткы бөлүгүндө башына жаздык жазданып уктап жаткан эле. Шакирттери Ыйсаны ойготушуп, Ага: «Устат! Биз чөгүп кетсек деле, Сага баары бирби?» – дешти.

39 Ошондо Ыйса ордунан туруп, шамалга тыюу салды да, көлгө: «Тынчтан, токто!» – деди. Шамал басылып, улуу тынчтык өкүм сүрдү.

40 Анан аларга: «Эмне мынча коркоксуңар? Эмнеге ишенимиңер жок?» – деди.

41 Аябай коркуп кетишкен алар бири-бирине: «Шамалды да, көлдү да баш ийдирген деги бул ким?» – дешти.

**5-БӨЛҮМ**

**Жин оорулуу адамдын айыгышы**

1 Алар көлдүн наркы өйүзүндөгү Гадара аймагына келишти.

2 Ыйса кайыктан түшөрү менен, Аны мүрзөлүк үңкүрлөр тараптан жин оорулуу бир адам тосуп чыкты.

3 Ал мүрзөлүк үңкүрлөрдө жашачу, аны эч ким чынжыр менен да байлап коё алчу эмес.

4 Анткени аны көп жолу кишендеп, чынжыр менен байлашкан, бирок ал чынжырларды үзүп, кишендерди талкалап салчу. Аны тыюуга эч кимдин күчү жетчү эмес.

5 Ал дайыма, күндүр-түндүр тоолордо, үңкүрлөрдө кыйкырып жүрчү, өзүн өзү таш мененургулачу.

6 Ал Ыйсаны алыстан көрүп чуркап келди да, Ага таазим кылып:

7 «Эй, Ыйса, бардыгынан жогору турган Кудайдын Уулу! Менде эмнең бар? Кудай үчүн суранам, мени кыйнай көрбө», – деп, катуу кыйкырды.

8 Анткени Ыйса ага: «Жин, бул адамдын ичинен чыгып кет!» – деп айткан эле.

9 Анан Ыйса андан: «Сенин атың ким?» – деп сурады. Ал: «Менин атым “Түмөн”, анткени биз көппүз», – деп жооп берди.

10 «Бизди ушул өлкөдөн кууп чыгара көрбө», – деп, жиндер Ыйсадан аябай өтүнүштү.

11 Ошол жерде, тоонун боорунда чочколор жайылып жүргөн эле.

12 Жиндердин баары Ыйсадан: «Бизди ушул чочколорго жибер, ошолордун ичине кирели», – деп өтүнүштү.

13 Ыйса ошол замат аларга уруксат берди. Жиндер адамдын ичинен чыгып, чочколордун ичине кирди. Ошондо эки миңге жакын чочко көлдү карай бет алып, тик жардан кулап, сууга чөгүп өлдү.

14 Чочко кайтаруучулар болсо качып жөнөштү. Алар шаарларга, айылдарга барып, бул окуя тууралуу жарыялашты. Эмне болгондугун көргөнү чыккан эл

15 Ыйсанын жанына келип, баягы жин оорулуунун, ичинде түмөн жини бар адамдын, кийим кийип, акыл-эсине келип отурганын көрүп, үрөйлөрү учту.

16 Бул окуяны көргөндөр жин оорулуу адамга эмне болгондугу жөнүндө, чочколор жөнүндө элге айтып беришти.

17 Ошондо эл Ыйсадан өздөрүнүн аймагынан чыгып кетүүсүн сурана баштады.

18 Ыйса кайыкка түшкөндө, жин оорусунан айыккан адам Андан: «Сенин жаныңда жүрөйүнчү», – деп суранды.

19 Бирок Ыйса ага уруксат берген жок. Ага: «Үйүңө, жакындарыңа бар, Теңир сага эмне кылганын, сага кандай ырайым көрсөткөнүн аларга айтып бер», – деди.

20 Ошондо ал барып, Ыйсанын эмне кылганын Декапол дубанында жарыялай баштады. Бардыгы таң калып жатты.

**Ыйсанын оорулуу аялды айыктырышы, Жайырдын кызын тирилтиши**

21 Ыйса кайрадан берки өйүзгө сүзүп келгенде, Анын жанына көп эл чогулуп калды. Ал көлдүн жээгинде турганда,

22 синагога башчыларынын бири, Жайыр деген киши келди. Ал Ыйсаны көргөндө, Анын бутуна жыгылып:

23 «Кызым өлүм алдында жатат. Барып, ага колуңду тийгиз, ал оорусунан айыгып, тирүү калсын», – деп жалынып-жалбарды.

24 Ыйса аны менен жөнөдү. Анын артынан ээрчип алган көп эл Аны туш тарабынан кысып бара жатты.

25 Элдин арасында он эки жылдан бери кан агуудан азап чегип жүргөн бир аял бар эле.

26 Ал көп дарыгерлерге көрүнүп, колунда болгонун бүт түгөткөн, бирок оорусунан айыкпай, абалы начарлай берген.

27 Ыйса жөнүндө уккан бул аял көпчүлүктү аралап өтүп, Анын артынан келип, кийимине колун тийгизди.

28 Анткени ал: «Анын кийимине колумду тийгизсем эле айыгам», – деген эле.

29 Ошол замат анын кан агуусу токтоду. Аял өзүнүн оорудан айыкканын сезди.

30 Ошол эле учурда Ыйса Өзүнөн күч чыкканын сезип: «Менин кийимиме ким колун тийгизди?» – деп, элге кайрылды.

31 Шакирттери Ага: «Топ эл Сени кысып турганын көрүп турасың да, анан “Мага ким колун тийгизди?” – дейсиң!» – дешти.

32 Бирок Ыйса муну ким кылганын көрүш үчүн, тегерегин карады.

33 Өзүнүн айыкканын билген ал аял коркконунан калтырап, Ыйсанын алдына келип жыгылды да, Ага болгон чындыкты айтып берди.

34 Ошондо Ыйса ага: «Кызым, сени ишенимиң куткарды. Тынчтык менен бара бер. Ооруңдан айык!» – деди.

35 Ыйса ушуну айтып жатканда, синагога башчысынын үйүнөн адамдар келишип: «Кызың өлүп калды. Эми Устатты убара кылбай эле кой», – дешти.

36 Ыйса бул сөздөрдү укканда, ошол замат синагога башчысына: «Коркпо, бирок ишен!» – деди.

37 Ыйса Петирди, Жакыпты жана анын бир тууганы Жаканды гана ээрчитип алып,

38 синагога башчысынын үйүнө барды. Ал жерден Ал ызы-чуу түшүп, буркурап-боздоп ыйлап жаткандарды көрдү.

39 Ичкери кирип, аларга: «Эмнеге ызы-чуу түшүп, ыйлап жатасыңар? Кыз өлбөй эле уктап жатат», – деди.

40 Алар болсо Ыйсаны шылдыңдап күлүштү. Ыйса баарын тышка чыгарып жиберди да, кыздын ата-энесин жана Өзү менен келгендерди ээрчитип, кыз жаткан бөлмөгө кирди.

41 Ыйса кызды колунан алып, ага: «Талита куми!» – деди. Бул сөз «Кыз, сага айтып жатамын, тур!» деп которулат.

42 Кыз ошол замат ордунан туруп, баса баштады. Ал он эки жашта эле. Муну көргөндөр аябай таң калышты.

43 «Муну эч ким билбесин», – деп, Ыйса аларга катуу эскертти да, кызга тамак берүүнү буйруду.

**6-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын кайрадан Назаретке келиши**

1 Ыйса ал жерден чыгып, Өз жерине келди. Шакирттери да Аны менен келишти.

2 Ишемби күнү Ыйса синагогада элди окута баштады. Ошондо Аны угуп жаткандардын көпчүлүгү таң калып: «Мунун баарын Ал кайдан билет? Ага мындай акылмандыкты ким берген? Мындай кереметтерди Ал кантип жасап жатат?

3 Бул жыгач уста Ыйса эмеспи? Бул Мариямдын уулу, Жакыптын, Жусуптун, Жүйүттүн жана Шымондун бир тууганы эмеспи? Анын карындаштары бул жерде, биздин арабызда эле жүрүшөт го», – дешти. Ошентип, алар Ыйсаны кабыл алгылары келген жок.

4 Ыйса болсо аларга: «Пайгамбарды өз жеринде, өзүнүн туугандарынын арасында, өз үйүндө гана сыйлабайт», – деди.

5 Ыйса бул жерде кээ бир эле оорулуулардын үстүнө колун коюп, аларды айыктыргандан башка эч кандай керемет көрсөткөн жок.

6 Элдин ишенбестигине таң калды. Анан тегеректеги айыл-кыштактарды кыдырып, элди окутту.

**Ыйсанын он эки шакиртти кызматка жөнөтүшү**

7 Анан Ал он эки шакиртин чакырып алып, аларга жиндердин үстүнөн бийлик берди да, эки-экиден кылып жөнөтө баштады.

8 Аларга мындай деп осуят кылды: «Жолго таяктан башка эч нерсе албагыла. Баштык да, тамак да, белиңерге жез тыйын да түйүп албагыла».

9 Бутуңарга сандал кийгиле, эки сыйра кийим албагыла.

10 Анан дагы мындай деди: «Бир жерге барганыңарда, кайсы үйгө кирсеңер да, ал жерден кеткиче, ошол үйдө калгыла.

11 Эгерде кайсы бир жерде силерди кабыл алышпаса, силерди угушпаса, ал жерден чыгып бара жатканда, аларга каршы күбөлөндүрүү болушу үчүн, бутуңардын чаңын күүп койгула. Силерге чындыкты айтып коёюн, сот күнүндө ошол шаарга караганда, Содом менен Аморго жеңилирээк болот».

12 Ошентип, шакирттер жолго чыгышты да, адамдарды тобо кылууга чакыра башташты.

13 Көптөгөн жин оорулуулардын ичинен жиндерди кууп чыгарып, көптөгөн оорулууларга май сыйпап, аларды айыктырып жатышты.

**Чөмүлдүрүүчү Жакандын өлтүрүлүшү**

14 Ыйсанын ысымы белгилүү болуп калгандыктан, падыша Ирод да Ал жөнүндө угуп: «Бул – чөмүлдүрүүчү Жакан. Ал тирилиптир, ошондуктан кереметтерди көрсөтүп жатат», – деди.

15 Кээ бирөөлөр: «Бул – Илияс пайгамбар», – дешсе, дагы бирөөлөр: «Бул деле пайгамбарлардын бири», – дешти.

16 Ирод болсо бул сөздөрдү угуп: «Бул – мен башын алдырган Жакан, ал тирилиптир», – деди.

17 Ирод өзүнүн бир тууганы Филиптин аялы Иродияны алып алганда, Жакан:

18 «Бир тууганыңдын аялын албашың керек болчу», – деп айткан. Ошондуктан Ирод киши жиберип, Жаканды карматып, түрмөгө отургузуп койгон эле.

19 Иродия болсо Жаканга ачууланып, аны өлтүргүсү келген, бирок өлтүрө алган эмес.

20 Анткени Жакандын адил, ыйык адам экенин билген Ирод андан коркчу, ошондуктан аны коргоп жүрчү. Көп иштерди анын кеңеши боюнча кылып, анын сөзүн кунт коюп угар эле.

21 Ирод өзүнүн туулган күнүн белгилөө үчүн, өзүнүн төрөлөрү, миң башылары, Галилея аксакалдары үчүн той өткөрдү. Ошол күнү Иродия үчүн ыңгайлуу учур келди.

22 Тойдо Иродиянын кызы бийлеп берди. Бул Иродго жана анын конокторуна жагып калды. Ошондо падыша кызга: «Каалаганыңды сура, сураганыңды берем», – деди.

23 Анан ага: «Сураганыңды беремин, ал гана эмес, падышачылыгымдын жарымын берем», – деп ант берди.

24 Кыз барып, энесинен: «Эмнени сурайын?» – деп сурады. «Чөмүлдүрүүчү Жакандын башын сура», – деди энеси.

25 Кыз ошол замат шашылыш түрдө падышага келип: «Мага азыр чөмүлдүрүүчү Жакандын башын идишке салдырып келип бер», – деди.

26 Буга падыша капа болду. Бирок конокторунун алдында ант берип койгондугу үчүн, кыздын сураганын орундатпай коё алган жок.

27 Падыша ошол замат өзүнүн жасоолун жиберип, Жакандын башын алып келүүнү буйруду.

28 Жасоол түрмөгө барып, Жакандын башын алды да, идишке салып, кызга алып келип берди. Кыз аны энесине алып барып берди.

29 Муну уккан Жакандын шакирттери келишти да, анын сөөгүн алып, мүрзөгө коюшту.

**Он эки элчинин кайтып келиши**

30 Элчилер Ыйсанын жанына чогулуп, Ага баарын: эмне кылышканын, элди эмнеге үйрөтүшкөнүн айтып беришти.

31 Ыйса аларга: «Өзүңөрчө бөлүнүп, ээн жерге баргыла да, бир аз эс алып алгыла», – деди. Анткени келген-кеткендер көп болгондуктан, алардын тамактанууга да убактысы жок эле.

**Беш миң адамды тойгузуу**

32 Ошондо алар өздөрүнчө бөлүнүп, кайык менен ээн жерге кетишти.

33 Бирок эл алардын кетип бара жатканын көрүп калды, бул жөнүндө көптөр билишти. Шаарлардан жөө чыккан элдин баары алар бара турган жакты көздөй чуркап, алардан мурда барып калышты.

34 Ыйса кайыктан түшкөндө, көп элди көрүп, аларга боору ооруду. Анткени алар койчусу жок койлордой эле. Ыйса аларга көп нерсени үйрөтө баштады.

35 Бир топ убакыт өткөндөн кийин, Анын шакирттери жанына келип: «Бул ээн талаа экен, кеч да кирип кетти.

36 Элди тарат, алар тегеректеги айыл-кыштактарга барып, өздөрүнө нан сатып алышсын, алардын жей турган эч нерсеси жок», – дешти.

37 Ыйса болсо: «Аларга тамакты силер бергиле», – деп жооп берди. Шакирттери Ыйсага: «Биз, эмне, аларды тамактандыруу үчүн, эки жүз динарийге нан сатып келелиби?» – дешти.

38 Ыйса аларга: «Силерде канча нан бар? Барып, карагылачы», – деди. Алар билип келип: «Беш нан, эки балык бар экен», – дешти.

39 Ошондо Ыйса аларга элди топ-топ кылып бөлүп, чөптүн үстүнө отургузууну буйруду.

40 Эл жүздөн, элүүдөн болуп, катар-катар отурду.

41 Ыйса беш нан менен эки балыкты алды да, асманды карап, Кудайга ыраазычылык билдирди. Анан нанды сындырып, элге таратыш үчүн, шакирттерине берди. Эки балыкты да бардыгына бөлүп берди.

42 Бардыгы тоё жешти.

43 Артып калган нан менен балыкты чогултканда, он эки себет толду.

44 Тамактанган эркектердин саны беш миңге жакын эле.

**Ыйсанын көл үстүндө басышы**

45 Ошондон кийин Ыйса Өзүнүн шакирттерине: «Кайыкка түшүп, Менден мурун наркы өйүзгө, Бетсайида шаарына баргыла», – деп буйруду. Өзү болсо элди таратуу үчүн калып калды.

46 Элди таратып жибергенден кийин, сыйыныш үчүн тоого кетти.

47 Кеч киргенде, кайык көлдүн ортосуна жетип калган эле. Ыйса болсо жээкте жалгыз турду.

48 Ошондо Ал шакирттеринин кыйынчылык менен сүзүп бара жатышканын көрдү. Анткени шамал аларга каршы согуп жаткан эле. Болжол менен түнкү төртүнчү күзөт убагында Ыйса көлдүн үстү менен басып, шакирттерине жакын келди да, алардын жанынан өтүп кетмекчи болду.

49 Көлдүн үстүндө басып келе жаткан Ыйсаны көргөн шакирттер Аны элес деп ойлоп, кыйкырып жиберишти.

50 Анткени бардыгы Аны көрүп, коркуп кетишкен эле. Бирок Ыйса ошол замат аларга: «Коркпогула! Бул Менмин, үрөйүңөр учпасын!» – деди.

51 Ыйса алардын кайыгына түшөрү менен, шамал басылды. Шакирттер өздөрүнчө аябай таң калышты.

52 Анткени алар нан менен болгон кереметти түшүнүшкөн эмес. Себеби алардын жүрөгү таш болуп калган эле.

**Ыйсанын Генисарет көлүнүн жээгинде оорулууларды айыктырышы**

53 Алар көлдүн наркы өйүзүнө, Генисарет жерине сүзүп өтүп, жээкке токтошту.

54 Алар кайыктан түшкөндө, ал жердин тургундары Ыйсаны дароо таанып,

55 ошол аймакты аралап чуркап, кабарлап чыгышты. Ошондо Ыйсанын кайсы жерде экенин уккандар оорулууларды төшөгү менен көтөрүп келе башташты.

56 Ал кайсы гана жерге барбасын, айылда болобу, шаарда болобу, кыштакта болобу, оорулууларды ачык жерлерге жаткырып, Андан кийиминин бир четине эле кол тийгизүүгө уруксат сурап жатышты. Ага колун тийгизгендер айыгып жатты.

**7-БӨЛҮМ**

**Кудайдын осуяттары адамдардын салттарынан жогору**

1 Иерусалимден келген фарисейлер менен кээ бир мыйзам окутуучулар Ыйсанын жанына чогулушту.

2 Алар Ыйсанын кээ бир шакирттеринин таза эмес колдору менен, башкача айтканда, кол жуу салтын аткарбай тамактанып жатканын көрүп калышты.

3 Анткени фарисейлер жана бардык жүйүттөр ата-бабаларынан калган салт боюнча кол жуу салтын аткармайынча, тамак жешпейт.

4 Базардан келгенден кийин да, кол жуу салтын аткармайынча, тамак жешпейт. Алар ошондой эле чөйчөктөрдү, кумураларды, казандарды жана отургучтарды жуу сыяктуу көптөгөн салттарды кармашат.

5 Ошондуктан фарисейлер менен мыйзам окутуучулар Ыйсадан: «Эмне үчүн Сенин шакирттериң ата-бабалардан калган салтты сакташпайт? Эмне үчүн алар кол жуу салтын аткарбай тамак жешет?» – деп сурашты.

6 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Бул адамдар Мени тили менен урматташат, бирок алардын жүрөктөрү Менден алыс.

7 “Алардын Мени урматтаганы – бекер, анткени алардын үйрөткөнү – адамдык эрежелер”, – деп Ышайа, эки жүздүүлөр, силер жөнүндө туура пайгамбарчылык кылган.

8 Анткени силер Кудайдын осуятын таштап, адамдык салттарды: кумура менен чөйчөктөрдү жуу жана башка ушул сыяктуу салттарды кармайсыңар».

9 Аларга дагы мындай деди: «Өзүңөрдүн салтыңарды сактоо үчүн, Кудайдын осуятын четке кагып жатканыңар жакшыбы?

10 Анткени Муса: “Ата-энеңди сыйла”, “Атасына же энесине тил тийгизген адам өлүм жазасына тартылсын”, – деп айткан.

11 Силер болсо: “Ким атасына же энесине: "Корван (Менин сага берер нерсемдин баары Кудайга багышталган)", – десе,

12 ал өзүнүн атасына же энесине эч нерсе кылбай эле койсун”, – дейсиңер.

13 Ошентип, өзүңөр кармаган салтыңар менен Кудайдын сөзүн четке кагып жатасыңар. Ушул сыяктуу көп нерселерди жасап жатасыңар».

**Кудай алдында адамды эмне арам кылат?**

14 Анан кайрадан элдин баарын жанына чакырып: «Баарыңар Мени угуп, түшүнүп алгыла.

15 Адамды сырттан кирген нерсе арам кыла албайт, тескерисинче, ичинен чыккан нерсе арам кылат.

16 Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!» – деди.

17 Ыйса элдин жанынан кетип, үйгө киргенде, шакирттери Андан үлгү-насаат аңгеме жөнүндө сурашты.

18 Ыйса аларга: «Силер дагы эле түшүнө элексиңерби? Адамды сырттан кирген нерсе арам кыла албастыгын кантип эле түшүнбөйсүңөр?

19 Анткени тамак анын жүрөгүнө эмес, ашказанына кирет, анан сыртка чыгат», – деди. Ыйса бул сөздөр менен тамактын баары таза экенин билдирди.

20 Анан Ыйса сөзүн улап: «Адамды ичинен чыккан нерсе арам кылат.

21 Анткени ичтен, адамдын жүрөгүнөн: жаман ойлор, ойноштук кылуу, бузуктук кылуу, киши өлтүрүү,

22 уурдоо, кошомат кылуу, ачуулануу, куулук, дүнүйөкордук, көрө албастык, Кудайга акарат келтирүү, текебердик, акылсыздык чыгат.

23 Мына ушул жамандыктын баары адамдын ичинен чыгып, аны арам кылат», – деди.

**Ыйса жана сиропойникелик аял**

24 Ыйса ал жерден чыгып, Тир жана Сидон аймактарына келип, бир үйгө кирди. Ал Өзүнүн келгенин кимдир бирөөнүн билүүсүн каалаган жок, бирок эл билип калды.

25 Жин оорулуу кызы бар бир аял Ыйса жөнүндө угары менен келип, Анын бутуна жыгылды.

26 Сиропойникелик бул аял бутпарас болчу. Ал Ыйсадан кызынын ичинен жинди кууп чыгаруусун өтүндү.

27 Бирок Ыйса аялга: «Адегенде балдар тойсун. Анткени балдардын нанын тартып алып, иттерге ыргыткан жакшы эмес», – деди.

28 Аял болсо: «Ооба, ошондой, Теңир! Бирок иттер да балдар жеген нандын үстөлдүн астына түшкөн күкүмдөрүн жешет», – деп жооп берди.

29 Ошондо Ыйса ага: «Ушул сөзүң үчүн үйүңө бара бер. Сенин кызыңдын ичинен жин чыгып кетти», – деди.

30 Аял үйүнө келгенде, кызынын жин оорусунан айыгып, төшөктө жатканын көрдү.

**Дүлөй жана кекеч адамдын айыгышы**

31 Ыйса Тир, Сидон аймактарынан чыгып, Декапол дубаны аркылуу кайрадан Галилея көлүнө келди.

32 Ага дүлөй жана кекеч бир адамды алып келишип: «Мунун үстүнө колуңду коюп койчу», – деп өтүнүштү.

33 Ыйса аны элден бөлүп, четке чыгарды да, эки манжасын анын кулагына салып, түкүрүп, анын тилине тийгизди.

34 Асманды карап, терең үшкүрдү да, ага: «Еффафа (Ачыл)», – деди.

35 Ошол замат анын кулагы ачылып, тили чечилди. Ал кекечтенбей, так сүйлөп калды.

36 Ыйса аларга муну эч кимге айтпоону буйруду. Бирок Ал канчалык тыйса да, алар элге ошончолук жайышты.

37 Адамдар аябай таң калышып: «Анын кылган ишинин баары жакшы: дүлөйлөрдү угузуп, дудуктарды сүйлөтүп жатат», – дешти.

**8-БӨЛҮМ**

**Төрт миң адамды тойгузуу**

1 Ошол күндөрдө Ыйсанын жанына дагы көп эл чогулду. Бирок алардын жээрге тамагы жок болчу. Ошондо Ыйса шакирттерин жанына чакырып: «Элге боорум ооруп жатат.

2 Алар үч күндөн бери Менин жанымда жүрүшөт, жей турган эч нерселери жок.

3 Эгерде аларды үйлөрүнө ачка коё берсем, жолдо алсырап калышат, анткени алардын кээ бири алыстан келишкен», – деди.

4 Шакирттери Ага: «Бул ээн жерде алар тойгудай нанды кайдан тапмак элек?» – дешти.

5 Ыйса алардан: «Силерде канча нан бар?» – деп сурады. Алар: «Жети», – дешти.

6 Ошондо Ыйса элдин жерге отуруусун буйруду. Анан жети нанды алып, Кудайга ыраазычылык билдирип, нанды сындырды да, элге таратып бериш үчүн, шакирттерине берди. Шакирттер нанды элге таратып беришти.

7 Аларда бир аз майда балык да бар эле. Ыйса Кудайга ыраазычылык билдиргенден кийин, балыктарды да таратып берүүнү буйруду.

8 Бардыгы тоё жешти. Артып калган нанды чогултканда, жети себет болду.

9 Тамактангандардын саны төрт миңге жакын эле. Андан кийин Ыйса элди таратты.

**Фарисейлердин жышаан талап кылышы**

10 Ошол замат Ал шакирттери менен кайыкка түшүп, Далманут аймагына сүзүп келди.

11 Фарисейлер чыгып, Ыйса менен талаша башташты. Аны сынаш үчүн, асмандан жышаан көрсөтүшүн талап кылышты.

12 Ошондо Ал оор күрсүнүп: «Бул муун эмне үчүн жышаан талап кылып жатат? Силерге чындыкты айтып коёюн, бул муунга жышаан көрсөтүлбөйт», – деди.

13 Анан Ыйса алардын жанынан кетти да, кайрадан кайыкка түшүп, наркы өйүзгө сүзүп кетти.

**Фарисейлердин жана Ироддун ачыткысынан сак болуу**

14 Шакирттер нан алып алууну унутуп калышты. Кайыкта, алардын жанында бир эле нан бар болчу.

15 Ошондо Ыйса аларга: «Байкагыла, фарисейлердин жана Ироддун ачыткысынан сак болгула», – деп эскертти.

16 Шакирттер болсо өз ара: «Наныбыз жок болгон үчүн ушинтип айтып жатат», – деп сүйлөшүштү.

17 Ыйса муну билип, аларга: «Силер эмне үчүн наныбыз жок деп жатасыңар? Дагы эле түшүнө элексиңерби? Дагы эле биле элексиңерби? Дагы эле жүрөгүңөр таш боюнчабы?

18 Көзүңөр бар туруп, көрбөй жатасыңарбы? Кулагыңар бар туруп, укпай жатасыңарбы? Эмне, эсиңерде жокпу?

19 Мен беш нанды беш миң адамга бөлүп бергенимден кийин, артып калган нанды чогултканыңарда, канча себет толду эле?» – деди. Алар Ага: «Он эки», – дешти.

20 «Ал эми жети нанды төрт миң адамга бөлүп бергенимден кийин, артып калган нанды чогултканыңарда, канча себет толду эле?» «Жети», – дешти.

21 Ошондо Ыйса аларга: «Кантип түшүнбөйсүңөр?» – деди.

**Сокур адамдын айыгышы**

22 Алар Бетсайидага келишкенде, Ыйсанын алдына бир сокур кишини алып келишип: «Буга колуңду тийгизип кой», – деп өтүнүштү.

23 Ыйса сокурду колунан жетелеп, кыштактын сыртына чыгарды да, анын көзүнө түкүрүп, үстүнө колдорун коюп: «Бир нерсе көрүп жатасыңбы?» – деп сурады.

24 Ал айланасын карап: «Дарактарга окшогон, ары-бери өткөн кишилерди көрүп жатам», – деди.

25 Ошондон кийин Ыйса анын көздөрүнө кайрадан колдорун тийгизип, ага айланасын кароону буйруду. Сокур адам айыгып, бардыгын ачык көрө баштады.

26 Анан Ыйса ага: «Кыштакка кирбе. Муну эч кимге айтпа», – деп, аны үйүнө жөнөттү.

**Петирдин Ыйсаны Машайак катары таанышы**

27 Ыйса шакирттери менен бирге Филиптин Кейсареясына тиешелүү айылдарга жөнөдү. Жолдо Ал шакирттеринен: «Эл Мени ким деп эсептейт?» – деп сурады.

28 Алар мындай деп жооп беришти: «Бирөөлөр “чөмүлдүрүүчү Жакан” деп, бирөөлөр “Илияс пайгамбар” деп, дагы бирөөлөр “мурунку пайгамбарлардын бири” деп эсептешет».

29 Ошондо Ыйса алардан: «Ал эми силер Мени ким деп эсептейсиңер?» – деп сурады. Петир Ага: «Сен Машайаксың», – деп жооп берди.

30 Ошондо Ыйса аларга Өзү жөнүндө эч кимге айтпоону эскертти.

**Ыйсанын Өзүнүн азап чегери жөнүндө биринчи жолу айтышы**

31 Анан Ыйса шакирттерине: «Адам Уулу көп азап чегиши, аксакалдар, ыйык кызмат кылуучулар, мыйзам окутуучулар тарабынан четке кагылышы, өлтүрүлүшү жана үчүнчү күнү тирилиши керек», – деп түшүндүрө баштады.

32 Ыйса бул жөнүндө аларга ачык эле айтты. Ошондо Петир Ыйсаны четке чакырып, Ага каршы болду.

33 Бирок Ыйса шакирттерине бурулуп, Петирге: «Кет жанымдан, шайтан! Анткени сенин ойлоруң – Кудайдын эмес, адамдын ойлору», – деп тыюу салды.

**Чыныгы кызмат**

34 Ошондон кийин Ыйса эл менен бирге шакирттерин да жанына чакырып, мындай деди: «Ким Менин артымдан жүргүсү келсе, ал өзүнөн баш тартсын жана күн сайын өзүнүн айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин.

35 Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн жана Жакшы Кабар үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат.

36 Анткени адам бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок өз жанына зыян келтирсе, андан ага кандай пайда?

37 Же адам өз жанын куткарып алуу үчүн, кандай кун төлөй алат?

38 Бул бузулган, күнөөкөр муундун алдында ким Менден жана Менин сөздөрүмдөн уялса, Өзүнүн Атасынын даңкы менен, ыйык периштелер менен келгенде, Адам Уулу да ошол адамдан уялат».

**9-БӨЛҮМ**

**Теңирдин көрүнүшүнүн өзгөрүлүшү**

1 Анан Ал: «Силерге чындыкты айтып коёюн, бул жерде тургандардын кээ бирөөлөрү күч менен келген Кудай Падышачылыгын көрмөйүнчө өлүшпөйт», – деди.

2 Алты күн өткөндөн кийин Ыйса Петир, Жакып, Жакан үчөөнү гана ээрчитип, бийик тоого чыкты. Ошол жерде алардын көз алдында Ыйсанын көрүнүшү өзгөрүлдү.

3 Анын кийимдери жаркырап, кардай аппак болуп калды. Жер бетиндеги эч бир кездеме агартуучу андай агарта албас эле.

4 Анан аларга Илияс менен Муса көрүндү, алар Ыйса менен сүйлөшүштү.

5 Ошондо Петир Ыйсага: «Устат, бул жерде болгонубуз жакшы экен. Үч алачык тургузалы: Сага бирди, Мусага бирди, Илияска бирди», – деди.

6 Анткени ал эмне деп айтарын билбей калды, себеби аларды коркунуч баскан эле.

7 Ошондо булут пайда болуп, аларды каптап калды. Анан булут ичинен «Бул Менин сүйүктүү Уулум, Аны уккула» деген үн чыкты.

8 Ошол замат шакирттер эки жагын карап, Ыйсадан башка эч кимди көрүшкөн жок.

9 Тоодон түшүп келе жатышканда, Ыйса аларга: «Адам Уулу өлүп, кайра тирилгенге чейин, бул көргөнүңөр жөнүндө эч кимге айтпагыла», – деп буйруду.

10 Алар бул сөздөрдү көкүрөктөрүнө түйүп алышты да, өз ара: «Өлүп, кайра тирилгени эмнеси?» – деп сүйлөшүштү.

11 Анан алар Ыйсадан: «Эмне үчүн мыйзам окутуучулар “Илияс пайгамбар Машайактан мурун келиши керек” деп айтышат?» – деп сурашты.

12 Ыйса аларга: «Туура, адегенде Илияс келип, бардык нерсени өз ордуна коюшу керек. Ал эми Адам Уулу, Ыйык Жазууда жазылгандай, көп азап чегиши жана кемсинтилиши керек.

13 Бирок силерге айтып коёюн, Илияс келген. Ыйык Жазууда жазылгандай, ага ойлоруна келгендей мамиле кылышты», – деп жооп берди.

**Жин оорулуу баланын айыгышы**

14 Ал калган шакирттерине кайтып келгенде, алардын тегерегине чогулган көп элди жана алар менен талашып жаткан мыйзам окутуучуларды көрдү.

15 Бүт эл Аны көрүп таң калып, чуркап барып саламдашты.

16 Анан Ыйса мыйзам окутуучулардан: «Алар менен эмне жөнүндө талашып жатасыңар?» – деп сурады.

17 Ошондо Ага эл арасынан бирөө мындай деп жооп берди: «Устат, мен Сага ичинде тилсиз жини бар уулумду алып келдим.

18 Жин оорусу кармаганда, ал кайсы жерде болбосун, жин аны жерге көтөрүп чабат. Ошондо анын оозунан ак көбүк агып, тиштерин кычыратып, сенек болуп калат. Мен Сенин шакирттериңе: “Жинди кууп чыгаргыла”, – десем, кууп чыгара албай коюшту».

19 Ыйса ага: «Эй, ишеними жок муун! Качанкыга чейин силер менен болом? Качанкыга чейин силерге чыдайм? Аны Мага алып келгиле», – деди.

20 Ошондо аны Ыйсага алып келишти. Жин Ыйсаны көрөр замат, баланы катуу калтырата баштады. Ошондо бала жерге жыгылып калды. Оозунан ак көбүк агып, ал ооналактап жатты.

21 Ыйса анын атасынан: «Ал качантан бери ушундай?» – деп сурады. Атасы: «Бала чагынан бери;

22 жин аны өлтүрүү үчүн, далай жолу отко, сууга ыргытты. Колуңдан келсе, бизге боор ооруп, жардам бере көр», – деди.

23 Ыйса ага: «Эгерде сен бир аз ишенсең, ишенген адамга баары мүмкүн», – деди.

24 Ошол замат баланын атасы көзүнө жаш алып: «Ишенем, Теңир! Менин ишенимимди арттыра көр», – деп кыйкырып жиберди.

25 Ыйса чуркап келе жаткан элди көргөндө, жинге мындай деп тыюу салды: «Эй, дудук, дүлөй жин! Мен сага буйрук кыламын: баланын ичинен чыгып кет, анын ичине кайра кирбе!»

26 Ошондо жин кыйкырып, баланы катуу калтыратып жатып, анын ичинен чыгып кетти. Бала болсо өлүктөй болуп жатып калгандыктан, көптөр: «Ал өлүп калды», – дешти.

27 Бирок Ыйса баланы колунан тартып, өйдө тургузду. Бала ордунан турду.

28 Ыйса үйгө киргенден кийин, өздөрүнчө калышканда, шакирттери Андан: «Биз жинди эмне үчүн кууп чыгара алган жокпуз?» – деп сурашты.

29 Ыйса аларга: «Жиндер сыйынуусуз жана орозосуз чыкпайт», – деп жооп берди.

**Ыйсанын Өзүнүн өлүмү жана тирилүүсү жөнүндө экинчи жолу айтышы**

30 Алар ал жерден чыгып, Галилея аркылуу өтүп бара жатышты. Ыйса муну кимдир бирөө билүүсүн каалаган жок.

31 Анткени Ал шакирттерине: «Адам Уулун адамдардын колуна салып беришет, Аны өлтүрүшөт. Аны өлтүрүшкөндөн кийин, Ал үчүнчү күнү тирилет», – деп насаат айтып жаткан эле.

32 Шакирттер болсо бул сөздөрдү түшүнүшкөн жок, бирок сурагандан коркушту.

**Шакирттердин атак-даңкты сүйүүчүлүгү**

33 Ыйса Капернаумга келди. Үйгө киргенден кийин, Ыйса шакирттеринен: «Жолдо эмне жөнүндө сүйлөшүп келдиңер?» – деп сурады.

34 Алар унчугушкан жок. Анткени алар жолдо: «Кимибиз чоңбуз?» – деп, өз ара талкуулап келишкен эле.

35 Анан Ал отурду да, он эки шакиртин чакырып алып, аларга: «Ким биринчи болууну кааласа, бардыгынын эң акыркысы болсун жана баарынын кызматчысы болсун», – деди.

36 Анан бир баланы алып, алардын ортосуна тургузду да, аны кучактай, аларга мындай деди:

37 «Ким Менин ысымым үчүн ушундай балдардын бирин кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот. Ал эми ким Мени кабыл алса, ал Мени эмес, Мени жиберген Кудайды кабыл алган болот».

**Шакирттердин жалган кызганчаактыгы**

38 Ошондо Жакан: «Устат, биз Сенин ысымың менен жиндерди кууп чыгарган адамды көрдүк. Ал биз менен чогуу жүрбөгөндүктөн, ага тыюу салдык», – деди.

39 Ыйса аларга: «Ага тыюу салбагыла. Анткени Менин ысымым менен керемет көрсөткөн адам Мага дароо эле тил тийгизе албайт.

40 Анткени силерге ким каршы болбосо, ал силер тарапта.

41 Машайакка таандык болгондугуңар үчүн, Менин ысымым үчүн, ким силерге бир чөйчөк суу ичирсе, силерге чындыкты айтып коёюн, ал сыйлыксыз калбайт.

**Азгырыктардан сак болуу**

42 Ал эми Мага ишенген ушул кичинекейлердин бирин күнөөгө түрткөн адамдын мойнуна тегирмен ташын илип, деңизге таштап жиберсе, ал үчүн жакшы болмок.

43 Эгерде колуң сени күнөөгө түртсө, аны кесе чап. Эки колуң менен оттуу көлгө, өчпөгөн отко түшкөнүңдөн көрө, мунжу болуп өмүргө ээ болгонуң жакшы.

44 Ал жерде алардын курту өлбөйт, от да өчпөйт.

45 Эгерде бутуң сени күнөөгө түртсө, аны кесе чап. Эки бутуң менен оттуу көлгө, өчпөгөн отко түшкөнүңдөн көрө, төкөр болуп өмүргө ээ болгонуң жакшы.

46 Ал жерде алардын курту өлбөйт, от да өчпөйт.

47 Эгерде көзүң сени күнөөгө түртсө, аны оюп сал. Эки көзүң менен оттуу көлгө түшкөнүңдөн көрө, бир көзүң менен Кудайдын Падышачылыгына киргениң жакшы.

48 Ал жерде алардын курту өлбөйт, от да өчпөйт.

49 Анткени бардыгы от менен туздалат, ар бир курмандык туз менен туздалат.

50 Туз – жакшы нерсе, бирок ал өзүнүн даамын жоготсо, аны кайра кантип калыбына келтиресиңер? Ичиңерде туз болсун, бири-бириңер менен ынтымактуу болгула».

**10-БӨЛҮМ**

**Ажырашуу жөнүндө**

1 Ыйса ал жерден чыгып, Иордан дарыясынын наркы өйүзүндөгү Жүйүт аймагына келди. Анын жанына кайрадан көп эл чогулду. Ал адатынча аларды окута баштады.

2 Фарисейлер келип, Ыйсадан: «Эркекке аялын кетирүүгө болобу?» – деп сынап сурашты.

3 Ыйса аларга жооп бере: «Муса силерге кандай осуят берди эле?» – деп сурады.

4 Алар: «Муса эркектин талак кат жазып, аялын кетирүүсүнө уруксат берген», – дешти.

5 Ошондо Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Силердин таш боордугуңардан улам, Муса силерге ушул осуятты жазып калтырган.

6 Кудай дүйнөнү жарата баштаганда эле, адамдарды эркек, аял кылып жараткан.

7 Ошондуктан адам ата-энесин таштап,

8 аялы менен биригет. Экөө бир дене болот. Ошентип, алар экөө эмес, бир дене.

9 Демек, Кудай кошконду адам ажыратпасын».

10 Үйгө келишкенде, шакирттери Ыйсадан ушул жөнүндө дагы сурашты.

11 Ыйса аларга: «Аялын кетирип, башканы алган адам ойноштук кылган болот.

12 Күйөөсүн таштап, башкага тийген аял да ойноштук кылган болот», – деди.

**Ыйсанын балдарга батасын бериши**

13 Ыйса колун тийгизип койсун деп, кээ бирөөлөр Ага балдарын алып келишти. Бирок шакирттер аларга тоскоолдук кылышты.

14 Муну көргөн Ыйса ачууланып, аларга мындай деди: «Балдардын Мага келүүсүнө жол бергиле. Аларга тоскоолдук кылбагыла, анткени Кудайдын Падышачылыгы ушундайлардыкы.

15 Силерге чындыкты айтып коёюн, ким Кудайдын Падышачылыгын баладай кабыл албаса, ал ага кирбейт».

16 Анан Ал балдарды кучактап, алардын үстүнө колун коюп, батасын берди.

**Ыйса жана бай жигит**

17 Ыйса жолго чыкканда, бирөө чуркап келип, Анын алдына тизелеп жыгылды да: «Жакшы Устат! Түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн, эмне кылышым керек?» – деп сурады.

18 Ыйса ага: «Мени эмнеге жакшы дейсиң? Кудайдан башка эч ким жакшы эмес.

19 "Ойноштук кылба. Киши өлтүрбө. Бирөөгө жалаа жаппа. Уурдаба. Таарынтпа. Ата-энеңди сыйла" деген осуяттарды билесиң», – деди.

20 Ал Ыйсага: «Устат, мен мунун бардыгын жаш чагымдан бери аткарып жүрөм», – деп жооп берди.

21 Ыйса аны карап, жакшы көрө мындай деди: «Сага бир нерсе жетишпейт. Бар да, колуңда болгондун бардыгын сатып, жакырларга таратып бер, ошондо асманда казынаң болот. Анан кел да, айкаш жыгачыңды алып, Мени ээрчип жүр».

22 Ошондо ал бул сөзгө капа болуп, көңүлү чөккөн бойдон кетип калды, анткени анын мал-мүлкү көп эле.

23 Ыйса тегерегин карап, шакирттерине: «Байлардын Кудай Падышачылыгына кириши кандай кыйын!» – деди.

24 Шакирттер Анын сөздөрүнө аябай таң калышты. Бирок Ыйса кайрадан аларга: «Балдар, байлыгына ишенгендердин Кудай Падышачылыгына кириши кандай кыйын!

25 Бай адамдын Кудай Падышачылыгына кирүүсүнө караганда, ийненин көзүнөн төөнүн өтүүсү оңоюраак», – деди.

26 Алар аябай таң калышып, өздөрүнчө: «Анда ким куткарылат?» – дешти.

27 Ыйса аларды карап: «Адамдар муну кыла алышпайт, бирок Кудай кыла алат. Анткени Кудай бардыгын кыла алат», – деди.

**Шакирттердин сыйлыгы**

28 Петир Ага: «Мына, биз баарын таштап, Сени ээрчип жүрөбүз», – деп айта баштады.

29 Ошондо Ыйса мындай деди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, Мен үчүн жана Жакшы Кабар үчүн үй-жайын, же ага-инилерин, же эже-карындаштарын, же энесин, же атасын, же аялын, же балдарын, же жерин таштаган адам

30 азыр, бул дүйнөдө, куугунтук учурунда да жүз эсе көп үй-жайга, ага-иниге, эже-карындашка, ата-энеге, балдарга жана жерге, ал эми келечекте түбөлүк өмүргө ээ болбой койбойт.

31 Биринчилердин көпчүлүгү акыркы, акыркылардын көпчүлүгү биринчи болот».

**Ыйсанын Өзүнүн өлүмү жана тирилүүсү жөнүндө үчүнчү жолу айтышы**

32 Алар Иерусалимди көздөй бара жатышты. Ыйса алардын алдында бара жатты. Анын артынан ээрчип бара жаткан шакирттердин үрөйлөрү учуп, коркуп жүрүп отурушту. Ыйса он эки шакиртин чакырып алып, аларга Өзүн эмне күтүп тургандыгы жөнүндө кайрадан мындай деп айта баштады:

33 «Мына, биз Иерусалимге жакындап калдык. Адам Уулун башкы ыйык кызмат кылуучулар менен мыйзам окутуучулардын колуна салып беришет, Ага өлүм жазасын өкүм кылып, бутпарастардын колуна өткөрүп беришет.

34 Аны кордошот, сабашат, бетине түкүрүшөт, анан Аны өлтүрүшөт. Бирок Ал үчүнчү күнү тирилет».

**Зебедей уулдарынын суранычы**

35 Ошондо Зебедейдин уулдары Жакып менен Жакан Ыйсага жакын келип: «Устат! Биздин суранычыбызды орундатышыңды каалайбыз», – дешти.

36 Ыйса аларга: «Эмне кылышымды каалайсыңар?» – деди.

37 Алар Ыйсага: «Өзүңдүн даңкыңа ээ болгонуңда, бирибизге оң жагыңа, бирибизге сол жагыңа отурууга уруксат бер», – дешти.

38 Бирок Ыйса аларга: «Эмне сурап жатканыңарды билбейсиңер. Мен иче турган чөйчөктөн иче аласыңарбы? Мен чөмүлдүрүлө турган чөмүлдүрүү менен чөмүлдүрүлө аласыңарбы?» – деди.

39 Алар: «Ошенте алабыз», – деп жооп беришти. Ыйса болсо аларга: «Мен иче турган чөйчөктөн ичесиңер, Мен чөмүлдүрүлө турган чөмүлдүрүү менен чөмүлдүрүлөсүңөр.

40 Бирок Менин оң жагым менен сол жагыма отургузуу Менин колумда эмес. Кимге даярдалган болсо, ошол отурат», – деди.

41 Муну уккан он шакирт Жакып менен Жаканга ачуулана башташты.

42 Ыйса болсо шакирттерин чакырып, аларга: «Элге башчылар үстөмдүк кыларын, төрөлөр бийлик жүргүзөрүн билесиңер.

43 Бирок силердин араңарда мындай болбосун. Тескерисинче, араңарда ким чоң болгусу келсе, ал силерге кызматчы болсун.

44 Араңарда ким биринчи болгусу келсе, ал баарыңарга кул болсун.

45 Анткени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген», – деди.

**Бартымейдин айыгышы**

46 Алар Жерихо шаарына келишти. Ыйса Жерихо шаарынан шакирттери жана көп эл менен чыгып бара жаткан. Ошол учурда Тимей уулу Бартымей деген сокур адам жол боюнда кайыр сурап отурган.

47 Назареттик Ыйса өтүп бара жатканын уккан ал: «Ыйса, Дөөттүн Уулу! Мага ырайым кыла көр!» – деп кыйкыра баштады.

48 Көптөр аны тыйып жатышты. Бирок ал: «Дөөттүн Уулу, мага ырайым кыла көр!» – деп, ого бетер катуу кыйкыра баштады.

49 Ыйса токтоп: «Аны чакыргыла», – деди. Ошондо сокур адамга: «Коркпо, ордуңдан тур, сени чакырып жатат», – дешти.

50 Ал сырткы кийимин чечип ыргытты да, ордунан туруп, Ыйсанын жанына келди.

51 Ыйса андан: «Менин эмне кылышымды каалайсың?» – деп сурады. Сокур адам Ага: «Устат! Көзүм көрсө экен», – деди.

52 Ошондо Ыйса ага: «Бара бер, сени ишенимиң куткарды», – деди. Ошол замат анын көздөрү көрүп калды. Анан ал Ыйсанын артынан ээрчип жөнөдү.

**11-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын Иерусалимге салтанат менен кириши**

1 Алар Иерусалимге жакындаганда, Зайтун тоосунун этегиндеги Бейтфагия жана Бетания кыштактарына жакындап калышканда, Ыйса эки шакиртин мындай деп жөнөттү:

2 «Маңдайыңардагы кыштакка баргыла. Кыштакка кирериңер менен, эч бир адам мине элек, байланып турган кодикти көрөсүңөр. Аны чечип алып, бул жерге алып келгиле.

3 Эгерде кимдир бирөө силерден: “Муну эмне кыласыңар?” – деп сураса, “Бул Теңирге керек”, – деп жооп бергиле. Ошондо ал кодикти дароо эле берет».

4 Алар барып, көчөдө, дарбазанын жанында байланып турган кодикти таап, чечип алышты.

5 Ошондо ал жерде тургандардын кээ бирөөлөрү аларга: «Эмне кылып жатасыңар? Силер кодикти эмне үчүн чечип алып жатасыңар?» – дешти.

6 Шакирттер болсо Ыйса айткандай жооп беришти. Ошондо тигилер аларды коё беришти.

7 Кодикти Ыйсага алып келип, анын үстүнө өздөрүнүн кийимдерин салып беришти. Ыйса кодикке минди.

8 Ошондо элдин көпчүлүгү өздөрүнүн кийимдерин, айрымдар болсо дарактардын бутактарын кесип алып, жолго төшөп жатышты.

9 Ыйсанын алды-артында бара жаткандар: «Дөөттүн Уулуна даңк! Теңирдин атынан Келе Жатканга алкыш!

10 Атабыз Дөөттүн келе жаткан Падышачылыгы даңктуу болсун! Эң Жогорудагыга даңк!» – деп, кыйкырып келе жатышты.

11 Ыйса Иерусалимге келип, ийбадатканага кирип, бардыгын карап чыкты. Күн кечтеп калгандыктан, он эки шакирти менен бирге Бетанияга жөнөп кетти.

**Жемишсиз анжыр дарагы**

12 Эртеси күнү алар Бетаниядан чыгышканда, Ыйса ачка болду.

13 Ал алыстан жалбырактуу анжыр дарагын көрүп, бир нерсе табылар бекен деп, жакын басып барды. Бирок анжыр дарагынын жанына келип, жалбырактан башка эч нерсе таба алган жок. Анткени анжыр жыйнай турган убакыт келе элек эле.

14 Ошондо Ыйса анжыр дарагына: «Мындан ары түбөлүккө сенден эч ким мөмө жебесин!» – деди. Муну шакирттери угушту.

**Ийбадаткананы тазалоо**

15 Анан Иерусалимге келишти. Ыйса ийбадатканага кирип, ал жердеги сатуучулар менен сатып алуучуларды кууп чыгара баштады. Акча алмаштыруучулар менен көгүчкөн саткандардын үстөлүн көңтөрүп салды.

16 Ийбадаткана аркылуу бир нерсе алып өтүүгө эч кимге уруксат берген жок.

17 Анан элге мындай деди: «Ыйык Жазууда: "Менин үйүм бүт элдердин сыйынуу үйү деп аталат", – деп жазылган эмес беле? Силер болсо аны каракчылардын уюгуна айландырдыңар».

18 Муну уккан мыйзам окутуучулар менен башкы ыйык кызмат кылуучулар Аны өлтүрүүнүн жолун издей башташты. Алар Андан коркушчу, анткени бүт эл Анын окутуусуна таң калар эле.

19 Кеч киргенде, Ал шаардан чыгып кетти.

20 Эртең менен алар баягы анжыр дарагынын жанынан өтүп бара жатышып, дарактын тамырына чейин куурап калганын көрүштү.

21 Ошондо Петир эстей калып, Ыйсага: «Устат, карачы! Сен каргаган анжыр жыгачы куурап калыптыр», – деди.

**Ишеним менен сыйынуу**

22 Ыйса аларга мындай деп жооп берди:

23 «Кудайга ишенгиле. Силерге чындыкты айтып коёюн, ким бул тоого: "Ордуңан көтөрүлүп, деңизге түш", – десе жана ичинен шектенбей, айткан сөзү аткарыларына ишенсе, айтканындай болот.

24 Ошондуктан силерге айтып коёюн, Кудайдан эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле, ошондо силерге берилет.

25 Кимдир бирөөгө каршы бир нерсеңер бар болсо, сыйынып жатканыңарда, аны кечирип койгула. Ошондо асмандагы Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирип коёт.

26 Эгерде кечирбесеңер, анда асмандагы Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирбейт».

**Ыйсанын бийлиги жөнүндө суроо**

27 Алар кайрадан Иерусалимге келишти. Ыйса ийбадатканада жүргөндө, башкы ыйык кызмат кылуучулар, мыйзам окутуучулар жана аксакалдар келип:

28 «Сен муну кайсы бийликтин негизинде кылып жатасың? Муну кылууга Сага ким бийлик берди?» – деп сурашты.

29 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Мен да силерден бир нерсени сурайын, Мага жооп бергилечи. Ошондо Мен да силерге муну кайсы бийликтин негизинде кылып жатканымды айтам.

30 Жакандын чөмүлдүрүүсү Кудайдан беле же адамдардан беле? Мага жооп бергилечи».

31 Алар болсо өз ара мындай деп талкуулашты: «Эгерде "Кудайдан", – десек, анда Ал: "Анда эмне үчүн Жаканга ишенген жоксуңар?" – дейт».

32 «Адамдардан» деп айтуудан коркушту, анткени бүт баары Жаканды чын эле пайгамбар деп эсептешчү.

33 Алар Ыйсага: «Билбейбиз», – деп жооп беришти. Ошондо Ыйса аларга: «Муну кайсы бийликтин негизинде кылып жатканымды Мен да силерге айтпайм», – деди.

**12-БӨЛҮМ**

**Кыянатчы жүзүмчүлөр жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

1 Ыйса аларга үлгү-насаат аңгемелер менен сүйлөй баштады: «Бир адам жүзүм багын отургузат. Анын тегерегине тосмо куруп, жүзүм сыгылуучу жай жасап, күзөт мунарасын салат да, аны жүзүмчүлөргө тапшырып, өзү убактылуу бир жакка кетет.

2 Жүзүм багынын жемишинен алуу үчүн, өз убагы келгенде, жүзүмчүлөргө өзүнүн кулун жөнөтөт.

3 Алар болсо кулду кармап алып сабашат да, куру кол кетирип жиберишет.

4 Ошондо ал башка кулун жиберет. Жүзүмчүлөр анын башын таш менен жарып, кордоп кетирип жиберишет.

5 Ошондо ал дагы бир кулун жөнөтөт. Жүзүмчүлөр аны өлтүрүп салышат. Ал дагы көптөгөн кулдарын жөнөтөт. Жүзүмчүлөр алардын кээ бирин сабап, кээ бирин өлтүрүп салышат.

6 Акыры жүзүмдүк ээси: “Уулумдан уялышар”, – деп, жүзүмчүлөргө өзүнүн сүйүктүү уулун жөнөтөт.

7 Бирок жүзүмчүлөр бири-бирине: “Бул – мурасчы. Жүргүлө, аны өлтүрүп салабыз, ошондо мурас биздики болот”, – дешет да,

8 аны кармап алып өлтүрүп, жүзүм багынын сыртына ыргытып жиберишет.

9 Эми жүзүмдүк ээси эмне кылат? Ал келет да, жүзүмчүлөрдү өлтүрүп, жүзүмдүктү башкаларга тапшырат.

10 Силер Кудайдын китебиндеги: “Куруучулар жаратпай койгон таш бурчтун негизи болуп калды.

11 Бул Теңирден, бул биздин көзүбүзгө укмуштуу көрүнөт” деген сөздөрдү окуган жок белеңер?»

12 Ошондо алар Ыйсаны кармоого аракет кылышты. Анткени алар бул үлгү-насаат аңгемеде өздөрү жөнүндө айтылганын түшүнүшкөн эле. Бирок элден коркушкандыктан, ал жерден кетип калышты.

**Салык жөнүндө суроо**

13 Алар Ыйсаны сөзүнөн кармоо үчүн, бир нече фарисейди жана Ироддун бир нече кишисин жөнөтүштү.

14 Алар Ыйсага келип: «Устат, Сенин адилеттүү экениң бизге белгилүү. Эч кимге жагынбайсың, бет карамалык кылбайсың, Кудайдын мыйзамдарын туура окутасың. Рим падышасына салык төлөө туурабы же туура эмеспи? Беришибиз керекпи же бербей эле коюшубуз керекпи?» – дешти.

15 Бирок алардын эки жүздүүлүгүн билген Ыйса: «Мени эмне сынап жатасыңар? Мага динарий алып келип көрсөткүлөчү», – деди.

16 Алар алып келип беришти. Ошондо Ыйса алардан: «Мына бул сүрөт менен жазуу кимдики?» – деп сурады. Алар Ага: «Падышаныкы», – деп жооп беришти.

17 Ыйса аларга: «Падышага тиешелүүнү падышага, Кудайга тиешелүүнү Кудайга бергиле», – деп жооп берди. Ошондо алар Ыйсага аябай таң калышты.

**Тирилүү жөнүндө**

18 Андан кийин «Өлгөндөр тирилбейт» деген садукейлер Ыйсага келип:

19 «Устат! Муса бизге: "Эгерде бирөөнүн бир тууганы өлүп, аялы калса жана андан бала калбаса, анда бир тууганы анын аялын алып, тукумун уласын", – деп жазып калтырган.

20 Жети бир тууган бар эле. Биринчиси аял алып, артына тукум калтырбай көз жумду.

21 Анан ал аялды экинчиси алды. Ал да дүйнөдөн баласыз өтүп кетти. Үчүнчүсү да ошондой болду.

22 Ал аялды жетөө тең алышты, бирок бала калтырышкан жок. Акырында аял да өлдү.

23 Тирилүү күнү келгенде, өлгөндөр тирилгенден кийин, ал аял булардын кимисинин аялы болот? Анткени аны жетөө тең аялдыкка алган», – деп сурашты.

24 Ошондо Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Силер Ыйык Жазууну жана Кудайдын күчүн билбегендиктен жаңылып жатасыңар.

25 Өлгөндөр тирилгенден кийин, аял алуу, күйөөгө тийүү деген болбойт. Алар асмандагы периштелердей болуп калышат.

26 Өлгөндөрдүн тирилери жөнүндө айта турган болсок, Мусанын китебиндеги жалындаган бадал жөнүндөгү аңгемеде Кудайдын Мусага: "Мен Ыбрайымдын, Ыскактын, Жакыптын Кудайымын", – дегенин окуган жок белеңер?"

27 Кудай – өлгөндөрдүн эмес, тирүүлөрдүн Кудайы. Демек, силер өлгөндөр тирилбейт деп, катуу жаңылып жатасыңар».

**Улуу осуят**

28 Алардын талашын жана Ыйсанын аларга жакшы жооп бергенин уккан бир мыйзам окутуучу Анын жанына келип: «Эң биринчи осуят кайсы?» – деп сурады.

29 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Эң биринчи осуят бул: "Кулак сал, Ысрайыл! Биздин Кудай-Теңирибиз – жалгыз Теңир.

30 Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, бүт жан-дилиң менен, бүт түшүнүгүң менен жана бардык күч-кубатың менен сүй!" Биринчи осуят ушул!

31 Экинчиси ушуга окшош: "Өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүй". Булардан башка улуу осуят жок».

32 Мыйзам окутуучу Ыйсага: «Туура айтасың, Устат! Кудай бирөө, Андан башка Кудай жок.

33 Аны чын жүрөгүң менен, бүт акылың менен, бүт жан-дилиң менен, бардык күч-кубатың менен сүйүү жана өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүйүү бардык бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктардан жана башка курмандыктардан да артык», – деди.

34 Ыйса анын туура жооп бергенин көрүп, ага: «Сен Кудайдын Падышачылыгынан алыс эмессиң», – деди. Ушундан кийин эч ким Ага суроо берүүгө батынган жок.

**Машайак – Дөөттүн Уулу жана Теңири**

35 Ыйса ийбадатканада элди окутуп жатканда, мындай деди: «Мыйзам окутуучулар Машайакты Дөөттүн Уулу деп, эмненин негизинде айтып жүрүшөт?

36 Анткени Дөөт өзү Ыйык Рухтун жетеги менен: "Теңир менин Теңириме мындай деди: "Мен Сенин душмандарыңды бут алдыңа жыкканга чейин, Менин оң жагыма отур"", – деген.

37 Демек, Дөөт өзү Машайакты "Теңирим" деп атаган болсо, анан кантип Ал Дөөттүн Уулу болсун?» Ошондо көп эл Аны берилүү менен укту.

**Мыйзам окутуучулардын эки жүздүүлүгү**

38 Анан Ыйса элди мындай деп окутту: «Узун кийим кийип жүрүүнү, элдик жыйындарда алик алууну,

39 синагогада алдыңкы орундарда, тойлордо болсо төрдө отурууну жакшы көргөн мыйзам окутуучулардан сак болгула.

40 Алар жесир аялдардын мал-мүлкүн талап-тоношот, элге көрүнүш үчүн, узакка сыйынышат. Алар оор жазага дуушар болушат».

**Жесир аялдын лептасы**

41 Ыйса курмандыктар салына турган кутунун маңдайында элдин акча салганын карап отурду. Көптөгөн бай адамдар көп акча салып жатышты.

42 Бир жесир аял да келип, эки лепта салды.

43 Ошондо Ыйса шакирттерин жанына чакырып, аларга мындай деди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, бул жарды жесир аял акча салгандардын бардыгынан көп салды.

44 Анткени бардыгы өздөрүнөн артканды салышты, ал эми бул аял жардылыгына карабастан, колунда болгонун, тамакка деген акчасынын баарын салды».

**13-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын келиши жөнүндө. Ийбадаткананын кыйрашы**

1 Ыйса ийбадатканадан чыгып бара жатканда, шакирттеринин бири: «Устат, карачы! Кандай кооз таштар! Кандай кооз имараттар!» – деди.

2 Ошондо Ыйса ага: «Бул чоң имараттарды көрүп жатасыңбы? Мунун баары кыйратылат, бул жерде таш үстүндө таш калбайт», – деди.

3 Ыйса ийбадаткананын маңдайындагы Зайтун тоосунда отурганда, өздөрүнчө калышканда, Петир, Жакып, Жакан жана Андрей Андан:

4 «Бизге айтып берчи, бул качан болот? Мунун баарынын ишке ашарын кандай белги аркылуу билсе болот?» – деп сурашты.

5 Ыйса аларга мындай деп айта баштады: «Силерди бирөө адаштырып кетпеши үчүн сак болгула.

6 Анткени көптөр Менин ысымымды жамынып келип: “Машайак Менмин”, – деп, көптөрдү адаштырышат.

7 Согуштар жана согуш кабарлары жөнүндө укканыңарда, үрөйүңөрдү учурбагыла. Анткени булар болушу керек, бирок бул дүйнөнүн акыры эмес.

8 Бир эл бир элге, бир падышачылык бир падышачылыкка каршы көтөрүлөт, жер-жерлерде жер титирөөлөр, ачкачылык жана козголоңдор болот. Булар – кыйынчылыктардын башталышы.

9 Бирок силер өзүңөргө сак болгула. Анткени силерди сотко беришет, синагогаларда уруп-сабашат. Мен жөнүндө күбөлөндүрүшүңөр үчүн, силерди башкаруучулар менен падышалардын алдына алып барышат.

10 Баарынан мурда бардык элдерге Жакшы Кабар таратылышы керек.

11 Силерди салып берүү үчүн алып бара жатышканда, эмнени айтабыз деп тынчсызданбагыла. Ошол саатта силерге эмне берилсе, ошону айткыла. Анткени силер эмес, Ыйык Рух сүйлөйт.

12 Бир тууган бир тууганын, атасы балдарын өлүмгө кыят. Балдары ата-энелерине каршы көтөрүлүп, аларды өлтүрүшөт.

13 Менин ысымым үчүн бардыгына жек көрүндү болосуңар. Ал эми акырына чейин чыдаган адам куткарылат.

**Улуу кайгы**

14 Окуган адам түшүнүп алсын: Даниел пайгамбар аркылуу айтылган кыйратуучу жийиркенич турбашы керек болгон жерде турганын көргөнүңөрдө, Жүйүт аймагындагылар тоолорго качып кетишсин.

15 Ким үйдүн төбөсүндө болсо, ал бир нерсе алуу үчүн, үйүнө кирбесин.

16 Ким талаада болсо, ал кийимин алуу үчүн, артка кайрылып келбесин.

17 Ошол күндөрдө кош бойлуу жана эмчекте баласы бар аялдарга кыйын болот.

18 Качууңар кыш мезгилине туура келип калбас үчүн сыйынгыла.

19 Анткени ошол күндөрдө чоң алаамат болот, андай алаамат дүйнө жаратылгандан баштап, азыркыга чейин болгон эмес жана кийин да болбойт.

20 Эгерде Теңир ал күндөрдү кыскартпаса, анда эч бир адам куткарылмак эмес. Бирок Ал Өзү тандап алгандар үчүн гана ошол күндөрдү кыскартты.

21 Ошондо силерге кимдир бирөө: “Мына, Машайак бул жерде” же “Тигине, тигил жерде”, – десе, ишенбегиле.

22 Анткени жалган машайактар, жалган пайгамбарлар чыгат. Мүмкүн болсо, тандалгандарды да адаштыруу үчүн, жышаандарды жана кереметтерди көрсөтүшөт.

23 Силер болсо сак болгула. Мына, Мен силерге бардыгын алдын ала айттым.

**Адам Уулунун келиши**

24 Бирок ошол күндөрдө ошол алааматтан кийин, күн караңгылап, ай жарыгын бербей калат.

25 Асмандан жылдыздар түшүп, асман күчтөрү кыймылдайт.

26 Ошондо Адам Уулунун булуттардын үстүндө улуу күч жана даңк менен келе жатканын көрүшөт.

27 Ошондо Ал Өзүнүн периштелерин жиберип, төгөрөктүн төрт бурчунан, бүт жер жүзүнөн Өзүнүн тандалгандарын чогултат.

**Анжыр дарагына салыштыруу**

28 Анжыр дарагынан сабак алгыла: анын бутактары көөп, бүчүр байлап калганда, жай келерине аз калганын билесиңер.

29 Ошол сыяктуу эле, силер да булардын боло баштаганын көргөнүңөрдө, аз убакыт калганын, босогодо турганын билгиле.

30 Силерге чындыкты айтып коёюн, мунун баары болмоюнча, бул муун жок болуп кетпейт.

31 Асман менен жер жок болуп кетет, Менин сөздөрүм болсо жок болбойт.

32 Ал күндү же ал саатты эч ким билбейт: асмандагы периштелер да, Уул да билбейт, бир гана Ата билет.

33 Байкагыла, сергек болгула, сыйынгыла. Анткени ал убакыттын качан келерин билбейсиңер.

**Теңирдин келишин күтүү**

34 Бул жолго чыгарда үй-жайын калтырып, кулдарына бийлик берип, ар бирине өзүнчө иш тапшырган, дарбаза кайтаруучуга болсо сак болууну буйруган үй ээсине окшош.

35 Ошондуктан сергек болгула. Анткени үйдүн ээси качан келерин, кечиндеби, түн ортосундабы, короз кыйкырган маалдабы, таң аткандабы, билбейсиңер.

36 Ал күтүлбөгөн убакта, силер уктап жатканда келип калбасын!

37 Силерге айтып жатканым баарына тиешелүү: сергек болгула!»

**14-БӨЛҮМ**

**Ыйсага каршы жашыруун сүйлөшүү**

1 Пасах жана Ачыткысыз нан майрамына эки күн калган эле. Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен мыйзам окутуучулар Ыйсаны куулук менен кармап алуунун, өлтүрүүнүн жолун издеп жатышты.

2 Бирок алар: «Майрам күндөрү болбойт, болбосо эл арасында козголоң чыгып кетет», – деп сүйлөшүштү.

**Мариямдын Ыйсанын башына жыпар жыттуу май куюшу**

3 Ыйса Бетанияда, пес оорулуу Шымондун үйүндө, дасторкондо отурганда, айнек идишке куюлган, кымбат баалуу, нарддан жасалган жыпар жыттуу, таза май алып, бир аял келди. Ал идиштин оозун сындырып, майды Ыйсанын башына куйду.

4 Ошондо кээ бирөөлөр ачууланышып, өз ара: «Жыпар жыттуу майды мынча ысырап кылуунун эмне кереги бар эле?

5 Аны үч жүздөн ашык динарийге сатып, жакырларга таратып берсе болмок да», – дешти. Ошентип, алар аялга нааразы болушту.

6 Бирок Ыйса аларга мындай деди: «Аны жайына койгула, эмнеге аны оңтойсуздандырып жатасыңар? Ал Мен үчүн жакшы иш кылды.

7 Анткени жакырлар ар дайым жаныңарда болот, аларга каалаган убагыңарда жакшылык кыла аласыңар. Мен болсо силер менен дайыма эле боло бербейм.

8 Бул аял колунан келгенин кылды. Мени көргө коюуга даярдаш үчүн, алдын ала денемди майлады.

9 Силерге чындыкты айтып коёюн, бул Жакшы Кабар дүйнөнүн кайсы гана жеринде таратылбасын, бул аял эске алынып, анын кылганы жөнүндө да айтылат».

**Чыккынчынын башкы ыйык кызмат кылуучулар менен макулдашуусу**

10 Он эки шакирттин бири Жүйүт Искариот Ыйсаны кармап берүү үчүн, башкы ыйык кызмат кылуучуларга барды.

11 Алар болсо муну укканда кубанышып, ага акча берүүнү убада кылышты. Ошондо Жүйүт Ыйсаны алардын колуна салып берүү үчүн, ыңгайлуу учурду издей баштады.

**Пасах тамагы**

12 Ачыткысыз нан майрамынын биринчи күнүндө, Пасах козусу союлганда, шакирттери Ыйсага: «Пасах тамагын кайсы жерде жегиң келет? Биз барып, даярдап берели», – дешти.

13 Ошондо Ыйса эки шакиртин мындай деп жиберди: «Шаарга барсаңар, кумура менен суу көтөрүп бара жаткан адамга жолугасыңар. Анын артынан ээрчип,

14 ал кайсы үйгө кирсе, ошол үйгө киргиле да, ошол үйдүн ээсине: “Устат сенден: "Шакирттерим менен Пасах тамагын жей турган бөлмө кайсы?" – деп сурап жатат” дегиле.

15 Ошондо ал силерге төшөнчүлөр төшөлүп даярдалган, үстүнкү кабаттагы чоң бөлмөнү көрсөтөт».

16 Анын шакирттери жолго чыгып, шаарга келишкенде, бардыгы Ыйса айткандай болуп чыкты. Ошентип, алар Пасах тамагын даярдашты.

**Пасах майрамы**

17 Кеч киргенде, Ыйса он эки шакирти менен келди.

18 Дасторкондо тамак жеп отурушканда, Ыйса аларга: «Силерге чындыкты айтып коёюн, Мени менен бирге тамак ичип отурган араңардагы бирөө Мага чыккынчылык кылат», – деди.

19 Алар бул сөзгө капа болушуп, биринин артынан бири: «Мен эмеспи?» – деп сурай башташты.

20 Ыйса аларга: «Ал – он экинин бири. Ал Мени менен бирге табактагы ашка нанын малып жатат.

21 Дегинкиси, Адам Уулу жөнүндө Ыйык Жазууда кандай жазылса, ошондой аткарылып жатат. Бирок Адам Уулуна чыккынчылык кылган адамга кайгы! Ал адам төрөлбөй эле койсо жакшы болмок», – деп жооп берди.

**Кечки Тамак**

22 Алар тамак жеп жатканда, Ыйса нанды алды да, Кудайга ыраазычылык билдирип сындырды. Анан шакирттерине берип: «Алгыла, жегиле, бул нан Менин Денем», – деди.

23 Чөйчөктү да алып, Кудайга ыраазычылык билдирди да, аларга берди. Бардыгы ошол чөйчөктөгүдөн ичишти.

24 Ошондо Ыйса аларга: «Бул – көптөр үчүн төгүлүп, жаңы келишимди беките турган Менин каным.

25 Силерге чындыкты айтып коёюн, Кудайдын Падышачылыгында жаңы шарап иче турган күн келгенге чейин, Мен мындан ары жүзүм ширесинен ичпейм», – деди.

**Ыйсанын Петирдин баш тартарын алдын ала айтышы**

26 Кудайды даңктап ырдашкандан кийин, алар Зайтун тоосуна жөнөштү.

27 Ошондо Ыйса аларга: «Ушул түнү баарыңар Менден шектенесиңер. Анткени Ыйык Жазууда: “Койчуну жок кылам, ошондо койлор туш-тушка чачырап кетет”, – деп жазылган.

28 Бирок Мен тирилгенден кийин, силерди Галилеядан тосуп алам», – деди.

29 Ошондо Петир Ыйсага: «Бардыгы шектенишсе да, мен шектенбейм», – деди.

30 Ыйса ага: «Сага чындыкты айтып коёюн, бүгүн, ушул түнү, короз эки жолу кыйкырганга чейин, сен Менден үч жолу баш тартасың», – деди.

31 Бирок ал ого бетер күчөп: «Сени менен бирге өлүшүм керек болсо да, мен Сенден баш тартпайм», – деди. Ушундай сөздөрдү башка шакирттер да айтышты.

**Ыйсанын Гетсеманидеги сыйынуусу**

32 Алар Гетсемани деген жерге келишти. Ошондо Ыйса шакирттерине: «Мен сыйынып келгенче, силер бул жерде отуруп тургула», – деди да,

33 Петирди, Жакыпты, Жаканды ала кетти. Анын тынчы кетип, жаны кыйнала баштады.

34 Анан аларга: «Жаным аябай кейип турат. Бул жерде калгыла да, сергек болгула», – деди.

**Биринчи сыйынуу**

35 Өзү четкерээк барып, жүзтөмөндөп жыгылды да, мындай деп сыйына баштады: «Эгерде мүмкүн болсо, ушул саат Менден кыя өтүп кетсинчи».

36 Анан мындай деп сыйынды: «Ата! Сенин колуңдан келбеген нерсе жок. Бул чөйчөктү Менден кыя өткөрүп жиберчи. Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун».

37 Ал шакирттерине кайтып келгенде, алардын уктап жатканын көрүп, Петирге: «Шымон, уктап жатасыңбы? Бир саат сергек боло алган жоксуңбу?

38 Азгырылып кетпес үчүн, сергек болгула, сыйынгыла. Рух сергек, дене алсыз», – деди.

**Экинчи сыйынуу**

39 Анан дагы четкерээк барып, ошол эле сөздөрдү айтып сыйынды.

40 Ал кайтып келгенде, алардын кайрадан уктап калганын көрдү. Анткени аларды уйку басып жаткан эле. Алар Ыйсага эмне деп жооп беришерин билишкен жок.

**Үчүнчү сыйынуу**

41 Үчүнчү жолу келгенде, Ыйса аларга: «Силер дагы эле уктап, эс алып жатасыңарбы? Бүттү, убакыт-сааты келди. Мына, Адам Уулу күнөөкөрлөрдүн колуна салынып берилет.

42 Тургула, кеттик. Мына, Мага чыккынчылык кылуучу жакындап калды», – деди.

**Жүйүттүн чыккынчылыгы**

43 Ыйса муну айтып бүтө электе эле, он экинин бири Жүйүт жана кылыч, союл көтөргөн бир топ адам келип калды. Аларды башкы ыйык кызмат кылуучулар, мыйзам окутуучулар жана аксакалдар жиберишкен эле.

44 Ыйсага чыккынчылык кылуучу аларга: «Мен кимди өпсөм, Ал – Ошол. Аны кармап, сактык менен алып кеткиле», – деген эле.

45 Жүйүт келери менен, Ыйсанын жанына барып: «Устат! Устат!» – деп, Аны өптү.

46 Ошондо алар Аны кармап алышты.

**Бардыгынын Ыйсаны таштап кетиши**

47 Ыйсанын жанында тургандардын бири кылычын сууруп чыгып, башкы ыйык кызмат кылуучунун кулунун бир кулагын шылый чапты.

48 Ыйса аларга: «Мени кармаш үчүн, каракчыны кармачудай болуп, кылыч, союл алып чыктыңарбы?

49 Күн сайын ийбадатканада элди окутуп, силер менен болгонумда, Мени кармаган жок элеңер. Бирок Кудай сөзү орундалууга тийиш», – деди.

50 Ошондо шакирттеринин баары Ыйсаны таштап, качып кетишти.

51 Жылаңач денесине жабуу жамынган бир жаш жигит Ыйсанын артынан ээрчип бара жатты. Ал жигитти аскерлер кармап алышканда,

52 ал үстүндөгү жабуусун таштай салып, жылаңач бойдон качып кетти.

**Ыйса аксакалдардын алдында**

53 Ыйсаны башкы ыйык кызмат кылуучунун алдына алып келишти. Бардык ыйык кызмат кылуучулар, аксакалдар жана мыйзам окутуучулар Анын жанына чогулушту.

54 Петир Аны алыстан ээрчип, ыйык кызмат кылуучунун короосуна кирди. Ал жерде сакчылар менен бирге отуруп, отко жылынды.

55 Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен синедриондогулардын баары Ыйсага өлүм жазасын өкүм кылуу үчүн, жалган күбөлөндүрүү издешти, бирок таба алышкан жок.

56 Анткени көп адамдар Ага каршы жалган күбөлөндүрүшсө да, ал күбөлөндүрүүлөр бири-бирине карама-каршы эле.

57 Кээ бирөөлөр орундарынан туруп, Ага каршы мындай деп жалган күбөлөндүрүштү:

58 «Биз Анын: "Кол менен салынган бул ийбадаткананы бузуп, үч күндүн ичинде кол менен салынбаган башка ийбадаткана тургузам", – дегенин укканбыз».

59 Бирок алардын мындай күбөлөндүрүүлөрү да бири-бирине дал келген жок.

60 Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу ортого чыгып, Ыйсадан: «Сен эмне такыр жооп бербейсиң? Сага каршы булар эмне деп күбөлөндүрүп жатышат?» – деп сурады.

61 Бирок Ыйса унчуккан жок, эч кандай жооп да берген жок. Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу Ыйсага дагы мындай суроо берди: «Даңктуу Кудайдын Уулу, Машайак Сенсиңби?»

62 «Менмин! Силер Адам Уулунун кудуреттүү Кудайдын оң жагында отурганын жана асмандагы булуттар үстүндө келе жатканын көрөсүңөр», – деп жооп берди Ыйса.

63 Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу өзүнүн кийимин айрып жиберип: «Бизге дагы кандай күбөлөр керек?

64 Кудайга акарат келтиргенин өзүңөр уктуңар. Силер буга эмне дейсиңер?» – деди. Алардын баары Ыйсаны өлүм жазасына татыктуу деп чечишти.

65 Кээ бирөөлөр Ага түкүрө баштashты. Анын көзүн таңып коюп сабап: «Кана, пайгамбарчылык кылчы!» – дешти. Сакчылар да Аны жаакка чапкылашты.

**Петирдин Теңирден баш тартышы**

66 Петир ылдыйкы короодо турганда, башкы ыйык кызмат кылуучунун күңдөрүнүн бири келди.

67 Ал отко жылынып отурган Петирди көрүп, тигиле карап: «Сен да назареттик Ыйса менен чогуу жүрбөдүң беле», – деди.

68 Бирок ал: «Сенин эмнени айтып жатканыңды билбейм, түшүнгөн да жокмун», – деп, танып койду. Анан ал сыртка, сырткы короого чыкты. Ошондо короз кыйкырды.

69 Петирди кайрадан көргөн күң өзүнүн жанында тургандарга: «Бул да ошолордон», – деп айта баштады.

70 Ал болсо дагы танып койду. Ошол жерде тургандар бир аздан кийин Петирге кайрадан: «Сен, чын эле, ошолордонсуң. Анткени сен галилеялыксың да», – дешти.

71 Петир болсо аябай карганып: «Силер айтып жаткан Адамды мен таанybaйм», – деди.

72 Ошондо короз экинчи жолу кыйкырды. Петир Ыйсанын: «Короз эки жолу кыйкырганга чейин, сен Менден үч жолу баш тартасың», – деп айткан сөзүн эстеп, ыйлай баштады.

**15-БӨЛҮМ**

**Ыйса Пилаттын алдында**

1 Таң атары менен, башкы ыйык кызмат кылуучулар, мыйзам окутуучулар, аксакалдар жана синедриондогулар кеңешме өткөрүштү да, Ыйсаны байлап, Пилатка алып барып тапшырышты.

2 Пилат Ыйсадан: «Сен жүйүттөрдүн Падышасысыңбы?» – деп сурады. Ыйса болсо ага: «Өзүң айтып жатасың», – деп жооп берди.

3 Башкы ыйык кызмат кылуучулар Ага каршы көп нерселерди айтып айыптап жатышты.

4 Ошондо Пилат Андан: «Сен такыр жооп бербейсиңби?» – деп, дагы сурады. Анан: «Сага каршы айтылган айыптоонун көптүгүн карачы», – деди.

5 Бирок Ыйса бул суроого да жооп берген жок. Пилат буга таң калды.

6 Ал майрам сайын эл сураган бир туткунду бошотуп берчү.

**Ыйсаны эмес, Бараббаны...**

7 Ошол учурда Барабба деген киши көтөрүлүшчүлөр менен бирге камакта болчу. Алар козголоң убагында киши өлтүрүшкөн эле.

8 Эл Пилаттан адаттагысындай эле бирөөнү бошотуп берүүсүн сурап, кыйкыра баштады.

9 Пилат болсо аларга: «Каалайсыңарбы, мен силерге жүйүттөрдүн Падышасын бошотуп берейин?» – деди.

10 Анткени ал башкы ыйык кызмат кылуучулардын Ыйсаны көрө албастыктан улам кармап беришкендигин билчү.

11 Бирок башкы ыйык кызмат кылуучулар: «Андан көрө Бараббаны бошотуп берүүсүн сурагыла», – деп, элди тукуруп коюшту.

12 Пилат кайрадан аларга: «Жүйүттөрдүн Падышасы деп өзүңөр атаган Адамды эмне кылышымды каалайсыңар?» – деди.

13 Алар: «Аны айкаш жыгачка када!» – деп кыйкырышты.

14 Пилат алардан: «Ал кандай жаман иш кылды эле?» – деп сурады. Алар болсо: «Аны айкаш жыгачка када!» – деп, мурдагыдан да катуу кыйкырышты.

15 Ошондо Пилат элге жагууну каалап, аларга Бараббаны бошотуп берди. Ал эми Ыйсаны камчы менен сабаткандан кийин, айкаш жыгачка кадатуу үчүн, аскерлердин колуна тапшырды.

**Ыйсанын кордолуп, шылдыңдалышы**

16 Аскерлер болсо Ыйсаны ак сарайдын короосуна, башкача айтканда, преторияга алып келишти да, бүт аскер бөлүгүн чогултушту.

17 Ыйсанын үстүнө кочкул кызыл чапан жаап, башына тикенектен таажы өрүп кийгизишти.

18 Анан: «Салам, жүйүттөрдүн Падышасы!» – деп, Аны менен саламдаша баштаашты.

19 Алар Аны ичке чыбык менен башка чапкылашты, Ага түкүрүштү. Тизе бүгүп, Ага таазим кылышты.

20 Аны ушинтип шылдыңдашкандан кийин, Андан кочкул кызыл чапанды чечип алып, Өзүнүн кийимин кийгизишти. Анан Аны айкаш жыгачка кадоо үчүн алып жөнөштү.

21 Алар талаадан келе жаткан Шымон деген киренеялык бир кишиге Ыйсанын айкаш жыгачын мажбурлап көтөртүп коюшту. Ал Искендер менен Руттун атасы эле.

22 Ошентип, алар Ыйсаны Голгофа (бул «Баш сөөгү» деп которулат) деген жерге алып келишти.

23 Ага смирна кошулган шарап беришти, бирок Ал ичкен жок.

**Ыйсанын айкаш жыгачка кадалышы жана өлүшү**

24 Ыйсаны айкаш жыгачка кадагандар өкчөмө таш ыргытып, Анын кийимдерин бөлүп алышты.

25 Үчүнчү саат чамасында Аны айкаш жыгачка кадашты.

26 Анын баш жагына «Жүйүттөрдүн Падышасы» деген айыптоо жазылган тактайчаны илип коюшту.

27 Ыйсанын жанына эки кылмышкерди: бирин Анын оң жагына, бирин сол жагына айкаш жыгачка кадашты.

28 Ошентип, «Ал кылмышкер катары эсептелди» деген пайгамбарчылык орундалды.

29 Өтүп бара жаткандар баштарын чайкап, Ыйсаны мындай деп тилдеп жатышты: «Эй, ийбадаткананы бузуп, үч күндө Тургузуучу!

30 Айкаш жыгачтан түшүп, Өзүңдү куткарбайсыңбы!»

31 Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен мыйзам окутуучулар да шылдыңдашып, бири-бирине: «Башкаларды куткарды, Өзүн болсо куткара албайт!

32 Машайак, Ысрайылдын Падышасы, азыр айкаш жыгачтан түшсүн, биз көрүп, Ага ишенип калалы», – дешти. Анын жанындагы айкаш жыгачка кадалгандар да Аны тилдеп жатышты.

33 Алтынчы сааттан тогузунчу саатка чейин бүт жерди караңгылык басып турду.

34 Тогузунчу саатта Ыйса үнүн катуу чыгарып: «Элои! Элои! Ламма савахфани?» – деп кыйкырды. Бул «Кудайым ай, Кудайым ай! Мени эмнеге жалгыз калтырдың?» деп которулат.

35 Ал жерде тургандардын кээ бирөөлөрү муну укканда: «Ал Илиясты чакырып жатат», – дешти.

36 Ошондо бирөө жүгүрүп барып, соргучту ачуу ичимдикке малды да, аны ичке таякка илип, Ыйсага берди. Анан: «Токтогула, Илияс келип, Аны түшүрүп алар бекен, көрөлү», – деди.

37 Ыйса болсо катуу үн чыгарып, жан берди.

38 Ошондо ийбадатканадагы көшөгө жогорудан ылдый айрылып, экиге бөлүнүп калды.

39 Ыйсанын маңдайында турган жүз башы Анын ушундай катуу үн чыгарып жан бергенин көргөндө: «Бул Адам, чын эле, Кудайдын Уулу болчу», – деди.

40 Ал жерде алыстан карап турган аялдар да бар болчу. Алардын арасында магдалалык Мариям, кичинекей Жакып менен Жосенин энеси Мариям, Саломе бар эле.

41 Ыйса Галилеяда жүргөндө, алар Анын артынан ээрчип, Ага кызмат кылышчу. Ал жерде Аны менен Иерусалимге келген башка да көптөгөн аялдар бар эле.

**Ыйсанын көргө коюлушу**

42 Кеч кирип, жума күнү аяктап, ишемби күнгө таяп калганда,

43 синедриондун бир кадырлуу мүчөсү, Кудайдын Падышачылыгын күтүп жүргөн ариматаялык Жусуп келди. Ал Пилатка кирүүгө батынып, Ыйсанын сөөгүн сурады.

44 Пилат Анын өлүп калганына таң калды. Анан ал жүз башыны чакырып: «Өлгөнүнө көп болдубу?» – деп сурады.

45 Жүз башыдан билгенден кийин, Жусупка сөөктү бердиртти.

46 Жусуп ак болотнай сатып алды да, Ыйсанын сөөгүн айкаш жыгачтан түшүрүп, кепиндеди. Анан ал сөөктү асканын бооруна оюлган мүрзөгө коюп, мүрзөнүн оозун таш тоголотуп келип жапты.

47 Магдалалык Мариям менен Жосенин энеси Мариям болсо Анын кайсы жерге коюлганын карап турушту.

**16-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын тирилиши жана ошол күнкү окуялар**

1 Ишемби күн өткөндөн кийин, магдалалык Мариям, Жакыптын энеси Мариям жана Саломе Ыйсанын денесин майлоо үчүн, жыпар жыттуу майларды сатып алышты.

2 Жуманын биринчи күнү, эртең менен эрте, күн чыга электе, алар мүрзөгө келишти.

3 Алар өз ара: «Мүрзөнүн оозундагы ташты ким четке жылдырып берет?» – деп, сүйлөшүп келе жатышты.

4 Алар мүрзөгө жакын келишкенде, таштын четке жылдырылып калганын көрүштү. Таш болсо аябай чоң эле.

5 Алар мүрзөгө киргенде, оң тарапта отурган, ак кийимчен бир жигитти көрүп, коркуп кетишти.

6 Ал болсо аларга мындай деди: «Коркпогула! Силер айкаш жыгачка кадалган назареттик Ыйсаны издеп жатасыңарбы? Ал тирилди, Ал бул жерде жок. Мына, Анын сөөгү коюлган жер.

7 Баргыла да, Анын шакирттери менен Петирге: “Ал силерди Галилеядан тосуп алат. Силерге Өзү айткандай, Аны ошол жактан көрөсүңөр”, – деп айткыла».

8 Алар мүрзөдөн чыгып, чуркап жөнөштү. Корккондорунан титиреп, үрөйлөрү учуп калган алар эч кимге эч нерсе айтышкан жок.

**Ыйсанын тапшырмасы**

9 Жуманын биринчи күнү эртең менен эрте тирилген Ыйса эң биринчи болуп, магдалалык Мариямга көрүндү. Ал анын ичинен жети жинди кууп чыгарган эле.

10 Мариям барып, мурда Ыйса менен чогуу жүрүп, азыр болсо кайгырып, ыйлап жаткандарга жарыялады.

11 Бирок алар Ыйсанын тирүү экендигин жана Мариямдын көргөндүгүн угушканда, ишенишкен жок.

12 Ошондон кийин Ыйса бир айылга жол тартып бара жаткан эки шакиртке башкача болуп көрүндү.

13 Алар кайтып келип, калган шакирттерге жарыялашты, бирок аларга да ишенишкен жок.

14 Ыйса ошондон кийин дасторкондо отурган он бир шакиртине көрүндү. Ал шакирттерин ишенбестиги үчүн жана жүрөктөрүнүн катуулугу үчүн жемеледи. Анткени алар Анын тирилгендигин көргөндөргө ишенбей коюшкан эле.

15 Анан аларга мындай деди: «Бүт дүйнөнү кыдырып, бардык адамдарга Жакшы Кабарды жарыя кылгыла.

16 Ким ишенип, сууга чөмүлдүрүлсө, ал куткарылат. Ал эми ким ишенбесе, ал айыпталат.

17 Мага ишенгендерди бул белгилер коштоп жүрөт: Менин ысымым менен жиндерди кууп чыгарышат, жаңы тилдерде сүйлөшөт.

18 Эгерде колдору менен жыландарды кармап алышса, уулуу нерсе ичип алышса, алардан зыян тартышпайт. Колдорун оорулуулардын үстүнө коюшса, оорулуулар айыгышат».

**Ыйсанын асманга көтөрүлүп кетиши**

19 Ошентип, Ыйса Теңир алар менен сүйлөшкөндөн кийин, асманга көтөрүлүп, Кудайдын оң жагына отурду.

20 Шакирттер болсо бардык жерди кыдырып, Жакшы Кабар таратып жүрүштү. Теңир аларга жардам берип, көрсөтүлгөн кереметтер аркылуу Өз сөзүн бекемдеп жатты. Оомийин.

**ЛУКА жазган Жакшы Кабар**

**1-БӨЛҮМ**

**Кириш сөз**

1 Урматтуу Теопил! Биздин арабызда кеңири белгилүү болгон окуялар жөнүндө көптөгөн адамдар баяндап жаза башташты.

2 Бизге ал окуяларды башынан бери өз көзү менен көргөндөр жана Кудайдын Сөзүн таратуучулар айтышкан эле.

3 Ошондуктан бардыгын башынан баштап кылдаттык менен изилдеп чыкканымдан кийин, мен да сага ирети менен баяндап жазып жиберүүнү туура таптым.

4 Бул аркылуу сен өзүң уккан сөздөрдүн чындык экендигин билип каласың.

**Периште чөмүлдүрүүчү Жакандын төрөлөрүн кабарлайт**

5 Жүйүт падышасы Ироддун убагында Абия тобунда Захария аттуу ыйык кызмат кылуучу болгон. Анын Арун уруусунан чыккан Элизабет деген аялы бар эле.

6 Экөө тең Теңирдин осуяттары менен көрсөтмөлөрүн так аткарып, Кудай алдында адил жашашчу.

7 Элизабет төрөбөс болгондуктан, алардын балдары жок болчу. Экөө тең карып калышкан эле.

8 Бир күнү Захария өз кезеги боюнча Кудай алдында кызмат кылып жатканда,

9 ыйык кызмат кылуучулардын салты боюнча өкчөмө таш ыргытылып, ага Теңирдин ийбадатканасына кирип жыпар жыттуу зат түтөтүү кызматы тийди.

10 Жыпар жыттуу зат түтөтүлүп жаткан учурда, көп эл сыртта сыйынып турду.

11 Ошондо ага Теңирдин периштеси көрүндү. Периште жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайдын оң жагында турду.

12 Захария аны көргөндө, селт эте түштү. Аны коркунуч басты.

13 Периште болсо ага мындай деди: «Коркпо, Захария! Анткени сенин сыйынууң угулду. Аялың Элизабет сага уул төрөп берет, анын ысымын Жакан коёсуң.

14 Сен кубанычка, шаттыкка бөлөнөсүң, анын төрөлгөнүнө көптөр сүйүнүшөт.

15 Анткени ал Теңирдин алдында улуу адам болот. Шарап да, күчтүү ичкилик да ичпейт. Энесинин ичинде жатканда эле Ыйык Рухка толот.

16 Ысрайыл уулдарынын көпчүлүгүн өздөрүнүн Кудай-Теңирине бурат.

17 Аталарынын жүрөгүн балдарына, баш ийбегендерди адил адамдардын ойлонуу жолуна буруп, даярдалган элди Теңирге алып келүү үчүн, ал Илияс пайгамбардын руху жана күчү менен Анын алдында келет».

18 Ошондо Захария периштеге: «Мен муну эмнеден улам билем? Анткени мен карып калдым, аялым да карыды», – деди.

19 Периште ага мындай деп жооп берди: «Мен Кудай алдында туруучу Жебирейилмин, сени менен сүйлөшүү үчүн, сага ушул жакшы кабарды билдирүү үчүн жиберилгем.

20 Сен менин өз убагы келгенде орундала турган сөздөрүмө ишенбегендигиң үчүн, тилден калып, бул ишке ашкан күнгө чейин сүйлөбөйсүң».

21 Ошол учурда Захарияны күтүп турган эл анын ийбадатканада кармалып жатканына таң калды.

22 Ал сыртка чыкканда, элге сүйлөй албай койду. Ошондо алар анын ийбадатканада көрүнүш көргөнүн түшүнүштү. Захария аларга жаңсап түшүндүрдү, анткени ал дудук болуп, сүйлөй албай калган эле.

23 Кызмат кыла турган күндөрү бүткөндөн кийин, ал үйүнө кайтты.

24 Ошол күндөрдөн кийин анын аялы Элизабеттин боюна бүтүп, беш ай бою жашырынып жүрдү.

25 «Мени элдин шылдыңынан куткарыш үчүн, Теңир ушул күндөрдө мага назарын салып, ушундай кылды», – деди ал.

**Жакшы Кабар**

26 Алтынчы айда Кудай Галилеянын Назарет деген шаарына,

27 Дөөт тукумунан чыккан Жусуп деген адам менен убадалашып койгон кызга Жебирейил периштени жиберди. Кыздын ысымы Мариям эле.

28 Периште ага келип: «Салам, Кудайдан ырайым тапкан кыз! Теңир сени менен! Аялдардын ичинен сен баталуусуң!» – деди.

29 Периштенин сөзүнө апкаарый түшкөн Мариям бул саламдашуу эмнени билдирет деп, ойлонуп калды.

30 Ошондо периште ага мындай деди: «Коркпо, Мариям! Анткени сен Кудайдан ырайым таптың.

31 Боюңа бүтүп, Уул төрөйсүң, Анын ысымын Ыйса коёсуң.

32 Ал улуу болот жана Бардыгынан Жогору Тургандын Уулу деп аталат. Кудай-Теңир Ага атасы Дөөттүн тагын берет.

33 Ал Жакыптын тукумуна түбөлүккө падышачылык кылат, Анын падышачылыгынын чеги болбойт».

34 Мариям периштеден: «Эркек көрбөсөм, бул кандайча болот?» – деп сурады.

35 Периште ага мындай деп жооп берди: «Сенин үстүңө Ыйык Рух түшөт. Сени Бардыгынан Жогору Тургандын күчү каптайт. Ошондуктан төрөлө турган Ыйыкка Кудайдын Уулу деген ысым берилет.

36 “Төрөбөс” деп аталган тууганың Элизабет да карыганда кош бойлуу болду. Ал уул төрөйт, анын боюна бүткөнүнө алты ай болду.

37 Анткени Кудайдын бир да сөзү күчүн жоготпойт».

38 Ошондо Мариям: «Мен мына, мен Теңирдин кулумун. Мага сен айткандай болсун», – деди. Ошондон кийин периште анын жанынан кетти.

**Мариям Элизабетке келет**

39 Ошол күндөрдүн биринде Мариям тоолуу Жүйүт өлкөсүнүн бир шаарына шашылыш түрдө жөнөдү.

40 Ал Захариянын үйүнө кирип, Элизабет менен саламдашты.

41 Мариямдын саламын укканда, Элизабеттин ичиндеги баласы туйлап жиберди. Ошондо Элизабет Ыйык Рухка толуп,

42 үнүн бийик чыгарып, мындай деди: «Аялдардын ичинен сен баталуусуң, ичиңдеги бала да баталуу!

43 Теңиримдин энеси мага келгидей, мен киммин?

44 Анткени сенин саламыңды укканымда, ичимдеги бала кубанычтан туйлап жиберди.

45 Ишенгениң үчүн бактылуусуң, анткени Теңирдин сага айткан сөзү аткарылат».

**Мариямдын даңктоо ыры**

46 Мариям мындай деди: «Менин жаным Теңирди даңктайт.

47 Куткаруучум Кудайды ойлоп, рухум кубанды.

48 Анткени Ал Өзүнүн кулунун момундугуна назарын салды. Анткени мындан ары бардык муундар мени “бактылуу” дешет.

49 Анткени Кудуреттүү мага улуу иш жасады. Анын ысымы ыйык.

50 Ал Өзүнөн корккондорго укумдан-тукумга ырайым кылат.

51 Ал Өзүнүн колунун күчүн көрсөттү. Жүрөгүндөгү ойлору текеберлерди чачыратып жиберди.

52 Күчтүүлөрдү тактыларынан түшүрүп, момундарды көтөрдү.

53 Ачкаларга ырыскыны мол берди, байларды болсо куру кол коё берди.

54-55 Биздин ата-бабаларыбызга, Ыбрайымга жана анын тукумуна түбөлүккө ырайым кылууну убада кылганын эстеп, Өзүнүн кулу Ысрайылга жардамга келди».

56 Мариям Элизабеттин жанында үч айга жакын болуп, үйүнө кайтты.

**Чөмүлдүрүүчү Жакандын төрөлүшү**

57 Элизабеттин төрөр маалы келип, уул төрөдү.

58 Теңирдин ага улуу ырайым көрсөткөнүн уккан анын коңшулары менен туугандары аны менен бирге кубанышты.

59 Сегизинчи күнү баланы сүннөткө отургузууга келишти. Ага атасы Захариянын ысымын коймокчу болушту.

60 Бирок баланын энеси: «Жок, анын ысымын Жакан коёбуз», – деди.

61 Ошондо алар ага: «Сенин урук-тукумуңда мындай аттуу эч ким жок да», – дешти.

62 Анан баланын атасынан кандай ат койгусу келерин жаңсап сурашты.

63 Ал тактайча талап кылып, «Анын ысымы – Жакан» деп жазды. Бардыгы таң калышты.

64 Ошол замат Захарияга тил кирип, Кудайды даңктай баштады.

65 Алардын тегерегинде жашагандардын бардыгын коркунуч басты. Бул жөнүндө тоолуу Жүйүт аймагынын бүт жерине сөз тарады.

66 Уккандардын бардыгы муну көкүрөгүнө түйүп: «Бул бала ким болор экен?» – дешти. Аны Кудай Өзү колдоп жүрдү.

**Захариянын даңктоо ыры**

67 Анын атасы Захария Ыйык Рухка толуп, мындай деп пайгамбарчылык кылды:

68 «Ысрайылдын Кудай-Теңирине алкыш! Анткени Ал Өз элине келип, аны кун төлөп куткарып алды.

69 Байыртадан бери Өзүнүн ыйык пайгамбарлары аркылуу айтып келгендей,

70 Өз кулу Дөөттүн тукумунан биз үчүн куткаруу мүйүзүн көтөрдү.

71 Ал бизди душмандарыбыздан, бизди жек көргөндөрдүн колунан куткарды.

72 Биздин ата-бабаларыбызга ырайым кылып, Өзүнүн ыйык келишимин эстеди.

73 Өмүрүбүз өткөнчө Анын алдында, Ага ыйыктык жана адилеттүүлүк менен,

74-75 коркпостон кызмат кылышыбыз үчүн, Ал атабыз Ыбрайымга бизди душмандарыбыздын колунан куткарууну убада кылган.

76 Сен да, наристе, Бардыгынан Жогору Тургандын пайгамбары деп аталасың. Анткени сен Теңирге жол даярдаш үчүн,

77 Кудайдын улуу боорукердиги боюнча күнөөлөрү кечирилип, куткарыларын Анын элине түшүндүрүш үчүн, Анын алдында келесиң.

78 Ошол улуу боорукердик боюнча бизди тынчтыктын жолуна салуу үчүн,

79 караңгычылыкта жана өлүм көлөкөсү баскан өлкөдө жашагандарга жарык берүү үчүн, жогорудан бизге Жарык келди».

80 Бала болсо чоңоюп, күндөн күнгө руху бекемделип жатты. Ал өзүнүн Ысрайыл элине келгенге чейин ээн талаада жашады.

**2-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын төрөлүшү**

1 Ошол күндөрдө Рим императору Август «Бүт өлкөдө эл каттоо болсун» деген буйрук чыгарды.

2 Бул Кибрений Сирияны башкарып турган убакта болгон биринчи эл каттоо эле.

3 Ошондо каттоодон өтүш үчүн, ар ким өз шаарына барды.

4 Жусуп да Галилеядагы Назарет шаарынан Жүйүт аймагына, Дөөттүн шаары Бейт-Лехемге жөнөдү. Анткени ал Дөөт падышанын тукумунан эле.

5 Ал өзү менен убадалашып койгон кош бойлуу аялы Мариям менен бирге каттоодон өтмөкчү болду.

6 Алар Бейт-Лехемге келишкенде, Мариямдын төрөр маалы келип,

7 тун Уулун төрөдү. Аны ороп, сарайдагы акырга жаткырды, анткени мейманканада аларга орун жок болчу.

**Периштенин койчуларга кубанычтуу кабар жарыялашы**

8 Ошол жерде түнкүсүн талаада түнөп малын кайтарган койчулар бар эле.

9 Күтүлбөгөн жерден аларга Теңирдин периштеси көрүнүп, Теңирдин даңкы жаркырады. Койчулар аябай коркуп кетишти.

10 Периште аларга: «Коркпогула! Мен силерге бардык адамдарды сүйүнтө турган чоң кубанычты жарыялайм.

11 Бүгүн Дөөттүн шаарында силер үчүн Куткаруучу төрөлдү. Ал – Машайак Теңир.

12 Силер аны бул белги боюнча билесиңер: жалаякка оролуп, акырда жаткан Наристени көрөсүңөр», – деди.

13 Күтүлбөгөн жерден периште менен бирге асман аскерлеринин тобу көрүнүп:

14 «Асмандагы Кудайга даңк! Жер үстүндө, Кудайга жаккан адамдар арасында тынчтык болсун», – деп, Кудайды даңкташты.

**Койчулардын табынуусу**

15 Периштелер асманга көтөрүлүп кеткенден кийин, койчулар бири-бирине: «Жүргүлө, Бейт-Лехемге баралы да, ал жерде эмне болгонун, Теңирдин бизге эмне жөнүндө жарыялаганын көрөлү», – дешти.

16 Алар шашылыш түрдө келишип, Мариям менен Жусупту, акырда жаткан Наристени көрүштү.

17 Аларды көрүшкөндөн кийин, бул Наристе жөнүндө уккандарын айтып беришти.

18 Ошондо угуп тургандардын бардыгы койчулардын сөздөрүнө таң калышты.

19 Мариям болсо бул сөздөрдүн бардыгын көңүлүнө түйүп, эсине сактады.

20 Койчулар көргөндөрүнүн, уккандарынын баары периштенин айтканындай болгону үчүн Кудайды даңктап, мактап, кайра кайтышты.

**Ыйсанын сүннөткө отургузулушу**

21 Сегиз күн болгондо, Наристени сүннөткө отургузууга мезгил жеткенде, Анын ысымын Ыйса деп коюшту. Бул ысым Нариste бойго бүтө электе эле, periште тарабынан коюлган эле.

22 Мусанын мыйзамы боюнча алардын тазалануу убагы бүткөндөн кийин, алар Ыйсаны Теңирдин алдына алып баруу үчүн, Иерусалимге алып келишти.

23 Анткени Теңирдин мыйзамында: «Сүннөткө отургузулган ар бир тун эркек бала Теңирге арналсын», – деп жазылган.

24 Алар Теңирдин мыйзамы боюнча эки бактек же эки жаш көгүчкөндү курмандыкка чалуулары керек эле.

**Шымыйондун пайгамбарчылыгы**

25 Ошол убакта Иерусалимде Шымыйон деген адам жашачу. Ал Ысрайыл элинин сооронор мезгилин күтүп жүргөн, Кудайдан корккон, Ыйык Рухтун жетеги менен жашаган адил адам эле.

26 Ага Ыйык Рух тарабынан: «Теңирдин Машайагын көрмөйүнчө, өлбөйсүң», – деп алдын ала айтылган эле.

27 Ал Ыйык Рухтун жетеги менен ийбадатканага келди. Мыйзамды аткаруу үчүн, ата-энеси Наристе Ыйсаны ийбадатканага алып келишкенде,

28 Шымыйон Аны колуна алып, Кудайды даңктап, мындай деди:

29 «Эгедер Теңирим, эми Өз сөзүң боюнча Өз кулуңду тынчтык менен коё бересиң.

30 Анткени мен Сенин бардык элдердин алдында даярдаган куткарууңду,

31 бутпарастардын көзүн ача турган жарыкты,

32 Ысрайыл элиңдин даңкын көрдүм».

33 Наристе жөнүндө айтылган сөздөргө Жусуп да, Мариям да таң калды.

34 Анан Шымыйон аларга батасын берип, Наристенин энеси Мариямга: «Бул Наристе Ысрайыл жеринде көптөрдүн жыгылуусунун жана көптөрдүн жогору көтөрүлүүсүнүн, талаш-тартыштын себепкери болот. Көптөрдүн жүрөктөгү ойлору ачылат.

35 Ал эми сенин жүрөгүң тилингендей болот», – деди.

**Пайгамбар аял Анна**

36 Ошол жерде Ашыр уруусунан чыккан Пануел кызы Анна деген карыган пайгамбар аял бар эле. Ал күйөөсү менен жети жыл гана жашаган.

37 Сексен төрт жаштагы бул жесир аял орозо кармап, сыйынып, Кудайга күнү-түнү кызмат кылып, ийбадатканадан кетчү эмес.

38 Ошол учурда ал да келип, Теңирди даңктап, Иерусалимдин эркиндикке чыгуусун күтүп жүргөндөрдүн бардыгына Ал жөнүндө айтып берди.

**Назаретке кайтуу**

39 Алар Теңирдин мыйзамында көрсөтүлгөндүн бардыгын аткарышкандан кийин, Галилеядагы өздөрүнүн Назарет шаарына кайтып келишти.

40 Бала акылга толуп, руху бекемделип, чоңоё берди. Кудай Ага батасын берип жатты.

**Он эки жашар Ыйса ийбадатканада**

41 Жыл сайын Ыйсанын ата-энеси Иерусалимге Пасах майрамына барышчу.

42 Ыйса он эки жашка чыкканда да, алар адаттагыдай эле Иерусалимге майрамга барышты.

43 Майрам күндөрү аяктап, үйлөрүнө кайтышканда, өспүрүм Ыйса Иерусалимде калып калды. Муну Жусуп да, Анын энеси да байкаган жок.

44 Аны башкалар менен келе жатат деп ойлошту. Бир күн жол жүрүшкөндөн кийин, алар Аны туугандарынын жана тааныштарынын арасынан издей башташты.

45 Таппай коюшкандан кийин, Аны издеп, кайра Иерусалимге келишти.

46 Үч күндөн кийин Аны ийбадатканадан, устаттардын ортосунда сөз угуп, суроо берип отурган жеринен табышты.

47 Угуп отургандардын бардыгы Анын акылына жана берген жоопторуна таң калышты.

48 Ата-энеси Аны көрүп, таң калды. Энеси Ага: «Балам, бул эмне кылганың? Атаң экөөбүз сарсанаа болуп, Сени издеп жүрөбүз», – деди.

49 Ыйса аларга: «Мени эмнеге издейсиңер? Атамдын үйүндө болушум керек экендигин билген эмес белеңер?» – деди.

50 Бирок алар айтылган сөздөрдүн маанисин түшүнүшкөн жок.

51 Анан Ыйса ата-энеси менен Назаретке келди. Ал ата-энесине тил алчаак болду. Энеси болсо бул сөздөрдүн баарын көкүрөгүнө түйүп жүрдү.

52 Ыйса жетилип, акыл-эске толду. Ал Кудайдын да, адамдардын да сүймөнчүгү болду.

**3-БӨЛҮМ**

**Чөмүлдүрүүчү Жакандын кызматы**

1 Рим падышасы Тиберийдин падышачылыгынын он бешинчи жылы эле. Жүйүт аймагында Понтий Пилат, Галилеяда Ирод Антипас, Итурея жана Трахонит аймактарына Ироддун бир тууганы Филип, Абиленеяда Лусаний акимчилик кылып,

2 Анас менен Кайапа башкы ыйык кызмат кылуучу болуп турганда, ээн талаада Захариянын уулу Жаканга Кудайдан сөз айтылды.

3 Ошондон кийин Жакан Иордан дарыясынын боюндагы бүт аймактарды кыдырып, адамдардын күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн, тобо кылуу чөмүлдүрүүсүн жар сала баштады.

4 Бул жөнүндө Ышайа пайгамбардын китебинде мындай деп жазылган: «Теңирге жол даярдагыла, Ал үчүн жолду түздөгүлө деп, ээн талаада жар салган адамдын үнү угулат.

5 Ойдуңдун баары толтурулсун, тоолор менен дөңдөрдүн баары текшиленсин, ийри-буйру жерлер түздөлсүн, өңгүл-дөңгүл жолдор тегизделсин.

6 Ошондо ар бир адам Кудайдын куткаруусун көрөт».

7 Жакан сууга чөмүлдүрүлүү үчүн келген элге: «Жылан тукумдары! Келечек каардан качып кутулууну силерге ким үйрөттү?

8 Тобо кылганыңарды иштериңер аркылуу көрсөткүлө! “Биздин атабыз – Ыбрайым”, – деп ойлобой эле койгула. Анткени силерге айтып коёюн, Кудай Ыбрайымга ушул таштардан да балдарды жаратып бере алат.

9 Балта дарактардын тамырынын жанына коюлган. Демек, жакшы жемиш бербеген ар бир дарак кыйылып, отко ыргытылат», – деди.

10 Ошондо эл Жакандан: «Анда эмне кылышыбыз керек?» – деп сурады.

11 Ал элге: «Кимдин эки кийими бар болсо, бирин кийими жокко берсин. Кимдин тамак-ашы болсо, ал да ушундай кылсын», – деп жооп берди.

12 Салык жыйноочулар да сууга чөмүлдүрүлүү үчүн келип, андан: «Устат, биз эмне кылышыбыз керек?» – деп сурашты.

13 Жакан аларга: «Силерге белгиленгенден ашык талап кылбагыла», – деп жооп берди.

14 Аскерлер да андан: «Бизчи, биз эмне кылышыбыз керек?» – деп сурашты. Ошондо Жакан аларга: «Эч кимге кысым көрсөтпөгүлө, бирөөгө жалаа жаппагыла, өзүңөрдүн маянаңарга ыраазы болгула», – деп жооп берди.

15 Куткаруучуну күтүп жүргөн эл Жакан жөнүндө: «Бул Машайак эмеспи?» – деп ойлошту.

16 Жакан элдин бардыгына мындай деп жооп берди: «Мен силерди сууга чөмүлдүрөм, бирок менден Күчтүү келет, мен Анын бут кийиминин боосун чечүүгө да татыксызмын. Ал силерди Ыйык Рухка жана отко чөмүлдүрөт.

17 Анын күрөгү Өз колунда, Ал Өзүнүн кырманын тазалап, буудайды кампасына жыйнайт, ал эми саманды өчпөс отко салат».

18 Жакан элге дагы көп нерселер жөнүндө насаат айтып, Жакшы Кабарды жарыялап жүрдү.

**Чөмүлдүрүүчүнүн камакка алынышы**

19 Ал башкаруучу Иродду ашкере кылды. Анткени Ирод өзүнүн бир тууганынын аялы Иродияны алып, дагы көптөгөн жаман иштерди жасаган эле.

20 Анысы аз келгенсип, ал Жаканды түрмөгө каматып койду.

**Ыйсанын сууга чөмүлдүрүлүшү**

21 Бардык эл сууга чөмүлдүрүлүп жатканда, Ыйса да чөмүлдүрүлдү. Ал сыйынып жатканда, асман ачылып,

22 Ыйык Рух дене түрүндө, көгүчкөн сыяктуу Анын үстүнө түштү. Анан асмандан «Сен Менин сүйүктүү Уулумсуң. Мен Сага ыраазымын!» деген үн угулду.

**Ыйсанын санжырасы**

23 Ыйса Өзүнүн кызматын баштаганда, отуз жаштын тегерегинде эле. Адамдардын оюу боюнча Ал – Жусуптун, Эйлинин,

24 Мататтын, Лебинин, Мелхинин, Жанайдын, Жусуптун,

25 Мататиянын, Амостун, Накумдун, Эслинин, Нагайдын,

26 Мааттын, Мататиянын, Шемейдин, Жусуптун, Жүйүттүн,

27 Жахanандын, Ресанын, Зоробабылдын, Шалтиелдин, Неринин,

28 Мелхинин, Адынын, Косамдын, Элмадамдын, Эрдин,

29 Жосенин, Элиезердин, Жоримдин, Мататтын, Лебинин,

30 Шымыйондун, Жүйүттүн, Жусуптун, Жонамдын, Элийакимдин,

31 Мелеянын, Менанын, Мататанын, Натандын, Дөөттүн,

32 Жышайдын, Обейттин, Бууздун, Салмондун, Нахшондун,

33 Аминадаптын, Рамдын, Хесрондун, Перестин, Жүйүттүн,

34 Жакыптын, Ыскактын, Ыбрайымдын, Терахтын, Нахордун,

35 Серуктун, Рейунун, Пелектин, Эйбердин, Шелахтын,

36 Кайнандын, Арпакшаттын, Шемдин, Нухтун, Лемектин,

37 Матушалдын, Энохтун, Жареттин, Маалалелдин, Кайнандын,

38 Эноштун, Шеттин, Адамдын, Кудайдын Уулу.

**4-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын сыналуусу**

1 Ыйса Ыйык Рухка толуп, Иордандан кайтып келгенден кийин, Рух тарабынан чөлгө алынып барылды.

2 Ошол жерде Ал кырк күн шайтан тарабынан сыналды. Ошол күндөрү Ал эч нерсе жеген жок. Акырында, Ал ачка болду.

3 Ошондо шайтан Ага: «Эгерде Сен Кудайдын Уулу болсоң, анда мына бул ташка буйру, ал нанга айлансын», – деди.

4 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Ыйык Жазууда: “Адам нан менен гана эмес, Кудайдын ар бир сөзү менен жашайт”, – деп жазылып турат».

5 Ошондо шайтан Аны бийик тоого чыгарып, көз ирмемде Ага дүйнөнүн бүт падышачылыктарын көрсөтүп:

6 «Сага ушул падышачылыктардын баарынын үстүнөн болгон бийликти жана алардын атак-даңкын берем. Анткени ал мага берилген, мен аны кимге кааласам, ошого берем.

7 Ошондуктан, эгерде Сен мага таазим кылсаң, баары Сеники болот», – деди.

8 Ыйса ага: «Кет жанымдан, шайтан! Ыйык Жазууда: “Кудай-Теңириңе табын, Ага гана кызмат кыл”, – деп жазылып турат», – деп жооп берди.

9 Ошондо шайтан Аны Иерусалимге алып барып, ийбадаткананын төбөсүнө тургузуп, мындай деди: «Эгерде Сен Кудайдын Уулу болсоң, анда ушул жерден боюңду таштап жибер.

10 Анткени Ыйык Жазууда: “Ал Өз периштелерине Сени сактоону буйруйт.

11 Сен бутуңду ташка уруп албашың үчүн, алар Сени колдоруна көтөрүп кетишет”, – деп жазылып турат».

12 Ыйса ага: «“Кудай-Теңириңди сынаба”, – деп айтылган», – деп жооп берди.

13 Шайтан Ыйсаны сынап бүткөндөн кийин, убактылуу Анын жанынан кетип калды.

**Ыйсанын Галилеядагы кызматы**

14 Ыйса Ыйык Рухтун күчүнө толуп, Галилеяга кайтып келди. Ал жөнүндө бардык аймактарга кабар тарап жатты.

15 Ал синагогаларда элди окута баштады. Аны бардыгы мактап жатышты.

**Ыйса Назареттеги синагогада**

16 Ыйса Өзү чоңойгон Назарет шаарына келип, адатынча ишемби күнү синагогага кирди. Ал Кудайдын китебинен окуп берүү үчүн ордунан турганда,

17 Ага Ышайа пайгамбардын китебин сунушту. Ал китепти ачып, мындай деп жазылган жерин таап окуду:

18 «Теңирдин Руху Менде, анткени Ал Мени жакырларга Жакшы Кабар таратууга дайындады. Мени жүрөгү жаралууларды айыктырууга, туткундарга боштондук жарыялоого, сокурлардын көзүн ачууга, кыйналгандарды эркиндикке чыгарууга,

19 Теңирдин ырайым кылуу жылын жарыя кылууга жиберди».

20 Анан Ыйса китепти жаап, кызматчыга кайтарып берип, ордуна отурду. Синагогадагылардын бардыгынын көздөрү Ага тигилди.

21 Ошондо Ыйса аларга: «Силер уккан ушул пайгамбарчылык бүгүн орундалды», – деди.

22 Бардыгы Аны кубатташты. Анын оозунан чыккан керемет сөздөрүнө таң калып: «Бул Жусуптун эле баласы эмеспи?» – дешти.

23 Ыйса аларга мындай деди: «Силер Мага “Дарыгер, өзүңдү айыктыр!” деген макалды айтарыңар анык. “Капернаумда кылгандарыңды уктук. Ошол кылгандарыңды бул жерде, Өз мекениңде да кылчы”, – дээрсиңер».

24 Анан Ыйса дагы мындай деди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, эч бир пайгамбар өз жеринде кабыл алынбайт.

25 Силерге чындыкты айтып жатамын, Илияс пайгамбардын тушунда, үч жыл алты ай бою жамгыр жаабай, бардык жерде катуу ачарчылык болгон кезде, Ысрайылда жесир аялдар көп эле.

26 Ошондо Илияс алардын эч кимисине жиберилбестен, Сидон жеринин Сарепат шаарындагы бир жесирге гана жиберилген.

27 Ошондой эле Элиша пайгамбардын тушунда Ысрайылда пес оорулуулар көп болгон, бирок сириялык Наамандан башка эч ким айыккан эмес».

28 Муну укканда, синагогадагылардын баары ачууланышты.

29 Алар орундарынан тура калышып, Ыйсаны шаардан кууп чыгышты да, ылдый түртүп жибермекчи болуп, өздөрүнүн шаары жайгашкан тоонун чокусуна алып барышты.

30 Бирок Ыйса аларды аралап өтүп, кетип калды.

**Ыйса Капернаумда**

31 Ыйса Галилеядагы Капернаум шаарына келип, ишемби күндөрү элди окутуп жатты.

32 Эл Анын окутуусуна таң калды, анткени Ал бийлиги бар адамдай сүйлөчү.

33 Синагогада жин оорулуу бир адам бар эле. Ал:

34 «Эй, назареттик Ыйса, бизде эмнең бар? Сен бизди жок кылуу үчүн келдиң. Сенин ким экениңди билем, Сен Кудайдын Ыйыгысың», – деп кыйкырды.

35 Ыйса ага: «Үнүңдү бас! Бул адамдын ичинен чыгып кет!» – деп тыюу салды. Ошондо жин ал адамды элдин алдына жыгып, ага эч кандай зыян келтирбестен, анын ичинен чыгып кетти.

36 Ошондо бардыгынын үрөйлөрү учуп, өз ара: «Бул эмне дегени? Ал жиндерге бийлик менен, күч менен буйрук берип жатат, алар чыгып кетип жатышат», – дешти.

37 Ошентип, Ыйса жөнүндө бардык аймактарга кабар тарады.

**Ыйсанын Петирдин кайын энесин жана көптөрдү айыктыруусу**

38 Ыйса синагогадан чыккандан кийин, Шымондун үйүнө келди. Шымондун кайын энеси ысытма оорусу менен ооруп жаткан эле. Ыйсадан ага жардам берүүсүн өтүнүштү.

39 Ыйса анын жанына келип, аны ысытма оорусунан айыктырды. Аял дароо ордунан туруп, аларга кызмат кыла баштады.

40 Күн батканда, Ага ар кандай оорулууларды алып келе башташты. Ал ар биринин үстүнө колдорун коюп, аларды айыктырып жатты.

41 Көптөрдүн ичинен жиндер: «Сен Кудайдын Уулу Машайаксың!» – деп кыйкырып чыгып жатышты. Бирок Ыйса аларга Өзүнүн Машайак экенин айтууга тыюу салды, анткени жиндер Анын Машайак экенин билишчү.

**Ыйсанын бүт Жүйүт аймагында насаат айтышы**

42 Таң атканда Ыйса үйдөн чыгып, ээн жерге барды. Эл Аны издеп таап, кетирбей алып калгысы келди.

43 Бирок Ыйса аларга: «Мен Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү Жакшы Кабарды башка шаарларга да жарыялашым керек. Анткени Мен ошол үчүн жиберилгем», – деди.

44 Ошентип, Ыйса Галилеядагы синагогаларда насаат айтып жатты.

**5-БӨЛҮМ**

**Көп балык кармоо**

1 Ыйса Генисарет көлүнүн жээгинде турган эле. Кудайдын сөзүн угуш үчүн, Анын жанына эл үйүлүп калды. Ал көлдө турган эки кайыкты көрдү.

2 Кайыктан түшкөн балыкчылар болсо торлорун жууп жатышкан.

3 Эки кайыктын бири Шымондуку эле. Ыйса анын кайыгына түшүп, андан жээктен бир аз нарыраак сүзүп баруусун өтүндү. Анан Ал кайыкка отуруп алып, элди окута баштады.

4 Ал сөзүн бүткөндөн кийин, Шымонго: «Көлдүн терең жерине сүзүп барып, торлоруңарды салгыла», – деди.

5 Шымон Ага: «Устат, биз түнү бою эмгектенип, эч нерсе кармай алган жокпуз. Бирок Сен айтып жаткан соң, торду салайын», – деди.

6 Алар торду салып, абдан көп балык кармашты. Балыктын көптүгүнөн тор айрыла баштады.

7 Ошондо алар кол булгап, экинчи кайыктагы жолдошторун жардамга чакырышты. Алар келип, балыктарды салышканда, эки кайык тең толуп калды. Кайыктар чөгө баштады.

8 Муну көргөн Шымон Петир Ыйсанын бутуна жыгылып: «Теңир, менин жанымдан кет. Анткени мен күнөөкөр адаммын», – деди.

9 Анткени ушунча көп балык кармагандарынан улам, аны жана анын жанындагылардын баарын коркунуч басты.

10 Шымондун достору болгон Зебедей уулдары Жакып менен Жакан да коркуп кетишкен эле. Ошондо Ыйса Шымонго: «Коркпо, мындан ары адамдарды кармайсың», – деди.

11 Алар эки кайыкты тең жээкке чыгарышты да, бүт баарын таштап, Ыйсанын артынан ээрчип жөнөштү.

**Ыйсанын пес оорулууну айыктырышы**

12 Ыйса бир шаарда жүргөндө, бүт денеси пес болгон бир адам келди. Ал Ыйсаны көргөндө, Анын бутуна жыгылып: «Теңир, эгерде Сен кааласаң, мени таза кыла аласың», – деп жалынды.

13 Ошондо Ыйса колун сунуп, ага тийгизди да: «Каалайм, таза бол», – деди. Ал ошол замат пес оорусунан айыгып, таза болуп калды.

14 Ыйса ага: «Эч кимге айтпа, бирок ыйык кызмат кылуучуга барып көрүнүп, өзүңдүн тазалануун үчүн, Муса буйругандай, курмандык чал. Бул аларга күбөлөндүрүү болсун», – деп буйруду.

15 Бирок Ал жөнүндө барган сайын көп айтыла баштады. Анын сөзүн угуу үчүн жана ооруларынан айыгуу үчүн, эл агылып келип жатты.

16 Ыйса болсо Өзү жалгыз ээн талаага барып сыйынды.

**Шал оорулууну айыктыруу**

17 Бир күнү Ыйса элди окутуп жатканда, ал жерде Галилеянын бардык айыл-кыштактарынан, Жүйүт аймагынан жана Иерусалимден келген фарисейлер, мыйзам окутуучулар отурушкан. Теңирдин күчү оорулуулардын айыгуусу аркылуу көрүнүп жатты.

18 Ошол учурда бир нече адам бир шал оорулууну төшөнчүсү менен алып келишти. Алар аны Ыйсанын алдына жаткыруу үчүн, үйгө киргизүүгө аракет кылышты.

19 Бирок элдин көптүгүнөн алар аны үйгө киргизе албай, үйдүн төбөсүнө чыгып, чатырды ачышты. Ошол жерден шал оорулуу адамды төшөнчүсү менен ортого, Ыйсанын алдына түшүрүштү.

20 Ыйса алардын ишенимин көрүп, ага: «Адам, сенин күнөөлөрүң кечирилди», – деди.

21 Мыйзам окутуучулар менен фарисейлер өз ара: «Кудайга акарат келтирген бул ким? Күнөөлөрдү бир Кудайдан башка ким кечире алат?» – дешти.

22 Ыйса болсо алардын оюн билип: «Эмне үчүн минтип ойлоп жатасыңар?

23 Кайсынысын айткан оңой: “Сенин күнөөлөрүң кечирилди” дегенби же “Ордуңан туруп, бас” дегенби?

24 Бирок Адам Уулунун жер үстүндө күнөөлөрдү кечирүүгө бийлиги бар экендигин билишиңер үчүн», – деди да, шал оорулуу адамга: «Сага айтамын, ордуңан туруп, төшөгүңдү ал да, үйүңө бар», – деди.

25 Ал ошол замат көпчүлүктүн көз алдында ордунан турду да, төшөгүн алып, Кудайды даңктап, үйүнө жөнөдү.

26 Ошондо баары айран-таң калып, Кудайды даңкташты. Үрөйлөрү учкан алар: «Бүгүн биз кереметтүү иштерди көрдүк», – дешти.

**Матайдын чакырылышы**

27 Ушундан кийин Ыйса сыртка чыгып, бажыканада отурган салык жыйноочу Лебини көрүп, ага: «Менин артымдан ээрчи», – деди.

28 Ошондо ал бардыгын таштап, ордунан туруп, Аны ээрчип жөнөдү.

29 Леби Ыйсаны үйүнө чакырып, чоң сый көрсөттү. Ыйса менен көптөгөн салык жыйноочулар жана башка кишилер бир дасторкондо отурушту.

30 Ошондо мыйзам окутуучулар менен фарисейлер күңкүлдөп, Ыйсанын шакирттерине: «Эмне үчүн силер салык жыйноочулар жана күнөөкөрлөр менен бирге ичип-жеп отурасыңар?» – дешти.

31 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Дарыгер соо адамдарга эмес, оорулууларга керек.

32 Мен тобо кылууга адил адамдарды эмес, күнөөкөрлөрдү чакырганы келгем».

**Орозо жөнүндө суроо**

33 Алар болсо Ыйсага: «Жакандын шакирттери менен фарисейлердин шакирттери бат-бат орозо кармап сыйынышат. Сенин шакирттериң болсо ичип-жей беришет», – дешти.

34 Ыйса аларга: «Күйөө жанында болгондо, үйлөнүү тоюндагыларды орозо кармоого мажбурлай аласыңарбы?

35 Бирок Күйөө алардын жанынан алынып кете турган күндөр келет, орозону алар ошол күндөрү кармашат», – деди.

**Кийим жана чанач жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

36 Анан Ыйса аларга үлгү-насаат аңгеме менен сүйлөдү: «Эч ким жаңы кийимден айрып алып, эски кийимге жамаачы салбайт. Эгерде салса, жаңы кийим бузулат, жаңы кийимден алынган жамаачы эски кийимге жарашпай калат.

37 Эч ким эски чаначка жаңы шарап куйбайт. Эгерде куйса, жаңы шарап чаначты айрып салат. Шарап да төгүлөт, чаначтар да жарабай калат.

38 Жаңы шарапты жаңы чаначка куюу керек. Ошондо тигиниси да, мунусу да сакталат.

39 Эски шарапты ичкенден кийин, эч ким жаңы шарапты дароо сурабайт. Анткени ал: “Эскиси жакшы”, – дейт».

**6-БӨЛҮМ**

**Ишемби күн жөнүндө**

1 Ишемби күндөрдүн биринде Ыйса шакирттери менен эгин талаасынан өтүп бара жатты. Шакирттери буудайдын баштарын үзүп алып, колдору менен ушалап жеп бара жатышты.

2 Кайсы бир фарисейлер: «Эмне үчүн силер ишемби күнү кылууга болбой турган ишти кылып жатасыңар?» – деп сурашты.

3 Ыйса аларга: «Дөөт пайгамбар жана анын жанындагылар ачка болушканда, эмне кылгандарын окуган жок белеңер?

4 Ал Кудай үйүнө кирип, ыйык кызмат кылуучулардан башка эч кимге жегенге болбой турган нан курмандыктарынан алып жеп, жанындагы кишилерге да бербеди беле», – деп жооп берди да,

5 «Адам Уулу – ишемби күндүн да Кожоюну!» – деди.

**Бир колу шал болуп калган адамдын айыгышы**

6 Ишемби күндөрүнүн дагы биринде Ыйса синагогага келип, элди окутту. Ал жерде оң колу шал болуп калган бир адам бар эле.

7 Мыйзам окутуучулар менен фарисейлер Ыйсаны айыпташ үчүн шылтоо издеп: «Ал ишемби күнү айыктырар бекен», – деп карап турушту.

8 Алардын оюн билген Ыйса бир колу шал болуп калган адамга: «Ордуңан туруп, ортого кел», – деди. Ал ордунан туруп, ортого келди.

9 Ыйса аларга мындай деди: «Мен силерге суроо берейин, ишемби күнү жакшылык кылуу керекпи же жамандык кылуу керекпи? Жанды куткаруу керекпи же өлтүрүү керекпи?» Алар унчугушкан жок.

10 Ыйса аларды бир карап алды да, жанагы кишиге: «Колуңду сунчу!» – деди. Ал колун сунду, ошондо анын колу айыгып, экинчи колундай болуп калды.

11 Алар аябай ачууланып, Ыйсаны эмне кылсак деп, өз ара акылдаша баштаашты.

**Он эки элчи**

12 Ошол күндөрдүн биринде Ыйса сыйынуу үчүн тоого чыгып, түнү бою Кудайга сыйынды.

13 Таң атканда, Ал шакирттерин чакырып алып, алардын ичинен он экини тандады да, аларды «элчилер» деп атады.

14 Алар: Петир деген да ысым коюлган Шымон, анын бир тууганы Андрей, Жакып менен Жакан, Филип жана Барталамей,

15 Матай, Томас, Алпейдин уулу Жакып жана Зилот деген атка конгон Шымон,

16 Жакыптын уулу Жүйүт жана кийин чыккынчы болуп кеткен Жүйүт Искариот.

**Ыйсанын иштери**

17 Ыйса алар менен бирге тоодон түшүп, бир түз жерге келди. Көптөгөн шакирттери жана бүткүл Жүйүт аймагынан, Иерусалимден, деңиз боюндагы Тир жана Сидон шаарларынан келген көп эл Анын жанына чогулду.

18 Алар Анын Сөзүн угуу үчүн, ооруларынан айыгуу үчүн келишкен эле. Жин оорудан азап чеккендер да келип, айыгып жатышты.

19 Элдин баары Ыйсага колдорун тийгизүүгө аракет кылып жатышты, анткени Андан чыккан күч бардыгын айыктырып жатты.

**Тоодогу насаат.**

**Кимдер бактылуу?**

20 Ошондо Ыйса шакирттерин карап, мындай деди: «Руху жакырлар, бактылуусуңар, анткени Кудайдын Падышачылыгы силердики.

21 Азыр ачка жүргөндөр, бактылуусуңар, анткени тоёсуңар. Азыр ыйлап жүргөндөр, бактылуусуңар, анткени күлөсүңөр.

22 Адамдар силерди Адам Уулу үчүн жек көрүп, элден бөлүп, кордоп, жаманатты кылса, бактылуусуңар.

23 Ошол күнү сүйүнгүлө, кубангыла, анткени силердин асмандагы белегиңер чоң! Пайгамбарларга да алардын ата-бабалары ушундай мамиле кылышкан.

**Кимдерге кайгы?**

24 Ал эми, байлар, силерге кайгы! Анткени өзүңөрдүн көңүл соорото турган нерсеңерди алгансыңар.

25 Азыр курсагы ток жүргөндөр, силерге кайгы! Анткени ачка болосуңар. Азыр жыргап күлгөндөр, силерге кайгы! Анткени боздоп ыйлайсыңар.

26 Эгерде силерди элдин баары мактаса, силерге кайгы! Анткени алардын ата-бабалары жалган пайгамбарларга ушундай мамиле кылышкан.

**Жамандыкты сүйүү менен жеңүү**

27 Мени угуп тургандар, силерге айтамын: душмандарыңарды сүйгүлө, силерди жек көргөндөргө жакшылык кылгыла.

28 Силерди каргагандарга батаңарды бергиле, силерди кордогондор үчүн сыйынгыла.

29 Оң жаакка чапканга сол жаагыңды да тос. Сырт кийимиңди тартып алганга көйнөгүңдү да бер.

30 Сураган адамга бер, бергениңди кайра сураба.

31 Адамдардын өзүңөргө кандай мамиле кылышын кааласаңар, силер да аларга ошондой мамиле кылгыла.

32 Эгерде өзүңөрдү сүйгөндөрдү гана сүйсөңөр, силерге кайдагы сыйлык? Күнөөкөрлөр деле өздөрүн сүйгөндөрдү сүйүшөт.

33 Эгерде өзүңөргө жакшылык кылгандарга гана жакшылык кылсаңар, силерге кайдагы сыйлык? Күнөөкөрлөр деле ошентишет.

34 Эгерде кайтарып бере ала турган адамга гана карызга берсеңер, силерге кайдагы сыйлык? Анткени бергенин кайтарып алуу үчүн, күнөөкөрлөр да күнөөкөрлөргө карызга беришет.

35 Ал эми силер душманыңарды сүйгүлө, жакшылык кылгыла, эч нерсе күтпөстөн, карызга бергиле, ошондо чоң сыйлык аласыңар жана Бардыгынан Жогору Тургандын уулдары болосуңар! Анткени Ал жакшылыкты билбегендерге да, кара ниеттерге да ырайым кылат.

36 Ошондуктан Атаңар кандай боорукер болсо, силер да ошондой боорукер болгула!

**Айыптабоо жөнүндө**

37 Айыптабагыла, ошондо өзүңөр да айыпталбайсыңар. Соттобогула, ошондо өзүңөр да соттолбойсуңар. Кечиргиле, ошондо силер да кечирилесиңер.

38 Бергиле, ошондо силерге да берилет: жакшы ченем менен ченеп, ыкшап, бастырып, ашыра толтуруп, этегиңерге төгүшөт, анткени кандай ченем менен өлчөп берсеңер, силерге да ошондой ченем менен өлчөнүп берилет».

39 Аларга дагы мындай үлгү-насаат аңгеме айтты: «Сокур сокурду жетелеп жүрө алабы? Экөө тең чуңкурга түшүп кетпейби!

40 Шакирт өз устатынан жогору болбойт, бирок үйрөнгөндөн кийин, ар бир шакирт өз устатындай болот.

41 Сен эмне үчүн өз көзүңдөгү дөңгөчтү көрбөйсүң да, бирөөнүн көзүндөгү кыпынды көрөсүң?

42 Сен өз көзүңдөгү дөңгөчтү көрбөй туруп: “Кел, бир тууганым, көзүңдөгү кыпынды алып салайын”, – деп, кантип айта аласың? Эки жүздүү! Адегенде өз көзүңдөгү дөңгөчтү алып сал, ошондон кийин гана бир тууганыңдын көзүндөгү кыпынды кантип алып салуу керектигин билесиң.

**Кудайдын эркин аткаруу жөнүндө**

43 Жакшы дарак жаман жемиш бербейт, жаман дарак жакшы жемиш бербейт.

44 Ар бир дарак жемишинен билинет, анткени тикенектен анжыр, бадалдан жүзүм теришпейт.

45 Жакшы адам жүрөгүндөгү жакшы казынасынан жакшы нерсе алып чыгат. Жаман адам болсо жүрөгүндөгү жаман казынасынан жаман нерсе алып чыгат. Анткени адамдын жүрөгү эмнеге толуп-ташыса, оозу ошону сүйлөйт.

46 Эмнеге силер Мени: “Теңир! Теңир!” деп чакырасыңар да, айтканымды кылбайсыңар?

**Таштын үстүнө курулган үй жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

47 Мага келип, сөздөрүмдү угуп аткарган адам кимге окшош экенин силерге айтып коёюн:

48 ал жерди терең казып, пайдубалын таштан коюп үй курган адамга окшош. Суу ташкындап, үйдү каптаганда, үй козголгон жок, анткени анын пайдубалы таштан болчу.

49 Ал эми сөздөрүмдү угуп, бирок аткарбаган адам үйүн жердин эле үстүнө, пайдубалсыз курган адамга окшош. Суу ташкындап, үйдү каптаганда, үй ошол замат кыйрады. Ал үй зор кыйроого учурады».

**7-БӨЛҮМ**

**Жүз башынын кулун айыктыруу**

1 Угуп турган элге Ыйса Өзүнүн сөздөрүн айтып бүткөндөн кийин, Капернаум шаарына келди.

2 Бир жүз башынын жакшы көргөн кулу ооруп, өлүм алдында жаткан эле.

3 Жүз башы Ыйса жөнүндө укканда, «Келип, кулумду айыктырып берсе экен» деген өтүнүч менен жүйүт аксакалдарын Ыйсага жөнөттү.

4 Алар Ыйсага келишип: «Ал Сенин жардамыңа татыктуу киши.

5 Анткени ал биздин элибизди жакшы көрөт, бизге синагога да курдуруп берген», – деп, Ага чоң өтүнүч менен кайрылышты.

6 Ыйса алар менен бирге жөнөдү. Ал үйгө жакындап калганда, жүз башы Ага досторун жиберип, мындай деп айттырды: «Теңир, убара болбо! Үйүмдүн босогосун аттооңо мен татыксызмын.

7 Ошондуктан Сага өзүм барууну да ылайык көрбөдүм. Сен бир гана сөз айтсаң, менин кулум айыгат.

8 Анткени мен да бийлик астындагы адаммын, бирок менин кол астымда да аскерлерим бар. Алардын бирине: “Бар”, – десем, барат; дагы бирине: “Кел”, – десем, келет; кулума: “Муну кыл!” – десем, кылат».

9 Ыйса муну укканда, жүз башыга таң калды. Анан Өзүнүн артынан ээрчип келе жаткан элге бурулуп: «Силерге айтып коёюн, Мен мындай ишенимди Ысрайыл жеринен да тапкан эмесмин», – деди.

10 Жиберилген кишилер үйгө кайтып келишип, ооруп жаткан кулдун айыгып калганын көрүштү.

**Ыйсанын жесир аялдын уулун тирилтиши**

11 Анан Ыйса Наин шаарына барды. Аны шакирттери жана топ эл ээрчип жүрдү.

12 Ал шаардын дарбазасына жакын калганда, бир жесир аялдын жалгыз баласынын сөөгүн көтөрүп чыгышты. Аялдын жанында бир топ киши бар эле.

13 Теңир аялды көргөндө, аны аяп: «Ыйлаба!» – деди да,

14 табытка жакын келип, колун тийгизди. Көтөрүп бара жаткандар токтоп калышты. Ошондо Ыйса: «Жигит, сага айтып жатам, ордуңдан тур!» – деди.

15 Өлүк өйдө болуп, отурду да, сүйлөй баштады. Ыйса аны энесинин колуна тапшырды.

16 Бардыгынын үрөйү учуп: «Арабыздан улуу Пайгамбар чыкты, Кудай Өз элине келди», – деп, Кудайды даңкташты.

17 Ал жөнүндөгү мындай көз караш бүткүл Жүйүт аймагына жана анын тегерек-четине тарап кетти.

18 Бул окуялар тууралуу Жакан өзүнүн шакирттеринен кабардар болду.

**Чөмүлдүрүүчүнүн суроосу, Ыйсанын жообу**

19 Ошондо ал эки шакиртин чакырып алып, «Келе турган Сенсиңби же башканы күтүшүбүз керекпи?» – деп суратыш үчүн, Ыйсага жиберди.

20 Алар Ыйсага келишип: «Бизди чөмүлдүрүүчү Жакан жиберди. Ал Сенден: “Келе турган Сенсиңби же башканы күтүшүбүз керекпи?” – деп сурап жатат», – дешти.

21 Ал учурда Ыйса көптөрдү оору-кеселдеринен айыктырып, жиндерден бошотуп, көптөгөн сокурлардын көзүн ачкан эле.

22 Ыйса Жакандын шакирттерине: «Укканыңар менен көргөнүңөрдү Жаканга айтып баргыла: сокурлар көрүп, майыптар басып, пес оорулуулар айыгып, дүлөйлөр угуп, өлгөндөр тирилип жатышат, жакырларга Жакшы Кабар таратылып жатат.

23 Менин ким экендигимден шектенбеген адам бактылуу!» – деди.

**Ыйсанын Жакан жөнүндө күбөлөндүрүүсү**

24 Жакан жиберген адамдар кетишкенден кийин, Ыйса элге Жакан жөнүндө айта баштады: «Ээн талаага эмне көргөнү бардыңар эле? Желге ыргалган камыштыбы?

25 Силер деги эмнени көргөнү бардыңар эле? Кымбат баалуу кийим кийген адамдыбы? Кымбат баалуу кийим кийип, шаан-шөкөттүү жашагандар падыша сарайларында болушат да!

26 Силер деги эмнени көргөнү бардыңар эле? Пайгамбардыбы? Силерге айтып коёюн, ал пайгамбардан да чоң!

27 Ыйык Жазуудагы "Мен Сенден мурун Өзүмдүн периштемди жиберип жатам. Ал Сага жол даярдайт" деген сөз ошол жөнүндө жазылган.

28 Силерге айтып коёюн, аял затынан төрөлгөндөрдүн ичинен чөмүлдүрүүчү Жакандан чоң бир да пайгамбар жок, бирок Кудайдын Падышачылыгындагылардын эң кичинеси андан чоң!»

29 Ошондо Аны угуп турган бүт эл жана салык жыйноочулар Жакандын чөмүлдүрүүсү менен сууга чөмүлдүрүлүп, Кудайды даңкташты.

30 Ал эми фарисейлер менен мыйзам окутуучулар сууга чөмүлдүрүлүшпөй, өздөрүнө карата Кудайдын эркин четке кагышты.

31 Ошондо Ыйса мындай деди: «Бул муундун адамдарын кимге салыштырсам экен? Алар кимге окшош?

32 Алар көчөдө отуруп алып, бири-бирине: "Биз силерге чоор тартып бердик, бирок силер бийлеген жоксуңар. Биз силерге муңдуу ырларды ырдап бердик, бирок силер ыйлаган жоксуңар", – деп кыйкырган балдарга окшош.

33 Анткени чөмүлдүрүүчү Жакан келди, нан да жебейт, шарап да ичпейт. Силер: "Анын ичинде жин бар" дейсиңер.

34 Адам Уулу келди, ичет, жейт. Силер Аны "жегенди, шарап ичкенди жакшы көргөн адам, салыкчылар менен күнөөкөрлөрдүн досу" дейсиңер.

35 Акылмандуулук өзүнүн бардык иштери аркылуу акталды».

**Ыйса жана күнөөсү кечирилген аял**

36 Бир фарисей Ыйсаны тамакка чакырды. Ыйса анын үйүнө барып, дасторконго отурду.

37 Ошол шаардагы бир күнөөкөр аял Анын фарисейдин үйүндө экендигин билип, айнек идишке куюлган жыпар жыттуу май алып келди.

38 Ал Ыйсанын бут жагына келип, Анын буттарына көз жашын төгүп, ыйлай баштады. Анан Анын буттарын чачы менен сүртүп, өпкүлөп, жыпар жыттуу май менен майлады.

39 Ыйсаны чакырган фарисей муну көргөндө: «Эгерде Ал пайгамбар болсо, анда Өзүнө кол тийгизип жаткан аялдын ким экенин, кандай аял экенин билмек, бул күнөөкөр аял да», – деп ойлоду.

40 Ошондо Ыйса ага кайрылып: «Шымон, сага айта турган сөзүм бар», – деди. Ал Ага: «Айт, Устат», – деди.

**Карызы бар эки адам жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

41 Ыйса ага мындай деди: «Бир киши эки адамга карызга акча берет. Бирине беш жүз, экинчисине элүү динарий.

42 Алардын бере турган эч нерсеси болбогондуктан, ал экөөнүн тең карызын кечип коёт. Айтчы, алардын кимиси аны көбүрөөк жакшы көрөт?»

43 Шымон: «Көбүрөөк карызы кечирилгени деп ойлойм», – деди. Ыйса ага: «Туура айттың», – деди да,

44 аялды карап: «Бул аялды көрдүңбү? Мен сенин үйүңө келгенимде, сен Мага бутумду жууганга суу берген жоксуң. Бул аял болсо бутума көз жашын төгүп, чачы менен сүрттү.

45 Сен Мени өпкөн жоксуң. Ал болсо Мен келгенден бери бутумду өөп жатат.

46 Сен Менин башымды майлаган жоксуң. Ал болсо жыпар жыттуу май менен Менин буттарымды майлады.

47 Ошондуктан сага айтып коёюн, анын көп күнөөлөрү кечирилди, ошон үчүн анын сүйүүсү күчтүү. Ал эми аз кечирилгендин сүйүүсү күчтүү эмес», – деди.

48 Аялга болсо: «Сенин күнөөлөрүң кечирилди», – деди.

49 Ошондо Аны менен бир дасторкондо отургандар: «Күнөөлөрдү да кечире алган бул ким Өзү?» – деп, өз ара сүйлөшүштү.

50 Ыйса аялга: «Сени ишенимиң куткарды. Тынчтык менен бара бер!» – деди.

**8-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын Галилеядагы иштери**

1 Ушундан кийин Ыйса шаарларды, айыл-кыштактарды аралап, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратып жүрдү. Аны он эки шакирти жана

2 көптөгөн аялдар ээрчип жүрүштү. Ыйса ал аялдарды жин оорусунан жана башка ооруларынан айыктырган эле. Алар: ичинен жети жин чыккан магдалалык Мариям,

3 Ироддун сарай башчысы Хузанын аялы Жахана, Сузана жана башкалар. Алар Ага өз мүлктөрү менен кызмат кылып жатышты.

**Себүүчү жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

4 Бардык шаарлардын тургундары келип, көп эл чогулуп калганда, Ыйса үлгү-насаат аңгеме менен сүйлөй баштады:

5 «Себүүчү өз үрөнүн себүү үчүн чыкты. Ал сээп жатканда, кээ бир үрөндөр жол боюна түшүп, тапталып калды. Канаттуулар аларды терип жеп кетишти.

6 Кээ бир үрөндөр таштак жерге түштү. Үрөн өнүп чыккандан кийин, нымдуулук жетишпей, куурап калды.

7 Кээ бир үрөндөр тикенектин арасына түштү. Өсүп келе жатканда, аларды тикенек басып салды.

8 Кээ бир үрөндөр жакшы жерге түштү. Өсүп чыгып, жүз эсе түшүм берди». Ыйса муну айткандан кийин, үнүн бийик чыгарып: «Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!» – деди.

9 Шакирттери Андан: «Бул үлгү-насаат аңгеменин мааниси кандай?» – деп сурашты.

10 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Силерге Кудайдын Падышачылыгынын жашыруун сырларын таанып билүү мүмкүнчүлүгү берилди, ал эми башкаларга үлгү-насаат аңгеме менен айтылат, алар карап турса да көрүшпөйт, угуп турса да угушпайт.

11 Бул үлгү-насаат аңгеменин мааниси мындай: үрөн – Кудайдын Сөзү.

12 Жол боюна түшкөн үрөндөр сөздү уккан адамдарды билдирет, бирок кийин шайтан келет да, алар ишенбесин, куткарылбасын деп, жүрөктөрүнөн сөздү алып кетет.

13 Таштак жерге түшкөн үрөндөр сөздү угуп, кубанып кабыл алган адамдарды билдирет. Бирок алардын тамыры жок болгондуктан, убактылуу гана ишенип, сыноо убагында ишенимден четтеп кетишет.

14 Ал эми тикенектин арасына түшкөн үрөндөр сөздү угуп, бирок жемиш бербеген адамдарды билдирет. Алар нары басары менен түйшүккө батып, байлыкка азгырылып, жашоонун ыракатына берилип кетишет.

15 Жакшы жерге түшкөн үрөндөр болсо мындай адамдарды билдирет: алар сөздү угуп, жакшы, таза жүрөктөрүндө сактап, чыдамдуулук менен жемиш беришет». Ыйса муну айткандан кийин, үнүн бийик чыгарып, мындай деди: «Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!

**Күйгүзүлгөн чырак жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

16 Эч ким чыракты күйгүзүп, аны идиш менен жаппайт, же керебеттин астына койбойт, тескерисинче, үйгө киргендерге жарык берсин деп, чыракпаяга коёт.

17 Анткени ачыкка чыкпай турган жашыруун нерсе болбойт, билинбей, ачылбай кала турган сыр болбойт.

18 Ошондуктан кандай угуп жатканыңарга көңүл бөлгүлө! Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет, ал эми кимде жок болсо, бар деп ойлогону да тартылып алынат».

**Ыйсанын чыныгы туугандары**

19 Ыйсанын энеси менен бир туугандары келип, элдин көптүгүнөн Анын жанына бара албай коюшту.

20 Ошондо Ага: «Энең менен бир туугандарың Сени көрүүнү каалап, сыртта турушат», – деп билдиришти.

21 Ыйса аларга: «Кудай сөзүн угуп, аны аткаргандар – Менин энем жана бир туугандарым», – деп жооп берди.

**Ыйсанын толкунду токтотушу**

22 Бир күнү Ыйса шакирттери менен кайыкка түшүп, аларга: «Көлдүн наркы өйүзүнө өтөлү», – деди. Ошентип, алар сүзүп кетишти.

23 Сүзүп бара жатышканда, Ыйса уктап калды. Көлдө катуу шамал болуп, толкун уруп, кайыкка суу кире баштады. Алар коркунучтуу абалда эле.

24 Шакирттери Ыйсаны: «Устат! Устат! Кыйрап калмай болдук», – деп ойготушту. Ал ордунан туруп, шамалга жана толкундап жаткан сууга тыюу салды. Шамал да, толкун да басылып, тынчтык орноду.

25 Ошондо Ыйса шакирттерине: «Ишенимиңер кайда?» – деди. Алар коркуп, таң калып, бири-бирине: «Шамал менен сууну баш ийдирген деги бул ким?» – дешти.

**Ыйса Гадара аймагында**

26 Ошентип, алар Галилеянын маңдайында жайгашкан Гадара аймагына сүзүп келишти.

27 Ыйса жээкке чыкканда, шаардан Аны көптөн бери жин оорусу менен ооруган бир адам тосуп чыкты. Ал кийим кийчү эмес, үйдө жашабай, мүрзөлөрдө күн өткөрчү.

28 Ал Ыйсаны көргөндө, кыйкырып жиберди да, Анын алдына жыгылып, катуу үн менен: «Ыйса, Бардыгынан Жогору Тургандын Уулу! Менде эмнең бар? Суранам, мени кыйнай көрбө!» – деди.

29 Анткени Ыйса жинге: «Бул кишиден чык!» – деп буйрук берген эле. Себеби ал бул кишини көптөн бери кыйнап жүргөн. Чынжыр менен байлап, кишендеп кайтарганга болбой, ал кишенди талкалап салчу. Жин аны ээн талаага айдап барчу.

30 Ыйса андан: «Атың ким?» – деп сурады. «Түмөн», – деди ал. Анткени анын ичине көп жин кирген эле.

31 Алар Ыйсадан: «Бизди түпсүздүккө түшүрө көрбө», – деп өтүнүштү.

32 Ошол жерде, тоонун боорунда чочколор жайылып жүргөн эле. Жиндер Ыйсадан алардын ичине кирүүгө уруксат берүүсүн өтүнүштү. Ыйса аларга уруксат берди.

33 Ошондо жиндер адамдын ичинен чыгып, чочколордун ичине киришти. Чочколор көлдү карай бет алып, тик жардан кулап, чөгүп өлүштү.

34 Муну көрүп турган чочко кайтаруучулар качып жөнөштү. Алар шаарларга жана айыл-кыштактарга барып, болгон окуяны айтып беришти.

35 Эмне болгонун көрүү үчүн, уккандар Ыйсага келишти. Алар ичинен жиндери чыккан кишинин акыл-эсине келип, кийим кийип, Ыйсанын алдында отурганын көрүп, коркуп кетишти.

36 Окуяны көргөндөр болсо аларга жин оорулуунун кантип айыкканын айтып беришти.

37 Ошондо Гадара аймагынан келген бүт эл Ыйсадан: «Бизден кет», – деп өтүндү. Анткени аларды чоң коркунуч баскан эле. Ыйса кайыкка түшүп кетип калды.

38 Жиндерден кутулган адам Ыйсадан: «Сени менен бирге жүрөйүн», – деп суранды. Бирок Ыйса ага:

39 «Үйүңө бар, Кудайдын сага эмне кылганын айтып бер», – деп, аны кетирип жиберди. Ал киши шаарларды кыдырып, Ыйсанын эмне кылганын айтып жүрдү.

**Аялдын айыгышы. Жайырдын кызынын тирилиши**

40 Ыйса көлдүн берки өйүзүнө кайтып келгенде, Аны эл тосуп чыкты, анткени алар Аны күтүп жатышкан эле.

41 Ошол учурда Жайыр деген киши келди. Ал синагоганын башчысы эле. Ыйсанын бутуна жыгылып, ал Андан өзүнүн үйүнө кирүүсүн өтүндү.

42 Анткени анын он эки жашар жалгыз кызы өлүм алдында жаткан. Ээрчиген элдин көптүгүнөн Ыйса кысылып бара жатты.

43 Топ элдин арасында он эки жылдан бери кан кетип, азап чегип жүргөн бир аял бар эле. Болгон мүлкүн дарыгерлерге жумшаган ал аялды эч бир дарыгер айыктыра алган эмес.

44 Аял арт жактан келип, Ыйсанын кийиминин четине колун тийгизди. Ошол замат андан кан кетпей калды.

45 Ошондо Ыйса: «Мага ким колун тийгизди?» – деди. Бардыгы: «Мен эмесмин», – дешкенден кийин, Петир жана Анын жанындагылар: «Устат! Эл Сени тегеректеп, кысып турса, “Мага ким колун тийгизди?” – дейсиң», – дешти.

46 Бирок Ыйса: «Кимдир бирөө Мага колун тийгизди. Анткени Мен Өзүмдөн күч чыкканын сездим», – деди.

47 Аял болсо жашырынып кала албасын билип, калтырай басып келип, Ыйсанын бутуна жыгылды. Анан бүт элдин алдында Ага эмне себептен колун тийгизгенин жана ошол замат айыгып калганын айтты.

48 Ыйса ага: «Коркпо, кызым. Сени ишенимиң куткарды, тынчтык менен бара бер!» – деди.

49 Ал ушинтип айтып жатканда, синагога башчысынын үйүнөн бирөө келип: «Кызың өлүп калды. Устатты убара кылбай эле кой», – деди.

50 Ыйса муну укканда, Жайырга: «Коркпо, бирок ишен. Ошондо кызың тирүү калат», – деди.

51 Ыйса үйгө келгенде, Петир, Жакан, Жакып менен кыздын ата-энесинен башка эч кимдин үйгө кирүүсүнө уруксат бербеди.

52 Бардыгы кызды жоктоп, боздоп ыйлап жатышты. Ыйса аларга: «Ыйлабагыла, кыз өлгөн жок, уктап жатат», – деди.

53 Кыздын өлгөнүн билген алар Ыйсаны шылдыңдап күлүштү.

54 Ыйса бардыгын сыртка чыгарып жиберди да, кызды колунан кармап: «Кыз, ордуңан тур!» – деди.

55 Ошондо кыздын жаны өзүнө кайтып келди. Ал ошол замат ордунан турду. Ыйса кызга тамак берүүнү буйруду.

56 Кыздын ата-энеси таң калды. Ыйса болсо аларга болгон окуя тууралуу эч кимге айтпоону буйруду.

**9-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын он эки шакиртин Жакшы Кабар таратууга жөнөтүшү**

1 Ыйса он эки шакиртин чакырып алып, аларга жиндерди кууп чыгууга жана оорулууларды айыктырууга күч жана бийлик берди.

2 Аларды Кудайдын Падышачылыгын жарыялоого жана оорулууларды айыктырууга жиберип жатып,

3 Ал мындай деди: «Жолго эч нерсе албагыла: таяк да, баштык да, нан да, күмүш да, эки кийим да албагыла.

4 Кайсы үйгө кирсеңер, ошол үйдө калгыла жана ошол үйдөн жолго чыккыла.

5 Эгерде силерди кайсы бир шаардын эли кабыл албаса, анда ошол шаардан чыгып бара жатканда, аларга каршы күбөлөндүрүү болушу үчүн, бутуңардагы чаңды күүп койгула».

6 Алар жолго чыгып, айыл-кыштактарды аралап, бардык жерде Жакшы Кабар таратып, оорулууларды айыктырып жүрүштү.

**Ироддун тынчсызыдануусу**

7 Аймактын акими Ирод Ыйсанын кылган иштери жөнүндө угуп таң калды. Анткени бирөөлөр Аны: «Бул – өлүп, кайра тирилген Жакан», – десе,

8 бирөөлөр: «Илияс пайгамбар келиптир», – деп, дагы бирөөлөр: «Байыркы пайгамбарлардын бири тирилип келиптир», – деп жатышкан эле.

9 Ирод болсо: «Жакандын башын алдырдым эле. А бул ким болду экен, Ал жөнүндө ушундай сөздөрдү угуп жатам?» – деп, Аны көрүүгө ашыкты.

**Элчилердин кайтып келиши. Беш миң адамдын тоюшу**

10 Элчилер кайтып келип, эмне кылгандарын Ыйсага айтып беришти. Ыйса аларды ээрчитип алып, Бетсайида деген шаардын жанындагы бир обочо жерге кетти.

11 Бирок эл билип калып, Анын артынан жөнөдү. Ыйса аларды тосуп алып, алар менен Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө аңгемелешти, айыктырууну сурангандарды айыктырды.

12 Күн кеч кире баштаганда, он эки шакирти Ыйсанын жанына келип: «Элди тарат, тегеректеги айыл-кыштактарга барып, өздөрүнө түнөк жана тамак табышсын. Анткени бул ээн жер», – дешти.

13 Ошондо Ыйса шакирттерине: «Аларга тамакты силер бергиле», – деди. «Бизде беш нан менен эки балыктан башка эч нерсе жок. Ушунча элге тамак сатып келмек белек?» – дешти алар.

14 Ал жерде беш миңге жакын адам бар эле. Ыйса шакирттерине: «Аларды элүү-элүүдөн, катар-катар кылып отургузгула», – деди.

15 Алар ошондой кылып, бардыгын отургузушту.

16 Ыйса болсо беш нан менен эки балыкты алып, асманды карап, Кудайга ыраазычылык билдирди да, аларды сындырып, элге таратуу үчүн шакирттерине берди.

17 Бардыгы жеп тоюшту. Артып калгандарын чогултканда, он эки себет болду.

**Ыйсаны ким деп эсептешет?**

18 Бир жолу Ыйса сыйынуу үчүн, обочо жерге барды. Шакирттери жанында болчу. Ыйса алардан: «Эл мени ким деп эсептейт?» – деп сурады.

19 Алар Ага: «Бирөөлөр: “Чөмүлдүрүүчү Жакан”, – деп, бирөөлөр: “Илияс пайгамбар”, – деп эсептешет, дагы бирөөлөр: “Байыркы пайгамбарлардын бири тирилип келиптир”, – дешет», – деп жооп беришти.

20 Ошондо Ыйса алардан: «Силерчи, силер Мени ким деп эсептейсиңер?» – деп сурады. Петир Ага: «Кудайдын Машайагы», – деп жооп берди.

21 Бирок Ыйса аларга: «Бул тууралуу эч кимге айтпагыла, – деп, катуу эскертти да, –

**Ыйсанын Өзүнүн өлүмү жана тирилүүсү жөнүндө айтышы**

22 Адам Уулу көп азап чегиши, аксакалдар, башкы ыйык кызмат кылуучулар жана мыйзам окутуучулар тарабынан четке кагылышы, өлтүрүлүшү жана үчүнчү күнү тирилиши керек», – деди.

**Ыйсанын артынан ээрчүү жөнүндө**

23 Ыйса бардыгына кайрылып: «Ким Менин артымдан ээрчигиси келсе, өзүнөн баш тартсын жана күн сайын өзүнүн айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин.

24 Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат.

25 Анткени адам бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок өз жанын жоготсо же өзүнө зыян келтирсе, ага андан эмне пайда?

26 Ким Менден жана Менин сөздөрүмдөн уялса, Адам Уулу да Өзүнүн, Атасынын жана ыйык периштелердин даңкы менен келгенде, ошол адамдан уялат.

**Теңирдин көрүнүшүнүн өзгөрүлүшү**

27 Силерге чындыкты айтып коёюн, бул жерде тургандардын кээ бирөөлөрү Кудайдын Падышачылыгын көрмөйүнчө өлүшпөйт», – деди.

28 Бул сөздөрдү айткандан кийин сегиз күндөй өткөн соң, Ыйса Петирди, Жаканды, Жакыпты ээрчитип, сыйынуу үчүн, тоого чыкты.

29 Сыйынып жатканда, Анын жүзү өзгөрүп, кийими аппак болуп, жаркырап калды.

30 Ошол учурда Ыйса менен эки адам сүйлөшүп жатты. Алар Муса менен Илияс эле.

31 Асман даңкы менен келген алар Ыйсанын Иерусалимде аткара турган иши, өлүмү жөнүндө сүйлөшүштү.

32 Петирди жана анын жанындагыларды болсо катуу уйку басты. Бирок алар ойгонуп кетип, Анын даңкын жана Аны менен турган эки адамды көрүштү.

33 Эки адам Ыйсанын жанынан алыстап бара жатканда, Петир Ага: «Устат, бул жерде болуу жакшы экен. Үч алачык тургузалы: Сага бирди, Мусага бирди, Илияска бирди», – деди. Бирок өзүнүн эмне деп жатканын билген жок.

34 Петир сүйлөп жатканда, булут пайда болуп, аларды каптап калды. Булут чулгаганда, алар коркуп кетишти.

35 Ошондо булут ичинен «Бул Менин сүйүктүү Уулум. Аны уккула!» деген үн чыкты.

36 Ушул үн угулгандан кийин, Ыйса жалгыз калды. Шакирттер болсо көргөндөрүн жашырып, ал күндөрү эч кимге эч нерсе айтышкан жок.

**Жин оорулуу баланын айыгуусу**

37 Эртеси күнү алар тоодон түшкөндө, Ыйсаны көп эл тосуп чыкты.

38 Бир маалда элдин арасынан бирөө мындай деп кыйкырды: «Устат! Суранам, менин уулума назар сала көр, ал менин жалгызым.

39 Жини кармаганда, ал күтүлбөгөн жерден эле кыйкыра баштайт. Жин кыйнаганда, анын оозунан ак көбүк агат. Ал аны аябай кыйнап, андан зорго кетет.

40 Мен Сенин шакирттериңден жинди кууп чыгууну өтүнсөм, кууп чыга албай коюшту».

41 Ошондо Ыйса: «Эй, ишенбес, бузулган муун! Качанга чейин силер менен болом? Качанга чейин силерге чыдайм? Уулуңду бул жерге алып кел», – деди.

42 Бала келе жатканда, жин аны жерге жыгып, калтырата баштады. Ыйса жинге тыюу салып, баланы айыктырды да, атасынын колуна тапшырды.

43 Бардыгы Кудайдын улуу күчүнө таң калып жатышты. Бүт эл Ыйсанын кылган иштерине таң калып турганда, Ал Өзүнүн шакирттерине мындай деди:

**Ыйсанын Өзүнүн өлүмү жөнүндө экинчи жолу айтышы**

44 «Менин бул сөздөрүмдү кунт коюп уккула: “Адам Уулу адамдардын колуна салынып берилет”».

45 Бирок алар бул сөздү түшүнүшкөн жок. Сөздүн мааниси алардан жашыруун болгондуктан, түшүнүшкөн жок. Ал эми бул жөнүндө Андан кайра суроодон коркушту.

**Атак сүйүүчүлүк**

46 Шакирттердин арасында «Биздин арабызда ким чоң?» деген ой пайда болду.

47 Алардын ойлорун билген Ыйса бир баланы Өзүнүн алдына тургузду да, аларга мындай деди:

48 «Ким бул баланы Менин ысымым үчүн кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот. Ал эми ким Мени кабыл алса, Мени жиберген Кудайды кабыл алган болот. Араңарда ким баарыңардан кичине болсо, ошол эң чоң болот».

**Шакирттердин жалган кызганчаактыгы**

49 Ошондо Жакан: «Устат, биз Сенин ысымың менен жиндерди кууп чыгарган адамды көрдүк. Ал биз менен бирге жүрбөгөндүктөн, ага тыюу салдык», – деди.

50 Ыйса Жаканга: «Тыюу салбагыла. Ким силерге каршы болбосо, ал силер тарапта», – деди.

**Сүйүү руху**

51 Өзүнүн асманга алынып кете турган күндөрү жакындаганда, Ыйса Иерусалимге барууну чечти.

52 Ал Өзүнөн мурун кабарчыларды жөнөттү. Алар барып, Ыйсага орун даярдоо үчүн, самариялыктардын бир айылына кирушти.

53 Бирок самариялыктар Иерусалимге бара жаткан Ыйсаны кабыл албай коюшту.

54 Анын шакирттери Жакып менен Жакан муну көргөндө: «Теңир! Каалайсыңбы, асмандан от түшүп, аларды кырып жок кылсын деп айталы?» – дешти.

55 Бирок Ыйса аларга бурулуп, тыюу салды да: «Ичиңерде кайсы рух бар экенин билбейсиңер.

56 Анткени Адам Уулу адамдын жанын өлтүрүү үчүн эмес, куткаруу үчүн келген», – деди. Ошентип, алар башка айылга кетишти.

**Ыйсанын артынан ээрчүү жөнүндө**

57 Алар жолдо бара жатышканда, бирөө Ыйсага: «Теңир, Сен кайда барсаң да, мен Сенин артыңдан барам», – деди.

58 Ыйса ага: «Түлкүлөрдүн ийини бар, канаттуулардын уясы бар. Ал эми Адам Уулунун баш калкалар жайы жок», – деди.

59 Ыйса башка бирөөгө: «Менин артымдан ээрчи!» – деди. Ал болсо: «Теңир, адегенде атамды көргө коюп келейин, уруксат бер», – деди.

60 Ыйса ага: «Өлгөн адамдарын көмүүнү өлүктөрдүн өзүнө кой. Сен болсо барып, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү Жакшы Кабарды тарат», – деди.

61 Дагы бирөө мындай деди: «Теңир, мен Сенин артыңдан ээрчийм, бирок адегенде үйдөгүлөрүм менен коштошуп келейин, уруксат бер», – деди.

62 Ыйса болсо ага: «Сокону кармап алып, артына кылчактаган адам Кудайдын Падышачылыгына жараксыз», – деди.

**10-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын жетимиш шакиртин Жакшы Кабар таратууга жөнөтүшү**

1 Ошондон кийин Теңир башка жетимиш шакиртти тандап, аларды ар бир шаарга, Өзү бармакчы болгон ар бир жерге эки-экиден кылып, Өзүнөн мурун жөнөтүп жатып, мындай деди:

2 «Түшүм көп, бирок жумушчулар аз. Ошондуктан түшүмдүн Кожоюнунан Өзүнүн түшүмүн жыйноого жумушчуларды жиберүүсүн өтүнгүлө.

3 Баргыла, мен силерди козуларды карышкырлардын арасына коё бергендей жиберип жатам.

4 Капчык да, баштык да, бут кийим да албагыла, жолдо эч ким менен саламдашпагыла.

5 Кайсы үйгө кирсеңер да, адегенде: “Бул үйгө тынчтык келсин!” – деп айткыла.

6 Эгерде ал үйдө тынчтыкты кабыл ала турган адам болсо, анда силердин тынчтыгыңар ошол үйдө калат. Эгерде жок болсо, анда өзүңөргө кайтып келет.

7 Ошол үйдө калып, алардын берген тамагын ичип-жегиле. Анткени эмгектенген адам эмгек акысын алууга татыктуу. Үйдөн үйгө көчпөгүлө.

8 Кайсы бир шаарга барганыңарда, силерди кабыл алышса, берген тамагын жегиле.

9 Ал жердеги оорулууларды айыктырып, аларга: “Кудайдын Падышачылыгы силерге жакындап калды”, – деп айткыла.

10 Эгерде кайсы бир шаарга барганыңарда, силерди кабыл алышпаса, анда көчөгө чыгып:

11 “Шаарыңардан бутубузга жуккан чаңды да силерге күүп таштайбыз. Бирок силерге Кудайдын Падышачылыгы жакындап калганын билип койгула”, – деп айткыла.

12 Силерге айтып коёюн, ошол күнү ал шаарга караганда Содомго жеңилирээк болот.

**Ыйсанын шаарларды айыпташы**

13 Хоразин, сага кайгы! Бетсайида, сага кайгы! Анткени силерге көрсөтүлгөн керемет иштер Тир менен Сидонго көрсөтүлсө, анда алар алда качан эле зумбал кийип, күлгө отуруп, тобо кылышмак.

14 Бирок сотто силерге караганда, Тир менен Сидонго жеңилирээк болот.

15 Сен, Капернаум, асманга чейин көтөрүлмөкчүсүңбү? Сен өлгөндөр жаткан жайга чейин төмөн түшөсүң.

16 Ким силерди укса, ал Мени уккан болот. Ким силерди кабыл албаса, ал Мени кабыл албаган болот. Мени кабыл албаган адам болсо, Мени жиберген Кудайды кабыл албаган болот».

**Жетимиш шакирттин кайтып келиши**

17 Ыйсанын жетимиш шакирти кубаныч менен кайтып келип: «Теңир, Сенин атыңды атаганда, бизге жиндер да баш ийишти», – дешти.

18 Ыйса аларга: «Мен шайтандын чагылган түшкөн сыяктуу, асмандан кулап түшкөнүн көрдүм.

19 Мен силерге жыландарды, чаяндарды жана душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик бергем. Эми эч нерсе силерге зыян келтире албайт.

20 Бирок жиндердин силерге баш ийгенине эмес, асманда ысымыңардын жазылганына кубангыла», – деди.

**Атаны даңктоо**

21 Ошол учурда руху кубанган Ыйса: «Ата, Сен асман-жердин Теңирисиң! Муну акылдуулардан, эстүүлөрдөн жашырып, балдарга ачып бергендигиң үчүн, Сени даңктаймын. Ооба, Ата, анткени Сенин тилегиң ушундай болчу!» – деди.

22 Анан Ал: «Мага бардыгын Атам берген. Уулунун ким экенин Атасынан башка эч ким билбейт. Ал эми Атасынын ким экенин Уулу жана Уулу кимге ачып бергиси келсе, ошол адамдардан башка эч ким билбейт», – деди.

23 Анан шакирттерине бурулуп, аларга гана: «Силер көргөн нерселерди көрүп турган көздөр бактылуу!

24 Анткени силерге айтып коёюн, көптөгөн пайгамбарлар жана падышалар силер көргөндү көрүүнү каалашкан, бирок көрүшкөн жок. Силер укканды угууну каалашкан, бирок угушкан жок», – деди.

**Мыйзам окутуучунун Ыйсаны сынашы**

25 Ыйсаны сынамакчы болгон бир мыйзам окутуучу ордунан туруп, Андан: «Устат, түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн эмне кылышым керек?» – деп сурады.

26 Ыйса ага: «“Тоорат” китебинде эмне деп жазылган? Андан кандай сөздөрдү окуп жүрөсүң?» – деди.

27 «Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт күчүң менен, бүт акылың менен сүй, өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүй», – деп жооп берди ал.

28 Ыйса ага: «Сен туура жооп бердиң, ушундай кылгын, ошондо түбөлүк өмүргө ээ болосуң», – деди.

29 Бирок ал өзүн актамакчы болуп, Ыйсадан: «Менин жакыным ким?» – деп сурады.

**Самариялык боорукер адам жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

30 Ошондо Ыйса ага муну айтып берди: «Бир адам Иерусалимден Жерихо шаарына бара жатып, каракчылардын колуна түшүп калат. Каракчылар анын кийимин сыйрып алып, сабап, араң жан кылып таштап кетишет.

31 Бир ыйык кызмат кылуучу ошол жол менен өтөт да, аны көрүп, четтеп өтүп кетет.

32 Бир леби да ошол жерден өтүп бара жатып, аны көрүп, четтеп өтүп кетет.

33 Самариялык бир киши да өтүп бара жатып, аны көрөт да, ага боору ачып,

34 жанына келип, анын жарааттарына май менен шарап сыйпап таңат. Анан аны өзүнүн эшегине мингизип, мейманканага алып келип, ал үчүн кам көрөт.

35 Эртеси күнү жолго чыгарында, эки динарий алып чыгып, мейманкананын ээсине берип: “Бул кишини кара. Эгерде ашыкча каражат жумшасаң, кайтып келгенимде төлөп берем”, – дейт.

36 Ушул үчөөнүн кимиси каракчылардын колуна түшкөн адамдын жакыны болот деп ойлойсуң?» – деп сурады.

37 Мыйзам окутуучу Ыйсага: «Ага кайрымдуулук кылганы», – деди. Ошондо Ыйса ага: «Бар, сен да ушундай кыл», – деди.

**Марта менен Мариямдын кызматы**

38 Ыйса шакирттери менен бара жатып, бир айылга кирди. Ал жерден Марта деген аял Аны үйүнө чакырып коноктоду.

39 Анын Мариям деген сиңдиси бар эле. Ал Ыйсанын бут жагында Анын сөзүн угуп отурду.

40 Марта болсо конок камын көрүп жүрдү. Бир маалда Ыйсага келип: «Теңир, сиңдимдин бардык жумушту мага таштап койгону Сен үчүн баары бирби? Айтчы, мага жардам берсин», – деди.

41 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Марта, Марта! Сен көп нерсе менен алектенип, убара болуп жатасың.

42 Бирок бир гана нерсе керек. Мариям жакшысын тандап алды, муну андан эч ким тартып ала албайт».

**11-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын шакирттерине сыйынууну үйрөтүшү**

1 Ыйса бир жерде сыйынып жатты. Сыйынып бүткөндөн кийин, шакирттеринин бири Ага: «Теңир! Жакан өзүнүн шакирттерине үйрөткөндөй, бизге да сыйынууну үйрөтчү», – деди.

2 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Силер мындай сыйынгыла: "Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун, Сенин Падышачылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын!

3 Күндөлүк жашообузга керектүү ырыскыбызды күн сайын бере көр.

4 Бизге карыз болгондордун ар бирин кечиргенибиздей, биздин күнөөлөрүбүздү да кечире көр. Азгырылышыбызга жол бербе, бизди жамандыктан сакта!"»

**Тажаткан дос жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

5 Анан Ыйса аларга мындай деди: «Силердин араңардан бирөөнүн досу бар деп коёлу. Ал түн ортосунда досуна барып: "Досум, мага карызга үч нан бере турчу.

6 Анткени алыстан досум келиптир, ага бере турган эч нерсем жок эле", – десе,

7 ичкериден: "Менин тынчымды албачы, эшик бекитилүү, өзүм да, балдарым да жатып алдык. Тура да албайм, сага бир нерсе бере да албайм", – деп жооп берет.

8 Силерге айтып коёюн, эгерде ал ага дос болгону үчүн ордунан туруп нан бербесе да, анын тажаткандыгынан улам туруп, канча сураса, ошончо берет.

9 Ошондуктан Менин силерге айтарым: Сурагыла, ошондо силерге берилет; издегиле, ошондо табасыңар; тыкылдаткыла, ошондо силерге эшик ачылат.

10 Анткени сураган адам алат, издеген адам табат, тыкылдаткан адамга эшик ачылат.

**Боорукер ата жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

11 Араңардагы кандай ата баласы нан сураса, таш берсин? Же балык сураса, жылан берсин?

12 Же жумуртка сураса, чаян берсин?

13 Демек, силер жаман болуп туруп, балдарыңарга жакшы нерселерди бергенди билсеңер, анда Асмандагы Атаңар Өзүнөн сурагандарга Ыйык Рухту берери анык».

**Ыйсаны айыптоо**

14 Бир күнү Ыйса бир адамдан дудук жинди кууп чыгарды. Жин чыккандан кийин, дудук киши сүйлөй баштады. Эл буга таң калды.

15 Кээ бирөөлөр: «Жиндерди Ал жиндердин башчысы Белзебулдун күчү менен кууп чыгарат», – дешти.

16 Кээ бирөөлөр болсо Ыйсаны сынамакчы болуп, асмандан жышаан көрсөтүшүн талап кылышты.

17 Бирок Ыйса алардын ойлорун билип, аларга мындай деди: «Ич ара бөлүнгөн падышачылык кулайт, ич ара бөлүнгөн үй-бүлө бузулат.

18 Эгерде шайтан өзүнө өзү каршы чыкса, анда анын падышачылыгы кантип турат? Силер болсо Мени: “Жиндерди Ал Белзебулдун күчү менен кууп чыгарат”, – дейсиңер.

19 Эгерде Мен жиндерди Белзебулдун күчү менен кууп чыгарсам, анда силердин кишилериңер аларды кимдин күчү менен кууп чыгарып жатышат? Ошондуктан силерди ошолор айыпташат.

20 Эгерде Мен жиндерди Кудайдын күчү менен кууп чыгарып жатсам, анда силерге Кудайдын Падышачылыгы келди.

21 Күчтүү адам өз үйүн курал-жарак менен кайтарып турса, анда анын мал-мүлкү коопсуз болот.

22 Эгерде андан күчтүүрөөк адам ага кол салып, аны жеңсе, анда ал анын таянган бүт курал-жарагын тартып алып, андан олжолоп алганын бөлүштүрөт.

23 Ким Мени менен болбосо, ал Мага каршы. Ким Мени менен жыйнабаса, ал чачат.

**Жыгылуудан сак болуу**

24 Жин адамдын ичинен чыккандан кийин тынчтык издеп, кургак жерлерди кыдырат. Таппай койгондон кийин, ал: “Кайсы үйдөн чыксам, ошол үйүмө кайтып барайын”, – дейт.

25 Кайтып келгенде, үйдүн шыпырылып, жыйналганын көрөт.

26 Ошондо ал барып, өзүнөн да ашынган жети жинди ээрчитип келип, үйгө кирип жашай баштайт. Ошондо ал адамдын кийинки абалы мурункусунан да жаман болот».

27 Ыйса бул сөздөрдү айтып жатканда, эл арасынан бир аял үнүн бийик чыгарып, Ага: «Сени курсагына көтөргөн, Сени эмизген эне бактылуу!» – деди.

28 Ыйса болсо ага: «Кудай сөзүн угуп, аны аткаргандар бактылуу!» – деди.

**Элдин жышаан талап кылышы**

29 Эл чогула баштаганда, Ыйса сүйлөй баштады: «Ушул муун – жаман муун. Бул муун жышаан талап кылып жатат, бирок ага Жунус пайгамбардын жышаанынан башка жышаан көрсөтүлбөйт.

30 Анткени Ниневи эли үчүн Жунус пайгамбар жышаан болгондой, Адам Уулу да ушул муун үчүн жышаан болот.

31 Түштүктүк падыша аял сот күнүндө ушул муундун кишилери менен бирге тирилип, аларды айыптайт. Анткени ал Сулаймандын накыл сөздөрүн угуш үчүн, алыс жерден келген. Бирок бул жерде Сулаймандан чоң Бирөө бар.

32 Ниневиликтер да сот күнүндө ушул муун менен бирге тирилип, аны айыптайт. Анткени алар Жунустун насаат сөзүн угуп, тобо кылышкан. Бирок бул жерде Жунустан чоң Бирөө бар.

**Күйүп турган чырак жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

33 Чыракты күйгүзүп туруп, көрүнбөс жерге, көмкөрүлгөн идиштин астына койбойт. Тескерисинче, үйгө киргендерге жарык берсин деп, аны чыракпаяга коёт.

34 Дененин чырагы – көз. Эгерде көзүң таза болсо, анда бүт денең жарык болот. Эгерде жаман болсо, анда денең караңгы болот.

35 Ошондуктан карагын: сенин ичиңдеги жарык караңгы эмеспи?

36 Эгерде денеңдин эч бир жеринде караңгылык болбой, бардык жери жарык болсо, анда чырактын жарыгы сага жарык берген сыяктуу, бүт денең жарык болот».

**Ыйсанын фарисейлерди айыпташы**

37 Ыйса бул сөздөрдү айтып бүткөндө, бир фарисей Аны үйүнө түшкү тамакка чакырды. Ал келип, дасторконго отурду.

38 Ыйсанын тамак алдында кол жуу салтын аткарбаганын көрүп, фарисей таң калды.

39 Бирок Теңир ага мындай деди: «Силер, фарисейлер, табак менен чөйчөктүн сыртын тазалайсыңар. Ал эми ичиңер талап-тоноочулук менен арамдыкка толгон.

40 Эй, акылсыздар, сыртын Ким жаратса, ичин да Ошол жараткан эмеспи?!

41 Андан көрө ичиңерде эмне болсо, ошону кайыр берген сыяктуу берип салгыла, ошондо силердин бардык нерсеңер таза болот.

42 Бирок силерге кайгы, фарисейлер! Анткени жалбыздан, адырашмандан жана ар кандай жемиштерден ондук бергениңер менен, Кудайдын соту менен сүйүүсүнө кош көңүлсүңөр. Муну аткарыш керек, бирок тигини да калтырбаш керек эле.

43 Фарисейлер, силерге кайгы! Анткени синагогалардын алдыңкы орундарында отурууну, эл жыйылган жерлерде алик алууну жакшы көрөсүңөр.

44 Мыйзам окутуучулар менен фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Анткени силер билинбей калган мүрзөлөргө окшошсуңар. Адамдар алардын мүрзө экенин билбей, үстүнөн басып жүрүшөт».

**Ыйса мыйзам окутуучуларды айыптайт**

45 Ошондо мыйзам окутуучулардын бири Ыйсага: «Устат, муну айтуу менен, Сен бизди да таарынтып жатасың», – деди.

46 Бирок Ал мындай деди: «Мыйзам окутуучулар, силерге да кайгы. Силер адамдарга көтөрө алгыс оор жүктөрдү жүктөйсүңөр, өзүңөр болсо колуңардын учун да тийгизип койбойсуңар.

47 Силерге кайгы, анткени ата-бабаларыңар өлтүргөн пайгамбарларга күмбөз тургузуп жатасыңар!

48 Ушул аркылуу силер ата-бабаларыңардын иштерин колдогонуңарды күбөлөндүрүп, аларга кошулуп жатасыңар. Анткени алар пайгамбарларды өлтүрүштү, силер болсо аларга күмбөз тургузуп жатасыңар.

49 Ошондуктан Кудай Өзүнүн акылмандуулугу менен мындай деп айткан: “Мен аларга пайгамбарлар менен элчилерди жиберем, алардын айрымдарын өлтүрүшөт, айрымдарын кубалашат”.

50 Бардык пайгамбарлардын дүйнө жаратылгандан бери төгүлгөн каны,

51 Абылдын канынан баштап, курмандык чалынуучу жай менен ийбадаткананын ортосунда өлтүрүлгөн Захариянын канына чейин ушул муундан суралат. Ооба, силерге айтып коёюн, ушул муундан суралат.

52 Мыйзам окутуучулар, силерге кайгы! Анткени силер билимдин ачкычын алгансыңар, бирок ачып кирген жоксуңар, кире тургандарга да тоскоолдук кылдыңар».

53 Ыйса ушул сөздөрдү айтып, ошол жерден чыкканда, мыйзам окутуучулар менен фарисейлер Аны кысымга алып, дагы көптөгөн суроолорго жооп берүүгө мажбурлашты.

54 Ыйсаны айыпташ үчүн, Анын сөздөрүнөн кынтык издешти.

**12-БӨЛҮМ**

**Фарисейлердин эки жүздүүлүгүнөн сак болуу**

1 Ушул арада миңдеген киши жыйналып, кысылыша турушту. Ыйса адегенде Өзүнүн шакирттерине сүйлөй баштады: «Фарисейлердин ачыткысынан, атап айтканда, эки жүздүүлүгүнөн сак болгула!

2 Ачылбай кала турган жашыруун нерсе болбойт, билинбей кала турган сыр болбойт.

3 Ошондуктан караңгыда айтканыңар жарыкта угулат. Үйдүн ичинде кулакка шыбырап айтканыңар үйдүн төбөсүндө жарыяланат.

4 Досторум, силерге айтарым: денени өлтүрүп, андан кийин эч нерсе кыла албай тургандардан коркпогула.

5 Бирок силерге кимден коркушуңар керектигин айтайын: өлтүргөндөн кийин оттуу көлгө түшүрө ала турган Кудайдан корккула! Ооба, силерге айтарым, Ошондон корккула.

6 Беш таранчы эки ассарийге эле сатылат эмеспи. Ошондой болсо да Кудай алардын бирин да унутпайт.

7 Ал эми силердин башыңардагы чачыңар да саналуу. Ошондуктан коркпогула, силер топ таранчыдан кымбатсыңар.

8 Силерге айтып коёюн, ким Мени адамдардын алдында ачык тааныса, Адам Уулу да аны Кудайдын периштелеринин алдында ачык таанıйт.

9 Ал эми ким адамдардын алдында Менден баш тартса, Кудайдын периштелеринин алдында Мен да андан баш тартам.

10 Ким Адам Уулуна каршы сөз айтса, анын бул күнөөсү кечирилет. Ал эми ким Ыйык Рухка акарат келтирсе, анын бул күнөөсү кечирилбейт.

11 Силерди синагогаларга, башчыларга, бийликтегилерге алып барышканда, “Кантип жооп беребиз?”, “Эмне деп жооп беребиз?”, “Эмнени айтабыз?” – деп тынчсызданбагыла.

12 Анткени Ыйык Рух силерге эмнени айтуу керектигин ошол учурда үйрөтөт».

**Ач көздүктөн сак болуу**

13 Ошондо эл ичинен бирөө Ыйсадан: «Устат, агама айтчы, ал мурасты мени менен бөлүшсүн», – деп суранды.

14 Ыйса ага: «Эй, адам! Ким Мени силерге сот же мурас бөлүштүрүүчү кылып койду эле?» – деди.

15 Андан кийин аларга: «Байкагыла, дүнүйөкордуктан сак болгула! Анткени адамдын өмүрү байлыгынын көптүгүнө көз каранды эмес», – деди.

**Акылсыз бай жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

16 Анан аларга үлгү-насаат аңгеме менен сүйлөдү: «Бир бай адам талаасынан мол түшүм алат.

17 Ошондо ал минтип ойлонот: “Түшүмүмдү жыя турган жер жок. Эмне кылсам?

18 Мындай кылайын: кампаларымды бузуп, чоңураак кылып салайын да, бүт түшүмүмдү жана бардык байлыгымды ошол жерге жыйнайын.

19 Анан өзүмө: "Жаным, сенде көп жылдарга жете турган байлык бар. Эс ал, ичипже, көңүл ач", – деп айтайын”, – дейт.

20 Бирок Кудай ага: “Акылсыз, ушул түнү жаның алынат. Ошондо сенин жыйып койгондоруң кимге калат?” – деп айтат.

21 Өзү үчүн байлык жыйнаган, бирок Кудайдын байлыгы менен байыбаган адамга ушундай болот».

**Түйшүк жөнүндө**

22 Анан Ыйса шакирттерине мындай деди: «Ошондуктан силерге айтып коёюн, “Эмне жейбиз?” – деп, жаныңар үчүн; “Эмне киебиз?” – деп, денеңер үчүн түйшүктөнбөгүлө.

23 Анткени тамакка караганда жан, кийимге караганда дене артык.

24 Каргаларды карагылачы: алар эгин экпейт, оруп-жыйбайт. Алардын сактай турган жери, кампасы да жок, бирок Кудай аларды азыктандырат. Силер канаттуулардан канча эсе артыксыңар.

25 Кимиңер түйшүк тартуу менен боюңарды бир чыканак өстүрө аласыңар?

26 Демек, эгерде арзыбаган нерсени жасай албасаңар, анда башка нерселер жөнүндө эмнеге түйшүктөнөсүңөр?

27 Лилия гүлдөрүнүн кандай өсүп турганын карагылачы: алар эмгектенбейт, жип ийрибейт. Бирок силерге айтып коёюн, атак-даңктуу Сулайман падыша да булардын бириндей кийинген эмес.

28 Эгерде Кудай бүгүн талаада өсүп турган, эртең болсо отко ыргытыла турган чөптү ушундай кийиндирсе, анда силерди андан артык кийиндирбейби, ишеними аздар!

29 Ошондуктан силер: “Эмне жейбиз же эмне ичебиз?” – деп ойлонуп, тынчсызданбагыла.

30 Бул дүйнөнүн адамдары ушунун баары үчүн түйшүк тартышат. Ал эми силердин бул нерселерге муктаж экениңерди Атаңар билет.

31 Кудайдын Падышачылыгын бардыгынан көбүрөөк издегиле, ошондо мунун баары силерге кошулуп берилет.

32 Кичинекей үйүр, коркпо! Анткени Атаңар силерге Падышачылыкты бергиси келет.

33 Мал-мүлкүңөрдү сатып, кайыр сыяктуу таратып бергиле. Өзүңөргө эскирбес капчык жасагыла, кемибес кенчти ууру жолобос, күбө жебес жерде, асманда жыйнагыла.

34 Анткени байлыгыңар кайсы жерде болсо, жүрөгүңөр да ошол жерде болот.

**Ыйсанын келишин күтүү**

35 Силердин белиңер курчалуу, чырагыңар күйгүзүлүү болсун.

36 Өзүңөр да эшикти кагары менен ачып берүү үчүн, “Үйлөнүү тойдон качан келет?” – деп, кожоюнун күткөн адамдарга окшош болгула.

37 Кожоюну келгенде, уктабай отурган кулдар бактылуу. Силерге чындыкты айтып коёюн, ал белин курчап алып, кулдарын дасторконго отургузат да, жакын келип, аларга кызмат кылат.

38 Кожоюн экинчи күзөт убагында же үчүнчү күзөт убагында келгенде, уктабай отурган кулдар бактылуу.

39 Үй ээси уурунун кайсы убакта келерин билсе, сак болуп, ууруга үйүнүн түбүн каздыртмак эместигин билесиңер.

40 Силер да даяр тургула, анткени Адам Уулу силер ойлобогон убакта келет».

41 Ошондо Петир Андан: «Теңир, бул үлгү-насаат аңгемени бизге эле айтып жатасыңбы же бардыгынабы?» – деп сурады.

**Кулдардын башчысы жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

42 Теңир мындай деди: «Кулдардын тамагын өз убагында, ченеми менен берип турсун деп, кожоюн дайындаган ишенимдүү жана акыл-эстүү башчы ким?

43 Кожоюну келгенде, ошондой кылып жаткан кул бактылуу.

44 Силерге чындыкты айтып коёюн, ал ага өзүнүн бүт мал-мүлкүн башкартып коёт.

45 Эгерде жанагы кул өз ичинен: “Менин кожоюнум жакында келбейт”, – деп, кулдар менен күңдөрдү уруп, өзү ичип-жеп, мас боло баштаса,

46 анда ал күтпөгөн күнү, ойлобогон убакта кожоюну келет да, аны бөлө чаап, ишенимсиздерге тиешелүү жаза менен жазалайт.

47 Кожоюнунун каалоосун билип туруп, даяр болбогон жана анын каалоосу боюнча иштебеген кул көп таяк жейт.

48 Ал эми билбей туруп, жазага татыктуу иш кылган кул аз таяк жейт. Кимге көп берилсе, андан көп талап кылынат; кимге көп ишенип тапшырылса, андан көп суралат.

**Ыйсанын бөлүнүү тууралуу алдын ала айтышы**

49 Мен жер бетине от түшүрүү үчүн келдим. Оттун азыр эле туташышын Мен ушунчалык каалар элем.

50 Мен бир чөмүлүү менен чөмүлдүрүлүшүм керек. Анын аткарылышын күтүп, Мен ушунчалык кыйналып жатам.

51 Силер Мени дүйнө жүзүнө тынчтык берүү үчүн келди деп ойлойсуңарбы? Жок, силерге айтып коёюн, бөлүү үчүн келгем.

52 Анткени мындан ары мындай болот: бир үйдө беш киши болсо, бөлүнүп, үчөө экөөнө, экөө үчөөнө каршы чыгат.

53 Атасы баласына, баласы атасына, энеси кызына, кызы энесине, кайненеси келинине, келини кайненесине каршы чыгат».

**Акыркы күндүн белгилери жана куткарылуу**

54 Ыйса элге да мындай деди: «Силер батыштан булут көтөрүлгөнүн көргөнүңөрдө, дароо: "Жамгыр жаайт", – деп айтасыңар, анан дал ошондой болот.

55 Түштүктөн шамал сок콘до: "Күн ысык болот", – деп айтасыңар, анан дал ошондой болот.

56 Эй, эки жүздүүлөр! Жер менен асманды карап, аба ырайын аныктай аласыңар да, ошол убакыттын белгилерин эмнеге аныктай албайсыңар?

57 Эмне үчүн силер эмне туура экенин өзүңөр айырмалап биле албайсыңар?

58 Сен каршылашың менен башчыга бара жатканда, жолдо эле андан кутулууга аракет кыл. Болбосо каршылашың сени сотко алып барат, сот күзөтчүгө тапшырат, күзөтчү сени түрмөгө камап салат.

59 Сага айтып коёюн, акыркы тыйыныңды да төлөп бермейинче, ал жактан чыкпайсың».

**13-БӨЛҮМ**

**Тобо кылуу жөнүндө**

1 Ошол учурда Ыйсага бир нече адам келип, Пилат өлтүрткөн галилеялыктар тууралуу кабарлады. Алардын каны өздөрүнүн курмандыктарынын каны менен аралашып калган эле.

2 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Силер бул галилеялыктарды башка бардык галилеялыктарга караганда көбүрөөк күнөөлүү болушкандыктан, ушундай азап тартышты деп ойлоп жатасыңарбы?

3 Силерге айтып коёюн, андай эмес. Эгерде тобо кылбасаңар, бардыгыңар ошолорго окшоп өлөсүңөр.

4 Силоомдогу мунара кулаганда, астында калган он сегиз киши Иерусалимдин башка бардык тургундарына караганда көбүрөөк айыптуу болушкан деп ойлойсуңарбы?

5 Силерге айтып коёюн, андай эмес. Эгерде тобо кылбасаңар, бардыгыңар ошолорго окшоп өлөсүңөр».

**Мөмөсүз анжыр дарагы жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

6 Анан Ыйса бул үлгү-насаат аңгемени айтты: «Бир кишинин жүзүм багында анжыр дарагы болот. Ал келип, андан мөмө издеп, таппай коёт.

7 Ошондо ал жүзүмчүгө: "Мен үч жылдан бери келип, ушул анжыр дарактан мөмө издеп, таба алган жокмун. Аны кыйып ташта, бекер эле жерди ээлеп турат", – дейт.

8 Бирок жүзүмчү мындай деп жооп берет: “Кожоюн, быйылча аны коё тур. Мен анын тегерегин казып, кык төгөйүн.

9 Мүмкүн, ал кийинки жылы мөмө берер. Эгерде бербесе, кыйдырып саласың”».

**Ыйсанын ишемби күнү айыктырышы**

10 Ишемби күнү Ыйса синагогалардын биринде элди окутуп жаткан.

11 Ошол жерде он сегиз жылдан бери ичиндеги жиндин таасири менен ооруп жүргөн аял бар эле. Ал бүкүр болчу, боюн түзөй алчу эмес.

12 Ыйса аны көрүп, жанына чакырып: «Аял, сен ооруңдан кутулдуң!» – деди да, колун анын үстүнө койду.

13 Ал ошол замат түзөлүп, Кудайды даңктай баштады.

14 Синагога башчысы Ыйсанын ишемби күнү аялды айыктырганына кыжырданып, элге: «Иш кылууга алты күн бар го, айыгууга ишемби күнү эмес, ошол күндөрү келгиле», – деди.

15 Ошондо Теңир ага мындай деп жооп берди: «Эки жүздүүлөр, ишемби күнү эч кимиңер акырга байланып турган өгүзүңөрдү же эшегиңерди чечип, сугарууга жетелеп барбайсыңарбы?

16 Шайтан он сегиз жылдан бери байлап жүргөн Ыбрайымдын ушул кызын ишемби күнү байлоодон бошотууга болбойбу?!»

17 Ыйса ушинтип айтканда, Ага каршы болгондордун баары уялып калышты. Бүт эл Анын жасап жаткан бардык улуу иштерине кубанды.

**Сары кычы даны жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

18 Анан Ыйса мындай деди: «Кудайдын Падышачылыгы эмнеге окшош? Аны эмнеге окшоштурсам болот?

19 Ал сары кычы данына окшош. Бир адам аны өз бакчасына септи. Ал өсүп чыгып, чоң дарак болду, ошондо анын бутактарына канаттуу куштар уялашты».

**Ачыткы жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

20 Ыйса дагы мындай деди: «Кудайдын Падышачылыгын эмнеге окшоштурсам болот?

21 Ал камыр ачыткыга окшош. Бир аял камыр ачытыш үчүн, аны алып, үч ченем унга кошот».

**«Куткарыла тургандар аз болобу?»**

22 Ыйса шаарлар менен айыл-кыштактарды аралап, элди окутуп, Иерусалимди карай бара жатты.

23 Бирөө Андан: «Теңир, чын эле куткарыла тургандар аз болобу?» – деп сурады. Ошондо Ыйса аларга мындай деди:

24 «Тар эшиктен кирүүгө аракеттенгиле. Силерге айтып коёюн, көптөр кирүүгө аракеттенишет, бирок кире алышпайт.

25 Үй ээси туруп, эшикти бекиткенден кийин, силер сыртта туруп алып, эшикти каккылай баштайсыңар да: “Теңир! Теңир, эшикти ач”, – деп айтасыңар. Бирок Ал силерге: “Силердин ким экениңерди, кайдан экениңерди билбейм”, – деп жооп берет.

26 Ошондо силер: “Биз Сени менен эле чогуу тамактанып жүрчүбүз, Сен биздин көчөлөрүбүздө окутчусуң”, – деп айта баштайсыңар.

27 Бирок Ал: “Силердин кайдан экениңерди билбейм. Эй, адилетсиздик кылуучулар, баарыңар Менин жанымдан кеткиле”, – деп айтат.

28 Силер Ыбрайымды, Ыскакты, Жакыпты жана бардык пайгамбарларды Кудайдын Падышачылыгынан, ал эми өзүңөрдүн тышка куулуп чыкканыңарды көргөнүңөрдө, боздоп ыйлап, кыйналып тиш кычыратасыңар.

29 Ошондо чыгыш менен батыштан, түндүк менен түштүктөн адамдар келип, Кудайдын Падышачылыгындагы дасторконго отурушат.

30 Ошентип, биринчилер акыркы, акыркылар биринчи болушат».

**Ироддун Ыйсаны өлтүрүүгө ниеттениши**

31 Ошол учурда кээ бир фарисейлер Ыйсанын алдына келип: «Бул жерден кет, анткени Ирод Сени өлтүргүсү келип жатат», – дешти.

32 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Силер ал түлкүгө барып айткыла: “Мен бүгүн, эртең жиндерди кууп, оорулууларды айыктырып, үчүнчү күнү аяктайм.

33 Бирок Мен бүгүн, эртең жана бүрсүгүнү жол жүрүшүм керек. Анткени пайгамбардын Иерусалимден башка жерде өлүшүнө жол берилбейт”.

**Ыйсанын Иерусалим үчүн кайгыруусу**

34 Иерусалим! Пайгамбарларды өлтүрүп, өзүңө жиберилгендерди таш бараңга алган Иерусалим! Канаттуу өз балапандарын канатынын астына чогулткандай, Мен да канча ирет сенин балдарыңды чогултууну кааладым, бирок сен каалаган жоксуң.

35 Мына, үйүң ээн калат. Сага айтып коёюн, “Теңирдин атынан Келе Жатканга даңк!” деп айта турган убакыт келгенге чейин, Мени көрбөйсүң”».

**14-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын ишемби күнү айыктырышы**

1 Ишемби күндөрдүн биринде Ыйса фарисейлердин башчысынын үйүнө конокко барды. Фарисейлер Аны карап турушту.

2 Ошол учурда Анын алдына сары суу оорусунан кыйналган адам келди.

3 Ошондо Ыйса мыйзам окутуучулар менен фарисейлерден: «Ишемби күнү оорулууну айыктырууга болобу?» – деп сурады.

4 Алар үн катышкан жок. Ошондо Ыйса оорулууга колун тийгизип, аны айыктырды да, жөнөтүп жиберди.

5 Анан Ыйса фарисейлерден: «Эгерде бирөөңөрдүн эшегиңер же өгүзүңөр кудукка түшүп кетсе, ишемби күн экенине карабастан, аны ошол замат чыгарып албайсыңарбы?» – деп сурады.

6 Алар Ыйсанын бул суроосуна жооп бере алышкан жок.

**Биринчиликти сүйүүчүлөр жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

7 Конокко чакырылгандардын орун тандап, төргө өткөндөрүн байкаган Ыйса аларга мындай үлгү-насаат аңгеме айтты:

8 «Сени бирөө үйлөнүү тоюна чакырса, барып, төргө отуруп алба. Чакырылгандардын арасында сенден да сыйлуу конок болушу мүмкүн.

9 Сени да, аны да чакырган той ээси келип, сага: “Бул кишиге орун бошотуп берчи”, – деп калса, уялганыңдан босого жакка отурууга аргасыз болосуң.

10 Ошондуктан конокко барганыңда, босого жакка отур. Чакырган киши өзү келип, сага: “Досум, жогору өт!” – деп айтсын. Ошондо башка коноктордун алдында сенин беделиң көтөрүлөт.

11 Анткени өзүн өзү көтөргөн адам басынтылат, ал эми өзүн басынткан адам көтөрүлөт».

**Динчилдикти айыптоо**

12 Ыйса Өзүн чакырган кишиге да мындай деди: «Түшкү же кечки тамакка досторуңду, бир туугандарыңды, тууган-уругуңду, бай кошуналарыңды чакырба. Анткени алар кайра өзүңдү чакырып, бергениңди кайтарышат.

13 Тескерисинче, жардыларды, мунжуларды, аксактарды, сокурларды чакыр.

14 Алар сага кайтарып бере алышпагандыгы үчүн бактылуу болосуң. Анткени сенин тиешең адил адамдар тирилгенде берилет».

15 Муну укканда, Ыйса менен бир дасторкондо отургандардын бири Ага: «Кудайдын Падышачылыгынан даам тата турган адам бактылуу», – деди.

**Тойго чакырылгандар жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

16 Ошондо Ыйса ага мындай деди: «Бир адам кечкиге чоң дасторкон даярдап, көп конок чакырат.

17 Тамак ичер убакыт болгондо, ал чакырган адамдарына: “Келгиле, баары даяр болду”, – деп, кулунан айттырып жиберет.

18 Бирок сүйлөшүп алгансып, баары тең кечирим сурай башташат. Алардын бири ага: “Мен жер сатып алдым эле, аны барып көрүшүм керек. Суранам, мени кечирип койчу”, – деп айттырып жиберет.

19 Экинчиси болсо: “Мен он өгүз сатып алдым эле, ошолорду сынап көргөнү барам. Суранам, мени кечирип койчу”, – деп айттырат.

20 Үчүнчүсү: “Мен жаңы эле үйлөндүм, ошондуктан бара албайм”, – дейт.

21 Кул кайтып келип, муну кожоюнуна айтат. Ошондо үй ээси каарданып, кулуна: “Сен тезинен шаардын чоң-кичине көчөлөрүн аралап, жардыларды, мунжуларды, аксактарды жана сокурларды бул жерге алып кел”, – деп айтат.

22 Кул барып келип: “Кожоюн, буйругуң орундатылды, бирок дагы орун бар”, – дейт.

23 Ошондо кожоюн кулуна: “Жол боюндагыларды, шаар тосмосунун сыртындагыларды келүүгө аргасыз кыл, менин үйүм толсун.

24 Анткени силерге айтып коёюн, мурунку чакырылгандардын эч кимиси менин кечки тамагымдан даам татпайт. Анткени чакырылгандар көп, бирок тандалгандар аз”, – деп айтат».

**Ыйсанын артынан ээрчүү**

25 Ыйса Өзүнүн артынан ээрчип келе жаткан элге бурулуп, мындай деди:

26 «Ким Мага келип, бирок ата-энесин, аялын, балдарын, ага-инилерин, эже-карындаштарын жана өз өмүрүн Менден артык көрсө, ал Менин шакиртим боло албайт.

27 Ким Менин артымдан өз айкаш жыгачын көтөрбөй ээрчисе, ал Менин шакиртим боло албайт.

**Мунара куруучу жөнүндө**

28 Силердин араңардан бирөө мунара курмакчы болсо, ал аны бүтүрүүгө каражаты жетер-жетпесин билиш үчүн, адегенде отуруп алып, курулуш чыгымын эсептеп чыгат да.

29 Болбосо пайдубалын гана салып, мунараны бүтүрө албай калганын көргөн кишилердин баары:

30 “Бул киши кура баштады эле, бирок бүтүрө алган жок”, – деп, аны шылдың кылышат.

**Согушка аттанган падыша жөнүндө**

31 Же кайсы бир падыша башка бир падыша менен согуша турган болсо, жыйырма миң аскери менен келе жатканга өзүнүн он эки миң аскери менен каршы тура алар-албасын билиш үчүн, адегенде отуруп алып кеңешет да.

32 Күчү жетпесе, тиги падыша али алыста экенинде эле, элчилерин жиберип, тынчтык келишимин түзүүнү өтүнөт.

33 Ошол сыяктуу эле болгон нерсесинин баарынан баш тартпаган адам Менин шакиртим боло албайт.

**Даамын жоготкон туз жөнүндө**

34 Туз – жакшы нерсе. Бирок туз өзүнүн даамын жоготсо, аны кайра кантип калыбына келтирүүгө болот?

35 Топуракка да, кыкка да кошууга жарабагандыктан, аны төгүп ташташат. Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!»

**15-БӨЛҮМ**

**Фарисейлер менен мыйзам окутуучулардын күңкүлдөөсү**

1 Салыкчылар менен күнөөкөрлөрдүн баары Ыйсанын сөзүн угуш үчүн, Ага жакын келишти.

2 Фарисейлер менен мыйзам окутуучулар болсо: «Ал күнөөкөрлөрдү кабыл алып, алар менен бирге тамактанат», – деп күңкүлдөштү.

**Жоголгон кой жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

3 Ошондо Ыйса аларга төмөнкү үлгү-насаат аңгемени айтып берди:

4 «Силердин араңардан жүз кою бар бир адамдын бир кою жоголуп кетсе, эмне, ал токсон тогузун талаага калтырып коюп, жоголуп кеткен бир коюн издебейби?

5 Тапкандан кийин, кубанып, аны ийнине көтөрүп алып,

6 үйүнө келет да, досторун, коңшуларын чакырып, аларга: "Жоголуп кеткен коюмду таптым, менин кубанычыма ортоктош болгула", – дейт.

7 Силерге айтып коёюн, ошол сыяктуу эле "Тобо кылууга муктаж эмеспиз" деген токсон тогуз "адил" адамга караганда, тобо кылган бир күнөөкөр үчүн асманда чоң кубаныч болот.

**Жоголгон драхма жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

8 Же он драхмасы бар бир аял бир драхмасын жоготуп алса, эмне, ал чырак күйгүзүп алып, үйүн шыпырып, аны тапмайынча тырышып издебейби?

9 Тапкандан кийин, курдаштары менен коңшуларын чакырып, аларга: "Мен жоготкон драхмамды таптым, менин кубанычыма ортоктош болгула", – дейт.

10 Силерге айтып коёюн, ошол сыяктуу эле бир күнөөкөрдүн тобо кылганы үчүн да Кудайдын периштелери кубанышат».

**Адашкан уул жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

11 Ыйса дагы мындай деди: «Бир кишинин эки уулу бар экен.

12 Алардын кенжеси атасына: "Ата, менин энчимди бер", – дейт. Ошондо атасы балдарына мал-мүлкүн бөлүп берет.

13 Көп өтпөй, кенже уулу энчисинин баарын алып, алыскы бир өлкөгө жөнөп кетет. Ал жактан ал жаман жолго түшүп, өзүнүн мал-мүлкүн ыгы жок ысырап кылат.

14 Бардыгын түгөткөндөн кийин, ошол өлкөдө катуу ачарчылык болуп, ал муктаж боло баштайт.

15 Ошондо ал ошол өлкөнүн бир адамына барып жабышып жалданат. Ал киши аны өзүнүн талаасына жиберип, чочколорун кайтартып коёт.

16 Ал чочколор жеген жемиш менен курсагын тойгузганына ыраазы болмок, бирок ага аны да эч ким бербейт.

17 Ошондо ал акылына келип: "Атамдын жалчыларынын баары тамакты тоё жешет, мен болсо бул жерде ачкадан өлгөнү жүрөм.

18 Туруп, атама кайтып барайын да: "Ата! Мен асмандагы Кудайдын алдында жана сенин алдыңда күнөөгө баттым.

19 Мындан ары сенин уулуңмун деп аталууга татыксызмын. Мени жалчы кылып ал дейин"”, – дейт.

20 Ошентип, ал туруп, атасына жөнөйт. Атасы уулун алыстан эле көрүп, аяйт да, жүгүрүп барып, мойнунан кучактап өпкүлөйт.

21 Ошондо уулу атасына: “Ата! Мен асмандагы Кудайдын алдында жана сенин алдыңда күнөөгө баттым. Мындан ары сенин уулуңмун деп аталууга татыксызмын”, – дейт.

22 Атасы болсо кулдарына: “Тезинен эң жакшы кийим алып келип, ага кийгизгиле. Колуна шакек тагып, бутуна бут кийим бергиле.

23 Анан борго байланган торпокту алып келип сойгула, ичип-жеп көңүл ачалы.

24 Анткени менин бул уулум өлгөн эле – тирилди, жоголгон эле – табылды”, – дейт. Ошентип, алар тойлой башташат.

25 Ошол учурда анын тун уулу талаада болот. Ал кайтып келе жатып, үйүнө жакындаганда, ырдап-бийлегендердин үндөрүн угат.

26 Ошондо ал кулдардын бирин чакырып алып: “Эмне болуп жатат?” – деп сурайт.

27 Кул ага: “Сенин иниң келди, атаң баласын аман-эсен көргөнү үчүн, борго байланган торпокту сойдуртту”, – дейт.

28 Муну укканда, анын ачуусу келип, үйгө киргиси келбейт. Атасы сыртка чыгып, аны чакырат.

29 Ошондо ал атасына: “Мен сага ушунча жылдан бери кызмат кылып келе жатам, эч качан буйругуңду бузган жокмун. Бирок сен мага досторум менен көңүл ачканга бир улак да берген эмессиң.

30 Ал эми өзүнүн мал-мүлкүн бузулган аялдар менен ыгы жок ысырап кылган уулуң келсе, ага бордолгон торпок сойдуң”, – деп жооп берет.

31 Атасы болсо ага: “Балам, сен ар дайым менин жанымдасың, менин бардык мал-мүлкүм сеники.

32 Бул нерсеге болсо сүйүнүп, кубануу керек болчу. Анткени бул иниң өлүк эле – тирилди, жоголгон эле – табылды!” – дейт».

**16-БӨЛҮМ**

**Үй башкаруучу жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

1 Ыйса Өзүнүн шакирттерине да мындай деди: «Бир бай адамдын чарба иштерин башкаруучусу бар экен. Ага: “Сенин чарба иштериңди башкаруучу мал-мүлкүңдү ыксыз ысырап кылып жатат”, – деп айтып келишет.

2 Ошондо бай аны чакырып алып: “Сен жөнүндө ар кандай сөз угуп жатам. Өзүңдүн башкаруу ишиң боюнча эсеп бер, анткени сен мындан ары чарба иштерин башкара албайсың!” – дейт.

3 Башкаруучу ичинен: “Эми мен эмне кылам? Кожоюнум мени башкаруу ишинен бошотуп жатат. Жер каза албайм, кайыр сурагандан уялам.

4 Бирок мен эмне кылууну таптым, башкаруу ишинен бошотулгандан кийин адамдар мени үйлөрүнө кабыл алышы үчүн, мен мындай кылам”, – деп ойлонот да,

5 кожоюнуна карызы барлардын ар бирин өз-өзүнчө чакырып алып, алардын биринчисинен: “Сен кожоюнума канча карызсың?” – деп сурайт.

6 Ал: “жүз ченем май карызмын”, – дейт. “Тил катыңды ал да, отура калып, элүү ченем деп жаза сал”, – дейт башкаруучу.

7 Андан кийин ал башкасынан: “Сен канча карызсың?” – деп сурайт. Ал: “Жүз ченем буудай”, – деп жооп берет. Башкаруучу ага да: “Тил катыңды ал да, сексен деп жаз”, – дейт.

8 Ошондо кожоюн ишенимсиз башкаруучусун акылдуулук менен иш кылганы үчүн мактаптыр. Бул дүйнөнүн адамдары өзү өңдүүлөр менен мамилелешкенде, жарыктын уулдарына караганда акылдуураак.

9 Мен да силерге айтып коёюн, өтүп кете турган байлык менен өзүңөргө досторду күткүлө! Байлык жок болуп кеткенден кийин, силерди түбөлүк турак-жайларга кабыл алышсын.

10 Аз нерседе ишенимдүү адам көп нерседе да ишенимдүү. Аз нерседе ишенимсиз адам көп нерседе да ишенимсиз.

11 Эгерде силерге өтүп кете турган байлыкты ишенип тапшырууга болбосо, чыныгы байлыкты ким ишенип тапшырат?

12 Эгерде силерге башкалардыкын ишенип тапшырууга болбосо, анда өзүңөрдүкүн ким берет?

13 Эч бир кул эки мырзага кызмат кыла албайт: бирин жек көрүп, экинчисин жакшы көрөт; бирине жан-дили менен берилип, экинчисин барк албайт. Бир эле учурда Кудайга да, байлыкка да кызмат кыла албайсыңар!»

**Фарисейлер жана мыйзам жөнүндө**

14 Мунун бардыгын байлыкты сүйгөн фарисейлер да угуп, Ыйсаны мазактап күлүштү.

15 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Силер адамдардын алдында өзүңөрдү адил адам катары көрсөтөсүңөр, бирок Кудай силердин жүрөгүңөрдү билет, анткени адамдар жогору баалаган нерсе Кудайдын алдында жийиркеничтүү.

16 “Тоорат” жана “Пайгамбарлар” китептери Жаканга чейин болгон. Ошол убакыттан бери Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү Жакшы Кабар жарыяланып келе жатат, бул Падышачылыкка ар бир адам күч жумшап кирет.

17 Бирок мыйзамдын бир белгиси жоголгонго караганда, асман менен жер оңой жок болот.

**Ажырашуу жөнүндө**

18 Аялын кетирип, башка аял алган адам ойноштук кылган болот. Күйөөсү кетирип жиберген аялды алган адам да ойноштук кылган болот.

**Бай адам жана Лазар**

19 Бир бай адам болуптур. Ал кочкул кызыл кыл торкодон жана зыгыр буласынан кийим кийип, күн сайын укмуштуудай той өткөрчү экен.

20 Анын дарбазасынын алдында бүт денесин жара баскан Лазар деген кайырчы жатчу.

21 Ал бай жеген тамактын калдыгына зар болчу. Иттер келип, анын жараларын жалачу.

22 Бир күнү ошол кайырчы өлүп, периштелер аны Ыбрайымдын кучагына алып барышат. Бай да өлүп, аны көргө коюшат.

23 Өлгөндөр жаткан жайда кыйналып жаткан ошол бай адам башын көтөрүп, алыстан Ыбрайымды жана анын кучагындагы Лазарды көрөт.

24 Ошондо ал болгон күчү менен: "Ыбрайым ата, мага ырайым кылып, Лазарды жиберчи, ал бармагынын учун сууга малып, тилимди сууласын, анткени мен бул жалындаган отто азап тартып жатам", – деп кыйкырат.

25 Бирок Ыбрайым ага: "Балам, сен өзүңдүн жакшы үлүшүңдү жашооңдо алганыңды, ал эми Лазар албаганын эстечи! Азыр болсо ал бул жерде сооронууда, ал эми сен азап чегүүдөсүң.

26 Анын үстүнө, силер менен биздин ортобузда түпсүздүк бар. Бул жактан силерге, силер жактан бизге өтө алышпайт", – дейт.

27 Ошондо ал бай: "Ата, андай болсо, сенден суранам, Лазарды атамдын үйүнө жиберчи.

28 Анткени менин беш бир тууганым бар. Алар да бул азаптуу жайга келбеши үчүн, Лазар барып күбөлөндүрсүн", – деп өтүнөт.

29 Ыбрайым ага: "Аларда Мусанын жана пайгамбарлардын китептери бар, ошолорду угушсун!" – десе, ал:

30 "Жок, Ыбрайым ата! Эгерде өлгөндөрдөн бирөө барса, алар тобо кылышат", – дейт.

31 Ошондо Ыбрайым ага: "Эгерде Муса менен пайгамбарлардын айтканын угушпаса, анда алар өлгөндөрдөн бирөө тирилип барса да ишенишпейт", – деп жооп берет».

**17-БӨЛҮМ**

**Азгырыктар жөнүндө**

1 Ыйса Өзүнүн шакирттерине мындай деди: «Азгырыктар келбей койбойт, бирок ким аркылуу келсе, ошол адамга кайгы.

2 Ошондуктан ушул кичинелердин бирин күнөөгө түрткөн адамдын мойнуна тегирмен ташын илип, аны деңизге таштап жиберишсе, ал үчүн жакшы болмок.

3 Өзүңөргө сак болгула. Эгерде бир тууганың сага каршы күнөө кылса, ага эскертүү бер. Эгерде кечирим сураса, аны кечир.

4 Эгерде ал бир күндүн ичинде сага каршы жети жолу күнөө кылып, сага жети жолу келип: "Күнөөмдү мойнума алам", – десе, аны кечир».

5 Элчилер Теңирге: «Ишенимибизди арттыр», – дешти.

6 Теңир аларга: «Эгерде силердин сары кычы данындай ишеничиңер болсо, бул тыт дарагына: “Тамырың менен суурулуп, деңиздин ичине отургузул”, – десеңер, ал силерди укмак», – деди.

**Кул жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

7 «Бирөөңөрдүн жер айдаган же мал кайтарган кулуңар бар дейли. Ошол кул талаадан келери менен кожоюну ага: “Тез келип, дасторконго отур”, – деп айтабы?

8 Тескерисинче, ага: “Мага кечки тамакты даярда, мен тамактанып бүткөнчө, белиңди бууп, мага кызмат кыл, андан кийин өзүң тамактан”, – деп айтат да.

9 Буйругун аткарганы үчүн, ал кулуна, эмне, алкыш айтабы? Айтат деп ойлобойм.

10 Силер да ошолордой болуп, өзүңөргө тапшырылган ишти аткаргандан кийин: “Биз эч нерсеге татыбаган кулдарбыз, аткарышыбыз керек болгон ишти гана аткардык”, – дегиле».

**Он пес оорулуунун айыгышы**

11 Ыйса Иерусалимге бара жатканда, Самария менен Галилеяны бөлгөн чек ара аркылуу өттү.

12 Ал бир айылга киргенде, Аны пес оорулуу он адам тосуп чыкты. Алар алысыраак токтоп:

13 «Ыйса Устат, бизге ырайым кыла көр!» – деп кыйкырышты.

14 Ыйса аларды көргөндө: «Ыйык кызмат кылуучуларга барып, өзүңөрдү көрсөткүлө», – деди. Алар жолдо бара жатышканда, пес оорудан айыгып, таза болуп калышты.

15 Алардын бири өзүнүн айыкканын көрүп, катуу үн менен Кудайды даңктап, артына кайтып келди да,

16 Ыйсанын алдына жүзтөмөндөп жыгылып, Ага ыраазычылык билдирди. Ал адам самариялык эле.

17 Ошондо Ыйса мындай деди: «Он киши таза болуп калбады беле? Калган тогузу кана?

18 Кудайды даңктоо үчүн, бул башка уруунун адамынан бөлөк эч ким кайтып келген жокпу?»

19 Анан Ал ага: «Тур, бара бер. Сени ишенимиң куткарды», – деди.

**Кудайдын Падышачылыгынын келиши жөнүндө**

20 Фарисейлер Кудайдын Падышачылыгы качан келе тургандыгын сураганда, Ыйса мындай деп жооп берди: «Кудайдын Падышачылыгы көзгө көрүнбөй келет.

21 “Мына, ал бул жерде” же “Тигине, ал тиги жерде”, – деп, эч ким айта албайт. Анткени Кудайдын Падышачылыгы силердин ичиңерде».

**Ыйсанын Өзүнүн экинчи жолу келери жөнүндө айтышы**

22 Анан шакирттерине мындай деди: «Адам Уулунун күндөрүнүн бирин болсо да көрсөк деп эңсей турган күндөр келет, бирок көрбөйсүңөр.

23 Силерге: “Мына, Ал бул жерде” же “Тигине, Ал тигил жерде”, – деп айтышат. Бирок барбагыла, аларды ээрчибегиле.

24 Анткени асмандын бир четинен экинчи четине чейин чагылган кандай жаркыраса, Адам Уулу да Өзү келген күнү ошондой болот.

25 Бирок алгач Ал көп азап чегип, бул муун аркылуу четке кагылууга тийиш.

26 Адам Уулу келген убакта да Нух пайгамбардын убагындагыдай болот.

27 Нух кемеге кирген күнгө чейин адамдар жешти, ичишти, аял алышты, күйөөгө чыгышты. Анан топон суу каптап, бардыгы кырылып калды.

28 Лоттун убагында да ошондой болду: адамдар ичип-жеп, соода-сатык жүргүзүп, жер иштетип, үй куруп өмүр сүрүп жатышты.

29 Бирок Лот Содомдон чыккан күнү асмандан от менен күкүрт жаап, бардыгы кырылып калды.

30 Адам Уулу келген күнү да ошондой болот.

31 Ошол күнү ким үйдүн үстүндө болсо, ал үйдүн ичиндеги буюмдарын алыш үчүн түшпөсүн. Ким талаада жүрсө, ал артка кайрылбасын.

32 Лоттун аялын эсиңерге түшүргүлө.

33 Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ким өз жанынан ажыраса, ал тирилет.

34 Силерге айтып коёюн, ошол түнү бир төшөктө жаткан эки кишинин бири алынат, бири калтырылат.

35 Чогуу жаргылчак тартып отурган эки аялдын бири алынат, бири калтырылат.

36 Талаада жүргөн эки кишинин бири алынат, бири калтырылат».

37 Ошондо алар Ыйсадан: «Теңир, мунун баары кайсы жерде болот?» – деп сурашты. Ыйса аларга: «Өлүк кайсы жерде болсо, жору-кузгундар ошол жерге чогулат», – деп жооп берди.

## 18-БӨЛҮМ

### Адилетсиз сот жөнүндө үлгү-насаат аңгеме

1 Ыйса шакирттерине дайыма сыйынуу жана чөкпөө жөнүндө мындай үлгү-насаат аңгеме айтып берди:

2 «Бир шаарда Кудайдан коркпогон, адамдардан уялбаган сот болуптур.

3 Ошол эле шаарда бир жесир аял бар экен. Аял сотко кайра-кайра келип: “Мени каршылашымдан корго”, – деп өтүнөт.

4 Бирок сот көпкө чейин анын өтүнүчүн аткаргысы келбейт. Акыры ал өз ичинен: “Кудайдан коркпосом да, элден уялбасам да,

5 бул жесир аял мага тынчтык бербегендиктен, аны коргоюн. Ал келе берип, мени тажатпасын”, – дейт».

6 Анан Теңир мындай деди: «Адилетсиз соттун эмне дегенин уктуңарбы?

7 Кудай Өзү тандап алган, Өзүнө күнү-түнү жалынган адамдарды коргобойбу? Создуктурса да, аларды коргойт.

8 Силерге айтып коёюн, аларды тез эле коргоого алат. Бирок Адам Уулу келгенде, жер үстүнөн ишеним таба алар бекен?»

**Фарисей жана салык жыйноочу жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

9 Өздөрүн адил адам эсептеп, башкаларды басынткан кээ бир адамдарга да Ыйса мындай үлгү-насаат аңгеме айтты:

10 «Эки адам сыйыныш үчүн, ийбадатканага кирет. Алардын бири фарисей, бири салык жыйноочу экен.

11 Фарисей туруп алып, ичинен мындай деп сыйынат: "Кудайым! Сага ыраазымын, анткени мен башка адамдарга окшоп талап-тонобойм, жамандык кылбайм, ойноштук кылбайм жана мына бул салык жыйноочудай эмесмин!

12 Мен жумасына эки жолу орозо кармайм, тапкан бардык кирешемдин ондон бир бөлүгүн берем".

13 Салык жыйноочу болсо алыс туруп алып, асманды кароого да батынбастан, көкүрөгүн койгулап: "Кудайым! Мендей күнөөкөргө ырайым кыла көр!" – деп сыйынат.

14 Силерге айтып коёюн, фарисейге караганда бул адам Кудай алдында көбүрөөк акталып, үйүнө кетти. Анткени өзүн өзү көтөргөн адам басынтылат, ал эми өзүн басынткан адам көтөрүлөт».

**Ыйсанын балдарга батасын бериши**

15 Колун тийгизип койсун деп, кээ бирөөлөр Ыйсага наристелерин алып келишти. Муну көргөн шакирттер аларга тыюу салышты.

16 Бирок Ыйса наристелерди жанына чакырып, шакирттерине мындай деди: «Балдардын Мага келүүсүнө жол бергиле, аларга тоскоолдук кылбагыла, анткени Кудайдын Падышачылыгы ушундайлардыкы.

17 Силерге чындыкты айтып коёюн, ким Кудайдын Падышачылыгын баладай кабыл албаса, ал ага кирбейт».

**Ыйса жана бай жигит**

18 Башчылардын бири Ыйсадан: «Жакшы Устат! Түбөлүк өмүргө ээ болуш үчүн эмне кылышым керек?» – деп сурады.

19 Ыйса ага: «Мени эмнеге жакшы дейсиң? Кудайдан башка эч ким жакшы эмес.

20 "Ойноштук кылба", "Киши өлтүрбө", "Уурдаба", "Бирөөгө жалаа жаппа", "Ата-энеңди сыйла" деген мыйзамдарды билесиң да», – деди.

21 «Булардын баарын мен жаш чагымдан бери сактап келем», – деди ал.

22 Ыйса муну укканда, ага мындай деди: «Сага дагы бир нерсе жетишпейт: колуңда болгондун бардыгын сатып, жакырларга таратып бер, ошондо сенин асманда казынаң болот. Анан келип, Менин артымдан ээрчи».

23 Муну укканда, башчынын көңүлү чөгө түштү, анткени ал өтө бай эле.

24 Ыйса анын көңүлү чөгө түшкөнүн көрүп: «Байлардын Кудайдын Падышачылыгына кирүүсү кандай кыйын!

25 Анткени бай адамдын Кудайдын Падышачылыгына кирүүсүнө караганда, төөнүн ийненин көзүнөн өтүүсү оңоюраак», – деди.

26 Муну уккандар: «Анда ким куткарылат?» – дешти.

27 Ошондо Ыйса: «Бул адамдын колунан келбейт, бирок Кудайдын колунан келет», – деди.

**Шакирттердин сыйлыгы**

28 «Мына, биз баарын таштап, Сени ээрчип жүрөбүз», – деди Петир.

29 Ошондо Ыйса шакирттерине мындай деди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, Кудайдын Падышачылыгы үчүн үй-жайын, же ата-энесин, же ага-инилерин, же эже-карындаштарын, же аялын, же балдарын таштаган адам

30 бул дүйнөдө алардан көп эсе алат жана келечекте түбөлүк өмүргө ээ болот».

**Ыйсанын Өзүнүн өлүмү жана тирилүүсү жөнүндө үчүнчү жолу айтышы**

31 Ыйса он эки шакиртин четке чыгарып алып, аларга: «Мына, биз Иерусалимге бара жатабыз. Ал жерде пайгамбарлар аркылуу Адам Уулу жөнүндө жазылгандардын баары орундалат.

32 Анткени Аны бутпарастардын колуна салып беришет, алар болсо Аны шылдыңдашат, кордошот, бетине түкүрүшөт,

33 камчы менен сабашат, анан өлтүрүшөт. Бирок Ал үчүнчү күнү тирилет», – деди.

34 Шакирттер болсо бул сөздөрдүн эч бирин түшүнүшкөн жок. Бул сөздөрдүн мааниси алар үчүн купуя болгондуктан, айтылгандарды түшүнүшкөн жок.

**Сокур адамдын айыгуусу**

35 Ыйса Жерихо шаарына келе жатты. Жол боюнда бир сокур адам кайыр сурап отурган эле.

36 Өзүнүн жанынан көп кишилердин өтүп бара жатканын уккан ал: «Эмне болуп жатат?» – деп сурады.

37 Ага: «Назареттик Ыйса өтүп бара жатат», – деп жооп беришти.

38 Ошондо сокур адам: «Ыйса, Дөөттүн Уулу, мага ырайым кыла көр!» – деп кыйкырды.

39 Алдыда келе жаткандар анын унчукпай калуусун талап кылышты. Бирок ал: «Дөөттүн Уулу, мага ырайым кылчы!» – деп, мурункудан да катуу кыйкырды.

40 Ыйса токтоп, аны Өзүнө алып келүүнү буйруду. Сокур адам жакын келгенде, Ыйса андан:

41 «Менин эмне кылышымды каалайсың?» – деп сурады. Ал Ага: «Теңир, менин көзүм көрсө экен», – деди.

42 Ошондо Ыйса ага: «Көзүң көрсүн! Сени ишенимиң куткарды», – деди.

43 Ошол замат анын көздөрү көрө баштады. Ал Кудайды даңктап, Ыйсаны ээрчип жөнөдү. Муну көргөн бүт эл да Кудайды даңктады.

**19-БӨЛҮМ**

**Закайдын Кудайга кайрылуусу**

1 Ыйса Жерихо шаарына кирип, аны аралап бара жатты.

2 Ал жерде салык жыйноочулардын башчысы, Закай деген бай киши бар эле.

3 Ал Ыйсаны көргүсү келди. Бирок бою кыска болгондуктан, көпчүлүктүн арасынан Аны көрө албай койду.

4 Ошондо ал Ыйсаны көрүү үчүн чуркап барып, Ал өтө турган жолдун боюндагы анжыр дарагына чыгып алды.

5 Ыйса ошол жерге келгенде, жогору карап: «Закай, тезирээк түш! Мен бүгүн сенин үйүңдө болушум керек», – деди.

6 Закай дарактан шашып түшүп, Аны үйүнө кубаныч менен кабыл алды.

7 Муну көргөндөрдүн бардыгы: «Ал күнөөкөр адамдын үйүнө кирди», – деп күңкүлдөй башташты.

8 Закай болсо ордунан туруп, Ыйсага: «Теңир, мен мал-мүлкүмдүн жарымын жакырларга таратып берем. Эгерде кимдир бирөөнү алдап, акысын жеген болсом, төрт эсе кайтарып берем», – деди.

9 Ошондо Ыйса: «Бүгүн бул үйгө куткарылуу келди, анткени бул адам да Ыбрайымдын урпагы.

10 Анткени Адам Уулу жоголгонду издеп таап куткаруу үчүн келген», – деди.

**Он мина жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

11 Угуп отургандарга Ыйса үлгү-насаат аңгеме да айтты. Анткени Ыйса Иерусалимге жакындап калгандыктан, алар: «Жакында Кудайдын Падышачылыгы келет», – деп ойлоп жатышкан.

12 Ошондуктан Ал муну айтып берди: «Бир ак сөөк адам падышачылыкка дайындалып келүү үчүн, алыскы бир өлкөгө жөнөмөкчү болот.

13 Ал өзүнүн он кулун чакырып алып, аларга он мина берип: “Мен кайтып келгенче, бул акчаны айландыргыла”, – дейт.

14 Жердештери болсо аны жек көргөндүктөн, артынан элчилерди жиберип: “Анын бизге падыша болушун каалабайбыз”, – деп айттырышат.

15 Бирок ал падышачылыкка дайындалып, кайтып келет. Берип кеткен күмүшү менен ким канча пайда тапканын билүү үчүн, ал кулдарын чакыртат.

16 Ошондо биринчиси келип: “Кожоюн, сенин минаң менен он мина пайда таптым”, – дейт.

17 Падыша ага: “Жарайсың, жакшы кул! Аз нерсеге ишенимдүү болгондугуң үчүн, он шаарга башкаруучу болосуң”, – дейт.

18 Экинчиси келип: “Кожоюн, сенин минаң менен беш мина пайда таптым”, – дейт.

19 Падыша ага да: “Сен да беш шаарга башкаруучу болосуң”, – дейт.

20 Үчүнчүсү келип: “Кожоюн, сенин минаң мына! Мен аны жоолукка ороп катып жүрдүм.

21 Мен сенден корктум, анткени сен койбогонуңду алып, экпегениңди оргон катаал адамсың”, – дейт.

22 Падыша ага: “Эй, арамза кул, мен сени өзүңдүн оозуңдан чыккан сөзүң менен соттоймун. Сен менин койбогонумду алып, экпегенимди оргон катаал адам экенимди билип туруп,

23 эмне үчүн менин күмүшүмдү айландырган жоксуң? Мен кайтып келгенде, кирешеси менен албайт белем?” – дейт да,

24 жанында тургандарга: “Андан минаны алып, он минасы барга бергиле”, – дейт.

25 Алар болсо ага: “Кожоюн, анын он минасы бар да!” – дешет.

26 Ошондо падыша мындай дейт: “Силерге айтып коёюн, кимде бар болсо, ага дагы берилет. Ал эми кимде жок болсо, анын болгон нерсеси да тартылып алынат.

27 Менин падыша болуумду каалабаган душмандарымды болсо, бул жерге алып келип, менин көз алдымда өлтүргүлө”».

**Ыйсанын Иерусалимге салтанаттуу түрдө кириши**

28 Ушуну айткандан кийин, Ыйса Иерусалимди көздөй жолун улантты.

29 Ал Зайтун тоосунун этегиндеги Бейтфагия менен Бетания айылдарына жакындаганда, Өзүнүн эки шакиртин мындай деп жөнөттү:

30 «Маңдайыңардагы айылга баргыла. Айылга киргенде, эч бир адам мине элек, байлануу турган кодикти табасыңар. Аны чечип, Мага алып келгиле.

31 Эгерде бирөө силерден: “Кодикти эмнеге чечип жатасыңар?” – деп сураса, “Бул Теңирге керек”, – дегиле».

32 Жөнөтүлгөндөр барышты, баары Ыйса айткандай болду.

33 Алар кодикти чечип жатышканда, анын ээси: «Кодикти эмнеге чечип жатасыңар?» – деп сурады.

34 Алар болсо: «Бул Теңирге керек», – деп жооп беришти.

35 Шакирттер кодикти Ыйсага алып келишти да, анын үстүнө өздөрүнүн кийимдерин салып, Ыйсаны мингизишти.

36 Ал кодик минип бара жатканда, адамдар өздөрүнүн кийимдерин жолго төшөп жатышты.

37 Ыйса Зайтун тоосунан түшө турган жерге жакындаганда, Анын бардык шакирттери өздөрү көргөн кереметтери үчүн кубанып, катуу үн менен Кудайды даңкташты:

38 «Теңирдин атынан келе жаткан Падышага даңк! Асманда тынчтык болсун! Эң бийик жердегиге даңк!»

39 Ошондо эл арасынан айрым фарисейлер Ага: «Устат, шакирттериңди тый», – дешти.

40 Ыйса болсо аларга: «Силерге айтып коёюн, эгерде булар унчукпаса, анда таштар кыйкырышат», – деп жооп берди.

**Ыйсанын Иерусалим үчүн кайгырышы**

41 Ыйса Иерусалим шаарына жакындаганда, шаарды карап алып, ал үчүн ыйлап, мындай деди:

42 «Сенде тынчтык болуш үчүн эмне керек экенин, жок дегенде, бүгүн билсең кана! Бирок ал азыр сен үчүн жашыруун.

43 Сенин башыңа оор күндөр келет: душмандарың тегерегиңе аң казып, курчап алышат да, сени ар тараптан кысымга алышат.

44 Сени талкалашат, балдарыңды өлтүрүшөт, таш үстүнө таш калтырышпайт, анткени сен өзүңдүн куткарылуу убагың келгенин билген жоксуң».

**Ыйсанын ийбадатканадагы сатуучуларды экинчи жолу кууп чыгышы**

45 Анан Ыйса ийбадатканага кирип: «Ыйык Жазууда: “Менин үйүм – сыйынуу үйү”, – деп жазылган.

46 Силер болсо аны каракчылардын уюгуна айландырып алдыңар», – деп, андагы сатуучулар менен сатып алуучуларды кууп чыгара баштады.

47 Ал күн сайын ийбадатканада элди окутту. Башкы ыйык кызмат кылуучулар, мыйзам окутуучулар жана эл аксакалдары болсо Аны өлтүрүүнүн жолун издешти.

48 Бирок ыңгайын таба алышпады, анткени элдин баары Анын сөзүнө кулак салып, жанынан кетишчү эмес.

**20-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын бийлиги жөнүндө суроо**

1 Бир күнү Ыйса ийбадатканада элди окутуп, Жакшы Кабар айтып жатканда, башкы ыйык кызмат кылуучулар, мыйзам окутуучулар жана аксакалдар келишип:

2 «Сен муну кайсы бийликтин негизинде кылып жатасың? Сага бул бийликти ким берди?» – деп сурашты.

3 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Мен да силерден бир нерсени сурайын. Мага айткылачы,

4 Жакандын чөмүлдүрүүсү Кудайдан болду беле же адамдарданбы?»

5 Алар өз ара: «Эгерде “Кудайдан” десек, анда Ал: “Анда эмне үчүн Жаканга ишенген жоксуңар?” – деп айтат.

6 Эгерде “адамдардан” десек, анда эл бизди таш бараңга алат. Анткени алар Жакандын пайгамбар экенине ишенишет», – деп акылдашышты да,

7 «Кимден экенин билбейбиз», – деп жооп беришти.

8 Ошондо Ыйса аларга: «Мен да силерге муну кайсы бийликтин негизинде кылып жатканымды айтпайм», – деди.

**Жүзүмчүлөр жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

9 Ыйса бул үлгү-насаат аңгемени элге айта баштады: «Бир адам жүзүм багын отургузуп, аны жүзүмчүлөргө тапшырат да, өзү узак убакытка башка жакка кетет.

10 Жүзүм багынын жемишинен берсин деп, өз убагы келгенде, жүзүмчүлөргө бир кулун жиберет. Бирок жүзүмчүлөр аны сабап, куру кол кетирип жиберишет.

11 Ошондо ал башка кулун жиберет. Бирок аны да уруп, кордоп, куру кол кетирип жиберишет.

12 Жүзүм багынын ээси үчүнчү кулун жиберет. Бирок жүзүмчүлөр аны жарадар кылып, кууп жиберишет.

13 Ошондо жүзүм багынын ээси: “Эмне кылсам? Сүйүктүү уулумду жиберейин. Мүмкүн, аны көрүп уялышар”, – дейт.

14 Бирок жүзүмчүлөр аны көргөндө, өз ара: “Бул – мурасчы, жүргүлө, аны өлтүрүп салалы, ошондо анын мурасы биздики болот”, – дешет.

15 Ошентип, алар аны жүзүм багынын сыртына чыгарып, өлтүрүп салышат. Эми жүзүм багынын ээси аларды эмне кылат?

16 Ал келет да, жүзүмчүлөрдү өлтүрүп, жүзүм багын башка бирөөлөргө берет». Муну угуп тургандар болсо: «Кой, андай болбой эле койсун!» – деп жиберишти.

17 Ошондо Ыйса аларды карап: «Анда Ыйык Жазуудагы “Куруучулар жаратпай койгон таш бурчтун негизи болуп калды.

18 Ал ташка жыгылган адам өлөт. Ал эми ал таш кимдин үстүнө түшсө, аны басып өлтүрөт” деген сөздөр эмнени билдирет?» – деди.

**Салык жөнүндө суроо**

19 Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен мыйзам окутуучулар Ыйсанын бул үлгү-насаат аңгемеде өздөрү жөнүндө айтканын түшүнүшкөндүктөн, ушул учурда Ага кол салууга ниеттеништи, бирок элден коркушту.

20 Алар Ыйсаны көзөмөлгө алып, адил адамдай көрүнгөн өз кишилерин жашыруун жөнөтүштү. Аны сөзүнөн кармап, башчылардын жана соттун колуна өткөрүп берүү үчүн, алар Андан:

21 «Устат, Сенин туура сүйлөп, туура окутарыңды билебиз. Бет карамалык кылбайсың, Кудайдын мыйзамдарын туура окутасың.

22 Кандай дейсиң, биз Рим падышасына салык төлөшүбүз керекпи же жокпу?» – деп сурашты.

23 Ыйса алардын жаман оюн билип: «Мени эмнеге сынап жатасыңар?

24 Мага бир динарийди көрсөткүлөчү. Мунун бетиндеги сүрөт менен жазуу кимдики?» – деди. Алар: «Падышаныкы», – деп жооп беришти.

25 Ыйса аларга: «Андай болсо, падышага тиешелүүнү падышага, Кудайга тиешелүүнү Кудайга бергиле», – деди.

26 Ошентип, алар Ыйсаны эл алдында сөзүнөн кармай албай, Анын жообуна таң калып, унчукпай калышты.

**Садукейлердин тирилүү жөнүндөгү суроосу**

27 Ошондон кийин «Өлгөндөр тирилбейт» деген садукейлердин кээ бири келип, Ага мындай суроо беришти:

28 «Устат! Муса пайгамбар бизге: “Эгерде кимдир бирөөнүн бир тууганы бала көрбөй көз жумса, анда башка бир тууганы анын аялын алып, тукумун уласын”, – деп жазып калтырган.

29 Жети бир тууган бар эле. Биринчиси аял алып, бала көрбөй көз жумду.

30 Ал аялды экинчиси да алып, баласыз өттү.

31 Аны үчүнчүсү да алды. Аны жети бир тууган тең алып, баласыз өтүп кетишти.

32 Баары өлгөндөн кийин, аял да көз жумду.

33 Өлгөндөр тирилгенден кийин, ал кимисинин аялы болот? Анткени аны жетөө тең аялдыкка алган болчу».

34 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Бул дүйнөдөгү адамдар аял алышат, күйөөгө тийишет.

35 Ал эми тиги дүйнөгө барууга ылайык деп табылгандар тирилгенден кийин үйлөнүшпөйт, турмушка да чыгышпайт.

36 Алар ал жакта өлүшпөйт, анткени периштелерге окшош болуп калышат. Алар – Кудайдын балдары, анткени алар өлгөндөрдүн арасынан тирилишкен.

37 Өлгөндөр тириле тургандыгын Муса да жалындаган бадал жөнүндөгү аңгемеде айткан. Ал жерде Теңирдин Мусага: “Мен Ыбрайымдын, Ыскактын, Жакыптын Кудайымын”, – дегендиги айтылат.

38 Кудай – өлгөндөрдүн эмес, тирүүлөрдүн Кудайы! Анткени Ал үчүн бардыгы тирүү».

**Ыйсанын мыйзам окутуучуларды ашкерелеши**

39 Муну укканда, кээ бир мыйзам окутуучулар: «Устат, Сен жакшы айттың!» – дешти.

40 Ушундан кийин алар Андан бир нерсе суроого батына албай калышты. Анан Ыйса аларга мындай деди:

41 «Эмне үчүн Машайакты Дөөттүн Уулу деп айтышат?

42 Дөөт өзү Забурда мындай деп айтпады беле: “Теңир менин Теңириме мындай деди:

43 "Мен Сенин душмандарыңды бут алдыңа жыкканга чейин, Менин оң жагыма отур"”.

44 Демек, Дөөт Аны Теңир деп атаган болсо, Ал кантип анын Уулу болсун?»

45 Бүт эл Анын сөзүн угуп жатканда, Ал Өзүнүн шакирттерине мындай деди:

46 «Узун кийим кийип жүрүүнү, эл жыйылган жерлерде алик алууну, синагогаларда алдыңкы орундарда, тойлордо төрдө отурганды жакшы көргөн мыйзам окутуучулардан сак болгула!

47 Алар жесир аялдардын үйлөрүн талап-тоношот, эки жүздүүлөнүп узакка сыйынышат. Алардын жазасы оор болот».

**21-БӨЛҮМ**

**Жесирдин лептасы**

1 Ыйса курмандыктар салына турган кутуга өздөрүнүн Кудайга деген тартууларын салып жаткан бай адамдарды көрдү.

2 Ага эки лепта салып жаткан жарды жесир аялды да көрүп, мындай деди:

3 «Силерге чындыкты айтып коёюн, мына бул жарды жесир аял бардыгынан көп салды.

4 Анткени башкалардын баары өздөрүнөн артканды салышты, ал эми бул аял жардылыгына карабастан, колунда болгонун, тамакка деген акчасынын баарын салды».

**Зайтун тоосунда**

5 Бирөөлөр ийбадаткананын кымбат таштар менен, тартуулар менен кооздолгондугу жөнүндө сөз кылып жатышканда, Ыйса мындай деди:

6 «Силер бул жерде көрүп тургандын баары кыйрап, таш үстүндө таш калбай турган күндөр келет».

7 Ошондо алар Ыйсадан: «Устат, бул качан болот? Булардын ишке аша тургандыгын кандай белги аркылуу билсе болот?» – деп сурашты.

8 Ал мындай деди: «Силерди бирөө адаштырып кетпеши үчүн сак болгула. Анткени: “Машайак Менмин” жана “Аз убакыт калды”, – деп, Менин ысымымды жамынып көптөр келишет. Алардын артынан ээрчибегиле.

9 Согуштар жана дүрбөлөңдөр тууралуу укканыңарда, коркпогула. Анткени алгач ушундай болушу керек. Бирок бул дүйнөнүн акыры эмес».

10 Андан кийин аларга мындай деди: «Бир эл бир элге, бир падышачылык бир падышачылыкка каршы көтөрүлөт.

11 Жер-жерлерде катуу жер титирөөлөр, ачкачылык, жугуштуу оорулар, коркунучтуу көрүнүштөр жана асмандан чоң жышаандар болот.

12 Бирок адегенде силерге кол салышат. Силерди куугунтукташат, синагогадагылардын колуна салып беришет, түрмөлөргө камашат. Менин ысымым үчүн падышалардын жана башкаруучулардын алдына алып барышат.

13 Мен жөнүндө күбөлөндүрүшүңөр үчүн ушундай болот.

14 Ошондуктан эмне деп жооп берүү жөнүндө алдын ала ойлонбоо керектигин көкүрөгүңөргө түйүп алгыла.

15 Анткени силерге каршы чыккандар каршы тура албагыдай, каршы сүйлөй албагыдай сөз менен акылмандыкты Мен берем.

16 Силерди ата-энеңер, бир туугандарыңар, тууган-уругуңар жана досторуңар кармап беришет жана кээ бирөөңөрдү өлтүрүшөт.

17 Менин ысымым үчүн бардыгына жек көрүндү болосуңар.

18 Бирок башыңардан бир тал чачыңар да жоголбойт.

19 Чыдамдуулук менен жаныңарды сактап кала аласыңар.

**Иерусалимдин кыйратылышы жөнүндө**

20 Иерусалимди аскерлер курчап алганын көрсөңөр, анда анын кыйрай турган убагы жакын калганын билгиле.

21 Ошондо Жүйүт аймагында жашагандар тоого качып кетишсин. Шаардагылар шаардан чыгып кетишсин; шаардын сыртындагылар шаарга киришпесин.

22 Анткени ошол күндөр – Кудайдын элди жазалай турган күндөрү. Ыйык Жазууда жазылгандардын баары орундалат.

23 Ошол күндөрдө кош бойлуу жана эмчекте баласы бар аялдарга кыйын болот. Анткени жер үстүндө чоң алаамат болуп, бул элдин башына Кудайдын каары түшөт.

24 Алар өткүр кылычтан кырылышат, бардык бутпарас элдердин арасына туткундалып кетишет. Бутпарастардын заманы бүткөнчө, Иерусалим алардын таман астында калат.

**Теңирдин даңк менен келери жөнүндө**

25 Күндө, айда, жылдыздарда алаамат жышаандары пайда болот, жер үстүндө болсо адамдар деңиздин күүлдөгөнүнөн, толкуганынан дүрбөлөңгө түшүп, эмне кыларын билбей калышат.

26 Асман күчтөрү кыймылдап калгандыктан, ааламга келе жаткан алааматты күтүп, адамдар коркунучтан эстен танышат.

27 Ошондо Адам Уулунун булут ичинде улуу күч жана даңк менен келе жатканын көрүшөт.

28 Бул окуялар боло баштаганда, өйдө туруп, башыңарды көтөргүлө, анткени силердин куткарыла турган күнүңөр жакындайт».

29 Анан аларга бул салыштырууну айтып берди: «Анжыр дарагын жана бардык бак-дарактарды карагыла.

30 Алардын жалбырагы чыгып калганын көргөнүңөрдө, жай мезгили келерине аз калганын билесиңер.

31 Ошол сыяктуу эле ушулар болуп жатканын көргөнүңөрдө, Кудайдын Падышачылыгы жакын калганын билгиле.

32 Силерге чындыкты айтып коёюн, ушунун баары болмоюнча, бул муун жок болуп кетпейт.

33 Асман менен жер жок болуп кетсе да, Менин сөздөрүм аткарылбай калбайт.

34 Өзүңөргө сак болгула, оюңардын баары эле ашыра тоюу, мас болуу, турмуштук түйшүктөр болуп калбасын. Ал күн силер күтпөгөн убакта келип калбасын.

35 Анткени ал күн жер үстүндө жашоочулардын баарын тор сыяктуу басып калат.

36 Ошондуктан сергек болгула, боло турган алааматтардын баарынан качып кутула алыш үчүн жана Адам Уулунун алдына келип туруш үчүн, дайыма сыйынгыла!»

37 Ыйса күндүзгү убакытты ийбадатканада элди окутуп, ал эми түнкү убакытты шаардан чыгып, Зайтун тоосунда өткөрүп жүрдү.

38 Элдин баары Анын сөзүн угуу үчүн, ийбадатканага таң атары менен келишчү.

## 22-БӨЛҮМ

### Жүйүттүн Ыйсага чыккынчылык кылышы

1 «Пасах» деп аталган Ачыткысыз нан майрамы жакындап калган эле.

2 Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен мыйзам окутуучулар Ыйсаны өлтүрүүнүн жолун издешти, бирок элден коркушту.

3 Ошондо он эки шакирттин бири – Искариот деген ысым коюлган Жүйүттүн ичине шайтан кирди.

4 Ал барып, Ыйсаны кантип кармап берери жөнүндө башкы ыйык кызмат кылуучулар жана ийбадаткананын күзөт башчылары менен сүйлөштү.

5 Алар кубанып, ага акча берүүгө макул болушту.

6 Ошентип, Жүйүт аларга убада берди да, Ыйсаны эл жок жерде кармап берүү үчүн, ыңгайлуу учурду күтүп жүрдү.

### Пасах майрамына даярдык көрүү

7 Пасах козусу союла турган Ачыткысыз нан майрамы келди.

8 Ошондо Ыйса: «Барып, бизге Пасах тамагын даярдагыла», – деп, Петир менен Жаканды жөнөттү.

9 Алар Ыйсадан: «Кайсы жерде даярдообузду каалайсың?» – деп сурашты.

10 Ыйса аларга: «Шаарга кирсеңер, кумура менен суу көтөрүп бара жаткан адамга жолугасыңар. Анын артынан ээрчип, ал кирген үйгө киргиле да, ошол үйдүн ээсине:

11 “"Шакирттерим менен Пасах тамагын жей турган бөлмө кайсы?" – деп, сенден Устатыбыз суратып жатат”, – дегиле.

12 Ошондо ал силерге төшөнчүлөр төшөлгөн, үстүнкү кабаттагы чоң бөлмөнү көрсөтөт, тамакты ошол жерге даярдагыла», – деди.

13 Алар барышты, баары Ыйса айткандай болду. Ошентип, алар Пасах тамагын даярдашты.

**Пасах**

14 Тамак жей турган убак болгондо, Ыйса он эки элчиси менен дасторконго отурду.

15 Ошондо Ыйса аларга: «Азап тартарымдын алдында Мен ушул Пасах тамагын силер менен бирге жегенди аябай каалаган элем.

16 Анткени силерге айтып коёюн, Пасах тамагын Кудайдын Падышачылыгында жей турган убакыт келгенге чейин, мындан ары Мен аны силер менен жебейм», – деди.

17 Анан Ал чөйчөктү колуна алып, Кудайга ыраазычылык билдирди да, аларга: «Муну алып, өз ара бөлүшүп ичкиле.

18 Анткени Кудайдын Падышачылыгы келгенге чейин, Мен мындан ары жүзүм ширесин ичпейм», – деди.

**Теңирдин Кечки Тамагы**

19 Анан нанды алып, Кудайга ыраазычылык билдирди. Аны сындырып, шакирттерине берип жатып: «Бул нан – силер үчүн бериле турган Менин Денем. Муну Мени эскерүү үчүн жегиле», – деди.

20 Кечки тамактан кийин чөйчөктү да алып, мындай деди: «Бул чөйчөк – силер үчүн төгүлө турган Менин каным менен бекитиле турган жаңы келишим.

**Ыйсанын чыккынчы жөнүндө айтышы**

21 Бирок мына, Мага чыккынчылык кыла турган адам Мени менен бирге дасторконго кол узатып жатат.

22 Анткени Адам Уулу алдын ала белгиленген жол менен бара жатат. Бирок Ал ким аркылуу кармалып берилсе, ошол адамга кайгы».

23 Ошондо элчилер: «Биздин арабыздан ким чыккынчылык кылат болду экен?» – деп, бири-биринен сурай баштаашты.

**Шакирттердин ортосундагы талаш**

24 Шакирттер өз ара: «Кимибиз чоңбуз?» – деп да талаша кетишти.

25 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Элдерге падышалар үстөмдүк кылышат, элдердин үстүнөн бийлик жүргүзүүчүлөр “Жакшылык кылуучулар” деп аталышат.

26 Силер болсо андай болбогула. Тескерисинче, араңарда ким улуу болсо, ал кичүүдөй болсун; ким башчы болсо, ал кызматчыдай болсун.

27 Анткени кимиси чоң: дасторкондо отурган адамбы же кызмат кылган адамбы? Албетте, дасторкондо отурган адам чоң. Мен болсо силердин араңарда кызмат кылган адам сыяктуумун.

**Элчилердин келечектеги падышачылыкта ала турган орду**

28 Силер болсо башыма кыйынчылык келген учурларда Мени менен бирге болдуңар.

29 Атам Мага бийлик бергендей эле, Мен да силерге бийлик берем.

30 Менин Падышачылыгымда Менин дасторконумдан ичип-жейсиңер, тактыларга отуруп, Ысрайылдын он эки уруусун соттойсуңар».

**Ыйсанын Петирдин баш тартарын алдын ала айтышы**

31 Анан Ыйса Теңир Петирге: «Шымон, Шымон! Шайтан силерди калбырдан буудай сыяктуу өткөрүүнү суранды.

32 Бирок ишенимин жоготпосун деп, Мен сен үчүн сыйындым. Кайра кайрылганыңдан кийин, бир туугандарыңдын ишенимин бекемде», – деди.

33 Петир болсо Ага: «Теңир, мен Сени менен түрмөгө отурууга да, өлүүгө да даярмын», – деди.

34 Бирок Ыйса ага: «Петир, сага айтып коёюн, ушул түнү короз кыйкырганга чейин, сен Мени билбейм деп, үч жолу танасың», – деди.

**Ыйсанын Өзүнүн алдында турган сыноолор жөнүндө шакирттерине айтышы**

35 Анан Ыйса аларга: «Мен силерди капчыксыз, баштыксыз, бут кийимсиз жөнөткөнүмдө, бир нерсеге муктаж болдуңар беле?» – деди. Алар: «Жок, эч нерсеге муктаж болгон эмеспиз», – деп жооп беришти.

36 Ошондо Ыйса аларга: «Бирок азыр кимдин капчыгы болсо, ал аны да, баштыгын да алсын. Ал эми кимдин кылычы жок болсо, ал өзүнүн кийимин сатып, кылыч сатып алсын.

37 Силерге айтып коёюн, “Ал кылмышкер катары эсептелди” деген пайгамбарчылык Менин жашоомдо аткарылышы керек. Анткени Ыйык Жазууда Мен жөнүндө эмне жазылса, ошонун бардыгы аткарылып бүтүп калды», – деди.

38 Алар Ага: «Теңир, мына, бул жерде эки кылыч бар», – дешти. Ыйса аларга: «Жетет», – деди.

**Ыйса Гетсемани багында**

39 Ыйса тышка чыгып, адатынча Зайтун тоосуна жөнөдү. Шакирттери Анын артынан ээрчишти.

40 Ошол жерге келгенден кийин, Ыйса аларга: «Азгырылып кетпеш үчүн сыйынгыла», – деди.

41 Өзү нарыраак, таш ыргытса жетчүдөй жерге барып, чөгөлөп отуруп, мындай деп сыйынды:

42 «Ата, эгерде Сенин эркиңе туура келсе, ушул чөйчөктү Менин жанымдан кыя өткөрүп жиберчи. Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун!»

43 Ошондо асмандан бир периште келип, Ага күч берди.

44 Кыйналып жатканында, Ал бүт күчү менен сыйынды. Анын тери кандын тамчысына окшоп жерге таамп жатты.

45 Ыйса сыйынып бүтүп, ордунан тургандан кийин, шакирттеринин жанына келди. Кайгыга баткан алар уктап калышкан эле.

46 Ошондо аларга: «Эмне уктап жатасыңар? Азгырылып кетпеш үчүн сыйынгыла», – деди.

**Ыйсанын туткундалышы**

47 Ыйса сүйлөп жатканда, он эки элчинин бири Жүйүт баштаган топ адам келди. Жүйүт Ыйсанын бетинен өбүү үчүн, жакын келди. Анткени ал: «Мен кимди өпсөм, Ал – Ошол», – деп, алар менен сүйлөшүп койгон эле.

48 Ыйса андан: «Жүйүт, сен Адам Уулун өөп туруп салып бересиңби?» – деп сурады.

49 Иштин жайын түшүнгөн Ыйсанын жанындагылар: «Теңир, кылыч менен чаап салалыбы?» – дешти.

50 Алардын бирөөсү башкы ыйык кызмат кылуучунун бир кулунун оң кулагын шылый чапты.

51 Ыйса болсо: «Токтоткула, жетишет!» – деди да, кулдун кулагына колун тийгизип, аны айыктырып койду.

52 Анан Ыйса Өзүн кармаганы келген башкы ыйык кызмат кылуучуларга, ийбадаткананын күзөт башчыларына жана аксакалдарга: «Каракчыны кармачудай болуп, Мени кармаш үчүн кылыч, союл алып чыктыңарбы?

53 Силер менен күн сайын ийбадатканада болгонумда, Мага каршы кол көтөргөн жок элеңер. Бирок азыр силердин убагыңар, караңгылык бийлик кылган убак», – деди.

**Ыйса башкы ыйык кызмат кылуучулардын алдында. Петирдин тануусу**

54 Алар Ыйсаны туткундап алып, башкы ыйык кызмат кылуучунун үйүнө алып барышты. Петир болсо аларды алысыраак жерде ээрчип бара жатты.

55 Алар короонун ортосуна от жагып, отту тегеректеп отурушканда, Петир да алардын арасына барып отурду.

56 Бир күң оттун жанында отурган Петирди көрүп, тигиле карады да: «Бул да Аны менен жүрчү», – деди.

57 Бирок Петир: «Эй, аял, мен Аны тааныбайм», – деп танып койду.

58 Бир аздан кийин ошол жердегилердин дагы бири аны көрүп: «Сен да ошолордонсуң», – деди. Бирок Петир ага: «Жок, мен алардан эмесмин», – деди.

59 Бир сааттай убакыт өткөндөн кийин, дагы бир адам: «Чын эле, бул да Аны менен жүрчү, анткени бул галилеялык», – деп, көшөрө далилдей баштады.

60 Бирок Петир: «Эй, сенин эмне деп жатканыңды түшүнбөй турам», – деди. Ошол замат, ал ушинтип сүйлөп жатканда, короз кыйкырды.

61 Ошондо Ыйса Теңир бурулуп, Петирди карады. Петир Теңирдин «Ушул түнү короз кыйкырганга чейин, сен Менден үч жолу баш тартасың» деген сөзүн эстеп,

62 сыртка чыгып, өксөп ыйлады.

**Күнөөкөрлөрдүн Ыйсаны кордошу**

63 Ыйсаны кармап келген адамдар Аны шылдыңдап сабашты.

64 Анын көзүн таңып коюшуп, жаакка чапкылап: «Кана, пайгамбарчылык кылчы! Сени ким чапты?» – деп сурап жатышты.

65 Алар Аны дагы көптөгөн жаман сөздөр менен тилдешти.

**Ыйса жогорку соттун алдында**

66 Эртеси эртең менен эл аксакалдары, башкы ыйык кызмат кылуучулар жана мыйзам окутуучулар чогулуп, Аны өздөрүнүн жогорку сотуна алып барышты да, Андан:

67 «Кана, айтчы бизге, Сен Машайаксыңбы?» – деп сурашты. Ыйса болсо аларга: «Айтсам, баары бир ишенбейсиңер;

68 сурасам, баары бир жооп бербейсиңер.

69 Мындан кийин Адам Уулу кудуреттүү Кудайдын оң жагына отурат», – деди.

70 Ошондо бардыгы Ага: «Демек, Сен Кудайдын Уулу экенсиң да?!» – дешти. Ыйса аларга: «Менин Ошол экенимди өзүңөр айтып жатасыңар», – деп жооп берди.

71 Ошондо алар: «Бизге дагы кандай далил керек? Анткени биз Анын Өз оозунан укпадыкпы!» – дешти.

**23-БӨЛҮМ**

**Ыйса Пилаттын алдында**

1 Чогулгандардын бардыгы орундарынан туруп, Ыйсаны Пилатка алып барышты да,

2 мындай деп айыптай башташты: «Биз бул Адамдын элибизди бузуп жатканын көрдүк. Падышага салык төлөөгө тыюу салып, Өзүн “Машайак, Падышамын” деп жүрөт».

3 Ошондо Пилат Ыйсадан: «Сен жүйүттөрдүн Падышасысыңбы?» – деп сурады. Ыйса ага: «Өзүң айтып жатасың», – деп жооп берди.

4 Пилат башкы ыйык кызмат кылуучуларга, чогулган элге: «Мен бул Адамдан эч кандай күнөө тапкан жокмун», – деди.

5 Бирок алар айткандарынан кайтышпай: «Бул Галилеядан баштап ушул жерге чейин, бүт Жүйүт аймагында Өзүнүн окутуусун таратып, элге дүрбөлөң түшүрүп жүрөт», – дешти.

**Ыйса Ироддун алдында**

6 Пилат муну укканда: «Эмне, бул Адам галилеялыкпы?» – деп сурады.

7 Ыйсанын Ирод башкарган аймактан экенин билгенде, Пилат Аны Иродго жөнөттү. Анткени ошол күндөрү Ирод Иерусалимде жүргөн эле.

8 Ирод Ыйсаны көргөндө, аябай кубанып кетти, анткени Ал тууралуу көп уккандыктан, кандайдыр бир керемет көрүүгө үмүттөнүп, Аны көптөн бери көргүсү келип жүргөн.

9 Ал Ыйсага көп суроо берди. Бирок Ыйса ага эч кандай жооп берген жок.

10 Ал жерде турган башкы ыйык кызмат кылуучулар менен мыйзам окутуучулар Аны аябай айыпташты.

11 Ирод болсо өзүнүн аскерлери менен Аны кордоп, мазактады да, Ага жылтылдаган кийим кийгизип, кайра Пилатка жөнөтүп жиберди.

12 Буга чейин бири-бири менен касташып жүргөн Ирод менен Пилат ушул күнү дос болуп калышты.

**Ыйса кайрадан Пилаттын алдында**

13 Пилат болсо башкы ыйык кызмат кылуучуларды, башчыларды жана элди чакыртып алып, аларга мындай деди:

14 «Силер бул Адамды мага элди бузуучу катары алып келгенсиңер. Бирок мен силердин алдыңарда тергөө жүргүзүп, Андан силер койгон айыптардын эч бирин тапкан жокмун.

15 Мен Аны Иродго жибергем, бирок ал да Андан күнөө таппай, Аны кайра бизге жөнөтүп жибериптир. Демек, Ал өлүм жазасына татырлык эч бир күнөө жасаган эмес.

16 Ошондуктан Аны жазалап туруп, коё берем».

17 Пилат майрамга карата бир туткунду бошотуп бериши керек эле.

18 Бирок чогулган элдин баары: «Ага өлүм! Бизге Бараббаны бошотуп бер!» – деп кыйкырышты.

19 Барабба болсо шаарда болгон бир козголоңго катышып киши өлтүргөндүктөн, түрмөгө камалган эле.

20 Пилат кайрадан элге кайрылып, Ыйсаны бошоткусу келгенин айтты.

21 Бирок алар: «Аны айкаш жыгачка када, айкаш жыгачка када!» – деп кыйкырышты.

22 Пилат үчүнчү жолу аларга: «Ал кандай жаман иш кылды? Мен Андан өлүм жазасына татырлык эч кандай күнөө тапкан жокмун. Ошондуктан Аны жазалап туруп, коё берем», – деди.

23 Бирок алар болгон үндөрү менен: «Аны айкаш жыгачка када!» – деп кыйкырып, талап кыла беришти. Алар улам күчөп кыйкыра беришкендиктен,

24 Пилат алардын талабын орундатууну чечти.

25 Ошентип, ал козголоңго катышып жана киши өлтүрүп түрмөдө жаткан кишини элдин сураныччы боюнча бошотту, Ыйсаны болсо алардын эркине тапшырды.

26 Аскерлер Ыйсаны алып бара жатышканда, талаадан келе жаткан Шымон деген киренеялык кишини кармап алышты да, ага айкаш жыгачты көтөртүп, Ыйсанын артынан ээрчитип коюшту.

**Ыйсанын айкаш жыгачка кадалуусу**

27 Ыйсанын артынан өтө көп эл ээрчип бара жатты. Алардын арасында Ал үчүн боздоп ыйлаган аялдар бар эле.

28 Ыйса аларга бурулуп, мындай деди: «Иерусалимдик кыздар, Мен үчүн ыйлабагыла, өзүңөр үчүн, балдарыңар үчүн ыйлагыла.

29 Анткени: "Тукумсуз, бала төрөбөгөн, эмчек эмизбеген аялдар бактылуу", – деп айтыла турган күндөр келет.

30 Ошондо тоолорго: "Биздин үстүбүзгө кулагыла", дөбөлөргө болсо: "Бизди басып калгыла", – деп айта башташат.

31 Жашыл даракка ушундай кылышса, анда куураган дарак эмне болот?»

32 Ыйса менен бирге эки кылмышкерди да өлтүргөнү алып бара жатышты.

33 Алар «Баш сөөгү» деген жерге келишкенде, Ыйсаны жана эки кылмышкерди айкаш жыгачка кадап коюшту. Бирин Анын оң жагына, бирин сол жагына кадашты.

34 Ыйса болсо: «Ата, буларды кечире көр! Анткени эмне кылып жатышканын билишпейт», – деди. Аскерлер өкчөмө таш ыргытып, Анын кийимдерин бөлүп алышты.

35 Эл ошол жерде карап турду. Башкаруучулар болсо: «Ал башкаларды куткарды. Эгерде Ал Кудай тандаган Машайак болсо, анда Өзүн куткарсын», – деп шылдыңдашты.

36 Аскерлер Ыйсанын жанына келип, Ага ачуу ичимдик сунуп:

37 «Эгерде Сен жүйүттөрдүн Падышасы болсоң, анда Өзүңдү куткар», – деп шылдыңдашты.

38 Ыйсанын баш жагына грек, латын жана эврей тилдеринде «Бул – жүйүттөрдүн Падышасы» деп жазылган тактайчаны илип коюшту.

**Кылмышкердин Ыйсага кайрылуусу**

39 Айкаш жыгачка кадалган эки кылмышкердин бири: «Эгерде Машайак болсоң, анда Өзүңдү да, бизди да куткар!» – деп, Ага тил тийгизди.

40 Экинчиси болсо аны тыйып: «Кудайдан коркпойсуңбу, өзүң деле ушул жазага тартылбадыңбы.

41 Бизге го туура өкүм чыгарышты, анткени биз кылган иштерибизге жараша жазабызды алып жатабыз. Бул болсо эч кандай жаман иш жасаган жок да», – деди.

42 Анан ал Ыйсага: «Ыйса! Өзүңдүн Падышачылыгыңа барганда, мени эстей көр», – деди.

43 Ыйса ага: «Мен сага чындыкты айтып коёюн, бүгүн сен Мени менен бейиште болосуң», – деди.

44 Болжол менен түшкү алтынчы сааттан тогузунчу саатка чейин күн көрүнбөй, бүт жерди караңгылык каптап турду.

45 Ийбадатканадагы көшөгө дал ортосунан айрылып калды.

**Ыйсанын өлүмү**

46 Ыйса үнүн катуу чыгарып: «Ата, жанымды Сенин колуңа тапшырамын!» – деди. Ушинтип айткандан кийин, Ал жан берди.

47 Муну көргөн жүз башы: «Бул чын эле адил Адам болчу», – деп, Кудайды даңктады.

48 Муну көрүүгө чогулган эл болгон окуяны көргөндөн кийин, өкүнүү менен тарай баштады.

49 Ыйсаны тааныгандардын бардыгы жана Аны Галилеядан ээрчип келген аялдар алыстан бул окуяны карап турушту.

**Ыйсанын көргө коюлушу**

50 Ал жерде жүйүттөрдүн Ариматая шаарынан ак ниет, адил, Кудайдын Падышачылыгын күтүп жүргөн Жусуп деген адам бар эле. Ал кеңештин мүчөсү болчу.

51 Бирок ал кеңештин Ыйсаны өлтүрүү үчүн чыгарган чечимине жана кылган иштерине макул болгон эмес.

52 Ал Пилатка барып, Ыйсанын сөөгүн сурады.

53 Анан ал сөөктү түшүрүп алып, кепиндеди да, асканын бооруна оюлуп жасалган, али эч ким коюла элек мүрзөгө койду.

54 Жума күнү аяктап, ишемби күнгө таяп калган эле.

55 Ыйса менен Галилеядан келген аялдар да Жусупту ээрчип келишип, мүрзөнү жана Анын сөөгү кандай коюлганын көрүштү.

56 Анан алар шаарга кайтып барышып, жыпар жыттуу заттарды жана майлоочу майларды даярдашты. Мыйзамдын талабына ылайык алар ишемби күнү эс алышты.

**24-БӨЛҮМ**

**Ыйса Машайактын тирилиши**

1 Жуманын биринчи күнү аялдар өздөрү даярдаган жыпар жыттуу майларды алып, таң заардан мүрзөгө келишти.

2 Алар мүрзөнүн оозундагы таштын четке жылдырылып калганын көрүштү,

3 ичине кирип, Теңир Ыйсанын сөөгүн таппай калышты.

4 Алар буга таң калып турушканда, күтүлбөгөн жерден алардын алдына жаркыраган кийимчен эки адам туруп калды.

5 Аялдар коркуп кетип, жер карап калышканда, алар: «Эмнеге өлүктөрдүн арасынан Тирүүнү издеп жүрөсүңөр?

6 Ал бул жерде жок, Ал тирилди! Анын Галилеяда жүргөндө силерге айткан сөздөрүн эстегилечи.

7 “Адам Уулу күнөөкөрлөрдүн колуна салынып берилип, айкаш жыгачка кадалып, үчүнчү күнү тирилиши керек”, – деп айткан эмес беле», – дешти.

8 Ошондо аялдар Ыйсанын сөздөрүн эстешти.

9 Алар мүрзөдөн кайтып келишип, мунун баарын он бир шакиртке жана башкаларга кабарлашты.

10 Муну элчилерге айткандар магдалалык Мариям, Жахана, Жакыптын энеси Мариям жана алардын жанында жүргөн башка аялдар эле.

11 Элчилер аялдарга ишенишкен жок, бул сөздөр аларга куру сөздөй сезилди.

12 Бирок Петир ордунан тура калып, мүрзөгө чуркап келди да, эңкейип карап, жерде жаткан кепинди гана көрдү. Ал болгон окуяга таң калып, артына кайтты.

**Эмауска бара жаткан жолдо**

13 Так ошол күнү эки шакирт Иерусалимден болжол менен алтымыш стадий алыстыкта жайгашкан Эмаус деген бир айылга жөнөдү.

14 Алар жолдо ушул окуяларды талкуулап, сүйлөшүп бара жатышканда,

15 Ыйса жакын келип, аларга кошулду.

16 Бирок алардын көздөрү жабылып калгандыктан, Аны таанышкан жок.

17 Ыйса алардан: «Силер эмне жөнүндө сүйлөшүп келе жатасыңар, эмнеге капалуусуңар?» – деп сурады.

18 Алардын бири Клеопа Ага: «Ушул күндөрү Иерусалимде болуп өткөн окуяны жалгыз эле сен билбейт окшойсуң», – деди.

19 Ыйса алардан: «Кайсы окуяны?» – деп сурады. Алар Ага мындай деп жооп беришти: «Назареттик Ыйсаны эмне кылышканын билбейсиңби? Ал Кудай алдында, эл алдында иши менен да, сөзү менен да күчтүү пайгамбар болчу.

20 Биздин башкы ыйык кызмат кылуучуларыбыз, башкаруучуларыбыз Аны өлүм жазасына тартыш үчүн кармап берип, айкаш жыгачка кадатып салышты.

21 Бул окуянын болгонуна үч күн болду. Биз болсо: “Ал Ысрайыл элин куткарат”, – деп үмүттөнүп жүргөнбүз.

22 Бирок арабызда жүргөн кээ бир аялдар бизди аябай таң калтырышты. Алар таң заардан мүрзөгө барып,

23 Анын сөөгүн таппай калышыптыр. Кайтып келишкенде, Анын тирүү экендигин айткан периштелерди көрүшкөндүгүн айтышты.

24 Биздин арабыздан кээ бирөөлөр мүрзөгө барышса, аялдардын айтканындай болуп чыгыптыр. Бирок алар Ыйсанын Өзүн көрүшпөптүр».

25 Ошондо Ыйса аларга: «Пайгамбарлардын айткандарына оңой менен ишенбеген акылсыздар!

26 Өзүнүн даңкына ээ болордон мурун, Машайак ушундай азаптарды башынан өткөрүшү керек эмес беле?» – деди.

27 Анан аларга «Тоорат», «Пайгамбарлар» жана «Жазмалар» китептеринде Өзү тууралуу айтылгандардын баарын түшүндүрүп берди.

28 Алар өздөрү бара жаткан айылга жакын келип калышканда, Ыйса аларга андан ары жолун улантчудай түр көрсөттү.

29 Бирок алар: «Биз менен кал, күн да батайын деп калды», – деп, Аны калууга аргасыз кылышты. Ыйса алар менен бирге айылга кирди.

30 Алар менен чогуу дасторконго отурганда, Ал колуна нан алып, Кудайга ыраазычылык билдирди да, аларга сындырып берди.

31 Ошондо алардын көздөрү ачылып, Аны таанып коюшту. Бирок Ыйса аларга көрүнбөй калды.

32 Алар бири-бирине: «Ал жолдо бизге сүйлөп келе жатканда, бизге Ыйык Жазууну түшүндүрүп берип жатканда, жүрөгүбүз күйүп-жанбады беле?» – дешти да,

33 ошол замат орундарынан туруп, Иерусалимге кайтып келишти. Ал жерден алар чогулган он бир элчиге жана алардын жанындагыларга жолугушту.

34 Алар: «Теңир чын эле тирилиптир, Ал Шымонго көрүнүптүр», – деп сүйлөшүп жатышкан эле.

35 Бул эки шакирт болсо аларга жолдо болгон окуяны, Аны нан сындырып жатканда гана таанышкандыгын айтып беришти.

**Ыйсанын он бир шакиртке көрүнүшү**

36 Алар ушул жөнүндө сүйлөшүп жатышканда, Ыйса Өзү алардын ортосуна туруп калды да, аларга: «Силерге тынчтык!» – деди.

37 Катуу коркуп кеткен алар: «Элес көрүп жатабыз го», – деп ойлошту.

38 Бирок Ыйса аларга: «Эмне коркуп кеттиңер? Эмнеге шектенип жатасыңар?

39 Менин колдорумду, буттарымды карагылачы: Бул Мен, Өзүммүн. Мага колуңарды тийгизип көргүлө, элестин денеси да, сөөгү да болбойт, бирок өзүңөр көрүп тургандай, Менде бар», – деп,

40 аларга колу-бутун көрсөттү.

41 Алар бир чети кубанып, бир чети таң калып, көргөн көздөрүнө ишене албай турушканда, Ыйса алардан: «Бул жерде силердин жей турган бир нерсеңер барбы?» – деп сурады.

42 Ошондо алар Ага бир кесим куурулган балык беришти.

43 Ыйса аны алып, шакирттеринин көзүнчө жеди.

44 Андан кийин Ыйса аларга мындай деди: «Силер менен бирге жүргөнүмдө, Мен силерге “Тоорат”, “Пайгамбарлар” жана “Забур” китептеринде Мен тууралуу жазылгандардын бардыгы орундалышы керек деп айтпадым беле».

45 Ошондон кийин Ыйык Жазууну түшүнүшү үчүн, Ыйса алардын акылын ачты.

**Акыркы буйрук**

46 Анан аларга мындай деди: «Ыйык Жазууда: “Машайак азап чегип өлүп, үчүнчү күнү тирилиши керек.

47 Иерусалимдин элинен баштап, бардык элдерге күнөөлөрү кечирилиши үчүн тобо кылуу Анын ысымынан жарыяланышы керек”, – деп жазылган.

48 Буга силер өзүңөр күбөсүңөр.

**Ыйса Машайактын асманга көтөрүлүп кетиши**

49 Мен силерге Атамдын убада кылганын жөнөтөмүн. Силер болсо жогорудан келе турган күчтү алганыңарча, Иерусалим шаарында калгыла».

50 Анан аларды шаардан чыгарып, Бетанияга жакын жерге ээрчитип келди да, колун жогору көтөрүп, аларга бата берди.

51 Бата бергенден кийин, алардан бөлүнүп, асманга көтөрүлүп кетти.

52 Ошондо алар Ага таазим кылышты да, зор кубаныч менен Иерусалимге кайтып келишти.

53 Дайыма ийбадатканада болуп, Кудайды даңктап жүрүштү.

**ЖАКАН жазган Жакшы Кабар**

**1-БӨЛҮМ**

**Сөз адам болду**

1 Эң башында Сөз бар болгон, Сөз Кудайда болгон жана Сөз Кудай болгон.

2 Сөз эң башында Кудайда болгон.

3 Бардыгы Ал аркылуу башталган, эмне башталса да, Ансыз башталган эмес.

4 Анда өмүр болгон, ал өмүр адамдар үчүн жарык болгон.

5 Жарык караңгыда жаркырап турат, караңгылык жарыкты каптаган жок.

6 Кудай жиберген бир адам болгон, анын ысымы Жакан эле.

7 Ал күбөлөндүрүү үчүн келген. Баары ал аркылуу ишенип калыш үчүн, ал Жарык жөнүндө күбөлөндүрүү үчүн келген.

8 Ал Жарык эмес болчу, бирок Жарык жөнүндө күбөлөндүрүү үчүн келген.

9 Бул дүйнөгө келген ар бир адамды жарык кылуучу чыныгы Жарык бар эле.

10 Ал бул дүйнөдө болгон, дүйнө Ал аркылуу жаралган, бирок бул дүйнө Аны тааныган жок.

11 Ал Өз элине келди, бирок Өз эли Аны кабыл алган жок.

12 Ал эми Аны кабыл алып, Ага ишенгендерге Кудайдын балдары болуу бийлиги берилди.

13 Алар кандан эмес, дененин каалоосу менен эмес, эркектин каалоосу менен эмес, Кудайдан төрөлүштү.

14 Сөз адам болуп, биз менен жашап турду. Биз Анын даңкын, Атанын жалгыз Уулунун даңкын көрдүк. Ал ырайымдуулук менен акыйкатка толо эле.

**Чөмүлдүрүүчү Жакандын күбөлөндүрүүсү**

15 Жакан Ал жөнүндө бийик үн менен мындай деп күбөлөндүрдү: «“Менден кийин Келе Жаткан менин алдыма чыкты, анткени Ал менден мурун эле бар болчу”, – деп, мен ушул Адам жөнүндө айткам».

16 Андагы толуктуктан бардыгыбыз ырайым үстүнө ырайым кабыл алдык.

17 Анткени мыйзам Муса аркылуу берилди, ал эми ырайым менен чындык Ыйса Машайак аркылуу пайда болду.

18 Кудайды эч ким эч качан көргөн эмес. Аны бизге Атанын ичиндеги жалгыз Уул көрсөттү.

19 Жүйүттөр Иерусалимден ыйык кызмат кылуучулар менен лебилерди жиберип, «Сен кимсиң?» – деп суратышканда, Жакан аларга:

20 «Мен Машайак эмесмин», – деп күбөлөндүрдү. Ал жооп берүүдөн баш тарткан жок, ачык эле айтты.

21 Ошондо алар: «Анда сен кимсиң, Илияссыңбы?» – деп сурашты. «Жок», – деди ал. «Пайгамбарсыңбы?» – деп сурашканда, ал: «Жок», – деп жооп берди.

22 «Деги сен кимсиң? Бизди жибергендерге жооп бергидей бололу: өзүң жөнүндө эмне дейсиң?» – дешти алар.

23 Ошондо Жакан мындай деди: «Ышайа пайгамбар: “"Теңирге жолду түздөгүлө", – деп, ээн талаада бир үн жар салат”, – деп айткан. Ошол үн менмин».

24 Жиберилген адамдар фарисейлерден эле.

25 Алар Жакандан: «Эгерде Сен Машайак да, Илияс да, пайгамбар да эмес болсоң, анда эмне үчүн сууга чөмүлдүрүп жатасың?» – деп сурашты.

26 Жакан аларга: «Мен сууга чөмүлдүрүп жатам. Бирок араңарда силер таанызбаган Бирөө турат.

27 Ал менден кийин келип, менин алдыма турду. Мен Анын бут кийиминин боосун чечүүгө да татыксызмын», – деп жооп берди.

28 Бул Иордан дарыясынын чыгыш тарабындагы Битабара айылында, Жакан сууга чөмүлдүрүп жаткан жерде болду.

**Ыйса – Кудайдын курмандык Козусу**

29 Кийинки күнү Жакан өзүн көздөй келе жаткан Ыйсаны көрүп: «Бул – Кудайдын курмандык Козусу, Ал дүйнөнүн күнөөсүн Өз мойнуна алат.

30 “Менден кийин келген Адам менин алдыма турду, анткени Ал менден мурун эле бар болчу”, – деп, мен ушул Адам жөнүндө айткам.

31 Мен Аны таанычу эмесмин. Бирок Ысрайыл эли Аны билип калсын деп, сууга чөмүлдүрүү үчүн келгем», – деди.

32 Жакан күбөлөндүрүүсүн мындай деп улантты: «Рухтун асмандан көгүчкөн сыяктуу түшүп, Анын үстүндө турганын көрдүм.

33 Мен Аны таанычу эмесмин. Бирок адамдарды сууга чөмүлдүртүү үчүн мени жиберген Кудай мага: “Рухтун кимдин үстүнө түшүп, Анда болуп турганын көрсөң, Ыйык Рухка чөмүлдүрүүчү Ошол”, – деген.

34 Мен көрдүм да: “Бул – Кудайдын Уулу”, – деп күбөлөндүрдүм».

**Ыйсанын биринчи шакирттери**

35 Эртеси күнү да Жакан өзүнүн эки шакирти менен турган эле.

36 Ал өтүп бара жаткан Ыйсаны көргөндө: «Мына, Кудайдын курмандык Козусу!» – деди.

37 Жакандан бул сөздөрдү укканда, эки шакирт тең Ыйсаны ээрчип жөнөштү.

38 Ыйса артына бурулуп, алардын ээрчип келе жатканын көрүп: «Силерге эмне керек?» – деп сурады. Алар Андан: «Устат, кайсы жерде турасың?» – деп сурашты.

39 «Барып, өзүңөр көргүлө», – деди Ыйса. Алар барып, Ыйсанын кайсы жерде турарын көрүштү да, ал күнү Анықында калып калышты. Бул убак онунчу саат чамасы эле.

40 Жакандан угуп, Ыйсанын артынан ээрчиген эки адамдын бири Шымон Петирдин бир тууганы Андрей эле.

41 Ал адегенде агасы Шымонду таап, ага: «Биз Машайакты таптык», – деди.

42 Андрей бир тууганы Шымонду Ыйсага алып келди. Ыйса аны карап: «Жунус уулу Шымон, сага Кейфа деген ысым коюлат», – деди.

43 Эртеси күнү Ыйса Галилеяга бармакчы болду. Филипти таап: «Менин артымдан ээрчи!» – деди.

44 Филип болсо Андрей менен Петир жашаган Бетсайида шаарынан эле.

45 Филип Натанаелди таап, ага: «Мусанын “Тоорат” китебинде, ошондой эле “Пайгамбарлар” китебинде жазылган Машайакты таптык, Ал – назареттик Жусуптун Уулу Ыйса», – деди.

46 Бирок Натанаел ага: «Назареттен жакшы нерсе чыкмак беле?» – деп койду. Ошондо Филип ага: «Барып, өзүң көр», – деди.

47 Ыйса келе жаткан Натанаелди көрүп: «Куулугу жок, накта ысрайылдык мына ушул», – деди.

48 Натанаел Андан: «Мени кайдан билесиң?» – деп сурады. Ыйса ага: «Филип сени чакыра электе эле, Мен сени анжыр дарагынын түбүндө отурганыңда көргөм», – деди.

49 Ошондо Натанаел: «Устат, Сен Кудайдын Уулусуң! Сен Ысрайыл элинин Падышасысың!» – деди.

50 Ыйса ага: «Сен Мага: “Мен сени анжыр дарагынын түбүндө отурганыңда көргөм”, – дегеним үчүн ишенип жатасың. Мындан чоңун көрөсүң», – деди.

51 Дагы мындай деди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, мындан ары ачылган асманды жана Адам Уулун көздөй жогору чыгып, кайра төмөн түшүп жаткан Кудайдын периштелерин көрөсүңөр».

**2-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын биринчи керемети**

1 Эки күндөн кийин Галилеядагы Каана шаарында үйлөнүү тою болду. Ыйсанын энеси ошол жерде болчу.

2 Ыйса да шакирттери менен бирге тойго чакырылды.

3 Шарап жетпей калганда, энеси Ыйсага: «Шараптары түгөнүп калыптыр», – деди.

4 Ыйса ага: «Сен экөөбүздүн ишибиз эмне, аял! Менин убагым али келе элек», – деди.

5 Энеси кулдарга: «Ал силерге эмнени айтса, ошону кылгыла», – деди.

6 Ошол жерде жүйүттөрдүн тазалануу расмисин аткарууга арналган, эки-үч ченем суу баткан алты таш идиш турган эле.

7 Ыйса кулдарга: «Идиштерге суу толтургула», – деди. Кулдар идиштерге мелт-калт кылып суу толтурушту.

8 Андан кийин аларга: «Эми сузуп алгыла да, той башкаруучуга алып баргыла», – деди. Алар алып барышты.

9 Той башкаруучу шарапка айланган суудан татып көргөндөн кийин, (ал шараптын кайдан экенин билген жок, аны суу сузуп алган кулдар гана билишчү), күйөөнү чакырып:

10 «Элдин баары адегенде шараптын жакшысын беришет, коноктор кызып калгандан кийин, начарын беришет. Сен болсо шараптын жакшысын ушул убакка чейин сактап коюптурсуң», – деди.

11 Ошентип, Ыйса Галилеядагы Каанада Өзүнүн эң алгачкы кереметин жасап, Өзүнүн даңкын көрсөттү. Ошондо шакирттери Ага ишенип калышты.

12 Ошондон кийин Ыйса энеси, инилери жана шакирттери менен Капернаумга барып, ал жерде бир нече күн болду.

**Пасах майрамы жана Кудай үйүн тазалоо**

13 Жүйүттөрдүн Пасах майрамы жакындаганда, Ыйса Иерусалимге келип,

14 ийбадатхананын короосунда өгүз, кой, көгүчкөн сатkандарды жана акча алмаштырып отургандарды көрдү.

15 Аркандан камчы жасап алып, алардын баарын кой, өгүздөрү менен кошо ийбадатхананын короосунан кууп чыкты. Акча алмаштыруучулардын акчасын чачып, үстөлдөрүн көңтөрүп салды.

16 Анан көгүчкөн сатkандарга: «Буларыңарды бул жерден алып кеткиле! Атамдын үйүн базарга айландырбагыла!» – деди.

17 Ошондо шакирттер Ыйык Жазуудагы «Сенин үйүңө болгон кызганыч Мени жеп жатат» деген сөздөрдү эстешти.

18 Жүйүттөр Ыйсадан: «Ушундай кылууга укугуң бар экенин кандай жышаан менен көрсөтө аласың?» – деп сурашты.

19 Ыйса аларга: «Бул ийбадатхананы бузгула, Мен аны үч күндүн ичинде кайра тургузам», – деп жооп берди.

20 Жүйүттөр буга: «Бул ийбадатхана кырк алты жылда курулуп бүткөн. Сен аны үч күндүн ичинде тургузуп коёсуңбу?» – дешти.

21 Ыйса болсо «ийбадатхана» деп, Өзүнүн денеси жөнүндө айткан эле.

22 Ыйса өлүп, кайра тирилгенден кийин, шакирттери Анын ушул жөнүндө айтканын эстешип, Ыйык Жазууда жазылгандарга жана Анын сөзүнө ишеништи.

23 Көп адамдар Ыйсанын Иерусалимде, Пасах майрамында кылган кереметтерин көрүп, Ага ишенип калышты.

24 Алардын баарынын кандай экендигин билгендиктен, Ыйса Өзүн аларга ишенип тапшырган жок.

25 Адамдын жүрөгүндө эмне бар экендигин билгендиктен, Ал кимдир бирөөнүн адам жөнүндө күбөлөндүрүүсүнө муктаж эмес эле.

**3-БӨЛҮМ**

**Никедимдин Ыйса менен сүйлөшүүсү**

1 Фарисейлер арасында жүйүт эл башчыларынын бири Никедим деген киши бар эле.

2 Ал бир күнү түн ичинде Ыйсага келип: «Устат, Сенин Кудайдан келген Устат экениңди билебиз. Анткени Сен кылып жаткандай кереметтерди Кудайсыз эч ким кыла албайт», – деди.

3 Ыйса ага: «Чындыкты, сага чындыкты айтып коёюн, кимде-ким жогорудан төрөлбөсө, Кудайдын Падышачылыгын көрбөйт», – деп жооп берди.

4 Никедим Андан: «Карыган адам кайра кантип төрөлмөк эле? Эмне, ал энесинин курсагына экинчи жолу кирип, кайра төрөлөбү?» – деп сурады.

5 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Чындыкты, сага чындыкты айтып коёюн, кимде-ким суудан жана Рухтан төрөлбөсө, Кудайдын Падышачылыгына кире албайт.

6 Денеден төрөлгөн – дене, Рухтан төрөлгөн – рух.

7 “Жогорудан төрөлүшүң керек”, – деп айтканыма таң калба!

8 Шамал каалаган жеринде согот, анын үнүн угасың, бирок кайдан келип, кайда кетерин билбейсиң. Ыйык Рухтан төрөлгөн адамда да ушундай болот».

9 Ошондо Никедим Андан: «Бул кандай болушу мүмкүн?» – деп сурады.

10 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Ысрайыл элинин окутуучусу болуп туруп, ушуну билбейсиңби?

11 Чындыкты, сага чындыкты айтып коёюн, биз билгенибизди айтабыз, көргөнүбүздү күбөлөндүрөбүз, силер болсо биздин күбөлөндүрүүбүздү кабыл албайсыңар.

12 Мен силерге жердеги нерселер жөнүндө айтсам ишенбейсиңер, анан асмандагы нерселер жөнүндө айтсам, кантип ишенесиңер?

13 Асманда жашаган, асмандан түшкөн Адам Уулунан башка эч ким асманга көтөрүлгөн эмес.

14 Муса чөлдө жыланды жогору көтөргөндөй, Адам Уулу да жогору көтөрүлүүгө тийиш.

15 Ошондо Ага ишенген ар бир адам түбөлүк өмүргө ээ болот.

16 Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди.

17 Кудай Өз Уулун бул дүйнөгө дүйнөнү соттош үчүн эмес, Ал аркылуу дүйнөнү куткаруу үчүн жиберди.

18 Ага ишенген адам соттолбойт, ал эми ишенбеген адам соттолду. Анткени ал Кудайдын жалгыз Уулуна ишенбей койду.

19 Соттун себеби мында: «Дүйнөгө жарык келди, бирок адамдар жарыкка караганда караңгылыкты жакшы көрүштү. Анткени алардын кылган иштери жаман эле.

20 Жаман иштерди жасаган адам жарыкты жек көрүп, кылган жаман иштери ашкереленбеши үчүн, жарыкка келбейт.

21 Ал эми акыйкаттык жолунда жүргөн адам кылган иштеринин Кудайдын жардамы менен кылынгандыгы көрүнүп туруш үчүн, жарыкка келет».

**Чөмүлдүрүүчү Жакандын акыркы күбөлөндүрүүсү**

22 Ошондон кийин Ыйса шакирттери менен Жүйүт жерине келди. Алар менен ошол жерде калып, адамдарды сууга чөмүлдүрүп жатты.

23 Жакан болсо Шалемдин жанындагы Айнондо чөмүлдүрүп жатты, анткени ал жерде суу көп эле. Адамдар келип, сууга чөмүлдүрүлүп жатышты.

24 Анткени Жакан түрмөгө камала элек болчу.

25 Жакандын шакирттери менен бир жүйүттүн ортосунда тазалануу жөнүндө талаш чыгып кетти.

26 Шакирттери Жаканга келип: «Устат! Иордан дарыясынын наркы өйүзүндө сени менен чогуу болгон, сен күбөлөндүргөн Адам элди сууга чөмүлдүрүп жатат. Элдин баары Ага барып жатышат», – дешти.

27 Жакан аларга мындай деп жооп берди: «Кудай бермейинче, адам өз мойнуна эч нерсени ала албайт.

28 “Мен Машайак эмесмин, бирок Анын алдынан жиберилгем” дегениме силер өзүңөр күбөсүңөр.

29 Колуктусу бар адам – күйөө. Ал эми күйөөнү жанында туруп алып тыңшап турган күйөө жолдош анын үнүн укканда, аябай кубанат. Мен ошол кубанычты башымдан өткөрдүм.

30 Ал өсүшү керек, мен болсо кичирейишим керек.

31 Жогорудан Келген баарынан жогору. Бул дүйнөдөн келген бул дүйнөгө таандык, ошондуктан дүйнөдөгүнү сүйлөйт. Асмандан Келген баарынан жогору.

32 Ал асмандан көргөн-укканы жөнүндө күбөлөндүрөт. Бирок Анын күбөлөндүрүүсүн эч ким кабыл албайт.

33 Ал эми Анын күбөлөндүрүүсүн кабыл алган адам Кудайдын чындык экендигин далилдеди.

34 Кудай жиберген Адам Кудайдын сөзүн сүйлөйт. Анткени Кудай Рухту ченемсиз берет.

35 Атасы Уулун сүйөт, ошондуктан бардыгын Анын колуна берди.

36 Кудайдын Уулуна ишенген адам түбөлүк өмүргө ээ, ал эми Ага баш ийбеген адам өмүргө ээ болбойт, Кудайдын каары анын үстүндө болот».

**4-БӨЛҮМ**

**Ыйса жана самариялык аял**

1 Ыйса «Ал Жаканга караганда көбүрөөк шакирт күтүп, элди сууга чөмүлдүрүп жатат» деген сөз фарисейлерге жеткенин билгенде,

2 (чынында, Ыйсанын Өзү эмес, шакирттери чөмүлдүрүп жатышкан эле),

3 Жүйүт аймагынан кайра Галилеяга жөнөдү.

4 Ыйса Самария аймагы аркылуу өтүүгө тийиш эле.

5 Ошондуктан Ал Самариянын Шекем шаарына келди. Ал шаар Жакып өзүнүн уулу Жусупка мурас кылып калтырган жерге жакын жайгашкан эле.

**Ыйса менен самариялык аялдын аңгемелешүүсү**

6 Ошол жерде «Жакыптын кудугу» деп аталган кудук бар болчу. Жол жүрүп чарчаган Ыйса кудуктун жанына отура кетти. Алтынчы саат чамасы эле.

7 Ошол маалда самариялык бир аял кудуктан суу алганы келди. Ыйса андан ичкенге суу сурады.

8 Шакирттери тамак сатып алуу үчүн, шаарга кетишкен эле.

9 Самариялык аял Ага: «Өзүң жүйүт болуп туруп, менден, самариялык аялдан, суу сурайсыңбы?» – деди. Себеби жүйүттөр самариялыктар менен мамилелешчү эмес.

10 Ыйса аялга: «Эгерде Кудайдын белеги эмне экендигин жана сенден суу сураган Ким экендигин билсең, сен Андан өзүң сурар элең, ошондо Ал сага тирүү суу бермек», – деп жооп берди.

11 Аял Ага: «Мырза, суу сузуп алгыдай эч нерсең жок экен, кудук болсо терең, Сенде тирүү суу кайдан болсун?

12 Сен, эмне, бизге ушул кудукту калтырган атабыз Жакыптан да чоңсуңбу? Ал өзү да, балдары да, малы да ушул кудуктан суу ичишкен», – деди.

13 Ыйса аялга мындай деп жооп берди: «Бул суудан ичкен адам кайра эле суусайт.

14 Ал эми Мен берген суудан ичкен адам түбөлүк суусабайт. Мен бере турган суу анын ичинде түбөлүк өмүргө агып баруучу булакка айланат».

15 Ошондо аял Ага: «Мырза, суусабашым үчүн, бул жерге сууга келбешим үчүн, мага ошол суудан берчи!» – деди.

16 «Барып, күйөөңдү бул жерге чакырып кел», – деди Ыйса.

17 «Менин күйөөм жок», – деп жооп берди аял. Ошондо Ыйса ага: «“Күйөөм жок”, – деп, чындыкты айттың.

18 Сен беш жолу күйөөгө чыккансың, бирок азыркысы күйөөң эмес. Муну сен туура айттың», – деди.

19 Аял Ага: «Мырза, Сенин пайгамбар экениңди билдим.

20 Биздин ата-бабаларыбыз мына бул тоодо Кудайга табынышчу экен, силер болсо Кудайга табынуучу жай Иерусалимде болуш керек дейсиңер», – деди.

21 Ыйса ага мындай деди: «Мага ишен, бул тоонун үстүндө да, Иерусалимде да Атага табынбай турган убак келет.

22 Силер эмнеге табынып жүргөнүңөрдү билбейсиңер, биз болсо билебиз. Анткени куткарылуу жүйүттөрдөн келет.

23 Чыныгы табынуучулар Атага рух менен, чындык боюнча табына турган убакыт келет, ал тургай, келип да калды. Анткени Ата да Өзүнө ошондой табынуучуларды издейт.

24 Кудай – Рух. Ага табынуучулар да рух менен, чындык боюнча табынуулары керек».

25 Аял Ыйсага: «Машайак келерин билем. Ал келгенде, бизге баарын айтып берет», – деди.

26 Ошондо Ыйса ага: «Сен дал ошонун Өзү менен сүйлөшүп турасың», – деди.

27 Ошол мезгилде шакирттери келип калышты. Алар Анын аял менен сүйлөшүп жатканын көрүп таң калышты. Бирок эч кимиси Андан: «Андан эмнени сурап жатасың?» же «Аны менен эмне жөнүндө сүйлөшүп жатасың?» – деп сураган жок.

28 Аял суу алган идишин таштап, шаарга барды да, элге:

29 «Жүргүлө, кылганымдын баарын айтып берген Адамды көргүлө! Ал Машайак эмеспи?» – деп айта баштады.

30 Ошондо алар шаардан чыгып, Ыйсаны көздөй жөнөштү.

**Оруу-жыюу маалы**

31 Ошол арада шакирттери Ыйсадан: «Устат, тамактанып ал», – деп өтүнүштү.

32 Бирок Ыйса аларга: «Менде силер билбеген тамак бар», – деди.

33 Шакирттери бири-бирине: «Ага бирөө тамак алып келип бергенби?» – дешти.

34 Ыйса аларга мындай деди: «Менин тамагым – Мени жиберген Кудайдын каалоосун аткаруу жана Анын ишин бүтүрүү.

35 Силер: “Төрт айдан кийин орок маалы башталат”, – дейсиңер. Бирок Мен силерге айтып коёюн: талаага көз чаптырып, эгинди карагылачы, ал орууга даяр болуп бышып калды.

36 Орокчу азыртадан эле эмгек акысын алып, түбөлүк өмүр үчүн түшүм жыйнап жатат. Ошентип, себүүчү да, орокчу да кубанат.

37 Анткени ушул учурга “Бирөө себет, бирөө орот” деген сөз туура келет.

38 Мен силерди өзүңөр эмгектенбегенди орушуңар үчүн жибергем. Башкалар эмгектеништи, силер болсо түшүмүн жыйнап жатасыңар».

39 Ошол шаардагы самариялыктардын көпчүлүгү: «Ал мага кылганымдын баарын айтып берди», – деп күбөлөндүргөн аялдын сөзү аркылуу Ыйсага ишенип калышты.

40 Ошондуктан алар Ага келип, Андан өздөрү менен калуусун өтүнүштү. Ыйса ал жерде эки күн болду.

41 Анын сөзүн угуп, Ага дагы көп киши ишенип калды.

42 Алар аялга: «Биз эми Ага сенин сөзүң боюнча эле ишенип жаткан жокпуз. Анткени Анын сөзүн өзүбүз да угуп, Анын, чын эле, дүйнөнүн Куткаруучусу, Машайак экенин билдик», – дешти.

43 Эки күндөн кийин Ыйса ал жерден Галилеяга жөнөп кетти.

44 Анткени Ыйса Өзү: «Пайгамбар өз жеринде урматталбайт», – деп күбөлөндүргөн эле.

45 Галилеяга келгенде, ал жердин тургундары Аны кабыл алышты. Анткени алар да Иерусалимде болгон майрамга барып, Анын майрамда кылган иштеринин баарын көрүшкөн болчу.

**Сарай кызматчысынын уулунун айыгышы**

46 Ошентип, Ыйса Галилеядагы Каанага дагы келди. Ал жерде Ал сууну шарапка айландырган эле. Капернаумда падышанын сарай кызматчысынын уулу ооруп жаткан.

47 Ал Ыйсанын Жүйүт аймагынан Галилеяга келгенин угуп, Ага келди да: «Келип, өлүм алдында жаткан баламды айыктыра көр», – деп өтүндү.

48 Ыйса ага: «Силер Мага керемет-жышаандарды көрмөйүнчө ишенбейсиңер!» – деди.

49 Сарай кызматчысы Ага: «Теңир! Балам өлүп кала электе келе көр!» – деди.

50 Ошондо Ыйса ага: «Кете бер, балаң айыкты», – деди. Ал Ыйсанын айткан сөзүнө ишенип, үйүнө жөнөдү.

51 Аны кулдары тосуп чыгышып: «Балаң айыгып калды», – дешти.

52 Ал кулдарынан баласынын кайсы убакта жакшы болуп калганын сурады. «Кечээ, жетинчи саат чамасында ысытмасынан айыкты», – деп жооп беришти алар.

53 Ошондо ал Ыйсанын: «Балаң айыкты», – деп, дал ошол убакта айтканын эстеди. Ал бүт үй-бүлөсү менен Ыйсага ишенип калды.

54 Бул Ыйсанын Жүйүт аймагынан Галилеяга келгенден кийин жасаган экинчи керемети эле.

**5-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын көлмөнүн жанындагы оорулууну айыктырышы**

1 Ошол күндөрдөн кийин жүйүттөрдүн бир майрамы болуп, Ыйса Иерусалимге келди.

2 Иерусалимдин «Кой дарбазасы» деп аталган дарбазасынын жанында арамейче «Бетезда»1 деп аталган көлмө бар эле. Аны беш бастырма курчап турчу.

3 Ал жерде көптөгөн оорулуулар: сокурлар, аксактар, шал болуп калгандар суунун чайпалышын күтүп жатышчу.

4 Себеби Кудайдын бир периштеси кайсы бир убакта ушул көлмөгө түшүп, сууну чайпачу. Суу чайпалары менен, сууга эң биринчи түшкөн адам, кандай оорусу болсо да, айыгып чыкчу.

5 Ошол жерде отуз сегиз жылдан бери шал болуп ооруган бир адам бар эле.

6 Ыйса аны көргөндө, анын көптөн бери жатканын билип: «Айыккың келеби?» – деп сурады.

7 Оорулуу Ага: «Мырза, суу чайпалганда, мени көлмөгө түшүрө турган адамым жок. Мен жеткенче эле, башка бирөө түшүп кетет», – деп жооп берди.

8 Ыйса ага: «Ордуңан туруп, төшөгүңдү ал да, бас!» – деди.

9 Ал ошол замат оорусунан айыгып, төшөнчүсүн алды да, басып кетти. Бул ишемби күн эле.

10 Ошондуктан жүйүттөр айыгып калган адамга: «Бүгүн ишемби күн. Төшөгүңдү көтөрүп жүргөнгө болбойт!» – дешти.

11 Ал болсо аларга: «Мени айыктырган адам: “Төшөгүңдү ал да, бас!” – деди», – деп жооп берди.

12 «Сага: “Төшөгүңдү ал да, бас!” – деп айткан адам ким?» – деп сурашты алар.

13 Айыккан киши Анын ким экенин билген жок, анткени Ыйса ошол жердеги элдин арасына кирип кеткен эле.

14 Кийин Ыйса ага ийбадатканадан жолугуп: «Мына, сен айыктың, абалың мурункудан да жаман болбош үчүн, мындан ары күнөө кылба», – деди.

15 Ал барып, өзүн айыктырган Ыйса экендигин жүйүттөргө айтты.

16 Ошондо жүйүттөр Ыйсаны ишемби күнү айыктыргандыгы үчүн, өлтүрмөкчү болуп, куугунтуктай башташты.

17 Ыйса болсо аларга: «Атам ушул күнгө чейин иш кылып жатат, ошондуктан Мен да иш кылып жатам», – деди.

18 «Ал ишемби күнүн гана бузбастан, Кудайды “Атам” деп, Өзүн Кудайга теңеди», – деп, жүйүттөр Ыйсаны өлтүрүү үчүн, мурдагыдан да көбүрөөк аракет кыла башташты.

**Ыйсанын бийлиги**

19 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Атасынын кылганын көрбөсө, Уулу Өз алдынча эч нерсе кыла албайт. Анткени Уулу Атасы кылганды кылат.

20 Анткени Атасы Уулун жакшы көргөндүктөн, Өзү кылгандарынын баарын Ага көрсөтөт. Ал тургай, силер таң кала турган мындан чоң иштерди көрсөтөт.

21 Анткени Атасы өлгөндөрдү тирилтип, аларга өмүр бергендей эле, Уулу да каалаган адамына өмүр берет.

22 Анткени Атасы эч кимди соттобойт. Ал соттун бүт бийлигин Уулуна берген.

23 Ал аны Өзүн урматташкандай эле, Уулун да баары урматташы үчүн берген. Уулун урматтабаган адам Аны жиберген Атасын да урматтабайт.

24 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Менин сөзүмдү угуп, Мени жиберген Кудайга ишенген адам түбөлүк өмүргө ээ, ал соттолбойт, анткени өлүмдөн өмүргө өттү.

25 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, өлгөндөр Кудайдын Уулунун үнүн угуп тирилер убакыт келет, ал тургай, келип да калды.

26 Анткени Атанын Өзүндө өмүр бар болгон сыяктуу эле, Уулунда да Атасы берген өмүр бар.

27 Атасы Ага сот жүргүзүү бийлигин да берди. Анткени Ал – Адам Уулу.

**Тирилүү жөнүндө**

28 Буга таң калбагыла, анткени мүрзөдө жаткандардын баары Кудай Уулунун үнүн уга турган убак келет.

29 Ошондо өлгөндөр мүрзөдөн чыгышат: жакшылык кылгандар өмүргө ээ болуу үчүн, жамандык кылгандар соттолуу үчүн тирилишет.

30 Мен Өз алдымча эч нерсе кыла албайм. Атам Мага кандай айтса, ошондой соттойм. Менин сотум адилет, анткени Мен Өз каалоомду эмес, Мени жиберген Атамдын каалоосун аткарам.

**Ыйса жөнүндөгү күбөлөндүрүүлөр**

31 Эгерде Мен Өзүм жөнүндө Өзүм күбөлөндүрүп жатсам, анда Менин күбөлөндүрүүм чындык эмес.

32 Мен жөнүндө күбөлөндүргөн башка бирөө бар. Мен Анын күбөлөндүрүүсүнүн чындык экенин билем.

33 Жаканга киши жибердиңер эле, ал чындык жөнүндө күбөлөндүрдү.

34 Дегинкиси, Мен адамдын күбөлөндүрүүсүн кабыл албайм, бирок муну силердин куткарылып калышыңар үчүн айтып жатам.

35 Жакан жарык чачып, жанып турган чырак эле, силер болсо анын жарыгы менен бир аз убакыт кубангыңар келди.

36 Бирок Менде Жакандын күбөлөндүрүүсүнөн чоң күбөлөндүрүү бар. Себеби Атамдын Мага тапшырган иштери – Менин кылып жаткан бул иштерим Мени Атам жибергендигин күбөлөндүрөт.

37 Мени жиберген Атам Өзү да Мен жөнүндө күбөлөндүрдү. Силер эч качан Анын үнүн уккан эмессиңер, жүзүн да көргөн эмессиңер.

38 Анын сөзү силердин жүрөгүңөрдөн орун алган эмес. Анткени Ал жиберген Мага ишенбей жатасыңар.

39 Силер Ыйык Жазууну изилдеп жатасыңар, анткени ал аркылуу түбөлүк өмүргө ээ болобуз деп ойлойсуңар. Ыйык Жазуу болсо Мен жөнүндө күбөлөндүрөт.

40 Бирок силер өмүргө ээ болуу үчүн, Мага келүүнү каалабайсыңар.

41 Адамдардан даңк кабыл албайм.

42 Бирок Мен силерди билем: жүрөгүңөрдө Кудайга болгон сүйүү жок.

43 Мен Атамдын атынан келдим, бирок Мени кабыл албай жатасыңар. Эгерде башка бирөө өз атынан келсе, аны кабыл аласыңар.

44 Жалгыз Кудайдын даңктоосун күтпөстөн, бири-бириңерден даңктоо кабыл алып жатсаңар, кантип ишене аласыңар?

45 Мени Атасынын алдында айыптайт деп ойлобогула. Айыптоочуңар бар: ал – өзүңөр үмүттөнүп жүргөн Муса.

46 Эгерде Мусага ишенсеңер, Мага да ишенмексиңер, анткени ал Мен жөнүндө жазып кеткен.

47 Эгерде анын жазгандарына ишенбей жатсаңар, Менин сөздөрүмө кантип ишенесиңер?»

**6-БӨЛҮМ**

**Беш миң адамды тойгузуу**

1 Андан кийин Ыйса Галилея көлүнүн наркы өйүзүнө кетти.

2 Аны көп эл ээрчип алды, анткени алар Анын оорулууларды айыктырганын көрүшкөн эле.

3 Ыйса шакирттери менен тоого чыгып отурду.

4 Жүйүттөрдүн Пасах майрамы жакындап калган эле.

5 Ыйса Өзүн көздөй келе жаткан көп элди көрүп, Филипке: «Элди тойгузуу үчүн, нанды кайдан сатып алабыз?» – деди.

6 Ал бул сөздү аны сыноо үчүн айтты. Өзү болсо эмне кылуу керектигин билген.

7 Филип Ага: «Ар бирине бир аздан бергенде да, аларга эки жүз динарийге келе турган нан жетпейт», – деп жооп берди.

8 Ошондо шакирттеринин бири Шымон Петирдин иниси Андрей Ыйсага мындай деди:

9 «Ушул жердеги бир балада беш арпа нан жана эки кичинекей балык бар. Бирок ал ушунча көп кишиге эмне болмок эле?»

10 Ыйса аларга: «Элди жерге отургузгула», – деди. Ошол жер шиберлүү эле. Аялдар менен балдарды эсептебегенде, ал жерге беш миңге жакын киши отурду.

11 Ыйса нандарды алып, Кудайга ыраазычылык билдирди да, шакирттерине берди. Алар отургандарга таратышты. Балыктан да алардын каалашынча беришти.

12 Эл тойгондон кийин, Ал шакирттерине: «Ысырап болбошу үчүн, арткан нанды жыйнап алгыла», – деди.

13 Алар эл жеген беш арпа нандын артканын жыйнашканда, он эки себет толду.

14 Ошондо Ыйса жасаган кереметти көргөн адамдар: «Дүйнөгө келе турган Пайгамбар ушул», – дешти.

**Ыйсанын көлдүн үстүнөн басышы**

15 Алар Ыйсаны кармап алып, падыша шайламакчы болуп жатышты. Ыйса алардын бул оюн билип, кайрадан Өзү жалгыз тоого кетип калды.

16 Кеч киргенде, Анын шакирттери көлгө барып,

17 бир кайыкка түшүштү да, көлдүн наркы өйүзүнө, Капернаумга бет алышты. Караңгы кирип калган эле, Ыйса болсо аларга келе элек болчу.

18 Катуу шамал болуп, көл толкуй баштады.

19 Алар жыйырма беш-отуз стадий сүзүшкөндөн кийин, көлдүн үстүндө кайыкты көздөй басып келе жаткан Ыйсаны көрүп коркуп кетишти.

20 Ыйса аларга: «Коркпогула, бул Менмин!» – деди.

21 Алар Ыйсаны кайыкка түшүрүп алмакчы болушту. Бирок кайык ошол замат алар бет алган жээкке жетип калды.

**Ыйса – өмүр берүүчү нан**

22 Көлдүн наркы өйүзүндө калган эл кийинки күнү жээкте шакирттер түшкөн кайыктан башка кайык болбогонун, Ыйсанын алардын кайыгына түшпөгөнүн, шакирттер өздөрү гана сүзүп кетишкенин эстешти.

23 Ошол арада эл нан жеген жерден алыс эмес жерге Тибериядан башка кайыктар келип жатты. Теңир нан үчүн ыраазычылык билдиргенден кийин, ошол жерде эл нан жеген эле.

24 Ал жерде Ыйса да, шакирттери да жок экенин көргөн эл кайыктарга түшүп, Ыйсаны издеп Капернаумга келди.

25 Алар Ыйсаны көлдүн берки өйүзүнөн табышты да: «Устат, бул жерге качан келдиң?» – деп сурашты.

26 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, керемет көргөнүңөр үчүн эмес, нан жеп тойгонуңар үчүн, Мени издеп жүрөсүңөр.

27 Күнүмдүк тамак үчүн эмес, түбөлүктүү тамак үчүн аракеттенгиле. Аны силерге Адам Уулу берет. Анткени Кудай Ата Ага Өз мөөрүн баскан».

28 Ошондо алар Ыйсадан: «Кудайдын иштерин аткарыш үчүн, эмне кылышыбыз керек?» – деп сурашты.

29 Ыйса аларга: «Ал Кимди жиберсе, Ошого ишенгиле. Кудайдын иши – мына ушул», – деп жооп берди.

30 Ошондо алар Ыйсага мындай дешти: «Кандай керемет көрсөтөсүң? Биз көрүп, Сага ишенип калалы. Кана, эмне кыласың?

31 Ыйык Жазууда: “Кудай аларга асман нанын берди”, – деп жазылгандай, ата-бабаларыбыз чөлдө манна жешкен».

32 Ыйса болсо аларга мындай деди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, нанды силерге Муса берген эмес, Атам силерге асман нанын, чыныгы нанды берет.

33 Анткени Кудайдын наны асмандан түшүп, адамзатка өмүр берет».

34 Ошондо алар Ага: «Мырза, бизге дайыма ошондой нан берип турчу!» – дешти.

35 Ыйса аларга мындай деди: «Мен өмүр берүүчү нанмын. Мага келген адам ачка болбойт, Мага ишенген адам эч качан суусабайт.

36 Бирок Мен силерге айтканымдай эле, Мени көрсөңөр да, ишенбей жатасыңар.

37 Атам бергендердин баары Мага келет. Мага келген адамды Мен кубалабайм.

38 Анткени Мен Өз каалоомду эмес, Мени жиберген Атамдын каалоосун аткарыш үчүн, асмандан түштүм.

39 Мени жиберген Атамдын каалоосу мындай: Ал бергендердин эч кимисин жоготпой, баарын тең акыркы күнү тирилтүүм керек.

40 Атамдын каалоосу – Уулун көргөн, Уулуна ишенген ар бир адамдын түбөлүк өмүргө ээ болуусу. Мен аны акыркы күнү тирилтем».

41 Ыйсанын: «Асмандан түшкөн нан Менмин», – дегенине жүйүттөр мындай деп күңкүлдөй башташты:

42 «Мына бул Жусуптун уулу Ыйса эмеспи? Биз Мунун ата-энесин билебиз да! Анан Бул кандайча: “Асмандан түштүм”, – деп жатат?»

43 Ыйса аларга мындай деди: «Күңкүлдөбөгүлө.

44 Мени жиберген Атам чакырбаса, Мага эч ким келе албайт. Мен аны акыркы күнү тирилтем.

45 “Пайгамбарлар” китебинде: “Алардын бардыгын Кудай үйрөтөт”, – деп жазылган. Атадан угуп үйрөнгөн ар бир адам Мага келет.

46 Бул кимдир бирөө Атаны көргөн дегенди билдирбейт. Атаны Кудайдан келген Бирөө гана көргөн.

47 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, ким Мага ишенсе, ал түбөлүк өмүргө ээ.

48 Мен өмүр берүүчү нанмын.

49 Ата-бабаларыңар чөлдө манна жешти, өлүштү.

50 Ал эми асмандан түшкөн нанды жеген адам өлбөйт.

51 Мен асмандан түшкөн тирүү нанмын. Бул нанды жеген адам түбөлүк жашайт. Мен бере турган нан – бул Менин Денем. Мен аны адамзаттын өмүрү үчүн берем».

52 Ошондо жүйүттөр: «Кантип Ал бизге Өз Денесин жегенге бермек эле?» – деп, өз ара талаша башташты.

53 Ыйса болсо аларга мындай деди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Адам Уулунун Денесин жеп, Канын ичпесеңер, өмүргө ээ болбойсуңар.

54 Ким Менин Денемди жеп, Канымды ичсе, ал түбөлүк өмүргө ээ, Мен аны акыркы күнү тирилтем.

55 Анткени Менин Денем – чыныгы азык, Каным – чыныгы суусундук.

56 Денемди жеп, Канымды ичкен адам Менин ичимде болот, Мен анын ичинде болом.

57 Тирүү Атам Мени жиберип, Мен Ал аркылуу жашап жаткандай эле, Менин Денемди жеген адам Мен аркылуу жашайт.

58 Асмандан түшкөн бул нан ата-бабаларыңар жеген маннадай эмес, манна жеген алар өлүштү. Ал эми бул нанды жеген адам түбөлүк жашайт».

59 Ыйса бул сөздөрдү Капернаумдагы синагогада элди окутуп жатканда айтты.

**Ыйсаны ээрчүүдөн баш тарткан шакирттер**

60 Шакирттеринин бир тобу муну укканда: «Катуу айтылган сөздөр экен, муну ким угуп тура алат? » – дешти.

61 Шакирттеринин ушул тууралуу нааразылык билдиргенин билген Ыйса аларга мындай деди: «Ушул сөз силердин кыжырыңарды келтирип жатабы?

62 Адам Уулунун мурун болгон жерине көтөрүлүп бара жатканын көргөндө кантесиңер?

63 Рух өмүр берет, дене эч кандай пайда келтирбейт. Менин силерге айтып жаткан сөздөрүм – рух жана өмүр.

64 Бирок араңарда ишенбегендер да бар». Кимдер ишенбей коёрун, кимдин чыккынчылык кыларын Ыйса алдын ала эле билген.

65 Анан Ал дагы мындай деди: «“Атам чакырбаса, Мага эч ким келе албайт”, – деп, Мен ошон үчүн айткам».

66 Ушул сөздөрдөн кийин шакирттеринин көбү Ыйсадан четтеп, Аны ээрчибей калышты.

**Петирдин Ыйсаны Теңир катары таанышы. Жүйүт – чыккынчы**

67 Ошондо Ыйса он эки шакиртинен: «Силердин да кеткиңер келген жокпу?» – деп сурады.

68 Шымон Петир мындай деп жооп берди: «Теңир, биз кимге бармак элек? Түбөлүк өмүр берүүчү сөздөр Сенде.

69 Биз Сенин Кудайдын Ыйыгы – Машайак экениңди билип, Сага ишенип калдык».

70 Ыйса аларга: «Ушул он экиңди Мен тандап алган эмес белем? Бирок араңардагы бирөө – шайтан», – деди.

71 Ал Шымондун уулу Жүйүт Искариот жөнүндө айткан эле. Ал «он экинин» бири болгону менен, кийин Ыйсаны сатып кеткен.

**7-БӨЛҮМ**

**Бир туугандарынын Ыйсаны майрамга чакырышы**

1 Андан кийин Ыйса Галилея аймагын аралап жүрдү. Ал Жүйүт аймагында жүргүсү келген жок, анткени жүйүттөр Аны өлтүрмөкчү болуп жатышкан эле.

2 Жүйүттөрдүн «Алачык майрамы» жакындап калган.

3 Ошондо бир туугандары Ыйсага: «Бул жерден чыгып, Жүйүт аймагына бар, кылып жаткан иштериңди шакирттериң да көрүшсүн.

4 Анткени белгилүү болгусу келген адам иштерин жашырбайт. Ушундай иштерди кылып жаткандан кийин, Өзүңдү дүйнөгө көрсөт», – дешти.

5 Анткени бир туугандары да Ага ишенишчү эмес.

6 Ыйса аларга мындай деди: «Менин убагым келе элек. Ал эми силер үчүн бардык учурда боло берет.

7 Бул дүйнө силерди жек көрө албайт, ал эми Мени жек көрөт. Анткени Мен анын иштеринин жаман экендигин күбөлөндүрүп жатам.

8 Силер майрамга бара бергиле! Мен азырынча бул майрамга барбайм, анткени Менин убагым келе элек».

9 Ал ушуну айтып, Галилеяда калып калды.

**Ыйсанын майрамга жөнөшү**

10 Бир туугандары кеткенден кийин, Ыйса да майрамга жашыруун жөнөдү.

11 Жүйүттөр болсо: «Ал кайда?» – деп, майрам убагында Ыйсаны издей башташты.

12 Элдин арасында Ал жөнүндө ар кандай сөз жүрүп жатты. Бирөөлөр Аны: «Жакшы», – десе, бирөөлөр: «Жок, Ал элди адаштырып жатат», – деп жатышты.

13 Бирок жүйүттөрдөн коркушкандыктан, Ал тууралуу ачык айта алышкан жок.

**Ыйса майрамда**

14 Майрамдын ортосунда Ыйса ийбадатканага келип, элди окута баштады.

15 «Бул окубаса деле Ыйык Жазууну кайдан билет?» – деп, жүйүттөр таң калышты.

16 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Менин окутуум Меники эмес, Мени жиберген Кудайдыкы.

17 Кудайдын каалоосун аткаргысы келген адам, бул окутуу Кудайданбы же Мен Өз атымдан сүйлөп жатамбы, билип алат.

18 Өз атынан сүйлөгөн өзүнүн даңкталышын каалайт. Ал эми Ким Өзүн Жибергендин даңкталышын кааласа, Ал – чындык, Анда адилетсиздик жок.

19 Муса силерге мыйзам берген, бирок бириңер да аны аткарбайсыңар. Мени эмне үчүн өлтүргөнү жатасыңар?»

20 Ошондо эл Ага: «Сенин ичиңде жин бар. Ким Сени өлтүрөм деп жатат?» – деди.

21 Ыйса мындай деп сөзүн улантты: «Ишемби күнү оорулууну айыктырганыма баарыңар таң калып жатасыңар.

22 Муса силерге сүннөткө отургузуу мыйзамын берген. (Чынында, бул мыйзам Мусадан мурун эле бар болчу, ал ата-бабалардан калган.) Силер болсо ишемби күнү сүннөткө отургузуп жатасыңар.

23 Мусанын мыйзамын бузбайлы деп, ишемби күнү деле сүннөткө отургузуп жатпайсыңарбы. Анан ишемби күнү бир адамды толук айыктырып койгондугум үчүн, Мага эмнеге ачууланып жатасыңар?

24 Сырткы көрүнүшү боюнча соттобогула, сотуңар адил болсун».

25 Ошондо иерусалимдиктердин кээ бирөөлөрү мындай дешти: «Өлтүрөбүз деп издеп жатышканы Ушул эмеспи?

26 Карасаңар, Ал ачык эле айтып жатат, бирок Ага эч ким эч нерсе деген жок! Же башчылар да Аны Машайак деп, ишанып калышканбы?

27 Бирок биз Анын кайсы жерден экенин билебиз. Ал эми Машайак келгенде, Анын кайсы жерден экенин эч ким билбейт».

28 Ошондо ийбадатканада элди окутуп жаткан Ыйса үнүн катуу чыгарып, мындай деди: «Ооба, силер Мени билесиңер, Менин кайсы жерден экенимди да билесиңер. Бирок Мен Өз атымдан келген жокмун. Мени жиберген Кудай – чындык, силер Аны билбейсиңер.

29 Мен Аны билемин, анткени Мен Анданмын, Мени Ал жиберген».

30 Ошондо Ыйсаны кармоого аракеттеништи. Бирок Ага эч кимиси кол көтөргөн жок, анткени Анын убагы келе элек болчу.

31 Бирок элдин көбү: «Машайак келгенде, эмне, Бул көрсөткөн кереметтерден да көп керемет көрсөтөбү?» – деп, Ыйсага ишенип калышты.

32 Эл арасында Ал жөнүндө айтылып жаткан ушундай сөздөр фарисейлерге жетти. Ошондо ыйык кызмат кылуучулар менен фарисейлер Ыйсаны кармап келүүгө кызматчыларын жиберишти.

33 Ыйса болсо аларга мындай деди: «Дагы бир аз убакыт араңарда болом, андан кийин Мени Жибергенге барам.

34 Мени издейсиңер, бирок таппайсыңар. Мен болгон жерге силер келе албайсыңар».

35 Ошондо жүйүттөр өз ара мындай деп сүйлөшө башташты: «Биз таба албагыдай, Ал кайда барат? Эллиндердин өлкөсүнө чачырап кеткен жүйүттөргө барып, эллиндерди окутабы?

36 “Мени издейсиңер, бирок таппайсыңар”, “Мен болгон жерге силер келе албайсыңар”, – дегени эмнеси?»

**Ыйсанын Ыйык Рухтун күчү жөнүндө айткан сөзү**

37 Майрамдын акыркы – эң улуу күнү Ыйса эл алдында туруп, бийик үн менен мындай деди: «Ким суусаса, Мага келсин жана ичсин.

38 Ыйык Жазууда айтылгандай, Мага ишенген адамдын ичинен тирүү суу чыгат».

39 Ыйса бул сөз аркылуу Өзүнө ишенгендер ала турган Ыйык Рух жөнүндө айтты. Ыйса даңктала элек болгондуктан, Рух бериле элек болчу.

**Ыйса жөнүндөгү ар кандай ойлор**

40 Бул сөздөрдү уккан кээ бирөөлөр: «Чын эле, бул – Пайгамбар», – дешсе,

41 кээ бирөөлөр: «Бул – Машайак», – дешти. Дагы бирөөлөр: «Жок! Машайак Галилеядан келмек беле?

42 Ыйык Жазууда: "Машайак Дөөттүн тукумунан, Дөөттүн шаарчасы Бейт-Лехемден келет", – деп айтылган жок беле?» – дешти.

43 Ошондо эл арасында Ыйса тууралуу талаш-тартыш чыкты.

44 Кээ бирөөлөр Аны кармоого аракеттеништи, бирок Ага эч кимиси кол көтөргөн жок.

45 Кайтып келишкен кызматчылардан башкы ыйык кызмат кылуучулар менен фарисейлер: «Эмне үчүн Аны алып келген жоксуңар?» – деп сурашты.

46 Кызматчылар болсо: «Эч ким эч качан бул Адамдай сүйлөгөн эмес», – деп жооп беришти.

47 Ошондо фарисейлер аларга мындай дешти: «Эмне, силер да алданып калдыңарбы?

48 Башкаруучулардан же фарисейлерден Ага ким ишенди?!

49 Мыйзамды билбеген бул караңгы эл каргышка калсын!»

50 Алардын бири, мурун Ыйсага түн жамынып келип кеткен Никедим, аларга мындай деди:

51 «Эмне кылганын адамдын өз оозунан угуп териштирбей туруп, биздин мыйзам боюнча өкүм чыгарууга болобу?»

52 Ошондо ага: «Эмне, сен да Галилеядансыңбы? Изилдеп көр, Галилеядан пайгамбар чыкпай тургандыгын ошондо билесиң», – деп жооп беришти.

53 Андан кийин баары тең үйлөрүнө тарап кетишти.

**8-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын күнөөкөр аялды кечирүүсү**

1 Ыйса болсо Зайтун тоосуна кетти.

2 Эртең менен кайра ийбадатканага келди. Бүт эл Анын жанына чогулду. Ыйса отуруп алып, аларды окутту.

3 Ошол учурда мыйзам окутуучулар менен фарисейлер ойноштук кылып кармалган бир аялды Ыйсага алып келип, ортого тургузушту да, мындай дешти:

4 «Устат, бул аял ойноштук кылып жаткан жеринен кармалды!

5 Тооратта Муса бизге мындайларды таш бараңга алууну осуят кылган. Ал эми Сен эмне дейсиң?»

6 Ыйсаны айыптоого шылтоо табыш үчүн, муну алар сынап сурашты. Бирок Ыйса аларга көңүл бөлбөстөн, эңкейип, жерге сөөмөйү менен бир нерсени жаза баштады.

7 Алар кайра-кайра сурай беришкендиктен, башын көтөрүп: «Араңарда ким күнөөсүз болсо, ошол адам аялга биринчи болуп таш ыргытсын», – деди да,

8 кайра эңкейип, жазганын улантты.

9 Муну укканда, аларды абийири ашкерелеп, адегенде башчылары, андан кийин калгандары, биринин артынан бири кете башташты. Ыйсанын жанында ортодо турган аял гана калды.

10 Ошондо Ыйса башын көтөрүп, аялдан башка эч ким жок экенин көрдү да: «Аял, сени айыптагандар кайда? Эч ким сени айыптаган жокпу?» – деди.

11 Аял Ага: «Эч ким, Теңир», – деп жооп берди. «Мен да сени айыптабайм. Бара бер, мындан ары күнөө кылба», – деди Ыйса.

**Ыйса – дүйнөнүн жарыгы**

12 Ыйса аларга дагы мындай деп сүйлөдү: «Мен дүйнөнүн жарыгымын. Мени ээрчиген адам караңгыда жүрбөй, өмүр жарыгына ээ болот».

13 Ошондо фарисейлер Ага: «Сен Өзүң жөнүндө Өзүң күбөлөндүрүп жатасың. Сенин күбөлөндүрүүң чындык эмес», – дешти.

14 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Өзүм жөнүндө Өзүм күбөлөндүрүп жатсам да, Менин күбөлөндүрүүм чындык. Анткени Мен Өзүмдүн кайдан келгенимди жана кайда бараарымды билем. Силер болсо Менин кайдан келгенимди, кайда бараарымды билбейсиңер.

15 Силер сырткы көрүнүшү боюнча соттойсуңар. Мен болсо эч кимди соттобойм.

16 Мен соттосом да, Менин сотум туура. Анткени Мен жалгыз эмесмин, Мени жиберген Атам менен биргемин.

17 Силердин мыйзамыңарда да: "Эки адамдын күбөлөндүрүүсү чындык", – деп жазылып турат.

18 Өзүм жөнүндө Өзүм күбөлөндүрөм, Мен жөнүндө Мени жиберген Атам да күбөлөндүрөт».

19 Ошондо алар Андан: «Сенин Атаң кайда?» – деп сурашты. Ыйса: «Силер Мени да, Атамды да билбейсиңер. Эгерде Мени билсеңер, анда Менин Атамды да билмексиңер», – деп жооп берди.

20 Ыйса бул сөздөрдү ийбадатканада окутуп жатканда, курмандыктар салына турган кутунун жанында туруп сүйлөдү. Бирок Аны эч ким кармап кеткен жок, анткени Анын убагы келе элек болчу.

**Ыйсанын Атасына кете тургандыгын күбөлөндүрүшү**

21 Ыйса аларга дагы: «Мен кетем, Мени издейсиңер, күнөөкөр бойдон өлөсүңөр. Мен барган жерге силер бара албайсыңар», – деди.

22 Ошондо жүйүттөр: «"Мен барган жерге силер бара албайсыңар", – дейт, эмне, Ал Өзүн Өзү өлтүрөбү?» – дешти.

23 Ыйса аларга: «Силер төмөн жактансыңар, Мен жогору жактанмын. Силер бул дүйнөдөнсүңөр, Мен бул дүйнөдөн эмесмин.

24 Ошондуктан Мен силерге күнөөкөр бойдон өлөсүңөр дедим. Бул Мен экениме ишенбесеңер, күнөөкөр бойдон өлөсүңөр», – деди.

25 Ошондо алар Андан: «Сен кимсиң?» – деп сурашты. Ыйса аларга: «Силерге башынан бери эле айтып келе жатканымдай, Мен Ошолмун.

26 Силер жөнүндө айтып, айыптай турган себептерим көп. Бирок Мени Жиберген – чындык. Мен дүйнөгө Андан укканымды айтып жатам», – деп жооп берди.

27 Алар Ыйсанын Атасы жөнүндө айтып жатканын түшүнүшкөн жок.

28 Ошондуктан Ыйса мындай деди: «Адам Уулун жогору көтөргөнүңөрдө, Менин ким экендигимди, Өз атымдан эч нерсе кылбастыгымды, Атам кандай үйрөтсө, ошондой сүйлөй тургандыгымды билесиңер.

29 Мени Жиберген Мени менен бирге, Атам Мени жалгыз калтырган жок. Анткени Мен ар дайым Ага жакканды кылам».

30 Ушул сөздөрдү айтканда, Ага көптөр ишенип калышты.

**Чыныгы эркиндик**

31 Ыйса Өзүнө ишенип калган жүйүттөргө мындай деди: «Эгерде Менин сөзүм боюнча жашасаңар, анда Менин чыныгы шакирттеримсиңер.

32 Ошондо чындыкты билип каласыңар жана чындык силерди эркин кылат».

33 Алар Ага: «Биз Ыбрайымдын урпактарыбыз, эч качан бирөөгө кул болгон эмеспиз, “эркин болосуңар” дегениң кандай?» – дешти.

34 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, күнөө кылган адам – күнөөнүн кулу.

35 Бирок кул үйдө түбөлүккө калбайт, уул калат.

36 Эгерде силерди Уул эркин кылса, анда чындап эркин болосуңар.

**Чындыктын душмандары**

37 Ыбрайымдын урпактары экениңерди билем. Ошондой болсо да Мени өлтүргүңөр келет, анткени Менин сөзүмө жүрөгүңөрдө орун жок.

38 Атамдан эмнени көрсөм, Мен ошону айтып жатам. Силер болсо атаңардан эмнени көрсөңөр, ошону кылып жатасыңар».

39 Ошондо алар ага: «Биздин атабыз – Ыбрайым», – деп жооп беришти. Ыйса аларга: «Эгерде силер Ыбрайымдын уулдары болсоңор, анда Ыбрайым кылгандай иштерди кылат элеңер.

40 Бирок азыр Мени – Кудайдан уккан чындыкты силерге айткан Адамды өлтүргүңөр келет. Ыбрайым болсо мындай кылган эмес.

41 Силер өз атаңардын кылганын кылып жатасыңар», – деди. Ошондо алар Ага: «Биз ойноштон туулган эмеспиз. Биздин бир эле Атабыз бар, Ал – Кудай», – дешти.

42 Ыйса аларга мындай деди: «Эгерде Атаңар Кудай болсо, анда Мени жакшы көрмөксүңөр. Анткени Мен Кудайдан келдим. Өз атымдан келген жокмун, Мени Ал жиберди.

43 Менин сөздөрүмдү эмнеге түшүнбөйсүңөр? Анткени Менин сөздөрүмдү уга албайсыңар.

44 Силердин атаңар – шайтан, силер ошонун кумарлуу иштерин аткаргыңар келет. Ал башынан эле киши өлтүргүч болчу, чындык боюнча жашаган жок, анткени анда чындык жок. Жалган айтуу – анын табияты. Анткени ал – жалганчы жана жалгандын атасы.

45 Бирок Мен чындыкты айткандыктан, силер Мага ишенбей жатасыңар.

**Ыйсанын Өзү жөнүндө жана Ыбрайым жөнүндө айтканы**

46 “Күнөөң бар”, – деп, Мени кимиңер айыптай аласыңар? Эгерде Мен чындыкты айтып жатсам, анда эмне үчүн Мага ишенбейсиңер?

47 Ким Кудайдан болсо, ал Кудайдын сөздөрүн угат. Силер Кудайдан эмессиңер, ошондуктан укпайсыңар».

48 Буга жүйүттөр: «“Самариялыксың, Сенин ичиңде жин бар”, – деп, туура айткан экенбиз!» – деп жооп беришти.

49 Ыйса аларга: «Менин ичимде жин жок. Мен Атамды урматтайм, силер болсо Мени кордоп жатасыңар.

50 Дегинкиси, Мен Өзүмө даңк издебейм, бирок издей турган жана соттой турган Бирөө бар.

51 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Менин сөзүмдү аткарган адам эч качан өлбөйт», – деди.

52 Ошондо жүйүттөр Ага мындай дешти: «Ичиңде жин бар экенине чындап көзүбүз жетти. Ыбрайым өлгөн, пайгамбарлар да өлүшкөн. Сен болсо: “Менин сөзүмдү аткарган адам эч качан өлбөйт”, – дейсиң!

53 Сен, эмне, атабыз Ыбрайымдан да чоңсуңбу? Ал өлгөн, пайгамбарлар да өлүшкөн. Сен Өзүңдү ким деп эсептеп жатасың?»

54 Ыйса мындай деп жооп берди: «Эгерде Мен Өзүмдү Өзүм даңктап жатсам, анда Менин даңкым эч нерсеге турбайт. Мени Атам даңктайт, силер Аны “биздин Кудайыбыз” дейсиңер.

55 Силер Аны билбейсиңер, Мен болсо билем. Эгерде билбейм десем, анда силер сыяктуу жалганчы болмокмун. Бирок Мен Аны билем жана Анын сөздөрүн сактайм.

56 Атаңар Ыбрайым Менин күнүмдү көрөм деп кубанган жана көрүп кубанды».

57 Ошондо жүйүттөр Ага: «Өзүң элүү жашка чыга элексиң, анан Ыбрайымды көрдүңбү?» – дешти.

58 Ыйса аларга: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Мен Ыбрайымдан мурун эле бар болчумун», – деди.

59 Ошондо алар Ыйсаны уруш үчүн, жерден таш алышты. Бирок Ал жашырынып, ийбадатканадан чыгып кетти. Аларды аралап өтүп, кетип калды.

**9-БӨЛҮМ**

**Тубаса сокур адамдын айыгуусу**

1 Ыйса кетип бара жатып, тубаса сокур адамды көрдү.

2 Шакирттери Андан: «Устат, бул кишинин сокур болуп төрөлүшүнө кимдин күнөөсү себеп болду: өзүнүкүбү же ата-энесиникиби?» – деп сурашты.

3 Ыйса мындай деп жооп берди: «Өзүнүкү да, ата-энесиники да себеп болгон жок. Анын жашоосунда Кудайдын кудурети көрсөтүлүшү үчүн ушундай болду.

4 Күндүз Мени Жибергендин иштерин кылышым керек. Түн келет, ошондо эч ким эч нерсе кыла албай калат.

5 Мен бул дүйнөдө болуп турганда, дүйнөнүн жарыгымын».

6 Ушул сөздү айткандан кийин, Ал жерге түкүрүп, топурактан ылай жасады да, аны сокур адамдын көзүнө сүйкөп, мындай деди:

7 «Силоом (бул сөз "Жиберилген" деп которулат) көлмөсүнө барып жуун!» Ал барып жуунганда, көзү ачылды. Ал кайтып келгенде,

8 коңшулары жана анын мурун сокур экенин көргөндөр: «Бул киши ушу жерде кайыр сурап отурган киши эмеспи?» – деп жатышты.

9 Бирөөлөрү: «Ошол» дешсе, бирөөлөрү: «Жок, бул ошого окшош экен», – дешти. Өзү болсо: «Ошол менмин», – деди.

10 Ошондо алар андан: «Көздөрүң кантип ачылды?» – деп сурашты.

11 Ал мындай деп жооп берди: «Ыйса деген Киши ылай жасап, көзүмө сүйкөп: "Силоом көлмөсүнө барып жуун!" – деди. Мен барып жуундум, ошондо көздөрүм ачылды».

12 Алар андан: «Ал кайда?» – деп сурашты. «Билбейм», – деп жооп берди ал.

13 Ошондо алар мурун сокур болгон бул кишини фарисейлердин алдына алып барышты.

14 Ыйса ылай жасап, анын көзүн ачкан күн ишемби күн болчу.

15 Фарисейлер да ал кишиден көзүнүн кантип көрүп калганын сурашты. «Ал көзүмө ылай сүйкөдү, анан мен жуундум, азыр көзүм көрүп жатат», – деп жооп берди ал.

16 Ошондо фарисейлердин кээ бирөөлөрү: «Ал Адам Кудайдан эмес. Анткени ишемби күнүн сактабайт экен», – дешсе, кээ бирөөлөрү: «Күнөөкөр адам ушундай кереметтерди жасай алмак беле?» – дешти. Ошентип, алардын арасында талаш чыгып кетти.

17 Анан алар сокур адамдан: «Ал сенин көзүңдү ачпадыбы, Ал тууралуу сен эмне дейсиң?» – деп, дагы сурашты. Ошондо ал: «Ал – пайгамбар», – деп жооп берди.

18 Бирок жүйүттөр көзү ачылган кишинин мурда сокур экенине, азыр көрүп калгандыгына ата-энесин чакыртып келмейинче ишенишкен жок.

19 Алардан: «Сокур болуп төрөлгөн балаңар ушулбу? Азыр ал кандайча көрүп калды?» – деп сурашты.

20 Ата-энеси аларга: «Бул биздин балабыз, анын сокур болуп төрөлгөнү чын.

21 Бирок азыр анын көзү кандайча көрүп калгандыгын билбейбиз, көзүн ким ачканын да билбейбиз. Бала эмес го, өзүнөн сурагыла, өзү айтып берсин», – деп жооп берди.

22 Ата-энеси жүйүттөрдөн корккондуктан, ушинтип жооп берди. Анткени жүйүттөр «Ким Аны Машайак деп кабыл ала турган болсо, ал синагогадан чыгарылсын» деген чечим чыгарып коюшкан эле.

23 Ошондуктан ата-энеси: «Бала эмес го, өзүнөн сурагыла», – деген эле.

24 Ошондо фарисейлер мурун сокур болгон кишини экинчи ирет чакырышты да: «Кудай алдында чыныңды айт, биз ал Адамдын күнөөкөр экендигин билебиз», – дешти.

25 Ал мындай деп жооп берди: «Анын күнөөкөр же күнөөкөр эмес экенин билбейм. Бир гана нерсени билем: мен сокур болчумун, азыр көзүм көрүп калды».

26 «Ал сага эмне кылды? Көзүңдү кантип ачты?» – деп, алар дагы сурашты.

27 «Айтып эле жатпаймынбы, өзүңөр укпай жатасыңар го. Дагы эмнени уккуңар келет? Же силер да Анын шакирти болгуңар келип жатабы?» – деп жооп берди ал.

28 «Анын шакирти сенсиң, биз болсо Мусанын шакирттерибиз», – деп, фарисейлер аны жекиришти да:

29 «Кудайдын Мусага сүйлөгөнүн билебиз, ал эми Жанагынын кайдан келгенин билбейбиз», – дешти.

30 Ошондо көзү көрүп калган адам аларга мындай деп жооп берди: «Анын кайдан келгенин билбегениңер кызык экен. Ал менин көзүмдү ачпадыбы.

31 Кудайдын күнөөкөрлөрдү укпай тургандыгын билебиз. Бирок ким Кудайдан коркуп, Анын эркин аткарса, Кудай аны угат.

32 Бирөө тубаса сокурдун көзүн ачты дегенди эч ким эч качан уккан эмес.

33 Эгерде Ал Адам Кудайдан болбосо, мындай иштти кыла алмак эмес».

34 Ошондо алар: «Күнөөкөр болуп төрөлгөн сен бизди окуткуң барбы?» – деп, аны ийбадатканадан кууп чыгышты.

35 Аны ийбадатканадан кууп чыгышканын Ыйса укканда, аны таап: «Сен Кудайдын Уулуна ишенесиңби?» – деп сурады.

36 Ал Ага: «Мырза, Ал Ким? Мен Ага ишенейин», – деди.

37 Ыйса ага: «Сен Аны көрдүң. Ал азыр сени менен сүйлөшүп жатат», – деди.

38 Ошондо ал: «Ишенем, Теңир!» – деп, Ага таазим кылды.

39 Анан Ыйса: «Мен бул дүйнөгө көзү көрбөгөндөр көрсүн, көргөндөр сокур болсун деп өкүм чыгаруу үчүн келгем», – деди.

40 Анын жанында турган кээ бир фарисейлер муну укканда: «Эмне, биз да сокурбузбу?» – дешти.

41 Ыйса аларга мындай деди: «Эгерде сокур болсоңор, анда мойнуңарда күнөө жок болмок. Бирок көзүбүз көрөт деп жатканыңар үчүн, күнөөңөр мойнуңарда калат.

**10-БӨЛҮМ**

**Койчу жөнүндө үлгү-насаат аңгеме**

1 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, ким кой короого эшиктен кирбей, башка жагынан кирсе, ал – ууру жана каракчы.

2 Ал эми ким эшиктен кирсе, ал – койчу.

3 Кароолчу ага эшикти ачып берет. Койлор анын үнүн угушат, ал өзүнүн койлорун атынан чакырат, аларды тышка чыгарат.

4 Ал өзүнүн койлорун тышка чыгаргандан кийин, алардын алдында басат, ал эми койлору анын артынан ээрчишет, анткени алар анын үнүн таанышат.

5 Чоочун кишини ээрчишпейт, андан качышат, анткени анын үнүн таанышпайт».

6 Ыйса айтып берген бул үлгү-насаат аңгеменин маанисин алар түшүнүшкөн жок.

**Ыйса – койлор кире турган эшик**

7 Ошондо Ыйса аларга дагы мындай деди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Мен койлор кире турган эшикмин.

8 Менден мурун келгендердин баары – ууру жана каракчы. Бирок койлор аларды угушкан жок.

9 Мен эшикмин. Ким Мен аркылуу кирсе, ал куткарылат. Кирет, чыгат жана жайыт табат.

10 Ууру уурдоо, өлтүрүү жана жок кылуу үчүн гана келет. Мен адамдардын өмүргө, ашып-ташыган өмүргө ээ болушу үчүн келдим.

**Ыйса – жакшы Кайтаруучу**

11 Мен жакшы Кайтаруучумун. Жакшы кайтаруучу койлору үчүн өз жанын берет.

12 Жалчы болсо койчу эмес, анткени койлор аныкы эмес. Ал карышкырдын келе жатканын көргөндө, койлорду таштай качат. Карышкыр койлорго тийип, аларды туш тарапка чачыратат.

13 Жалчы болсо качып кетет, анткени ал – жалчы, койлорго кайдыгер мамиле кылат.

14 Мен жакшы Кайтаруучумун. Мен Өзүмдүн койлорумду билем,

15 Атам Мени, Мен Атамды билгендей эле, койлорум да Мени билет. Койлорум үчүн Мен Өз жанымды берем.

16 Менин бул короодогу койлордон башка да койлорум бар. Мен аларды да алып келүүм керек. Алар да Менин үнүмдү угушат, ошондо бир короо кой, бир койчу болот.

17 Мен Өз жанымды беремин, ошон үчүн Атам Мени жакшы көрөт. Мен Өз жанымды кайра алуу үчүн беремин.

18 Менден аны эч ким тартып албайт, Мен аны Өзүм берем. Аны берүүгө жана кайра алууга бийлигим бар. Бул осуятты Мен Атамдан алгам».

19 Ушул сөздөн улам жүйүттөрдүн ортосунда талаш чыкты.

20 Алардын көпчүлүгү: «Анын ичинде жин бар, акылы ордунда эмес, Аны эмнеге угуп жатасыңар?» – дешти.

21 Кээ бирөөлөрү: «Бул жин тийген адамдын сөзү эмес! Жин сокурлардын көзүн ача алмак беле?» – дешти.

**Ыйса Иерусалимдеги майрамда**

22 Ошол убакта Иерусалимде ийбадаткананы ыйыктоо майрамы болуп жаткан. Кыш мезгили эле.

23 Ыйса ийбадаткананын чыгыш тарабындагы Сулайман үйүнүн кире беришинде басып жүргөндө,

24 жүйүттөр Аны курчап алып: «Качанкыга чейин башыбызды маң кыласың? Машайак болсоң, айтпайсыңбы ачыгын!» – дешти.

25 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Мен силерге айттым, бирок силер ишенбей жатасыңар. Атамдын атынан кылып жаткан иштерим Мен жөнүндө күбөлөндүрүп жатпайбы.

26 Бирок силер ишенбей жатасыңар, анткени Менин койлорум эмессиңер. Мен муну силерге айткам.

27 Менин койлорум Менин үнүмдү угушат. Мен аларды тааныйм, алар Мени ээрчишет.

28 Мен аларга түбөлүк өмүр берем, алар эч качан өлүшпөйт. Аларды Менин колумдан эч ким тартып ала албайт.

29 Аларды Мага берген Атам баарынан чоң. Аларды Атамдын колунан эч ким тартып ала албайт.

30 Мен жана Атам бирбиз».

31 Ошондо Аны таш бараңга алуу үчүн, жүйүттөр бул жолу да жерден таш алышты.

32 Ыйса аларга: «Мен силердин көз алдыңарда Атамдын атынан көп жакшы иштерди кылдым. Алардын кайсынысы үчүн Мени таш бараңга алгыңар келип жатат?» – деди.

33 Жүйүттөр Ага: «Жакшы иштериң үчүн эмес, Кудайга акарат келтиргендигиң үчүн, адам болуп туруп, Өзүңдү Кудай кылып жаткандыгың үчүн, таш бараңга алганы жатабыз», – деп жооп беришти.

34 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Мыйзамыңарда: Мен силерге: “Силер кудайларсыңар”, – дедим», – деп жазылган эмеспи?

35 Кудайдын Сөзү кимдерге берилсе, ошолорду Ал кудайлар деп атап жатса (Ыйык Жазуу Өз күчүн жоготпойт),

36 Атам тарабынан дайындалып, бул дүйнөгө жиберилген Мен: “Кудайдын Уулумун”, – дегеним үчүн, “Кудайга акарат келтирип жатасың”, – дейсиңерби?

37 Эгерде Мен Атамдын иштерин кылбай жатсам, анда Мага ишенбей эле койгула.

38 Эгерде кылып жатсам, Мага ишенбесеңер да, кылган иштериме ишенгиле. Ошондо Атанын Менин ичимде, Мен Атанын ичинде экенимди билип, ишенип каласыңар».

39 Ошондо алар Ыйсаны кайрадан кармап алмакчы болушту, бирок Ал карматкан жок.

40 Ыйса кайрадан Иордан дарыясынын наркы өйүзүнө – мурун Жакан элди сууга чөмүлдүрүп жүргөн жерге барып, ошол жерде калып калды.

41 Ага көп адамдар келишип: «Жакан эч кандай керемет көрсөткөн эмес, бирок анын бул Адам жөнүндө айткандарынын баары чындык экен», – дешти.

42 Ошентип, ал жерден Ага көптөгөн адамдар ишенип калышты.

## 11-БӨЛҮМ

### Лазардын тирилиши

1 Эже-сиңди Мариям менен Марта жашаган Бетания деген айылда Лазар деген бир адам ооруп жатты.

2 Ыйсаны жыпар жыттуу май менен майлаган, Анын бутун чачы менен аарчыган ушул Мариям болчу. Ооруп жаткан Лазар анын бир тууганы эле.

3 «Теңир, жакшы көргөн адамың ооруп жатат», – деп, эже-сиңди Ыйсага айттырып жиберишти.

4 Ыйса муну укканда: «Ал бул оорудан өлбөйт, бул – Кудайдын даңкталышы үчүн жол берилген оору. Бул аркылуу Кудай Уулу даңкталат», – деди.

5 Ыйса Мартаны, анын сиңдисин жана Лазарды жакшы көрчү.

6 Ал Лазардын ооруп жатканын укса да, жүргөн жеринде дагы эки күн болду.

7 Андан кийин шакирттерине мындай деди: «Жүргүлө, Жүйүт аймагына кайра баралы».

8 Шакирттери Ага: «Устат, жүйүттөр жакында эле Сени таш бараңга алып өлтүргөнү жатышпады беле? Анан кайра ошол жакка барганы жатасыңбы?» – дешти.

9 Ыйса аларга: «Бир күндө он эки саат жарык болот эмеспи. Күндүз жүргөн адам мүдүрүлбөйт, анткени ал бул дүйнөнүн жарыгын көрүп турат.

10 Ал эми түн ичинде жүргөн адам мүдүрүлөт, анткени анын ичинде жарык жок», – деп жооп берди.

11 Ыйса бул сөздөрдү айткандан кийин, аларга: «Досубуз Лазар уктап калды, бирок Мен барып, аны ойготом», – деди.

12 Шакирттери Ага: «Теңир! Уктап жатса, анда айыгат», – дешти.

13 Ыйса Лазардын өлүп калганы жөнүндө айткан эле, шакирттери болсо анын жөн эле уктап жатканы жөнүндө айтып жатат деп ойлошту.

14 Ошондо Ыйса ачык эле мындай деди: «Лазар өлүп калды.

15 Силер үчүн кубанып жатам. Силердин ишенип калышыңар үчүн, Менин ал жакта болбогонум жакшы болду. Жүргүлө, ага баралы».

16 Ошондо Эгиз деген да ысымы бар Томас башка шакирттерге: «Жүргүлө, биз да аны менен бирге өлөлү», – деди.

17 Ыйса келгенде, Лазардын көргө коюлганына төрт күн болгонун укту.

18 Бетания менен Иерусалимдин ортосундагы аралык болжол менен он беш стадий болгондуктан,

19 көптөгөн жүйүттөр Марта менен Мариямга көңүл айтууга келишкен эле.

20 Марта Ыйсанын келе жатканын укканда, алдынан тосуп чыкты. Мариям болсо үйдө калды.

21 Марта Ыйсага: «Теңир! Сен бул жерде болгондо, бир тууганым өлмөк эмес.

22 Бирок мен азыр да билем, Сен Кудайдан эмне сурасаң да, Кудай Сага берет», – деди.

23 Ыйса ага: «Бир тууганың тирилет», – деди.

24 Марта Ага: «Акыркы күнү, өлгөндөр тириле турган күнү тирилерин билем», – деди.

25 Ыйса ага мындай деди: «Мен тирилүүмүн жана өмүрмүн. Мага ишенген адам өлсө да, тирилет.

26 Мага ишенип жашаган адам өлбөйт. Ушуга ишенесиңби?»

27 Марта Ага: «Ооба, Теңир. Дүйнөгө келе турган Кудай Уулу Машайак Сен экендигиңе ишенем», – деди.

28 Муну айткандан кийин, ал үйүнө барды да, сиңдиси Мариямды тымызын чакырып алып: «Устат бул жерде. Ал сени чакырып жатат», – деди.

29 Муну угары менен, Мариям шашылыш тура калып, Ыйсага жөнөдү.

30 Ыйса айылга кире элек болчу, Ал Марта менен жолуккан жерде эле.

31 Мариямга көңүл айтканы келгендер анын үйдөн шашылыш чыгып кеткенин көрүшкөндө, «Бир тууганын жоктоп ыйлаш үчүн, мүрзөгө кетти го», – деп ойлоп, артынан кошо жөнөштү.

32 Мариям болсо Ыйса турган жерге келди да, Аны көргөндө, бутуна жыгылып: «Теңир, Сен бул жерде болгондо, бир тууганым өлмөк эмес», – деди.

33 Мариямдын жана аны менен келген жүйүттөрдүн ыйлаганын көргөн Ыйсанын каңырыгы түтөп, жүрөгү сыздады.

34 «Аны кайсы жерге койдуңар?» – деп сурады Ыйса. «Теңир, келип, Өзүң көр», – деп жооп беришти алар.

35 Ыйса көзүнө жаш алды.

36 Ошондо жүйүттөр: «Карагылачы, Лазарды Ал кандай жакшы көрчү!» – дешти.

37 Кээ бирөөлөр болсо: «Бул сокурдун көзүн ачпады беле, анан ушуну өлүмдөн алып кала алган жокпу?» – дешти.

38 Ыйса ичинен кайгырып, мүрзөгө басып келди. Ал оозу таш менен жабылган мүрзөлүк үңкүр эле.

39 «Ташты алып салгыла!» – деди Ыйса. Ошондо өлгөн Лазардын бир тууганы Марта Ага: «Теңир! Жытташып кетти го, коюлганына төрт күн болуп калбадыбы», – деди.

40 Ошондо Ыйса ага: «Мен сага: “Эгерде ишенсең, Кудайдын даңкын көрөсүң”, – деп айткан жок белем?», – деди.

41 Үңкүрдүн оозунан ташты алып салышкандан кийин, Ыйса асманды карап, мындай деди: «Ата, Мени уккандыгың үчүн, Сага ыраазымын.

42 Мени дайыма угарыңды билем. Бирок муну Мени Сен жибергениңе ушул жерде турган эл ишенсин деп айтып жатам».

43 Муну айткандан кийин, Ал бийик үн менен: «Лазар, чык!» – деди.

44 Ошондо колу-буту кепинделген Лазар мүрзөдөн чыгып келди. Анын бети-башы да оролуу эле. Ыйса аларга: «Анын кепинин чечкиле, бассын», – деди.

45 Мариямга келген жүйүттөрдүн көпчүлүгү Ыйсанын кылган ишин көрүшкөндө, Ага ишенип калышты.

46 Ал эми кээ бирөөлөрү фарисейлерге барып, Ыйсанын эмне кылганын айтып беришти.

**Башкы ыйык кызмат кылуучулардын чечими**

47 Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучулар менен фарисейлер жогорку кеңешти чакырып, мындай дешти: «Эмне кылсак? Бул Адам көптөгөн кереметтерди көрсөтүп жатат.

48 Эгерде Аны ушу бойдон тим койсок, баары Ага ишенип калат. Анан римдиктер келип, жерибизди да, элибизди да басып алышат».

49 Алардын бири, ошол жылга башкы ыйык кызмат кылуучу болуп шайланган Кайапа мындай деди: «Силер эч нерсени билбейсиңер.

50 Бүт эл жок болгондон көрө, эл үчүн бир адамдын өлгөнү силер үчүн жакшы болорун түшүнбөйсүңөр!»

51 Муну ал оюнан чыгарып айткан жок: ошол жылы башкы ыйык кызмат кылуучу болгондуктан, Ыйсанын эл үчүн өлөрүн алдын ала айтты.

52 Ал бир улут үчүн гана эмес, Кудайдын чачырап кеткен балдарын чогултуу үчүн да өлүшү керек болчу.

53 Ошол күнү алар Ыйсаны өлтүрүү жөнүндө чечим чыгарышты.

54 Ошондон кийин Ыйса жүйүттөрдүн арасында ачык жүрбөй калды. Ал чөлгө жакын жердеги Эпрайым деген шаарга кетти. Ал жерде шакирттери менен болду.

55 Жүйүттөрдүн Пасах майрамы жакындап калгандыктан, өлкөнүн туш тарабынан көптөгөн адамдар майрам алдында тазалануу үчүн, Иерусалимге келишти.

56 Алар Ыйсаны издешти. Ийбадатканада туруп алышып: «Кандай деп ойлойсуңар, Ал майрамга келет болду бекен?» – деп, өз ара сүйлөшүп жатышты.

57 Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен фарисейлер болсо Ыйсаны кармаш үчүн, «Ыйсанын кайда экенин ким билсе, кабарлап койсун!» деген буйрук беришти.

**12-БӨЛҮМ**

**Мариямдын Ыйсаны жыпар жыттуу май менен майлашы**

1 Пасах майрамына алты күн калганда, Ыйса Бетанияга келди. Бул жерде Ал тирилткен Лазар жашачу.

2 Ошол жерде Ага кечки тамак даярдашты. Марта кызмат кылып жүрдү. Лазар болсо Аны менен бирге бир дасторкондо отурду.

3 Мариям нард деген өсүмдүктөн жасалган жыпар жыттуу, таза майдан бир фунт алып келип, Ыйсанын бутуна куйду, анан Анын буттарын чачы менен сүрттү. Үйдүн ичи жыпар жыттуу май жыттанып калды.

4 Ыйсанын шакирттеринин бири, кийин Ага чыккынчылык кылган Шымон уулу Жүйүт Искариот мындай деди:

5 «Бул майды үч жүз динарийге сатып, түшкөн акчаны жакырларга таратып берсе болот эле да».

6 Ал муну жакырлар үчүн кам көргөндүктөн эмес, ууру болгондуктан айтты. Акча салынуучу куту анда болгондуктан, ал ага салынган акчадан уурдап алчу.

7 Ошондо Ыйса мындай деди: «Мариямды жайына койгула! Ал муну Менин көргө коюлар күнүмө сактап жүргөн.

8 Анткени Мен силердин жаныңарда дайыма эле боло бербейм, жакырлар болсо дайыма жаныңарда болот».

9 Жүйүттөрдүн көбү Ыйсанын Бетанияда экенин угушуп, Ыйсаны гана эмес, Ал тирилткен Лазарды да көрүү үчүн, Бетанияга келишти.

10 Башкы ыйык кызмат кылуучулар болсо Лазарды да өлтүрүү жөнүндө чечим чыгарышты.

11 Анткени аны көрүү үчүн келген жүйүттөрдүн көбү Ыйсага ишенип калышкан эле.

**Ыйсанын Иерусалимге салтанат менен кириши**

12 Кийинки күнү майрамга келген элдин көпчүлүгү Ыйсанын Иерусалимге келерин угушканда,

13 дарактардын бутактарын алып: «Дөөттүн Уулуна даңк! Теңирдин атынан Келе Жатканга, Ысрайыл элинин Падышасына даңк!» – деп, Аны кыйкырып тосуп чыгышты.

14 Ыйса бир кодикти таап минип алган эле. Бул жөнүндө Ыйык Жазууда:

15 «Коркпо, Сион кызы! Сенин Падышаң кодик минип келе жатат!» – деп жазылган.

16 Шакирттери муну адегенде түшүнүшкөн эмес. Бирок Ыйса даңкталгандан кийин, алар бул сөздөрдүн Ал жөнүндө жазылгандыгын, Ага ошондой кылынгандыгын эстешти.

17 Ыйсанын жанында жүргөн эл Анын Лазарды мүрзөдөн чакырып, тирилткенин күбөлөндүрүп жатты.

18 Ошондуктан Ыйсанын бул кереметти кылганын уккан эл Аны алдынан тосуп чыкты.

19 Фарисейлер болсо: «Көрдүңөрбү, эч нерсе кыла албай калдыңар! Бүт дүйнө Анын артынан ээрчип кетти!» – деп, өз ара сүйлөшүп жатышты.

**Эллиндердин Ыйсаны көрүүнү каалашы**

20 Кудайга табынуу үчүн майрамга келгендердин арасында эллиндер да бар эле.

21 Алар Галилеянын Бетсайида шаарынан болгон Филипке келишип: «Мырза, биз Ыйсаны көрсөк дедик эле», – дешти.

22 Филип бул жөнүндө Андрейге барып айтты. Анан Андрей менен Филип экөө Ыйсага барып айтышты.

**Уулдун Ата аркылуу даңкталышы**

23 Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Адам Уулунун даңкталар убактысы келип калды.

24 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, эгерде буудайдын даны жерге түшкөндөн кийин өлбөсө, бирөө бойдон гана калат. Эгерде өлсө, көп түшүм берет.

25 Ким өз жанын сүйсө, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким бул дүйнөдө өз жанын жек көрсө, аны түбөлүк өмүр үчүн сактап калат.

26 Ким Мага кызмат кылгысы келсе, ал Мени ээрчисин. Мен кайсы жерде болсом, кызматчым да ошол жерде болот. Ким Мага кызмат кылса, аны Атам урматтайт».

27 Анан Ыйса мындай деди: «Азыр жаным кыйналып турат. Эмне дейин? “Ата! Мени ушул сааттан куткара көр”, – дейинби? Бирок Мен ушул саат үчүн келгем.

28 Ата! Өз ысымыңды даңкта!» Ошондо асмандан «Даңктадым, дагы да даңктайм» деген үн угулду.

29 Ошол жердеги муну уккан адамдардын кээ бирөөлөрү: «Күн күркүрөдү», – дешсе, кээ бирөөлөрү: «Ага периште сүйлөдү», – дешти.

30 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Бул сөз Мен үчүн эмес, силер үчүн айтылды.

31 Бул дүйнөнүн соттолор маалы келди. Эми бул дүйнөнүн төрөсү сыртка куулуп чыгарылат.

32 Мен жерден көтөрүлүп кеткенден кийин, бардыгын Өзүмө тартам».

33 Ыйса муну кандай өлүм менен өлөрүн билдирүү үчүн айтты.

34 Эл болсо Ага мындай деди: «Ыйык Жазуудан укканыбызга караганда, Машайак түбөлүк жашайт. Анан Сен кандайча: “Адам Уулу жогору көтөрүлүп кетиши керек”, – дейсиң? Адам Уулу деген Ким?»

35 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Жарык дагы бир аз убакыт силер менен болот. Караңгыга калбаш үчүн, жарык барда жүргүлө. Караңгыда жүргөн адам кайда бара жатканын билбейт.

36 Жарык силер менен болуп турганда, жарыкка ишенгиле, ошондо жарыктын балдары болосуңар». Ыйса бул сөздөрдү айткандан кийин, ал жерден кетип, элдин көзүнөн далдаа болду.

**Элдин ишенбестиги**

37 Ыйса көптөгөн кереметтерди көрсөтсө да, алар Ага ишенишкен жок.

38 Ышайа пайгамбардын «Теңир! Бизден уккан кабарга ким ишенди? Теңирдин күчү кимге көрсөтүлдү?» деген сөздөрү аткарылышы үчүн ушундай болду.

39 Ошондуктан алар ишене алышкан жок. Ышайа мындай деп да айткан:

40 «Алардын көздөрү сокур, ал эми жүрөктөрү таш болуп калган. Ошондуктан алардын көздөрү көрбөйт, түшүнүшпөйт, айыгыш үчүн, Мага кайрылышпайт».

41 Ышайа бул сөздөрдү Ыйсанын даңкын көрүп, Ал жөнүндө сүйлөгөндөн кийин айткан.

42 Ошондой болсо да, жүйүт башчыларынын көбү Ыйсага ишенип калышты. Бирок синагогадан чыгарылып калбаш үчүн, ишенип калышканын фарисейлердин алдында ачык айтышкан жок.

43 Анткени Кудайдын даңктаганына караганда, адамдын даңктаганын артык көрүштү.

**Ыйсанын акыркы эскертүүсү**

44 Ыйса үнүн бийик чыгарып, мындай деди: «Мага ишенген адам Мага эмес, Мени жиберген Кудайга ишенген болот.

45 Мени көргөн адам Мени жиберген Кудайды көргөн болот.

46 Мага ишенгендердин бирөө да караңгыга калбашы үчүн, Мен дүйнөгө жарык болуп келдим.

47 Сөздөрүмдү угуп, бирок аларды аткарбаган адамды Мен соттобойм. Анткени Мен бул дүйнөнү соттоо үчүн эмес, куткаруу үчүн келгем.

48 Мени четке кагып, сөздөрүмдү кабыл албаган адам үчүн сот бар: Мен айткан сөздөр аны акыркы күнү соттойт.

49 Анткени Мен Өз атымдан сүйлөгөн жокмун, Мени жиберген Атамдын осуяты боюнча сүйлөп жатам. Эмнени айтып, эмнени сүйлөө керектигин Мага Мени жиберген Атам осуят кылган.

50 Анын осуяты болсо түбөлүк өмүр экенин билем. Демек, Атам Мага эмнени айтса, Мен ошону айтам».

**13-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын шакирттеринин бутун жуушу**

1 Пасах майрамынын алды эле. Ыйса Өзүнүн бул дүйнөдөн кетип, Атасына бара турган убагы келип калганын билчү. Ал бул дүйнөдөгү Өзүнүн адамдарын сүйдү, аларды акырына чейин сүйдү.

2 Кечки тамак убагы болчу. Шайтан буга чейин эле Шымон уулу Жүйүт Искариоттун жүрөгүнө Ыйсага чыккынчылык кылуу каалоосун салып койгон.

3 Ыйса Атасынын бардык нерсени Өзүнө бергендигин, Өзүнүн Кудайдан келип, Ага кайра кайтып барарын билчү.

4 Ыйса дасторкондон туруп, сырткы кийимин чечти да, белине сүлгү байлады.

5 Андан кийин чылапчынга суу куюп алып, шакирттеринин бутун жууп, белиндеги сүлгү менен аарчый баштады.

6 Шымон Петирдин жанына келгенде, ал Ага мындай деди: «Теңир, Сен менин бутумду жууйсуңбу?»

7 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Менин эмне кылып жатканымды сен азыр түшүнбөйсүң, кийин түшүнөсүң».

8 Петир Ага: «Мен бутумду Сага эч качан жуудуртпайм!» – деди. «Эгерде Мен сенин бутуңду жуубасам, анда сен Мени менен үлүштөш болбойсуң», – деп жооп берди Ыйса.

9 Ошондо Шымон Петир Ага: «Теңир, андай болсо, бутумду гана эмес, колумду да, башымды да жуу!» – деди.

10 Ыйса ага: «Жуулган адамдын бутун гана жууш керек, анткени ал таза. Силер да тазасыңар, бирок баарыңар эмес», – деди.

11 Анткени Ыйса кимдин чыккынчылык кыларын билген, ошондуктан: «Баарыңар эмес», – деди.

12 Ыйса шакирттеринин бутун жууп бүтүп, сырткы кийимин кийип, дасторконго кайра отургандан кийин, мындай деди: «Силерге эмне кылганымды түшүндүңөрбү?

13 Мени: “Устат”, “Теңир”, – дейсиңер. Мунуңар туура, анткени Мен чынында эле Ошолмун.

14 Мен Теңир жана Устат болуп туруп, бутуңарды жуудум. Демек, силер да бири-бириңердин бутуңарды жуушуңар керек.

15 Анткени Мен силерге үлгү көрсөттүм, Мен силерге эмне кылсам, силер да ошону кылгыла.

16 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, кул өз кожоюнунан жогору эмес, жиберилген адам жиберүүчүдөн жогору эмес.

17 Эгерде ушул билгениңерди аткарсаңар, анда бактылуусуңар.

18 Баарыңар жөнүндө айтып жаткан жокмун, Мен Өзүм тандап алган адамдарымды билем. Бирок Ыйык Жазуудагы “Мени менен бир дасторкондо отурган адам Мага согончогун көтөрдү” деген сөз аткарылышы керек.

19 Мен бул сөздү силерге аткарыла электе эле айтып жатам, аткарылгандан кийин, Ошол Мен экендигиме ишенип каласыңар.

20 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, ким Мен жиберген адамды кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот. Ал эми Мени кабыл алган адам Мени жиберген Кудайды кабыл алган болот».

**Ыйсанын Жүйүттүн чыккынчылык кыларын алдын ала айтышы**

21 Бул сөздөрдү айткандан кийин, Ыйса кайгырып, мындай деди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, араңардан бирөө Мага чыккынчылык кылат».

22 Шакирттери Ыйсанын ким жөнүндө айтып жатканын түшүнүшпөй, бири-бирин карашты.

23 Шакирттеринин бири Ыйсанын төшүнө башын коюп отурган. Ыйса аны жакшы көрөр эле.

24 Шымон Петир ага ким жөнүндө айтып жатканын сурачы дегендей белги берди.

25 Ыйсанын төшүнө башын коюп отурган ал: «Теңир, ал ким?» – деп сурады.

26 «Бир үзүм нанды табактагы ашка малгандан кийин, кимге берсем, ал – ошол», – деп жооп берди Ыйса. Анан Ал бир үзүм нанды табактагы ашка малды да, Шымондун уулу Жүйүт Искариотко сунду.

27 Нанды алары менен, Жүйүттүн ичине шайтан кирди. Ошондо Ыйса Жүйүткө: «Кылайын дегениңди тезирээк кыл!» – деди.

28 Дасторкондо отургандардын эч кимиси Ыйсанын ага эмне үчүн ушинтип айтканын түшүнгөн жок.

29 Акча салынуучу куту Жүйүттө болгондуктан, кээ бирөөлөрү: «Ыйса ага: "Майрамга карата бизге керектүү нерселерди сатып кел" же "Жакырларга бир нерсе бер", – деп жатат го», – деп ойлошту.

30 Жүйүт нанды алары менен, сыртка чыгып кетти. Түнкү убак эле.

**Ыйсанын акыркы сөзү. Ыйсанын даңкталар убагы келди**

31 Жүйүт чыгып кеткенден кийин, Ыйса мындай деди: «Азыр Адам Уулу даңкталды. Ал аркылуу Кудай да даңкталды.

32 Эгерде Кудай Ал аркылуу даңкталса, анда Кудай да Аны даңктайт, Аны жакын арада даңктайт.

33 Балдарым! Эми Мен силер менен бир аз убакыт гана болом. Мени издейсиңер. Жүйүттөргө айткан сөзүмдү азыр силерге да айтам: "Мен бара турган жерге силер бара албайсыңар".

**Жаңы осуят**

34 Силерге жаңы осуят берем: бири-бириңерди сүйгүлө! Мен силерди сүйгөндөй, силер да бири-бириңерди сүйгүлө!

35 Эгерде бири-бириңерди сүйсөңөр, башкалар силердин Менин шакирттерим экениңерди билишет».

**Петирдин баш тартарын Ыйсанын алдын ала айтышы**

36 Шымон Петир Ыйсадан: «Теңир, Сен кайда барасың?» – деп сурады. Ыйса ага: «Мен бара жаткан жакка сен азыр Мени ээрчип бара албайсың, бирок Менин артымдан кийин барасың», – деп жооп берди.

37 Петир Ага: «Теңир, эмне үчүн мен Сени азыр ээрчип бара албайм? Мен Сен үчүн жанымды берем», – деди.

38 Ошондо Ыйса ага мындай деди: «Мен үчүн жаныңды бересиңби? Чындыкты, сага чындыкты айтып коёюн, короз кыйкырганга чейин, сен Менден үч жолу баш тартасың.

**14-БӨЛҮМ**

**Ыйса – Кудайга алып баруучу жол**

1 Кайгырбагыла. Кудайга жана Мага ишенгиле.

2 Атамдын үйүндө орун көп. Эгерде андай болбосо, Мен силерге айтмакмын. Мен силерге орун даярдаганы бара жатам.

3 Барып, силерге орун даярдап койгондон кийин, кайтып келем да, Мен болгон жерде силер да болууңар үчүн, силерди жаныма алып кетем.

4 Ал эми Менин кайда бара жатканымды, ал жакка алып баруучу жолду силер билесиңер».

5 «Теңир, Сенин кайда бара жатканыңды билбесек, ал жакка алып баруучу жолду кайдан билмек элек?» – деди Томас.

6 Ыйса ага: «Жол, чындык жана өмүр Менмин. Атама Мен аркылуу гана барууга болот, Менсиз эч ким бара албайт.

7 Эгерде Мени билсеңер, Атамды да билмексиңер. Ушул убакыттан тартып, Аны билип калдыңар жана көрдүңөр», – деди.

8 Ошондо Филип: «Теңир, бизге Атаңды көрсөт, бизге ошол жетиштүү болот», – деди.

9 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Ушунча убакыттан бери Мен силердин жаныңарда жүрсөм да, сен Мени тааныбайсыңбы, Филип? Мени көргөн адам Атамды да көрдү. “Бизге Атаңды көрсөт”, – дегениң кандай?

10 Менин Атамдын ичинде экендигиме, Атамдын Менин ичимде экендигине ишенбейсиңби? Силерге айткан сөздөрдү Мен Өз атымдан айткан жокмун. Менин ичимде жашаган Атам Өз иштерин кылып жатат.

11 Мага ишенгиле: Мен Атамдын ичиндемин, Атам Менин ичимде. Сөзүмө ишенбесеңер да, кылып жаткан иштеримди көрүп, Мага ишенгиле.

**Кудайга Ыйсанын атынан сыйынуу**

12 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Мен кылып жаткан иштерди Мага ишенген адам да кыла алат, атүгүл, алардан да чоң иштерди кыла алат. Анткени Мен Атама кетип жатам.

13 Атасы Уулу аркылуу даңкталышы үчүн, Атамдан Менин ысымым урматына эмнени сурасаңар да, Мен аны аткарам.

14 Менин ысымым урматына эмнени сурасаңар да, Мен аны аткарам.

15 Эгерде Мени сүйсөңөр, осуяттарымды аткаргыла.

**Ыйык Рухтун убада кылынышы**

16 Мен Атамдан өтүнүп сурайм, Атам силерге башка Сооротуучуну, чындык Рухун берет: Ал түбөлүк силер менен болот,

17 бул дүйнө Аны кабыл ала албайт, анткени Аны көрө да, биле да албайт. Ал эми силер билесиңер, анткени Ал силер менен, силердин ичиңерде болот.

18 Силерди жетимсиретпейм, силерге кайра келем.

19 Бир аз убакыттан кийин бул дүйнө Мени көрбөй калат, ал эми силер Мени көрөсүңөр. Мен жашап жаткандыктан, силер да жашайсыңар.

20 Мен Атамдын ичинде экендигимди, силер Менин ичимде экендигиңерди, Мен силердин ичиңерде экендигимди ошол күнү түшүнөсүңөр.

21 Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал Мени сүйөт. Ал эми Мени сүйгөн адамды Атам сүйөт. Аны Мен да сүйөм жана ага Өзүмдү ачып берем».

22 Ошондо Жүйүт (Искариот эмес) Ыйсадан: «Теңир, эмне үчүн Сен Өзүңдү дүйнөгө эмес, бизге тааныткың келип жатат?» – деп сурады.

23 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Ким Мени сүйсө, ал Менин сөзүмдү аткарат. Ошондо аны Атам сүйөт, Биз ага келип, анын ичинен орун алабыз.

24 Мени сүйбөгөн адам Менин сөздөрүмдү аткарбайт. Силер уккан сөз Меники эмес, Мени жиберген Атамдыкы.

**Ыйсанын өлүмгө даяр болушу**

25 Мен бул сөздөрдү силердин араңарда жүргөндө айттым.

26 Менин ысымым урматына Атам жибере турган Сооротуучу, Ыйык Рух, силерге баарын үйрөтөт жана Мен айткан сөздөрдүн баарын эсиңерге салат.

27 Силерге тынчтык калтырып жатам, силерге Өз тынчтыгымды берип жатам. Менин силерге бергеним бул дүйнөнүн бергениндей эмес. Кайгырбагыла жана коркпогула.

28 “Кетем, бирок силерге кайра келем”, – деп айтканымды уктуңар. Эгерде Мени сүйсөңөр, анда Менин: “Атама барам”, – деп айтканыма кубанмаксыңар, анткени Атам Менден улук.

29 Мага ишенип калышыңар үчүн, Мен бул сөздөрдү алдын ала айттым. Алар аткарылгандан кийин, силер Мага ишенип каласыңар.

30 Эми Мен силер менен көп нерсени сүйлөшө албайм. Анткени бул дүйнөнүн төрөсү келе жатат. Менин үстүмөн анын эч кандай бийлиги жок.

31 Бирок дүйнө билсин: Мен Атамды сүйөм, Атам Мага эмнени осуят кылган болсо, Мен ошону аткарам. Тургула, бул жерден кетели.

**15-БӨЛҮМ**

**Машайак – жүзүм Сабагы**

1 Мен чыныгы жүзүм Сабагымын, Атам болсо – Жүзүмчү.

2 Мендеги жемиш бербеген ар бир бутакты Ал кесип таштайт. Ал эми жемиш берип жаткан ар бир бутакты дагы көбүрөөк жемиш берсин деп тазалайт.

3 Силер Менин сөзүм аркылуу тазартылдыңар.

4 Менин ичимде болгула, ошондо Мен силердин ичиңерде болом. Сабактан ажыраган бутак жемиш бере албайт. Ошол сыяктуу эле силер да Менин ичимде болбосоңор, жемиш бере албайсыңар.

5 Мен Сабакмын, силер болсо бутактарсыңар. Ким Менин ичимде болсо, Мен анын ичинде болсом, ал көп жемиш берет. Анткени силер Менсиз эч нерсе кыла албайсыңар.

6 Ким Менин ичимде болбосо, ал бутак сыяктуу сыртка ыргытылат да куурап калат. Андай бутактарды чогултуп, отко ыргытышат, алар күйүп кетет.

7 Эгерде Менин ичимде болсоңор, Менин сөздөрүм силердин ичиңерде болсо, эмне кааласаңар да сурагыла, силерге берилет.

8 Эгерде силер көп жемиш берсеңер, Атам даңкталат, Менин шакирттерим болосуңар.

**Сүйүү жөнүндө**

9 Атам Мени кандай сүйсө, Мен силерди ошондой сүйөм. Силерде Менин сүйүүм болсун.

10 Мен Атамдын осуяттарын аткаргандыктан, Менде Анын сүйүүсү бар. Ошол сыяктуу эле Менин осуяттарымды аткарсаңар, силерде Менин сүйүүм болот.

11 Силерде Менин кубанычым болсун деп, силерде толук кубаныч болсун деп, Мен силерге ушул сөздөрдү айттым.

12 Менин осуятым бул: бири-бириңерди Мен силерди сүйгөндөй сүйгүлө.

13 Достору үчүн өз жанын берип коюудан өткөн сүйүү жок.

14 Эгерде силер Менин айткан сөздөрүмдү аткарсаңар, Менин досторумсуңар.

15 Мындан ары силерди кул дебейм, анткени кул өз кожоюнунун эмне кылып жатканын билбейт. Мен силерди досторум дедим, анткени силерге Атамдан уккандарымдын баарын айтып бердим.

16 Силер Мени тандаган жоксуңар, Мен силерди тандап алдым. Барып, жемиш берсин деп, жемишиңер туруктуу болсун деп, силерди дайындадым. Ошондо Атамдан Менин ысымым урматына эмне сурасаңар да, Ал силерге берет.

17 Силерге бере турган осуятым бул: бири-бириңерди сүйгүлө.

**Ыйсага ишенген адам жана дүйнө**

18 Эгерде бул дүйнө силерди жек көрсө, силерден мурун Мени жек көргөнүн билгиле.

19 Эгерде силер бул дүйнөнүкү болсоңор, анда дүйнө өзүнүкүн сүймөк. Силер бул дүйнөнүкү эмессиңер, Мен силерди бул дүйнөдөн тандап алдым, ошондуктан бул дүйнө силерди жек көрөт.

20 “Кул өз кожоюнунан жогору эмес” деген сөзүм эсиңерде болсун. Эгерде Мени кубалашкан болсо, силерди да кубалашат. Эгерде Менин сөзүмдү угушкан болсо, силерди да угушат.

21 Мунун баарын силерге Менин ысымым үчүн кылышат, анткени Мени жиберген Кудайды билишпейт.

22 Эгерде Мен келбесем, аларга айтпасам, аларда күнөө жок болмок. Азыр болсо алардын күнөөлөрү үчүн кечирим жок.

23 Ким Мени жек көрсө, ал Атамды да жек көрөт.

24 Эгерде Мен аларга Менден башка эч ким кылбаган иштерди көрсөтпөгөн болсом, аларда күнөө жок болмок. Алар көрүштү, бирок Мени да, Атамды да жек көрүшөт.

25 Алардын мыйзамындагы “Мени себепсиз эле жек көрүшөт” деген сөз аткарылышы үчүн ушундай болду.

**Ыйсага ишенген адам жана Ыйык Рух**

26 Мен силерге Сооротуучуну жиберем. Атамдан чыгып келе турган Ал чындык Руху келгенде, силерге Мен жөнүндө күбөлөндүрөт.

27 Силер да күбөлөндүрөсүңөр, анткени башынан бери Менин жанымда болдуңар.

**16-БӨЛҮМ**

**Ыйсага ишенгендердин куугунтуктары жөнүндө**

1 Буларды Мен силерге азгырылып кетпешиңер үчүн айттым.

2 Силерди синагогалардан кууп чыгарышат, атүгүл, силерди өлтүрүп жаткан адам: “Кудайга кызмат кылып жатам!” – деп ойлогон күндөр келет.

3 Алар Атамды да, Мени да таанышбагандыктан, ушундай кылышат.

4 Ошол күндөр келгенде, ушул айткандарымды эстешиңер үчүн, Мен буларды силерге алдын ала айттым. Бул жөнүндө мурун айтпаганымдын себеби: Мен силердин жаныңарда элем.

5 Азыр болсо Мен Мени Жибергенге бара жатам. Бирок эч кимиңер Менден: “Кайда бара жатасың?” – деп сураган жоксуңар.

6 Айткан сөздөрүмдөн улам жүрөгүңөр кайгыга толду.

**Ыйык Рухтун кызматы**

7 Бирок силерге чындыкты айтып коёюн, Менин кеткеним силер үчүн жакшы! Эгерде кетпесем, силерге Сооротуучу келбейт. Эгерде кетсем, Аны силерге жиберем.

8 Ал келип, бул дүйнөнүн күнөөсүн ашкере кылат, адилдик жана келечектеги сот жөнүндө билдирет.

9 Бул дүйнөнүн күнөөсү – Мага ишенбегендиги.

10 Адилдик – Менин Атама бараткандыгым. Мындан ары силер Мени көрбөйсүңөр.

11 Ал эми сот – бул дүйнөнүн төрөсү шайтандын соттолгондугу.

12 Силерге айта турган сөзүм көп, бирок азыр силер түшүнө албайсыңар.

13 Чындык Руху келгенде, силерди чындыкка үйрөтөт. Ал Өз атынан сүйлөбөйт, эмнени укса, ошону айтат жана силерге келечекте эмне болорун билдирет.

14 Ал Мени даңктайт, анткени Менден алганын силерге билдирет.

15 Атамда эмне болсо, ошонун баары Меники, ошондуктан Мен: “Менден алганын силерге билдирет”, – деп айттым.

**Ыйсанын өлүмү жана экинчи жолку келүүсү**

16 Бир аз убакыттан кийин силер Мени көрбөй каласыңар, дагы бир аз убакыттан кийин кайра көрөсүңөр, анткени Мен Атама бара жатам».

17 Ошондо Ыйсанын кээ бир шакирттери: «“Бир аз убакыттан кийин Мени көрбөй каласыңар, дагы бир аз убакыттан кийин кайра көрөсүңөр”, “Атама бара жатам”, – дегенин кандай түшүнсө болот?

18 “Бир аз убакыттан кийин”, – дегени эмнеси? Эмне жөнүндө айтып жатканын түшүнгөн жокпуз», – дешти.

19 Ыйса алардын эмне жөнүндө сурагылары келип жатканын билип, мындай деди: «“Бир аз убакыттан кийин Мени көрбөй каласыңар, дагы бир аз убакыттан кийин кайра көрөсүңөр”, – деп айтканым жөнүндө бири-бириңерден сурап жатасыңарбы?

20 Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, силер боздоп ыйлайсыңар, бул дүйнө болсо кубанат. Кайгырасыңар, бирок кайгыңар кубанычка айланат.

21 Төрөр маалы келген аял толгоо тартып кыйналат. Төрөгөндөн кийин, дүйнөгө наристе келди деп, кубанганынан кыйналганын унутуп коёт.

22 Ошол сыяктуу эле силер да азыр кайгырып жатасыңар. Бирок Мен силерди кайра көрөм, ошондо жүрөгүңөр кубанычка толот жана ал кубанычты силерден эч ким тартып албайт.

**Шакирттерге айтылган акыркы сөз**

23 Ошол күнү силер Менден эч нерсе сурабайсыңар. Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Атамдан Менин ысымым урматына эмне сурасаңар да, Ал берет.

24 Буга чейин силер Менин ысымым урматына эч нерсе сураган жоксуңар. Кубанычыңар толук болуш үчүн сурагыла, аласыңар!

25 Ушул убакка чейин Мен силерге үлгү-насаат аңгемелер менен сүйлөдүм. Атам жөнүндө үлгү-насаат аңгемелер менен эмес, ачык айта турган убак келет.

26 Ошол күнү Атамдан Менин ысымым урматына сурайсыңар. Ошондо Мен силерге: “Атамдан силер үчүн өтүнүп сурайм”, – деп айтпайм.

27 Анткени Атам Өзү силерди сүйөт. Себеби силер Мени сүйөсүңөр жана Кудайдан келгениме ишендиңер.

28 Мен бул дүйнөгө Атамдан келдим. Азыр болсо бул дүйнөнү таштап, кайра Атама бара жатам».

29 Ошондо шакирттери: «Мына азыр үлгү-насаат аңгемесиз, ачык айттың.

30 Биз азыр Сенин баарын билериңди билдик. Сага суроо берүүнүн деле кереги жок экен, анткени Сен биз сурай электе эле эмнени сурарыбызды билесиң, ошондуктан Кудайдан келгендигиңе ишенебиз», – дешти.

31 Ошондо Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Азыр ишенип жатасыңарбы?

32 Мына, ар кимиңер ар кайсы жакка чачырап кете турган убак келе жатат, атүгүл, келип да калды. Силер Мени жалгыз таштап кетесиңер. Бирок Мен жалгыз эмесмин, анткени Атам Мени менен.

33 Мен муну силерге Менин тынчтыгым силерде болсун деп айттым. Бул дүйнөдө азап тартасыңар, бирок кайраттуу болгула, анткени Мен бул дүйнөнү жеңдим».

**17-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын сыйынуусу**

1 Ыйса ушул сөздөрдү айткандан кийин, асманды карап, мындай деди: «Ата! Убагы келди. Уулуңду даңкта, Уул да Сени даңктасын.

2 Сен Ага ар бир адамдын үстүнөн бийлик бердиң. Өзүң Ага кимдерди берсең, ошолордун баарына Ал түбөлүк өмүр берет.

3 Ал түбөлүк өмүр – жалгыз чыныгы Кудай Сени жана Өзүң жиберген Ыйса Машайакты таануу.

4 Мага тапшырган ишиңди аткарып, Мен Сени жер үстүндө даңктадым.

5 Эми Мени Сен Өз ичиңде даңкта, Ата! Мени дүйнө жаратыла электен мурун эле Сенин ичиңде ээ болгон даңкыма бөлө.

6 Дүйнөдөн тандап, Мага берген адамдарыңа Мен Сенин ысымыңды ачып бердим. Алар Сеники болчу, Мага бердиң, алар Сенин сөзүңдү кабыл алышты.

7 Алар азыр Мага бергениңдин баары Сенден экендигин түшүнүштү.

8 Анткени Мага берген сөздөрүңдү Мен аларга айттым, алар кабыл алышты жана Менин Сенден келгендигимди чындап түшүнүп, Мени Сен жибергендигиңе ишеништи.

9 Мен алар үчүн өтүнөм: бүт дүйнө үчүн эмес, Мага бергендериң үчүн өтүнөм. Анткени алар Сеники.

10 Мендегинин баары – Сеники, Сендегинин баары – Меники, Мен алар аркылуу даңкталдым.

11 Мен азыр бул дүйнөнү таштап, Сага бара жатам. Алар болсо бул дүйнөдө. Ыйык Ата, Мага кимдерди берген болсоң, ошолорду Өз ысымың үчүн сакта, алар да Биз сыяктуу бир болушсун.

12 Мен бул дүйнөдө алар менен бирге жүргөнүмдө, аларды Өз ысымың үчүн сактадым. Мага кимдерди берген болсоң, ошолорду сактадым. Ыйык Жазууда жазылгандай, өлүм уулунан башка эч кимиси өлгөн жок.

13 Азыр болсо Сага бара жатам. Бирок Менин кубанычым аларда толугу менен болсун деп, буларды бул дүйнөдө экенимде айтып жатам.

14 Аларга Сенин сөзүңдү айттым. Мен сыяктуу эле алар да бул дүйнөдөн эмес, ошондуктан бул дүйнө аларды жек көрүп калды.

15 Мен Сенден аларды бул дүйнөдөн алып кетүүңдү өтүнбөйм, шайтандан сактооңду өтүнөм.

16 Мен сыяктуу эле алар да бул дүйнөдөн эмес.

17 Аларды Өзүңдүн чындыгың аркылуу ыйыкта. Сенин сөзүң – чындык.

18 Сен Мени бул дүйнөгө жибергендей эле, Мен да аларды бул дүйнөгө жибердим.

19 Алар да чындык аркылуу ыйыкталышы үчүн, Мен Өзүмдү аларга арнайм.

20 Алар үчүн гана эмес, алардын сөзү аркылуу Мага ишенип калгандар үчүн да өтүнөм.

21 Алардын бардыгы бир болушсун. Ата, Сен Менин ичимде болгондой, Мен Сенин ичиңде болгонумдай, алар Биздин ичибизде бир болушсун. Мени Сен жибергендигиңе дүйнө ишенсин.

22 Алар да Биз сыяктуу бир болушу үчүн, Мага берген даңкыңды аларга бердим.

23 Алардын ортосунда толук биримдик болушу үчүн, Сен Менин ичимде болгондой, Мен алардын ичинде болоюн. Мени Сен жибергендигиңди, Мени кандай сүйсөң, аларды да ошондой сүйөрүңдү дүйнө билсин.

24 Ата! Сенин Мага бергендериң да Мен болгон жерде Мени менен бирге болушун жана Мага берген даңкыңды көрүшүн каалайм. Анткени Сен Мени дүйнө жаратыла электе эле сүйчүсүң.

25 Оо, адилеттүү Ата! Бул дүйнө Сени тааныган жок, бирок Мен Сени тааныйм. Ал эми булар Мени Сен жибергендигиңди түшүнүштү.

26 Сенин Мага болгон сүйүүң алардын ичинде болушу үчүн, Мен алардын ичинде болушум үчүн, Мен Сенин ысымыңды аларга ачып бердим жана ачып бере берем».

**18-БӨЛҮМ**

**Ыйса Гетсемани багында**

1 Ыйса ушул сөздөрдү айткандан кийин, шакирттери менен ал жерден чыгып, Кидрон суусунун наркы өйүзүнө өттү. Ал жерде бир бак бар эле. Ыйса шакирттери менен ошол бакка кирди.

**Жүйүттүн чыккынчылыгы**

2 Ыйса ал жерде шакирттери менен тез-тез чогулуп тургандыктан, Ага чыккынчылык кылган Жүйүт да ал жерди билчү.

3 Ал бир топ аскерди жана башкы ыйык кызмат кылуучулар менен фарисейлердин кызматчыларын ээрчитип келип калды. Алардын колунда шамана, чырак жана курал бар эле.

4 Өзүн эмне күтүп турганын толук билген Ыйса алардан: «Кимди издеп жүрөсүңөр?» – деп сурады.

5 Алар Ага: «Назареттик Ыйсаны!» – деп жооп беришти. Ошондо Ыйса аларга: «Менмин», – деди. Чыккынчы Жүйүт да алар менен турган эле.

6 Ыйса аларга: «Менмин», – дегенде, алар артка кетенчиктеп, жерге жыгылышты.

7 Ыйса алардан дагы бир жолу: «Кимди издеп жүрөсүңөр?» – деп сурады. «Назареттик Ыйсаны», – деп жооп беришти алар.

8 Ыйса аларга: «“Менмин”, – деп, Мен силерге айттым. Эгерде Мени издеп жүрсөңөр, буларды коё бергиле, кете беришсин», – деди.

9 Анын «Мага бергендериңдин эч кимиси өлгөн жок» деген сөзү аткарылышы үчүн ушундай болду.

10 Ошондо Шымон Петир кылычын кынынан сууруп алып, башкы ыйык кызмат кылуучунун кулунун оң кулагын шылый чапты. Кулдун аты Малкос эле.

11 Бирок Ыйса Петирге: «Кылычыңды кынына сал! Атам берген чөйчөктөн ичпей коймок белем?» – деди.

**Ыйса башкы ыйык кызмат кылуучулардын алдында. Петирдин Ыйсадан баш тартуусу**

12 Миң башы менен аскерлер жана жүйүт башчыларынын кызматчылары Ыйсаны кармап алып, байлашты да,

13 адегенде Анаска алып барышты. Ал ошол жылы башкы ыйык кызмат кылуучу болуп турган Кайапанын кайнатасы эле.

14 «Эл үчүн бир адамдын өлгөнү жакшы», – деп, жүйүт башчыларына кеңеш берген ошол Кайапа эле.

15 Шымон Петир менен дагы бир шакирт Ыйсанын артынан бара жатышты. Ал шакирт башкы ыйык кызмат кылуучунун тааныш болгондуктан, анын короосуна Ыйса менен бирге кирди.

16 Петир болсо дарбазанын сыртында калды. Башкы ыйык кызмат кылуучунун тааныш болгон жанагы шакирт сыртка чыгып, дарбазачы күң менен сүйлөшүп, Петирди да киргизди.

17 Дарбазачы күң Петирден: «Сен да Ушул Адамдын шакирттеринен эмессиңби?» – деп сурады. Петир ага: «Жок», – деп жооп берди.

18 Күн суук болгондуктан, кулдар менен кызматчылар от жагып алып, отту тегеректеп жылынып турушту. Петир да алардын жанында жылынып турду.

19 Башкы ыйык кызмат кылуучу болсо Ыйсадан шакирттери жана окутуусу жөнүндө сурады.

20 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Мен жүйүттөр ар дайым чогулган жерде, синагогаларда жана ийбадатканада элди окутуп жүрдүм. Элге ачык сүйлөдүм, жашыруун сүйлөгөн жокмун.

21 Эмне үчүн Менден сурап жатасың? Менин эмне жөнүндө сүйлөп жүргөнүмдү уккандардан сура. Алар Менин эмне жөнүндө сүйлөгөнүмдү билишет».

22 Ыйса ушинтип айтканда, ошол жерде турган кызматчылардын бири Аны жаакка чаап жиберди да: «Башкы ыйык кызмат кылуучуга да ушинтип жооп бересиңби?» – деди.

23 Ошондо Ыйса ага: «Эгерде туура эмес айтсам, туура эмес экенин көрсөт. Эгерде айтканым туура болсо, Мени эмнеге уруп жатасың?» – деди.

24 Ушундан кийин Анас Ыйсаны байлануу бойдон башкы ыйык кызмат кылуучу Кайапага жиберди.

25 Шымон Петир болсо дагы эле отко жылынып турган. Ошол учурда андан: «Сен да Анын шакирттеринен эмессиңби?» – деп сурашты. Ал болсо: «Жок», – деп танып койду.

26 Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучунун кулдарынын бири, Петир кулагын шылый чапкан кулдун тууганы: «Мен сени бактан, Анын жанынан көргөндөй болуп жатам», – деди.

27 Петир дагы танып койду. Ошол учурда короз кыйкырды.

**Ыйса Пилаттын алдында**

28 Эртеси таң заардан жүйүт башчылары Ыйсаны Кайапаныкынан Пилаттын ак сарайына алып келишти, бирок өздөрү киришкен жок. Анткени алар таза эмес болуп эсептелип, Пасах тамагын жей албай калышмак.

29 Пилат чыгып, алардан: «Бул Адамга кандай айып коюп жатасыңар?» – деп сурады.

30 «Эгерде жамандык кылбаса, Аны сенин алдыңа алып келмек эмеспиз», – деп жооп беришти алар.

31 Ошондо Пилат аларга: «Аны алып кеткиле да, өз мыйзамыңар боюнча соттой бергиле», – деди. Жүйүт башчылары ага: «Бирөөнү өлүм жазасына тартууга бизге тыюу салынган», – дешти.

32 Өзүнүн кандай өлүм менен өлөрүн алдын ала айткан Ыйсанын сөзү аткарылышы үчүн ушундай болду.

33 Пилат ак сарайга кайра кирип, Ыйсаны чакыртып алды да: «Сен жүйүттөрдүн Падышасысыңбы?» – деп сурады.

34 Ыйса ага: «Муну сен өзүң айтып жатасыңбы же Мен жөнүндө сага бирөө айттыбы?» – деди.

35 Пилат ага: «Мен, эмне, жүйүт белем! Сени мага Өз элиң жана башкы ыйык кызмат кылуучулар алып келишти. Эмне кылдың эле?» – деди.

36 Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Менин Падышачылыгым бул дүйнөдөн эмес. Эгерде Менин Падышачылыгым бул дүйнөдөн болсо, анда кызматчыларым Мени жүйүттөрдүн колуна түшүрбөө үчүн күрөшүшмөк. Менин Падышачылыгым бул дүйнөдөн эмес».

37 Ошондо Пилат Ага: «Демек, Сен Падыша экенсиң да?» – деди. Ыйса ага: «Өзүң айтып жатасың. Мен Падышамын. Мен чындык жөнүндө күбөлөндүрүү үчүн төрөлгөм жана ошол үчүн бул дүйнөгө келгем. Ким чындык тарапта болсо, ал Менин үнүмдү угат», – деди.

38 Пилат Андан: «Чындык деген эмне?» – деп сурады да, кайра чыгып, элге мындай деди: «Мен Андан эч кандай айып тапкан жокмун.

**Ыйса жана Барабба**

39 Силердин салтыңар боюнча Пасах майрамы сайын бир туткунду бошотуп берчү эмес белем. Каалайсыңарбы, мен силерге жүйүт Падышасын бошотуп берейин?»

40 Ошондо алар: «Аны эмес, Бараббаны!» – деп кыйкырышты. Барабба болсо кылмышкер эле.

**19-БӨЛҮМ**

**Ыйсага тикенек таажы кийгизүү**

1 Ушундан кийин Пилат Ыйсаны камчы менен сабаттырды.

2 Аскерлер тикенектен таажы өрүп, Ыйсанын башына кийгизишти да, үстүнө кочкул кызыл түстөгү чапан жабышты.

3 Анан алар: «Салам, жүйүт Падышасы!» – деп, Аны жаакка чапкылашты.

**Пилат жана Ыйса эл алдында**

4 Пилат кайра сыртка чыгып: «Аны силердин алдыңарга алып чыгам. Бирок билип койгула, мен Андан эч кандай күнөө тапкан жокмун», – деди.

5 Ошондо башына тикенек таажы, үстүнө кочкул кызыл чапан кийген Ыйса сыртка чыкты. Пилат аларга: «Мына, Ал Адам!» – деди.

6 Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен алардын кызматчылары Ыйсаны көрүшкөндө: «Аны айкаш жыгачка када! Айкаш жыгачка када!» – деп кыйкырышты. Пилат аларга: «Алып кеткиле да, өзүңөр кадагыла! Мен Андан эч кандай күнөө тапкан жокмун!» – деди.

7 Жүйүт башчылары ага мындай деп жооп беришти: «Бизде мыйзам бар, ошол мыйзам боюнча Ал өлүүгө тийиш. Анткени Ал Өзүн Кудайдын Уулумун деп айтып жатат».

8 Пилат бул сөздү укканда, мурункудан да катуу коркуп кетти.

9 Кайра ак сарайга кирип, Ыйсадан: «Кайсы жерденсиң?» – деп сурады. Бирок Ыйса ага жооп берген жок.

10 Ошондо Пилат ага: «Мага жооп бергиң келбейби? Сени айкаш жыгачка кадатуу да, бошотуп жиберүү да менин колумда экенин билбейсиңби?» – деди.

11 Ыйса ага: «Асмандан берилбесе, Менин үстүмдөн эч кандай бийлик кыла алмак эмессиң. Ошондуктан Мени сенин колуңа салып берген адамдын күнөөсү көбүрөөк», – деп жооп берди.

12 Ошол убакыттан тартып, Пилат Ыйсаны бошотуунун жолун издей баштады. Бирок жүйүттөр: «Эгерде Аны бошотуп жиберсең, анда сен Рим падышасынын досу эмессиң! Өзүн падыша эсептеген адам Рим падышасына каршы», – деп кыйкырышты.

13 Пилат бул сөздү укканда, Ыйсаны сыртка чыгартты. Анан ал грекче «Литостротон», эврейче «Габбата» деп аталган аянттагы сот тагына отурду. Бул «Таш аянт» деп которулат.

14 Ошол күн Пасах майрамынын алдындагы жума күн эле. Алтынчы саат чамасы болчу. Пилат жүйүттөргө: «Мына, силердин Падышаңар!» – деди.

15 Бирок алар: «Жогот, жогот Аны! Айкаш жыгачка када!» – деп кыйкырышты. Пилат алардан: «Падышаңарды айкаш жыгачка кадайынбы?» – деп сурады. Башкы ыйык кызмат кылуучулар ага: «Рим падышасынан башка падышабыз жок», – деп жооп беришти.

**Ыйсанын айкаш жыгачка кадалышы жана өлүшү**

16 Акырында Пилат Ыйсаны айкаш жыгачка кадатуу үчүн, алардын колуна салып берди. Алар Ыйсаны алып кетишти.

17 Ыйса Өзүнүн айкаш жыгачын көтөрүп, «Баш сөөгү» деп аталган жерге жөнөдү. Бул жердин эврейче аталышы – Голгофа.

18 Аны ошол жерде айкаш жыгачка кадашты. Ыйсанын эки жагына дагы эки адам айкаш жыгачка кадалды.

19 Пилат тактайча жасаттырып, анын бетине: «Назареттик Ыйса – жүйүттөрдүн Падышасы», – деп жаздырды да, айкаш жыгачтын өйдө жагына илдирип койду.

20 Бул жазууну жүйүттөрдүн көпчүлүгү окушту, анткени Ыйса айкаш жыгачка кадалган жер Иерусалим шаарынан алыс эмес болчу. Жазуу эврей, латын жана грек тилдеринде жазылган эле.

21 Жүйүттөрдүн башкы ыйык кызмат кылуучулары болсо Пилатка мындай дешти: «“Жүйүттөрдүн Падышасы” деп эмес, “Ал: "Мен жүйүттөрдүн Падышасымын", – деди” деп жаз».

22 Пилат аларга: «Болду, жазарымды жаздым», – деп жооп берди.

23 Аскерлер болсо Ыйсаны айкаш жыгачка кадагандан кийин, Анын кийимин бөлүп алышты. Анын кийимин төрт аскер бөлүп алды. Анын узун көйнөгүн да алышты. Ал тигилген эмес, токулган көйнөк эле.

24 Ошондуктан алар бири-бирине: «Муну айрыбай, өкчөмө таш ыргытып, кимге тиерин билели», – дешти. Ыйык Жазуудагы «Менин көйнөгүмдү өз ара бөлүп алышты, Менин кийимим үчүн өкчөмө таш ыргытышты» деген сөз аткарылышы үчүн ушундай болду. Аскерлер ушундай кылышты.

25 Ыйса кадалган айкаш жыгачтын жанында Анын энеси, таежеси, Клеопанын аялы Мариям жана магдалалык Мариям карап турушкан эле.

26 Ыйса энесин жана анын жанында турган сүйүктүү шакиртин көргөндө: «Аял! Бул сенин уулуң!» – деди.

27 Андан кийин шакиртине: «Бул эми сенин энең болсун!» – деди. Ошол убакыттан баштап, ошол шакирти Ыйсанын энесин колуна алды.

28 Ошондон кийин Ыйса баары аткарылганын билип: «Суусадым», – деди. Ыйык Жазуудагы сөздүн аткарылышы үчүн ушундай болду.

29 Ошол жерде ачуу ичимдик куюлган бир идиш турган эле. Аскерлер ага соргучту малып, аны иссоп бутагына байлап, Ыйсанын оозуна такашты.

30 Ыйса аны таткандан кийин: «Аткарылды!» – деди. Анан Анын башы шылк дей түштү. Ошентип, Ал жан берди.

31 Ал күн жума күн болгондуктан, жүйүттөр алардын ишембиге чейин айкаш жыгачта калышын каалашкан жок. Ошондуктан алар Пилатка барып, алардын буттарын сындырып, өздөрүн жыгачтан түшүртүп салуусун суранышты. Анткени ал ишемби күн улуу күн эле.

32 Ошентип, аскерлер келишти да, Ыйсанын жанына кадалган эки адамдын буттарын сындырышты.

33 Ыйсанын жанына келип, Анын өлүп калганын көрүшкөндө, Анын бутун сындырышкан жок.

34 Бирок аскерлердин бири Ыйсаны найза менен кабыргага сайды. Ошол замат кан менен суу акты.

35 Муну өз көзү менен көргөн адам күбөлөндүрүп жатат жана анын күбөлөндүрүүсү чындык. Ал өзүнүн чындыкты айтып жатканын билет. Ал силердин да ишенип калышыңар үчүн күбөлөндүрүп жатат.

36 Ыйык Жазуудагы «Анын сөөгү сындырылбасын» деген сөздүн аткарылышы үчүн ушундай болду.

37 Ыйык Жазуунун дагы бир жеринде: «Алар өздөрү найза менен сайган Адамды көрүшөт», – деп жазылган.

**Ыйсанын көргө коюлушу**

38 Андан кийин ариматаялык Жусуп Пилаттан Ыйсанын сөөгүн айкаш жыгачтан түшүрүп алууга уруксат сурады. Ал Ыйсанын шакирти эле, бирок жүйүттөрдөн корккондуктан, ишенгенин жашырып жүрчү. Пилат уруксат берди. Жусуп барып, сөөктү түшүрүп алды.

39 Бир жолу Ыйсага түн жамынып келип кеткен Никедим да ушул жерге келди. Ал жыпар жыттуу смирна майы менен алой чайырынын аралашмасынан жүз фунттай ала келди.

40 Алар жүйүттөрдүн сөөк коюу салты боюнча Ыйсанын сөөгүн жыпар жыттуу май менен майлап, кепиндешти.

41 Ыйса айкаш жыгачка кадалган жерде бир бак бар эле. Ал бакта эч ким коюла элек бир мүрзө бар болчу.

42 Ал күн жүйүттөрдүн жума күнү болгондуктан, анын үстүнө, мүрзө жакын болгондуктан, алар Ыйсанын сөөгүн ошол мүрзөгө коюшту.

**20-БӨЛҮМ**

**Ыйсанын тирилиши**

1 Жуманын биринчи күнү эртең менен эрте, жарык кире электе магдалалык Мариям мүрзөгө келип, анын оозундагы таштын жылдырылып калганын көрдү.

2 Ошондо ал Шымон Петирге жана Ыйсанын сүйгөн шакиртине жүгүрүп барып: «Теңирибизди мүрзөдөн алып кетишиптир! Аны кайсы жерге коюшканын билбейбиз», – деди.

3 Петир менен ошол шакирт дароо мүрзөгө бет алышты.

4 Экөө тең чуркап бара жатышты. Тиги шакирт Петирге караганда батыраак чуркап, мүрзөгө биринчи жетти.

5 Ал мүрзөнүн ичин эңкейип карап, кепинди көрдү, бирок мүрзөгө кирген жок.

6 Анын артынан Шымон Петир жетип келип, мүрзөгө кирди.

7 Ал кепинди жана Ыйсанын башын орогон орогучту гана көрдү, бирок орогуч кепин менен бирге эмес, оролуу боюнча бөлөк жаткан эле.

8 Анан биринчи келген шакирт да мүрзөгө кирди. Ал көрүп, ишенди.

9 Анткени алар Ыйсанын тирилиши керектиги жөнүндө айтылган Ыйык Жазуудагы сөздөрдү түшүнүшө элек болчу.

10 Анан шакирттер үйлөрүнө кайтышты.

**Тирилгенден кийин Ыйсанын Мариямга көрүнүшү**

11 Мариям болсо мүрзөнүн жанында ыйлап турду. Ал ыйлап жатып, мүрзөнүн ичин эңкейип карап,

12 ак кийимчен эки периштени көрдү. Бирөө Ыйсанын сөөгү коюлган жердин баш жагында, экинчиси аяк жагында отурган экен.

13 Алар Мариямдан: «Аял, эмнеге ыйлап жатасың?» – деп сурашты. «Теңиримди алып кетишиптир, Аны кайсы жерге коюшканын билбейм», – деп жооп берди ал периштелерге.

14 Ушинтип айткандан кийин, ал артына бурулуп, туруп турган Ыйсаны көрдү, бирок Аны тааныган жок.

15 Ыйса андан: «Аял, эмнеге ыйлап жатасың? Кимди издеп жүрөсүң?» – деп сурады. Мариям Аны бакчы экен деп ойлоп: «Мырза, эгерде Анын сөөгүн сен алып кеткен болсоң, кайсы жерге койгонуңду айтчы, алып келейин», – деди.

16 Ошондо Ыйса ага: «Мариям», – деди. Мариям Ыйсага бурулуп: «Устат!» – деди.

17 Ыйса ага: «Мага колуңду тийгизбе, анткени Мен али Атама көтөрүлүп кете элекмин. Бир туугандарыма барып, Менин Өз Атама – силердин да Атаңарга, Менин Өз Кудайыма – силердин да Кудайыңарга көтөрүлүп кетеримди айт!» – деди.

18 Магдалалык Мариям шакирттерге барып, Теңирди көргөнүн жана Анын ушул сөздөрдү айтканын айтып берди.

**Ыйсанын тирилгенден кийин шакирттерине көрүнүшү**

19 Ошол эле күнү кечинде, жуманын биринчи күнү, Ыйсанын шакирттери бир үйгө чогулуп, жүйүттөрдөн корккондуктан, эшиктерин бекитип алып отурушкан эле. Ошол учурда Ыйса келип, алардын ортосуна турду да: «Силерге тынчтык болсун!» – деди.

20 Ушинтип айткандан кийин, Ыйса аларга Өзүнүн колдорун, буттарын жана кабыргаларын көрсөттү. Шакирттер Теңирди көрүп кубанышты.

21 Ыйса аларга дагы бир жолу: «Силерге тынчтык болсун! – деп айтты да, – Атам Мени жиберген сыяктуу, Мен да силерди жиберем», – деди.

22 Ушуну айткандан кийин, Ал шакирттерине демин үйлөп: «Ыйык Рухту кабыл алгыла!

23 Кимдин күнөөлөрүн кечирсеңер, ал кечирилет, ал эми кимдин күнөөлөрүн кечирбесеңер, ал кечирилбейт», – деди.

24 Он эки шакирттин бири, Эгиз деген да ысымы бар Томас Ыйса келген учурда алардын арасында жок эле.

25 Шакирттер ага: «Биз Теңирди көрдүк», – дешти. Бирок ал: «Мен Анын колдорундагы мыктын тагын көрмөйүнчө, мыктын тагы калган жерине жана кабыргаларына колумду тийгизип көрмөйүнчө ишенбейм», – деди.

**Ыйса жана Томас**

26 Сегиз күндөн кийин Ыйсанын шакирттери ошол үйгө дагы чогулушту, алардын арасында Томас да бар эле. Эшик бекитилүү болчу, бирок Ыйса келип, алардын ортосуна турду да: «Силерге тынчтык болсун!» – деди.

27 Андан кийин Томаска кайрылып: «Менин колдорум менен кабыргаларыма колуңду тийгизип көр да, ишенбеген адам болбой, ишенген адам бол!» – деди.

28 Томас Ага: «Теңирим менин! Кудайым менин!» – деп жооп берди.

29 Ыйса ага: «Сен Мени көргөндөн кийин ишенип жатасың, көрбөй ишенгендер бактылуу», – деди.

30 Ыйса шакирттеринин көз алдында көптөгөн кереметтерди көрсөттү, бирок бул китепке алардын баары жазылган жок.

31 Булар болсо Ыйсанын Кудайдын Уулу, Машайак экенине ишенишиңер үчүн жана ишенип, Анын ысымы аркылуу өмүргө ээ болушуңар үчүн жазылды.

**21-БӨЛҮМ**

**Ыйса Тиберия көлүнүн жанында**

1 Андан кийин Ыйса Тиберия көлүнүн жээгинде шакирттерине дагы бир жолу көрүндү. Бул мындайча болду:

2 Шымон Петир, Томас-Эгиз, Галилеянын Каана шаарынан болгон Натанаел, Зебедейдин уулдары жана дагы эки шакирт чогуу жүрүшкөн эле.

3 Шымон Петир аларга: «Мен балык кармаганы барам», – деди. Алар ага: «Биз да сени менен барабыз», – дешти да, барып, кайыкка түшүштү. Бирок ал түнү алар эч нерсе кармай алышкан жок.

4 Таң атып калганда, Ыйса жээкте турган эле. Шакирттери болсо Анын Ыйса экенин билишкен жок.

5 Ыйса алардан: «Балдар, балыгыңар барбы?» – деп сурады. Алар Ага: «Жок», – деп жооп беришти.

6 Ыйса аларга: «Торду кайыктын оң жагынан салгыла, ошондо кармайсыңар», – деди. Алар торун салышты да, түшкөн балыктын көптүгүнөн торду кайра тартып чыгара албай калышты.

7 Ошондо Ыйсанын сүйгөн шакирти Петирге: «Бул Теңирибиз», – деди. Шымон Петир Анын Теңир экенин укканда, кийимин кие калып (анткени ал жылаңач эле), сууга секирди.

8 Калган шакирттер балыкка толгон торду сүйрөп, жээкке сүзүп келишти. Анткени алар жээктен анча алыс эмес жерде жүрүшкөн. Алар менен жээктин ортосундагы аралык эки жүз чыканактай эле.

9 Жээкке чыгышканда, жагылган оттун чогун жана анын үстүндөгү балык менен нанды көрүштү.

10 Ыйса аларга: «Азыр кармаган балыгыңардан алып келгиле!» – деди.

11 Шымон Петир барып, чоң-чоң балыктарга толгон торду жээкке тартып чыгарды. Тордо жүз элүү үч балык бар экен. Балыктын көптүгүнө карабастан, тор айрылбаптыр.

12 Ыйса аларга: «Келип, тамактанып алгыла!» – деди. Шакирттердин эч кимиси: «Сен кимсиң?» – деп суроого батынышкан жок. Анткени алар Анын Теңир экенин билишти.

13 Ыйса басып келип, аларга нанды жана балыкты берди.

14 Бул Ыйсанын тирилгенден кийин шакирттерине үчүнчү жолку көрүнүшү эле.

**Теңирдин Петирге тапшырма берүүсү**

15 Алар тамактанып бүтүшкөндөн кийин, Ыйса Шымон Петирден: «Жунус уулу Шымон, сен Мени буларга караганда көбүрөөк сүйөсүңбү?» – деп сурады. «Ооба, Теңир, Сени сүйөрүмдү Өзүң билесиң», – деп жооп берди Петир. Ошондо Ыйса ага: «Козуларымды кайтар!» – деди.

16 Ыйса андан экинчи ирет: «Жунус уулу Шымон, сен Мени сүйөсүңбү?» – деп сурады. «Ооба, Теңир, Сени сүйөрүмдү Өзүң билесиң», – деп жооп берди Петир. Ошондо Ыйса ага: «Койлорумду кайтар!» – деди.

17 Ыйса андан үчүнчү ирет: «Жунус уулу Шымон, сен Мени сүйөсүңбү?» – деп сурады. «Сен Мени сүйөсүңбү?» деп, Ыйса үчүнчү ирет сурагандыктан, Петир капа болуп: «Теңир, Сен баарын билесиң, Сени сүйөрүмдү да билесиң», – деди. Ошондо Ыйса ага мындай деди: «Койлорумду кайтар!

18 Чындыкты, сага чындыкты айтып коёюн, сен жаш кезиңде белиңди өзүң бууп, каалаган жагыңа барчусуң. Карыганыңда колуңду сунуп бересиң, сени башка бирөө байлайт да, каалабаган жагыңа алып барат».

19 Ыйса бул сөздөрдү Петир өз өлүмү менен Кудайды даңктарын билдирүү үчүн айтты. Ушул сөздү айткандан кийин, Ал ага: «Менин артымдан ээрчи», – деди.

20 Петир артын карап, Ыйса сүйгөн шакирттин ээрчип келе жатканын көрдү. Ал кечки тамак убагында Ыйсанын төшүнө башын коюп, «Теңир, Сага чыккынчылык кыла турган ким?» деп сураган шакирт эле.

21 Петир ошол шакиртти көргөндө: «Теңир, ал эми булчу?» – деди.

22 Ыйса ага: «Кааласам, Мен келгенге чейин, ал тирүү болот, сенин ишиң эмне? Мени ээрчи», – деди.

23 Ошондон кийин бир туугандар арасында «Бул шакирт өлбөйт» деген сөз тарап кетти. Бирок Ыйса Петирге аны өлбөйт деп эмес, «Кааласам, Мен келгенче, ал ушул жерде болот, аны менен сенин ишиң эмне?» – деп айткан эле.

24 Ушулардын баарын ошол шакирт жазып алып, күбөлөндүрүп жатат. Биз анын күбөлөндүрүүсү чындык экенин билебиз.

25 Ыйса булардан башка дагы көптөгөн иштерди кылган. Эгерде алардын баарын жазып чыга турган болсо, жазылган китептер бул дүйнөгө батмак эмес деп ойлойм. Оомийин.

## ЫЙЫК ЭЛЧИЛЕРДИН ИШТЕРИ

### 1-БӨЛҮМ

**Кириш сөз**

1 Теопил, Ыйса Өзү тандаган элчилерге Ыйык Рух аркылуу буйрук бергенден кийин,

2 асманга алынып кеткен күнүнө чейин, башынан баштап эмнени жасаса, эмнени үйрөтсө, ошонун баарын мен сага биринчи китепте жазгам.

**Кудай убада кылган Ыйык Рух**

3 Азап тартып өлгөндөн кийин, кырк күн ичинде Ыйса аларга көрүнүп, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө айтып, Өзүнүн тирүү экендигин көптөгөн далилдер аркылуу көрсөттү.

4 Анан Ыйса аларды чогултуп, мындай буйрук берди: «Иерусалимден кетпегиле, Атанын убадасын, Менден эмнени уксаңар, ошону күткүлө.

5 Анткени Жакан сууга чөмүлдүргөн, ал эми силер бир аз күндөн кийин, Ыйык Рухка чөмүлдүрүлөсүңөр».

**Ыйсанын асманга көтөрүлүп кетүүсү**

6 Ошондуктан алар бир жерге чогулушканда, Ыйсадан: «Теңир, Сен Ысрайыл элинин падышачылыгын ушул убакытта калыбына келтиресиңби?» – деп сурашты.

7 Ыйса болсо аларга мындай деп жооп берди: «Атанын Өз бийлиги менен белгилеген убакыттарын, мөөнөттөрүн билүүнүн силерге кереги жок.

8 Бирок үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин, күч аласыңар да, Иерусалимде, бүт Жүйүт аймагында, Самарияда, атүгүл, бүт дүйнө жүзүндө Менин күбөлөрүм болосуңар».

9 Ыйса бул сөздөрдү айткандан кийин, алардын көз алдында асманга көтөрүлүп кетти, булут Аны алардын көз алдынан алып кетти.

10 Алар асманга көтөрүлүп бара жаткан Ыйсаны карап турушканда, күтүлбөгөн жерден алардын алдына ак кийим кийген эки адам пайда болуп, мындай дешти:

11 «Галилеялык эркектер! Асманды эмне карап турасыңар? Силердин жаныңардан асманга көтөрүлүп кеткен бул Ыйса, өзүңөр көргөндөй, асманга кандай көтөрүлүп кетсе, ошондой эле кайра келет».

**Матийдин тандалып алынышы**

12 Ошондон кийин алар Зайтун тоосунан Иерусалимге кайтып келишти. Ал тоо менен Иерусалимдин ортосундагы аралык бир ишемби күндүк жол эле.

13 Шаарга келишкенден кийин, Петир, Жакып, Жакан, Андрей, Филип, Томас, Барталамей, Матай, Алпейдин уулу Жакып, Зилот Шымон жана Жакыптын уулу Жүйүт өздөрү чогулуп жүргөн үйдүн үстүнкү бөлмөсүнө чыгышты.

14 Булар бир топ аялдар менен, Ыйсанын энеси Мариям менен жана Анын бир туугандары менен чогуу, бир тилек менен сыйынып жүрүштү.

15 Ошол күндөрдүн биринде, жүз жыйырмага жакын киши чогулган жыйналышта Петир шакирттердин ортосуна чыгып, мындай деди:

16 «Бир туугандар! Ыйсаны кармап кеткени келгендерге жол көрсөткөн Жүйүт туурасында Ыйык Рухтун Дөөт аркылуу Ыйык Жазууда алдын ала айткан сөзү орундалууга тийиш болчу.

17 Жүйүт да биз сыяктуу эле элчилик кызматка тандалып алынган эле.

18 Бирок ал адилетсиздик менен тапкан акчасына жер сатып алды. Ал башы менен жерге кулап түшкөндө, курсагы жарылып, бүт ичеги-карыны чубалып түшүп калды.

19 Бул окуя Иерусалим тургундарынын бардыгына маалым болду, ошондуктан ал жер алардын эне тилинде “Акелдама” деп аталып калды. Эврей тилиндеги бул сөз “кандуу жер” деп которулат.

20 Анткени Забурда: “Анын үй-жайы ээн калсын, анда эч ким жашабасын” жана “Анын кызматын башка бирөө алсын”, – деп жазылган.

21-22 Ошондуктан бизге бир адам кошулуп, Ыйсанын өлүп, кайра тирилгенин биз менен бирге күбөлөндүрүүсү керек. Ал адам Теңир Ыйса биздин арабызда жүргөн убакта, башкача айтканда, Жакан сууга чөмүлдүрө баштаган күндөн тартып, Ыйса биздин арабыздан асманга көтөрүлүп кеткен күнгө чейин биз менен чогуу жүргөндөрдүн бири болуусу керек».

23 Ошондо алар эки кишини: Жуст деген да, Барзаба деген да ысымы бар Жусупту жана Матийди алдыга чыгарып,

24 мындай деп сыйынышты: «Теңир, Сен ар бир адамдын жүрөгүндөгүсүн билесиң.

25 Бул эки адамдын кимисин тандаганыңды, бул элчилик кызматка экөөнүн кимиси дайындалуусу керектигин көрсөтүп бер. Анткени Жүйүт бул кызматты таштап, өзүнө тиешелүү жерге кетти».

26 Андан кийин алар өкчөмө таш ыргытышты. Өкчөмө таш Матийге түштү. Ошентип, ал он бир элчинин катарына кошулду.

**2-БӨЛҮМ**

**Ыйык Рухтун түшүүсү**

1 Элүүнчү күн майрамында алардын бардыгы бир жерге чогулушту.

2 Бир маалда асмандан катуу шамалдын добушундай болгон добуш чыгып, алар отурган үйдүн ичин толтурду.

3 Анан жалындай болгон тилдер бөлүнүп-бөлүнүп, алардын ар биринин үстүнө түштү.

4 Ошондо бардыгы Ыйык Рухка толуп, Рух берген тилге жараша ар кандай тилдерде сүйлөй баштады.

5 Ошол убакта Иерусалимде бүт дүйнө жүзүнөн келген динчил жүйүттөр бар эле.

6 Бул добушту уккан адамдар чогулуп, дүрбөлөңгө түшүштү. Анткени шакирттер ошол адамдардын ар биринин тилинде сүйлөп жатышкан эле.

7 Бардыгы айран-таң калып, өз ара мындай деп сүйлөшүп жатышты: «Сүйлөп жаткан бул адамдардын бардыгы галилеялыктар эмеспи?

8 Булар кандайча ар бирибиздин эне тилибизде сүйлөп жатышат?

9 Биз, парфтыктар, мадайлыктар, эйламдыктар жана Месопотамия, Жүйүт, Кападокия, Понт жана Асия тургундары,

10 Фригия, Памфилия, Мисир жана Киренея тараптагы Ливия аймагынын тургундары, Римден келгендер, жүйүттөр жана прозелиттер,

11 криттиктер жана аравиялыктар, өз тилибизде алардын Кудайдын улуу иштери жөнүндө айтып жаткандарын угуп жатабыз».

12 Бардыгы аң-таң болуп, эмне дешерин билбей, бири-биринен: «Бул эмнеси?» – деп сурап жатышты.

13 Ал эми кээ бирөөлөрү: «Алар таттуу шарап ичип, мас болуп алышса керек», – деп шылдыңдап жатышты.

**Петирдин сөзү**

14 Ошондо он бир элчинин жанында турган Петир үнүн көтөрүңкү чыгарып, аларга мындай деди: «Жүйүт эркектери жана Иерусалим тургундары! Бул жөнүндө силерге айтып берейин, сөзүмө кулак салгыла.

15 Алар, силер ойлоп турганыңардай, мас эмес, себеби азыр күндүзгү үчүнчү саат эле болду.

16 Бул жөнүндө Жоел пайгамбар алдын ала мындай деп айткан:

17 “Акыркы күндөрдө мындай болот, – дейт Кудай, – Мен ар бир адамдын үстүнө Өз Рухумду төгөм, ошондо уулдарыңар менен кыздарыңар пайгамбарчылык кылышат, жаш балдарыңар көрүнүш, карыяларыңар түш көрүшөт.

18 Ошол күндөрдө Мен кулдарымдын үстүнө да, күңдөрүмдүн үстүнө да Өзүмдүн Рухумду төгөм, ошондо алар пайгамбарчылык кылышат.

19 Асманда кереметтерди, жер үстүндө жышаандарды көрсөтөм, алар: кан, от жана түтүн.

20 Теңирдин улуу жана коркунучтуу күнү келердин алдында күн караңгылайт, ай кандын өңүндөй болуп кызарат.

21 Ошондо мындай болот: Теңирдин ысымын чакырган ар бир адам куткарылат”.

22 Ысрайыл эркектери! Сөзүмө кулак салгыла: силер назареттик Ыйсаны мыйзамсыздардын колу менен айкаш жыгачка кадап өлтүрдүңөр. Бирок Ал силердин колуңарга Кудайдын чечими жана алдын ала көрө билүүсү боюнча салынып берилген.

23 Өзүңөр билесиңер, Кудай Ошол Адам аркылуу силердин араңарда кудуреттүү иштерди, кереметтерди жана жышаандарды көрсөтүп, силерге Ал жөнүндө күбөлөндүргөн эле.

24 Бирок Кудай Аны өлүм кишенинен бошотуп, тирилтти, анткени өлүм Аны кармап тура алган жок.

25 Дөөт Ал жөнүндө мындай деп айткан: “Теңирди мен өзүмдүн алдымдан ар дайым көрүп турдум, анткени Ал менин оң жагымда, мен олку-солку болбойм.

26 Ошондуктан жүрөгүм кубанычка толуп, шаттанып сүйлөйм, атүгүл, денем да үмүт менен тынчтанат,

27 анткени Сен менин жанымды өлгөндөр жаткан жайда калтырбайсың, Өзүңдүн ыйыгыңдын чирүүсүнө жол бербейсиң.

28 Сен мага өмүр жолун таанытып билдирдиң. Сен мени Өзүңдүн алдыңда кубанычка бөлөйсүң".

29 Агайын-туугандар! Силерге түпкү атабыз Дөөт тууралуу тайманбастык менен айтууга уруксат бергиле. Ал өлдү, көргө коюлду, анын мүрзөсү азыр да бар.

30 Ал пайгамбар болгондуктан жана Кудайдын "Сенин тукумуңдан Машайак чыгат, Аны сенин тагыңа отургузам" деген убадасын билгендиктен,

31 Машайактын кайра тирилери жөнүндө: "Анын жаны өлгөндөр жаткан жайда калтырылган жок, Анын денеси чириген жок", – деп, алдын ала айткан.

32 Ошол Ыйсаны Кудай тирилтти, ага биз баарыбыз күбөбүз.

33 Ал Кудайдын оң колу менен асманга көтөрүлүп, Атасы убада кылган Ыйык Рухту алды да, үстүбүзгө төктү. Азыр силер ошону угуп-көрүп турасыңар.

34 Дөөт асманга көтөрүлгөн эмес, бирок ал мындай дейт: "Теңир менин Теңириме:

35 "Мен Сенин душмандарыңды бут алдыңа жыкканга чейин, Менин оң жагыма отур", – деди".

36 Ошондуктан, бүт Ысрайыл эли, так билип алгын: силер айкаш жыгачка кадаган ошол Ыйсаны Кудай Өзү Теңир жана Машайак кылды».

**Биринчи Жыйын**

37 Муну угушканда, алардын жүрөгүнө канжар сайылгандай болду. Ошондо алар Петирден жана башка элчилерден: «Агайын-туугандар! Эми биз эмне кылышыбыз керек?» – деп сурашты.

38 Петир аларга: «Күнөөңөр кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, ар бириңер Ыйса Машайактын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлгүлө, ошондо Кудай силерге Ыйык Рухту белек кылат.

39 Анткени Кудайдын убадасы силерге, силердин балдарыңарга жана алыстагылардын бардыгына, Кудай-Теңирибиз чакырган ар бир адамга тиешелүү», – деп жооп берди.

40 Ал мындан башка дагы көп сөздөр менен күбөлөндүрдү да: «Бул бузулган муундан сактангыла», – деп насаат айтты.

41 Ошондо анын сөзүн чын жүрөктөн кабыл алгандар сууга чөмүлдүрүлүштү. Ошол күнү аларга үч миңге жакын киши кошулду.

42 Алар элчилердин насааттарын угушчу, бири-бири менен баарлашышчу, нан сындырышчу жана сыйынышчу.

43 Ар бир адамда коркунуч бар эле, Иерусалимде элчилер көптөгөн кереметтерди жана жышаандарды көрсөтүп жатышты.

44 Ыйсага ишенгендердин баары чогуу болушчу, бардык нерселерин ортого коюшчу.

45 Бардык мүлктөрү менен жеке менчиктерин сатышып, (акчасын) бардыгына, ар биринин муктаждыгына жараша бөлүп беришчү.

46 Күн сайын ийбадатканада чогуу болушчу, үйлөрдө нан сындырып, кубаныч менен, таза жүрөк менен тамактанышчу,

47 Кудайды даңкташчу. Бүт эл аларга жакшы мамиле кылчу. Теңир болсо Жыйынга куткарылгандарды күн сайын кошуп жатты.

**3-БӨЛҮМ**

**Тубаса аксак адамдын айыгышы**

1 Петир менен Жакан сыйынуу убагында – күндүзгү саат үчтө ийбадатканага кирип бара жатышкан.

2 Тубаса аксак бир адам бар эле. Ийбадатканага кирип бара жаткандардан кайыр сурасын деп, аны күн сайын көтөрүп келишип, ийбадаткананын «Кооз эшик» деп аталган эшигинин алдына отургузуп коюшчу.

3 Ал ийбадатканага кирип бара жаткан Петир менен Жаканды көрүп, алардан кайыр сурады.

4 Петир менен Жакан ага көңүл коюп караштьы. Анан Петир ага: «Бизди карачы», – деди.

5 Ал адам алардан бир нерсе алам деген үмүт менен аларды тиктеп калды.

6 Бирок Петир ага: «Менде алтын-күмүш жок, бирок эмнем бар болсо, ошону сага беремин: назареттик Ыйса Машайактын атынан буйрук кыламын: ордуңдан туруп, бас», – деди.

7 Анан аны оң колунан алып, ордунан турууга жардам берди. Ошол учурда анын таманы менен тизелерине күч кирди.

8 Ал ордунан ыргып туруп, баса баштады. Секирип, Кудайды даңктап, алар менен бирге ийбадатканага кирди.

9 Бүт эл анын басып жүргөнүн жана Кудайды даңктап жатканын көрдү.

10 Алар анын ийбадаткананын «Кооз эшик» деп аталган эшигинин алдында кайыр сурап отурган адам экендигин таанышты. Анын басып жүргөнүн көрүшкөндө, үрөйлөрү учуп, аябай таң калышты.

11 Айыгып калган бул аксак киши Петир менен Жакандын жанынан кетпегендиктен, айран-таң калган бүт эл алардын жанына, «Сулаймандын үйү» деп аталган кире бериш бөлмөгө тез эле чогулуп калды.

**Петирдин сөзү**

12 Петир муну көргөндө, элге кайрылып, мындай деди: «Ысрайыл эркектери! Буга эмне таң калып жатасыңар? Биз аны өзүбүздүн күчүбүз же такыбаалыгыбыз менен бастыргансып, бизди эмне карайсыңар?

13 Ыбрайымдын, Ыскактын жана Жакыптын Кудайы, ата-бабаларыбыздын Кудайы, Өзүнүн Уулу Ыйсаны даңктады. Силер Аны душмандын колуна салып бердиңер, Пилат Аны бошотмокчу болгондо, силер Андан Пилаттын алдында баш тарттыңар.

14 Силер ыйык жана адил Адамдан баш тарттыңар да, киши өлтүргүчтү бошотуп берүүнү талап кылдыңар,

15 ал эми өмүр Башчысын өлтүрдүңөр. Бирок Аны Кудай тирилтти, Анын тирилгенине биз күбөбүз.

16 Өзүнө болгон ишеним үчүн Ал силер көрүп жана таанып турган бул адамга күч берди. Ал берген ишеним менен баарыңардын көз алдыңарда бул адам оорусунан айыкты.

17 Агайын-туугандар, силер да, башчыларыңар да ал ишти билбестиктен кылганыңарды билем.

18 Кудай болсо Өзүнүн бардык пайгамбарлары аркылуу Машайактын азап тартары жөнүндө алдын ала кандай айтса, ошондой ишке ашырды.

19 Ошондуктан күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла.

20 Ошондо силерге Теңирден кубанычтуу мезгилдер келет, Ал силерге алдын ала дайындалган Ыйса Машайакты жиберет.

21 Кудай байыркы замандардан бери Өзүнүн бардык ыйык пайгамбарлары аркылуу эмнени айтып келе жатса, ошонун баары аткарылганга чейин, асман Аны кабыл алышы керек эле.

22 Муса ата-бабаларыбызга мындай деген: “Кудай-Теңириңер силерге бир туугандарыңардын ичинен мен сыяктуу бир Пайгамбарды чыгарат. Анын силерге айткандарынын баарын уккула.

23 Ал Пайгамбарды укпаган ар бир адам эл арасынан жок кылынат”.

24 Бүт пайгамбарлар, Шемуел пайгамбар жана андан кийинки пайгамбарлар, алардын кимиси гана сүйлөбөсүн, бардыгы бул күндөр жөнүндө алдын ала айтышкан.

25 Силер пайгамбарлардын уулдарысыңар жана келишимдин мурасчыларысыңар. Анткени Кудай Ыбрайым пайгамбарга: “Жер үстүндөгү бардык элдер сенин тукумуң аркылуу бата алат”, – деп, силердин ата-бабаларыңар менен келишим түзгөн.

26 Кудай ар бириңерди жаман иштериңерден буруп, силерге бата бериш үчүн, Өзүнүн Уулу Ыйсаны тирилтип, Аны биринчи силерге жиберди».

**4-БӨЛҮМ**

**Биринчи жолку куугунтук**

1 Петир менен Жакан элге сүйлөп жатышканда, ыйык кызмат кылуучулар, ийбадатканадагы күзөт башчылар жана садукейлер алардын жанына келишти.

2 Алар бул экөөнүн элди окутуп, өлгөндөрдүн Ыйса аркылуу тирилерин жарыялап жатышканына ачууланышты.

3 Аларды кармап, эртең мененкиге чейин камап коюшту, анткени кеч кирип калган эле.

4 Бирок сөздү уккандардын көпчүлүгү Ыйсага ишенип калышты. Алардын саны беш миңге жакын эле.

5 Эртеси күнү жүйүттөрдүн башчылары, аксакалдары, мыйзам окутуучулары,

6 башкы ыйык кызмат кылуучу Анас, Кайапа, Жакан жана Искендер, башкы ыйык кызмат кылуучулар уруусундагылардын бардыгы Иерусалимге чогулушту.

7 Алар Петир менен Жаканды ортого чыгарып: «Силер муну кайсы күч менен же кимдин атынан кылдыңар?» – деп сурашты.

8 Ошондо Петир Ыйык Рухка толуп, аларга мындай деди: «Эл башчылары жана Ысрайыл аксакалдары!

9 Эгерде силер бүгүн бизди оорулуу адамга жакшылык кылганыбыз үчүн суракка алып, анын кантип айыкканы жөнүндө сурап жатсаңар,

10 анда бардыгыңар, бүт Ысрайыл эли, билип алгыла: бул адам силер айкаш жыгачка кадаган, бирок Кудай кайра тирилткен назареттик Ыйса Машайактын атынан айыгып, силердин алдыңарда турат.

11 Ыйса – силер, куруучулар, жаратпай койгон, бирок бурчтун негизи болуп коюлган таш.

12 Адамдарды Ыйсадан башка эч ким куткара албайт. Анткени асман астында бизди – адамдарды куткара ала турган башка ысым жок».

13 Алар Петир менен Жакандын тайманбастыгын көрүп, алардын окубаган, жөнөкөй адамдар экендигин билип таң калышты. Алардын Ыйса менен бирге жүргөндүгүн билишти.

14 Бирок айыккан адамдын алардын жанында турганын көрүшүп, каршы сүйлөй алышкан жок.

15 Анан аларга синедриондон чыгып турууну буйрушту да:

16 «Бул адамдарды эмне кылалы? Анткени алар аркылуу улуу керемет көрсөтүлгөндүгү Иерусалимде жашагандардын баарына маалым болду, биз да муну тана албайбыз.

17 Бирок бул мындан ары эл арасында жайылбашы үчүн, аларды коркутуп, бул ысым жөнүндө жарыялоого тыюу салалы», – деп, өз ара кеңешишти.

18 Анан аларды чакырып: «Ыйсанын ысымы жөнүндө таптакыр сүйлөбөгүлө да, окутпагыла», – деп буйрук беришти.

19 Бирок Петир менен Жакан аларга: «Өзүңөр ойлоп көргүлөчү, Кудайды укпай, силерди угуу Кудай алдында туурабы?

20 Биз көргөнүбүз менен укканыбызды айтпай коё албайбыз», – деп жооп беришти.

21 Алар болсо эл тургандыктан, ал экөөнү жазалоонун ыңгайын таба алышпай, аларды дагы бир жолу коркутуп, бошотуп жиберишти. Анткени элдин баары болуп өткөн окуя үчүн Кудайды даңктап жаткан эле.

22 Оорусунан керемет менен айыккан бул адамдын жашы кырктан ашып калган болчу.

**Жыйындын сыйынуусу**

23 Бошотулгандан кийин, алар башка шакирттерге келип, башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдардын айткандарын айтып беришти.

24 Алар болсо муну угушкандан кийин, катуу үн менен: «Асманды, жерди, деңизди жана алардын ичинде эмне болсо, ошонун баарын жараткан Эгедер Кудай!

25 Сен Ыйык Рух аркылуу атабыз Дөөттүн – Өзүңдүн кулуңдун оозу аркылуу: “Бутпарастар эмне үчүн каарданып жатышат? Элдер эмне үчүн ишке ашпай турган нерсени ойлоп жатышат?

26 Дүйнөнүн падышалары каршы көтөрүлүштү, төрөлөр Теңирге жана Анын Машайагына каршы чогулушту”, – деп айткансың.

27 Чын эле, бул шаарда Ирод менен Понтий Пилат бутпарастар менен, Ысрайыл эли менен бирге Өзүң майлаган ыйык Уулуң Ыйсага каршы чогулушту.

28 Алар Сенин күчүң жана чечимиң менен алдын ала белгиленген нерсени орундатыш үчүн чогулушту.

29 Азыр болсо, Теңир, алардын коркутуп жатканын көрүп турасың, Өзүңдүн сөзүңдү тайманбастык менен айтышыбыз үчүн, кулдарыңа кайраттуулук бере көр.

30 Сенин ыйык Уулуң Ыйсанын атынан оорулууларды айыктыруу үчүн, кереметтерди жана жышаандарды көрсөтүү үчүн, Өзүңдүн колуңду суна көр», – деп, Кудайга чогуу сыйынышты.

31 Ушинтип сыйынып бүтүшкөндө, алар чогулган жер солкулдап кетти. Баары Ыйык Рухка толуп, Кудайдын сөзүн тайманбастык менен айта башташты.

**Иерусалимдеги Жыйындын абалы**

32 Ыйсага ишенгендердин көпчүлүгүнүн ой-тилектери бир эле. Эч ким өзүнүн мүлкүн «меники» дечү эмес, алардын бардык нерсеси ортодо болчу.

33 Элчилер болсо Теңир Ыйса Машайактын өлүп, кайра тирилгендигин зор кайраттуулук менен күбөлөндүрүп жатышты. Бардыгынын үстүндө Кудайдын зор ырайымы бар эле.

34 Алардын эч кимиси эч нерсеге муктаж болчу эмес, анткени менчик жерлери же үйлөрү барлардын баары аларды сатып, сатылган нерсенин акчасын алып келип,

35 элчилердин колуна тапшырышчу. Андан ар бир адамга муктаждыгына жараша берилчү.

36 Кипрлик леби Жусуптун менчик жери бар эле. Элчилер аны Барнаба деп коюшчу. Бул ысым «Сооротуучу» деп которулат.

37 Ал өз жерин сатып, акчасын алып келип, элчилердин колуна тапшырды.

**5-БӨЛҮМ**

**Анания менен Сафира**

1 Сафира деген аялы бар Анания деген киши менчик жерин сатты.

2 Анан ал аялы менен макулдашып, сатылган мүлктүн акчасынан жашырып алып калып, калганын элчилердин колуна тапшырды.

3 Ошондо Петир ага: «Анания! Эмне үчүн шайтанга жүрөгүңдөн орун берип, Ыйык Рухту алдап, саткан мүлкүңдүн акчасынан жашырып алып калдың?

4 Сатканга чейин талаа өзүңдүкү эмес беле? Аны саткандан түшкөн акчага өзүң ээ эмес белең? Эмне үчүн ушундай ишке бардың? Сен адамдарды эмес, Кудайды алдадың», – деди.

5 Анания бул сөздөрдү угары менен, жерге жыгылып жан берди. Ошондо бул окуяны уккандардын бардыгын коркунуч басты.

6 Жаш жигиттер орундарынан туруп, аны көргө коюуга даярдашты да, алып чыгып, көргө коюшту.

7 Болжол менен үч саат өткөндөн кийин, болуп өткөн окуя жөнүндө эч нерсе билбестен, анын аялы да келди.

8 Петир андан: «Жериңерди ушунчага саттыңар беле?» – деп сурады. Ал: «Ооба, ушунчага сатканбыз», – деп жооп берди.

9 Ошондо Петир ага мындай деди: «Теңирдин Рухун сыноого кантип батындыңар? Күйөөңдү көргө койгондор эшиктен кирип келе жатышат, азыр сени да алып кетишет».

10 Ошол замат аял анын бут алдына жыгылып жан берди. Жигиттер ичкери киргенде, анын өлүп калганын көрүштү. Алар анын сөөгүн алып чыгып, күйөөсүнүн жанына коюшту.

11 Ошондо бүт Жыйынды жана бул окуяны уккандардын бардыгын коркунуч басты.

**Элчилер көрсөткөн кереметтер**

12 Элчилер аркылуу эл арасында көптөгөн кереметтер жана жышаандар көрсөтүлүп жатты. Ишенгендердин бардыгы бир ой-тилек менен «Сулайман үйүнө» чогулуп жүрүштү.

13 Бирок чоочун адамдардын бирөө да аларга кошулууга дааган жок, эл болсо аларды даңктап жатты.

14 Эркектер да, аялдар да Теңирге ишенип, ишенгендердин саны уламдан-улам көбөйүп жатты.

15 Петир өтүп бара жатканда, жок дегенде, көлөкөсү түшсүн дешип, оорулууларды төшөнчү-орундары менен көтөрүп чыгып, көчөлөргө жаткырып коюп жатышты.

16 Иерусалимдин тегерегиндеги шаарлардан да көптөгөн адамдар оорулууларды жана жин оорулууларды алып келип жатышты; алардын бардыгы айыгып жатты.

**Экинчи жолку куугунтук**

17 Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу жана садукейлер тобундагылар көрө албастык кылып,

18 элчилерди кармап, мамлекеттик түрмөгө камап салышты.

19 Бирок Теңирдин периштеси түн ичинде түрмөнүн эшиктерин ачып, аларды сыртка алып чыкты да:

20 «Баргыла, ийбадатканага кирип, элге өмүр жөнүндөгү ушул сөздөрдүн баарын айткыла», – деди.

21 Алар бул сөздөрдү уккандан кийин, эртең менен эрте ийбадатканага кирип, элди окута башташты. Ошол учурда башкы ыйык кызмат кылуучу жана анын жанында жүргөндөр келип, синедрионду жана Ысрайыл аксакалдарын чакырышты да, элчилерди алып келиш үчүн, түрмөгө кызматчыларды жиберишти.

22 Бирок кызматчылар барып, аларды түрмөдөн таппай кайтып келишти да:

23 «Биз түрмөнүн эшиктери абдан бекем бекитилгенин жана эшиктердин алдында сакчылар турганын көрдүк, бирок ачып киргенибизде, ичинен эч кимди таппадык», – деп билдиришти.

24 Ийбадаткананын күзөт башчысы жана башкы ыйык кызмат кылуучулар бул сөздөрдү угушканда: «Бул эмне деген шумдук?!» – деп, айран-таң калышты.

**Элчилер синедриондун алдында**

25 Ошол учурда бирөө келип, аларга: «Силер түрмөгө камап койгон кишилер ийбадатканада элди окутуп жатышат», – деп билдирди.

26 Ошондо күзөт башчысы кызматчылары менен барып, аларды күч колдонбой ээрчитип келди, анткени таш бараңга алып коюшабы деп, элден коркту.

27 Аларды синедриондун алдына алып келди. Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу аларга мындай деди:

28 «Биз силерге бул ысым жөнүндө окутпагыла деп, катуу тыюу салбадык беле? Силер болсо өзүңөрдүн окутууңарды бүт Иерусалимге жайылтып жибердиңер. Ал Адамдын канын биздин мойнубузга коюуга ниеттенип жатасыңарбы?»

29 Ошондо Петир менен элчилер мындай деп жооп беришти: «Биринчи иретте адамдарга эмес, Кудайга баш ийүү керек.

30 Ата-бабаларыбыздын Кудайы силер жыгачка асып өлтүргөн Ыйсаны тирилтти.

31 Ысрайыл элин тобо кылдырып, күнөөлөрүн кечирүү үчүн, Кудай Ал Башчыны жана Куткаруучуну жогору көтөрүп, Өзүнүн оң жагына отургузуп койду.

32 Ал жөнүндө айтылгандын бардыгына биз да, Кудай Өзүнө баш ийгендерге берген Ыйык Рух да күбө».

33 Алар муну укканда, аябай ачууланышып, элчилерди өлтүрүүнү ойлошту.

**Гамалиелдин эскертүүсү**

34 Ошондо бүт эл урматтаган мыйзам окутуучу, Гамалиел деген бир фарисей синедриондо ордунан туруп, элчилерди бир аз убакытка сыртка чыгарууну буйруду.

35 Анан аларга мындай деп кайрылды: «Ысрайыл эркектери! Бул адамдарга кандайдыр бир чара көрөрдөн мурун жакшылап ойлонгула.

36 Анткени мындан бир аз мурун өзүн бир улуу адам катары көрсөтүп, Теда деген неме чыкты. Аны төрт жүзгө жакын адам ээрчиди. Бирок ал өлтүрүлдү, аны ээрчигендер да чачырап жок болушту.

37 Андан кийин эл каттоонун убагында Галилеядан Жүйүт деген неме чыгып, көп элди ээрчитти. Бирок ал да өлдү, аны ээрчигендер да чачырап кетишти.

38 Ошондуктан азыр силерге айтарым: бул адамдарга тийбегиле, буларды өз жайына койгула. Эгерде бул адамдык иш-аракет болсо, анда ал бузулат.

39 Эгерде Кудайдан болсо, анда силер аны токтото албайсыңар. Кудайга каршы чыгуучулардан болуп калуудан сак болгула». Алар анын айтканына көнүштү.

**Элчилердин кордук көрүшү**

40 Элчилерди чакыртып сабатышты да, Ыйсанын ысымы жөнүндө жарыялоого тыюу салышты. Анан аларды бошотуп жиберишти.

41 Алар болсо Теңир Ыйса үчүн кордук көрүүгө татыктуу болушканына кубана синедриондон чыгып кетишти.

42 Ошондон кийин алар күн сайын ийбадатканада жана үйлөрдө адамдарды окутуп, Ыйса Машайак жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратууну токтотушкан жок.

**6-БӨЛҮМ**

**Биринчи диакондор**

1 Ошол күндөрү, шакирттер көбөйө баштаганда, бутпарас өлкөлөрдө жашаган, эллинисттерде эврейлерге каршы нааразычылык пайда болду, анткени күнүмдүк тамак-аш бөлүнүп берилгенде, алардын жесирлери эске алынбай калып жаткан эле.

2 Ошондо он эки элчи бардык шакирттерди чогултуп алып, мындай дешти: «Кудайдын сөзүн таратуу ишин таштап коюп, тамак бөлүштүрүп жүргөнүбүз жакшы эмес.

3 Ошондуктан, бир туугандар, элдин ишенимине ээ болгон, Ыйык Рухка толгон жана акылдуу жети адамды араңардан тандагыла. Бул кызматты ошолорго тапшыралы.

4 Биз болсо дайыма сыйынууну жана Кудай сөзүн айтып кызмат кылууну уланта берели».

5 Бул сунуш бүт Жыйынга жакты. Ошентип, алар ишеними бекем, Ыйык Рухка толгон Степан деген адамды, ошондой эле Филипти, Прохорду, Никанорду, Тимонду, Парменди жана антийохеялык прозелит Николайды тандашты да,

6 элчилердин алдына алып келишти. Элчилер сыйынып, алардын үстүнө колдорун коюшту.

7 Кудайдын сөзү кеңири жайылып, Иерусалимде шакирттердин саны абдан көбөйүп жатты. Ыйык кызмат кылуучулардын ичинен да көптөрү Ыйсага ишенип калышты.

**Үчүнчү жолку куугунтук**

8 Ишеними бекем, күчкө толгон Степан эл арасында улуу кереметтерди жана жышаандарды көрсөтүп жүрдү.

9 Либертиндердин, киренеялыктардын, александриялыктардын синагогасы деп аталган синагоганын кээ бир мүчөлөрү, киликиялыктардын жана асиялыктардын кээ бирөөлөрү Степанга каршы чыгып, аны менен талашып-тартышышты.

10 Бирок анын акылмандык менен, Рухтун күчү менен сүйлөгөн сөзүнө каршы тура алышкан жок.

11 Ошондо алар кээ бир адамдарга: «“Биз анын Мусага каршы сүйлөгөнүн, Кудайга акарат келтиргенин уктук” деп айткыла», – деп үйрөтүп коюшту.

12 Алар элди, аксакалдарды жана мыйзам окутуучуларды тукурушту да, Степанды кармап, синедрионго алып келишти.

13 Анан жалган жалаа жабуучуларды алдыга чыгарышты. Алар: «Бул адам ушул ыйык жайга жана мыйзамга каршы сүйлөгөнүн токтотпой жатат.

14 Анткени биз анын: “Назареттик Ыйса бул жайды талкалап, Мусанын бизге калтырган салттарын өзгөртөт”, – деп айтканын уктук», – деп айтышты.

15 Ошондо синедриондо отургандардын бардыгы Степанды тигиле карап калышты, анын жүзү периштенин жүзүндөй жаркырап турган эле.

**7-БӨЛҮМ**

**Степандын сөзү**

1 Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу Степандан: «Ушул чынбы?» – деп сурады.

2 Степан мындай деп жооп берди: «Агайын-туугандар жана аталар! Сөзүмө кулак салгылачы. Атабыз Ыбрайым Месопотамияда жашап турганында, Харанга көчүп кете элегинде, ага даңктуу Кудай келип:

3 “Өз жериңден, тууган-уругуңдан, атаңдын үйүнөн чыгып, Мен көрсөтө турган жерге баргын”, – деди.

4 Ошондо ал Каздим жеринен чыгып, Харанга келип отурукташты. Атасы өлгөндөн кийин, Кудай аны ал жактан азыр силер жашап жаткан ушул жерге көчүрдү.

5 Ал жерден Ыбрайымга бир карыш жер да мурас кылып берген эмес, бирок ал балалуу боло элек болсо да, Кудай ал жерди ага жана анын кийинки тукумуна энчилеп берүүнү убада кылды.

6 Кудай ага: “Сенин тукумуң жат жерде келгин эл болот, аларды кулга айландырып, төрт жүз жыл кысымга алышат.

7 Бирок аларды кулга айландырган элди Мен Өзүм жазалайм, ошондон кийин алар ал жерден чыгып, ушул жерде Мага кызмат кылышат”, – деди.

8 Кудай аны менен келишим түзүп, келишимдин белгиси катары ага сүннөткө отургузуу парызын берди. Ыбрайым Ыскак деген уулдуу болуп, аны сегизинчи күнү сүннөткө отургузду. Ыскактан Жакып төрөлдү, Жакыптан Ысрайыл элинин он эки уруусунун түпкү аталары төрөлдү.

9 Алар көрө албастык кылып, Жусупту Мисир жерине кулчулукка сатып жиберишти, бирок Кудай аны менен болду.

10 Аны бардык кыйынчылыктарынан куткарып, ага акылмандык берип, Мисир падышасы фараондон ырайым таптырды. Фараон аны бүт Мисирге жана өзүнүн падыша сарайына башчы кылып койду.

11 Мисир жана Канаан жеринде ачарчылык болуп, элди чоң кайгы басты. Аталарыбыз нансыз калышты.

12 Бирок Жакып Мисирде эгин бар экендигин угуп, аталарыбызды ошол жакка жиберди. Бул алардын Мисирге биринчи жолку баруусу эле.

13 Алар Мисирге экинчи жолу барышканда, Жусуп бир туугандарына: “Мен силердин бир тууганыңармын”, – деп, ачык айтты. Ошентип, Жусуптун тууган-уругун фараон таанып калды.

14 Жусуп киши жиберип, атасы Жакыпты жана бүт тууган-уругун – жетимиш беш адамды чакыртып алды.

15 Ошентип, Жакып Мисирге көчүп барды. Жакып да, аталарыбыз да ошол жерде көз жумушту.

16 Алардын сөөгү Шекем жериндеги мүрзөгө коюлду. Ыбрайым ал мүрзөнү Шекемдеги Хамор уулдарынан күмүшкө сатып алган эле.

17 Кудайдын Ыбрайымга берген убадасынын аткарыла турган убагы жакындай берди. Элибиз да Мисир жеринде көбөйүп жатты.

18 Кийин Жусуп жөнүндө билбеген башка падыша тактыга келди.

19 Ошол падыша биздин элибизге каршы ар кандай айла-амалдарды колдонуп, кысым көрсөттү. Элибиз көбөйбөш үчүн, жаңы төрөлгөн балдарды сууга таштоого мажбурлады.

20 Ошол убакта Муса төрөлдү, ал Кудайдын алдында абдан сүйкүмдүү эле. Аны үч ай өз ата-энеси бакты.

21 Ал эми сууга ташталгандан кийин, аны фараондун кызы багып алып, өз уулундай тарбиялап өстүрдү.

22 Муса Мисирде ар тараптуу билим алып, сөзү өтүмдүү, ишке жөндөмдүү адам болду.

23 Ал кырк жашында өзүнүн бир туугандары – ысрайылдыктарды көрүп келүүнү чечти.

24 Барганда, алардын бирин бир мисирлик кордоп жатканын көрүп, болуша кетти. Мисирликти өлтүрүп, кордук көргөн ысрайылдык үчүн өч алды.

25 “Кудай мен аркылуу куткарарын бир туугандарым түшүнөт”, – деп ойлоду ал. Бирок алар түшүнүшкөн жок.

26 Эртеси күнү Муса эки ысрайылдыктын бири-бири менен урушуп жатканын көрүп, алардын жанына келди да, аларды элдештиргенге аракет кылып: “Силер бир туугансныңар да! Эмнеге бири-бириңер менен урушуп жатасыңар?” – деди.

27 Бирок өз жакынына кордук көрсөтүп жаткан адам Мусаны түртүп жиберип, мындай деди: “Ким сени бизге башчы кылып, соттоочу кылып койду эле?

28 Кечээ мисирликти өлтүрдүң эле, бүгүн мени өлтүргүң келип турабы?”

29 Бул сөздөрдү укканда, Муса Мисирден качып чыкты. Ал Мидиан жеринде келгин катары жашап турду. Ал жерде ал эки уулдуу болду.

30 Кырк жыл өткөндөн кийин, Синай тоосунан алыс эмес жердеги чөлдө күйүп жаткан тикендүү бадалдын жалынынан ага Теңирдин периштеси көрүндү.

31 Муса бул көрүнүштү көрүп, таң калды. Жакшылап караш үчүн, бадалга жакын барганда, ага Теңирдин үнү угулду:

32 “Мен сенин ата-бабаларыңдын Кудайымын, Ыбрайымдын, Ыскактын жана Жакыптын Кудайымын”. Муса калтырап коркуп, жакшылап караганга даай алган жок.

33 Ошондо Теңир ага мындай деди: “Бут кийимиңди чеч, анткени сен турган жер – ыйык жер.

34 Мен Мисирдеги элимдин тартып жаткан азабын көрүп, онтогон үнүн угуп, аларды куткарыш үчүн, асмандан түшүп келдим. Ошондуктан баргын, Мен сени Мисирге жиберемин”.

35 “Ким сени бизге башчы жана соттоочу кылып койду?” деген сөз менен четке кагылган ошол Мусаны Кудай тикендүү бадал ичинде көрүнгөн периште аркылуу башчы кылып, куткаруучу кылып жиберди.

36 Ошол Муса Мисир жеринде, Кызыл деңизде жана кырк жыл бою чөлдө кереметтерди жана ажайыптарды көрсөтүп, аларды Мисирден алып чыкты.

37 Ошол Муса Ысрайыл уулдарына: “Кудай өзүңөрдүн бир туугандарыңардын ичинен мен сыяктуу бир Пайгамбарды чыгарат. Ошону уккула”, – деген.

38 Синай тоосунда өзүнө сүйлөгөн периштенин сөздөрүн чөлдө чогулган ата-бабаларыбызга айтып берген Муса ошол. Ал бизге айтып бериш үчүн, Кудайдан тирүү сөздөрдү кабыл алган.

39 Аталарыбыз ага баш ийүүнү каалашкан жок, тескерисинче, аны четке кагышты, жүрөктөрүн Мисирге буруп,

40 Арунга: “Бизди Мисир жеринен алып чыккан Муса деген немени эмне болгондугун билбейбиз, ошондуктан бизди баштап жүрө турган кудайларды жасап бер”, – дешти.

41 Ошентип, алар ошол күндөрү алтындан музоо жасап, ошол жасалма кудайга курмандык чалып, өз колдору менен жасалган ишке кубанышты.

42 Ошондо Кудай алардан жүзүн буруп, асман кошуундарына табынган аларды жайына койду. Бул тууралуу “Пайгамбарлар” китебинде мындай деп жазылган: “Ысрайыл эли! Кырк жыл ичинде чөлдө курмандыкка чалган малыңарды жана курмандыктарыңарды Мага арнадыңар беле?

43 Силер өзүңөр менен кошо Молох кудайыңардын чатырын жана Райпан деген жылдыз кудайыңарды алып жүрдүңөр. Силер ал буркандарды табынуу үчүн жасагансыңар, ошондуктан Мен силерди Бабылдан да ары көчүрүп жиберем”.

44 Чөлдө аталарыбыздын күбөлүк чатыры бар эле. Муса ал чатырды Кудай буйругандай кылып, көргөн үлгүсү боюнча жасаган болчу.

45 Өздөрүнүн ата-бабаларынан өткөрүп алган ал чатырды биздин ата-бабаларыбыз Жашыянын жетекчилиги менен көтөрүп алып, ата-бабаларыбыздын алдынан Кудай Өзү кууп чыккан элдердин жерине алып киришчү. Дөөт падышанын убагына чейин ушундай болгон.

46 Кудайдын алдында ырайым тапкан Дөөт Жакыптын Кудайына арнап үй куруу үчүн, Анын Өзүнөн уруксат сураган.

47 Үйдү болсо Сулайман курду.

48 Бирок Бардыгынан Жогорку адамдын колу менен курулган ийбадатканаларда жашабайт. Кудай Өзү бир пайгамбар аркылуу мындай деп айткан:

49 “Асман Менин тагым, жер – буттарымды койгон орун. Силер Мага кандай үй тургузасыңар? Менин эс ала турган ордум кайсы жер?

50 Булардын баары Менин колум менен жаратылган эмеспи?” – дейт Теңир.

51 Тоң моюндар! Жүрөктөрү менен кулактары сүннөт кылынбаган адамдар! Ата-бабаларыңарга окшоп, силер дайыма Ыйык Рухка каршы чыгасыңар.

52 Силердин ата-бабаларыңар куугунтуктабаган бир да пайгамбар болгон эмес. Ата-бабаларыңар Адилеттүүнүн келерин алдын ала жарыялагандарды өлтүрүшкөн, силер болсо чыккынчылык кылып, Аны өлтүрүп салдыңар.

53 Периштелер аркылуу берилген мыйзамды кабыл алгандар да, аны аткарбагандар да силерсиңер».

**Степандын өлтүрүлүшү**

54 Бул сөздөрдү укканда, алар ага кыжырданып, тиштерин кычыратышты.

55 Ыйык Рухка толгон Степан болсо асманга көз жиберип, Кудайдын даңкын жана Кудайдын оң жагында турган Ыйсаны көрдү.

56 Ошондо ал: «Ачылган асманды жана Кудайдын оң жагында турган Адам Уулун көрүп жатам», – деди.

57 Бирок алар кулактарын жаап алып, катуу кыйкырып, аны көздөй жапырт умтулушту.

58 Алар аны шаардын сыртына алып чыгып, таш бараңга ала башташты. Күбөлөр болсо өз кийимдерин Шабыл деген бир жаш жигиттин жанына коюп коюшту.

59 Алар таш менен уруп жатышканда, Степан: «Теңир Ыйса! Менин рухумду алчы», – деп сыйынды.

60 Анан чөгөлөп, катуу үн менен: «Теңир! Бул күнөөнү алардын күнөөсү катары эсептебе», – деди. Ушинтип айткандан кийин, ал жан берди.

**8-БӨЛҮМ**

**Төртүнчү жолку куугунтук**

1 Шабыл болсо Степанды өлтүргөндөр тарапта эле. Ошол күндөрдө Иерусалимдеги Жыйынды катуу куугунтукташты. Ошондо элчилерден башкасынын бардыгы Жүйүт менен Самариянын ар кайсы жерине чачырап кетишти.

2 Степандын сөөгүн болсо Кудайдан корккон такыбаа адамдар көргө коюп, ал үчүн катуу аза күтүштү.

3 Ал эми Шабыл үйдөн-үйгө кирип, эркек болобу, аял болобу, бардыгын сүйрөп чыгып, түрмөгө камап, Жыйынды жок кылууга аракет кылып жатты.

4 Чачырап кеткендер болсо эл аралап, Кудайдын сөзүн таратып жүрүштү.

**Филип Самарияда**

5 Филип Самария шаарына келип, анын тургундарына Машайак тууралуу Жакшы Кабар таратты.

6 Филип жасаган кереметтерди уккан-көргөн элдин бардыгы анын сөзүнө чын дилден кулак салышты.

7 Анткени жин оорулуу көптөгөн адамдардын ичинен жиндер катуу кыйкырык менен чыгып, көптөгөн шал оорулуулар менен аксактар айыгып жатышкан эле.

8 Ошентип, бул шаар чоң кубанычка бөлөндү.

**Сыйкырчылык кылуучу Шымон**

9 Ушул шаарда буга чейин сыйкырчылык кылып, Самария элин таң калтырган, өзүн бир улуу адам кылып көрсөткөн Шымон деген бир киши бар эле.

10 «Бул кишиде Кудайдын улуу кудурети бар», – деп, элдин бардыгы, кичинесинен чоңуна чейин, ага кулак салышчу.

11 Алардын ага кулак салуусунун себеби – ал көп убактан бери өзүнүн сыйкырчылыгы менен аларды таң калтырып жүргөн.

12 Бирок Кудайдын Падышачылыгы жана Ыйса Машайактын ысымы жөнүндөгү Жакшы Кабарды жарыялаган Филипке ишенип калган эркектер да, аялдар да сууга чөмүлдүрүлүп жатышты.

13 Шымон да Ыйсага ишенип, сууга чөмүлдүрүлдү. Ал Филиптин жанынан чыкпай, жасалып жаткан улуу кереметтер менен ажайыптарды көрүп, таң калып жатты.

14 Иерусалимде калган элчилер самариялыктардын Кудай сөзүн кабыл алганын угушканда, аларга Петир менен Жаканды жиберишти.

15 Экөө келишти да, аларга Ыйык Рух берүүсүн сурап, Кудайга сыйынышты.

16 Анткени алардын эч кимисине Ыйык Рух түшө элек болчу, болгону, алар Теңир Ыйсанын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлүшкөн эле.

17 Эки элчи самариялыктардын үстүнө колдорун коюшканда, алардын үстүнө Ыйык Рух түштү.

18 Элчилердин кол коюусу аркылуу Ыйык Рух берилерин көргөндө, Шымон аларга акча алып келип:

19 «Мага да ушул бийликти бергилечи, мен кимдин үстүнө колумду койсом, анын үстүнө Ыйык Рух түшсүн», – деди.

20 Бирок Петир ага мындай деди: «Күмүшүң менен кошо жок бол, анткени сен Кудайдын белегин акчага сатып алууну ойлодуң.

21 Бул иште сенин тиешең да, үлүшүң да жок, анткени сенин жүрөгүң Кудайдын алдында таза эмес.

22 Ошондуктан бул күнөөң үчүн Теңирден кечирим сурап сыйын, балким, Ал жүрөгүңдөгү жаман оюңду кечирер.

23 Анткени мен сенин көрө албастык кылып жатканыңды жана күнөөнүн кишенинде экендигиңди көрүп турам».

24 Ошондо Шымон: «Айткандарыңардын эч бири башыма түшпөш үчүн, мен үчүн Теңирге сыйынгылачы», – деди.

25 Алар болсо Ыйса жөнүндө күбөлөндүрүп, Теңирдин сөзүн жарыя кылышкандан кийин, Самариянын бир нече айылында Жакшы Кабар таратып, Иерусалимге кайтып келишти.

**Филип жана эфиопиялык эбнух**

26 Теңирдин периштеси Филипке мындай деди: «Тур, түштүккө, Иерусалимден Азаны карай кеткен ээн жолго бар».

27 Ал туруп, ошол жакка жөнөдү. Кудайга табынуу үчүн Иерусалимге келген эфиопиялык бир адам үйүнө кайтып бара жаткан эле. Бул эбнух, эфиопиялыктардын аял падышасы Кандакиянын жогорку даражалуу төрөсү, анын казына иштерин башкаруучуларынын башчысы болчу.

28 Ал адам өзүнүн арабасында Ышайа пайгамбардын китебин окуп бара жаткан.

29 Рух Филипке мындай деди: «Жакын барып, бул арабага катарлаш бас».

30 Филип жакын барды да, анын Ышайа пайгамбардын китебин окуп жаткандыгын угуп, андан: «Окуганыңды түшүнүп жатасыңбы?» – деп сурады.

31 «Мага бирөө түшүндүрүп бербесе, кантип түшүнмөк элем?» – деди ал. Анан ал Филиптен арабага түшүп, өзүнүн жанына отуруусун өтүндү.

32 Ал Ыйык Жазуудан бул жерди окуган эле: «Ал союлуш үчүн жетеленип келген козу сыяктуу, кыркмачынын алдында үнсүз жаткан кой сыяктуу ооз ачпайт.

33 Ал кемсинтилип, адилет соттолуу укугунан ажыратылды. Бирок Анын тегин ким айтып бере алат? Анткени Анын жер үстүндөгү өмүрү бүтөт».

34 Эбнух Филиптен: «Өтүнөм, айтчы, пайгамбар ким жөнүндө айтып жатат? Өзү жөнүндөбү же башка бирөө жөнүндөбү?» – деп сурады.

35 Ошондо Филип сөзүн баштады. Ал Ыйык Жазуунун ушул жеринен баштап, Ыйса жөнүндөгү Жакшы Кабарды айтып берди.

36 Алар жолдо бара жатып, бир сууга келишти. Ошондо эбнух: «Мына суу! Менин сууга чөмүлдүрүлүүмө кандай тоскоолдук бар?» – деди.

37 Филип болсо ага: «Эгерде бүт жүрөгүңдөн ишенсең, анда чөмүлдүрүлсөң болот», – деди. «Ыйса Машайак Кудайдын Уулу экендигине ишенем», – деди ал.

38 Анан ал арабаны токтотууга буйрук берди. Ошентип, Филип менен эбнух сууга кириши. Филип аны сууга чөмүлдүрдү.

39 Алар суудан чыгышканда, эбнухтун үстүнө Ыйык Рух түштү. Филипти болсо Теңирдин периштеси алып кетти. Ошондон кийин эбнух аны көргөн жок. Ал кубанган бойдон өз жолун улантып кете берди.

40 Филип болсо Азотто болуп калды. Кейсареяга жеткенче, бардык шаарларды аралап, Жакшы Кабар таратып жүрүп отурду.

**9-БӨЛҮМ**

**Шабылдын Теңирге кайрылышы**

1 Шабыл болсо мурункусундай эле Теңирдин шакирттерин коркутууну жана өлтүрүүнү каалап, башкы ыйык кызмат кылуучуга барды.

2 Бул окутууну жолдогондордун кимисин тапса, ал эркек болобу, аял болобу, аны байлап, Иерусалимге алып келиш үчүн, Шабыл андан Дамасктагы синагогаларга кат жазып берүүсүн өтүндү.

3 Ошентип, ал жолго чыгып, Дамаскка жакындап калганда, күтүлбөгөн жерден ага асмандан бир жарык түштү.

4 Ал жерге жыгылды. Ошондо ал «Шабыл, Шабыл! Эмне үчүн Мени кубалап жатасың?» деген үндү укту.

5 «Сен кимсиң, Теңир?» – деп сурады Шабыл. Теңир ага: «Сен кубалап жаткан Ыйсамын, – деп жооп берди. – Учтуу таякка каршы тура албайсың».

6 Ал коркконунан титиреп, мындай деди: «Теңир! Мага эмне кылууну буюрасың?» Теңир ага: «Тургун да, шаарга баргын, ошондо сага эмне кылышың керек экендиги айтылат», – деди.

7 Аны менен бирге бара жаткан адамдар үндү угуп, бирок эч кимди көрбөй, селдейип туруп калышты.

8 Ордунан турган Шабыл көздөрү ачык болгонуна карабастан, эч кимди көргөн жок. Аны колунан жетелеп, Дамаскка алып келишти.

9 Анын көзү үч күн көргөн жок, ал тамак да жеген жок.

10 Дамаскта Анания деген бир шакирт бар эле. Теңир көрүнүш аркылуу ага: «Анания!» – деп кайрылды. Ал болсо: «Мен угуп жатам, Теңирим», – деп жооп берди.

11 Ошондо Теңир ага мындай деди: «Тур, “Түз көчөсү” деп аталган көчөгө барып, Жүйүт деген кишинин үйүнөн Шабыл деген тарстык кишини сура. Ал азыр сыйынып жатат.

12 Ал мындай көрүнүш көрдү: көрүнүштө анын жанына Анания деген адам келип, анын көздөрү кайрадан көрүш үчүн, үстүнө колдорун койду».

13 Анания болсо Теңирге мындай деди: «Теңир! Мен анын Иерусалимде Сенин ыйыктарыңа канчалык жамандык кылгандыгын көп кишиден уккам.

14 Бул жерде да ыйык кызмат кылуучулардан Сенин ысымыңды чакыргандардын бардыгын байлатууга уруксат алган».

15 Бирок Теңир ага: «Баргын, анткени ал Менин тандалган идишим. Ал Мен жөнүндө элдердин, падышалардын жана Ысрайыл элинин алдында жарыялайт.

16 Менин ысымым үчүн канчалык азап чегүүсү керек экендигин Мен ага көргөзөмүн», – деди.

17 Анания барып, ошол үйгө кирди да, Шабылдын үстүнө колдорун коюп, мындай деди: «Бир тууганым Шабыл! Келе жаткан жолуңда өзүңө көрүнгөн Теңир Ыйса, көздөрүң кайрадан көрүшү үчүн, Ыйык Рухка толушуң үчүн, мени сага жиберди».

18 Ошол замат анын көзүнөн чел түшүп калгандай болду. Анын көздөрү ачылып, көрө баштады. Ошондо ал ордунан туруп, сууга чөмүлдүрүлдү.

19 Анан тамак жеп, кубаттанды. Шабыл бир нече күн Дамасктагы шакирттер менен болду.

20 Көп өтпөй эле, ал синагогаларда Ыйсанын Кудай Уулу экенин жарыялай баштады.

21 Анын сөзүн уккандардын бардыгы: «Иерусалимде ушул ысымды чакыргандарды куугунтуктаган ушул киши эмес беле? Бул жерге да аларды байлап, башкы ыйык кызмат кылуучуларга алып барыш үчүн келбеди беле?» – деп таң калышты.

22 Барган сайын ишеними бекемделген Шабыл болсо Ыйсаны Машайак деп далилдеп, Дамаскта жашаган жүйүттөрдүн баштарын маң кылды.

23 Бир нече күн өткөндөн кийин, жүйүттөр аны өлтүрүүгө чечим чыгарышты.

24 Бирок алардын бул жаман оюу Шабылга маалым болду. Алар аны өлтүрүш үчүн, күндүр-түндүр шаар дарбазаларынын алдында күтүп турушту.

25 Шакирттер болсо түн ичинде аны чабырага салып, дубалдын боору менен төмөн түшүрүп жиберишти.

**Пабылдын Иерусалимге келиши**

26 Шабыл Иерусалимге келип, ал жердеги шакирттерге кошулууга аракеттенди. Бирок алардын бардыгы анын Ыйсанын шакирти болгонуна ишенбей, андан коркушту.

27 Барнаба болсо аны элчилерге ээрчитип барды да, аларга анын жолдо Теңирди көргөнүн, Теңирдин ага эмне деп айтканын жана Дамаскта Ыйсанын ысымы жөнүндө кайраттуулук менен Жакшы Кабар таратканын айтып берди.

28 Ошондон кийин Шабыл Теңир Ыйсанын ысымы жөнүндө кайраттуулук менен Жакшы Кабар таратып, Иерусалимде алар менен чогуу жүрдү.

29 Эллинисттер менен да сүйлөшүп, талашып-тартышты. Алар болсо аны өлтүрүүгө аракет кылышты.

**Пабылдын Тарска кайтып келиши**

30 Бул жөнүндө уккан бир туугандар аны Кейсареяга алып келип, андан ары Тарска жөнөтүп жиберишти.

31 Ал эми бүт Жүйүт аймагындагы, Галилеядагы жана Самария шаарындагы Жыйындар тынч күндөрдү өткөрүп, рухий жактан өсүп жатышты. Теңирден коркуу менен жашап жаткан алар Ыйык Рухтун жардамы менен көбөйүп жатышты.

**Айнейдин айыгышы**

32 Петир баарын кыдырып жүрүп, Лидда шаарында жашаган ыйыктарга да келди.

33 Ал жерден ал сегиз жылдан бери шал оорусу менен төшөктө жаткан Айней деген адамды көрдү.

34 Петир ага: «Айней! Сени Ыйса Машайак айыктырып жатат. Төшөгүңдөн тургун», – деди. Ал ошол замат ордунан турду.

35 Лиддада жана Шарондо жашагандардын бардыгы аны көрүп, Теңирге кайрылышты.

**Табитанын тирилиши**

36 Жапа шаарында Табита деген шакирт аял бар эле. Бул ысым «жейрен» деп которулат. Ал көптөгөн жакшы иштерди кылчу, жакырларга көп жардам берчү.

37 Ошол күндөрдө ал ооруп өлүп калды. Анын сөөгүн жууп, жогорку бөлмөгө жаткырып коюшту.

38 Лидда шаары Жапа шаарына жакын болгондуктан, шакирттер Петирдин Лиддада экендигин угуп, «Бизге тезинен кел» деген өтүнүч менен ага эки кишини жиберишти.

39 Петир алар менен жолго чыкты. Ал келгенде, аны жогорку бөлмөгө киргизишти. Жесир аялдардын баары ыйлап, Петирге келишти да, ага Табитанын тирүү кезинде тиккен көйнөктөрү менен кийимдерин көрсөтүштү.

40 Петир алардын бардыгын сыртка чыгарып жиберип, тизе бүгүп сыйынды, анан маркумга бурулуп: «Табита, ордуңдан тур!» – деди. Ошондо Табита көздөрүн ачты. Петирди көрүп, өйдө болуп отурду.

41 Петир колун сунуп, аны тургузду да, ыйыктар менен жесирлерди чакырып, аларга өлүп кайра тирилген аны көрсөттү.

42 Бул окуя бүт Жапага белгилүү болду. Ошондо көптөгөн адамдар Теңирге ишенип калышты.

43 Петир бир нече күн Жапада, Шымон деген булгаарычыныкында болду.

## 10-БӨЛҮМ

### Жүз башы Корнелийдин көрүнүш көрүшү

1 Кейсареяда «Италиялык аскер тобу» деп аталган аскер тобунун Корнелий деген жүз башысы бар эле.

2 Ал бүт үй-бүлөсү менен Кудайдан коркуп жашаган, элге көп жакшылык кылган, дайыма Кудайга сыйынган такыбаа адам эле.

3 Бир күнү күндүзгү тогузунчу саат чамасында ал көрүнүш көрдү. Көрүнүштө ага Кудайдын бир периштеси ачык көрүндү. Ал периште анын үйүнө кирип, ага мындай деди: «Корнелий!»

4 Ал болсо аны көргөндө, коркуп кетип: «Эмне дейсиң, Теңирим?» – деди. Периште ага: «Кудай сенин сыйынууларыңды жана жакырларга кылган жакшылыктарыңды эсине алды.

5 Жапага кишилерди жиберип, Петир деген да ысым коюлган Шымонду чакырт.

6 Ал деңиздин жээгинде жашаган Шымон деген булгаарычыныкында конокто. Ал сага өзүңдү жана бүт үй-бүлөңдү куткара турган сөздөрдү айтып берет», – деди.

7 Периште алыстап кеткенден кийин, Корнелий өзүнүн кызматчыларынын арасынан эки кызматчыны жана өзүнүн жанында жүргөн бир такыбаа аскерди чакырып,

8 аларга баарын айтып берди да, аларды Жапага жиберди.

### Петирдин көрүнүш көрүшү

9 Эртеси күнү алар жол жүрүп отуруп, шаарга жакындап калышканда, алтынчы саат чамасында Петир сыйыныш үчүн, үйдүн үстүнө чыкты.

10 Ошондо ал ачка болуп, тамак жегиси келди. Тамак даярдалып жаткан убакта ал көрүнүш көрдү.

11 Ошол учурда ал ачылган асманды жана өзүн көздөй түшүп келе жаткан бир идишти көрдү. Ал төрт бурчу байланган дасторкон сыяктуу эле.

12 Анын ичинде жер үстүндөгү төрт аяктуу ар түрлүү жаныбарлар, сойлоп жүрүүчүлөр, канаттуу куштар бар эле.

13 Ошол жерден ага мындай сөз айтылды: «Петир, ордуңан туруп, буларды союп же».

14 Бирок Петир мындай деди: «Жок, Теңир! Мен эч качан арам же таза эмес нерсе жеген эмесмин».

15 Ошондо ага экинчи жолу мындай үн угулду: «Кудай тазалаган нерсени сен таза эмес деп эсептебе».

16 Бул үч жолу болду, ошондон кийин идиш кайрадан асманга көтөрүлүп кетти.

17 Петир көргөн көрүнүшүнүн эмнени билдирерин түшүнө албай турганда, Корнелий жиберген адамдар Шымондун үйүн сурап, дарбаза алдына токтошту.

18 Алар: «Петир деген да ысым коюлган Шымон ушул жерде коноктобу?» – деп, кыйкырып сурашты.

19 Ошол убакта, Петир көрүнүш жөнүндө ойлонуп жатканда, Рух ага мындай деди: «Сени үч киши издеп жүрөт.

20 Тур, төмөн түшүп, эч шектенбестен, алар менен жөнө, анткени аларды Мен жибердим».

21 Ошондо Петир үйдүн үстүнөн түшүп, Корнелий жиберген адамдардын жанына келип: «Силер издеген адам менмин. Кандай иш менен келдиңер?» – деп сурады.

22 Алар болсо мындай деп жооп беришти: «Бүт жүйүт эли тарабынан жакшы күбөлөндүрүүгө ээ болгон, жакшылыкты көп кылган жана Кудайдан корккон жүз башы Корнелий бир ыйык периштеден “Петирди үйүңө чакырып, анын сөздөрүн ук” деген буйрук алды».

**Петир Корнелийдин үйүндө**

23 Ошондо Петир аларды үйгө киргизип коноктоду. Эртеси эртең менен туруп, алар менен жолго чыкты. Жападагы бир туугандардын кээ бирөөлөрү да алар менен бирге жөнөштү.

24 Бир күндөн кийин алар Кейсареяга келишти. Корнелий болсо өзүнүн туугандарын, жакын досторун чакыртып алып, аларды күтүп жаткан эле.

25 Петир үйгө киргенде, Корнелий аны кабыл алды да, анын бутуна жыгылып, ага таазим кылды.

26 Петир болсо: «Тур, мен сага окшогон эле адаммын», – деп, аны тургузду.

27 Анан аны менен сүйлөшүп, бөлмөгө кирди. Бөлмөдө көп адам чогулганын көрүп, аларга мындай деди:

28 «Башка улуттун адамы менен мамилелешүү же аныкына баруу жүйүттөргө тыюу салынганын билесиңер. Бирок Кудай мага эч бир адамды арам же таза эмес деп эсептебөөм керектигин ачып берди.

29 Ошондуктан мен силердин чакырыгыңарга каршы болбостон келдим. Эми силерден сурайын, мени эмне себептен чакырттыңар эле?»

30 Ошондо Корнелий мындай деп жооп берди: «Мындан төрт күн мурун, ушул убакытта орозо кармап, тогузунчу саатта өзүмдүн үйүмдө сыйынып отургам. Ошол маалда жаркыраган кийим кийген бир адам бет алдыма келип турду да:

31 "Корнелий! Кудай сенин сыйынууңду укту, жакырларга кылган жакшылыктарыңды эсине алды.

32 Жапага киши жиберип, Петир деген да ысым коюлган Шымонду чакырт. Ал деңиз жээгинде жашаган булгаарычы Шымондун үйүндө конокто", – деди.

33 Ошол эле замат мен сага кишилерди жибердим, сенин келгениң жакшы болду. Азыр биз, бардыгыбыз, Кудай сага эмнени буйруса, ошонун бардыгын угуу үчүн, Кудайдын алдында турабыз».

34 Ошондо Петир сөзүн мындай деп баштады: «Кудайда бет карамалык жок экенине,

35 ар бир элден Кудайдан корккон жана адилеттик боюнча иш кылган адам Ага жагарына чыны менен ынанып турам.

36 Ал Ысрайыл элине Ыйса Машайак аркылуу тынчтык жөнүндө жар салып, Жакшы Кабар жиберди. Ал – бардык элдердин Теңири.

37 Жакан жар салган чөмүлдүрүүдөн кийин, Галилеядан баштап, бүт Жүйүт аймагында эмнелер болгондугун, башкача айтканда,

38 Кудай назареттик Ыйсаны Ыйык Рухка жана күчкө кандайча толтурганын, Ошол Ыйса эл аралап, жакшы иштерди жасап, шайтандын бийлиги астында кыйналып жүргөндөрдүн бардыгын айыктырганын билесиңер. Анткени Кудай Аны менен болчу.

39 Анын Жүйүт жеринде жана Иерусалимде кылган бардык иштерине, Аны акырында айкаш жыгачка кадап өлтүрүшкөнүнө биз күбөбүз.

40 Аны Кудай үчүнчү күнү тирилтип,

41 элдин баарына эмес, Кудай тарабынан алдын ала тандалган күбөлөргө – Ал өлүп, кайра тирилгенден кийин, Аны менен бирге тамак ичкен бизге көрсөттү.

42 Тирүүлөрдү жана өлгөндөрдү соттой турган, Өзү тарабынан дайындалган Сот Ошол экенин жарыялоону жана күбөлөндүрүүнү Кудай бизге буйруду.

43 "Ага ишенген ар бир адамдын күнөөлөрү Ал аркылуу кечирилет", – деп, бардык пайгамбарлар Ал жөнүндө күбөлөндүрүп келишкен».

44 Петир ушул сөздөрдү айтып жатканда, сөздү угуп отургандардын бардыгынын үстүнө Ыйык Рух түштү.

45 Ошондо Петир менен келген, Ыйсага ишенген жүйүттөр Ыйык Рухтун бутпарастардын үстүнө да төгүлгөнүнө абдан таң калышты.

46 Анткени алардын ар кандай тилдерде сүйлөп, Кудайды даңктап жатышканын угушту. Ошондо Петир мындай деди:

47 «Биз сыяктуу эле, бул адамдар да Ыйык Рухту алышты. Демек, алардын сууга чөмүлдүрүлүүсүнө ким тыюу сала алат?»

48 Анан Петир аларга Ыйса Машайактын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлүүгө буйрук берди. Ошондон кийин алар Петирден дагы бир нече күн калуусун өтүнүштү.

**11-БӨЛҮМ**

**Петирдин коргонуу сөзү**

1 Жүйүт аймагындагы элчилер менен бир туугандар Кудайдын сөзүн бутпарастар да кабыл алгандыгын угушту.

2 Петир Иерусалимге келгенде, сүннөткө отургузулгандар аны:

3 «Эмнеге сен сүннөткө отургузулбагандарга барып, алар менен бирге тамак ичтиң?» – деп жемелешти.

4 Ошондо Петир аларга ирети менен айтып бере баштады:

5 «Жапа шаарында сыйынып отурганымда, мен бир көрүнүш көрдүм: асмандан мага төрт бурчунан кармалган чоң дасторконго окшогон бир идиш түштү.

6 Мен анын ичин көз жүгүртүп карап чыгып, жер үстүндөгү төрт аяктуу жаныбарларды, сойлоп жүрүүчүлөрдү жана канаттуу куштарды көрдүм.

7 Анан мен “Петир, тур, буларды союп же” деген үндү уктум.

8 Бирок мен: “Жок, Теңир! Мен эч качан арам, таза эмес нерсени жеген эмесмин”, – дедим.

9 Ошондо мага асмандан экинчи жолу үн угулду: “Кудай тазалаган нерсени сен таза эмес деп эсептебе”.

10 Бул үч жолу болду. Андан кийин бардыгы кайрадан асманга көтөрүлүп кетти.

11 Так ошол учурда Кейсареядан мага жиберилген үч киши мен конок болуп турган үйдүн алдына келди.

12 Ошондо Рух мага: “Эч шектенбестен, алар менен жөнө”, – деди. Бул алты бир тууган да мени менен бирге жөнөштү. Ошентип, биз ал адамдын үйүнө бардык.

13 Ал бизге өзүнүн үйүнөн периштени кандайча көргөндүгүн, ошол периште ага: “Жапага кишилерди жиберип, Петир деген да ысым коюлган Шымонду чакырт.

14 Ал сага өзүңдү да, үйүңдөгүлөрдү да куткара турган сөздөрдү айтып берет”, – деп айтканын айтып берди.

15 Мен сүйлөй баштаганда, мурун биздин үстүбүзгө түшкөндөй болуп, алардын үстүнө да Ыйык Рух түштү.

16 Ошондо мен Теңирдин “Жакан сууга чөмүлдүргөн, ал эми силер Ыйык Рухка чөмүлдүрүлөсүңөр” деген сөзүн эстедим.

17 Демек, эгерде Кудай бизге бергенин Теңир Ыйса Машайакка ишенген аларга да берсе, анда Кудайга каршы чыккыдай, мен киммин?»

18 Алар муну укканда, тынчтанып: «Кудай бутпарастарды да тобо кылдырып, түбөлүк өмүргө ээ кылып жаткан турбайбы», – деп, Кудайды даңкташты.

**Антийохеядагы Жыйын**

19 Степан өлтүрүлгөндөн кийин башталган куугунтуктан улам туш-тушка чачырап кеткендер жүйүттөргө гана Жакшы Кабар таратып, Финикияга, Кипрге жана Антийохеяга барышты.

20 Бирок алардын арасындагы кипрликтер менен киренеялыктар Антийохеяга келип, эллиндерге да Теңир Ыйса жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратышты.

21 Аларды Теңир Өзү колдоду. Өтө көп сандагы адамдар ишенип, Теңирге кайрылышты.

22 Бул кабар Иерусалимдеги Жыйынга да жетти. Ошондо алар Барнабаны Антийохеяга жиберишти.

23 Ал келип, Кудайдын ырайымын көрүп кубанып, бардыгын Теңирге чын жүрөктөн ишенимдүү болууга насааттай баштады.

24 Анткени ал Ыйык Рухка толгон, ишеними бекем жакшы киши болчу. Ошондо көп эл Теңирге кайрылды.

25 Андан кийин Барнаба Шабылды издеп, Тарска кетти. Аны таап, Антийохеяга алып келди.

26 Бир жыл бою алар Жыйын менен чогуу болуп, көптөрдү окутушту. Ошентип, биринчи жолу Антийохеядагы шакирттер машайакчылар деп аталып калышты.

27 Ошол күндөрдө Иерусалимден Антийохеяга пайгамбарлар келишти.

28 Алардын арасынан Агап деген адам ордунан туруп, бүт дүйнөдө катуу ачарчылык болорун Рух аркылуу алдын ала кабарлады. Ал ачарчылык Клавдий падышанын убагында болду.

29 Ошондо шакирттердин ар бири өз мүмкүнчүлүгүнө жараша Жүйүт аймагында жашаган бир туугандарга жардам жиберүүнү чечишти.

30 Ошентип, алар ошол чечим боюнча чогулткандарын Барнаба менен Шабыл аркылуу Жыйын башчыларына берип жиберишти.

**12-БӨЛҮМ**

**Бешинчи куугунтук**

1 Ошол убакта падыша Ирод Ыйсага ишенгендерди куугунтуктай баштады. Алардын кээ бирөөлөрүн карматып,

2 Жакандын бир тууганы Жакыпты кылыч менен өлтүрттү.

3 Бул жүйүттөргө жагарын көрүп, Петирди да карматты. Бул Ачыткысыз нан майрамы күндөрү болду.

4 Ал Петирди карматып, түрмөгө қаматты да, төрт аскерден турган төрт топко аны кайтарууну буйруду. Анткени аны Пасах майрамынан кийин элдин алдына чыгармакчы болду.

**Кудайдын периштесинин Петирди камактан чыгаруусу**

5 Ошентип, Петир камакта жатты. Ал эми Жыйын бул учурда Кудайга үзгүлтүксүз сыйынып турду.

6 Ирод аны элдин алдына чыгармакчы болгон күндүн мурунку түнүндө Петир эки чынжыр менен кишенделип, эки аскердин ортосунда уктап жатты. Эшиктин алдында болсо күзөтчүлөр кайтарып турушту.

7 Бир маалда Теңирдин периштеси пайда болуп, түрмөнүн ичи жаркырап кетти. Периште Петирди капталга түртүп ойготуп: «Тезирээк тургун», – деди. Ошондо анын колдорунан чынжырлар түшүп калды.

8 Периште ага: «Куруңду курчанып, бут кийимиңди кийгин», – деди. Ал анын айтканын кылды. Андан кийин периште ага: «Кийимиңди кийип, мени ээрчигин», – деди.

9 Петир аны ээрчип, сыртка чыкты. Бирок ал периште кылып жаткан иштин чыны менен эле болуп жатканын түшүнгөн жок. Анткени ал көрүнүш көрүп жатам деп ойлоду.

10 Биринчи, экинчи күзөттөрдөн өтүп, экөө шаарга чыгуучу темир дарбазага келди. Дарбаза аларга өзүнөн өзү ачылды. Алар сыртка чыгып, бир көчөдөн өтүштү. Күтүлбөгөн жерден периште жок болуп кетти.

11 Ошондо Петир өзүнө келип: «Теңир Өз периштесин жиберип, мени Ироддун колунан жана жүйүт эли күтүп жаткан нерсенин бардыгынан куткарганын мен эми чындап түшүндүм», – деди.

12 Болуп өткөн окуяны түшүнгөндөн кийин, ал Марк деген да ысымы бар Жакандын энеси Мариямдын үйүнө келди. Ал жерде бир топ киши чогулуп, сыйынып жатышкан эле.

13 Петир дарбазаны тыкылдата баштаганда, ким экенин билиш үчүн, Рода деген кызматчы кыз эшиктин алдына келди.

14 Ал Петирдин үнүн таанып, эшикти ачпастан эле, сүйүнгөн бойдон үйгө чуркап кирип: «Эшиктин алдында Петир турат!» – деп кабарлады.

15 Үйдөгүлөр болсо ага: «Сен акылыңдан адашып жаткан жоксуңбу?» – дешти. Бирок кыз өзүнүн айтканын ырастай берди. Ошондо алар: «Бул – анын периштеси», – дешти.

16 Петир болсо эшикти тыкылдата берди. Алар эшикти ачып, аны көрүшкөндө, абдан таң калышты.

17 Ал болсо аларга колу менен «унчукпагыла» деген белги берип, Теңирдин түрмөдөн кантип чыгаргандыгын айтып берди. Анан аларга: «Бул жөнүндө Жакыпка жана башка бир туугандарга билдиргиле», – деди да, үйдөн чыгып, башка жакка жөнөдү.

18 Таң атканда: «Петир эмне болду?» – деп, аскерлер чоң дүрбөлөңгө түшүштү.

19 Ирод болсо аны издетип, таптыра албай койгондон кийин, күзөтчүлөрдү суракка алып, аларды өлүм жазасына тартууга буйрук берди. Андан кийин ал Жүйүт аймагынан чыгып, Кейсареяга барып, ошол жерде калып калды.

**Ироддун өлүмү**

20 Ал тирликтер менен сидондуктарга кыжырданып калган эле. Алар болсо өз ара макулдашып алып, ага келишти да, анын сарай кызматчысы Биластты ортого салып, тынчтык сурашты, анткени алардын дубаны падышанын дубанынан азык-түлүк алып турчу.

21 Белгиленген күнү Ирод өзүнүн падыша кийимин кийип, тактыга отурду да, элге кайрылып сөз сүйлөдү.

22 Эл болсо: «Адам эмес, Кудай сүйлөп жатат!» – деп кыйкырып жатты.

23 Кудайга тиешелүү даңкты өзүнө ыйгарып алгандыгы үчүн, күтүлбөгөн жерден Теңирдин периштеси аны жазалады: ал куртка жем болуп өлдү.

24 Кудайдын сөзү элге кеңири тарап жатты.

25 Барнаба менен Шабыл тапшырылган ишти аткарышкандан кийин, Марк деген да ысымы бар Жаканды ээрчитип, Иерусалимден Антийохеяга кайтып келишти.

**13-БӨЛҮМ**

**Пабыл менен Барнабанын кызматка чакырылуусу**

1 Антийохеядагы Жыйында пайгамбарлар жана окутуучулар бар эле. Алар: Барнаба, Нигер деген да ысымы бар Шымыйон, киренеялык Лукий, дубан башчы Ирод менен бирге тарбияланган Манаен жана Шабыл.

2 Алар Теңирге кызмат кылып, орозо кармап жатышканда, Ыйык Рух мындай деди: «Араңардан Мага Барнаба менен Шабылды бөлүп бергиле, алар Мен белгилеген ишти аткаруулары керек».

3 Ошондо алар орозо кармап сыйынып, алардын үстүнө колдорун коюшту да, аларды жөнөтүп жиберишти.

**Кипр аралында**

4 Ыйык Рух тарабынан жиберилген эки элчи Селекияга барып, ал жерден Кипрге сүзүп кетишти.

5 Анан алар Саламиге барып, жүйүттөрдүн синагогаларында Кудайдын сөзүн айта баштаашты. Алардын жанында Жакан да жардам берип жүрдү.

6 Алар аралды кыдырып чыгып, Паф шаарына келишкенде, жүйүттүк бир сыйкырчыга – Барыйса деген жалган пайгамбарга жолугушту.

7 Ал Кипр аралынын башчысы Сергий Пабыл деген акылдуу киши менен жүргөн эле. Ошол арал башчы Кудайдын сөзүн угууну каалап, Барнаба менен Шабылды чакыртты.

8 Бирок Элима («сыйкырчы» деп которулат) арал башчысынын Ыйсага ишенип калуусуна жол бербөөгө аракеттенип, эки элчиге каршы чыкты.

9 Бирок Ыйык Рухка толгон Шабыл (Пабыл) аны тике карап, мындай деди:

10 «Ар кандай арам ойлорго толгон алдамчы, шайтандын уулу, адилеттиктин душманы! Теңирдин түз жолдорун бурмалаганды качан коёсуң?

11 Азыр Теңир сени Өз колу менен жазалайт: белгилүү бир убакытка чейин сокур болуп, күндү көрбөйсүң». Күтүлбөгөн жерден анын көзү тунарып, сокур болуп калды. Ал ары-бери тегеренип, колунан жетелер адам издей баштады.

12 Бул окуяны көргөн арал башчысы Теңир жөнүндөгү окутууга таң калып, ишенип калды.

**Писидия дубанынын Антийохея шаарында**

13 Пабыл жана анын жанындагылар Паф шаарынан кеме менен чыгып, Памфилия дубанынын Перге шаарына келишти. Жакан болсо алардан бөлүнүп, Иерусалимге кайтты.

14 Анан алар Пергени аралап өтүп, Писидия дубанынын Антийохея шаарына келишти. Ишемби күнү синагогага кирип отурушту.

15 «Тоорат» жана «Пайгамбарлар» китептеринен окулгандан кийин, синагога башчылары аларга киши жиберип: «Агайын-туугандар! Эгерде элге айта турган насаат сөзүңөр болсо, айткыла», – деп айттырышты.

16 Ошондо Пабыл ордунан туруп, колу менен белги берип, мындай деди: «Ысрайыл эркектери жана Кудайдан корккондор! Сөзүмө кулак салгыла.

17 Ысрайыл элибиздин Кудайы ата-бабаларыбызды тандап алып, элибизди Мисирде жашап турганында улуу эл кылып, Өзүнүн күчтүү колу менен ал жерден алып чыкты.

18 Чөлдө аларды кырк жылга жакын убакыт бакты.

19 Анан Канаан жериндеги жети элди кырып жок кылып, алардын жерин биздин элибизге мурас кылып бөлүп берди.

20 Андан кийин төрт жүз элүү жылга жакын убакыт алардын үстүнөн башкаруучуларды коюп турду. Шемуел пайгамбардын убагына чейин ушундай болду.

21 Андан кийин алар падыша сурашты. Ошондо Кудай аларга Бенжемин уруусундагы Киштин уулу Шабылды падыша койду. Ал кырк жыл падышачылык кылды.

22 Кудай аны четке кагып, аларга Дөөттү падыша кылып койду. Ал жөнүндө Кудай Өзү мындай деп айткан: “Мен Өзүмдүн жүрөгүмө жаккан адамды таптым, ал – Жышай уулу Дөөт. Ал Менин бүт каалоомду аткарат”.

23 Мына ошол адамдын тукумунан Кудай Өзүнүн убадасы боюнча Ысрайыл элине Куткаруучу Ыйсаны жиберди.

24 Анын келерине жакын чөмүлдүрүүчү Жакан бүт Ысрайыл элине тобо кылуу чөмүлдүрүүсү жөнүндө жар салды.

25 Жакан өмүрүнүн акырында мындай деди: “Мени ким деп эсептейсиңер? Мен Ал эмесмин. Ал менин артымдан келе жатат. Мен Анын бут кийимин чечүүгө да татыксызмын”.

26 Агайын-туугандар, Ыбрайымдын урпактары жана Кудайдан корккондор! Ошол куткарылуу жөнүндөгү Жакшы Кабар силерге жиберилген.

27 Анткени Иерусалим тургундары жана алардын башчылары Аны тааныбай, айыпташты. Ошентип, алар ар бир ишемби күнү окулган пайгамбарчылыктарды ишке ашырышты.

28 Андан өлүм жазасына тарткыдай айып таба алышпаса да, Пилаттан Аны өлтүрүүнү өтүнүштү.

29 Ал жөнүндө жазылган сөздөрдүн бардыгын иш жүзүнө ашырышкандан кийин, Анын сөөгүн жыгачтан түшүрүп, көргө коюшту.

30 Бирок Кудай Аны тирилтти.

31 Ал Өзү менен бирге Галилеядан Иерусалимге келгендерге бир нече күн көрүнүп жүрдү. Алар – азыр да эл алдында Анын күбөлөрү.

32 Кудай ата-бабаларыбызга берген Өзүнүн убадасын алардын балдары – биз үчүн аткарганын, аны Ыйсаны тирилтүү менен аткарганын силерге жарыялап жатабыз.

33 Бул жөнүндө экинчи Забурда мындай деп жазылган: “Сен Менин Уулумсуң, бүгүн Мен Сенин Атаң болдум”.

34 Сөөгү чирибеши үчүн, Ыйсаны тирилткени жөнүндө болсо мындай деген: “Мен Дөөткө убада кылган ырайымымды силерге чыны менен көрсөтөмүн”.

35 Ошон үчүн Дөөт Ыйык Жазуунун дагы бир жеринде мындай дейт: “Өзүңдүн Ыйыгыңдын чирүүсүнө жол бербейсиң”.

36 Бирок Дөөт өз учурунда Кудайдын каалоосу боюнча өз элине кызмат кылып бүткөндөн кийин, көз жумуп, ата-бабаларынын жанына коюлду, анын сөөгү чириди.

37 Ал эми Кудай тирилткен Ыйсанын сөөгү чириген жок.

38 Ошондуктан, бир туугандар, билип алгыла: силерге Ал аркылуу күнөөлөрүңөрдүн кечириле тургандыгы жарыяланып жатат.

39 Мусанын мыйзамы аркылуу актала албаган иштериңердин бардыгынан Ал аркылуу акталасыңар. Ага ишенген ар бир адам Ал аркылуу акталат.

40 Ошондуктан сак болгула, пайгамбарлар айткан мына бул сөздөр башыңарга түшпөсүн:

41 “Жек көрүүчүлөр, карагыла да, таң калып, жок болуп кеткиле. Анткени Мен силердин күндөрүңөрдө бир иш жасайм. Ал иш жөнүндө силерге ким айтып берсе да, ишенбейсиңер”».

42 Барнаба менен Пабыл жүйүттөрдүн синагогасынан чыгып бара жатышканда, бутпарастар алардан ушул сөздөрдү кийинки ишембиде да айтып берүүлөрүн өтүнүштү.

43 Эл тарагандан кийин, көптөгөн жүйүттөр жана бутпарастардын арасынан Кудайга кайрылган, Кудайды ыйык туткан прозелиттер Пабыл менен Барнабаны ээрчип алышты. Бул экөө алар менен сүйлөшүп, аларга Кудайдын ырайымы астында болуу жөнүндө насаат айтышты.

44 Кийинки ишемби күнү дээрлик бүт шаар Кудайдын сөзүн угуу үчүн чогулду.

45 Бирок жүйүттөр элди көргөндө, көрө албастык кылып, Пабылдын сүйлөгөн сөздөрүнө каршы жаман сөздөрдү айтышты.

46 Ошондо Пабыл менен Барнаба кайраттуулук менен мындай дешти: «Кудайдын сөзү баарынан мурда силерге айтылышы керек эле. Бирок силер аны четке кагып, өзүңөрдү өзүңөр түбөлүк өмүргө татыксыз кылып жатканыңардан улам, биз бутпарастарга кайрылып жатабыз.

47 Анткени Теңир бизге мындай деген: “Сен бүт жер жүзүндөгү адамдарды куткарышың үчүн, Мен Сени бутпарастарга жарык кылып койдум”».

48 Бутпарастар муну укканда, кубанып, Теңирди ушул сөзү үчүн даңкташты. Түбөлүк өмүргө ээ болууга тандалгандардын бардыгы Ыйсага ишенип калышты.

49 Теңирдин сөзү бүт өлкөгө тарап жатты.

50 Жүйүттөр болсо динчил жана кадыр-барктуу аялдарды, шаардын атактуу адамдарын тукуруп, Пабыл менен Барнабаны куугунтукка алышты да, аларды өздөрүнүн жеринен кууп чыгышты.

51 Эки элчи болсо аларга буттарындагы чаңды күүп, Икония шаарына жөнөп кетишти.

52 Ал эми шакирттер кубанычка батып, Ыйык Рухка толуп жатышты.

**14-БӨЛҮМ**

**Иконияда**

1 Пабыл менен Барнаба Иконияга келгенде, жүйүттөрдүн синагогасына кирип, сөз сүйлөштү. Ошондо көптөгөн жүйүттөр менен эллиндер Ыйсага ишенип калышты.

2 Ал эми ишенбеген жүйүттөр бутпарастарды бир туугандарга каршы тукуруп, кыжырдантышты.

3 Ошондой болсо да ал экөө ал жерде бир топ убакыт болуп, Теңир жөнүндө кайраттуулук менен айтып жүрүштү. Теңир болсо Өзүнүн ырайымы жөнүндөгү сөзүн күбөлөндүрүү үчүн, алардын колдору аркылуу ажайыптар менен кереметтерди көрсөтүп жатты.

4 Бирок шаардын эли экиге бөлүндү: элдин бир бөлүгү жүйүттөр тарапта, экинчи бөлүгү элчилер тарапта болду.

5 Эки элчини шылдыңдап, таш бараңга алыш үчүн, бутпарастар менен жүйүттөр өздөрүнүн башчылары менен бирдикте аларды көздөй бет алышты,

6 Алар бул жөнүндө билип калып, Лукония дубанынын Листра жана Дербе шаарларына, алардын чет жакаларына кетип калышты да,

7 ошол жерлерде Жакшы Кабар таратып жүрүштү.

**Листра менен Дербеде**

8 Листрада буттары кыймылдабаган бир адам отурчу. Ал тубаса майып болчу, өмүрүндө эч качан баскан эмес.

9 Ал Пабылдын сөзүн угуп отурган. Пабыл аны карап, айыгарына ишенерин көрдү да,

10 үнүн бийик чыгарып, мындай деди: «Теңир Ыйса Машайактын атынан сага айтамын, ордуңдан тур». Ал ошол замат ордунан ыргып туруп, баса баштады.

11 Пабылдын эмне кылганын көргөн адамдар луконийалыктардын тилинде: «Кудайлар бизге асмандан адам бейнесинде түшүп келишти», – деп кыйкырып жатышты.

12 Анан Барнабаны Зевс деп, ал эми Пабылды Эрмес деп аташты, анткени, негизинен, Пабыл сөз сүйлөп жаткан эле.

13 Алардын шаарынын алдында турган Зевс бурканынын кызматчысы дарбазанын алдына өгүздөрдү жана гүлчамбарларды алып келди да, эл менен бирдикте курмандык чалмакчы болду.

14 Бирок элчилер Барнаба менен Пабыл муну укканда, өз кийимдерин айрып, элдин ортосуна жулунуп кирип, катуу үн менен мындай дешти:

15 «Эркектер! Эмне кылып жатасыңар? Биз силерге окшогон эле адамдарбыз. Ушул жасалма кудайлардан бурулуп, асман менен жерди, деңизди жана алардын ичиндеги бардык нерселерди жараткан тирүү Кудайга кайрылышыңар үчүн, биз силерге Жакшы Кабар айтып жатабыз.

16 Ал өткөн кылымдарда бардык элдердин өз жолдору менен жүрүүсүнө жол берген.

17 Ошого карабастан, Ал жакшы иштери аркылуу Өзү жөнүндө күбөлөндүргөнүн токтоткон эмес: Ал силерге асмандан жамгыр жаадырып, түшүм берип, тамак-аш менен камсыз кылып, жүрөгүңөрдү кубанычка толтуруп келген».

18 Алар ушул сөздөрдү айтып, элди курмандык чалдырбай, үйлөрүнө тарап кетүүгө араң көндүрүштү. Өздөрү ошол жерде калып, элди окутуп жатышканда,

19 Антийохея менен Икониядан жүйүттөр келишти. Элчилер кайраттуулук менен Жакшы Кабар айтып жатышканда, алар: «Булардын эч бир сөзү чындык эмес, булар жалган айтып жатышат», – деп, элди алардын жанынан кетүүгө көндүрүштү. Анан алар элди тукуруп, Пабылды таш бараңга алышты да, өлдү деп ойлоп, шаардын сыртына сүйрөп чыгарып салышты.

20 Шакирттер Пабылдын тегерегине чогулуп калышканда, ал ордунан туруп, шаарга кирди. Эртеси күнү Барнаба менен бирге Дербеге жөнөп кетти.

**Эки элчинин Антийохеяга кайтып келиши**

21 Алар бул шаарда Жакшы Кабар таратып, бир нече адамды Ыйсанын шакирти кылышкандан кийин, кайрадан Листраны, Иконияны жана Антийохеяны аралап,

22 шакирттерди бекемдеп, ишенимден баш тартпоону насааттап: «Кудайдын Падышачылыгына көптөгөн кыйынчылыктар аркылуу киришибиз керек», – деп окутуп жүрүштү.

23 Анан алар ар бир Жыйынга башчыларды дайындашты да, орозо кармап сыйынып, аларды өздөрү ишенген Теңирге тапшырышты.

24 Андан кийин Писидияны аралап өтүп, Памфилияга келишти.

25 Пергеде Теңирдин сөзүн жарыя кылышкандан кийин, Аталея шаарына келишти.

26 Ал жерден Антийохеяга сүзүп кетишти. Антийохеяда алар өздөрүнө берилген тапшырма боюнча Кудайдын ырайымына тапшырылышкан эле. Ошол тапшырманы аткарышкандан кийин,

27 алар Антийохеяга келишти да, Жыйынды чогултуп, Кудайдын өздөрү аркылуу кылган иштеринин бардыгын, Анын бутпарастар үчүн ишеним эшигин ачкандыгын айтып беришти.

28 Алар Антийохеяда шакирттер менен бир топ убакыт бирге болушту.

**15-БӨЛҮМ**

**Иерусалимде болгон жыйналыш**

1 Жүйүт аймагынан келген кээ бир жүйүттөр бир туугандарды: «Эгерде Мусанын мыйзамы боюнча сүннөткө отургузулбасаңар, куткарылбайсыңар», – деп окутушту.

2 Ушундан улам Пабыл, Барнаба менен алардын ортосунда келишпестик пайда болуп, талаш-тартыш чыкты. Ошондо Пабыл менен Барнабаны жана дагы бир нече адамды бул маселе боюнча Иерусалимдеги элчилерге жана Жыйын башчыларына жиберүүнү чечишти.

3 Жыйын тарабынан жөнөтүлгөн алар Финикия менен Самарияны аралап бара жатып, ал жерлердеги бир туугандарга бутпарастардын Кудайга кайрылышкандыгы жөнүндө айтып, бардыгын кубандырышты.

4 Иерусалимге келишкенде, аларды Жыйын, элчилер жана Жыйын башчылары кабыл алышты. Алар Кудайдын өздөрү аркылуу кылган иштеринин бардыгын, Анын бутпарастар үчүн ишеним эшигин кандай ачкандыгын айтып беришти.

5 Ошондо фарисейлер тобунан Ыйсага ишенип калгандардын кээ бирөөлөрү чыгып: «Бутпарастар сүннөткө отургузулууга тийиш, алардан Мусанын мыйзамын аткарууну талап кылуу керек», – дешти.

6 Ошондо элчилер менен Жыйын башчылары ушул маселени кароо үчүн чогулушту.

7 Узакка созулган талкуудан кийин, Петир ордунан туруп, аларга мындай деди: «Бир туугандар! Бутпарастар мен аркылуу Жакшы Кабар угуп, Ыйсага ишенип калуусу үчүн, Кудай эң башында araңардан мени тандап алгандыгын билесиңер.

8 Адамдын жүрөгүндөгүнү билген Кудай бизге Ыйык Рухту бергениндей эле, аларга да берди. Бул аркылуу Кудай аларды кабыл алгандыгын күбөлөндүрдү.

9 Алардын жүрөктөрүн өздөрүнүн ишеними аркылуу тазалап, алар менен биздин ортобуздагы айырмачылыкты жок кылды.

10 Эмне үчүн силер шакирттердин мойнуна ата-бабаларыбыз да, биз да көтөрө албаган түйшүктү жүктөп, Кудайды сынап жатасыңар?

11 Бирок биз Теңирибиз Ыйса Машайактын ырайымы менен алар сыяктуу эле куткарыларыбызга ишенебиз».

12 Ошондо бүт эл тынчтанып, Барнаба менен Пабылдын сөзүнө кулак салышты. Алар Кудайдын бутпарастар арасында кандай ажайыптар менен кереметтерди жасагандыгын айтып беришти.

13 Алар сүйлөп бүтүшкөндөн кийин, Жакып мындай деп сөз баштады: «Бир туугандар! Мага кулак салгылачы.

14 Шымон бизге Кудайдын эң башында эле бутпарастарга назарын салып, алардан Өзүнүн ысымы үчүн эл жаратууну каалаганын айтып берди.

15 Бул жөнүндө пайгамбарлар мындай деп айтышкан:

16 “Андан кийин Мен кайрылып келип, Дөөттүн кулап калган чатырын кайрадан тургузам, анын ичиндеги бузулган жерлерин калыбына келтирем, аны оңдойм.

17 Ошондо Менин ысымым кайсы элдердин арасында жарыя кылынса, ошол элдердин бардыгы Теңирди издешет, – дейт ушунун бардыгын жасап жаткан Теңир”.

18 Байыртадан бери эле Кудайга Өзүнүн бардык иштери белгилүү.

19 Ошондуктан мен бутпарастардын арасынан Кудайга кайрылгандарга ашыкча нерселерди жүктөбөө керек деп ойлойм.

20 Тескерисинче, аларга мындай деп жазып жибериш керек: “Буркандарга чалынган курмандыкты, канды жана каны агызылбаган жан-жаныбардын, канаттуунун этин жебегиле, ойноштук кылбагыла, өзүңөргө каалабаган нерсени башкаларга да каалабагыла”.

21 Анткени байыртадан бери эле Мусанын мыйзамы бардык шаарларда айтылып, ар бир ишемби күнү синагогаларда окулуп келе жатат».

**Элчилердин чечими**

22 Ошондо элчилер менен Жыйын башчылары Жыйын менен чогуу ойлонуп, өздөрүнүн арасынан адамдарды, атап айтканда, бир туугандардын арасында башчылык кылган, Барзаба деген да ысымы бар Жүйүттү жана Сыласты тандашты да, аларды Пабыл жана Барнаба менен бирге Антийохеяга жиберүүнү чечишти.

23 Төмөнкүдөй кат жазып, алар аркылуу берип жиберишти: «Элчилердин, Жыйын башчыларынын жана бир туугандардын атынан Антийохеядагы, Сириядагы жана Киликиядагы бутпарас бир туугандарыбызга салам айтабыз.

24 Биздин арабыздан барган кээ бирөөлөр “Бутпарастар сүннөткө отургузулууга тийиш, алар мыйзамды аткаруулары керек” деген сөздөрү менен силерди тынчсыздандырып, олку-солку кылышканын уктук. Бирок биз аларга андай тапшырма берген эмеспиз.

25-26 Ошондуктан биз чогулуп, кишилерди тандап, аларды Теңирибиз Ыйса Машайак үчүн жандарын арнап койгон сүйүктүү бир туугандарыбыз Барнаба жана Пабыл менен бирге силерге жиберүүгө бир добуштан чечим чыгардык.

27 Ошентип, биз Жүйүт менен Сыласты жибердик, алар муну силерге оозеки да түшүндүрүп беришет.

28 Анткени Ыйык Рух жана биз силердин мойнуңарга төмөнкү эң маанилүү нерселерден башка эч кандай түйшүк жүктөлбөсүн деп чечтик:

29 буркандарга чалынган курмандыкты, канды жана каны агызылбаган жан-жаныбардын, канаттуунун этин жебегиле, ойноштук кылбагыла, өзүңөргө каалабаган нерсени башкаларга да каалабагыла. Ушулардан сактансаңар, жакшы кыласыңар. Саламатта болгула».

30 Ошентип, жөнөтүлгөндөр Антийохеяга келишти да, Жыйынды чогултуп, катты тапшырышты.

31 Алар болсо катты окуп чыгып, бул акыл-насаатка кубанышты.

32 Жүйүт менен Сылас пайгамбар да болушкандыктан, бир туугандарга көптөгөн акыл-насааттарды айтып, алардын ишенимин бекемдешти.

33 Ал экөө Антийохеяда дагы бир аз убакыт болушкандан кийин, бир туугандар аларды элчилерге тынчтык менен узатып жиберишти.

34 Бирок Сылас Антийохеяда калууну чечти, Жүйүт болсо Иерусалимге кайтты.

35 Пабыл менен Барнаба да Антийохеяда калып, башка көптөгөн адамдар менен бирдикте Теңирдин сөзүн үйрөтүп жана таратып жүрүштү.

**Пабыл менен Барнабанын бөлүнүшү**

36 Бир аз убакыт өткөндөн кийин Пабыл Барнабага: «Теңирдин сөзүн кайсы шаарларда айтсак, ошол шаарлардагы бир туугандарга кайра барып, алардын кандай жашап жатышканын көрүп келели», – деди.

37 Барнаба Марк деген да ысымы бар Жаканды ээрчитип алгысы келди.

38 Бирок Пабыл өздөрүнө тапшырылган ишке чогуу барбай, Памфилияда калып калган Жаканды ээрчиткиси келген жок.

39 Ушундан улам Пабыл менен Барнабанын ортосунда келишпестик пайда болуп, экөө бири-биринен бөлүнүп кетишти. Барнаба Маркты алып, Кипрге сүзүп кетти.

40 Пабыл болсо Сыласты тандап алды да, бир туугандар тарабынан Кудайдын ырайымына тапшырылып, жолго чыкты.

41 Ал Сирияны жана Киликияны кыдырып, ал жерлердеги Жыйындарды бекемдеп жүрдү.

**16-БӨЛҮМ**

**Пабыл Кичи АСияда. Тиметейдин Пабыл менен Сыласка кошулушу**

1 Пабыл Дербеге да, Листрага да барды. Листрада Тиметей деген шакирт бар эле. Анын энеси Ыйсага ишенип калган жүйүт, ал эми атасы эллин болчу.

2 Листрада жана Иконияда жашаган бир туугандар ал жөнүндө жакшы күбөлөндүрүшчү.

3 Пабыл аны өзү менен ала кетүүнү каалады. Ошондуктан аны ал жактагы жүйүттөр үчүн сүннөткө отургузду. Анткени анын атасы эллин экендигин бардыгы билишчү.

4 Алар шаарларды кыдырып, Ыйсага ишенгендерге Иерусалимдеги элчилер жана Жыйын башчылары тарабынан берилген көрсөтмөлөрдү аткаруу керектигин айтып жүрүштү.

5 Жыйындагылардын ишеними бекемделип, сан жагынан күндөн-күнгө көбөйүп жатты.

6 Ыйык Рух тарабынан Асияда Жакшы Кабар таратууга жол берилбегендиктен, алар Фригияны жана Галатия өлкөсүн аралап өтүп,

7 Мусия дубанына жакын келишти да, ал жерден Битиния дубанына кетүүгө аракет кылышты. Бирок Рух буга жол берген жок.

8 Ошондуктан Мусиянын жанынан өтүп, алар Троас шаарына келишти.

**Теңирдин Пабылды Македонияга чакырышы**

9 Түн ичинде Пабыл бир көрүнүш көрдү: көрүнүштө македониялык бир киши андан: «Македонияга келип, бизге жардам бер», – деп өтүндү.

10 Пабыл ушул көрүнүштү көргөндөн кийин, Теңир бизди Македонияда Жакшы Кабар айтууга чакырып жатат деген тыянак чыгардык да, дароо эле ошол жакка барууга аракет кыла баштадык.

11 Ошентип, биз Троастан кемеге түшүп, түз эле Самофрак аралына, эртеси күнү Неапол шаарына келдик.

**Пабыл менен Сылас Филипи шаарында**

12 Неаполдон Филипиге келдик. Бул Македониянын биринчи бөлүгү болуп эсептелген, римдиктер жашаган шаар эле. Бул шаарда биз бир нече күн болдук.

13 Ишемби күнү шаардын сыртына чыгып, дарыянын боюна бардык. Адатта, ал жерде жүйүттөр Кудайга сыйынышчу. Ал жерден орун алып отурдук да, чогулган аялдар менен сүйлөшө баштадык.

**Лидиянын Теңирге кайрылышы**

14 Алардын арасында Тиатира шаарынан келген, кочкул кызыл кездеме менен соода кылган Лидия деген аял айтылып жаткан сөздөрдү угуп отурган. Ал Кудайды урматтаган аял эле. Пабылдын айткан сөздөрүн түшүнүшү үчүн, Теңир анын жүрөгүн ачты.

15 Ал өзүнүн үй-бүлөсү менен бирге сууга чөмүлдүрүлгөндөн кийин: «Эгерде силер мени Теңирге чыны менен ишенди деп эсептесеңер, анда менин үйүмө келип, меникинде жашап тургула», – деп өтүндү. Биз анын өтүнүчүнө макул болдук.

**Пабыл менен Сыластын камалышы**

16 Бир жолу биз сыйынуу жайына бара жатып, көзү ачыктык кылдыруучу жини бар бир күң кызга жолуктук. Ал кыз көзү ачыктык кылуу менен өзүнүн кожоюндарына көп киреше түшүрчү экен.

17 Ал Пабылдын жана биздин артыбыздан калбай, мындай деп кыйкырып жүрдү: «Бул адамдар – бардыгынан жогору турган Кудайдын кулдары, булар бизге куткарылуу жолун жарыялап жүрүшөт».

18 Кыз көп күн ушинтип жүрдү. Пабылдын ачуусу келип, артына бурулду да, кыздын ичиндеги жинге: «Ыйса Машайактын атынан буйрук кыламын: кыздын ичинен чык», – деди. Жин ошол замат чыгып кетти.

19 Кыздын кожоюндары өздөрүнө киреше түшпөй каларын билишкенде, Пабыл менен Сыласты кармап алып, аянтка, башкаруучуларга сүйрөп барышты.

20 Аларды аскер башчыларга алып келишип: «Мына бул жүйүттөр шаарыбызды дүрбөлөңгө түшүрүп,

21 бизге, римдиктерге, кабыл алууга да, аткарууга да болбогон каада-салттарды үгүттөп жүрүшөт», – дешти.

22 Эл да аларга каршы чыкты. Аскер башчылар болсо кийимдерин сыйрып алып, аларды таяк менен сабоого буйрук беришти.

23 Аларды катуу сабашкандан кийин, түрмөгө түртүп киргизишти да, түрмө сакчысына өтө сактык менен кайтарууну буйрук кылышты.

24 Ушундай буйрук алган түрмө сакчысы аларды ички түрмөгө түртүп киргизип, буттарына жыгач кишен кийгизип койду.

**Филипидеги түрмө сакчысынын Теңирге кайрылышы**

25 Түн ортосу болуп калган убакта Пабыл менен Сылас сыйынып, Кудайды даңктап ырдашты. Туткундар болсо аларга кулак төшөштү.

26 Бир маалда катуу жер титирөө болуп, түрмөнүн пайдубалы солкулдап кетти. Ошол замат бардык эшиктер ачылып, бардыгынын кишендери бошоп калды.

27 Түрмө сакчысы ойгонуп кетип, түрмөнүн эшиктеринин ачылып калганын көргөндө, туткундарды качып кетти деп ойлоп, кылычын сууруп чыгып, өзүн өзү өлтүрмөкчү болду.

28 Бирок Пабыл мындай деп кыйкырып жиберди: «Өзүңө эч кандай жамандык кылба, анткени бардыгыбыз бул жердебиз».

29 Түрмө сакчысы шам сурап алып, түрмөнүн ичине чуркап кирди да, коркконунан титиреп, Пабыл менен Сыластын алдына келип жыгылды.

30 Анан аларды сыртка чыгарып: «Мырзаларым! Куткарылыш үчүн эмне кылуум керек?» – деп сурады.

31 Алар болсо ага: «Теңир Ыйса Машайакка ишен, ошондо өзүң да, үйүңдөгүлөр да куткарылат», – дешти.

32 Ошентип, алар ага жана анын үйүндөгүлөрүнүн бардыгына Теңирдин сөзүн айтып беришти.

33 Ошол эле түнү түрмө сакчысы аларды үйүнө алып барып, алардын жараларын жууду. Андан кийин ал дароо эле үйүндөгүлөрүнүн бардыгы менен бирге сууга чөмүлдүрүлдү.

34 Аларды үйүнө киргизип, алдыларына дасторкон жайды. Ыйсага ишенип калышканы үчүн, ал үйүндөгүлөрү менен бирге аябай кубанды.

35 Таң атканда аскер башчылары шаар кызматчылары аркылуу: «Кечээки адамдарды бошоткула», – деп айттырып жиберишти.

36 Түрмө сакчысы бул кабарды Пабылга билдирип: «Аскер башчылары силерди бошотуш үчүн, кишилерди жиберишиптир. Ошондуктан чыккыла да, тынчтык менен кеткиле», – деди.

37 Бирок Пабыл аларга: «Бизди, римдик атуулдарды, сураксыз эле бүт элдин алдында сабап, түрмөгө камашты. Эми бизди жашыруун бошотушмакчыбы? Мындай болбойт, бизди өздөрү келип чыгарышсын», – деди.

38 Шаар кызматчылары бул сөздөрдү аскер башчыларына айтып барышты. Аскер башчылары эки элчинин римдик атуулдар экендигин угуп коркуп кетишкендиктен,

39 келип, алардан кечирим сурашты да, аларды түрмөдөн чыгарып, шаардан кетүүлөрүн өтүнүштү.

40 Алар болсо түрмөдөн чыккандан кийин, Лидиянын үйүнө келишти. Ал жерден бир туугандарга жолугуп, акыл-насаат айтышты, анан жолго чыгышты.

**17-БӨЛҮМ**

**Тесалоника шаарында**

1 Алар Амфипол жана Аполония шаарларын аралап өтүп, Тесалоника шаарына келишти. Ал жерде жүйүттөрдүн синагогасы бар эле.

2 Пабыл адаттагысындай эле алардын синагогасына кирип, үч ишемби катары менен аларды Ыйык Жазуунун негизинде окутту.

3 Машайактын азап чегип өлүп, кайра тирилүүсү керек болгондугун аларга түшүндүрүп, далилдеди да: «Мен силерге жарыялап жаткан Ыйса – Ошол Машайактын Өзү», – деди.

4 Ошондо алардын ичинен кээ бирлери Ыйсага ишенип, Пабыл менен Сыласка кошулушту. Алардын арасында Кудайга табынган көптөгөн эллиндер, атактуу аялдар бар эле.

5 Бирок Ыйсага ишенбеген жүйүттөр көрө албастык кылып, аянттан бузуку кишилерди чогулта калышты да, шаарга дүрбөлөң түшүрө башташты. Анан алар Жасондун үйүнө келишти да, элдин алдына чыгаруу үчүн, Пабыл менен Сыласты издешти.

6 Аларды таппай коюшкандан кийин, Жасонду жана кээ бир бир туугандарды шаар башчыларынын алдына сүйрөп барып: «Бүт дүйнөнү дүрбөлөңгө түшүргөн адамдар бул жакка да келишти.

7 Жасон аларды үйүнө кабыл алды. Булардын бардыгы Ыйса деген адамды падыша деп эсептеп, римдик падышанын буйруктарына каршы чыгып жатышат», – деп кыйкырышты.

8 Муну уккан элдин да, шаар башчыларынын да тынчы кетти.

9 Бирок булар Жасондон жана башка бир туугандардан кепилдик кат алышкандан кийин, аларды бошотуп жиберишти.

**Берея шаарында**

10 Бир туугандар болсо Пабыл менен Сыласты түн ичинде Берея шаарына шашылыш түрдө жөнөтүп жиберишти. Экөө ал жерге келишкенде, жүйүттөрдүн синагогасына барышты.

11 Береялык жүйүттөр тесалоникалык жүйүттөргө караганда акылдуу эле. Алар Кудайдын сөзүн чын жүрөктөн кабыл алышты жана: «Чын эле ушундайбы?» – дешип, күн сайын Ыйык Жазууну изилдешти.

12 Ошентип, береялык жүйүттөрдүн көпчүлүгү Ыйсага ишенип калышты. Алардын арасында эллиндердин көптөгөн атактуу аялдары менен эркектери да бар эле.

13 Тесалоникалык жүйүттөр Пабылдын Берея шаарында да Кудай сөзүн жарыялаганын билишкенде, ал жакка да барып, элдин тынчын кетирип, дүрбөлөң түшүрүштү.

14 Ошондо бир туугандар Пабылды шашылыш түрдө деңиз тарапка жөнөтүштү. Сылас менен Тиметей болсо ошол жерде калышты.

**Афин шаарында**

15 Пабылды узатып чыккандар аны Афин шаарына чейин узатып барышты. Алар Пабылдын «Сылас менен Тиметей мага мүмкүн болушунча тезирээк келишсин!» деген тапшырмасын алып, кайра артка кайтышты.

16 Пабыл Афинде Сылас менен Тиметейди күтүп жатканда, бул шаардын буркандарга толгондугун көрүп, абдан кайгырды.

17 Ошондуктан ал синагогада жүйүттөр менен, Кудайга табынган гректер менен, ар күнү базар аянтында кимге жолукса, ошолор менен сүйлөшүп жүрдү.

18 Ошондо ага Эпикур деген философтун окутуусун жактагандар жана Стоа деген философиялык агымдын өкүлдөрү да жолукту. Алардын бирөөлөрү: «Бул келжирек эмнени айтмакчы болуп жатат?» – дешсе, дагы бирөөлөрү: «Ал чет элдик кудайлар жөнүндө үгүт таратып жүрөт окшойт», – дешти. Анткени Пабыл Ыйса жөнүндө жана тирилүү жөнүндө жарыялап жүргөн эле.

19 Анан алар Пабылды ареопагга алып келишти да: «Сен үгүттөп жүргөн бул жаңы окутуу эмне деген окутуу экендигин билсек болобу?

20 Анткени сен бизге таң каларлык нерсени угузуп жатасың. Ошондуктан биз мунун эмне экендигин билгибиз келет», – дешти.

21 Анткени афиндиктер жана ал шаарда жашаган чет өлкөлүктөр өздөрүнүн убактыларын кандайдыр бир жаңы нерсе жөнүндө сүйлөө менен же угуу менен гана өткөрүшчү.

22 Пабыл ареопагдын ортосуна туруп алып, мындай деп сүйлөдү: «Афиндиктер! Бардык нерседен мен силердин өзгөчө динчил экениңерди көрүп жатам.

23 Анткени мен силердин ыйык жайларыңарды кыдырып карап жүрүп, “Белгисиз кудайга” деген жазуусу бар курмандык чалынуучу жайыңарды көрдүм. Мен силерге өзүңөр билбесеңер да урматтап жүргөн Ошол Кудай жөнүндө айтып берейин.

24 Ал – дүйнөнү жана анын ичинде эмне болсо, ошонун бардыгын жараткан Кудай, асман менен жердин Теңири, ошондуктан Ал адамдын колу менен курулган ийбадатканаларда жашабайт.

25 Ал бир нерсеге муктаждыгы бардай болуп, адамдардын колунун кызматын талап кылбайт, анткени бардыгына өмүр, дем жана керектүү нерсенин бардыгын берген – Ал Өзү.

26 Бүт жер жүзүндө жашасын деп, Ал бир адамдан бүткүл адамзатты жаратты, адамдар үчүн мезгилдерди жана жашай турган жерлерди белгиледи.

27 Адамдар Кудайды издешсин деп, Аны сезишер бекен, табышар бекен деп, Ал ушундай кылды. Бирок Ал ар бирибизге жакын.

28 Анткени биз Ал аркылуу жашап жатабыз, Ал аркылуу кыймылдап жүрөбүз, Ал аркылуу бар болуп турабыз. Бул жөнүндө силердин кээ бир акындарыңар: “Биз Анын тукумубуз”, – дешкен.

29 Эгерде биз Кудайдын тукуму болсок, анда Кудайды адамдын чыгармачылыгы же тапкычтыгы менен алтындан, же күмүштөн, же таштан жасалган кандайдыр бир буркан деп ойлобошубуз керек.

30 Ошондуктан Кудай биздин билбестик кылып жүргөн убакыттарыбызды эсине албастан, азыр бардык жерде бардык адамдарга тобо кылууну буйруп жатат.

31 Анткени Ал бир күндү белгилеп койду. Ошол күнү ааламды Өзү алдын ала белгилеп койгон Адам аркылуу адилеттик менен соттойт. Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилтүү менен, Ал муну бардык адамдарга далил катары көрсөттү».

32 Өлгөндөрдүн тирилери жөнүндө угушканда, кээ бирөөлөр шылдың кылышты, кээ бирөөлөр болсо: «Биз бул тууралуу сенден башка жолу угабыз», – дешти.

33 Ошондо Пабыл алардын арасынан чыгып кетип калды.

34 Бирок кээ бир эркектер аны ээрчип жүрүп, Ыйсага ишенип калышты. Алардын арасында ареопаг кеңешинин мүчөсү Дийонисий, Дамар деген аял жана башкалар бар эле.

**18-БӨЛҮМ**

**Корунт шаарында**

1 Ошондон кийин Пабыл Афинден чыгып, Корунт шаарына келди.

2 Ал жерден ал Акила деген понттук бир жүйүткө жолукту. Клавдий бүт жүйүттөргө Римден чыгып кетүүнү буйругандыктан, ал аялы Прискила менен жакында эле Италиядан келген эле. Пабыл алардын үйүнө барды.

3 Ал Акила менен кесиптеш болгондуктан, алар менен жашап, чогуу иштей баштады. Алар чатыр жасашчу.

4 Пабыл ишемби сайын синагогада сүйлөп, жүйүттөр менен эллиндерди Ыйсага ишендирүүгө аракет кылып жатты.

5 Сылас менен Тиметей Македониядан келишкенден кийин, Пабыл өзүн Жакшы Кабар таратууга толугу менен арнап, жүйүттөргө Ыйсанын Машайак экендигин күбөлөндүрө баштады.

6 Бирок алар каршы чыгып, жаман сөздөрдү айтышкандыктан, ал өзүнүн кийимдерин силкип, аларга мындай деди: «Өз каныңар өз мойнуңарда. Мен тазамын. Мындан ары бутпарастарга барам».

7 Ошентип, Пабыл синагогадан чыгып, Кудайды урматтаган Жуст деген бир кишинин үйүнө келди. Анын үйү синагоганын жанында эле.

8 Синагоганын башчысы Криспос бүт үй-бүлөсү менен Теңирге ишенип калды. Пабылдын сөзүн уккан көптөгөн корунттуктар да Ыйсага ишенип, сууга чөмүлдүрүлүштү.

9 Бир түнү Теңир Пабылга көрүнүш аркылуу мындай деди: «Коркпо, айта бер, унчукпай калба,

10 анткени Мен сени мененмин, сага эч ким жамандык кылбайт. Анткени бул шаарда Менин көп адамдарым бар».

11 Ошондо Пабыл ал жерде бир жыл алты ай калып, аларга Кудайдын сөзүн үйрөттү.

12 Бирок ошол учурда, Ахаяда Галион башчы болуп турган убакта, жүйүттөр биригип алып, Пабылга каршы чыгышты. Алар аны сотко алып барышты да:

13 «Бул киши адамдарды мыйзамга каршы жол менен Кудайга табынууга үйрөтүп жатат», – дешти.

14 Пабыл сүйлөмөкчү болгондо, Галион аларга: «Жүйүттөр! Эгерде кандайдыр бир кылмыш же кандайдыр бир жаман иш жасалган болсо, анда мен силердин наааразылыгыңарды укмакмын.

15 Бирок окутуу жөнүндө, ысымдар жөнүндө, өзүңөрдүн мыйзамыңар жөнүндө сөз болуп жаткандыктан, өзүңөр териштиргиле: мен бул иште сот болууну каалабаймын», – деди.

16 Ошентип, Галион аларды сот болуучу жайдан кууп чыкты.

17 Алар чогулуп, синагоганын башчысы Состенди кармап алып, соттун алдында сабап салышты. Бирок Галион буга көңүл бөлгөн жок.

**Антийохеяга кайтып келүү**

18 Пабыл Корунтта дагы бир нече күн болгондон кийин, бир туугандар менен коштошуп, Прискила жана Акила менен бирге Сирияга сүзүп кетти. Сүзүп кеткенге чейин ал Кенхирея шаарында чачын кырктырды, анткени анын назир болууга берген убадасынын мөөнөтү бүтүп калган эле.

19 Эфес шаарына келишкенде, Пабыл аларды ошол жерге калтырды. Өзү болсо синагогага кирип, жүйүттөр менен сүйлөштү.

20 Алар андан көбүрөөк убакытка калуусун өтүнүштү. Бирок ал макул болбой,

21 алар менен коштошту да: «Жакындап келе жаткан майрамды сөзсүз Иерусалимде өткөрүшүм керек. Эгерде Кудайдын каалоосу болсо, силерге кайрылып келем», – деп, Эфестен кемеге отуруп, жөнөп кетти. Акила менен Прискила болсо Эфесте калышты.

22 Кемеден Кейсареяга түшүп калып, Иерусалимге келди. Ал жердеги Жыйын менен көрүшкөндөн кийин, Антийохеяга жөнөп кетти.

23 Антийохеяда бир нече убакыт болгондон кийин, жолун улантты. Галатия жана Фригия өлкөлөрүн аралап, бардык шакирттердин ишенимин бекемдеп жүрдү.

**Аполос Эфес шаарында**

24 Ошол учурда Эфеске Аполос деген александриялык бир жүйүт келди. Ал сөзгө чечен, Ыйык Жазууну жакшы билген, Теңирдин жолу жөнүндөгү окутууну билген адам эле.

25 Ал Жакандын чөмүлдүрүүсүн гана билсе да, жалындап, Ыйса жөнүндө туура сүйлөп, туура үйрөтүп жүрдү.

26 Ал синагогада тартынбай сүйлөй баштады. Анын сүйлөгөн сөздөрүн уккан Акила менен Прискила аны өздөрүнүн үйүнө чакырып, Теңирдин жолу жөнүндөгү окутууну толугу менен түшүндүрүп беришти.

27 Ал Ахаяга бармакчы болгондо, бир туугандар ага дем берүү максатында ошол жактагы шакирттерге аны кабыл алуу жөнүндө кат жазып беришти. Аполос Ахаяга келгенде, Кудайдын ырайымы менен Ыйсага ишенип калгандарга көп жардам берди.

28 Анткени ал Ыйсанын Машайак экендигин Ыйык Жазуу менен далилдеп, жүйүттөрдү бүт эл алдында тайманбастык менен ашкерелеп жатты.

**19-БӨЛҮМ**

**Пабыл Эфесте**

1 Аполос Корунтта жүргөн убакта Пабыл бөксө тоолордун үстүндө жайгашкан өлкөлөрдү аралап өтүп, Эфеске келди да, ал жерден бир нече шакиртке жолугуп:

2 «Ыйсага ишенип калганыңарда Ыйык Рухту алдыңар беле?» – деп сурады. Алар болсо ага: «Ыйык Рухтун бар экенин да уккан эмеспиз», – деп жооп беришти.

3 Ошондо Пабыл алардан: «Анда силер кайсы чөмүлдүрүү менен чөмүлдүрүлдүңөр эле?» – деп сурады. Алар ага: «Жакандын чөмүлдүрүүсү менен», – деп жооп беришти.

4 Пабыл аларга мындай деди: «Жакан адамдарды тобо кылуу чөмүлдүрүүсү менен сууга чөмүлдүрүп: “Менден кийин келе жаткан Кишиге, атап айтканда, Машайак Ыйсага ишенгиле”, – деген».

5 Алар муну уккандан кийин, Теңир Ыйсанын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлүштү.

6 Пабыл алардын үстүнө колдорун койгондо, аларга Ыйык Рух түштү. Ошондо алар ар кандай тилдерде сүйлөп, пайгамбарчылык кыла баштašты.

7 Алардын саны он экиге жакын эле.

8 Пабыл синагогага кирип, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө ишенимдүү далилдерди келтирип, үч ай бою тайманбастык менен жар салып жүрдү.

9 Бирок кээ бир адамдар өжөрлөнүп, Теңирдин жолу жөнүндөгү окутууну эл алдында жамандап, ишенбей коюшту. Ошондо Пабыл аларды таштап, шакирттерди бөлүп кетти да, күн сайын Туран деген адамдын орто окуу жайында насаат айта баштады.

10 Бул эки жылга созулду, ошондуктан Асиянын бүт тургундары, жүйүттөр да, эллиндер да Теңир Ыйса жөнүндө угушту.

**Скебанын уулдары**

11 Кудай Пабыл аркылуу көптөгөн кереметтерди көрсөтүп жатты.

12 Анын бет аарчылары менен алжапкычтарын оорулуулардын үстүнө коюшканда, алардын оорулары айыгып, ичтеринен жиндер чыгып жатты.

13 Эл аралап сыйкырчылык кылган кээ бир жүйүттөр да жин оорулуу адамдарга: «Пабыл жарыялап жүргөн Ыйсанын атынан силерге буйрук кылабыз», – деп, Теңир Ыйсанын ысымын колдоно башташты.

14 Ушундай кылгандардын арасында жүйүттөрдүн Скеба деген башкы ыйык кызмат кылуучусунун жети уулу бар эле.

15 Бирок жин аларга: «Ыйсаны билем, Пабылды да тааныйм, а силер кимсиңер?» – деп жооп берди.

16 Ошондо жин оорулуу адам атырылып келип, аларды басып жыгылып, сабап салды. Алар ал үйдөн жылаңачталып, жаракат алып качып чыгышты.

17 Бул окуя Эфесте жашаган жүйүттөргө да, эллиндерге да маалым болду. Бардыгын коркунуч басып, Теңир Ыйсанын ысымы даңкталды.

18 Теңирге ишенип калгандардын көптөрү келип, күнөөлөрүн моюндарына алып ачык айтышты.

19 Ал эми сыйкырчылык кылып жүргөндөрдүн көптөрү өздөрүнүн китептерин чогултуп, бүт элдин алдында өрттөп жиберишти. Ал китептердин бааларын эсептешкенде, элүү миң драхма болду.

20 Ошентип, Теңирдин сөзү кеңири тарап, өзүнүн күчүн көрсөтүп жатты.

21 Ушул окуялардан кийин, Пабыл: «Македония менен Ахаяга, андан ары Иерусалимге барышым керек. Ал жерде болгондон кийин, Римге да барышым керек», – деп чечти.

22 Анан ал өзүнүн жардамчылары – Тиметей менен Эрастты Македонияга жиберди. Өзү болсо бир аз убакытка Асияда калды.

**Эфестеги козголоң**

23 Ошол учурда Теңирдин жолу жөнүндөгү окутууга каршы чоң козголоң чыкты.

24 Анткени күмүштөн Артемиданын бутканасынын үлгүлөрүн жасап, сүрөтчүлөргө көп пайда келтирген Деметир деген бир зергер

25 сүрөтчүлөрдү жана башка зергерлерди чогултуп, аларга мындай деди: «Достор! Биздин кирешебиз ушул ишке байланыштуу экенин өзүңөр билесиңер.

26 Жанагы Пабыл деген немение Эфесте гана эмес, бүткүл Асияда: “Колуңар менен жасаган нерселер кудайлар эмес”, – деп, көптөгөн адамдарды ынандырып, жолдон чыгарганын угуп-көрүп жатасыңар.

27 Бул бизге коркунучтарды туудурат: биринчиден, ишибиз бааланбай калат; экинчиден, улуу аял кудай Артемиданын бутканасы барк алынбай, бүткүл Асия жана бүт жер жүзү урматтаган Артемида өзү да улуулугунан ажырайт».

28 Алар муну укканда, жаалданышып: «Эфестиктердин Артемидасы улуу!» – деп, кыйкыра башташты.

29 Ошентип, бүт шаар дүрбөлөңгө түштү. Пабылдын Гай жана Аристарх деген македониялык жолдошторун кармап алып, бардыгы театрды көздөй бет алышты.

30 Пабыл топ элдин ичине кирмекчи болгондо, шакирттер ага жол бербей коюшту.

31 Ошондой эле Асиядагы башкаруучулардын Пабылга ылым санагандары «Пабыл театрга барбасын» деген өтүнүч менен ага киши жиберишти.

32 Ошол арада бирөө бирди айтып, экинчиси дагы бирди айтып кыйкырып, чогулган эл ызы-чуу салып жатты. Элдин көпчүлүгү өздөрүнүн эмне үчүн чогулганын билишкен жок.

33 Ошондо жүйүттөрдүн сунушу боюнча элдин арасынан Искендерди алдыга чыгарышты. Искендер колу менен белги берип, элге сүйлөмөкчү болду.

34 Бирок анын жүйүт экендигин билишкенде, бардыгы бир оোздон: «Эфестиктердин Артемидасы улуу!» – деп кыйкыра башташты. Алар эки саатка жакын ушинтип кыйкырышты.

35 Шаар башчысы элди тынчтандырып, мындай деди: «Эфестиктер! Эфес шаары улуу аял кудай Артемиданын жана анын асмандан түшкөн айкелинин кызматчысы экендигин ким билбейт?

36 Эгерде бул жөнүндө талаш жок болсо, анда силер тынчсызданбай эле коюшуңар керек, алаңгазарлык кылуунун кереги жок.

37 Силер бул жерге бул кишилерди алып келдиңер, бирок булар Артемиданын бутканасын уурдашкан эмес, силердин аял кудайыңарга тил тийгизишкен да эмес.

38 Эгерде Деметирдин жана анын жанындагы сүрөтчүлөрдүн кимдир бирөөгө нааразычылыгы бар болсо, анда бизде соттор бар, дубан башчылары бар. Бири-бирине болгон нааразычылыктары боюнча ошолорго кайрылышсын.

39 Эгерде башка дагы суроолор болсо, анда ал кезектеги чогулушта чечилет.

40 Бүгүн болуп өткөн окуядан улам, козголоң чыгаруучулар катары айыпталуу коркунучу алдында турабыз. Анткени бизде ушунча эл чогулгандыгы үчүн актанууга эч кандай себеп жок». Ушул сөздөрдү айтып, ал чогулган элди таратып жиберди.

**20-БӨЛҮМ**

**Пабыл Македония дубанында жана Грецияда**

1 Козголоң басылгандан кийин, Пабыл шакирттерди чакырып, аларга насаат айтты. Анан алар менен коштошуп, Македонияга жол тартты.

2 Македонияны кыдырып, Ыйсага ишенгендерге көп насаат айткандан кийин, Грецияга келди.

3 Пабыл ал жерде үч ай болгондон кийин, Сирияга Македония аркылуу кайтып келүүнү чечти. Анткени кеме менен Сирияга жол тартар алдында жүйүттөр ага каршы козголоң чыгарышты.

4 Бероялык Пурдун уулу Сосипатыр, тесалоникалык Аристарх менен Секундос, дербелик Гай, Тиметей жана асиялык Тихик менен Трофим аны Асияга чейин узатып барышты.

5 Алар бизден мурун жолго чыгып, бизди Троаста күтүп турушту.

**Троас шаарында**

6 Биз болсо Ачыткысыз нан майрамынан кийин, Филипиден кеме менен чыгып, беш күндөн кийин аларга, Троаска келип, ал жерде жети күн болдук.

7 Жуманын биринчи күнү Пабыл нан сындыруу үчүн чогулган шакирттер менен сүйлөштү. Ал эртеси күнү жолго чыга турган болгондуктан, алар менен түн ортосуна чейин сүйлөшүп отурду.

8 Биз чогулган үйдүн жогорку бөлмөсүндө көп шам чырак күйүп турган.

9 Терезеде Эйтих деген бир жаш улан отурган. Пабылдын сөзү узакка созулгандыктан, ал катуу уктап кетип, үчүнчү кабаттан жерге кулап түштү. Карашса, ал өлүп калыптыр.

10 Пабыл төмөн түшүп, өлүктүн үстүнө жатты да, аны кучактап: «Коркпогула, анын жаны өзүндө», – деди.

11 Анан ал кайра жогору чыгып, нан сындырып, андан жеди. Түнү бою аңгемелешип отуруп, таңга маал жолго чыкты.

12 Бул арада жаш уланды үйгө тирүү алып келип, бардыгы кубанычка батышты.

**Троастан Милетке жол тартуу**

13 Биз Пабылдан мурун кемеге отуруп, Ас шаарын көздөй жол тарттык. Биз аны ошол жерден алып кетмекпиз. Ал өзү жөө баргысы келгендиктен, бизге ушундай кылууну буйруган.

14 Аны менен биз Аста жолуктук да, Мителене шаарына чогуу келдик.

15 Ал жерден кеме менен сүзүп чыгып, эртеси күнү Хиос аралынан алыс эмес жерге келип токтодук. Анын эртеси Самос аралынын жанындагы Трогилий шаарында болуп, бир күндөн кийин Милет шаарына келдик.

16 Анткени Пабыл Асияда убакытты кетирбеш үчүн, Эфестин жанынан өтүп кетүүнү чечти. Анткени ал мүмкүн болсо, Элүүнчү күн майрамында Иерусалимде болуу үчүн шашып бара жаткан эле.

**Эфес Жыйынынын башчылары менен коштошуу**

17 Ал Милеттен Эфеске киши жиберип, Жыйын башчыларын чакыртты.

18 Алар келишкенде, Пабыл аларга мындай деди: «Өзүңөр билесиңер, мен Асияга келген күндөн тартып, бардык убакта жаныңарда болдум.

19 Жүйүттөрдүн кара ниеттигинин айынан башыма келген сыноолор учурунда, Теңирге момундук менен, көз жаш менен кызмат кылдым.

20 Силерге пайдалуу боло турган нерселердин бардыгын айттым, силерди бүт эл алдында да, үймө-үй кыдырып да окуттум.

21 Жүйүттөргө да, эллиндерге да тобо кылуу жөнүндө жана Теңирибиз Ыйса Машайакка ишенүү жөнүндө жарыяладым.

22 Азыр болсо Рухтун жетеги менен Иерусалимге бара жатам, ал жерде мени эмне күтүп тургандыгын билбейм.

23 Бирок мени кишендер жана азап-кайгылар күтүп тургандыгын Ыйык Рух мага ар бир шаарда эскертип жатат.

24 Бирок мен эч нерсеге карабаймын жана өз өмүрүмдү эч аябаймын, алдымда турган жарышты жана Теңир Ыйса тапшырган кызматты – Кудайдын ырайымы жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратуу ишин кубаныч менен аягына чыгарсам эле болду.

25 Азыркы учурда мен муну билем: мен жарыялаган Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө уккандарыңардын ичинен эч бириңер мындан кийин мени көрбөйсүңөр.

26 Ошондуктан бүгүн силерге айтып коёюн: мен эч кимиңердин каныңар үчүн жооп бербейм.

27 Анткени мен силерге Кудайдын эркин толугу менен айткам.

28 Ошондуктан өзүңөргө жана Ыйык Рух тарабынан тапшырылган бүтүндөй үйүргө сак болгула. Теңирдин жана Кудайдын Өз канын төгүп сатып алган Жыйынын кайтаргыла.

29 Анткени мен кеткенден кийин, араңарга үйүрдү аябаган жырткыч карышкырлар кирерин билем.

30 Шакирттерди ээрчитип кетүү үчүн, өзүңөрдүн эле араңардан чындыкты бурмалап сүйлөгөн адамдар чыгат.

31 Ошондуктан сергек болгула, көз жашымды төгүп, ар бириңерди үч жыл бою күн-түн дебей, тынымсыз окутканымды эсиңерден чыгарбагыла.

32 Эми силерди, бир туугандар, Кудайга жана Анын ырайымы жөнүндөгү сөзүнө тапшырамын. Ал сөз силерди калыптандырып, ыйыкталгандар менен бирге мураска ээ кыла алат.

33 Эч кимден күмүш да, алтын да, кийим да алууну каалаган жокмун.

34 Силер өзүңөр билесиңер, өзүмдүн да, жанымдагылардын да муктаждыгы үчүн өз колум менен эмгектендим.

35 Ушинтип эмгектенип, алсыздарга жардам берүү керек экендигин, Ыйса Теңирдин “Алганга караганда берген жакшы” деген сөзүн унутпоо керек экендигин бардык жагынан көрсөттүм».

36 Бул сөздөрдү айткандан кийин, ал тизе бүгүп, бардыгы менен чогуу сыйынды.

37 Бардыгы аябай ыйлап, Пабылды мойнунан кучактап өпкүлөштү.

38 Аларды Пабылдын «Мени мындан кийин көрбөйсүңөр» деген сөзү өзгөчө кайгыртты. Андан кийин алар аны кемеге чейин узатып барышты.

**21-БӨЛҮМ**

**Милеттен Тирге жол тартуу**

1 Алар менен коштошкондон кийин, кеме менен түз эле Кос кичи аралына бардык. Эртеси күнү Родос аралына келип, ал жерден Патара шаарына бардык да,

2 Финикияга кете турган кемени таап, ага отуруп, жолго чыктык.

3 Кипр аралынын түштүк тарабынан өтүп, Сирияны көздөй багыт алдык да, Тир шаарына келип токтодук. Анткени бул жерден кемедеги жүктү түшүрүшмөк.

4 Ал жерден шакирттерди издеп таап, алар менен жети күн болдук. Алар Рухтун ачып берүүсү боюнча Пабылга: «Иерусалимге барбагын», – деп айтып жатышты.

5 Бирок бул күндөр өткөндөн кийин, биз жолго чыктык. Алардын бардыгы, аялдары, балдары менен бирге бизди шаардын сыртына чейин узатып барышты. Деңиз жээгинде тизе бүгүп сыйындык.

6 Коштошкондон кийин, биз кемеге отурдук, алар болсо үйлөрүнө кайтышты.

7 Тирден Птоломай шаарына келдик. Ошентип, биз кеме менен жол жүрүүнү токтоттук. Ал жерде бир туугандарга барып, алар менен бир күн болдук.

**Кейсарея шаарында**

8 Эртеси жолго чыгып, Кейсареяга келдик да, ал жерден Жакшы Кабар таратуучу Филиптин үйүнө барып, аныкында калдык. Ал жети диакондун бири эле.

9 Анын пайгамбарчылык кылган, турмушка чыкпаган төрт кызы бар эле.

10 Биз алардыкында бир нече күн болдук. Ошол күндөрдүн биринде Жүйүт аймагынан Агап деген бир пайгамбар келип,

11 биз отурган бөлмөгө кирди да, Пабылдын курун алып, өзүнүн колу-бутун байлап, мындай деди: «Ыйык Рух мындай дейт: Иерусалимдеги жүйүттөр бул курдун ээсин ушинтип байлап, бутпарастардын колуна салып беришет».

12 Муну укканда, биз да, ал жердегилер да Пабылдан Иерусалимге барбоосун өтүндүк.

13 Бирок ал мындай деди: «Бул эмне кылганыңар? Эмнеге ыйлап, мени кайгыга салып жатасыңар? Мен Иерусалимде Теңир Ыйса үчүн туткундалууга гана эмес, өлүүгө да даярмын».

14 Биз аны көндүрө албай койгондон кийин, «Теңирдин эрки болсун!» деп, унчукпай калдык.

**Иерусалимде**

15 Ошол күндөрдөн кийин, биз жолго камынып, Иерусалимге жол тарттык.

16 Биз менен бирге кейсареялык бир нече шакирт да жолго чыкты. Алар бизди кипрлик Мнасондун үйүнө ээрчитип барышты. Мнасон биринчи шакирттерден эле.

17 Иерусалимдеги бир туугандар бизди кубаныч менен кабыл алышты.

18 Эртеси күнү биз Пабыл менен бирге Жакыпка бардык. Жыйын башчылары да келишти.

19 Алар менен учурашкандан кийин, Пабыл аларга өзүнүн кызматы аркылуу Кудай бутпарастар арасында эмнелерди кылганы жөнүндө толугу менен айтып берди.

20 Алар анын сөзүн угуп, Кудайды даңкташты. Анан ага мындай дешти: «Бир тууган, өзүң көрүп тургандай, миңдеген жүйүттөр Ыйсага ишенип калышты, алардын баары Мусанын мыйзамын кызганчаактык менен коргошот.

21 Алар сен тууралуу: “Ал бутпарастар арасында жашаган бүт жүйүттөрдү: "Балдарыңарды сүннөткө отургузбагыла, салтты кармабагыла", – деп, Мусанын мыйзамынан четтөөгө үйрөтүп жатат”, – деп угушкан.

22 Эми эмне болот? Эл сенин бул жерге келгениңди угуп, сөзсүз чогулат.

23 Ошондуктан биздин айтканыбызды кыл: биздин арабызда назир болууга убада берген төрт адам бар.

24 Аларды ийбадатканага ээрчитип барып, алар менен кошо тазалануу расмисинен өт. Алардын чач алдырыш үчүн чалган курмандыктарына кеткен чыгымын сен төлө. Ошондо жүйүттөрдүн бардыгы сен тууралуу уккан сөздөрүнүн туура эмес экендигин, өзүң да мыйзамды сактап жүргөнүңдү билишет.

25 Ал эми бутпарастардын арасынан Ыйсага ишенип калгандарга: “Буркандарга чалынган курмандыкты, канды жана каны агызылбаган жан-жаныбардын, канаттуунун этин жебегиле, ошондой эле ойноштук кылбагыла”, – деп кат жазып, берип жибердик».

26 Ошондо Пабыл назир болууга убада берген төрт кишини ээрчитип барып, алар менен бирге тазалануу расмисинен өттү. Эртеси күнү ийбадатканага кирип, тазалануу күндөрүнүн качан бүтөрүн, качан ар бири үчүн курмандык чалынарын жарыялады.

**Пабылдын камалышы**

27 Жети күндүк тазалануу расмиси аяктап калганда, асиялык жүйүттөр Пабылды ийбадатканадан көрүп, бүт элди ага каршы тукурушту. Алар аны кармап алып:

28 «Ысрайыл эркектери, жардамга келгиле! Мына бул киши бардык жерде элибизге, мыйзамыбызга жана ушул ыйык жайга каршы окутуп жүрөт. Атүгүл, эллиндерди да ийбадатканага киргизип, бул ыйык жайды булгады», – деп кыйкырышты.

29 Анткени алар мындан мурун Пабылдын эфестик Трофим менен шаарда жүргөнүн көрүп, ал аны ийбадатканага киргизди деп ойлоп калышкан.

30 Бүт шаар кыймылга келип, ар тараптан эл чогулду. Алар Пабылды ийбадатканадан сыртка сүйрөп чыгарышты. Ошол замат ийбадатккананын эшиктери бекитилди.

31 Алар аны өлтүрмөкчү болуп жатышканда, римдик миң башыга «Бүт Иерусалим дүрбөлөңгө түшүп жатат» деген кабар жетти.

32 Миң башы ошол замат аскерлерди жана жүз башыларды алып, аларды көздөй жөнөдү. Алар миң башыны жана аскерлерди көргөндө, Пабылды урганын токтотушту.

33 Ошондо миң башы жакын келип, аны кармады да, эки чынжыр менен байлоого буйрук берди. Анан: «Бул ким? Эмне кылды эле?» – деп сурады.

34 Элдин арасынан бирөө бирди айтып, экинчиси дагы бирди айтып кыйкырып жатышты. Ал болсо дүрбөлөңдөн улам, кимисиники чын экенин биле албай, аны аскерлер үйүнө алып барууга буйрук берди.

35 Пабыл тепкичке жеткенде, аскерлер аны көтөрүп чыгууга мажбур болушту. Анткени калың эл кысып,

36 алардын артынан калбай: «Ага өлүм!» – деп кыйкырып келе жатышкан.

37 Пабыл аскерлер үйүнө кирип бара жатканда, миң башыдан: «Сага бир нерсе айтсам болобу?» – деп сурады. Тиги болсо: «Сен грекче билесиңби?

38 Мындан бир нече күн мурун козголоң чыгарып, төрт миң кылмышкерди чөлгө алып чыккан мисирлик киши сен эмессиңби?» – деди.

39 Пабыл болсо: «Мен жүйүтмүн, Киликия дубанынын белгилүү шаарларынын бири Тарстын атуулумун. Мага элге сүйлөгөнгө уруксат берчи», – деди.

40 Ал уруксат берди. Ошондо тепкичтин үстүндө турган Пабыл элге колу менен белги берди. Тынчтанып калышканда, аларга эврей тилинде сүйлөй баштады:

## 22-БӨЛҮМ

### Пабылдын коргонуу сөзү

1 «Агайын-туугандар жана аталар! Азыр менин актануума кулак салгыла».

2 Алар анын эврей тилинде сүйлөгөнүн угушканда, мурдагыдан да тынчтанып калышты. Ошондо ал мындай деди:

3 «Мен жүйүтмүн, Киликиянын Тарс шаарында туулгам, бирок Иерусалимде Гамалиелдин кол астында тарбиялангам. Андан ата-бабаларыбыздын мыйзамын тырышчаактык менен үйрөнүп, Кудайга силер сыяктуу эле берилип кызмат кылчумун.

4 Ыйсанын жолун жолдоочуларды катуу куугунтуктачумун, эркек болобу, аял болобу, байлап, түрмөгө камачумун.

5 Менин бул кылгандарыма башкы ыйык кызмат кылуучу да, аксакалдар кеңеши да күбө. Мен алардан суранып, Дамаскта жашаган жүйүттөргө каттарды жаздырып алдым да, ошол жактагы Ыйсага ишенгендерди Иерусалимге кишендеп алып келип, жазага тартыш үчүн, Дамаскка жөнөдүм.

6 Жолдо мындай окуя болду: чак түштө, Дамаскка жакын калганымда, күтүлбөгөн жерден асмандан бир чоң жарык түшүп, айланамды жаркыратты.

7 Мен жерге жыгылдым. Анан “Шабыл, Шабыл! Эмне үчүн сен Мени кубалап жатасың?” деген үндү уктум.

8 Ошондо мен: “Сен кимсиң, Теңир?” – деп сурадым. Ал мага: “Сен кубалап жаткан назареттик Ыйсамын”, – деп жооп берди.

9 Менин жанымдагылар болсо ошол жарыкты көрүп коркуп кетишти, бирок мага Сүйлөгөндүн үнүн угушкан жок.

10 Ошондо мен: “Теңир! Мен эмне кылышым керек?” – деп сурадым. Теңир болсо мага: “Ордуңан туруп, Дамаскка баргын, сен кыла турган иштердин бардыгы сага ошол жерде айтылат”, – деди.

11 Ошол жаркыраган жарыктан көзүм көрбөй калгандыктан, жанымдагылар мени Дамаскка колумдан жетелеп алып барышты.

12 Дамасктык жүйүттөр тарабынан жакшы күбөлөндүрүүгө ээ болгон, мыйзамды сактап, такыбаа жашаган Анания деген киши жаныма келип:

13 “Шабыл бир тууган! Көзүң көрсүн!” – деди. Мен ошол замат көрүп калдым.

14 Ал болсо мага: “Ата-бабаларыбыздын Кудайы сени Өзүнүн эркин таанып билсин деп, Адилди көрүп, Анын оозунан сөз уксун деп тандап алды.

15 Анткени сен укканыңды, көргөнүңдү бардык адамдардын алдында күбөлөндүрүп, Анын күбөсү болосуң.

16 Ошондуктан кечиктирбе! Ордуңдан тургун да, Теңир Ыйсанын ысымын чакырып, сууга чөмүлдүрүлгүн, күнөөлөрүңдөн тазалангын”, – деди.

17 Мен Иерусалимге кайтып келип, ийбадатканада сыйынып жатканымда, бир көрүнүш көрдүм.

18 Ал көрүнүштө мен Аны көрдүм. Ал мага: “Иерусалимден тезирээк кеткин, анткени бул жерде сенин Мен жөнүндөгү күбөлөндүрүүңдү кабыл алышпайт”, – деди.

19 Ошондо мен: “Теңир! Сага ишенгендерди түрмөгө камагандыгымды, синагогаларда сабагандыгымды,

20 Сенин күбөң Степанды таш бараңга алып жатышканда, ошол жерде туруп алып, аны өлтүрүп жаткандарды колдоп, алардын кийимдерин кайтарып тургандыгымды алар билишет”, – дедим.

21 Бирок Ал мага: “Баргын, Мен сени алыска, бутпарастарга жиберемин”, – деди».

22 Алар Пабылды андан ары сүйлөтпөй: «Мындай адамды жер үстүнөн жок кылуу керек! Анткени анын жашоого укугу жок!» – деп кыйкырышты.

**Пабыл миң башынын алдында**

23 Алар кыйкырып, кийимдерин чечип ыргытып, туш-тушка топурак чача башташты.

24 Миң башы элдин ага каршы эмнеге мынчалык кыйкырган себебин билүү максатында, аны сабатып суракка алыш үчүн, аскерлер үйүнө киргизүүгө буйрук берди.

25 Анан аны сабоо үчүн, кайыш курлар менен байлап салышты. Ошондо Пабыл жанында турган жүз башыдан: «Силерге Римдин атуулун соттун өкүмүсүз эле сабаганга болобу?» – деп сурады.

26 Жүз башы муну укканда, миң башыга барып: «Сен эмне кылганы жатасың? Бул адам Римдин атуулу экен», – деди.

27 Ошондо миң башы Пабылдын жанына келип: «Сен Римдин атуулусуңбу?» – деп сурады. Ал ага: «Ооба», – деп жооп берди.

28 Анан миң башы мындай деди: «Римдин атуулу болуш үчүн, мен көп акча төлөгөм», – деди. Пабыл болсо: «А мен туулгандан эле Римдин атуулумун», – деди.

29 Ошондо аны кыйнап суракка алмакчы болуп жаткандар дароо четтеп кетишти. Миң башы болсо анын Римдин атуулу экендигин билгенде, аны байлаттыргандыгы үчүн коркуп кетти.

30 Эртеси күнү миң башы Пабылды жүйүттөр эмне себептен айыптап жатканын так билүү үчүн, аны кишенден бошотту да, башкы ыйык кызмат кылуучулар менен синедриондун чогулуусун буйруду. Анан Пабылды алардын алдына чыгарды.

**23-БӨЛҮМ**

**Пабыл синедриондун алдында**

1 Пабыл синедрионду карап: «Агайын-туугандар! Мен ушул күнгө чейин Кудай алдында таза абийир менен жашап келдим», – деди.

2 Башкы ыйык кызмат кылуучу Ханания Пабылдын жанында тургандарга аны оозго урууга буйрук берди.

3 Ошондо Пабыл ага мындай деди: «Акталган дубал, сени Кудай урат! Мыйзам боюнча соттоо үчүн отурасың да, мыйзамды бузуп, мени урууга буйрук бересиң!»

4 Ал жерде тургандар болсо: «Кудайдын башкы ыйык кызмат кылуучусуна тил тийгизесиңби?» – дешти.

5 Пабыл аларга: «Агайын-туугандар, мен анын башкы ыйык кызмат кылуучу экенин билген эмесмин. Анткени Ыйык Жазууда: "Элиңдин башчыларына тил тийгизбе", – деп жазылган», – деп жооп берди.

6 Пабыл алардын бир тобу садукейлер, бир тобу фарисейлер экендигин билип, синедриондо үнүн бийик чыгарып: «Агайын-туугандар! Мен фарисеймин, фарисейдин уулумун. Мени өлгөндөрдүн тирилерине үмүттөнгөндүгүм үчүн соттоп жатышат», – деди.

7 Ал ушул сөздү айткандан кийин, фарисейлер менен садукейлердин ортосунда талаш чыгып, эл экиге бөлүндү.

8 Анткени садукейлер: «Өлгөндөр тирилбейт, периште деген да, рух деген да жок», – дешет. Фарисейлер болсо өлгөндөр тирилерине, периштелер да, рухтар да бар экендигине ишенишет.

9 Ошентип, катуу уруш-талаш башталды. Фарисейлер тараптан мыйзам окутуучулар орундарынан туруп: «Биз бул адамдан эч кандай айып таппай жатабыз. Эгерде ага рух же периште сүйлөгөн болсочу? Кудайга каршы чыкпайлы!» – дешти.

10 Талаш күчөй бергендиктен, миң башы Пабылды тытып жок кылышпасын деп коркуп, аскерлерине: «Барып, Пабылды элдин ортосунан алып чыккыла да, аскерлер үйүнө алып баргыла», – деп буйрук берди.

11 Эртеси түн ичинде ага Теңир келип: «Кайраттан, Пабыл, анткени Иерусалимде Мен жөнүндө кандай күбөлөндүрсөң, Римде да ошондой күбөлөндүрүшүң керек», – деди.

**Жүйүттөрдүн Пабылга каршы чыгышы**

12 Таң атканда бир нече жүйүт өз ара сүйлөшүп, Пабылды өлтүрмөйүнчө, эч нерсе жебөөгө жана ичпөөгө ант беришти.

13 Ант бергендердин саны кырктан ашык болчу.

14 Алар башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдарга келип: «Биз Пабылды өлтүрмөйүнчө, эч нерсе жебейбиз деп ант бердик.

15 Ошондуктан силер азыр синедрион менен бирдикте миң башыдан: “Пабылдын ишин толугу менен карап чыгабыз. Ошондуктан эртең аны бизге чыгарып бер”, – деп сурангыла. Биз болсо аны бул жерге жакындай элегинде эле өлтүрүүгө даяр болуп турабыз», – дешти.

16 Алардын бул арам оюн Пабылдын жээни угуп калып, аскерлер үйүнө барып, Пабылга билдирди.

17 Пабыл жүз башылардын бирин чакырып: «Бул жигитти миң башыга алып барчы, анткени мунун ага айта турган сөзү бар экен», – деди.

18 Тиги аны миң башыга ээрчитип барды да: «Туткун Пабыл мени чакырып, бул жигитти сага алып келүүмдү өтүндү, мунун сага айта турган сөзү бар экен», – деди.

19 Миң башы жигитти колунан кармап, четке чыгарды да: «Мага айта турган кандай сөзүң бар?» – деп сурады.

20 Жигит ага: «Жүйүттөр Пабылдын ишин толугу менен карап чыгабыз демиш болуп, аны эртең синедриондун алдына чыгарып берүүңдү өтүнүүгө макулдашышты.

21 Бирок сен алардын өтүнүчүнө макул болбогун, анткени Пабылды алардын кырктан ашык адамы аңдып турат. Алар аны өлтүрмөйүнчө, эч нерсе жебөөгө жана ичпөөгө ант беришти. Азыр алар сенин буйругуңду күтүп, даяр турушат», – деди.

22 Ошондо миң башы: «Бул жөнүндө мага билдиргендигиңди эч кимге айтпа», – деп, жигитти коё берди.

**Пабылдын Кейсареяга жөнөтүлүшү**

23 Анан ал жүз башылардан экөөнү чакырып: «Түнкү үчүнчү саатка эки жүз жөө аскерди, жетимиш атчанды жана эки жүз аткычты Кейсареяга баруuга даярдагыла.

24 Пабылды мингизип, башкаруучу Феликске аман-эсен жеткириш үчүн, унаа да даярдагыла», – деп буйрук берди.

25 Анан мындай мазмундагы кат жазды:

26 «Урматтуу башкаруучу Феликске Клавдий Лусийден салам!

27 Бул адамды жүйүттөр кармап алып, өлтүрмөкчү болуп жатышыптыр. Мен анын Римдин атуулу экендигин билип, аскерлер менен барып, куткарып алдым.

28 Андан кийин эмне үчүн айыптап жатышкандыгын билгим келип, аны өздөрүнүн синедрионуна алып бардым.

29 Аны өздөрүнүн мыйзамына байланыштуу талаш пикирлер боюнча айыптап жатышкандыгын, бирок анын өлүм жазасына тарткыдай же кишендегидей күнөөсү жок экендигин билдим.

30 Ошол учурда мен жүйүттөрдүн бул адамга карата арам оюн билип калып, аны дароо сага жибердим. Айыптоочуларга да ага карата наарaзычылыктарын сенин алдыңда айтуусун буйрук кылдым. Саламатта бол».

31 Ошентип, аскерлер өздөрүнө берилген буйрук боюнча Пабылды түн ичинде Антипатрис шаарына жеткиришти.

32 Эртеси күнү жөө аскерлер аны атчандар менен жөнөтүп жиберип, аскерлер үйүнө кайтып келишти.

33 Атчандар болсо Кейсареяга келип, башкаруучуга катты беришти. Пабылды да ага тапшырышты.

34 Башкаруучу катты окуп чыккандан кийин, Пабылдын кайсы дубандан экендигин сурады. Анын Киликия дубанынан экендигин билгенден кийин:

35 «Мен сени айыптоочуларың келгенде угам», – деди. Анан аны Ироддун сарайында кайтарууга буйрук берди.

**24-БӨЛҮМ**

**Пабыл Феликстин алдында**

1 Беш күндөн кийин башкы ыйык кызмат кылуучу Ханания аксакалдарды жана Тертул деген жактоочуну алып, башкаруучуга келди. Алар Пабылга каршы арызданышты.

2 Пабыл чакыртылып келгенде, Тертул аны мындай деп айыптай баштады:

3 «Улуу урматтуу Феликс, ушул өлкөдөгү тынчтык үчүн жана өзүңдүн камкордугуң менен ушул эл жакшы жашап жаткандыгы үчүн, биз сага милдеттүү экенибизди ар убакта, бардык жерде ыраазычылык менен мойнубузга алабыз.

4 Сени көпкө кармабайлы. Өзүңө мүнөздүү болгон ырайымдуулугуң менен бизге бир аз кулак салып коюуңду өтүнөм.

5 Биз бул адамды коомдун тынчын алуучу, бүт дүйнө жүзүндө жашаган жүйүттөр арасында козголоң чыгаруучу жана назареттик жалган окутуунун өкүлү деп таптык.

6 Ал ийбадаткананы булгаганга да аракет кылды. Биз аны кармап алып, өзүбүздүн мыйзамыбыз боюнча соттогону жатканбыз.

7 Бирок миң башы Лусий келип, аны биздин колубуздан күч менен тартып алып, сага жиберди.

8 Анын айыптоочулары – бизди да сага барууга буйруду. Аны айыптап жатканыбыздын себебин өзүнөн сурап бил».

9 Жүйүттөр да ага кошулуп, ал жөнүндө айтылган сөздөрдүн баарын туура деп ырасташты.

10 Башкаруучу колу менен белги бергенде, Пабыл мындай деп сүйлөй баштады: «Сенин бул элге көп жылдан бери сот жүргүзүп келе жаткандыгыңды билгендигимден улам, мен өз ишимди эркин коргой аламын.

11 Өзүң билип алсаң болот, Кудайга табынуу үчүн Иерусалимге келгениме он эки күндөн аша элек.

12 Ыйык жайда болобу, синагогада болобу, шаарда болобу, алар менин бирөө менен талашып-тартышканымды же эл арасында козголоң чыгарганымды көрүшкөн жок.

13 Азыр койгон айыптарын да далилдей алышпайт.

14 Бирок алар жалган деп эсептеген окутуу боюнча мен, чын эле, ата-бабаларымдын Кудайына кызмат кыларымды, «Тооратта» жана «Пайгамбарлар» китебинде жазылгандын бардыгына ишенеримди сенин алдыңда мойнума алам.

15 Мен да алар сыяктуу эле, адилеттүүлөр да, адилетсиздер да тирилет деп, Кудайдан үмүттөнөм.

16 Ошондуктан Кудай алдында да, адамдар алдында да абийирим таза болушу үчүн, ар дайым аракет кылам.

17 Мен өз элиме жардам жана курмандыктарды жеткирип берүү үчүн, бир нече жылдан кийин Иерусалимге келдим.

18 Асиялык жүйүттөр мени ийбадатканада тазалануу расмисинен өтүп жаткан жеримден көрүштү. Жанымда эл жок болчу, эч кандай ызы-чуу да болгон эмес.

19 Эгерде ошол асиялык жүйүттөрдүн мага карата нааразычылыгы болсо, анда алар сенин алдыңа келип, мени айыптоолору керек эле.

20 Же болбосо бул жердегилер да синедриондун алдында турганымда менден кылмыш табышкан болсо, анда айтып беришсин.

21 Болгону, мен алардын арасында турганымда үнүмдү катуу чыгарып, “Силер мени бүгүн өлгөндөрдүн тириле тургандыгы жөнүндөгү окутуу үчүн айыптап жатасыңар” дегем».

22 Муну укканда, бул окутуу жөнүндө толук маалыматы бар Феликс аларга: «Мен силердин ишиңерди миң башы Лусий келгенде териштирем», – деп, тергөө ишин кийинкиге калтырды.

23 Жүз башыга болсо Пабылды камакка алууну, бирок кысымга албоону жана жакындарынын эч биринин ага кам көрүп туруусуна же келүүсүнө тыюу салбоону буйрук кылды.

**Пабылдын эки жыл түрмөдө отурушу**

24 Бир нече күндөн кийин Феликс өзүнүн жүйүт аялы Друзила менен келди да, Пабылды чакыртып алып, Машайак Ыйсага болгон ишеним тууралуу укту.

25 Пабыл адилеттик, өзүн өзү тыюу жана келечектеги сот тууралуу айта баштаганда, Феликсти коркунуч басты. Ошондуктан ал: «Азыр бара бер, убакыт болгондо өзүм чакыртып алам», – деди.

26 Ошол эле учурда Феликс Пабылдан бошонуш үчүн акча берет деп үмүттөнгөндүктөн, аны тез-тез чакыртып алып, сүйлөшүп турду.

27 Эки жылдан кийин Феликстин ордуна Поркий Фест келди. Жүйүттөргө жаккысы келген Феликс Пабылды түрмөдө калтырды.

## 25-БӨЛҮМ

**Пабыл Фесттин алдында**

1 Бийликке келгенине үч күн болгондон кийин, Фест Кейсареядан Иерусалимге жол тартты.

2 Иерусалимде ага башкы ыйык кызмат кылуучу менен жүйүттөрдүн эң атактуу адамдары келип, Пабылдын үстүнөн арызданышты.

3 Алар андан: «Бизге жакшылык кылып, Пабылды Иерусалимге чакыртып бер», – деп өтүнүштү. Анткени алар аны жолдо өлтүрүүнү ойлоп жатышкан эле.

4 Бирок Фест Пабылдын Кейсареяда камакта экендигин жана өзү да жакында ошол жакка бараарын айтты да,

5 «Араңардан барганга мүмкүнчүлүгү барлар мени менен барышсын. Эгерде ал адамдын кандайдыр бир айыбы бар болсо, анда аны айыпташсын», – деди.

6 Сегиз-он күндөй Иерусалимде болгондон кийин, ал Кейсареяга кайтып келди. Эртеси күнү сот тагына отуруп, Пабылды алып келүүнү буйруду.

7 Пабыл келгенде, Иерусалимден келген жүйүттөр аны тегеректеп алып, көптөгөн оор айыптарды коюшту, бирок аларды далилдеп бере алышкан жок.

8 Пабыл болсо өзүн коргоп: «Мен жүйүттөрдүн мыйзамына да, ийбадатканага да, римдик падышага да каршы эч кандай кылмыш кылган жокмун», – деди.

9 Фест жүйүттөргө жаккысы келип, Пабылдан: «Иерусалимге баргың келеби? Ушул айыптоолор боюнча сени ошол жакта соттоомду каалайсыңбы?» – деп сурады.

10 Пабыл ага мындай деп жооп берди: «Мен падыша сотунун алдында турам, ошондуктан ушул жерде соттолушум керек. Мен жүйүттөргө эч кандай жамандык кылган эмесмин, аны сен да жакшы билесиң.

11 Эгерде мен айыптуу болсом, өлүм жазасына тарткыдай бир нерсе кылган болсом, анда өлүмдөн баш тартпаймын. Эгерде булардын мага койгон айыптары негизсиз болсо, анда мени эч ким булардын колуна салып бере албайт. Падыша алдында соттолууну талап кыламын».

12 Фест кеңешчилери менен кеңешкенден кийин, Пабылга: «Сен падыша алдында соттолууну талап кылдың, падыша алдына барасың», – деди.

13 Бир нече күндөн кийин Агрипа падыша менен Берникe Фестти куттукташ үчүн, Кейсареяга келишти.

14 Алар ал жерде бир нече күн болушкандыктан, Фест Пабылдын иши жөнүндө падышага баяндап берди: «Бул жерде Феликс тарабынан түрмөдө калтырылган бир адам бар.

15 Мен Иерусалимге барганда, жүйүттөрдүн башкы ыйык кызмат кылуучулары менен аксакалдары анын үстүнөн арызданып, анын соттолуусун талап кылышты.

16 Мен аларга: “Айыпкер өзүнүн айыптоочулары менен беттешмейинче жана өзүн коргоп сүйлөмөйүнчө, римдиктердин салты боюнча эч бир адамды өлүм жазасына тартууга болбойт”, – деп жооп бердим.

17 Алар мени менен бул жерге келишкенде, мен эч создуктурбастан, эртеси эле күнү сот тагына отурдум да, ал адамды алып келүүнү буйрудум.

18 Аны тегеректеген айыптоочулар ага каршы мен күткөндөй айып коё алышкан жок.

19 Бирок алар менен анын ортосунда өздөрүнүн дини тууралуу жана Ыйса деген бир өлгөн киши тууралуу талаш бар экен. Пабыл ошол Ыйсаны тирүү деп далилдеп жатыптыр.

20 Мен бул суроону кантип чечүүнү билбей, андан: “Иерусалимге барып, бул иш боюнча ошол жерде соттолууну каалайсыңбы?” – деп сурадым.

21 Бирок Пабыл өзүнүн иши боюнча Август падышанын чечимин талап кылгандыктан, ага жибергенге чейин, мен аны камакта кармоого буйрук бердим».

22 Ошондо Агрипа Фестке: «Ал адамды мен да угууну каалар элем», – деди. Ал ага: «Аны эртең угасың», – деп жооп берди.

**Пабыл Агрипа падышанын алдында**

23 Эртеси күнү Агрипа менен Бернике салтанат менен келип, миң башылар жана шаардын атактуу адамдары менен сот залына киргенде, Фесттин буйругу боюнча Пабылды алып келишти.

24 Ошондо Фест мындай деди: «Агрипа падыша жана биз менен чогуу ушул жерде тургандар! Силер көрүп турган ушул адамга көптөгөн жүйүттөр каршы экен. Иерусалимге барганымда да, ушул жерде да алар мага келишип, анын өлүшүн талап кылып кыйкырышты.

25 Бирок мен андан өлүм жазасына тарткыдай эч нерсе тапкан жокмун. Августтун алдында соттолууну талап кылгандыктан, мен аны ага жөнөтүүнү чечтим.

26 Падышага ал жөнүндө жаза турган негиздүү эч нерсем жок. Ошондуктан тергөөнүн акырында жазганга бир нерсе болсун деген ой менен аны силердин алдыңарга, айрыкча, Агрипа падыша, сенин алдыңа алып келдим.

27 Анткени туткунду айыбын көрсөтпөй туруп падышага жиберүү – мен үчүн акылга сыйбаган иш».

**26-БӨЛҮМ**

1 Агрипа Пабылга: «Өзүңдү коргоп сүйлөөгө уруксат берилет», – деди. Ошондо Пабыл колун жогору көтөрүп, өзүн коргоп мындай деп сүйлөй баштады:

2 «Агрипа падыша! Жүйүттөрдүн мага койгон айыптарына каршы бүгүн сенин алдыңда коргоно ала турганым үчүн, өзүмдү бактылуу эсептеймин.

3 Анткени сен жүйүттөрдүн бардык каада-салттарын жана талаш суроолорун билесиң. Ошондуктан мага чыдамкайлык менен кулак салууңду өтүнөмүн.

4 Менин Иерусалимдеги өз элимдин арасында өткөргөн жаш чагымдан берки жашоомду бүт жүйүттөр билишет.

5 Алар мен жөнүндө көптөн бери билишет, ошондуктан, эгерде каалашса, биздин ишенимибиз жөнүндөгү окутууну бекем туткан фарисей болгонумду күбөлөндүрүп беришсин.

6 Кудайдын ата-бабаларыбызга берген убадасына үмүттөнгөнүм үчүн, мен бүгүн соттун алдында турамын.

7 Он эки уруубуз Кудайга күнү-түнү тырышчаактык менен кызмат кылып, ошол убаданын аткарылышын көрүүгө үмүттөнүп жүрүшөт. Ошол үмүт үчүн, падыша Агрипа, жүйүттөр мени айыптап жатышат.

8 Эмне үчүн силер Кудайдын өлгөндөрдү тирилтерин акылга сыйбаган нерсе деп эсептейсиңер?

9 Чындыгында, мен да назареттик Ыйсанын ысымына каршы күрөшүшүм керек деп ойлочумун.

10 Ошол оюмду мен Иерусалимде иш жүзүнө ашырдым: башкы ыйык кызмат кылуучулардан уруксат алып, көптөгөн ыйыктарды түрмөгө камадым, аларды өлүм жазасына тартууга өкүм чыгарып жатышканда, добуш бердим.

11 Синагогалардын баарын кыдырып, Ыйсага ишенгендерди кыйнап, Ыйсага акарат айттырууга аракет кылдым. Аябай ачууланып, аларды башка шаарларда да куугунтуктадым.

12 Ошол максат менен, башкы ыйык кызмат кылуучулар тарабынан берилген укук жана тапшырма менен Дамаскка бара жатканда,

13 жолдо, Агрипа падыша, чак түштө асмандан бир жарык түшүп, менин жана жанымдагылардын айланасын жаркыратты. Ал жарык күндүн жарыгынан да жарык эле.

14 Баарыбыз жерге жыгылдык. Ошондо “Шабыл, Шабыл! Эмне үчүн Мени кубалап жатасың? Учтуу таякка каршы тура албайсың” деп, эврей тилинде сүйлөгөн үндү уктум.

15 Мен: “Сен кимсиң, Теңир?” – деп сурадым. Ал мага: “Сен кубалап жаткан Ыйсамын.

16 Ордуңан тургун. Менин сага көрүнгөндүгүмдүн себеби мындай: Мен сени кызматчы кылам, сен өзүң көргөн нерселерди гана эмес, Мен көрсөтө турган нерселерди да күбөлөндүрөсүң.

17 Сени жүйүт элинин жана бутпарастардын колунан куткарып алам да,

18 алар көздөрү ачылып, караңгылыктан жарыкка жана шайтандын бийлигинен баш тартып, Кудайга бурулушу үчүн, Мага ишенүү аркылуу күнөөлөрү кечирилип, ыйыктар менен бирге мураска ээ болушу үчүн, Мен азыр сени аларга жиберем”, – деп жооп берди.

19 Ошон үчүн, Агрипа падыша, мен асмандан болгон ошол көрүнүшкө каршы чыккан жокмун.

20 Тескерисинче, адегенде Дамасктын жана Иерусалимдин тургундарына, андан кийин бүтүндөй Жүйүт аймагына жана бутпарастарга: “Тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла, тобо кылганыңарга ылайык иштерди кылгыла”, – деп насааттап жүрдүм.

21 Ошон үчүн жүйүттөр мени ийбадатканадан кармап алып, өлтүрүүгө аракет кылышты.

22 Бирок Кудайдын жардамы менен мен бүгүнкү күнгө чейин Муса пайгамбардын жана башка пайгамбарлардын айткандарын гана,

23 атап айтканда, Машайактын азап чегип өлүп, өлгөндөрдүн арасынан биринчи болуп тирилип, жүйүт элине жана бутпарастарга жарык жөнүндө жарыялаганын гана улуу-кичүү дебей, баарына күбөлөндүрүп келе жатам».

24 Пабыл өзүн коргоп сүйлөп жатканда, Фест катуу үн менен: «Акылыңдан адашып жатасың, Пабыл! Көп билгендигиң сени акылыңдан адаштырып жатат», – деди.

25 «Жок, урматтуу Фест, – деди Пабыл, – акылымдан адашкан жокмун, тескерисинче, чындыкты жана туура сөздөрдү айтып жатамын.

26 Бул жөнүндө падыша билет, ошондуктан мен анын алдында кайраттуулук менен сүйлөп жатам. Ушул нерселердин эч бири андан жашыруун эмес экендигине мен толук ишенемин, анткени бул окуялар бир бурчта эле болуп өткөн эмес.

27 Агрипа падыша, сен пайгамбарларга ишенесиңби? Ишенериңди билем».

28 Ошондо Агрипа Пабылга: «Бир аз убакыттан кийин сен мени машайакчы болууга көндүргүң бар го!» – деди.

29 Пабыл ага: «Аз убакыттан кийинби, көп убакыттан кийинби, сен гана эмес, бүгүн мени угуп жаткандардын бардыгы мен сыяктуу болушуңарды Кудайдан өтүнөр элем. Бирок мендей болуп кишенделишиңерди каалабайм», – деп жооп берди.

30 Пабыл ушул сөздөрдү айтканда, падыша, башкаруучу, Берникe жана алардын жанында отургандар орундарынан турушту да,

31 четке чыгып, өз ара мындай деп сүйлөшүштү: «Бул адамдын өлүм жазасына тарткыдай же кишендегидей кылмышы жок экен».

32 Ошондо Агрипа Фестке: «Рим падышасынын өкүмүн талап кылбаганда, аны бошотууга болор эле», – деди. Ошондуктан башкаруучу аны падышага жиберүүнү чечти.

**27-БӨЛҮМ**

**Римге жол тартуу**

1 Италияга кеме менен сүзүп бара тургандыгыбыз чечилгенден кийин, Пабылды жана бир нече туткунду Августтун аскер бөлүгүнүн Улий деген жүз башысынын колуна тапшырышты.

2 Адрамиттик кемеге түшүп, жолго чыктык, ал кеме Асиядагы кемелер туруучу жайдын жанынан өтмөк. Тесалоникадан келген македониялык Аристарх биздин жаныбызда эле.

3 Эртеси күнү Сидон шаарына токтодук. Улий Пабылга адамгерчилик кылып, досторуна барып келүүгө жана алардан жардам алууга уруксат берди.

4 Ал жерден чыгып, Кипрге келдик, анткени шамал бизге каршы согуп жаткан эле.

5 Киликия менен Памфилиянын жанынан сүзүп өтүп, Ликия аймагындагы Мира шаарына келдик.

6 Ошол жерден жүз башы Италияга бара турган александриялык бир кемени таап, бизди ошого отургузду.

7 Бир нече күн жай сүзүп жүрүп отуруп, зор кыйынчылык менен Кинит шаарына жеттик. Шамал бизге каршы согуп, жолубузду улантууга мүмкүн болбогондуктан, Салмон тумшугунун жанындагы Крит аралына сүзүп келдик.

8 Анын жанынан да кыйынчылык менен өтүп, Ласая шаарынын жанындагы «Кемелер токтоочу жакшы жай» деген жерге келдик.

9 Бир топ убакыт өтүп, орозо маалы да бүтүп калган эле. Сууда сүзүү коркунучтуу болуп калгандыктан, Пабыл аларга:

10 «Кулак салгылачы! Мындан ары жол жүрүү жүк менен кемеге гана зыян алып келбестен, өмүрүбүз үчүн да коркунуч туудурат», – деп эскертти.

11 Бирок жүз башы Пабылдын сөзүнө караганда, кеменин бургучун башкаруучу менен кеме башчысына көбүрөөк ишенди.

12 Кеме токтоочу жай кыштоого ылайыксыз болгондуктан, кемедегилердин көпчүлүгү: «Бул жерден чыгалы, эгерде мүмкүн болсо, түштүк-батыш жана түндүк-батыш шамалынан далдаа жайгашкан Криттин кеме токтоочу жайы Финикке жетип, ошол жерде кыштайлы», – деп кеңеш беришти.

**Бороон**

13 Түштүк шамалы согo баштаганда, алар тилегибизге жеттик деп ойлоп, Критти жээктеп сүзүп жөнөштү.

14 Бирок тез эле «түндүк-чыгыш шамалы» деп аталган катуу шамал башталды.

15 Шамал катуу болгондуктан, кеме шамалга туруштук бере албай калды. Ошентип, биз шамал айдаган жакка бара жаттык.

16 Кабуда деген бир кичинекей аралдын жанынан өткөндө, биз кеменин кайыгын араң кармап калдык.

17 Кайыкты кеменин үстүнө чыгаргандан кийин, кемени тегерете жоон аркан менен курчадык да, кумга сайылып калуудан коркуп, парусту түшүрүп, калкып жүрө бердик.

18 Шамал күчөй бергендиктен, эртеси күнү кемедеги жүктү ыргыта баштадык.

19 Ал эми үчүнчү күнү өз колубуз менен кеменин жабдуусун ыргыттык.

20 Бир нече күн бою күн да, жылдыздар да көрүнгөн жок, шамал болсо күчөгөндөн күчөй берди. Ошондо биздин аман калууга болгон үмүтүбүз үзүлө баштады.

21 Кемедегилер көп күндөн бери тамактаныша элек эле. Пабыл ортого чыгып, мындай деди: «Эркектер! Менин кеңешимди уксаңар болмок. Криттен чыкпай коё турганда, мындай кыйынчылыктарга учурамак эмеспиз, зыян да тартмак эмеспиз.

22 Азыр болсо силерди кайраттанууга чакырам, анткени бирөөңөр да өлбөйсүңөр, кеме гана кыйрайт.

23 Мен таандык болгон, мен кызмат кылган Кудайдын бир периштеси ушул түнү мага келип:

24 “Коркпо, Пабыл! Сен Рим падышасынын алдына барышың керек. Сени менен бирге кемеде бара жаткандардын бардыгын Кудай сага берди”, – деди.

25 Ошондуктан, эркектер, кайраттангыла! Анткени мен Кудайга ишенемин, мага кандай айтылса, ошондой болот.

26 Биз бир аралга туш болобуз».

27 Биз Адрия деңизинде шамалга айдалып бара жатканыбызга он төрт күн болгондо, түн ортосуна жакын, кемечилер кургактыкка жакындап калышканын билишти.

28 Ошондо алар суунун тереңдигин өлчөп, анын жыйырма саржан экендигин билишти. Бир аз жылгандан кийин, дагы бир жолу өлчөп көрүп, он беш саржан экендигин билишти.

29 Аскага урунуудан коркуп, кеменин арткы бөлүгүнөн төрт оор кайырмак темирди сууга түшүрүштү да, таңдын атышын күтүштү.

30 Кемечилер кемени таштап качмакчы болушту. Алар кеменин тумшук жагынан оор кайырмак темирлерди сууга түшүрүмүш болуп, деңизге кайыкты түшүрө башташты.

31 Пабыл жүз башыга жана аскерлерге мындай деди: «Эгерде кемечилер кемеде калышпаса, анда силер аман калбайсыңар».

32 Ошондо аскерлер кайыкты байлап түшүргөн жиптерди кесип жиберишти, кайык сууга түшүп кетти.

33 Таңга маал Пабыл бардыгын тамактанып алууга чакырып: «Кабатыр болуп жатканыңарга бүгүн он төрт күн болот, эч нерсе да жей элексиңер.

34 Аман калышыңар үчүн, тамактанып алгыла. Эч бириңердин башыңардан бир тал чачыңар да түшпөйт», – деди.

35 Ушул сөздөрдү айткандан кийин, нан алып, бардыгынын алдында Кудайга ыраазычылык билдирди да, нанды сындырып, жей баштады.

36 Ошондо бардыгы кайраттанып, тамактанууга киришишти.

37 Кемеде бардыгы болуп эки жүз жетимиш алты киши элек.

38 Тамактанып бүткөндөн кийин, буудайды деңизге таштап, кемени жеңилдете баштагты.

**Кеменин кыйрашы**

39 Таң атканда, алар жээги кумдуу бир булуңду гана көрүштү, бирок кайсы жерге келишкенин билишкен жок. Ошондо алар жээкке чыгууга аракет кылууну чечишти.

40 Оор кайырмак темирлерди чечип, деңизге таштап салышты. Анан кеменин байланган бургучтарын чечип, кичинекей парусту шамалга тосуп, жээкти көздөй сүзүп жөнөштү.

41 Сүзүп бара жатып, бир саяң жерге туш болушту, кеме кумга сайылып калды. Кеменин тумшугу кумга тыгылып, жылбай калды, ал эми арткы бөлүгү толкундун күчү менен талкаланды.

42 Туткундардын эч бири сүзүп качып кетпеш үчүн, аскерлер аларды өлтүрүп салууну чечишти.

43 Бирок жүз башы Пабылды аман алып калууну каалагандыктан, буга жол берген жок. Ал сүзгөндү билгендерге кемеден биринчилерден болуп секирип түшүп, жээкке чыгууну буйруду.

44 Калгандарга болсо тактайлар менен, кеменин сыныктары менен кургактыкка чыгууну буйруду. Ошентип, бардыгы аман-эсен кургактыкка чыгышты.

**28-БӨЛҮМ**

**Мелит аралында**

1 Жээкке аман-эсен чыккандан кийин, аралдын аты Мелит экендигин билдик.

2 Жергиликтүү эл бизге өзгөчө адамгерчилик көрсөттү. Алар от жагып, бизди чакырышты, анткени жамгыр жаап, суук болуп жаткан эле.

3 Пабыл бир топ кургак чырпык терип келип, отко салып жатканда, ысыктыктан улам, бир уулуу жылан чыгып, анын колуна жабышты.

4 Жергиликтүү эл анын колуна жабышкан жыланды көргөндө, бири-бирине: «Бул адам киши өлтүргүч болсо керек, деңизден аман чыкса да, Акыйкаттык аны тирүү калтырган жок», – дешти.

5 Бирок Пабыл жыланды отко силкип таштады, андан эч кандай зыян тарткан жок.

6 Алар Пабылдын денеси шишип кетет, же болбосо ал мүрт өлөт деп күтүп жатышкан эле. Бир топ убакыт өтсө да, ага эч нерсе болгон жок. Ошондо алар ойлорун өзгөртүшүп: «Бул бир кудай болсо керек», – дешти.

7 Ал жерден алыс эмес жерде аралдын башчысы Публий деген адамдын жери бар эле. Ал бизди чакырып, үч күн меймандостук менен коноктоду.

8 Публийдин атасы ысытма жана ич өткөк менен ооруп жаткан эле. Пабыл анын жанына барды да, сыйынып, колдорун анын үстүнө коюп, аны айыктырып койду.

9 Ошондон кийин аралдагы башка оорулуулар да келип, айыгып жатышты.

10 Алар бизге урмат-сый көрсөтүп, жолго чыгарыбызда керектүү нерселер менен камсыз кылышты.

11 Үч айдан кийин, ушул аралда кыштаган «Эгиз кудайлар» деген александриялык кеме менен деңизге чыктык.

12 Сиракуза шаарына барып, ал жерде үч күн болдук.

13 Ал жерден чыгып, Регия шаарына келдик. Бир күндөн кийин түштүк шамалы сокkондуктан, эртеси күнү Путеол шаарына келдик.

14 Ал жерден бир туугандарды таптык. Алар бизден жети күнгө калуубузду өтүнүштү. Андан кийин Римге жол тарттык.

15 Ал жердеги бир туугандар биз жөнүндө угуп, Апий аянтына жана «Үч мейманкана» деген жерге чейин келип, бизди тосуп алышты. Пабыл аларды көргөндө, Кудайга ыраазычылык билдирди жана кайраттанып да калды.

**Пабылдын Римдеги кызматы**

16 Римге келгенибизде, жүз башы туткундарды падышанын аскер башчысына тапшырды. Пабылга болсо бир аскер менен өзүнчө жашоого уруксат берилди.

17 Үч күндөн кийин Пабыл жүйүттөрдүн эң атактуу адамдарын чакыртты. Алар чогулганда, мындай деп сүйлөй баштады: «Агайын-туугандар! Элге каршы же ата-бабаларыбыздын салттарына каршы эч нерсе кылбасам да, кишенделип, Иерусалимден римдиктердин колуна салынып берилдим.

18 Алар мени суракка алып, менден өлүм жазасына тарткыдай кылмыш таба албай коюшкандан кийин, бошотмокчу болушту.

19 Бирок жүйүттөр каршы чыгышкандыктан, мен Рим падышасынын сотун талап кылууга аргасыз болдум. Бирок мен ал сотту өз элимди айыпташ үчүн талап кылган жокмун.

20 Мен силерди мына ушул себеп менен, силер менен көрүшүп, сүйлөшүү үчүн чакырдым. Анткени мен Ысрайыл элинин үмүтү үчүн ушул кишен менен кишенделдим».

21 Ошондо алар ага: «Биз Жүйүт аймагынан сен жөнүндө эч кандай кат алган жокпуз, келген бир туугандардын эч кимиси сен жөнүндө кабарлаган жок, эч бир жаман нерсе айткан да жок.

22 Ошондой болсо да сенден өз оюңду уккубуз келет. Анткени биз бул окутуу жөнүндө бардык жерде талаш-тартыш болуп жатканын билебиз», – дешти.

23 Ошентип, алар бир күндү белгилешип алып, Пабыл жашап турган үйгө дагы көптөгөн жүйүттөр менен келишти. Пабыл аларга эртеден кечке чейин Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө күбөлөндүрүп, «Тоорат» жана «Пайгамбарлар» китептеринин негизинде Ыйса жөнүндө ишенимдүү далилдерди келтирди.

24 Кээ бирөөлөрү айтылган сөздөргө ынанышты, ал эми кээ бирөөлөрү ишенишкен жок.

25 Өз ара келише албай, алар тарай баштаашты. Ошондо Пабыл аларга мындай деди: «Ыйык Рух Ышайа пайгамбар аркылуу биздин ата-бабаларыбызга мындай деп туура айткан экен:

26 “Бул элге барып айт: Кулагыңар менен угасыңар, бирок түшүнбөйсүңөр; көзүңөр менен карайсыңар, бирок көрбөйсүңөр.

27 Анткени көздөрү менен көрбөш үчүн, кулактары менен укпаш үчүн, жүрөктөрү менен түшүнбөш үчүн, Мага кайрылып айыкпаш үчүн, бул элдин жүрөгүн май басты, кулактары катууланды, алар көздөрүн жаап алышты”.

28 Ошондуктан билип алгыла: Кудайдын куткаруусу бутпарастарга жиберилди, муну мына ошолор угушат».

29 Ал ушул сөздөрдү айтканда, жүйүттөр өз ара көпкө талашып-тартышып, тарап кетишти.

30 Пабыл Римде эки жыл батирде жашады. Келгендердин баарын кабыл алып,

31 Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө, Теңир Ыйса Машайак жөнүндө кайраттуулук менен айтып, аларды тоскоолдуксуз окутуп жатты.

## ЖАКЫПТЫН КАТЫ

### 1-БӨЛҮМ

1 Кудайдын жана Теңир Ыйса Машайактын кулу Жакыптан Ысрайыл элинин тарап кеткен он эки уруусуна салам!

**Ишенимдин сыналышы**

2 Бир туугандарым, башыңарга келген ар кандай сыноолорду зор кубаныч менен кабыл алгыла.

3 Анткени сыналган ишенимиңер чыдамкайлыкты жаратарын билесиңер.

4 Бардык жагынан жеткилең, эч кемчиликсиз болушуңар үчүн, чыдамкайлык жеткилең аракетке ээ болушу керек.

5 Кимиңерге акылмандык жетишпей жатса, баарына берешендик менен, жемелебестен берген Кудайдан сурасын, ага берилет.

6 Бирок эч шектенбестен, ишеним менен сурасын. Анткени шектенген адам шамал айдаган деңиз толкунуна окшош.

7 Мындай адам Теңирден бир нерсе алам деп ойлобой эле койсун.

8 Эки ойлуу адам өзүнүн бардык жолдорунда туруксуз.

9 Басынтылган бир тууган өзүнүн бийиктиги менен сыймыктансын.

10 Ал эми бай бир тууган өзүнүн басынтылгандыгы менен сыймыктансын, анткени ал чөптүн гүлүнө окшоп тез эле соолуп калат.

11 Күн чыгып, аптап болуп турганда, чөп куурап, гүлү күбүлүп түшүп, кооздугу кетет. Ошол сыяктуу эле бай адам да өзүнүн жолдорунда куурайт.

12 Сыноолорду башынан өткөрүп жаткан адам бактылуу. Анткени сыноодон өткөндөн кийин, ал адам Теңир Өзүн сүйгөндөргө убада кылган өмүр таажысын алат.

**Азгырыктар жөнүндө**

13 Азгырылып жатканда, эч ким: «Кудай мени азгырып жатат», – деп айтпасын. Анткени Кудай жамандыкка азгырылбайт жана эч кимди азгырбайт.

14 Тескерисинче, ар ким өзүнүн кумарына берилип, алданып азгырылат.

15 Кумар түйүлүп, күнөө туулат. Ал эми кылынган күнөө өлүмгө дуушар кылат.

16 Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла!

17 Ар кандай жакшы нерсе, ар кандай жеткилең белек жогорудан, жарыктын Атасынан келет. Анда эч кандай өзгөрүлүү жок, өзгөрүлүүнүн көлөкөсү да жок.

18 Жараткандарынын ичинен биринчилери болуубуз үчүн, Ал бизди Өз каалоосу боюнча чындык сөзү аркылуу жаратты.

**Кудай сөзүн угуу жана аткаруу**

19 Сүйүктүү бир туугандарым, ар бир адам укканга даяр болсун, ойлонуп сүйлөсүн, ачууга алдырбасын.

20 Анткени ачууланган адам Кудайга жаккан ишти жасабайт.

21 Ошондуктан ар кандай ыпыластыкты жана калган жаман адаттарыңарды таштап, жүрөгүңөргө себилип жаткан, жаныңарды куткара ала турган сөздү момундук менен кабыл алгыла.

22 Сөздү угуучулар гана болуп, өзүңөрдү алдабастан, сөздү аткаруучулар болгула.

23-24 Сөздү угуп, бирок аткарбаган адамды күзгүгө каранып, ары басары менен өзүнүн кандай экенин унутуп койгон адамга окшоштурса болот.

25 Жеткилең мыйзамга, эркиндиктин мыйзамына, дитин коюп, ошол мыйзам боюнча жашаган адам унутчаак угуучу эмес, аткаруучу болуп, өз иш-аракетинен бакыт табат.

26 Ким өзүн такыбаа эсептесе, бирок тилин тартпаса, анда ал өзүн өзү алдап жатат, анын такыбаалыгы – курулай такыбаалык.

27 Кудай Атанын алдындагы таза жана кемчиликсиз такыбаалык – бул жетим-жесирлерге кам көрүү жана өзүн бул дүйнөдө таза сактоо.

**2-БӨЛҮМ**

**Эки жүздүүлүк кылуудан сактануу**

1 Бир туугандарым, даңктуу Теңирибиз Ыйса Машайакка ишенгендер катары бет карамалык кылуудан сак болгула.

2 Чогулушуңарга алтын шакек тагынган, кымбат баалуу кийим кийген адам жана жупуну кийинген жарды адам келсе,

3 силер кымбат баалуу кийим кийген адамды карап: «Сен бул жерге отурсаң болот», – деп, ал эми жарды адамга: «Сен тигил жерге тур же менин ылдый жагыма отур», – десеңер,

4 анда адамдарды алакчылаган адилетсиз сот болуп жаткан жоксуңарбы?

5 Кулак салгылачы, сүйүктүү бир туугандарым! Ишенимге бай болушсун, Өзүн сүйгөндөргө убада кылган Падышачылыктын мурасчылары болушсун деп, Кудай бул дүйнөнүн жардыларын тандап алган жок беле?

6 Силер болсо жардыны кемсинтип жатасыңар. Силерди кысымга алып, сотторго сүйрөп барып жаткандар байлар эмеспи?!

7 Силер алып жүргөн жакшы атты жаманатты кылып жаткандар ошолор эмеспи?!

8 Эгерде силер Падышанын Ыйык Жазуудагы «Өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүй» деген мыйзамын аткарып жатсаңар, анда жакшы кылып жатасыңар.

9 Эгерде бет карамалык кылып жатсаңар, анда күнөө кылып жатасыңар жана мыйзам алдында кылмышкерсиңер.

10 Ким мыйзамдын баарын аткарып жүрүп, алардын бирин эле бузса, бүт мыйзамды бузган болот.

11 Анткени «Ойноштук кылба» деген Кудай «Киши өлтүрбө» деп да айткан. Эгерде сен ойноштук кылбасаң, бирок киши өлтүрсөң, баары бир мыйзамды бузуучу болосуң.

12 Силер эркиндик мыйзамы боюнча соттолуучуларсыңар, ошондуктан сүйлөгөн сөзүңөр менен кылган ишиңер ошого ылайык болсун.

13 Анткени ырайым кылбаган адам ырайымсыздык менен соттолот. Ырайым соттон жогору.

**Ишсиз ишеним чыныгы ишеним эмес**

14 Бир туугандарым, ким ишенем десе, бирок ишенимине ылайык иштерди кылбаса, андан эмне пайда? Ошондой ишеним аны куткара алабы?

15 Эгерде бир туугандарыңардын киер кийими, ичер тамагы жок болсо,

16 араңардан бирөө аларга: «Тынчтык менен баргыла. Жылуу кийингиле, курсагыңарды тойгузгула», – десе, бирок алардын денесине керектүүнү бербесе, андан эмне пайда?

17 Ошол сыяктуу эле ишсиз ишеним – өлүк ишеним.

18 Бирок кимдир бирөө минтип айтышы мүмкүн: «Сенин ишенимиң бар, ал эми менин иштерим бар. Мага ишсиз ишенимиңди көрсөт, мен болсо сага иштерим аркылуу ишенимимди көрсөтөйүн».

19 Сен Кудайдын бирөө экендигине ишенесиң, мунуң жакшы. Бирок жиндер да ишенип, титиреп турушат.

20 Акылсыз адам, ишсиз ишеним өлүк экенин билгиң келеби?

**Ишеним иштер аркылуу жеткилеңдикке жетет**

21 Өз уулу Ыскакты курмандыкка чалмакчы болгон атабыз Ыбрайым иши менен акталган жок беле?

22 Көрдүңбү, анын ишеними иштери менен коштолгон. Ишеним иштер аркылуу жеткилеңдикке жетти.

23 Ошентип, Ыйык Жазуудагы «Ыбрайым Теңирге ишенди. Ишеними ага адилдик катары эсептелди» деген сөз аткарылып, Ыбрайым Кудайдын досу аталды.

24 Көрдүңөрбү, адам ишеними менен гана эмес, иштери менен да акталат.

25 Чалгынчыларды үйүнө кабыл алып, андан кийин башка жол менен узатып жиберген бузулган аял Рахап да иши менен акталган жок беле?

26 Демек, рухсуз дене өлүк болгон сыяктуу эле, ишсиз ишеним да өлүк.

**3-БӨЛҮМ**

**Тил менен күнөө кетирүүдөн сак болуу**

1 Бир туугандарым, бизге, окутуучуларга, сурак катуураак болорун билесиңер, ошондуктан баарыңар эле окутуучу боло бербегиле.

2 Анткени баарыбыз көп жаңылабыз. Оозунан жаңылбаган адам – бүт денесин ооздуктай алган жеткилең адам.

3 Баш ийдириш үчүн, биз атты ооздуктап, анын бүт денесин башкарабыз.

4 Кеме канчалык чоң болсо да, канчалык катуу шамалдар менен жүрсө да, кемечи аны кичинекей эле бургуч менен каалаган жагына бурат.

5 Ошол сыяктуу тил да дененин кичинекей эле мүчөсү, бирок көп нерсе кылат. Оттун кичинекей эле учкуну чоң токойду өрттөп жок кылат.

6 Тил да – от, адилетсиз дүйнө. Денебиздин кичинекей эле жеринен орун алса да, ал бүт денебизди булгайт. Оттуу көлдүн оту менен тутангандыктан, бүт жашообузду өрттөп жок кылат.

7 Бардык жырткычтар, канаттуулар, сойлоочулар, деңиз жаныбарлары адам баласы тарабынан багындырылган жана багындырылып жатат.

8 Ал эми тилди эч бир адам багындыра албайт. Тил – ээ-жаа бербеген жамандык. Ал өлтүрүүчү ууга толгон.

9 Тилибиз менен Кудайды, Атаны, даңктайбыз, тилибиз менен Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган адамдарды каргайбыз.

10 Бир эле оОздон даңктоо да, каргоо да чыгат. Бир туугандарым, мындай болбошу керек.

11 Бир эле булактан таза суу да, шор суу да чыгышы мүмкүнбү?

12 Бир туугандарым, анжыр дарагы зайтун, жүзүм багы анжыр бере албайт. Ошол сыяктуу эле шор булактан таза суу чыкпайт!

**Чыныгы акылмандык**

13 Араңарда ким акылдуу жана эстүү? Ал өзүнүн ошондой экендигин жакшы жүрүм-туруму менен, акылдуу момундугу менен көрсөтсүн.

14 Эгерде жүрөгүңөрдө ачуу ичи тарлык жана өзүмчүлдүк бар болсо, анда мактанбагыла жана чындыкты бурмалабагыла.

15 Бул асмандан келген акылмандык эмес, жердеги, табигый, шайтандан келген акылмандык.

16 Анткени кайсы жерде ичи тарлык жана менменсинген өзүмчүлдүк бар болсо, ал жерде тартипсиздик жана ар кандай жаман нерселер бар.

17 Ал эми асмандан келген акылмандык баарынан мурун таза, андан кийин тынчтыкты сүйүүчү, момун, тил алчаак, боорукер, жакшы жемиштүү, калыс, эки жүздүү эмес.

18 Ал эми адилеттиктин уругу тынчтыкты сактагандарга тынчтык менен себилет.

**4-БӨЛҮМ**

**Дүйнө менен болгон достук – Кудайга каршы кастык**

1 Ортоңордогу чыр-чатак, талаш-тартыш кайдан чыгат? Дене мүчөлөрүңөрдө согушуп жаткан кумарларыңардан эмеспи?

2 Каалап жатасыңар, бирок ала албай жатасыңар; киши өлтүрүп, көрө албастык кылып жатасыңар, бирок эч нерсеге жете албай жатасыңар; талашып-тартышып, чатакташып жатасыңар, бирок ала албай жатасыңар, анткени сураган жоксуңар.

3 Сурасаңар да, ала албай жатасыңар, анткени жакшы нерсе үчүн эмес, өзүңөрдүн кумарларыңарды канааттандыруу үчүн сурап жатасыңар.

4 Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат.

5 Же силер Ыйык Жазуудагы «Кудай ичибизге салган Рух кызганчаактык менен сүйөт» деген сөз жөн эле айтылган деп ойлойсуңарбы?

6 Бирок Ал көп ырайым кылат, Ыйык Жазууда: «Кудай текеберлерге каршы турат, ал эми момундарга ырайым кылат», – деп айтылган.

7 Ошондуктан Кудайга моюн сунгула. Шайтанга каршы тургула, ошондо ал силерден качат.

8 Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт. Күнөөкөрлөр, колуңарды тазалагыла. Эки ойлуулар, жүрөгүңөрдү тазалагыла!

9 Кайгыргыла, ыйлагыла, боздогула. Күлгөндүн ордуна ыйлагыла, кубангандын ордуна кайгыргыла.

10 Теңирдин алдында моюн сунгула, ошондо Ал силерди көтөрөт.

11 Бир туугандарым, бири-бириңерди жамандабагыла. Ким бир тууганын жамандаса же соттосо, ал мыйзамды жамандап, мыйзамды соттогон болот. Эгерде сен мыйзамды соттоп жатсаң, анда мыйзамды аткаруучу эмес эле, соттоочусуң.

12 Мыйзам чыгаруучу да, Соттоочу да бирөө. Ал куткара да, жок кыла да алат. Жакыныңды соттогудай сен кимсиң?

13 «Бүгүн же эртең баланча шаарга барып, ал жерде бир жыл жашап, соода кылып пайда табабыз», – дегендер, кулак салгыла,

14 силер, эртең эмне болорун билбегендер, силердин өмүрүңөр эмне? Пайда болуп, кайра тез эле жок болуп кеткен буу.

15 Анын ордуна «Кудай буюрса, аман болсок, тигини же муну кылабыз» дешиңер керек эле.

16 Бирок силер текебер болгондуктан, курулай мактанып жатасыңар. Мындай курулай мактанчаактыктын баары – жаман нерсе.

17 Демек, ким жакшылык кылуу керек экендигин билип туруп, жакшылык кылбаса, ал күнөө кылган болот.

**5-БӨЛҮМ**

**Байларга эскертүү**

1 Байлар, кулак салгыла, башыңарга келе турган оор күндөр үчүн боздоп ыйлагыла.

2 Байлыгыңар чириди, кийимиңерди күбө жеди.

3 Алтын-күмүшүңөр карарды. Алардын карарганы силерге каршы күбө болуп, денеңерди оттой жалмайт. Силер байлыкты акыркы күндөргө жыйнадыңар.

4 Эгиниңерди жыйнаган жумушчуларга төлөнбөгөн эмгек акы өзүңөргө каршы айгак болуп, боздоп жатат, орокчулардын боздогон үнү Себайот Теңирге жетти.

5 Силер жер үстүндө доорон сүрүп, ыракат алып жашадыңар. Өзүңөрдү бордоп, союлчу күнүңөргө даярдадыңар.

6 Силер адил адамды айыптап, аны өлтүрдүңөр. Ал силерге каршылык көрсөткөн жок.

**Теңирдин келер убагы жакындады**

7 Ошентип, бир туугандар, Теңирдин келишин чыдамдуулук менен күткүлө. Дыйканды карагылачы, ал жерден жакшы түшүм алыш үчүн, эрте жаздагы жана кеч күздөгү жамгырды чыдамдуулук менен күтөт.

8 Силер да чыдамдуулук менен күткүлө, бекем болгула, анткени Теңирдин келер убагы жакындап калды.

9 Бир туугандар, соттолбош үчүн, бири-бириңердин үстүңөрдөн арызданбагыла. Соттоочу босогодо турат.

10 Бир туугандар, Теңирдин атынан сүйлөгөн пайгамбарлардан үлгү алгыла, алар кыйынчылыктарга чыдамдуу болушкан.

11 Чыдамдуулук көрсөткөндөрдү бактылуу дейбиз. Аюб пайгамбардын чыдамдуулугу жөнүндө уккансыңар, акырында Теңирдин ага эмне кылганын да билесиңер. Анткени Теңир аябай ырайымдуу жана боорукер.

**Ант бербөө жөнүндө**

12 Бир туугандарым, баарынан мурун айтарым: асманды да, жерди да, башка нерселерди да оозанып ант бербегиле. Соттолбошуңар үчүн, «ооба» деп айтуу керек болсо, «ооба» дегиле; «жок» деп айтуу керек болсо, «жок» дегиле.

**Адил адамдын сыйынуусу**

13 Ким кыйналып жатса, ал сыйынсын. Ким кубанып жатса, ал Кудайды даңктап ырдасын.

14 Ким ооруп жатса, ал Жыйын башчыларын чакыртсын. Алар аны Теңирдин атынан зайтун майы менен майлап, ал үчүн сыйынышсын.

15 Ишеним менен сыйынганда, оорулуу айыгат, Теңир аны бутуна тургузат. Эгерде оорулуу күнөө кылган болсо, күнөөлөрү кечирилет.

16 Ошондуктан айыгышыңар үчүн, бири-бириңерге күнөөлөрүңөрдү ачык айтып, бири-бириңер үчүн сыйынгыла. Адил адамдын күчтүү сыйынуусу көп нерсени аткара алат.

17 Илияс пайгамбар бизге окшогон эле адам болгон. Ал жамгыр жаабасын деп сыйынганда, үч жыл, алты ай бою жамгыр жааган эмес.

18 Ал кайра сыйынганда, жамгыр жаап, жер түшүм берген.

**Адашкан бир туугандарды сүйүү**

19 Бир туугандарым, ким чындык жолунан четтеген адамды кайра туура жолго салса, ал билип койсун:

20 күнөөкөрдү туура жолго салуу менен ал анын жанын өлүмдөн алып калат жана көп күнөөлөрүн жаап коёт.

## ПЕТИРДИН БИРИНЧИ КАТЫ

### 1-БӨЛҮМ

1 Ыйса Машайактын элчиси Петирден Понтко, Галатияга, Кападокияга, Асияга жана Битинияга тараган, ошол жерлерде келгин болуп жашап жаткан,

2 Кудай Атанын алдын ала билүүсү боюнча, Рухтун ыйыктоосу менен, тил алуу үчүн жана Ыйса Машайактын каны аркылуу тазалануу үчүн тандалгандарга салам! Кудай силерге мындан ары да ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!

**Ыйсага ишенгендердин үмүтү**

3 Теңирибиз Ыйса Машайактын Кудайы жана Атасы даңкталсын! Анткени Ал Ыйса Машайакты өлгөндөрдүн арасынан тирилтүү аркылуу бизге тирүү үмүт берүү үчүн,

4 асманда сакталган чирибес, таза, соолгус мураска ээ кылуу үчүн, бизди Өзүнүн улуу ырайымы менен кайрадан төрөлттү.

5 Акыркы убакта айкын көрүнүүгө даяр турган куткарылууга ээ болууңар үчүн, силер ишенимиңер аркылуу Кудайдын күчү менен корголуп турасыңар.

6 Мына ошондуктан азыр ар кандай сыноолордон бир аз кыйналышыңар керек болсо да, ошол үмүт менен кубангыла.

7 Анткени сыналган ишенимиңер от менен тазаланса да, жок болуп кетчү алтындан баалуу. Ыйса Машайак келгенде, сыналган ошол ишенимиңер силерди мактоого, урмат-сыйга, атак-даңкка ээ кылат.

8 Силер Аны көрбөсөңөр да, сүйөсүңөр. Азыр да Ага көрбөй туруп ишенип, сөз менен жеткире алгыс, улуу кубаныч менен кубанып жатасыңар.

9 Анткени ишенимиңердин максатына – жаныңардын куткарылышына жетесиңер.

10 Силерге ырайым көрсөтүлө тургандыгы жөнүндө пайгамбарчылык кылган пайгамбарлар ушул куткарылууну ынталуулук менен изилдешкен.

11 Машайактын тарта турган азаптарын жана алардан кийин даңк коштоору жөнүндө өздөрүндөгү Машайактын Руху алдын ала күбөлөндүрткөндө, кайсы жана кандай убакытты көрсөткөндүгүн алар изилдешкен.

12 Асмандан жиберилген Ыйык Рухтун күчү менен Жакшы Кабар таратуучулар аркылуу азыр силерге жар салынып жаткан Жакшы Кабар алардын өздөрүнө эмес, бизге тиешелүү экендиги аларга белгилүү болгон. Муну периштелер да өз көздөрү менен көргүлөрү келген.

**Ыйса Машайактын каны менен ыйыкталуу**

13 Ошондуктан, бир туугандар, акыл-оюңар иш-аракетке даяр болсун, сергек болгула. Ыйса Машайак келгенде, силерге көрсөтүлө турган ырайымга толук үмүттөнгүлө.

14 Билбестиктен баткан мурунку кумарларыңарга кайрадан ык албагыла, тескерисинче, тил алуу үчүн тандалган балдар катары

15 бардык жүрүш-турушуңар ыйык болсун, анткени силерди чакырып алган Кудай ыйык.

16 Себеби Ыйык Жазууда: «Ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын», – деп жазылган.

17 Ар бир адамды ишине жараша бет карамалык кылбастан соттоочу Кудайды Ата деп жатсаңар, анда келгин катары жашап жаткан убактыңарды коркунуч менен өткөргүлө.

18 Анткени муундан муунга өтүп келе жаткан түйшүктүү жашоодон силер жок болуп кетчү күмүш же алтын менен эмес,

19 кемчиликсиз, таза Козунун – Машайактын кымбат баалуу каны аркылуу куткарылгандыгыңарды билесиңер.

20 Ал дүйнө жаратыла электен мурун эле дайындалган, бирок силер үчүн убакыттын акырында келди.

21 Силер Ал аркылуу Кудайга ишенип жатасыңар. Кудайга ишенип, Андан үмүттөнүшүңөр үчүн, Кудай Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилтип даңктады.

22 Бир туугандык таза сүйүүгө ээ болуу үчүн, рух аркылуу чындыкка тил алуу менен жаныңарды тазалап, бири-бириңерди дайыма чын жүрөктөн сүйгүлө.

23 Себеби силер чирий турган уруктан эмес, чирибей турган, Кудайдын түбөлүк кала турган тирүү Сөзү аркылуу кайрадан төрөлдүңөр.

24 Анткени ар бир адам чөп сыяктуу, анын даңкы да талаа гүлүндөй. Чөп куурайт, гүл соолуйт.

25 Ал эми Теңирдин сөзү түбөлүк калат. Бул сөз болсо – силерге жарыяланган сөз.

**2-БӨЛҮМ**

**Рухий жактан өсүү**

1 Ошондуктан ачуулануучу, алдамчылыкты, эки жүздүүлүктү, көрө албастыкты жана ушакчылыкты таштап,

2 жаңы төрөлгөн балдар катары рухий таза сүттү сүйгүлө. Ал аркылуу өсүп, куткарылууга жеткиле.

3 Анткени силер Теңирдин жакшы экенин татып калдыңар.

**Кудайдын тандалган эли**

4 Адамдар жаратпай койгон, бирок Кудай тандап алган кымбат баалуу тирүү ташка – Машайакка жакындагыла.

5 Өзүңөр да тирүү таштар катары өзүңөрдөн рухий үй тургузгула. Ыйса Машайак аркылуу Кудайга жагымдуу рухий курмандыктарды алып келүү үчүн, ыйык кызмат кылуучу болгула.

6 Анткени Ыйык Жазууда: «Мына, Мен Сионго тандалган, кымбат баалуу, негизги таш коём. Ага ишенген адам уятка калбайт», – деп жазылган.

7 Демек, ишенгендер, силер үчүн Ал – кенч. Ал эми ишенбегендер үчүн Ал – курууучулар жаратпай койгон, бирок бурчтун башкы ташы болуп коюлган, ошондой эле мүдүрүлтүүчү, азгыруучу таш.

8 Алар Кудай Сөзүнө баш ийишпегендиктен, ошол ташка мүдүрүлүшөт, анткени аларга ошол нерсе белгиленген.

9 Ал эми силер тандалган уруусуңар, Падышанын ыйык кызмат кылуучуларысыңар, ыйык элсиңер, Кудай энчилеп алган элсиңер. Силерди караңгылыктан Өзүнүн ажайып жарыгына чакырып алган Кудайдын улуу иштерин жар салыш үчүн тандалгансыңар.

10 Бир кезде эл эмес элеңер, азыр Кудайдын элисиңер. Бир кезде силерге ырайым кылынган эмес, азыр силерге ырайым кылынды.

**Бул дүйнөдө кандай жашаш керек**

11 Сүйүктүү бир туугандар, силер бул дүйнөдө жолоочу жана келгинсиңер, ошондуктан силерден өтүнөрүм, жаныңарга каршы күрөшкөн дене кумарларынан качкыла.

12 Бутпарастардын арасында таза жашагыла. Алар силерди жаман иштерди кылуучулар деп жамандашса да, жакшы иштериңерди көрүп, Кудай өздөрүнө келген күнү Аны даңкташсын.

13 Ошентип, жогорку бийликте турган падышага болобу, күнөөкөрлөрдү жазалоо үчүн, жакшы иш кылгандарды сыйлоо үчүн, падыша тарабынан коюлган башкаруучуларга болобу,

14 мамлекеттик бардык бийликке Теңир үчүн баш ийгиле.

15 Анткени Кудайдын каалоосу мындай: силер эркин адамдар катары, бирок эркиндик менен жаман иштерди жаап-жашыруучулар катары эмес,

16 Кудайдын кулдары катары жакшы иштерди жасап, акылсыз жана адепсиз адамдардын оозун жабышыңар керек.

17 Бардык адамдарды урматтагыла, бир туугандарыңарды сүйгүлө, Кудайдан корккула, падышаны урматтагыла.

**Кулдарга айтылган акыл-насаат**

18 Кулдар, өзүңөрдүн кожоюндарыңардын жакшы жана момундарына гана эмес, катаалдарына да урмат көрсөтүү менен баш ийгиле.

19 Анткени ким адилетсиз эле жерден азап тартып жатса, бирок ошол азапты Теңир үчүн көтөрө билсе, бул Кудайга жагат.

20 Эгерде силер кылмыш кылып, ошон үчүн сабаганга чыдап жатсаңар, мунун эмнеси мактарлык? Бирок силер жакшы иш кылып жатып азап чегип жатсаңар жана ошого чыдап жатсаңар, анда бул Кудайга жагат.

21 Анткени силер ушуга чакырылгансыңар. Себеби Машайак да биз үчүн азап тарткан. Анын изи менен басышыбыз үчүн, Ал бизге үлгү калтырып кеткен:

22 Ал эч кандай күнөө кылган эмес, Анын оозунан бир да кошомат сөз чыккан эмес.

23 Кордошкондо, Ал кордоо менен жооп берген эмес. Азап тартканда, эч кимди коркуткан эмес, бирок адилет Сотко тапшырган.

24 Күнөөдөн арылып, адил жашашыбыз үчүн, Ал биздин күнөөлөрүбүздү Өзүнүн денеси менен жыгачка көтөрүп чыкты. Силер Анын жарааты менен айыктыңар.

25 Анткени силер адашып жүргөн койлордой болчусуңар, азыр болсо жаныңарды Кайтаруучуга жана Коргоочуга кайтып келдиңер.

**3-БӨЛҮМ**

**Жубайларга айтылган сөз**

1 Ошондой эле, силер, аялдар күйөөңөргө баш ийгиле. Киминердин күйөөңөр Кудайдын сөзүнө баш ийбесе,

2 ал силердин таза, Кудайдан корккон жашооңорду көрүп, силердин сөзүңөр аркылуу эмес, жүрүш-турушуңар аркылуу Кудайга баш ийгидей болсун.

3 Жасалгаңар сырткы кооздуктар болуп эсептелген өрүлгөн чач, алтын жасалга, жакшы кийим эмес,

4 Кудай алдында кымбат баалуу эсептелген, жүрөктө сакталган, туруктуу, момун жана жоош рух болсун.

5 Качандыр бир убакта Кудайдан үмүттөнгөн ыйык аялдар да өздөрүн күйөөлөрүнө баш ийүү менен жасалгалашкан.

6 Ошолордун бири Саара Ыбрайымды кожоюнум деп, ага баш ийген. Эгерде силер жакшы иш кылып жатсаңар жана эч бир коркунучтан коркпосоңор, Саaранын кыздарысыңар.

7 Ошондой эле, силер, күйөөлөр, аялзатынын алсызыраак экенин эске алып, аялыңарга туура мамиле кылгыла. Сыйынууңарга тоскоолдук болбошу үчүн, аларга урмат көрсөткүлө, анткени алар да ырайымдуу жашоонун мураскорлору.

**Жыйынга айтылган акыл-насаат**

8 Ошентип, баарыңар бир ойдо болгула, кайрымдуу болгула, бир туугандарыңарды сүйгүлө, боорукер жана момун болгула.

9 Жамандыкка жамандык менен, жаман сөзгө жаман сөз менен жооп кайтарбагыла. Тескерисинче, батаңарды бергиле. Анткени ушуга – Кудайдын батасын мурастоого чакырылгансыңар.

10 Себеби ким жашоону сүйсө жана жакшы жашагысы келсе, ал өзүнүн тилин жаман сөздөрдү айтуудан, оозун жалган кептерди сүйлөөдөн сактасын.

11 Жамандыктан четтеп, жакшы иштерди жасасын. Тынчтыкты издеп, ошого умтулсун.

12 Анткени Теңир адил адамдарга назарын салат, алардын сыйынууларына кулак төшөйт, ал эми жамандык жасагандардан Теңир Өз жүзүн бурат.

13 Эгерде жакшы иштерди кылууга тырышып жатсаңар, анда силерге ким жамандык кыла алат?

14 Эгерде чындык үчүн азап тартып жатсаңар, анда силер бактылуусуңар. Алардын коркутканынан коркпогула, кысынбагыла.

15 Машайакты жүрөгүңөрдө Теңир катары ыйык туткула. Силердин үмүтүңөр жөнүндө айтып берүүңөрдү сураган ар бир адамга момундук жана коркунуч менен жооп берүүгө дайым даяр болгула.

16 Абийириңерди таза сактагыла, Машайак жолундагы таза жашооңор үчүн силерди жамандык кылуучулар катары жамандагандар уялгандай болушсун.

17 Анткени Кудайдын эрки болсо, жамандык кылып азап тарткандан көрө, жакшылык кылып азап тарткан жакшы.

**Машайактын бийлиги**

18 Себеби Машайак да бизди Кудайга алып келүү үчүн, биздин күнөөлөрүбүз үчүн бир ирет азап тартты. Адил Адам адилетсиз адамдар үчүн азап тартты. Анын денеси өлтүрүлдү, бирок руху тирилтилди.

19 Ал ошол руху менен зындандагы рухтарга барып жар салды.

20 Алар качандыр бир убакта, Нухтун убагында, кеме курулуп бүткүчөктү Кудай чыдап күтсө да, баш ийбей койгондор эле. Ошол кемеде аз эле адам, тактап айтканда, сегиз гана жан суу аркылуу аман калган.

21 Ошол сыяктуу эле азыр да бизди сууга чөмүлдүрүү Ыйса Машайактын тирилүүсү аркылуу куткарып жатат. Сууга чөмүлдүрүү – дененин кирин жууп кетирүү эмес, Кудай алдында таза абийир менен жашоого убада берүү.

22 Асманга көтөрүлүп кеткен Машайак Теңирдин оң жагында отурат. Ага периштелер да, күчтөр да, бийликтер да багындырылган.

**4-БӨЛҮМ**

**Кудайга жаккандай жашоо**

1 Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткандыктан, силер да ошол ой менен куралдангыла. Анткени денеси менен азап тарткан адам күнөө кылганын коёт.

2 Эми мындан аркы жашооңорду адамдык кумарлар менен эмес, Кудайдын эрки менен жашагыла.

3 Анткени буга чейин бутпарастык жашоо менен, бузуктук кылып, кумарларга, (бачабаздыкка, мал менен жанашуучулукка, арам ойлуулукка), аракечтикке, тамаксоолукка жана жийиркеничтүү бутка табынуучулукка берилүү менен жашап келгениңер жетишет.

4 Бутпарастар менен кошо бузуктук кылбай калганыңарга таң калып, алар силерди жамандап жатышат.

5 Алар өлгөндөрдү жана тирүүлөрдү соттоого даяр турган Сот алдында жооп беришет.

6 Адам баласы сыяктуу денеси менен соттолуп, Кудай сыяктуу руху менен жашашы үчүн, өлгөндөргө да Жакшы Кабар таратылган болчу.

7 Бирок бардык нерсенин аягы жакын. Ошондуктан акылдуу болгула жана сыйынуу үчүн сергек болгула.

8 Баарынан мурда бири-бириңерди ынталуулук менен сүйгүлө, анткени сүйүү көп күнөөлөрдү жаап коёт.

9 Бири-бириңерге күңкүлдөөсүз меймандостук көрсөткүлө.

10 Ар бириңер Кудайдан алган жөндөмдүүлүгүңөр менен бири-бириңерге кызмат кылгыла. Кудайдын ырайымы менен берилген көп түрдүү жөндөмдүүлүктөрдү жакшы үй башкаруучулар катары колдонгула.

11 Ким сүйлөсө, Кудайдын сөзүн сүйлөгөндөй сүйлөсүн. Ким кызмат кылса, Кудай берген күчүнө жараша кызмат кылсын. Ошентип, Кудай бардык нерседе Ыйса Машайак аркылуу даңкталсын. Даңк жана бийлик түбөлүктөн түбөлүккө Аныкы! Оомийин.

**Машайак үчүн азап чегүү**

12 Сүйүктүү бир туугандар, сыналышыңар үчүн жиберилип жаткан оттуу сыноону жат нерсе катары өгөйлөбөгүлө.

13 Тескерисинче, Машайак тарткан азапка ортоктош болуп жаткандыгыңар үчүн кубангыла, анткени Анын даңкы көрүнгөндө, кубанычка жана шаттыкка бөлөнөсүңөр.

14 Эгерде Машайактын ысымы үчүн кордолуп жатсаңар, анда бактылуусуңар. Анткени даңк Руху – Кудайдын Руху силерде. Алар аркылуу Ага акарат келтирилет, ал эми силер аркылуу Ал даңкталат.

15 Бирок силердин араңардан эч ким киши өлтүрүп, же уурулук кылып, же жаман иштерди кылып, же бирөөнүн ишине кийлигишип азап тартпасын.

16 Эгерде машайакчы болгону үчүн азап тартып жатса, анда уялбасын. Тескерисинче, ушул наамы үчүн Кудайды даңктасын.

17 Анткени сот Кудайдын Жыйынынан баштала турган убакыт келди. Эгерде сот биринчи бизден башталса, анда Кудайдын Жакшы Кабарына баш ийбегендердин акыры эмне болот?

18 Эгерде адил адам араң куткарылып жатса, анда кудайсыз, күнөөкөр адам кайсы жерде болот?

19 Ошондуктан Кудайдын эрки боюнча азап тартып жаткандар жакшы иш кылуу менен, өздөрүнүн жанын ишенимдүү Жаратуучуга тапшырышсын.

**5-БӨЛҮМ**

**Жыйын башчыларына жана Жыйынга акыл-насаат**

1 Жыйын башчыларынын бири, Машайактын азап тартканына күбө болгон, айкын көрүнө турган даңкка ортоктош боло турган мен силердин Жыйын башчыларыңардан өтүнөмүн:

2 Кудайдын силерге тапшырган үйүрүн кайтаргыла. Аны аргасыздан эмес, чын көңүлдөн, Кудайга жаккандай, өзүңөрдүн керт башыңардын кызыкчылыгы үчүн эмес, ынталуулук менен,

3 энчиңердин үстүнөн үстөмдүк кылуу менен эмес, үйүргө үлгү болуу менен кайтаргыла.

4 Жыйын башчыларынын Башчысы келгенде, силер даңктын соолубас таажысын аласыңар.

5 Ошондой эле, жаштар, Жыйын башчыларына баш ийгиле. Бардыгыңар бири-бириңерге баш ийип, момун болгула. Анткени Кудай текеберлерге каршы турат, ал эми момундарга ырайым кылат.

6 Демек, Кудай силерди Өз убагында жогору көтөрүшү үчүн, Анын күчтүү колунун астында моюн сунгула.

7 Бардык түйшүктөрүңөрдү Ага тапшыргыла, анткени Ал силер үчүн кам көрөт.

8 Эстүү жана сергек болгула. Силердин душманыңар шайтан кимди жутуп жиберсем деп, айкырган арстан сыяктуу тегеренип жүрөт.

9 Ага бекем ишенимиңер менен каршы тургула, дүйнөнүн ар тарабындагы бир туугандарыңар да силер сыяктуу эле азап тартып жатышканын билгиле.

**Элчинин бата берүүсү жана саламы**

10 Бизди Машайак Ыйса аркылуу Өзүнүн түбөлүк даңкына чакырып алган жана ырайымдын булагы болгон Кудай бир аз убакыт азап тартканыңардан кийин, силерди Өзү жеткилең, бекем, кайраттуу жана туруктуу кылат.

11 Бийлик түбөлүктөн түбөлүккө Аныкы! Оомийин.

12 Силерге жазган ушул кыска катымды мен ишенимдүү бир тууган деп эсептеген Сыласка жаздырдым. Бул катты силерге кайрат берүү үчүн, Кудайдын ырайымынын чындык экендигин күбөлөндүрүү үчүн жаздым. Силер ошол ырайым менен жашап жатасыңар.

13 Бабылдагы силер сыяктуу эле тандалган Жыйын жана уулум Марк силерге салам айтып жатышат.

14 Бири-бириңер менен өбүшүп саламдашкыла. Машайак Ыйсага ишенгендердин бардыгына тынчтык болсун. Оомийин.

## ПЕТИРДИН ЭКИНЧИ КАТЫ

### 1-БӨЛҮМ

### Элчинин саламдашуусу

1 Кудайыбыз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайактын адилеттиги аркылуу баалуу ишенимди биз сыяктуу эле кабыл алгандарга Ыйса Машайактын кулу жана элчиси Шымон Петирден салам!

2 Кудайды жана Теңирибиз Ыйсаны таанып билүү аркылуу Кудай силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!

### Такыбаа жашоого чакыруу

3 Бизди чакырып алган даңктуу, жеткилең Кудайдын кудайлык күчү бизге жашоо, такыбаа жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген. Буга биз Аны таанып билүү аркылуу ээ болдук.

4 Силер бул дүйнөдө үстөмдүк кылган жаман кумарлардан алыстап, Кудайдыкындай табиятка ээ болушуңар үчүн, Анын даңкы жана жеткилеңдиги аркылуу бизге кымбат баалуу жана улуу убадалар берилген.

5 Ошондуктан силер да бүт аракетиңерди жумшап, ишенимиңерде жакшылык кылуучулукту, жакшылык кылууда эстүүлүктү,

6 эстүүлүктө өзүн өзү токтото билүүнү, өзүн өзү токтото билүүдө чыдамкайлыкты, чыдамкайлыкта такыбаалыкты,

7 такыбаалыкта бир туугандык сүйүүнү, бир туугандык сүйүүдө (бардык адамдарга болгон) сүйүүнү көрсөткүлө.

8 Эгерде бул сапаттар силерде бар болсо жана өсүп жатса, анда силер биздин Теңирибиз Ыйса Машайакты таанып билүү жолунда ийгиликсиз жана жемишсиз калбайсыңар.

9 Ал эми бул сапаттар кимде жок болсо, ал сокур, көзүн жуумп алган, өзүнүн мурунку күнөөлөрүнөн тазаланганын унутуп койгон.

10 Мына ошондуктан, бир туугандар, чакырылганыңарды жана тандалгандыгыңарды уламдан-улам бекемдөөгө аракеттенгиле. Анткени ушундай кылсаңар, эч качан мүдүрүлбөйсүңөр.

11 Ошентип, силерге биздин Теңирибиз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайактын түбөлүк падышачылыгынын эшиги кенен ачылат.

12 Силер муну билсеңер да, чыныгы чындык менен бекемделсеңер да, бул жөнүндө силердин эсиңерге салып турууну эч качан токтотпойм.

13 Көзүм тирүү турганда, эсиңерге салуу менен силерди ойготуп турууну туура таптым.

14 Анткени жакында көз жумарымды билем, Теңирибиз Ыйса Машайак муну мага Өзү билдирген.

15 Силер муну менин көзүм өтүп кеткенден кийин да, эсиңерден чыгарбашыңар үчүн аракет кыламын.

### Машайактын даңкы жана пайгамбарчылык

16 Анткени Теңирибиз Ыйса Машайактын күчү жана Анын келиши жөнүндө силерге куулук менен ойдон чыгарылган тамсилдерге негизденип айткан эмеспиз, биз Анын улуулугун өз көзүбүз менен көргөнбүз.

17 Себеби Машайак даңктуу улуу Кудайдын «Бул Менин сүйүктүү Уулум, Мен Ага ыраазымын» деген үнүн укканда, Кудай Ата Аны урмат-сыйга жана даңкка бөлөгөн.

18 Асмандан келген ошол үндү биз да укканбыз, анткени ыйык тоодо Аны менен бирге болгонбуз.

19 Андан сырткары, бизде эң туура айтылган пайгамбарчылык бар. Таң агарып, таңкы жылдыз жүрөгүңөрдө чыкканга чейин, караңгыда жарык чачкан чырактай болгон ушул пайгамбарчылыктарга кайрылып, туура кылып жатасыңар.

20 Баарынан мурда Ыйык Жазуудагы бир да пайгамбарчылыкты эч ким өзүнөн өзү айтпагандыгын билишиңер керек.

21 Себеби пайгамбарчылык эч качан адамдын каалоосу менен айтылган эмес. Аны Кудайдын ыйык адамдары Ыйык Рухтун жетеги менен айтышкан.

**2-БӨЛҮМ**

**Жалган пайгамбарлар жана жалган окутуучулар**

1 Элдин арасында жалган пайгамбарлар болгондой эле, силердин араңарда да жалган окутуучулар болот. Алар өздөрүн куткарган Эгедерден баш тартышып, кыйратуучу жалган окутууларды жайылтышып, өздөрүнө эрте өлүм тилеп алышат.

2 Көп адамдар алардын бузуктук жолу менен кетишет, ошолордун айынан чындык жолу жаманатты болот.

3 Алар өздөрүнүн ач көздүгүнөн улам, кошомат сөздөрү менен силерди өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланышат. Алар үчүн небак эле сот чечими даяр, алардын өлүмү кечикпейт.

4 Эгерде Кудай күнөө кетирген периштелерди аябастан, аларды сот боло турган убакка чейин өлгөндөр жаткан жайдын караңгы туңгуюгуна түшүрүп, чынжырлап койсо,

5 эгерде Кудай байыркы дүйнөнү аябаса, сегиз адамды – адилдикти жар салган Нухту үй-бүлөсү менен сактап, дүйнөдөгү кудайсыздарды топон суу менен жок кылса,

6 эгерде Кудай келечектеги кудайсыздарга сабак болсун деп, Содом жана Амор шаарларын кыйратууга өкүм чыгарып, күлгө айлантып салса,

7-8 ал эми мыйзамсыздардын арасында жашап, алардын бузулган жашоосун, мыйзамсыз иштерин угуп-көрүп, күн сайын жаны кыйналган адил Лотту куткарып калса,

9 анда Теңир такыбааларды азгырыктардан кантип куткарууну, ал эми адилетсиздерди,

10 айрыкча ыпылас кумарларына жетеленген, бийликтегилерди тоотпогон, кара өзгөй, ээнбаш, жогоркуларды жамандагандан коркпогон адамдарды, сот боло турган күнгө чейин сактап турууну билет.

11 Алардан күчү жана кубаты жагынан жогору турган периштелер да Теңирдин алдында аларды жамандап, тил тийгизишпейт.

12 Өздөрү түшүнбөгөн нерсени жамандашкан алар тузакка түшүп өлүмгө дуушар болушу үчүн жаратылган, тилсиз, аң-сезимсиз жаныбарлар сыяктуу жок болушат.

13 Алар өздөрүнүн мыйзамсыз иштерине жараша жаза алышат, анткени ырахатты күнүмдүк жыргал турмушта деп эсептешет. Уятсыз жана ыйык нерсени булгоочу алар силер менен бирге тойлоп, өздөрүнүн куулуктары менен сайран куруп жатышат.

14 Алардын аял жандуу экени, күнөө кылууга тойбостугу көздөрүнөн эле көрүнүп турат. Алар бекемделе электерди азгырышат. Ач көздүк алардын жүрөгүнөн бекем орун алган. Алар – каргыш уулдары.

15 Түз жолдон чыккан алар арам акчаны жакшы көргөн Босордун уулу Биламдын жолуна түшүп, адашып калышты.

16 Бирок анын мыйзамсыздыгы ашкереленген. Тилсиз эшек адамча сүйлөп, акылсыздык кылып жаткан пайгамбарды токтоткон.

17 Булар – соолгон булактар, шамал айдаган булуттар. Аларга түбөлүк караңгылык даярдалган.

18 Себеби алар ооз көптүрүп сүйлөп, туура эмес жолдон араң кайткандарды дене кумарларынын жана бузуктуктун торуна түшүрүшөт.

19 Өздөрү жок болуунун кулдары болуп туруп, аларга эркиндикти убада кылышат. Анткени ким эмнеден жеңилсе, ал – ошонун кулу.

20 Себеби алар Теңир жана Куткаруучу Ыйса Машайакты таанып билүү аркылуу бул дүйнөнүн ыпыластыктарынан качып кутулгандан кийин, кайрадан аларга тутулуп, жеңилип калышса, анда алардын кийинки абалы мурунку абалынан да жаман болот.

21 Чындык жолун таанып билип туруп, өздөрүнө берилген ыйык осуяттан баш тарткандан көрө, алар үчүн бул чындык жолун таанып билбей эле койгон жакшы болмок.

22 «Ит өзүнүн кусундусун кайра жей берет. Чочкону канча тазалаба, ал кайра эле балчыкка оонайт» деген макал аларга туура келет.

**3-БӨЛҮМ**

**Машайактын экинчи ирет келери жөнүндө**

1 Сүйүктүү бир туугандар, силерге мен экинчи катымды жазып жатамын. Эки катымдагы эскертүүлөрүм менен силерди туура ой жүгүртүүгө чакырууга аракет кылдым.

2 Ыйык пайгамбарлар аркылуу буга чейин айтылып келген сөздөрдү, Теңирдин жана Куткаруучунун элчилер аркылуу берген осуяттарын унутпооңорду каалайм.

3 Баарынан мурда акыркы күндөрү өздөрүнүн дене кумарлары боюнча иш кылган шылдыңчылдар келерин билип койгула.

4 Алар: «Анын келем деген убадасы кана? Ата-бабаларыбыздын деле көзү өтүп кетти, башында кандай болсо, азыр деле баары ошол бойдон», – деп айтышат.

5 Анткени ошондой ойлогондор асман менен жердин башында эле Кудай сөзү аркылуу суудан жана суу аркылуу жаратылганын билгилери келишпейт.

6 Бирок байыркы дүйнө топон суу аркылуу жок болгон.

7 Ал эми ошол эле Кудай Сөзү аркылуу сакталып турган азыркы асман менен жер от үчүн сакталып турат. Сот боло турган күнгө, кудайсыздар жок боло турган күнгө чейин сакталат.

8 Бирок, сүйүктүү бир туугандар, Теңир алдында бир күн миң жылдай, миң жыл бир күндөй экени силерге белгилүү болсун.

9 «Кечигип жатат», – деп, кээ бирөөлөр ойлошсо да, Теңир Өзүнүн убадасын кечиктирбей аткарат. Бирок Ал эч кимдин өлүшүн каалабагандыктан, бардыгы тобо кылышы үчүн, бизге көпкө чыдайт.

10 Теңирдин күнү болсо ууру сыяктуу келет. Ошол күнү асман чарт-чурт этип жок болот, табият элементтеринин баары кыйрап жок болот, жер жана жер үстүндөгүлөрдүн баары өрттөнүп кетет.

11 Эгерде баары ушинтип жок боло турган болсо, анда Кудайдын күнүнүн келишин каалап жана күтүп жаткан силердин жашооңор канчалык ыйык, канчалык такыбаа болушу керек.

12 Ошол күнү асман өрттөнүп жок болот, табият элементтеринин баары жалындаган отто эрийт.

13 Бирок биз Анын убадасы боюнча адилеттик гана өкүм сүргөн жаңы асман менен жаңы жерди күтүп жатабыз.

**Акыркы акыл-насаат**

14 Сүйүктүү бир туугандар, ошону күтүп жаткандыктан, Анын алдына таза жана кемчиликсиз болуп, тынчтык менен келүүгө аракеттенгиле.

15 Биздин сүйүктүү бир тууганыбыз Пабыл да өзүнө берилген акылмандуулук менен силерге жазып жибергендей, биздин Теңирибиздин чыдамдуулугун куткарылууңар катары эсептегиле.

16 Пабыл бул жөнүндө бардык каттарында айтат. Ошол каттарындагы кээ бир нерселерди түшүнүү кыйын, аларды түркөй, бекемделе элек адамдар башка жазууларды бурмалагандай эле, өздөрүн өздөрү жок кылуу үчүн бурмалашат.

17 Демек, сүйүктүү бир туугандар, ушуну алдын ала билгендиктен, мыйзамсыздардын азгырыгына жетеленүүдөн, өзүңөр бекемделген негизден четтеп кетүүдөн сак болгула.

18 Кудайдын ырайымы астында өскүлө, биздин Теңирибиз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайакты таанып билүүңөр өсө берсин. Даңк азыр жана түбөлүктөн түбөлүккө Аныкы! Оомийин.

**ЖАКАНДЫН БИРИНЧИ КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Өмүр Сөзү**

1 Эң башында Өмүр Сөзү болгон. Аны биз угуп, өз көзүбүз менен көрүп, карап, колубуз менен кармап көргөнбүз.

2 Өмүр келди, аны биз көрдүк жана ал жөнүндө күбөлөндүрүп жатабыз. Ата менен бирге болуп, бизге келген ошол түбөлүк Өмүрдү жарыялап жатабыз.

3 Силер менен биздин ортобузда мамиле болуш үчүн, биз силерге укканыбызды жана көргөнүбүздү жарыялап жатабыз. Ал эми биздин мамиле – Ата жана Анын Уулу Ыйса Машайак менен болгон мамиле.

4 Муну силерге кубанычыңар толук болуш үчүн жазып жатабыз.

**Кудай – жарык**

5 Биз Машайактан уккан Жакшы Кабарды азыр силерге жарыялап жатабыз: Кудай – жарык, Анда эч кандай караңгылык жок.

6 Эгерде Аны менен мамилебиз бар деп жатсак, бирок караңгылыкта жүрсөк, анда жалган айтып жатабыз жана чындык боюнча мамиле кылган жокпуз.

7 Ал жарыкта болгон сыяктуу биз да жарыкта жүрсөк, анда бири-бирибиз менен мамилебиз бар жана Анын Уулу Ыйсанын каны бизди ар кандай күнөөдөн тазалайт.

8 Эгерде күнөөбүз жок деп жатсак, анда өзүбүздү өзүбүз алдап жатабыз жана бизде чындык жок.

9 Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди бардык адилетсиздиктен тазалайт.

10 Эгерде күнөө кылган жокпуз деп жатсак, анда Кудайды жалганчы кылып жатабыз жана Анын сөзү биздин ичибизде жок.

**2-БӨЛҮМ**

**Машайак биздин арачыбыз**

1 Балдарым, мен муну силерге күнөө кылбасын деп жазып жатам. Эгерде ким күнөө кылса, Атанын алдында адил Арачыбыз Ыйса Машайак бар.

2 Ал – биздин күнөөлөрүбүз үчүн, биздин гана эмес, бүт дүйнөнүн күнөөлөрү үчүн чалынган ырайым курмандыгы.

**Кудай Сөзүн аткарып жашоо**

3 Осуяттарын аткарганыбыздан улам, Аны таанып билгенибизди билебиз.

4 Ким: «Мен Кудайды таанып билдим», – десе, бирок Анын осуяттарын аткарбаса, ал жалганчы, анын ичинде чындык жок.

5 Ал эми ким Анын сөздөрүн аткарып жатса, ал адамда Кудайдын жеткилең сүйүүсү бар. Машайактын ичинде экенибизди ушундан билебиз.

6 «Машайактын ичиндемин» деген адам Машайак кандай жашаса, ошондой жашашы керек.

**Жаңы осуят**

7 Сүйүктүүлөрүм, мен силерге жаңы осуят эмес, байыркы эле осуятты жазып жатам. Ал осуят силерде башынан эле бар болчу. Байыркы осуят – бул силер башынан бери угуп келе жаткан сөз.

8 Ошондой болсо да силерге жазып жатканым – жаңы осуят, ал Анын жана силердин ичиңерде. Анткени караңгылык өтүп бара жатат, чыныгы жарык жаркырай баштады.

9 Ким: «Жарыкта жүрөм», – десе, бирок бир тууганын жек көрүп жатса, ал дагы деле караңгылыкта жүрөт.

10 Ким бир тууганын сүйсө, ал жарыкта жашап жатат жана эч кимге азгырык болгон жок.

11 Ал эми ким бир тууганын жек көрсө, ал караңгылыкта жүрөт жана өзүнүн кайда бара жатканын билбейт. Анткени караңгылык анын көзүн сокур кылып койгон.

12 Балдарым, силерге жазып жатканымдын себеби: силердин күнөөлөрүңөр Машайактын ысымынын урматына кечирилген.

13 Аталар, силерге жазып жатканымдын себеби: силер башынан бери бар болгон Кудайды таанып билдиңер. Жаштар, силерге жазып жатканымдын себеби: силер амалкөйдү жеңдиңер. Балдар, силерге жазып жатканымдын себеби: силер Атаны таанып билдиңер.

14 Аталар, силерге жазганымдын себеби: силер башынан бери бар болгон Кудайды таанып билдиңер. Жигиттер, силерге жазганымдын себеби: силер күчтүүсүңөр жана Теңирдин сөзү силердин ичиңерде жашап жатат. Силер амалкөйдү жеңдиңер.

**Бул дүйнөнү сүйбөгүлө**

15 Бул дүйнөнү жана бул дүйнөдөгүнү сүйбөгүлө. Ким бул дүйнөнү сүйсө, ал адамда Атага болгон сүйүү жок.

16 Анткени бул дүйнөдө болгон нерсенин баары: дене кумары, көз кумары жана турмуш-тиричиликтеги текебердик. Булар Атадан эмес, бул дүйнөнүкү.

17 Бул дүйнө өзүнүн кумарлары менен кошо жок болот. Ал эми Кудайдын эркин аткарган адам түбөлүк жашайт.

**Машайактын каршылашы**

18 Балдарым, замандын акыры келди. Машайактын каршылашы келерин силер уккансыңар. Азыр Машайактын көп каршылаштары пайда болду, замандын акыры келгенин ушундан билсек болот.

19 Алар арабыздан чыгып кетишти, бирок алар биздики эмес эле. Эгерде алар биздики болсо, биз менен калышмак. Бирок алар чыгып кетишти. Баары эле биздики эмес экендиги ошондон улам айкын болду.

20 Дегинкиси, силер Ыйык тарабынан майлангансыңар, ошондуктан баарын эле билесиңер.

21 Чындыкты билбегениңер үчүн эмес, чындыкты билгениңер үчүн, ошондой эле ар бир жалган нерсенин чындыктан эмес экенин билгениңер үчүн жаздым.

22 Ыйсанын Машайак экендигин жокко чыгаруучу жалганчы болбогондо, ким жалганчы болмок эле? Ким Атаны жана Уулду четке какса, ал – Машайактын каршылашы.

23 Уулду четке каккан адамда Ата да жок, ал эми Уулду ачык тааныган адамда Ата да бар.

24 Башынан бери эмнени уксаңар, ошол ичиңерде жашасын. Эгерде башынан бери укканыңар ичиңерде жашаса, анда силер да Уулдун жана Атанын ичинде жашайсыңар.

25 Ал эми Анын бизге берген убадасы – түбөлүк өмүр.

26 Мен силерге адаштыруучулар жөнүндө жаздым!

27 Дегинкиси, Андан алган Рух силердин ичиңерде жашап жатат, ошондуктан силер кимдир бирөөнүн үйрөтүүсүнө муктаж эмессиңер. Силерге баарын үйрөтүп жаткан ал Рух – жалган эмес, чындык. Ал силерге эмнени үйрөтсө, ошону сактап жашагыла.

28 Ошентип, балдарым, Машайактын ичинде болгула. Ал келгенде, кайраттуу болгудай, Анын алдында уят болбогудай бололу.

29 Эгерде Анын адил экенин билсеңер, анда муну билип алгыла: адил жашаган адам Андан туулган.

**3-БӨЛҮМ**

**Кудайдын балдары**

1 Карагылачы, Кудайдын балдары деп аталышыбыз үчүн, Кудайдын балдары болушубуз үчүн, Ата бизге кандай сүйүү көрсөттү. Бул дүйнө Атаны таанып билбегендиктен, бизди да таанабайт.

2 Сүйүктүүлөрүм, биз эми Кудайдын балдарыбыз. Бирок эмне болорубуз бизге айкын боло элек. Машайак келгенде, Ага окшош болорубузду гана билебиз. Анткени Анын кандай экенин көрөбүз.

3 Машайактан ушундай үмүт кылган адам Машайактай таза болуу үчүн, өзүн тазалайт.

4 Ким күнөө кылса, ал мыйзамсыздык кылган болот. Күнөө – бул мыйзамсыздык.

5 Машайак бизди күнөөлөрдөн арылтыш үчүн келгенин жана Анда эч кандай күнөө болбогондугун билесиңер.

6 Машайактын ичинде жашап жаткан адам күнөө кылбайт. Ал эми күнөө кылган адам Аны көрө элек, Аны таанып биле да элек.

7 Балдарым, силерди эч ким алдабасын: адил иш кылган адам Машайак сыяктуу адил.

8 Күнөө кылып жаткан адам шайтандан, анткени шайтан башынан бери күнөө кылып келе жатат. Кудайдын Уулу шайтандын иштерин талкалаш үчүн келген.

9 Кудайдан туулган адам күнөө кылбайт, анткени анын ичинде Кудайдын уругу жашайт. Ал күнөө кыла албайт, анткени Кудайдан туулган.

10 Адил иш кылбаган жана бир тууганын сүйбөгөн адам Кудайдан эмес. Кудайдын балдары менен шайтандын балдары ушундан айырмаланат.

**Бири-бириңерди сүйгүлө**

11 Анткени силер башынан бери угуп келе жаткан кабар бул: бири-бирибизди сүйөлү.

12 Амалкөйдөн болгон, өз бир тууганын өлтүргөн Кабылдай болбогула. Кабыл өз бир тууганын эмне үчүн өлтүрдү эле? Анын иштери жаман, ал эми бир тууганынын иштери туура болчу.

13 Бир туугандарым, эгерде бул дүйнө силерди жек көрүп жатса, таң калбагыла.

14 Өлүмдөн өмүргө өткөнүбүздү биз билебиз, анткени бир туугандарыбызды сүйөбүз. Бир тууганын сүйбөгөн адам өлүмдүн бийлиги астында.

15 Бир тууганын жек көргөн адам – киши өлтүрүүчү. Киши өлтүрүүчү адам өзүндө бар болуп турган түбөлүк өмүргө ээ эмес экендигин силер билесиңер.

16 Ал биз үчүн Өз жанын бергендиктен, сүйүүнүн кандай болорун билдик. Ошондуктан биз да бир туугандарыбыз үчүн өз жаныбызды беришибиз керек.

17 Колунда бар болгонуна карабастан, бир тууганынын муктаждыгын көрүп туруп жардам бербеген адамда кантип Кудайдын сүйүүсү болсун?

18 Балдарым, сөзүбүз же тилибиз менен эмес, ишибиз менен, чын жүрөгүбүз менен сүйөлү.

**Кудай алдындагы кайраттуулук**

19-20 Чындыктан экенибизди ушундан билип алабыз, бизди жүрөгүбүз айыптаса да, жүрөгүбүздү Кудай алдында тынчтандырабыз. Анткени Кудай жүрөгүбүздөн чоң, Ал баарын билет.

21 Сүйүктүүлөрүм, эгерде жүрөгүбүз айыптабаса, анда Кудай алдында кайраттуу-лукка ээбиз.

22 Эмне сурасак да, Андан алабыз, анткени Анын осуяттарын аткарып жатабыз жана Ага жакканды кылып жатабыз.

23 Ал эми Анын осуяты болсо бул: Уулу Ыйса Машайакка ишенүү жана бири-бирибизди Ыйса осуяттагандай сүйүү.

24 Ким Кудайдын осуяттарын аткарса, ал Кудайдын ичинде болот жана Кудай ал адамдын ичинде болот. Анын биздин ичибизде экенин бизге берген Руху боюнча билебиз.

**4-БӨЛҮМ**

**Рухтарды айырмалоо**

1 Сүйүктүүлөрүм, рухтун баарына эле ишене бербегиле. Рухтарды: «Кудайданбы же Кудайдан эмеспи?» – деп сынап көргүлө. Анткени дүйнөдө көптөгөн жалган пайгамбарлар пайда болду.

2 Кудайдын Рухун мындан билип аласыңар: адам болуп келген Ыйса Машайакты ачык тааныган рух Кудайдан.

3 Ал эми адам болуп келген Ыйса Машайакты ачык таанываган рух Кудайдан эмес. Ал – Машайактын каршылашынын руху. Анын келерин уккансыңар, дегинкиси, ал азыр эле дүйнөдө.

4 Балдарым, силер Кудайдансыңар, ошондуктан аларды жеңдиңер. Анткени силердин ичиңердеги Рух бул дүйнөдөгү рухтан чоң.

5 Алар бул дүйнөдөн, ошондуктан бул дүйнөнүкүндөй сүйлөшөт, дүйнө болсо аларды угат.

6 Биз Кудайданбыз. Ким Кудайды тааныса, ал бизди угат. Ким Кудайдан болбосо, ал бизди укпайт. Чындык Рухун жана жалган рухту ушундан билип алабыз.

**Кудай – сүйүү**

7 Сүйүктүүлөрүм, бири-бирибизди сүйөлү, анткени сүйүү Кудайдан. Ким сүйсө, ал Кудайдан туулган жана Кудайды билет.

8 Ким сүйбөсө, ал Кудайды билбейт, анткени Кудай – сүйүү.

9 Кудайдын сүйүүсү бизге бул аркылуу айкын болду: Уулу аркылуу өмүргө ээ болушубуз үчүн, Кудай бул дүйнөгө Өзүнүн жалгыз Уулун жиберди.

10 Сүйүү деген мындай: биз Кудайды сүйгөн жокпуз, бирок Ал бизди сүйгөндүктөн, биздин күнөөлөрүбүз үчүн Өз Уулун ырайым курмандыгы катары берди.

11 Сүйүктүүлөрүм, эгерде Кудай бизди ушундай сүйсө, анда биз да бири-бирибизди сүйүшүбүз керек.

12 Кудайды эч ким эч качан көргөн эмес. Эгерде биз бири-бирибизди сүйсөк, анда Кудай биздин ичибизде жашайт жана биздин ичибизде Анын жеткилең сүйүүсү бар.

13 Кудайдын ичинде жашап жатканыбызды жана Анын биздин ичибизде жашап жатканын бизге берген Руху аркылуу билебиз.

14 Атанын Өз Уулун дүйнөгө Куткаруучу кылып жибергенин биз өз көзүбүз менен көрүп, күбөлөндүрүп жатабыз.

15 Ыйсанын Кудай Уулу экендигин ачык тааныган адамдын ичинде Кудай жашайт, ал адам да Кудайдын ичинде жашайт.

16 Кудайдын бизге болгон сүйүүсүн билип, ошого ишендик. Кудай – сүйүү. Сүйүп жашаган адам Кудайдын ичинде жашайт, Кудай да анын ичинде жашайт.

17 Биздин ичибиздеги сүйүү жеткилеңдикке жеткендиктен, сот боло турган күнү биз кайраттуулукка ээбиз. Анткени Ал кандай болсо, биз да бул дүйнөдө ошондойбуз.

18 Сүйүүдө коркунуч жок. Тескерисинче, жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон адамдын ичиндеги сүйүү жеткилең эмес.

19 Ал бизди биринчи сүйгөндүктөн, биз да Аны сүйөлү.

20 Ким: «Мен Кудайды сүйөм», – десе, бирок бир тууганын жек көрсө, ал – жалганчы. Анткени өзү көрүп турган бир тууганын сүйбөсө, көрүнбөгөн Кудайды кантип сүймөк эле?

21 Биз Андан «Ким Кудайды сүйсө, ал бир тууганын да сүйсүн» деген осуятты алганбыз.

**5-БӨЛҮМ**

**Дүйнөнү жеңүүчү ишеним**

1 Ыйсанын Машайак экендигине ишенген адам Кудайдан туулган. Ким Кудайды сүйсө, ал Кудайдан туулгандарды да сүйөт.

2 Эгерде Кудайды сүйүп, Анын осуяттарын аткарып жатсак, анда Кудайдын балдарын сүйүп жатканыбызды билебиз.

3 Кудайды сүйүү деген – Анын осуяттарын аткаруу. Анын осуяттарын аткаруу кыйын эмес.

4 Анткени Кудайдан туулган адам дүйнөнү жеңет. Дүйнөнүн үстүнөн жеңишке жеткирген нерсе – бул биздин ишенимибиз.

5 Дүйнөнү Ыйсанын Кудай Уулу экендигине ишенген адамдан башка ким жеңе алат?

**Кудайдын Уулу жөнүндөгү күбөлөндүрүүлөр**

6 Ал – суу жана кан менен келген Ыйса Машайак. Ал суу менен гана эмес, суу жана кан менен келди. Ал жөнүндө Рух күбөлөндүрөт, анткени Рух – чындык.

7 Ошентип, асманда үчөө күбөлөндүрөт: Ата, Сөз жана Ыйык Рух. Бул үчөө бир.

8 Жерде үчөө күбөлөндүрөт: рух, суу жана кан. Бул үчөөнүн күбөлөндүрүүсү бир.

9 Адамдардын күбөлөндүрүүсүн деле кабыл алып жатпайбызбы, адамдардын күбөлөндүрүүсүнөн Кудайдын күбөлөндүрүүсү жогору эмеспи. Анткени бул – Өз Уулу жөнүндө күбөлөндүргөн Кудайдын күбөлөндүрүүсү.

**Кудай Уулуна ишенген адам түбөлүк өмүргө ээ**

10 Кудай Уулуна ишенген адамдын күбөлөндүрүүсү өз ичинде. Ал эми Кудайга ишенбеген адам Кудайды жалганчы кылган болот. Анткени ал Өз Уулу жөнүндө күбөлөндүргөн Кудайдын күбөлөндүрүүсүнө ишенген жок.

11 Кудайдын күбөлөндүрүүсү болсо бул: Кудай бизге түбөлүк өмүр берди. Ал өмүр Анын Уулунда.

12 Ким Кудайдын Уулуна ээ болсо, ал өмүргө ээ. Ким Кудайдын Уулуна ээ эмес болсо, ал өмүргө ээ эмес.

13 Кудайдын Уулуна ишенүү аркылуу түбөлүк өмүргө ээ болгонуңарды билишиңер үчүн, мен муну силерге – Кудайдын Уулуна ишенгендерге жаздым.

**Кудайдын Уулуна ишенген адамдын сыйынуусу**

14 Анын алдында кандай кайраттуулукка ээбиз: Анын эрки боюнча эмнени сурасак да, Ал бизди угат.

15 Эмнени сурасак да, Ал бизди угарын билсек, Андан сураганыбызды аларыбызды да билебиз.

16 Ким бир тууганынын өлүмгө дуушар кылбай турган күнөө жасап жатканын көрсө, ал үчүн сыйынсын, Кудай ага өмүр берет. Өлүмгө дуушар кылбай турган күнөө кетиргендер жөнүндө айтып жатам. Өлүмгө дуушар кыла турган күнөө бар, ал жөнүндө сыйынгыла дебейм.

17 Жалгандыктын баары – күнөө, бирок өлүмгө дуушар кылбай турган күнөө бар.

**Акыркы сөз**

18 Кудайдан туулган адамдын күнөө кылбастыгын билебиз. Кудайдан туулган адам өзүн сактайт, ошондуктан ага амалкөй жолобойт.

19 Биз Кудайдан экенибизди, ал эми бүт дүйнө амалкөйдүн бийлиги астында экенин билебиз.

20 Кудайдын Уулу келип, бизге чыныгы Кудайды таанып билүүгө акыл бергенин да билебиз. Биз Анын чыныгы Уулу Ыйса Машайактын ичиндебиз. Ал – чыныгы Кудай жана түбөлүк өмүр.

21 Балдарым, өзүңөрдү буркандардан сактагыла. Оомийин!

## ЖАКАНДЫН ЭКИИНЧИ КАТЫ

### Элчинин саламдашуусу

### 1-БӨЛҮМ

1 Кудай тандап алган мырзайымга жана анын балдарына аксакалдан салам! Силерди мен чын жүрөктөн жакшы көрөм. Силерди мен эле эмес, чындыкты билгендердин баары жакшы көрүшөт.

2 Анткени ичибизде чындык бар жана ал чындык түбөлүккө биз менен болот.

3 Чындык жана сүйүү жолунда Кудай Ата жана Атанын Уулу Ыйса Машайак силерге ырайымын төгүп, боорукердигин көрсөтүп, тынчтыгын бере берсин!

### Чыныгы сүйүү

4 Сенин балдарыңдын айрымдарынын Атабыздан алган осуят боюнча чындык жолунда жүргөнүн көрүп, мен аябай кубандым.

5 Мырзайым, мен сага жаңы осуят жазып жаткан жокмун, бул осуят бизде башынан эле бар. Ошондуктан сенден суранарым: баарыбыз бири-бирибизди сүйөлү.

6 Сүйүү деген – Анын осуяттарын аткаруу. Ал – силер башынан бери угуп келе жаткан осуят. Силер ошол осуят боюнча жашашыңар керек.

### Жалган окутуулар жөнүндө алдын ала эскертүү

7 Анткени бул дүйнөдө Ыйса Машайактын адам болуп келгендигин жокко чыгарган көптөгөн азгыруучулар пайда болду. Мындайлар – азгыруучулар жана Машайактын каршылаштары.

8 Эмгегибиз текке кетпей, сыйлыгыбызды толук алышыбыз үчүн, өзүңөргө сак болгула.

9 Машайактын окутуусунан четтеп, ошол окутуу боюнча жашабаган адамдын ичинде Кудай жок. Ал эми Машайактын окутуусу боюнча жашаган адамдын ичинде Ата да, Уул да бар.

10 Эгерде силерге келген адам Ыйсанын окутуусун үйрөтпөсө, аны үйүңөргө кабыл албагыла, аны менен саламдашпагыла.

11 Анткени аны менен саламдашкан адам анын жаман иштерине ортоктош болуп калат.

12 Силерге жаза турган нерсе көп, бирок анын баарын кагазга жазгым келген жок. Кубанычыңар артышы үчүн, силерге өзүм барып, бетме-бет отуруп сүйлөшкүм келет.

13 Кудай тандап алган эжеңдин балдары сага салам айтып жатышат. Оомийин.

**ЖАКАНДЫН ҮЧҮНЧҮ КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Сүйүктүү Гайга чын жүрөктөн сүйгөн аксакалдан салам!

2 Сүйүктүүм, рухий жашооңдо ийгиликке жетишкендей эле, калган бардык нерседе ийгиликке жетип, сак-саламат болушуң үчүн сыйынам.

3 Анткени бир туугандар келип, сенин ишенимдүүлүгүң жөнүндө, чындык жолунда жүргөндүгүң жөнүндө күбөлөндүрүшкөндө, мен аябай кубандым.

4 Мен үчүн балдарымдын чындык жолунда жүргөндүгүн угуудан өткөн кубаныч жок.

**Бир туугандарды меймандостук менен кабыл алуу**

5 Сүйүктүүм, сен жолоочу бир туугандарга ишенимдүүлүк менен кызмат кылып жатыптырсың.

6 Алар Жыйындын алдында сенин сүйүүң жөнүндө күбөлөндүрүштү. Аларды Кудай үчүн, Кудайга жаккандай кылып узатсаң, жакшы иш кылган болосуң.

7 Анткени алар Анын ысымы үчүн жолго чыгышты, бутпарастардын колунан эч нерсе алышкан жок.

8 Чындык үчүн кызмат кылгандардын кызматташы болуп калуу үчүн, биз андай адамдарды колдошубуз керек.

**Жакшылык кылган адам Кудайдан, жамандык кылган адам Кудайды көргөн эмес**

9 Жыйынга кат жаздым, бирок алардын арасындагы биринчиликти сүйгөн Диотреф бизди кабыл албайт.

10 Ошондуктан, эгерде мен барсам, анын кылып жаткан иштери жөнүндө эскертем: ал биз жөнүндө жаман сөз таратып жүрөт, бирок ошентип эле тим болуп калбастан, бир туугандарды кабыл албай, кабыл алгысы келгендерге тыюу салып, аларды Жыйындан кууп жатат.

11 Сүйүктүүм, жамандык кылган адамдан эмес, жакшылык кылган адамдан үлгү ал. Жакшылык кылган адам Кудайдан, ал эми жамандык кылган адам Кудайды көргөн эмес.

12 Деметир жөнүндө бардыгы жакшы пикир айтып жатышат, чындыктын өзү да буга күбө. Ал жөнүндө биз да күбөлөндүрөбүз. Биздин күбөлөндүрүүбүз чындык экенин сен билесиң.

13 Мен сага көп нерсени жазар элем, бирок анын баарын сыя менен, калем менен жазгым келген жок.

14 Сени жакында көрөм деген үмүтүм бар, ошондо бетме-бет отуруп сүйлөшөбүз.

15 Сага тынчтык болсун! Досторуң сага салам айтып жатышат. Сен да досторубуздун ар бирине салам айтып кой. Оомийин.

**ЖҮЙҮТТҮН КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

1 Кудай Ата аркылуу ыйыкталган жана Ыйса Машайак аркылуу сакталган чакырылгандарга Ыйса Машайактын кулу, Жакыптын бир тууганы Жүйүттөн салам!

2 Кудай силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин, силерде Анын сүйүүсү арта берсин!

**Жалган окутуучулар**

3 Сүйүктүү бир туугандар, силерге жалпы куткарылуу жөнүндө жазууга дилгир элем, бирок мен силерди ыйыктарга бир ирет берилген ишеним үчүн күрөшүүгө чакырууну зарыл деп таптым.

4 Анткени силердин араңарга жашыруун түрдө кирип алган адамдар бар. Алар – Кудайыбыздын ырайымын бузуктукка алмаштырган, жалгыз Эгедерибиз жана Теңирибиз Ыйса Машайактан баш тарткан, кудайсыз адамдар. Алар үчүн байыртадан эле сот белгиленген.

5 Силер баарын билсеңер да, мен Теңирдин Өз элин Мисир жеринен алып чыккандан кийин, ишенбегендерин жок кылып салганын,

6 алгачкы абалын сактабай, өздөрүнүн жайын таштап кеткен периштелерди да түбөлүккө байлап, караңгылыкка камап, сот боло турган улуу күнгө сактап койгонун,

7 ошолорго окшоп бузуктукка баткан жана бөлөк дененин артынан ээрчиген Содом, Амор шаарлары жана алардын тегерегиндеги шаарлар башкаларга сабак болуш үчүн, түбөлүк от жазасына тартылганын эскертким келет.

8 Өздөрүнүн денесин булгаган, жогоркуларды тоготпой, жогорку бийликтегилерди жамандаган ошол кыялкечтерге да так ушундай болот.

9 Башкы периште Михаел да Мусанын сөөгүн талашып, шайтан менен айтышканда, аны айыптоого батынбай: «Сага Теңир тыюу салсын!» – деп гана айткан.

10 Булар болсо өздөрү билбегендеринин баарын жамандашат, өздөрүнүн табияты боюнча тилсиз жаныбарлардай, ал эми билген нерселери менен өздөрүн кыйратып жок кылышат.

11 Аларга кайгы! Анткени алар Кабылдын жолу менен жүрүшөт; Биламга окшоп арам акчанын артынан түшүп адашып жүрүшөт; Корак сыяктуу каршы чыгып, өздөрүн өлүмгө дуушар кылып жатышат.

12 Мындайлар силердин сүйүү кечиңерде азгырык болушат. Силер менен тойлоп, өздөрүн коркпостон семиртишет. Алар – шамал айдаган суусуз булуттар. Алар – тамыры менен жулунган, эки жолу өлгөн, жемишсиз күзгү дарактар.

13 Алар – өзүнүн ыпылас нерселерин көбүктөнткөн деңиздин долу толкундары, адашкан жылдыздар. Алар үчүн караңгылыктын караңгылыгы түбөлүккө сакталып турат.

14-15 Адам атадан кийинки жетинчи тукумдан чыккан Энох да алар жөнүндө: «Мына, Теңир бардыгын соттош үчүн, кудайсыздардын өздөрүнүн кудайсыздыгы менен жасаган иштеринин бетин ачуу үчүн, Ага каршы осол сөздөрдү айткан кудайсыз күнөөкөрлөрдү ашкерелөө үчүн, Өзүнүн түмөндөгөн ыйыктары менен келе жатат», – деп пайгамбарчылык кылган.

16 Алар – күңкүлдөктөр жана эч нерсеге ыраазы болбогондор. Алар өздөрүнүн кумарларына жетеленип жашашат, ооз көптүрүп сүйлөшөт, өздөрүнүн пайдасы үчүн кошоматчылык кылышат.

**Акыл-насаат айтуу, эскертүү**

17 Бирок силер, сүйүктүү бир туугандар, Теңирибиз Ыйса Машайактын элчилери тарабынан алдын ала айтылган сөздөрдү эсиңерден чыгарбагыла.

18 Алар силерге: «Акыркы убакта өздөрүнүн ыпылас кумарларына жетеленип жашаган шылдыңчылдар пайда болот», – деп айтышкан.

19 Алар – ортого жик салуучу, Руху жок, табигый адамдар.

20 Сүйүктүү бир туугандар, силер болсо өзүңөрдү ыйык ишенимиңердин негизинде бекемдегиле, Ыйык Рухтун жетеги менен сыйынгыла.

21 Түбөлүк өмүргө ээ болушуңар үчүн, Теңирибиз Ыйса Машайактан ырайым күтүп, өзүңөргө болгон Кудайдын сүйүүсүн сактап жашагыла.

22 Олку-солку болуп жаткандарга боорукердик менен мамиле кылгыла.

23 Ал эми кээ бирөөлөрдү оттон алып калган сыяктуу, коркутуу менен куткарып калгыла. Алардын денеси менен булганган кийиминен да жийиркенип, коркуную менен ашкере кылгыла.

**Кудайды даңктоо**

24-25 Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы! Оомийин.

## РИМДИКТЕРГЕ ЖАЗЫЛГАН КАТЫ

### 1-БӨЛҮМ

**Элчинин саламдашуусу**

1 Ыйса Машайактын кулу, элчи болууга чакырылган, Кудайдын Жакшы Кабарын таратуу үчүн тандалып алынган Пабылдан салам!

2 Кудай бул Жакшы Кабарды мурда эле Өзүнүн пайгамбарлары аркылуу Ыйык Жазууларда убада кылган болчу.

3 Бул Жакшы Кабарда дене жагынан Дөөттүн тукумунан чыккан Кудай Уулу жөнүндө,

4 өлгөндөрдүн арасынан тирилүүсү аркылуу, ыйыктоочу Рух боюнча Кудайдын Уулу болуп Өзүнүн күч-кубаты менен ачылган Теңирибиз Ыйса Машайак жөнүндө айтылат.

5 Ыйса Машайактын ысымынын урматына бүт элдерди ишенимге баш ийдирүү үчүн, Кудай бизге Ал аркылуу ырайым көрсөттү жана элчилик кызматты ыйгарды.

6 Ошол элдердин арасында Ыйса Машайак аркылуу чакырылган силер да барсыңар.

7 Кудайдын Римдеги бардык сүйүктүүлөрү, ыйык болууга чакырылгандар, силерге Кудай Атабыз жана Теңирибиз Ыйса Машайак ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!

**Элчинин Римге барсам деген каалоосу**

8 Силердин ишенимиңер жөнүндө бүт дүйнөгө жарыяланып жатат. Ошондуктан мен баарынан мурда бүт бардыгыңар үчүн Кудайыма Ыйса Машайак аркылуу ыраазычылык билдиремин.

9 Уулу жөнүндө Жакшы Кабар таратып, жан-дилим менен кызмат кылып жүргөн Кудай Өзү силерди дайыма эстеп сыйынып жатканыма,

10 ошондой эле Кудайдын эрки болсо, силерге баруума жол ачылса экен деп, дайыма сыйынып, суранып жатканыма күбө.

11 Силерди көрүүгө куштармын, анткени силердин бекемделишиңер үчүн, мен кээ бир рухий жөндөмдүүлүктөр менен бөлүшсөм,

12 башкача айтканда, силердин жана менин – баарыбыздын ишенимибиз аркылуу кайраттансак дейм.

13 Бир туугандарым, силерге көп жолу келгим келгенин, бирок ушул учурга чейин тоскоолдуктарга учураганымды, башка элдерден көргөнүмдөй эле, силерден да эмгегимдин кандайдыр бир жемишин көргүм келгенин билишиңерди каалайм.

14 Мен эллиндерге да, варварларга да, акылдууларга да, акылсыздарга да кызмат кылууга милдеттүүмүн.

15 Ошондуктан мен колумдан келишинче Римде турган силерге да Жакшы Кабар таратууга даярмын.

**Жакшы Кабардын күчү**

16 Себеби мен Жакшы Кабар таратуудан уялбаймын. Анткени Жакшы Кабар – бардык ишенгендерди: алгач жүйүттөрдү, андан кийин эллиндерди да куткара турган Кудайдын күчү.

17 Ыйык Жазууда: «Адил адам ишеними менен тирүү болот», – деп жазылгандай, Жакшы Кабарда Кудайдын адилеттиги ишеним аркылуу ачылып, ишенимге жеткирет.

**Адамзаттын күнөөкөрдүгү**

18 Анткени чындыкты адилетсиздик менен басып турган адамдардын кудайсыздык менен кылган бардык иштерине жана адилетсиздигине каршы асмандан Кудайдын каары төгүлөт.

19 Себеби Кудай жөнүндө эмнени билүү мүмкүн болсо, ошол аларга белгилүү, анткени Кудай аларга билдирген.

20 Дүйнө жаратылгандан бери Кудайдын көзгө көрүнбөгөн табияты: түбөлүктүү күчү жана кудайлыгы Анын жараткан нерселерин карап чыгуу аркылуу көрүнөт. Ошондуктан бул адамдар актана алышпайт.

21 Анткени алар Кудайды таанып билип туруп, Аны Кудай катары даңкташкан жок, Ага ыраазычылык билдиришкен жок, тескерисинче, куру кыялдарга батышты, алардын эч нерсени түшүнбөгөн жүрөктөрү караңгыланды.

22 Өздөрүн акылдуу эсептеп, акылынан ажырашты.

23 Өлбөс Кудайдын даңкын жок боло турган адамдын, канаттуулардын, жаныбарлардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн бейнелерине алмаштырышты.

24 Ошондуктан Кудай алардын өз жүрөктөрүндөгү кумардуу каалоолору менен бузуктукка батуусуна жол берди. Ошентип, алар өз денелерин өздөрү булгашты.

25 Алар Кудайдын чындыгын жалганга алмаштырышты, Жаратканга табынуунун, кызмат кылуунун ордуна жаратылган нерсеге табынышты, кызмат кылышты. Ал эми Кудай түбөлүккө даңкталууга татыктуу! Оомийин.

26 Ошондуктан Кудай алардын ыпылас кумарга батуусуна жол берип койду, анткени алардын аялдары да табигый жыныстык байланышты табигый эмес байланышка алмаштырышты.

27 Ошондой эле эркектер да аялдар менен болгон табигый жыныстык байланышты таштап, бири-бирине кумарын арттырышты. Эркектер бири-бири менен ыпылас ишке барышты. Адашкандыктары үчүн алардын денеси жазаланды.

28 Алар Кудайды таанып билүүнүн кажети жок дешкендиктен, ыпылас иштерди жасаган аларды Кудай ыпылас ойлорунун жетегине таштап койду.

29 Ошондуктан алардын жүрөгү ар кандай адилетсиздикке, бузуктукка, арамзалыкка, ач көздүккө, ачууга, көрө албастыкка, киши өлтүрүүчүлүккө, чатакташууга, алдамчылыкка, терс кыялдарга толгон.

30 Алар – тили заар, жалаа жабуучу, Кудайды жек көрүүчү, таарынтуучу, мактанчаак, текебер, жамандык ойлоп чыгаруучу, ата-энесине тил албас,

31 акылсыз, сөзүнө турбаган, мээримсиз, элдешпес, ырайымсыз адамдар.

32 Алар Кудайдын адилет сотун, ушундай кылуучулар өлүмгө татыктуу экенин билип туруп, ушуларды жасашат. Жасап эле тим болбостон, ушундай кылгандарды кубатташат.

**2-БӨЛҮМ**

**Кудайдын адилет соту**

1 Ошондуктан сен, башканы соттогон адам, ким болсоң да, сага кечирим жок. Себеби сен башканы соттоо менен, өзүңдү айыптап жатасың. Анткени сен башканы соттоп жатып, өзүң деле ошол иштерди кылып жатасың.

2 Ал эми биз мындай иш кылгандарга Кудайдын адилет соту жүргүзүлөрүн билебиз.

3 Ушундай иш кылгандарды соттоп жатып, ошол эле иштерди жасаган адам, сен Кудайдын сотунан качып кутулам деп ойлоп турасыңбы?

4 Же Кудай Өз айкөлдүгү менен сени тобо кылууга жетелерин билбей, Анын айкөлдүгүн, сабырдуулугун жана чыдамдуулугун барк албай жатасыңбы?

5 Бирок сен өзүңдүкүн бербегендигиң менен, өкүнбөгөндүгүң менен, Кудайдын каары төгүлө турган жана адилет соту боло турган күнгө, өзүңө өзүң каар чогултуп жатасың.

6 Кудай ар бир адамга иштерине жараша тиешесин берет:

7 даңкты, урмат-сыйды жана өлбөстүктү туруктуулук менен жакшылык кылуу аркылуу издегендерге түбөлүк өмүр берет,

8 ал эми өзүнүкүн бербей, чындыкка баш ийбей, адилетсиздикке багынгандарга каарын жана ачуусун төгөт.

9 Жамандык кылган ар бир адамдын, алгач жүйүттөрдүн, андан кийин эллиндердин башына кайгы жана кыйынчылык түшөт.

10 Тескерисинче, жакшылык кылган ар бир адам, алгач жүйүттөр, андан кийин эллиндер даңкка, урмат-сыйга жана тынчтыкка бөлөнөт.

11 Анткени Кудайда бет карамалык жок.

**Мыйзам менен сүннөт куткарбайт**

12 Мыйзамды билбей күнөө кетиргендер мыйзамсыз эле жок болушат. Ал эми мыйзамды билип туруп күнөө кетиргендер ошол мыйзам боюнча соттолушат.

13 (Анткени Кудайдын алдында мыйзамды уккандар акталышпайт, мыйзамды аткаргандар акталышат.

14 Анткени мыйзамды билбеген бутпарастар табиятынан эле мыйзам буйруганды аткарып жатышса, анда алар мыйзамды билишпегенине карабастан, өздөрүнө өздөрү мыйзам.

15 Ошентип, алар мыйзам талабынын жүрөктөрүндө жазылганын көрсөтүп жатышат. Бул жөнүндө алардын абийири жана бирде айыптаган, бирде актаган ойлору күбөлөндүрүп жатат).

16 Мен таратып жаткан Жакшы Кабар боюнча, Кудай Ыйса Машайак аркылуу адамдардын жашыруун иштерин соттогон күнү бул айкын болот.

17 Мына, сен өзүңдү жүйүтмүн деп, мыйзамга таянып, Кудай менен мактанасың.

18 Анын каалоосун билесиң. Кайсы ишти жасаса жакшы экенин сен мыйзамдан үйрөнгөнсүң.

19-20 Мыйзамдан билим алып, чындыкты билгендиктен, сен өзүңдүн сокурларга жол көрсөтүүчү, караңгыда жүргөндөргө жарык, акылсыздарга насаатчы, балдарга окутуучу экениңе толук ишенесиң.

21 Сен башкаларды үйрөтүп, өзүң эмнеге үйрөнбөйсүң?

22 Сен башкаларга: «Уурдаба», – деп насаат айтып, өзүң эмнеге уурдайсың? «Нике бузба», – деп айтып, өзүң эмнеге нике бузасың? Буркандардан жийиркенесиң да, анан эмнеге алардын бутканаларын талап-тонойсуң?

23 Мыйзам менен мактанасың да, анан эмнеге мыйзамды бузуп, Кудайга сөз тийгизесиң?

24 Анткени Ыйык Жазууда жазылгандай, «силердин айыңардан бутпарастардын арасында Кудайдын ысымына тил тийип жатат».

25 Эгерде сен мыйзамды аткарсаң, анда сүннөттүн пайдасы бар. Эгерде сен мыйзамды бузсаң, анда сенин сүннөтүң сүннөт эмес.

26 Демек, сүннөтү жок адам мыйзамдын буйруктарын аткарса, анын сүннөтсүздүгү сүннөт катары эсептелбейби?

27 Ыйык Жазууну билген, сүннөткө отургузулган, бирок мыйзамды бузуп жаткан сени сүннөткө отургузулбаган, бирок мыйзамды аткарган адам соттобойбу?

28 Анткени көрүнүшү жүйүт болсо эле жүйүт эмес, сүннөткө отургузулса эле сүннөттүү эмес.

29 Тескерисинче, жүрөгү жүйүт болгон адам – жүйүт. Жүрөктүн сүннөтү да тамганын негизинде эмес, Рух боюнча болот. Ошондой адамга адамдардан эмес, Кудайдан мактоо айтылат.

**3-БӨЛҮМ**

**Кудайдын ишенимдүүлүгү жана адилеттүүлүгү**

1 Анда жүйүт болуунун кандай артыкчылыгы бар? Же сүннөттүн кандай пайдасы бар?

2 Бардык жагынан көп артыкчылыгы бар. Баарынан мурда Кудайдын Сөзү жүйүттөргө ишенип тапшырылган.

3 Эгерде алардын кээ бирөөлөрү ишенимсиз болушса, эмне экен? Алардын ишенимсиздиги Кудайдын ишенимдүүлүгүн жокко чыгарабы?

4 Албетте, жок! Ыйык Жазууда: «Сенин Сөздөрүң адилет, соттошкондо Сен жеңесиң», – деп жазылгандай, Кудай ишенимдүү, ал эми ар бир адам калпычы.

5 Эгерде биздин адилетсиздигибиз Кудайдын адилеттүүлүгүн айкын кылып жатса, анда эмне демекчибиз? Каарын төгүп жатканда, Кудайды адилетсиз дегенге болобу? Мен адамдык ой менен айтып жатам.

6 Албетте, андай эмес! Андай болсо Кудай дүйнөнү кантип соттомок эле?

7 Бирок менин адилетсиздигим аркылуу Кудайдын адилеттүүлүгү артыгы менен далилденип, Кудай даңкталып жатса, анда мен дагы эмне үчүн күнөөкөр катары соттолушум керек?

8 Кээ бирөөлөр бизди жамандап: «Булар: “Жакшылык болуш үчүн жамандык кылалы”, – дешет», – деп, кантип айтып жатышат? Мындайлардын соттолгону туура.

**Бардык адамдар күнөөкөр**

9 Анда эмне, биз артыкчылыкка ээбизби? Жок, ээ эмеспиз. Анткени биз жогоруда далилдегендей, жүйүттөр сыяктуу эле эллиндер да, бардыгы күнөөнүн бийлиги астында.

10 Ыйык Жазууда жазылгандай: «Бир да адил адам жок.

11 Түшүнгөн бир да адам жок, эч ким Кудайды издебейт.

12 Бардыгы жолдон чыгышты, бирөө да жарактуу эмес. Жакшылык кылган адам жок, бирөө да жок».

13 «Алардын кекиртеги – ачык мүрзө. Алар тилдери менен жалган сүйлөшөт. Алардын эриндеринде жыландын уусу бар».

14 «Алардын оозунан каргыш жана ачуу сөз гана чыгат».

15 «Алардын буттары кан төгүүгө чуркап турат.

16 Алар жүргөн жерде кыйроо жана кайгы гана болот.

17 Алар тынчтык жолун билишпейт».

18 «Алардын көздөрүнөн Кудайдан коркуу дегенди көрбөйсүң».

19 Бирок мыйзамда эмне айтылса да, ошонун баары мыйзамдын бийлиги астындагыларга айтыларын билебиз. Ошондуктан бардыгынын оозу жабылат, бүт дүйнө Кудай алдында айыптуу болот.

20 Анткени мыйзамды аткаруу менен Анын алдында бир да адам акталбайт. Себеби күнөөнүн күнөө экендиги мыйзам аркылуу билинет.

**Ишеним аркылуу акталуу**

21 Бирок азыр мыйзамга көз карандысыз эле Кудайдын адилеттигине ээ болууга жол ачылды. Бул жөнүндө «Тоорат» жана «Пайгамбарлар» китептеринде күбөлөндүрүлөт.

22 Кудайдын бул адилеттиги – бардык ишенгендерге Ыйса Машайакка болгон ишеним аркылуу бериле турган адилеттик. Анткени эч айырма жок.

23 Себеби бардыгы күнөө кетирип, Кудай ээ кыла турган даңктан айрылып калышкан.

24 Бирок бардыгы Анын ырайымы менен, Машайак Ыйсанын кун төлөп куткаруусу аркылуу бекер акталышты.

25 Кудай Өзүнүн чыдамдуулугу убагында мурунку кылынган күнөөлөрдү кечирүү аркылуу Өзүнүн адилеттүүлүгүн көрсөтүү үчүн, Машайактын төгүлгөн канын ырайым курмандыгы катары ишеним аркылуу сунуш кылды.

26 Азыркы учурда Өзүнүн адилеттүүлүгүн көрсөтүү үчүн ушундай кылды. Ал Ыйсага ишенген адамга адилеттүү жана актоочу катары таанылсын.

27 Анда биздин мактана турган нерсебиз кайда калды? Ал биротоло жок болду. Кайсы мыйзам менен? Иштерди талап кылган мыйзам мененби? Жок, ишенимди талап кылган мыйзам менен.

28 Анткени биз мындай деп эсептейбиз: адам мыйзамды аткаруу менен эмес, ишеним менен акталат.

29 Же Кудай жүйүттөрдүн эле Кудайы бекен? Бутпарастардын да Кудайы эмеспи? Албетте, бутпарастардын да Кудайы.

30 Анткени Кудай бирөө, Ал сүннөткө отургузулгандарды ишениминин негизинде, сүннөткө отургузулбагандарды да ишеним аркылуу актайт.

31 Анда эмне, биз мыйзамды ишеним аркылуу жокко чыгарабызбы? Албетте, жок! Биз мыйзамды бекемдейбиз.

## 4-БӨЛҮМ

### Ыбрайым ишеним менен акталган

1 Анда атабыз Ыбрайым жөнүндө эмне демекчибиз? Жердеги жашоосунда ал эмнеге ээ болду?

2 Эгерде Ыбрайым иштери аркылуу акталса, ал мактоого ээ, бирок Кудай алдында эмес.

3 Ыйык Жазууда эмне деп жазылган? «Ыбрайым Кудайга ишенди, ошол ишеними ага адилдик катары эсептелинди», – деп жазылган.

4 Иш кылган адамга эмгек акы ырайым катары эмес, тийиштүү эмгек акы катары берилет.

5 Ал эми иш кылбаган, бирок мыйзамсыз адамды актай турган Кудайга ишенген адамдын ишеними ага адилеттик катары эсептелинет.

6 Кудай иштерине карабастан адил деп эсептеген адамдын бактылуу экендиги жөнүндө Дөөт пайгамбар мындай деп айткан:

7 «Мыйзамсыз иштери кечирилип, күнөөлөрү жабылган адам бактылуу.

8 Күнөөсүн Теңир мойнуна салбаган адам бактылуу».

9 Бул бакыт сүннөткө отургузулгандарга тиешелүүбү же сүннөткө отургузулбагандарга тиешелүүбү? Анткени биз: «Ыбрайымга ишеними адилдик катары эсептелинди», – деп айтып жатабыз.

10 Ал качан адил деп эсептелинген? Сүннөткө отургузулгандан кийинби же ага чейин элеби? Сүннөткө отургузулгандан кийин эмес, сүннөткө отургузулганга чейин.

11 Сүннөт белгисин ал ишеними аркылуу адилдиктин мөөрү катары алган. Анын бул ишеними сүннөткө отургузула элегинде эле бар болчу. Ошентип, ал сүннөткө отургузулбаган ишенгендердин атасы болуп калды. Ошондуктан алар да адил болуп эсептелинишет.

12 Ал – сүннөткө отургузулгандардын атасы, бирок сүннөткө отургузулуу менен эле чектелгендердин эмес, атабыз Ыбрайымдын сүннөткө отургузула элегинде эле ээ болгон ишениминин жолу менен бара жаткандардын да атасы.

13 Анткени Кудай Ыбрайымга жана анын тукумуна: «Мен силерге бүт дүйнөнү мураска берем», – деп убада кылган. Бул убада ага мыйзамды аткарганы үчүн эмес, ишениминин негизинде акталгандыгы үчүн берилген.

14 Эгерде мыйзамды аткаргандар мурасчы болушса, анда ишенимдин пайдасы жок, убаданын күчү жок.

15 Себеби мыйзам каарды келтирет. Ал эми мыйзам жок жерде мыйзамды бузуу да жок.

16 Ошентип, убада ишенимдин негизинде, ырайым боюнча берилет. Ошондуктан ал мыйзамдын бийлиги астында жашагандарга гана эмес, баарыбыздын атабыз болгон Ыбрайымдын ишеним менен жашаган тукумуна да тиешелүү.

17 Ыбрайым жөнүндө Ыйык Жазууда мындай деп жазылган: «Мен сени көптөгөн элдердин атасы кылып койдум». Ал өлгөндөрдү тирилтүүчү, жок нерсени бар нерсе катары айткан Кудайга ишенген.

18 Ыбрайым үмүттөнгүдөй эч нерсеси жок болгон учурда да, «Сенин тукумуң ушунча көп болот» деп айтылган сөзгө үмүт менен ишенгендиктен, көптөгөн элдердин атасы болуп калды.

19 Жүз жашка жакындап калган Ыбрайым балалуу болуу курагынан өтүп кеткенин жана Сааранын бала төрөө курагынан өтүп кеткенин көрсө да, ишениминен тайыган эмес.

20 Ишенбестик кылып Кудайдын убадасынан шектенген эмес, тескерисинче, бекем ишенип, Кудайды даңктаган.

21 Кудайдын Өз убадасын аткарууга кудурети жетерине толук ишенген.

22 Ошондуктан ал ишеними аркылуу адил деп эсептелинген.

23 «Адил деп эсептелинди» деген сөз бир эле ал үчүн эмес,

24 Теңирибиз Ыйсаны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудайга ишенген биз үчүн да жазылган жана бизге да тиешелүү.

25 Ыйса биздин күнөөлөрүбүз үчүн өлүмгө кыйылган жана акталышыбыз үчүн тирилген.

## 5-БӨЛҮМ

### Кудай менен болгон тынчтык

1 Ошентип, биз ишеним аркылуу акталып, Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Кудай менен тынчтыкка ээбиз.

2 Ыйсага ишенүү аркылуу бизге бул ырайымга жол ачылды. Ошол ырайымга бөлөнүп, Кудайдын даңкына үмүттөнүү менен мактанып жатабыз.

3 Бул нерсе менен гана эмес, кайгылар менен да мактанып жатабыз. Анткени биз кайгы аркылуу чыдамкайлык,

4 чыдамкайлык аркылуу тажрыйбалуулук, тажрыйбалуулук аркылуу үмүт келерин билебиз.

5 Ал эми үмүт уят кылбайт, анткени Кудайдын сүйүүсү бизге берилген Ыйык Рух аркылуу жүрөгүбүзгө төгүлгөн.

6 Анткени биз алсыз кезде эле, белгиленген убакта Машайак кудайсыздар үчүн өлгөн.

7 Адил адам үчүн ким өлсүн? Жакшы адам үчүн кимдир бирөө өз жанын кыйса кыяр.

8 Машайак болсо биз күнөөкөр кезде биз үчүн өлдү. Бул аркылуу Кудай Өзүнүн бизге болгон сүйүүсүн далилдеди.

9 Машайактын каны аркылуу акталгандыктан, Кудайдын каарынан Ал аркылуу куткарыларыбыз да анык.

10 Анткени биз Кудайдын душманы болуп туруп, Уулунун өлүмү аркылуу Аны менен элдешип жатсак, анда элдешкенден кийин, Уулунун өмүрү аркылуу куткарыларыбыз да анык.

11 Муну менен гана эмес, бизди Кудай менен элдештирген Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Кудайдын Өзү менен да мактанабыз.

**Адам жана Машайак**

12 Дүйнөгө бир адам аркылуу күнөө кирди, күнөө аркылуу өлүм кирди. Ошентип, өлүм бардык адамдарга өттү. Себеби бардыгы күнөө кетиришти.

13 Анткени мыйзам берилгенге чейин эле дүйнөдө күнөө бар болчу, бирок мыйзам жок болсо, күнөө эсептелинбейт.

14 Бирок өлүм Адам атадан Мусага чейин жашаган адамдардын үстүнөн жана келе турган Кишинин бейнеси болгон Адам атаныкындай күнөө кетирбегендердин үстүнөн бийлик жүргүзүп келген.

15 Бирок ырайымдын белегин күнөөнүн жазасына салыштыруу мүмкүн эмес. Бир адамдын күнөөсүнүн айынан көптөр өлүмгө дуушар болушса, Кудайдын ырайымы жана бир Адамдын – Ыйса Машайактын ырайым белеги көп адамдарга артыгы менен берилип жаткандыгы анык.

16 Ырайымдын белеги бир адамдын күнөөсүнүн натыйжасы сыяктуу эмес. Анткени бир күнөө үчүн болгон сот айыпталууга, ал эми ырайымдын белеги көп күнөөлөрдөн акталууга алып келет.

17 Анткени өлүм бир адамдын күнөөсүнүн айынан ошол адам аркылуу бийлик жүргүзсө, анда молдук менен көрсөтүлгөн ырайымды жана белек кылынган адилдикти кабыл алгандар бир Ыйса Машайак аркылуу өмүргө бийлик жүргүзүшөрү да анык.

18 Ошондуктан бир адамдын күнөөсүнүн айынан бардык адамдар сотко тартылгандай эле, бир Адамдын адилдиги аркылуу да бардык адамдар өмүргө ээ болуу үчүн акталышат.

19 Анткени бир адамдын тил албастыгынын айынан көп адамдар күнөөкөр болгондой эле, бир Адамдын тил алчаактыгы аркылуу көп адамдар адил болушат.

20 Мыйзам болсо кийин келди, ошондо күнөө көбөйдү. Бирок күнөө көбөйгөндө, ырайым андан да мол болду.

21 Күнөө бийлик жүргүзүп, өлүмгө дуушар кылгандай эле, ырайым да адилеттик аркылуу бийлик жүргүзүп, Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу түбөлүк өмүргө ээ кылат.

**6-БӨЛҮМ**

**Жаңы өмүргө чөмүлдүрүлүү**

1 Буга эмне демекчибиз? Кудайдын ырайымы көбөйүш үчүн, биз күнөө кыла беришибиз керекпи? Албетте, жок!

2 Биз күнөө үчүн өлгөнбүз, кантип дагы эле күнөө кылып жашай бермек элек?

3 Же силер Машайак Ыйсага чөмүлдүрүлгөн биз – баарыбыз Анын өлүмүнө чөмүлдүрүлгөнүбүздү билбейсиңерби?

4 Машайак Атасынын даңкы менен өлгөндөрдүн арасынан кандай тирилтилсе, биз да жаңыча жашашыбыз үчүн, өлүмгө чөмүлдүрүлүүбүз аркылуу Аны менен бирге көмүлгөнбүз.

5 Аныкындай өлүм аркылуу Аны менен бириксек, анда Аныкындай тирилүү аркылуу Аны менен биригебиз.

6 Анткени күнөөкөр табиятыбыз жок болушу үчүн, мындан ары күнөөнүн кулдары болбошубуз үчүн, эски табиятыбыз Машайак менен бирге айкаш жыгачка керилгенин билебиз.

7 Анткени өлгөн адам күнөөнүн бийлигинен бошотулган.

8 Эгерде биз Машайак менен бирге өлсөк, анда Аны менен бирге жашарыбызга да ишенебиз.

9 Себеби өлгөндөрдүн арасынан тирилген Машайак кайра өлбөй турганын, эми өлүм Анын үстүнөн бийлик жүргүзбөй турганын билебиз.

10 Анткени Ал өлгөндө, күнөө үчүн бир жолу өлдү. Эми жашаганда, Кудай үчүн жашайт.

11 Ошондой эле силер да өзүңөрдү күнөө үчүн өлүкпүз, Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу Кудай үчүн тирүүбүз деп эсептегиле.

12 Ошентип, дененин күнөөлүү кумарларына баш ийбешиңер үчүн, күнөө силердин жок боло турган денеңерге бийлик жүргүзбөсүн.

13 Дене мүчөлөрүңөрдү күнөөгө адилетсиздиктин куралы катары бербегиле, тескерисинче, өлгөндөрдүн арасынан тирилгендер катары өзүңөрдү жана дене мүчөлөрүңөрдү Кудайга адилеттиктин куралы катары бергиле.

14 Күнөө силердин үстүңөрдөн бийлик жүргүзө албайт. Анткени силер мыйзамдын бийлиги астында эмес, Кудайдын ырайымынын астындасыңар.

**Адилеттиктин кулдары**

15 Эмне кылабыз? Биз мыйзамдын бийлиги астында эмеспиз, ырайымдын астындабыз деп, күнөө кыла берелиби? Албетте, жок!

16 Өзүңөрдү тил алчаак кулдар катары кимге тапшырып берсеңер, кимге баш ийсеңер, ошонун кулдары болоруңарды билбейсиңерби? Ошол сыяктуу эле силер өлүмгө дуушар кыла турган күнөөнүн же адилдикке жеткире турган тил алчаактыктын кулдары болоруңарды билбейсиңерби?

17 Бирок Кудайга ыраазымын, силер мурун күнөөнүн кулу болсоңор да, эми өзүңөр кабыл алган окутууга чын жүрөктөн баш ийип калдыңар.

18 Ошентип, силер күнөөнүн бийлигинен бошотулуп, адилеттиктин кулу болуп калдыңар.

19 Мен силердин күнөөкөр табиятыңардын алсыз экендигин эске алып, адамдык ой жүгүртүү менен айтып жатамын. Силер мурун мыйзамсыз иштерди жасоо үчүн, дене мүчөлөрүңөрдү ыпыластыктын жана мыйзамсыздыктын кулу кылгансыңар. Азыр болсо ыйыкталышыңар үчүн, дене мүчөлөрүңөрдү адилеттиктин кулу кылгыла.

20 Анткени силер күнөөнүн кулу болуп жүргөн убагыңарда адилеттикке баш ийчү эмессиңер.

21 Ошол убакта силерде кандай жемиш бар эле? Азыр өзүңөр уялып жаткан иштер эле. Анткени алардын натыйжасы – өлүм.

22 Азыр болсо силер күнөөнүн бийлигинен бошотулуп, Кудайдын кулдары болуп калдыңар. Силер бере турган жемиш – ыйыктык, анын аягы – түбөлүк өмүр.

23 Анткени күнөө үчүн жаза – өлүм, ал эми Кудайдын белеги – Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу бериле турган түбөлүк өмүр.

**7-БӨЛҮМ**

**Мыйзамдын бийлигинен бошотулуу**

1 Же силер, бир туугандар, (анткени мыйзамды билгендерге айтып жатамын) өлгөнгө чейин адамдын үстүнөн мыйзам бийлик жүргүзөрүн билбейсиңерби?

2 Анткени күйөөсү бар аял күйөөсү тирүү кезинде ага мыйзам менен байланган. Эгерде күйөөсү өлүп калса, күйөөсүнө байлаган мыйзамдын бийлигинен бош болот.

3 Ошондуктан аял күйөөсү тирүү кезинде башка күйөөгө тийип кетсе, анда ал нике бузуучу болуп эсептелет. Эгерде күйөөсү өлүп калса, ал мыйзамдын бийлигинен бошотулат; башка күйөөгө тийсе, ал нике бузуучу болуп эсептелбейт.

4 Ошол сыяктуу эле силер да, менин бир туугандарым, Кудайга жемиш алып келүү үчүн, Башкага, өлгөндөрдүн арасынан Тирилгенге, тиешелүү болуу үчүн, Машайактын денеси аркылуу мыйзам үчүн өлгөнсүңөр.

5 Анткени биз эски табиятыбыздын жетегинде жашап жүргөнүбүздө, мыйзам аркылуу белгилүү болгон күнөөлүү кумарлар биздин дене мүчөлөрүбүздө өлүмгө дуушар кыла турган жемиш берүү үчүн бийлик жүргүзүшчү.

6 Бизди байлап турган мыйзам үчүн өлүп, байыркы тамганын негизинде эмес, жаңыланган рух менен Кудайга кызмат кылыш үчүн, биз азыр мыйзамдын бийлигинен бошотулганбыз.

**Мыйзамдын бийлиги астындагы жашоо**

7 Анда эмне демекчибиз? Мыйзамдын өзү күнөөбү? Албетте, жок! Бирок мыйзам болбогондо, мен күнөө эмне экенин таанып билмек эмесмин. Эгерде мыйзамда: «Бирөөнүкүнө көз артпа», – деп айтылбаса, мен көз артуу деген эмне экенин түшүнбөйт болчумун.

8 Бирок күнөө осуятты шылтоо кылып, менин ичимде ар кандай көз артууну пайда кылды. Себеби мыйзам жок болсо, күнөө өлүк болот.

9 Мен бир кезде мыйзамсыз эле жашачумун, бирок осуят келгенде, күнөө тирилди, мен болсо өлдүм.

10 Өмүргө ээ болуум үчүн берилген бул осуят мени өлүмгө дуушар кылды.

11 Себеби күнөө осуятты себеп кылып, мени алдап, осуят аркылуу өлтүрдү.

12 Ошондуктан мыйзам ыйык, осуят да ыйык, адилет жана жакшы.

13 Демек, жакшы нерсе мени өлүмгө дуушар кылдыбы? Албетте, жок! Бирок күнөө жакшы нерсенин жардамы менен мени өлүмгө дуушар кылып, күнөө катары таанылды. Ошентип, ал осуят аркылуу жогорку чектеги күнөө катары таанылат.

14 Анткени биз мыйзамдын рухий нерсе экенин билебиз. Мен болсо күнөөгө сатылган адаммын.

15 Мен өзүмдүн эмне кылып жатканымды түшүнбөйм. Анткени мен өзүм каалаганды эмес, өзүм жек көргөндү кылып жатам.

16 Эгерде мен өзүм жек көргөндү кылып жатсам, анда мен мыйзамдын жакшы экенине кошулам.

17 Анда аны мен эмес, менин ичимдеги күнөө жасап жатат.

18 Анткени менин ичимде, тактап айтканда, менин күнөөкөр табиятымда жакшы нерсе жок экендигин билем. Себеби жакшылык жасагым келсе да, жакшылык жасай албайм.

19 Мен өзүм каалаган жакшылыкты эмес, өзүм каалабаган жамандыкты кылам.

20 Эгерде мен өзүм каалабаганды жасап жатсам, анда азыр аны мен эмес, менин ичимдеги күнөө жасап жатат.

21 Ошентип, мен мындан мындай мыйзамды көрүп жатам: мен жакшылык жасайын дегенде, жамандык жабыша калат.

22 Анткени рухум менен Кудайдын мыйзамынан ырахат алып жатам.

23 Бирок дене мүчөлөрүмдө башка мыйзам бар экенин көрүп жатам. Бул да менин акылым кабыл алган мыйзамга каршы турат жана мени дене мүчөлөрүм баш ийбеген күнөөнүн мыйзамына туткун кылып жатат.

24 Мен бир байкуш адаммын! Өлүмгө дуушар кыла турган ушул денеден мени ким куткарат?

25 Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Кудайга ыраазычылык билдирем. Ошентип, мен акылым менен Кудайдын мыйзамына, ал эми күнөөкөр табиятым менен күнөөнүн мыйзамына кызмат кылып жатам.

## 8-БӨЛҮМ

### Рух боюнча жашоо

1 Ошентип, азыр Машайак Ыйсанын ичинде күнөөкөр табияты боюнча эмес, Рух боюнча жашап жаткандарга эч кандай айып коюлбайт.

2 Анткени Машайак Ыйса аркылуу өмүр берүүчү Рухтун мыйзамы мени күнөөнүн жана өлүмдүн мыйзамынан бошотту.

3 Анткени мыйзам күнөөкөр табияттын айынан күчсүз болуп калгандыктан, Кудай Өзүнүн Уулун күнөөкөр адамдын денесиндей дене менен күнөө үчүн чалынуучу курмандык катары жиберип, денеде жашаган күнөөнү соттоду.

4 Ал күнөөкөр табиятыбыздын каалоосу боюнча эмес, Рухтун каалоосу боюнча жашаган бизде мыйзам талап кылган адилдик болушу үчүн ушундай кылды.

5 Анткени күнөөкөр табияттын каалоосу боюнча жашагандар күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө, ал эми Рухтун каалоосу боюнча жашагандар Рухтун каалоосу жөнүндө ойлошот.

6 Күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө ойлоо өлүмгө дуушар кылат, Рухтун каалоосу жөнүндө ойлоо өмүр жана тынчтык берет.

7 Анткени күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө ойлоо – Кудайга каршы кастык, себеби ал Кудайдын мыйзамына баш ийбейт, баш ие да албайт.

8 Ошондуктан күнөөкөр табияттын каалоосу боюнча жашагандар Кудайга жага алышпайт.

9 Эгерде силердин ичиңерде, чын эле, Кудайдын Руху жашап жатса, анда силер күнөөкөр табиятыңардын каалоосу боюнча эмес, Рухтун каалоосу боюнча жашап жатасыңар. Кимде Машайактын Руху жок болсо, ал Машайактыкы эмес.

10 Эгерде Машайак силердин ичиңерде болсо, анда денеңер күнөө үчүн өлүк, бирок рухуңар адилдик үчүн тирүү.

11 Эгерде Машайак Ыйсаны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудайдын Руху силердин ичиңерде жашап жатса, анда Машайак Ыйсаны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудай силердин ичиңерде жашаган Өз Руху менен силердин өлүк денеңерди да тирилтет.

12 Ошондуктан, бир туугандар, күнөөкөр табиятыбыздын каалоосу боюнча жашагыдай, күнөөкөр табиятыбызга карыздар эмеспиз.

13 Анткени күнөөкөр табиятыңардын каалоосу боюнча жашасаңар, анда өлөсүңөр. Ал эми күнөөкөр табияттын иштерин Рухтун жардамы менен өлтүрсөңөр, анда тирүү болосуңар.

14 Анткени Кудайдын Рухунун жетеги менен жүргөндөрдүн баары – Кудайдын балдары.

15 Себеби силер кайрадан коркунуч менен жашоо үчүн кулдуктун рухун кабыл алган жоксуңар, тескерисинче, Кудайдын баласы кылган Рухту кабыл алдыңар. Ошол Рух аркылуу: «“Абба!”, Ата!» – деп чакырабыз.

16 Ошол Рухтун Өзү биздин рухубузга Кудайдын балдары экенибизди күбөлөндүрүп жатат.

17 Эгерде балдары болсок, анда мурасчылары да болобуз. Машайак менен бирге даңкталыш үчүн, Аны менен бирге азап тартып жатсак, анда Кудайдын мурасчыларыбыз, Машайак менен мурасташпыз.

**Келечектеги даңк**

18 Анткени келечекте биздин ичибизде ачыла турган даңкка салыштырганда, азыркы учурда тартып жаткан азаптар эч нерсе эмес деп ойлойм.

19 Анткени жаратылгандын бардыгы Кудайдын балдарынын айкын болуусун чыдамсыздык менен күтүп жатышат.

20 Себеби жаратылгандын бардыгы курулай убаракерчиликке өз каалоолору менен эмес, өздөрүн баш ийдиргендин каалоосу боюнча баш ийишкен.

21 Анткени жаратылгандын бардыгынын жок болуу кулдугунан чыгып, Кудайдын балдарынын даңктуу эркиндигине ээ болобуз деген үмүтү бар.

22 Анткени жаратылгандын бардыгы ушул убакка чейин чогуу онтоп, толгоо тарткан сыяктуу азап тартып жатканын билебиз.

23 Жаратылгандын бардыгы эле эмес, биз да Рухтун баштапкы жемишине ээ болгонубуз менен, ичибизден онтоп, Кудайдын бала кылып алуусун жана күнөөкөр табиятыбыздан куткарылууну күтүп жатабыз.

24 Анткени биз үмүт менен куткарылдык. Бирок үмүттөнгөн нерсебизди көрүп турсак, үмүтүбүз үмүт болуудан калат. Үмүттөнгөн нерсесин көргөн адам эмнеге үмүттөнмөк эле?

25 Эгерде биз көрүнбөгөн нерсеге үмүттөнүп жатсак, анда чыдамдуулук менен күтөбүз.

26 Анын үстүнө, Рух да алсыз болгон кезибизде бизге күч берип турат. Анткени биз эмне жөнүндө жана кантип сыйынышыбыз керектигин билбейбиз, бирок Рух Өзү тил жеткис улутунуулары менен биз үчүн арачылык кылат.

27 Ошондо адамдардын жүрөгүн сынаган Кудай Рухтун ою кандай экенин билет. Анткени Рух ыйыктар үчүн Кудайга жаккандай арачылык кылат.

28 Анын үстүнө, Кудайды сүйгөндөргө, Анын каалоосу боюнча чакырылгандарга бардык нерсе жакшылыкка болорун билебиз.

29 Анткени Кудай мурунтадан билген адамдарын Өзүнүн Уулуна окшош кылууну алдын ала белгилеп койгон. Анткени Ал бир туугандарынын туну болушу керек.

30 Кудай кимдерди алдын ала белгилесе, ошолорду чакырды, чакыргандарын актады, актагандарын даңктады.

**Кудайдын сүйүүсү**

31 Бул жөнүндө эмне демекчибиз? Эгерде Кудай биз тарапта болсо, бизге ким каршы чыга алат?

32 Өз Уулун аябастан, Аны баарыбыз үчүн берген Кудай кантип бизге Уулу менен кошо бардыгын бербесин?

33 Кудай тандап алгандарды ким айыптайт? Аларды Кудай Өзү актайт.

34 Аларды ким соттойт? Өлүп, кайра тирилген, Кудайдын оң жагында отурган Машайак Ыйса биз үчүн арачылык кылат.

35 Бизди Машайактын сүйүүсүнөн ким ажырата алат? Кайгыбы, кысымчылыкпы, куугунтукпу, ачкачылыкпы, жылаңачтыкпы, коркунучпу, кылычпы?

36 Ыйык Жазууда жазылгандай: «Сен үчүн бизди күн сайын өлтүрүп жатышат. Биз алар үчүн мууздала турган койлор сыяктуубуз».

37 Бирок мунун бардыгын бизди сүйгөн Кудайдын күчү менен жеңебиз.

38 Анткени Кудайдын Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу көрсөткөн сүйүүсүнөн бизди өлүм да, өмүр да, периштелер да, жогоркулар да, күчтөр да, азыркы учур да, келечек да,

39 бийиктик да, тереңдик да, жаратылган эч бир нерсе ажырата албастыгына толук ишенемин.

**9-БӨЛҮМ**

**Пабылдын ысрайылдыктар үчүн кайгыруусу**

1 Мен Машайактын ичинде болуу менен, чындыкты айтып жатам, калп айтпаганымды Ыйык Рух аркылуу ыйыкталган абийирим да күбөлөндүрүп жатат.

2 Менин кайгым чоң, жүрөгүм сыздап турат.

3 Анткени бир туугандарым, кандаштарым үчүн жалгыз мен каргышка калып, Машайактан ажыратылууну каалар элем.

4 Алар – Ысрайылдын урпактары. Кудай аларды бала кылып алды, даңкка бөлөдү, алар менен келишимдерди түздү, аларга мыйзам да, Кудайга табынуу кызматын да, убадаларды да берди.

5 Түпкү ата-бабалар да алардыкы, Машайак да алардан чыккан. Ал – бардыгынын үстүнөн башкарып турган Кудай. Ага түбөлүк даңк таандык! Оомийин.

**Кудайдын убадалары чыныгы ысрайылдыктарга тиешелүү**

6 Кудайдын Сөзү өз күчүн жоготту деп айтпаймын. Бирок Ысрайылдан чыккандардын бардыгы эле ысрайылдыктар эмес.

7 Ыбрайымдын тукумунан чыккандардын баары эле анын балдары дегенди билдирбейт. Бирок Ыйык Жазууда: «Сенин тукумуң Ыскактан тарайт», – деп жазылган.

8 Башкача айтканда, табигый жол менен төрөлгөн балдардын баары эле Кудайдын балдары эмес, Кудайдын убадасы боюнча төрөлгөн балдар гана чыныгы тукум болуп эсептелет.

9 Ал убада болсо мындай: «Мен кийинки жылы ушул убакта кайра келем, ошондо Саара уулдуу болот».

10 Саарага гана эмес, Ребекага да убада берилген. Ал атабыз Ыскактан кош бойлуу болуп,

11-12 эгиздерди төрөй элегинде эле, алар жаман же жакшы иш кыла элегинде эле, Кудай ага: «Улуусу кичүүсүнө кул болот», – деп айткан. Кудайдын алдын ала белгилеген максаты жакшы иштердин негизинде эмес, Чакыргандын Өз эрки боюнча ишке ашышы үчүн ушундай болгон.

13 Бул жөнүндө Ыйык Жазууда: «Мен Жакыпты жакшы көрүп калдым, Эйсапты болсо жаман көрүп калдым», – деп жазылган.

**Кудайдын ырайымы**

14 Буга эмне дейбиз? Кудай да адилетсизби? Албетте, жок!

15 Анткени Ал Муса пайгамбарга: «Ырайым кылгым келгенине ырайым кылам, аягым келгенин аяйм», – деген.

16 Демек, Кудайдын ырайым кылуусу адамдын каалоосуна, аракетине байланыштуу эмес, ырайым кылчу Кудайдын Өзүнө байланыштуу.

17 Ыйык Жазууда Кудайдын фараонго мындай деп айткан сөзү жазылган: «Сага күчүмдү көрсөтүш үчүн, Менин ысымым бүткүл жер жүзүндө жар салынышы үчүн, Мен сени падыша кылып койдум».

18 Демек, Ал каалаган адамына ырайым кылат, каалаган адамынын жүрөгүн катуулантат.

19 Эми сен мага: «Андай болсо Кудай эмне үчүн адамдарды айыптайт? Анын эркине ким каршы чыга алат?» – дээрсиң.

20 Эй, адам, Кудай менен талашып-тартышкыдай, сен кимсиң? Жасалган нерсе өзүн жасаганга: «Мени эмне үчүн мындай кылып жасадың?» – деп айтабы?

21 Же карапачынын бир эле ылайдан сыйга урунула турган да, күндө урунула турган да идиш жасоого укугу жокпу?

22 Эгерде Кудай Өзүнүн каарын төгүүнү жана Өзүнүн күчүн көрсөтүүнү каалап, кыйратылууга даяр турган, каар төгүлө турган идиштерди ушунчалык чыдамдуулук менен сактаган болсо, эмне дей алабыз?

23 Эгерде Өзүнүн даңкынын байлыгын көрсөтүш үчүн, Өзү даңкка бөлөө үчүн даярдаган, боорукерлик көрсөтүлө турган идиштер үчүн ушундай кылган болсо,

24 жүйүттөрдүн арасынан эле эмес, бутпарастардын арасынан да чакырылып алынган ошол идиштер биз болсок, эмне дей алабыз?

25 Анткени Кудай Ошуя пайгамбар аркылуу мындай деген: «Менин элим болбогон элди Менин элим дейм, Менин сүйүктүүм болбогон элди Менин сүйүктүүм дейм».

26 Аларга: «Силер Менин элим эмессиңер», – деп айтылган жерде алар тирүү Кудайдын уулдары деп аталышат.

27 Ал эми Ышайа пайгамбар Ысрайыл эли жөнүндө: «Ысрайыл уулдарынын саны деңиздин кумундай көп болсо да, калдыгы гана куткарылат.

28 Анткени Кудай жер үстүндө Өз ишин акыйкаттык менен аягына чейин чыгарат, кечиктирбей аткарат», – деп жар салган.

29 Ышайа пайгамбар алдын ала айткандай: «Эгерде Себайот Теңир биздин тукумубузду калтырбаганда, биз Содомдой болуп калмакпыз, Аморго окшоп калмакпыз».

**Мыйзам аркылуу жана ишеним аркылуу акталуу**

30 Анда эмне демекчибиз? Адилдикке умтулбаган бутпарастар ишеним аркылуу адилдикке жетишти.

31 Ал эми адилдиктин мыйзамына умтулган ысрайылдыктар адилдиктин мыйзамына жетишкен жок.

32 Эмне үчүн? Анткени алар адилдикти ишеним аркылуу издебей, жакшы иштер аркылуу издешти. Алар мүдүрүлтө турган ташка мүдүрүлүштү.

33 Анткени Ыйык Жазууда: «Мына, Мен Сионго мүдүрүлтө турган таш жана азгырык боло турган аска коёмун, бирок Ага ишенген адам уятка калбайт», – деп жазылган.

**10-БӨЛҮМ**

**Ыйсага ишенип, Аны Теңир деп чакырган адам куткарылат**

1 Бир туугандарым, менин чын жүрөгүмдөн каалаганым жана Кудайдан сыйынып суранарым – Ысрайыл элинин куткарылышы.

2 Анткени мен аларга Кудай үчүн тырышчаактык көрсөтүшөрүн, бирок алардын тырышчаактыгы туура эмес түшүнүк боюнча экенин күбөлөндүрөмүн.

3 Анткени алар Кудайдын адилдигин түшүнбөй, өздөрүнүн адилдигин орнотууга аракеттенип, Кудайдын адилдигине моюн сунушкан жок.

4 Анткени Машайак – мыйзамдын аягы, Ага ишенген адам адилдикке жетет.

5 Анткени Муса пайгамбар мыйзамды аткаруу аркылуу келген адилдик жөнүндө: «Мыйзамды аткарган адам ал аркылуу тирүү болот», – деп жазган.

6 Ишеним аркылуу келген адилдик болсо мындай дейт: «Өз ичиңден: “Машайакты жерге түшүрүш үчүн, асманга ким чыгат?”

7 же “Машайакты өлгөндөрдүн арасынан алып чыгуу үчүн, түпсүз туңгуюкка ким түшөт?” – деп айтпа».

8 А Ыйык Жазууда эмне деп айтылат? «Ал сөз сага жакын, ал сенин оозуңда жана жүрөгүңдө», – деп айтылат. Ал сөз – биз жар салып жаткан ишеним жөнүндөгү сөз.

9 Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың.

10 Себеби адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат.

11 Ыйык Жазууда болсо: «Ага ишенген адам уятка калбайт», – деп айтылат.

12 Жүйүт менен эллиндин ортосунда эч кандай айырма жок, анткени бардыгынын Теңири бир, Ал Өзүнүн ысымын чакыргандардын бардыгы үчүн бай.

13 Анткени Теңирдин ысымын чакырган ар бир адам куткарылат.

14 Бирок Ага ишенбей туруп, Аны кантип чакырышат? Ал жөнүндө укпай туруп, Ага кантип ишенишет? Жакшы Кабарды таратуучулар жок болсо, кантип угушат?

15 Жакшы Кабарды таратуу үчүн жиберилишпесе, кантип таратышат? Анткени Ыйык Жазууда: «Тынчтык тууралуу Жакшы Кабарды таратуучулардын буттары кандай сонун!» – деп жазылган эмеспи.

16 Бирок Жакшы Кабарга бардыгы эле кулак салган жок. Бул жөнүндө Ышайа пайгамбар: «Теңир, биз айткан кабарга ким ишенди?» – дейт.

17 Демек, ишеним уккан сөз аркылуу пайда болот, ал эми уга турган сөз – Кудайдын сөзү.

18 Бирок мен: «Эмне, алар угушкан жокпу?» – деп сурагым келет. Тескерисинче, алардын үнү бүт жер жүзүнө, алардын сөзү дүйнөнүн төрт бурчуна жетти.

19 Мен дагы сурагым келет: «Эмне, Ысрайыл эли билчү эмес беле?» Алгач Муса пайгамбар: «Эл катары эсептелбегендер аркылуу Мен силерди кызгандырамын, акылсыз эл аркылуу силерди ачууландырамын», – дейт.

20 Ышайа пайгамбар болсо тайманбастан: «Мени издебегендер Мени табышты, Мени сурабагандарга Өзүм ачылдым», – дейт.

21 Ысрайыл эли жөнүндө болсо мындай дейт: «Мен тил албас, кежир элге бир күн бою колумду сунуп турдум».

**11-БӨЛҮМ**

**Ысрайыл элинин калдыгы**

1 Анда эмне, Кудай Өз элин четке кактыбы? Албетте, жок! Анткени Ыбрайымдын тукумунан, Бенжемин тукумунан чыккан мен да ысрайылдыкмын.

2 Кудай мурунтадан эле билген Өз элин четке каккан жок. Же силер Ыйык Жазууда Илияс пайгамбар жөнүндө эмне деп айтылганын билбейсиңерби? Ал Ысрайыл элине каршы:

3 «Теңир, Сенин пайгамбарларыңды өлтүрүштү. Сенин курмандык чалынуучу жайларыңды талкалашты. Жалгыз мен калдым, мени да өлтүргөнү жатышат», – деп, Кудайга арызданган.

4 Бирок Кудайдын жообу кандай болду? «Мен жети миң эркекти Өзүм үчүн сактап койдум, алар Баалдын алдында тизе бүгүшкөн жок».

5 Ошол сыяктуу эле азыркы учурда да Кудайдын ырайымы менен тандалган калдык бар.

6 Бул иштердин негизинде эмес, ырайымдын негизинде ишке ашкан. Болбосо ырайым ырайым болмок эмес.

7 Анда эмне дейбиз? Ысрайыл эли издегенине жеткен жок, тандалгандар болсо жетишти, ал эми калгандарынын жүрөктөрү таш болуп калды.

8 Бул жөнүндө Ыйык Жазууда: «Кудай аларга туйбастык рухун, көрбөгөн көз, укпаган кулак берди, ушул күнгө чейин ушундай», – деп жазылган.

9 Дөөт пайгамбар да: «Алардын дасторкону өздөрүнө тор, тузак, сыйыртмак жана жаза болсун.

10 Алардын көздөрү көрбөш үчүн тунарсын, белдери да биротоло бүкүрөйүп калсын», – дейт.

**Бутпарастардын куткарылуусу**

11 «Алар, эмне, турбас болуп жыгылыштыбы?» – деп сурагым келет. Албетте, жок! Бирок алардын жыгылуусу аркылуу бутпарастар куткарылды. Бул Ысрайыл элинин кызганычын ойготуу үчүн болду.

12 Эгерде алардын жыгылуусу дүйнө үчүн байлык болсо, алардын азаюусу бутпарастар үчүн байлык болсо, анда алардын көбөйүүсү да байлык алып келери анык.

13 Бутпарастар, силерге айтамын: мен бутпарастардын элчисимин, ушул кызматымды жогору баалайм.

14 Өз кандаштарымдын кызганычын ойгото алар бекем, алардын кээ бирөөлөрүн куткарып калар бекем?

15 Анткени алардын кабыл албай коюусу дүйнөнү Кудай менен элдештирсе, анда алардын кабыл алуусу өлүмдөн өмүргө өтүү эмей эмне?

16 Ачыткы ыйык болсо, камыр да ыйык болот. Тамыр ыйык болсо, бутактар да ыйык болот.

17 Эгерде сен, жапайы зайтун дарагы, зайтун дарагынын сындырылып ташталган кээ бир бутактарынын ордуна кыйыштырылып, ошол зайтун дарагынын ширелүү тамырына кошулуп калган болсоң,

18 анда сен бутактардын арасында мактанба. Эгерде мактанып жатсаң, анда билип койгун: сен тамырды эмес, тамыр сени кармап турат.

19 Мүмкүн, сен: «Бутактар мен кыйыштырылышым үчүн сындырылды», – деп айтып жаткандырсың.

20 Туура. Алар ишенбестиги үчүн сындырылышты, сен болсо ишеним менен бекем турасың. Бирок текеберденип кетпе, андан көрө корк!

21 Анткени Кудай табигый бутактарды аябаса, сени аямак беле?!

22 Ошондуктан Кудайдын ырайымдуулугун жана катаалдыгын билип койгун: Ал жыгылгандарга катаал. Эгерде Анын ырайымы менен жашасаң, сага ырайымын көрсөтөт. Антпесең, сени да кесип таштайт.

23 Эгерде алар ишенбестик менен жашай беришпесе, кайрадан кыйыштырылат. Анткени аларды кайрадан кыйыштырууга Кудайдын кудурети жетет.

24 Анткени сен жапайы зайтун дарагынан кесилип алынып, баалуу зайтун дарагына табияттын мыйзамына каршы кыйыштырылсаң, анда анын өз бутактары да кыйыштырылары анык.

**Ысрайыл элинин куткарылуусу**

25 Бир туугандар, мактанбашыңар үчүн, бул жашыруун сырды силерге ачып бергим келет: Ысрайыл элинин өжөрлөнүүсү куткарыла турган бутпарастардын саны толук болгон күнгө чейин созулат.

26 Ошентип, бүт Ысрайыл эли куткарылат. Анткени Ыйык Жазууда: «Сиондон Куткаруучу келет. Ал Жакыптын тукумун кудайсыздыктан куткарат.

27 Менин алардын күнөөлөрүн кечиргеним – бул Менин алар менен түзгөн келишимим», – деп жазылган.

28 Бир жагынан, алар Жакшы Кабарды кабыл албай, силердин пайдаңар үчүн Кудайдын душманы болуп калышты. Бирок, экинчи жагынан, алар – Кудайдын сүйүктүүлөрү, анткени Кудай алардын аталарын тандап алган.

29 Анткени Кудай берген белектерин кайра алып албайт, чакыруу чечимин өзгөртпөйт.

30 Бир кезде силер да Кудайга тил алчу эмессиңер, азыр болсо алардын тил албастыгынан улам ырайым таптыңар.

31 Силерге ырайым көрсөтүлгөн сыяктуу эле, аларга да ырайым көрсөтүлүшү үчүн, азыр алар тил албас болуп калышты.

32 Анткени Кудай бардыгына ырайым көрсөтүү үчүн, бардыгын тил албас кылып койду.

**Кудайды кереметтүү жолдору үчүн даңктоо**

33 Оо, Кудайдын акылы кандай терең, Анын билими кандай жеткилең! Анын чечимдери акыл жеткис, Анын жолдору изилденгис!

34 Теңирдин акылын түшүнгөн адам барбы? Же Ага кеңешчи болгон адам барбы?

35 Же Теңир кайра бериши үчүн, ким Ага алдын ала бир нерсе берди?

36 Анткени бардыгы Андан, Ал аркылуу жана Ал үчүн. Ал түбөлүк даңкталсын! Оомийин.

**12-БӨЛҮМ**

**Кудайга кызмат кылуу**

1 Ошондуктан, бир туугандарым, Кудайдын боорукердиги менен силерден өтүнөмүн: Кудайга өзүңөрдүн денеңерди тирүү, ыйык жана Ага жага турган курмандык катары бергиле. Бул силердин рухий кызматыңар болот.

2 Бул дүйнөгө ылайыкташпагыла, тескерисинче, Кудайдын жакшы, Өзүнө жаккан жана жеткилең эрки эмне экендигин таанып билүү үчүн, акыл-оюңарды жаңылантып туруу аркылуу толугу менен өзгөрүлгүлө.

**Кудайдын ырайымы менен берилген жөндөмдүүлүктөр**

3 Мага көрсөтүлгөн ырайымдын негизинде ар бириңерге айтамын: өзүңөр жөнүндө керектүүдөн артык ойлобогула, тескерисинче, Кудай ар бириңерге бөлүп берген ишенимиңерге жараша туура ой жүгүрткүлө.

4 Анткени денебиздин мүчөлөрү көп болгону менен, бардык мүчөлөрдүн кызматы бирдей болбогон сыяктуу эле,

5 биз да көп болгонубузга карабастан, Машайактын ичинде бир денени түзөбүз, ал эми өз-өзүнчө алганда, бири-бирибизге мүчөбүз.

6 Кудайдын бизге көрсөткөн ырайымынын негизинде ар кандай рухий жөндөмдүүлүктөргө ээбиз. Кимде пайгамбарчылык кылуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, анда ал ишенимге ылайык пайгамбарчылык кылсын.

7 Кимде кызмат кылуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал кызмат кылсын. Кимде окутуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал окутсун.

8 Кимде насаат айтуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал насаат айтсын. Кимде таратуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал берешендик менен таратсын. Кимде башкаруу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал бүт аракети менен башкарсын. Кимде кайрымдуулук кылуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал кубаныч менен кайрымдуулук кылсын.

**Бир тугандык мамиле**

9 Сүйүүңөр жалган болбосун: жамандыктан баш тартып, жакшылык кылууга умтулгула.

10 Бири-бириңерди бир туугандык сүйүү менен, чын жүрөктөн сүйгүлө; бири-бириңерди озунуп урматтагыла.

11 Аракетиңерден жазбагыла, рухуңарды жалындаткыла, Теңирге кызмат кылгыла.

12 Үмүт менен кубангыла, кыйынчылыкка туруштук бергиле, туруктуулук менен сыйынгыла.

13 Муктаждыгы бар ыйыктарга жардам бергиле, меймандос болууга аракеттенгиле.

14 Силерди куугунтуктагандарга бата бергиле. Бата бергиле, каргабагыла.

15 Кубангандар менен кубангыла, ыйлагандар менен ыйлагыла.

16 Өз ара бир ойдо болгула. Өзүңөр жөнүндө жогору ойлобогула, тескерисинче, момундардын жолун жолдогула. Өзүңөрдү акылдуу эсептебегиле.

17 Жамандыкка жамандык менен жооп бербегиле, тескерисинче, бардык адамдардын алдында жакшылык кылууга аракеттенгиле.

18 Мүмкүн болушунча, бардык адамдар менен тынчтыкта болгула.

19 Сүйүктүүлөр, өзүңөр үчүн өч албагыла, тескерисинче, Кудайдын каарына орун бергиле. Анткени Ыйык Жазууда: «Теңир мындай дейт: Өч Меники, Мен тиешесин берем», – деп жазылган.

20 Душманың ачка болсо, аны тойгуз; суусап турса, суусунун кандыр. Анткени ушундай кылуу менен сен анын башына чок үйөсүң.

21 Жамандыкка жеңилбе, тескерисинче, жамандыкты жакшылык менен жең.

**13-БӨЛҮМ**

**Бийликке баш ийүү**

1 Ар бир адам жогорку бийликтегилерге баш ийсин. Анткени Кудайдан болбогон бийлик жок, бийликтин баарын Кудай орноткон.

2 Мына ошондуктан бийликке каршы чыккан адам Кудайдын тартибине каршы чыккан болот. Каршы чыккандар болсо өздөрүн өздөрү жазага дуушар кылышат.

3 Анткени башчылардан жакшы иш кылгандар эмес, жаман иш кылгандар коркушат. Бийликтен корккуң келбесе, жакшы иштерди кыл. Ошондо андан мактоо угасың.

4 Анткени башчы – Кудайдын кулу, ал сага жакшы болуш үчүн коюлган. Эгерде жаман иш кылып жатсаң, корк. Себеби ал бекеринен кылыч алып жүрбөйт. Ал – Кудайдын кулу, жаман иш кылгандарды жазалоо үчүн коюлган.

5 Ошондуктан жазадан коркондуктан эле эмес, абийириңердин таза болушу үчүн да баш ийишиңер керек.

6 Ошон үчүн салык да төлөп жатасыңар. Анткени алар – Кудайдын кызматчылары, ар дайым ошол иш менен алек болушат.

7 Ар кимге өз тиешесин бергиле: кимге салык төлөө керек болсо, салык төлөгүлө; кимге бажы акысын берүү керек болсо, бажы акысын бергиле; кимден коркуу керек болсо, корккула; кимге урмат көрсөтүү керек болсо, урмат көрсөткүлө.

**Бир туугандык сүйүү**

8 Бири-бириңерди сүйгөндөн башка эч кимге эч нерсе менен карыз болбогула. Анткени жакынын сүйгөн адам мыйзамды аткарган болот.

9 Анткени «Ойноштук кылба», «Киши өлтүрбө», «Уурулук кылба», «Башка бирөөнүкүнө көз артпа» деген жана башка осуяттардын бардыгы «Өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүй» деген сөз менен жыйынтыкталат.

10 Сүйүү жакынына жамандык кылбайт. Демек, сүйүү – мыйзамдын аткарылышы.

**Ыйса Машайактын келишин күтүп жашоо**

11 Уйкудан ойгоно турган убакыт келгенин билишиңер керек. Анткени биз ишенип калган убакка караганда, азыр бизге куткарылуу жакын.

12 Түн өтүп баратат, күн жакындап калды, ошондуктан караңгылыктын иштеринен баш тартып, жарыктын куралдарын асыналы.

13 Шапар тебүүнү жана ичкиликти, аял (эркек) жандуулукту жана бузуктукту, уруш-талашты жана көрө албастыкты калтырып, күндүз жүргөн сыяктуу, өзүбүздү жакшы алып жүрөлү.

14 Теңирибиз Ыйса Машайак менен тыгыз байланышта болгула. Денеге кам көрүүнү кумарга айландырбагыла.

**14-БӨЛҮМ**

**Бири-бириңерди соттобогула**

1 Ишеними алсыз адамды кабыл алгыла, анын көз караштары жөнүндө талашып-тартышпагыла.

2 Бир адам баарын жей берсе болот деп ишенет, ал эми алсыз адам жашылчаларды гана жейт.

3 Баарын жеген адам жебеген адамды басынтпасын. Кээ бир нерселерди жебеген адам жеген адамды соттобосун, анткени аны Кудай кабыл алган.

4 Бирөөнүн кулун соттогудай, сен кимсиң? Ал туруп турабы же жыгылабы, кожоюнунун көзөмөлү астында. Ал кайрадан тургузулат, анткени аны тургузууга Кудайдын кудурети жетет.

5 Бир адам бир күндү бир күндөн айырмалайт, башка бир адам болсо бардык күндөрдү бирдей көрөт. Ар бир адам өзүнүн көз карашына бекем болсун.

6 Күндөрдү айырмалаган адам Теңир үчүн айырмалайт, күндөрдү айырмалабаган адам Теңир үчүн айырмалабайт. Баарын жеген адам Теңир үчүн жейт, анткени Кудайга ыраазычылык билдирет. Кээ бир нерселерди жебеген адам Теңир үчүн жебейт жана Кудайга ыраазычылык билдирет.

7 Анткени эч кимибиз өзүбүз үчүн жашабайбыз жана эч кимибиз өзүбүз үчүн өлбөйбүз.

8 Жашасак, Теңир үчүн жашайбыз. Өлсөк, Теңир үчүн өлөбүз. Ошондуктан жашасак да, өлсөк да Теңирдикибиз.

9 Машайак өлгөндөрдүн да, тирүүлөрдүн да Теңири болуш үчүн, өлүп кайра тирилген.

10 Эмне үчүн сен өзүңдүн бир тууганыңды соттоп жатасың? А сен эмне үчүн бир тууганыңды басынтып жатасың? Баарыбыз Кудайдын сотуна келебиз.

11 Анткени Ыйык Жазууда мындай деп жазылган: «Мен тирүүмүн, – дейт Теңир, – Менин алдымда ар бир адам тизе бүгөт, ар бир тил Кудай экенимди ачык тааныйт».

12 Демек, Кудайдын алдында ар бирибиз өзүбүз үчүн жооп беребиз.

13 Ошондуктан бири-бирибизди соттобойлу, андан көрө бир тууганыбыздын жыгылуусуна же азгырылуусуна түрткү болбоо жөнүндө ойлонолу.

14 Мен Теңир Ыйсага ишенген адам катары муну билемин: өзүнөн өзү арам нерсе жок. Бирок арам деп эсептеген адам үчүн ал нерсе арам болот.

15 Эгерде бир тууганың сенин жеп жаткан тамагың үчүн кыйналып жатса, анда сен ага сүйүү менен мамиле кылып жаткан жоксуң. Сен аны жеген тамагың менен өлтүрбө, анткени Машайак ал үчүн да өлгөн.

16 Силердин жакшы нерселериңерге тил тийбесин.

17 Анткени Кудайдын Падышачылыгы тамак же суусундук эмес, тескерисинче, Ыйык Рух берген адилеттик, тынчтык жана кубаныч.

18 Машайакка ушундай кызмат кылган адам Кудайга жагат, аны адамдар да кадырлайт.

19 Ошондуктан тынчтыкка жана бири-бирибизди бекемдөөгө умтулалы.

20 Тамак үчүн Кудайдын ишин бузба! Тамактын баары таза, бирок жеген тамагы менен башка бирөөнүн азгырылуусуна түрткү болгон адамга жаман.

21 Эт жеп, шарап ичүү же башка бир нерселер бир тууганыңдын мүдүрүлүүсүнө, азгырылуусуна, рухий жактан алсыроосуна түрткү болсо, андай нерселерди кылбай эле койгонуң жакшы.

22 Ушул нерсе боюнча ишенимиң бар болсо, анда аны Кудай алдында, өз ичиңде сакта! Өзү туура көргөн нерсе үчүн абийири айыптабаган адам бактылуу.

23 Ал эми күмөн саноо менен жеген адам айыпталынат, анткени ал ишеним менен жеген жок. Ал эми ишеним менен кылынбаган ар бир нерсе – күнөө.

**Кудайды даңктоо**

24 Мен тараткан Жакшы Кабар боюнча жана Ыйса Машайактын сөзү боюнча, байыркы замандан бери айтылбай келе жаткан жашыруун сырдын ачылышы боюнча силерди бекемдөөгө Кудайдын кудурети жетет.

25 Бул сыр азыр айкын болду жана түбөлүктүү Кудайдын буйругу боюнча пайгамбарчылык жазуулар аркылуу бардык элдерди ишенимге баш ийдирүү үчүн жарыя кылынган.

26 Жалгыз акылман Кудай Ыйса Машайак аркылуу түбөлүккө даңктала берсин! Оомийин.

**15-БӨЛҮМ**

1 Биз, ишеними күчтүүлөр, алсыздардын алсыз жагын көтөрүшүбүз керек. Өзүбүзгө жакканды эле ойлобой,

2 ар бирибиз жакыныбызга жакканды ойлойлу. Ал үчүн жакшы болуусун, анын ишениминин өсүүсүн көздөйлү.

3 Анткени Ыйык Жазууда: «Сага тил тийгизгендердин суук тили Мага тийип жатат», – деп жазылгандай, Машайак да Өзүнө эмес, Атасына жакканды кылган.

4 Ал эми буга чейин жазылгандын баары биздин үйрөнүшүбүз үчүн жазылган. Анткени биз Ыйык Жазуу аркылуу чыдамдуулукка жана кайраттуулукка ээ болуп, үмүтүбүздү үзбөйбүз.

5 Силер бир ой менен, бир ооздон Теңирибиз Машайак Ыйсанын Кудайын жана Атасын даңкташыңар үчүн,

6 чыдамдуулук жана кайраттуулук берүүчү Кудай Өзү Ыйса Машайактын үйрөтүүсү боюнча силерге өз ара бир ой берсин.

7 Кудай даңкталышы үчүн, Машайак силерди кабыл алгандай, силер да бири-бириңерди кабыл алгыла.

8 Силерге айтамын: Машайак сүннөттүүлөргө Кудайдын ата-бабаларыбызга берген убадасын аткарыш үчүн, Кудайдын чындыгын далилдөө үчүн кызматчы болду.

9 Ал эми бутпарастарга Кудайды даңкташсын үчүн, Кудайдын аларга көрсөткөн ырайымы үчүн кызматчы болду. Ыйык Жазууда: «Теңир, Сени бутпарастардын арасында даңктаймын, Сенин ысымыңды даңктап ырдаймын», – деп жазылган.

10 Ыйык Жазуунун дагы бир жеринде: «Бутпарастар, Анын эли менен бирге кубангыла», – деп жазылган.

11 Ошондой эле: «Бардык бутпарастар, Теңирди мактагыла, бардык элдер, Аны даңктагыла», – деп да жазылган.

12 Ышайа пайгамбар да: «Жышайдын тукумунан Бирөө чыгат, Ал бардык элдердин үстүнөн бийлик жүргүзөт. Ага бутпарастар үмүттөнүшөт», – деп айткан.

13 Ыйык Рухтун күчү менен үмүткө бай болушуңар үчүн, үмүт берүүчү Кудай силерди ишеним жолунда кубанычка жана тынчтыкка бөлөсүн.

**Элчинин кызматы**

14 Бир туугандарым, силер өзүңөр деле ар кандай жакшы нерселерге жана билимге байсыңар, ошондой эле бири-бириңерге акыл-насаат айта аласыңар деп ишенем.

15 Ошого карабастан, силердин эсиңерге салуу үчүн, мен кээ бир нерселерди кайраттуулук менен жаздым.

16 Кудайдын мага көрсөткөн ырайымы боюнча Ыйса Машайактын кызматчысы болгон мен бутпарастарды Кудайдын алдына Ыйык Рух аркылуу ыйыкталган, жагымдуу тартуу катары алып келиш үчүн, Кудайдын Жакшы Кабарын таратуу ишин ыйык кызмат катары аткарып жатам.

17 Ошентип, мен Кудай алдында Ыйса Машайак аркылуу мактана алам.

18 Анткени Машайактын мен аркылуу аткаргандарынан башка нерсени айтууга батына албайм. Ал мен аркылуу сөз менен, иш менен, жышаандар жана ажайыптар менен, Ыйык Рухтун күчү менен бутпарастарды ишенимге баш ийдирди.

19 Мен Иерусалимден баштап Илирикке чейинки аймактарга Машайактын Жакшы Кабарын толугу менен тараттым.

20 Башка бирөө тургузган пайдубалдын үстүнө курбаш үчүн, мен Жакшы Кабарды Машайактын ысымы белгисиз болгон жерлерге таратууга аракеттендим.

21 Анткени Ыйык Жазууда: «Ал жөнүндө кабары жоктор көрүшөт, укпагандар түшүнүшөт», – деп жазылган.

22 Мына ошондуктан көп тоскоолдуктарга учурап, силерге бара албай жаттым.

23 Азыр болсо бул өлкөлөрдө Жакшы Кабар таратылбаган жер калбагандыктан жана көп жылдан бери силерге аябай баргым келгендиктен,

24 Испанияга бара жатканда, силерге тие кетем. Бара жатып, силерге жолугам деп үмүттөнөм. Силер менен бир аз болсо да баарлашып, кубаныч алганымдан кийин, мени узатып коёрсуңар.

25 Азыр болсо мен ыйыктарга кызмат кылуу үчүн, Иерусалимге бара жатам.

26 Анткени македониядагылар менен ахаядагылар Иерусалимдеги ыйыктардын арасындагы жакырларга жардам топтоп берүүнү чечишти.

27 Ооба, ошондой чечишти, чынында, алар жүйүттөргө карыздар. Анткени бутпарастар рухий жагынан алар менен үлүштөш болуп калышкандыктан, аларга тиричилик жагынан кызмат көрсөтүүлөрү керек.

28 Топтолгон жардамды аларга толугу менен жеткирип берип, бул ишти аягына чыгаргандан кийин, силерге барам да, андан ары Испанияга кетем.

29 Мен силерге Машайактын толук батасы менен бараарымды билем.

30 Бир туугандарым, Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу, Рухтун сүйүүсү аркылуу силерден өтүнөмүн: мен үчүн Кудайга сыйынып, мени менен чогуу күрөшкүлө.

31 Жүйүт аймагындагы ишенбегендерден кутулушум үчүн, Иерусалим элине кылган кызматым ыйыктарга жагыш үчүн,

32 Кудайдын эрки болсо, силерге кубаныч менен келип, силер менен бирге кубанышым үчүн сыйынып тургула.

33 Тынчтыктын булагы болгон Кудай баарыңар менен болсун! Оомийин.

## 16-БӨЛҮМ

### Элчинин саламы

1 Кенхирея Жыйынында диакондук кызматты аткарган Пойбе карындашыбызды силерге тааныштырамын.

2 Ыйыктарга ылайык келгендей, аны Теңир үчүн кабыл алгыла. Силердин араңарда жүргөндө, ал эмнеге муктаж болсо, жардам бергиле. Анткени ал көптөгөн адамдарга, ошондой эле мага да жардам берди.

3 Машайак Ыйсага мени менен бирге кызмат кылган Прискила менен Акилага салам айтып койгула.

4 Алар менин өмүрүм үчүн өздөрүнүн өмүрүн тобокелге салышкан. Аларга бир эле мен эмес, бутпарастардан түзүлгөн Жыйындардын баары ыраазы. Алардын үйүнө чогулган Жыйынга да салам айтып койгула.

5 Ахаяда Машайакка биринчи болуп ишенген менин сүйүктүүм Эпейнетке салам айтып койгула.

6 Силер үчүн көп кызмат кылган Мариямга салам айтып койгула.

7 Мени менен бирге түрмөдө отурган бир туугандарым Андроникке жана Унияга салам айтып койгула. Машайакка менден мурун ишенип калган алар элчилердин арасында кадыр-баркка ээ.

8 Теңир жолунда жүргөн менин сүйүктүүм Ампилийге салам айтып койгула.

9 Машайакка биз менен бирге кызмат кылган Урбанга жана менин сүйүктүүм Стахиске салам айтып койгула.

10 Машайак жолунда сыноодон өткөн Апелеске салам айтып койгула. Аристобулдун үйүндөгүлөрүнүн ишенгендерине да салам айтып койгула.

11 Менин тууганым Иродийонго жана Наркистин үйүндөгүлөрүнүн Теңирге ишенгендерине салам айтып койгула.

12 Теңирге кызмат кылган Трифайнага жана Трипосага салам айтып койгула. Теңир үчүн көп кызмат кылган менин сүйүктүүм Персидага салам айтып койгула.

13 Теңир тандап алган Рутка жана мага да эне сыяктуу болуп калган анын энесине салам айтып койгула.

14 Асинкиритке, Пилегонтко, Эрмаска, Патропко, Эрмеске жана алардын жанындагы бир туугандарга салам айтып койгула.

15 Филолог менен Улияга, Нерейге жана анын карындашына, Олимпанга жана алардын жанындагы ыйыктардын баарына салам айтып койгула.

16 Ыйык өбүшүү менен саламдашкыла. Силерге Машайактын бардык Жыйындары салам айтып жатышат.

**Жалган окутуулардан сак болуу**

17 Бир туугандар, силерди бул нерсеге чакырамын: ортого жик салуучулардан жана өзүңөр үйрөнгөн окутууга каршы азгыруучулардан сак болгула, андайлардан алыс болгула.

18 Анткени андай адамдар Теңирибиз Ыйса Машайакка эмес, өздөрүнүн курсагына кызмат кылышат. Ишенчээк адамдарды кулакка жагымдуу сөздөр менен, чечендик менен азгырышат.

19 Силердин тил алчаактыгыңар баарына белгилүү. Ошондуктан мен силер үчүн кубанамын. Бирок мен силердин жакшы иштерди акылмандык менен кылышыңарды, жаман иштер менен булганбашыңарды каалаймын.

20 Тынчтыктын булагы болгон Кудай жакында силердин бутуңардын астында шайтанды тебелеп салат. Теңирибиз Ыйса Машайак силерге ырайымын төгө берсин! Оомийин.

**Кызматташтарга салам айтуу**

21 Менин кызматташым Тиметей жана туугандарым Лукий, Жасон жана Сосипатыр силерге салам айтып жатышат.

22 Бул катты жазган мен – Тертий да Теңир жолунда жүргөн силерге салам айтамын.

23 Мага жана бүт Жыйынга меймандостугун көрсөтүп жаткан Гай силерге салам айтып жатат. Шаардын казына башчысы Эраст жана бир тууганыбыз Куарт силерге салам айтып жатышат.

24 Теңирибиз Ыйса Машайак баарыңарга ырайымын төгө берсин! Оомийин!

**КОРУНТТУКТАРГА ЖАЗЫЛГАН БИРИНЧИ КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Кудайдын каалоосу менен Ыйса Машайактын элчиси болууга чакырылган Пабылдан жана бир тууганыбыз Состенден

2 Кудайдын Корунттагы Жыйынына салам! Машайак Ыйса аркылуу ыйыкталган жана ыйык болууга чакырылган силерге, ошондой эле бардык жерде баарыбыздын Теңирибиз болгон Ыйса Машайактын ысымын чакыруучулардын баарына

3 Кудай Атабыз жана Теңирибиз Ыйса Машайак ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!

4 Силер үчүн жана Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу силерге көрсөткөн ырайымы үчүн, Кудайга ар дайым ыраазычылык билдирем.

5 Себеби силер Ыйса Машайак аркылуу бардыгына: сөзгө жана билимге байыдыңар.

6 Анткени Машайактын күбөлөндүрүүсү силерде бекем орун алды.

7 Теңирибиз Ыйса Машайактын келишин күтүп жаткан силер рухий жөндөмдүүлүктөрдүн эч биринен кем эмессиңер.

8 Теңирибиз Ыйса Машайак келген күнү кемчиликсиз болушуңар үчүн, Ал силерди акырына чейин бекемдейт.

9 Силерди Өз Уулу – Теңирибиз Ыйса Машайак менен мамилелешүүгө чакырган Кудай ишенимдүү.

**Жыйындагы бөлүнүүлөр**

10 Бир туугандар, Теңирибиз Ыйса Машайактын атынан өтүнөм, баарыңардын сөзүңөр бир болсун. Өз ара бөлүнбөгүлө, тескерисинче, бир ой, бир пикирге келгиле.

11 Бир туугандарым, өз ара талашып-тартышып жатканыңар Хлоянын үйүндөгүлөрү аркылуу мага маалым болду.

12 Муну айтып жатканымдын себеби: бириңер: «Мен Пабылдыкымын», бириңер: «Мен Аполостукумун», дагы бириңер: «Мен Кейфаныкымын», дагы бириңер: «Мен болсо Машайактыкымын», – деп жатыптырсыңар.

13 Эмне, Машайак бөлүндү беле? Пабыл силер үчүн айкаш жыгачка кадалды беле? Же силер Пабылдын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлдүңөр беле?

14 Криспос менен Гайдан башкаңарды сууга чөмүлдүрбөгөнүм үчүн, Кудайга ыраазымын,

15 «Мен Пабылдын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлгөм», – деп, эч ким айта албайт.

16 Степандын үйүндөгүлөрдү да сууга чөмүлдүргөм, алардан башка дагы кимди сууга чөмүлдүргөнүм эсимде жок.

17 Машайак мени сууга чөмүлдүрүү үчүн жиберген эмес, Жакшы Кабар таратуу үчүн жиберген. Бирок аны чечендик менен таратуу үчүн жиберген эмес, болбосо Машайактын айкаш жыгачы өз күчүн жоготуп коёт.

**Машайак – Кудайдын күчү жана акылмандыгы**

18 Себеби айкаш жыгач жөнүндөгү сөз – өлүмгө бара жаткандар үчүн акылсыздык, ал эми куткарыла турган биз үчүн Кудайдын күчү.

19 Анткени Ыйык Жазууда: «Даанышмандардын даанышмандыгын жок кылам, акылмандардын акылын четке кагам», – деп жазылган.

20 Даанышман кайда? Мыйзамды окутуучу кайда? Бул дүйнөнүн акылдуусу кайда? Бул дүйнөнүн акылмандуулугун Кудай акылсыздыкка айландырган жокпу?

21 Өзүн акылман санаган бул дүйнө Кудайды кудайлык акылмандуулук боюнча таанybай койгондуктан, Кудай ишенгендерди акылга сыйбаган сөз аркылуу куткарып алууну туура тапты.

22 Анткени жүйүттөр керемет-жышаанды талап кылышат, эллиндер акылмандыкты издешет,

23 биз болсо айкаш жыгачка кадалган Машайак жөнүндө жарыялайбыз. Жүйүттөр үчүн бул – азгырык, ал эми эллиндер үчүн акылсыздык.

24 Чакырылгандар үчүн, алар жүйүт болобу, эллин болобу, Машайак – бул Кудайдын күчү жана Кудайдын акылмандыгы.

25 Анткени Кудайдын «акылсызы» адамдардан акылдуу, Кудайдын «алсызы» адамдардан күчтүү.

26 Кудай тарабынан чакырылып алынган бир туугандар, өзүңөрдүн ким экениңерди карап көргүлөчү: бир азыңар эле акылдуусуңар, бир азыңар эле күчтүүсүңөр, бир азыңар эле тектүү жерден чыккансыңар.

27 Акылдууларды уятка калтырыш үчүн, Кудай бул дүйнөнүн акылсыздарын тандап алды. Күчтүүлөрдү уятка калтырыш үчүн, Кудай бул дүйнөнүн алсыздарын тандап алды.

28 Бул дүйнөнүн барктууларынын баркын түшүрүү үчүн, Кудай бул дүйнөнүн тексиздерин, басынтылгандарын жана барксыздарын тандап алды.

29 Кудай алдында эч бир адам мактанбашы үчүн ушундай кылды.

30 Ал аркылуу силер Машайак Ыйсанын ичиндесиңер. Машайак биз үчүн Кудайдан келген акылмандуулук, адилеттик, ыйыктык жана куткарылуу болуп калды.

31 Ошондуктан Ыйык Жазууда жазылгандай, «Мактанган адам Теңир менен мактансын».

**2-БӨЛҮМ**

**Айкаш жыгачка кадалган Машайак жөнүндө сөз**

1 Бир туугандар, мен силерге барганымда, Кудайдын күбөлөндүрүүсүн чечендик же адамдык акылмандык менен жарыялаганы барган эмесмин.

2 Анткени силерге барганда, айкаш жыгачка кадалган Ыйса Машайактан башка эч нерсе айтпай эле коёюн деп чечкем.

3 Мен силердин араңарда алсыз болуп, калтырап коркуп жүрдүм.

4 Силердин ишенимиңер адамдык акылмандыкка эмес, Кудайдын күчүнө негизделиши үчүн,

5 мен сөз сүйлөгөндө жана насаат айтканда, адамдык акылмандык менен айтылган ишендирерлик сөздөргө эмес, Кудайдын Рухуна жана күчүнө таяндым.

6 Акылмандуулук жөнүндө биз жеткилең адамдардын арасында сүйлөйбүз. Бирок бул акылмандуулук бул дүйнөнүн жана бул дүйнөнүн жок боло турган бийлик башындагыларынын акылмандуулугу эмес.

7 Биз Кудайдын жашыруун сыр катары сакталып келген акылмандуулугу жөнүндө сүйлөйбүз. Биздин даңкталышыбыз үчүн, Кудай аны дүйнө жаратыла электен мурун эле белгилеп койгон.

8 Ал акылмандыкты бул дүйнөнүн бийликтегилеринин бири да түшүнгөн жок. Түшүнүшсө, даңктуу Теңирди айкаш жыгачка кадашмак эмес.

9 Ыйык Жазууда жазылгандай, «Кудай Өзүн сүйгөндөргө көз көрбөгөн, кулак укпаган, адамдын оюна да келбеген нерсени даярдап койгон».

10 Бизге муну Кудай Өзүнүн Руху менен ачып берди. Анткени Рух бардыгын, Кудайдын улуу сырларын да билет.

11 Адамдын оюнда эмне бар экенин ким билет? Адамдын ичиндеги рухтан башка эч ким билбейт. Ошол сыяктуу эле Кудайдыкын да Кудайдын Рухунан башка эч ким билбейт.

12 Кудайдын бизге эмне бергенин билишибиз үчүн, биз бул дүйнөнүн рухун эмес, Кудайдын Рухун кабыл алдык.

13 Биз аны адамдык акылмандык аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен жарыялап жаткан жокпуз, Ыйык Рух аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен рухий адамдарга рухий тилде жарыялап жатабыз.

14 Табигый адам Кудайдын Руху ачып берген чындыктарды кабыл албайт, анткени ал муну акылсыздык деп эсептейт. Ал муну түшүнө албайт, анткени бул жөнүндө рухий ой жүгүртүү керек.

15 Рухий адам бардыгы жөнүндө ой жүгүртө алат, бирок ал адамга эч ким баа бере албайт.

16 Кудайды үйрөткүдөй, Анын акыл-оюн ким билиптир? Ал эми бизде Машайактын акылы бар.

**3-БӨЛҮМ**

**Жыйынды бөлүүчүлөрдү ашкерелөө**

1 Бир туугандар, мен силер менен рухий адамдар менен сүйлөшкөндөй сүйлөшө алган жокмун. Дененин каалоосун аткарып жашаган адамдар менен, Машайак жолундагы жаш балдар менен сүйлөшкөндөй сүйлөштүм.

2 Мен силерге күчтүү тамак эмес, сүт бергем. Анткени силер күчтүү тамакты аш кыла алмак эмессиңер, аны азыр да аш кыла албайсыңар.

3 Анткени силер азыр деле дененин каалоосун аткарып жашап жатасыңар. Ортоңордо көрө албастык, уруш-талаш, келишпестик бар болсо, дененин каалоосун аткарып жашаган адам эмей кимсиңер? Силер адамдык кылып жаткан жоксуңарбы?

4 Бириңер: «Мен Пабылдыкымын», – десеңер, бириңер: «Мен Аполостукумун», – дейсиңер, дененин каалоосун аткарып жашаган адам эмей кимсиңер?

5 Аполос ким? Пабыл ким? Алар – жөн гана кызматчылар, силер Теңирге ошолор аркылуу ишенип калдыңар. Теңирдин бергенине жараша алардын ар биринин жөндөмдүүлүгү бар.

6 Мен урук септим, Аполос сугарды, бирок Кудай өстүрдү.

7 Ошондуктан себүүчүнүн да, сугаруучунун да иши маанилүү эмес, себилгенди өстүрүүчү Кудайдын иши маанилүү.

8 Себүүчү менен сугаруучунун эмгеги бирдей. Бирок ар бири өз эмгегине жараша акысын алат.

9 Биз Кудайдын кызматташтарыбыз, силер болсо Кудайдын эгин талаасы жана Кудайдын имаратысыңар.

10 Кудайдын мага көрсөткөн ырайымы менен мен акылдуу куруучу катары пайдубал салдым. Башка бирөө ошол пайдубалдын үстүнө куруп жатат. Бирок ар бириң өзүңдүн кандай куруп жатканыңа көңүл бур!

11 Себеби эч ким салынган пайдубалдан бөлөк пайдубал сала албайт, ал пайдубал – Ыйса Машайак Өзү.

12 Ал пайдубалдын үстүнө бирөө алтындан, бирөө күмүштөн, бирөө кымбат баалуу таштардан, бирөө чөптөн, бирөө жыгачтан, бирөө самандан курат.

13 Ар бир адамдын кылган иши сот күнү ачыкка чыгат, себеби от аркылуу ачылат, кимдин иши кандай экенин от сынайт.

14 Кимдин кылган иши отко туруштук берсе, ал сыйлыгын алат.

15 Ал эми кимдин иши күйүп кетсе, ал зыян тартат. Өзү куткарылат, бирок оттон чыккандай куткарылат.

16 Кудайдын ийбадатканасы экендигиңерди, ичиңерде Кудайдын Руху жашарын билбейсиңерби?

17 Ким Кудайдын ийбадатканасын талкаласа, аны Кудай талкалайт. Анткени Кудайдын ийбадатканасы ыйык, ал эми ал ийбадаткана силерсиңер.

18 Эч ким өзүн өзү алдабасын. Араңардан ким бул дүйнөдө акылдуу болгусу келсе, акылдуу болуш үчүн, акылсыз болсун.

19 Анткени бул дүйнөнүн акылмандыгы – Кудай алдында акылсыздык. Ыйык Жазууда жазылгандай, «Ал акылмандарды өздөрүнүн эле айла-амалы менен кармайт».

20 Ошондой эле: «Кудай акылмандардын оюу куру ой экендигин билет», – деп жазылган.

21 Ошондуктан эч кимиңер адам менен мактанбагыла, анткени баары силердики.

22 Пабыл да, Аполос да, Кейфа да, дүйнө да, өмүр да, өлүм да, азыркы учур да, келечек да – баары силердики.

23 Силер болсо Машайактыкысыңар, Машайак Кудайдыкы.

**4-БӨЛҮМ**

**Элчилердин кызматы**

1 Ошентип, адамдар бизди Машайактын кызматчылары жана Кудайдын жашыруун сырларын билген үй башкаруучулары катары эсептей алгандай болушсун.

2 Үй башкаруучулардан болсо ишенимдүүлүк талап кылынат.

3 Мен жөнүндө силер кандай ойдосуңар, башкалар кандай ойдо, мен үчүн бул маанилүү эмес. Өзүм да өзүмө баа бербейм.

4 Абийирим таза, бирок муну менен актанбайм, анткени мага Кудай Өзү Сот.

5 Ошондуктан Теңир келгенче, алдын ала эч соттобогула. Теңир келгенде, караңгыга жашырылганды жарыкка чыгарат, жүрөктөгү ниеттерди ачыкка чыгарат. Ошондо Кудай ар бир адамга ишине жараша мактоо айтат.

6 Ыйык Жазуудан четтеп, ашыкча акылдуусунбаганды бизден үйрөнүшүңөр үчүн, бир адамды экинчи бир адамдан жогору эсептебешиңер үчүн, бир туугандар, мен бул сөздөрдү силер үчүн, өзүмө жана Аполоско тиешелүү кылып айттым.

7 Ким сени башкалардан жогору эсептеп жатат? Бардыгын Кудайдан алган жок белең? Эгерде бардыгын Андан алган болсоң, анда эмне үчүн албагансып мактанып жатасың?

8 Силер тоюп калдыңар, силер байып калдыңар, силер бизсиз эле падышачылык кыла баштадыңар. Силер чыны менен эле падышачылык кылып жатсаңар кана, анда биз да силер менен бирге падышачылык кылмакпыз!

9 Кудай бизди, элчилерди, өлүмгө өкүм кылынган акыркы адамдардай кылып койсо керек деп ойлойм. Анткени биз бул дүйнөдө периштелер менен адамдар үчүн тамашага айландык.

10 Биз Машайак үчүн акылсызбыз, силер болсо Машайактын ичинде акылдуусуңар! Биз алсызбыз, силер болсо күчтүүсүңөр! Силер кадыр-барктуу, биз болсо кадыр-барксыз адамдарбыз.

11 Ушул кезге чейин ач-жылаңач болуп, суусап жүрөбүз, бизди таякташат, жер кезип жүрөбүз.

12 Өз колубуз менен эмгектенип жатабыз. Бизди жамандашат, биз батабызды беребиз. Бизди кубалашат, биз чыдайбыз.

13 Бизди тилдегендерге жылуу жооп беребиз. Бул дүйнө үчүн биз ушул кезге чейин шыпырынды жана таштанды болдук.

14 Мен муну силерди уяткарыш үчүн жазган жокмун. Силерге сүйүктүү балдарым катары акыл-насаат айтып жатам.

15 Машайак жолунда насаатчыларыңар көп болгону менен, силерде аталар аз. Жакшы Кабар таратуу аркылуу Машайак Ыйса жолунда мен силердин атаңар болуп калдым.

16 Ошондуктан силерден суранарым, мен Машайактан үлгү алгандай эле, силер да менден үлгү алгыла.

17 Мен силерге Теңирге ишенимдүү, сүйүктүү уулум Тиметейди жибердим. Ал менин Машайак жолундагы жашоомду, бардык жерде, ар бир Жыйында кандай окутуп жүргөнүмдү силердин эсиңерге салат.

18 Мен силерге барбачудай болуп, кээ бирөөлөр көөдөнүн көтөрүп жатыптыр.

19 Бирок Кудай буюрса, мен силерге жакында барам. Ошондо мен көөдөнүн көтөргөндөрдүн сөзүн эмес, күчүн сынап көрөм.

20 Анткени Кудайдын Падышачылыгы сөз аркылуу эмес, күч аркылуу көрүнөт.

21 Кайсынысын каалайсыңар, таяк менен барганымдыбы, же сүйүү жана момундук менен барганымдыбы?

**5-БӨЛҮМ**

**Күнөө кетирген адамга чара көрүү**

1 Силердин араңарда бузуктук кылган адам бар экенин уктум. Ал өзүнүн өгөй энесин алып алыптыр. Мындай нерсе бутпарастар арасында да кездешпейт.

2 «Мындай иш кылган адам арабыздан чыгарылса экен», – деп ыйлагандын ордуна кекирейесиңер да!

3 Араңарда болбосом да, рухум силер менен, ошондуктан өзүмдү араңарда жүргөндөй эле сезип, мындай иш кылган адамга карата чечим чыгарып койдум.

4 Теңирибиз Ыйса Машайактын ысымынын урматына чогулганыңарда, рухум силердин араңарда.

5 Теңирибиз Ыйса Машайак келген күнү Теңирибиз Ыйса Машайактын күчү менен ал адамдын жаны куткарылып калышы үчүн, денеси кыйналышы үчүн, аны шайтанга берип салгыла.

6 Мактанар жөнүңөр жок! Бир аз эле ачыткы бүт камырды ачытарын билбейсиңерби?

7 Жаңы камыр болушуңар үчүн, эски ачыткыдан арылгыла. Силер ачыткысыз камырсыңар, анткени Пасах Козусу – Машайак биз үчүн курмандыкка чалынган.

8 Ошондуктан эски ачыткы – бузуктук жана куулук-шумдук менен эмес, ачыткысыз нан – таза жүрөк жана чындык менен майрамдайлы.

9 Мен силерге: «Бузуктук кылуучулар менен мамилелешпегиле», – деп, кат жазып жибергем.

10 Бул дүйнөнүн бузуктук кылуучулары, дүнүйөкорлору, талап-тоноочулары жана бутка табынуучулары менен мамилелешпегиле дебейм. Болбосо бул дүйнөдөн таптакыр эле чыгып кетүүгө туура келмек.

11 Мен силерге: «“Бир тууганыңармын”, – деп коюп, бузуктук кылганын, дүнүйөкорлугун, бутка табынганын, ушак сүйлөгөнүн, ичкилик ичкенин, уурулук кылганын таштабаган адам менен мамилелешпегиле. Атүгүл, аны менен бирге отуруп тамак да ичпегиле», – деп жазгам.

12 Сырттагыларды соттоп эмне кылам? Жыйындагыларды силер соттошуңар керек эмес беле?

13 Сырттагыларды Кудай соттойт. Ошондуктан бузулган адамды араңардан чыгарып салгыла.

**6-БӨЛҮМ**

**Соттошуу жөнүндө**

1 Араңардан бирөөнүн кимдир бирөөгө доосу болсо, ыйыктардын алдында эле чечишип албайбы, кудайсыздардын сотуна кайрылууга кантип батынды?

2 Же эмне, ыйыктардын дүйнөнү сотторун билбейсиңерби? Өзүңөр дүйнөнү соттой турган адамдар болуп туруп, майда-барат иштерди чече албайсыңарбы?

3 Келечекте периштелерди соттой турган адамдар экенибизди билбейсиңерби? Турмуш-тиричиликке байланыштуу көйгөйлөрдү чече албаганыңар кандай?

4 Турмуш-тиричиликке байланыштуу суроолоруңарды чечүү үчүн, Жыйынга тиешеси жок адамдарга кайрыласыңар.

5 Уялсаңар боло, араңарда бир туугандардын ортосундагы көйгөйдү чече ала турган бир да акыл-эстүү адам жокпу?

6 Бир тууган бир тууган менен кудайсыздардын алдында соттошот деген эмне?

7 Бир туугандардын ортосунда араздашуу бар дегендин өзү эле силер үчүн уят. Андан көрө бириңер бириңерден жеңилип калбайсыңарбы! Андан көрө колуңардагыны тарттырып жибербейсиңерби!

8 Силер болсо бир тууганыңарды таарынтып да, колундагысын тартып алып да жатасыңар.

9 Же эмне, адилетсиздердин Кудайдын Падышачылыгын мурастабай тургандыгын билбейсиңерби? Алданбагыла! Ойноштук кылуучулар да, бутка табынуучулар да, нике бузуучулар да, аял жандуулар да, бачабаздар да,

10 уурулар да, дүнүйөкорлор да, аракечтер да, ушакчылар да, талап-тоноочулар да Кудайдын Падышачылыгын мурасташпайт.

11 Айрымдарыңар ушундай адамдар элеңер. Бирок Теңирибиз Ыйса Машайактын ысымынын урматына Кудайыбыздын Руху аркылуу жуулдуңар, ыйыкталдыңар жана акталдыңар.

12 Мага баарын кылууга болот, бирок баары эле пайдалуу эмес. Мага баарын кылууга болот, бирок эч нерсе менин үстүмөн бийлик жүргүзбөшү керек.

13 Тамак кардың үчүн, кардың тамак үчүн. Бирок Кудай тигини да, муну да жок кылат. Дене ойноштук кылуу үчүн эмес, Теңир үчүн, Теңир болсо дене үчүн.

14 Теңирди тирилткен Кудай Өз кудурети менен бизди да тирилтет.

15 Же эмне, денеңер Машайактын дене мүчөлөрү экенин билбейсиңерби? Машайактын дене мүчөсүн сойку аялдын мүчөсү кылмак белем? Албетте, жок!

16 Же эмне, сойку аял менен кошулган адам аны менен биригип, бир дене болорун билбейсиңерби? Анткени Ыйык Жазууда: «Экөө бир дене болот», – деп жазылган.

17 Ал эми Теңир менен бириккен адам Аны менен бир рух болот.

18 Ойноштук кылуудан качкыла. Адам кылган бардык күнөөлөр денеден тышкары болот, ал эми ойноштук кылган адам өз денесине каршы күнөө кылат.

19 Же эмне, денеңер силердин ичиңерде жашаган Ыйык Рухтун ийбадатканасы экендигин, Ал Рухту Кудайдан алганыңарды жана өзүңөрдүн өзүңөргө таандык эмес экениңерди билбейсиңерби?

20 Силер кымбат баада сатылып алынгансыңар, ошондуктан Кудайды денеңер менен да, рухуңар менен да даңктагыла, анткени анын баары Теңирдики.

**7-БӨЛҮМ**

**Үй-бүлө куруу жана так өтүү жөнүндө**

1 Ал эми силердин мага жазып жибергениңер жөнүндө айтарым бул: эркектин аялга жакындабай эле койгону жакшы.

2 Бирок ойноштук кылбаш үчүн, ар бир эркектин аялы, ар бир аялдын күйөөсү болсун.

3 Күйөөсү аялына карата, аялы күйөөсүнө карата жубайлык милдетин аткарсын.

4 Аялдын денеси өзүнө эмес, күйөөсүнө таандык. Ошондой эле эркектин денеси өзүнө эмес, аялына таандык.

5 Өз ара макулдашкандан кийин, орозо кармоо жана сыйынуу үчүн гана бири-бириңерден убактылуу алыс болгула. Андан кийин кайрадан бирге болгула, өзүңөрдү кармай албаганыңардан пайдаланып, шайтан азгырып кетпесин.

6 Мен муну буйрук катары эмес, кеңеш катары айтып жатам.

7 Анткени бардык адамдардын мендей болушун каалар элем. Бирок ар бир адамдын Кудайдан алган рухий жөндөмдүүлүгү бар, бири мындай болсо, экинчиси тигиндей.

8 Үйлөнө электерге жана жесирлерге айтарым: алардын мен сыяктуу жалгыз болгону жакшы.

9 Эгерде өздөрүн кармай алышпаса, үйлөнүшсүн. Кумарлангандан көрө, үйлөнгөн жакшы.

10 Ал эми үй-бүлө кургандарга мен эмес, Теңир мындай буйрук кылат: «Аял күйөөсү менен ажырашпасын.

11 Эгерде ажыраша турган болсо, кайра күйөөгө тийбесин, же күйөөсү менен жарашсын. Ал эми эркек аялын кетирбесин».

12 Дагы бирөөлөргө Теңир эмес, мен мындай демекчимин: Эгерде кайсы бир бир туугандын аялы Теңирге ишенбесе, бирок чогуу жашаганга макул болсо, анда ал бир тууган аялы менен ажырашпасын.

13 Кайсы бир бир туугандын күйөөсү Теңирге ишенбесе, бирок чогуу жашаганга макул болсо, анда ал бир тууган күйөөсү менен ажырашпасын.

14 Анткени Теңирге ишенбеген күйөөсү Теңирге ишенген аялы аркылуу, Теңирге ишенбеген аялы Теңирге ишенген күйөөсү аркылуу ыйыкталат. Болбосо балдарыңар ыйык болмок эмес, азыр алар ыйык.

15 Эгерде Теңирге ишенбеген тарап ажырашууну кааласа, ажырашсын. Мындай учурда бир туугандын башы бош, Кудай бизди тынчтыкка чакырган.

16 Аял, балким, күйөөң сен аркылуу куткарылып калар, кайдан билесиң? Эркек, балким, аялың сен аркылуу куткарылып калар, кайдан билесиң?

17 Кудай кимге эмнени белгилесе жана кимди кандай абалында чакырып алса, ошол боюнча жашасын. Мен бардык Жыйындарга ушундай буйрук берем.

18 Сүннөткө отургузулган абалыңда чакырылсаң, жашырынба. Сүннөткө отургузулбаган абалыңда чакырылсаң, сүннөткө отургузулбай эле кой.

19 Сүннөткө отургузулуу же отургузулбоо маанилүү эмес, маанилүүсү – Кудайдын осуяттарын аткаруу.

20 Ким кандай абалында чакырылса, ошол абалында калсын.

21 Кул абалыңда чакырылган болсоң, уялба. Эгерде эркиндикке чыгууга мүмкүнчүлүгүң бар болсо, жакшысын пайдаланып кал!

22 Кул абалында чакырылган адам – Теңир алдында эркин адам. Ошол сыяктуу эле эркин абалында чакырылган адам – Машайактын кулу.

23 Силер кымбат баада сатылып алынгансыңар, адамга кул болбогула.

24 Бир туугандар, ким кандай абалында чакырылса, Кудай алдында ошол абалында калсын.

25 Турмушка чыга элек кыздар жөнүндө Кудайдан буйрук алган эмесмин. Бирок Теңирдин ырайымын көрүп, ишенимдүү болгон адам катары кеңеш берем.

26 Азыркы кыйынчылыктарды эске алганда, үй-бүлө курбай эле койгон жакшы деп ойлойм.

27 Аялың бар болсо, ажырашам дебе. Аялсыз калсаң, аял издебе.

28 Эгерде үйлөнсөң, күнөө эмес. Эгерде кыз турмушка чыкса, күнөө эмес. Бирок үй-бүлө кургандар дене жагынан азап тартышат. Мен болсо силерди аяйм.

29 Силерге айтарым, бир туугандар, аз убакыт калды. Мындан ары аялы барлар аялы жоктордой болсун.

30 Ыйлагандар ыйлабагандардай, кубангандар кубанбагандардай, сатып алгандар сатып албагандардай,

31 бул дүйнөнүн жыргалчылыгын көрүп жаткандар жыргалчылык көрбөгөндөрдөй болушсун. Анткени бул дүйнө – жок боло турган дүйнө.

32 Мен силердин түйшүк тартышыңарды каалабайм. Үйлөнбөгөн адам Теңирге жагуу үчүн, Теңирдикин ойлойт.

33 Ал эми үйлөнгөн адам аялына жагуу үчүн, бул дүйнөнүкүн ойлойт. Турмушка чыккан кыз менен турмушка чыкпаган кыздын да айырмасы бар.

34 Турмушка чыкпаган кыз денеси, руху ыйык болуп, Теңирге жагуу үчүн, Теңирдикин ойлойт. Ал эми турмушка чыккан кыз күйөөсүнө жагуу үчүн, бул дүйнөнүкүн ойлойт.

35 Муну силердин эркиндигиңерди чектеш үчүн эмес, силерге жакшы болуш үчүн айтып жатам. Эч нерсеге алаксыбай, Теңирге ар дайым жакшы кызмат кылышыңарды каалайм.

36 Ким өзүнүн жашы өтүп бара жаткан кызынын жалгыз өтүшүн туура көрбөсө, кызын күйөөгө берсин, күнөө эмес. Кызы турмушка чыксын.

37 Ал эми ким кызын күйөөгө бербөөнү чечсе, ошол чечиминин туура экенине көзү жетсе, өз эрки менен ушундай кылса, ал жакшы кылат.

38 Кызын күйөөгө берген адам жакшы кылат. Ал эми кызын күйөөгө бербеген адам андан да жакшы кылат.

39 Күйөөсү тирүү турганда, аялдын башы бош эмес. Күйөөсүнүн көзү өтүп кетсе, аялдын башы бош. Каалаган адамына турмушка чыкса болот, бирок Теңирге ишенген адамга гана.

40 Менин оюмча, жесир бойдон калган аял бактылуу. Менде да Кудайдын Руху бар деп ойлойм.

**8-БӨЛҮМ**

**Бурқандарга багышталган курмандыктар жөнүндө**

1 Буркандарга багышталган тамак-аш жөнүндө баарыбыз эле билебиз, анткени баарыбызда эле билим бар. Бирок билим адамды текебер кылат, ал эми сүйүү адамдын акылына акыл кошот.

2 «Бир нерсе билем», – деп ойлогон адам эмнени билүү керек экендигин али биле элек.

3 Бирок Кудай Өзүн сүйгөн адамга билим берген.

4 Буркандарга багышталган тамак-ашты жегенге болор-болбосу жөнүндө сөз кыла турган болсок, биз бурқандын бул дүйнөдө эч нерсеге арзыбаган нерсе экенин, жалгыз Кудайдан башка Кудай жок экендигин билебиз.

5 Жер үстүндө болобу, асманда болобу, «кудай» деп аталгандар бар болгону менен (анткени көптөгөн кудайлар жана үстөмдүк кылуучулар бар),

6 бизде бир гана Кудай Ата бар. Баарын Ал жараткан, биз да Ал үчүн жаратылганбыз. Ошондой эле бир гана Теңир – Ыйса Машайак бар, баары Ал аркылуу жаратылган, биз да Ал аркылуу жаратылганбыз.

7 Бирок баарында эле мындай билим жок. Кээ бирөөлөр азыркыга чейин өздөрүнүн бутпарастык эски адаты боюнча бул тамакты буркандарга багышталган тамак катары жешет. Алардын абийири алсыз болгондуктан булганат.

8 Тамак бизди Кудайга жакындатпайт: жесек, бир нерсеге ээ болбойбуз; жебей койсок, эч нерсе жоготпойбуз.

9 Бирок сак болгула, силердин ушул эркиндигиңер алсыздар үчүн азгырык болбосун.

10 Эгерде алсыз бир тууганың билимдүүмүн деген сенин бутканада тамак жеп отурганыңды көрүп калса, буркандарга багышталган тамак-аштан анын да жегиси келбес бекен?

11 Машайак сенин ушул алсыз бир тууганың үчүн да өлгөн, сен болсо өз билимиң менен аны өлүмгө дуушар кылып жатасың.

12 Алсыз бир туугандарыңардын абийирин жаралап, аларга каршы күнөө кылууңар менен силер Машайакка каршы күнөө кылып жатасыңар.

13 Эгерде мен жеп жаткан тамак бир тууганымдын азгырылышына түрткү болсо, бир тууганым азгырылбашы үчүн, мен этти эч качан оозума албайм.

**9-БӨЛҮМ**

**Элчинин укуктары**

1 Мен эркин адам эмесминби? Мен элчи эмесминби? Мен Теңирибиз Ыйса Машайакты көргөн эмес белем? Теңир үчүн кылган эмгегимдин жемиши силер эмессиңерби?

2 Башкалар үчүн элчи болбосом да, силер үчүн элчимин! Анткени менин Теңирдин элчиси экендигимди ырастаган мөөр силерсиңер.

3 Мени айыптагандардын алдында мен ушуну айта алам!

4 Биздин жеп-ичкенге укугубуз жокпу?

5 Башка элчилер сыяктуу, ошондой эле Теңирибиздин бир туугандары жана Кейфа сыяктуу биз да үйлөнүп алып, аялыбызды жаныбызга алып жүрүүгө укугубуз жокпу?

6 Барнаба экөөбүздүн эле иштебей коюуга укугубуз жокпу?

7 Өз эсебинен кызмат өтөгөн аскер барбы? Жүзүм тиккен адам анын жемишинен жебей коймок беле? Мал баккан адам анын сүтүнөн ичпей коймок беле?

8 Мен муну адамдык көз караш менен эле айтып жатамбы? Мыйзамда да ушундай айтылган жок беле?

9 Мусанын мыйзамында: «Эгин бастырып жаткан өгүзүңдүн оозун таңба!» – деп жазылган. Кудай өгүздөр үчүн кам көрүп жатабы же биз үчүн кам көрүп жатабы?

10 Албетте, биз үчүн. Жер иштеткен адам үмүт менен иштетет, эгин бастырган адам да «Өз үлүшүмдү алам» деген үмүт менен бастырат.

11 Биз силерге рухий нерсени септик. Эгерде силерден денеге керектүү нерсени жыйнап алсак, көптүк кылабы?

12 Эгерде силердин араңарда кээ бирөөлөр ушундай укукка ээ болуп жатышса, биздин укугубуз жокпу? Бирок биз бул укукту пайдаланган жокпуз, Машайактын Жакшы Кабарынын таратылышына кедерги болбош үчүн, баарына чыдап жатабыз.

13 Ыйык жайда кызмат кылгандар ыйык жайдан тамактанарын, курмандык чалынуучу жайда кызмат кылгандар өз үлүшүн курмандыктардан аларын билбейсиңерби?

14 Теңир да Жакшы Кабар тараткандар Жакшы Кабар таратуунун эсебинен жашашсын деп буйруган.

15 Бирок мен бул укуктардын бирин да пайдаланган жокмун. Азыр мен муну силерден бир нерсе алайын деп жазып жаткан жокмун. Кимдир бирөө мени ушул мактанычымдан ажыраткыча, өлгөнүм артык.

16 Жакшы Кабар таратып жаткандыгым менен мактана албайм, анткени бул менин милдетим. Эгерде Жакшы Кабар таратпасам, мага кайгы!

17 Эгерде мен муну өз ыктыярым менен кылып жатсам, сыйлыгымды алам. Өзүмө тиешелүү милдет катары кылып жаткан болсом, анда мен өзүмө тапшырылган ишти гана аткарып жатам.

18 Анда мен эмне үчүн сыйлык алам? Мен Машайак жөнүндөгү Жакшы Кабарды өз укугумдан пайдаланбай, кызмат акысыз тараткандыгым үчүн сыйлык алам.

19 Мен эч кимдин кулу болбосом да, көптөрдүн Машайакка ишенип калышы үчүн, өзүмдү баарына кул кылдым.

20 Машайакка ишенип калышы үчүн, жүйүттөр үчүн жүйүт сыяктуу болдум. Мыйзам астында болбосом да, мыйзам астындагылардын Машайакка ишенип калышы үчүн, мыйзам астындагы адам сыяктуу болдум.

21 Мыйзамды билсем да, мыйзамды билбегендердин Машайакка ишенип калышы үчүн, мыйзамды билбеген адам сыяктуу болдум. Бирок өзүм Машайактын мыйзамынын астындамын.

22 Алсыздардын Машайакка ишенип калышы үчүн, алсыз адам сыяктуу болдум. Жок дегенде, кээ бирөөлөрүн куткарып калыш үчүн, бардыгы үчүн бардыгы сыяктуу болдум.

23 Жакшы Кабарда үлүшүм болсун деп, ушунун баарын Жакшы Кабар үчүн кылып жатам.

24 Жарышта баары чуркаганы менен бирөө гана байге аларын билесиңер. Ошондуктан байге алгыдай болуп чуркагыла.

25 Жарышка катышуучулардын баары өздөрүн бардык жагынан тыйышат: бирөөлөр жок боло турган таажы алуу үчүн ошентишет, ал эми биз соолубас таажы алуу үчүн ошентебиз.

26 Ошондуктан мен максатсыз чуркап бара жаткан жокмун, муштумум менен абаны ургулап жаткан жокмун.

27 Бирок башкаларга насаат айтып жүрүп, өзүм жараксыз болуп калбашым үчүн, денемди зордоп кулга айландырып жатам.

**10-БӨЛҮМ**

**Ысрайыл элинин жашоосунан сабак алуу**

1 Бир туугандар, мен силердин билишиңерди каалайм: ата-бабаларыбыздын баары булут астында жол жүрүшкөн, алардын баары деңизден өтүшкөн.

2 Алардын баары булутка жана деңизге, Мусанын урматына чөмүлдүрүлүшкөн.

3 Бардыгы бир эле рухий тамак жешкен.

4 Бардыгы бир эле рухий суусундук ичишкен: өздөрүнүн артынан келе жаткан рухий аскадан суу ичишкен. Ал аска Ыйса Машайак болчу.

5 Кудай алардын көпчүлүгүнө нааразы болду. Ошондуктан алар чөлдө өлүп жок болушту.

6 Алар сыяктуу жамандыкка жакын болбошубуз үчүн, бул бизге сабак болуп калды.

7 Алардын кээ бирөөлөрүнө окшоп бурканга табынуучу болбогула. Алар жөнүндө Ыйык Жазууда: «... эл ичип-жегени отурду, көңүл ачканы турду», – деп жазылган.

8 Кээ бирөөлөрүнө окшоп ойноштук кылбайлы, алардын жыйырма үч миңи бир күндө кырылган.

9 Алардын кээ бирөөлөрүнө окшоп Машайакты сынабайлы. Сынагандарды жылан чагып өлтүргөн.

10 Алардын кээ бирөөлөрүнө окшоп күңкүлдөбөгүлө. Күңкүлдөгөндөрдү Кыруучу өлтүргөн.

11 Алардын башынан өткөн нерселердин баары бизге сабак болуш үчүн болгон. Кылымдын акырында жашап жаткан бизге эскертүү болуш үчүн, кагазга түшүрүлгөн.

12 Ошондуктан туруп турам деп ойлогон адам жыгылып калуудан сак болсун.

13 Силер адам баласынын башына келе турган эле сыноолорго туш болдуңар. Кудай ишенимдүү, Ал силердин көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, сыноо учурунда чыгуу жолун да берет.

14 Ошондуктан, сүйүктүүлөрүм, бурқандарга кызмат кылуудан качкыла.

15 Силерди акыл-эстүү адамдар катары көрүп айтып жатам, айткандарым жөнүндө өзүңөр ойлонуп көргүлө.

16 Теңирге ыраазычылык билдирүү менен ыраазычылык чөйчөгүнөн ичкенде, биз Машайактын канына үлүштөш болуп жаткан жокпузбу? Нан сындырып жегенде, биз Машайактын денесине үлүштөш болуп жаткан жокпузбу?

17 Нан бирөө, бардыгыбыз биригип бир денебиз, анткени бардыгыбыз бир нандан жеп жатабыз.

18 Ысрайыл элин алып көрөлү: курмандыктан жегендер курмандык чалынуучу жайга үлүштөш болуп жатышкан жокпу?

19 Муну менен эмнени айткым келет? Буркан маанилүү нерсе демекчиминби? Же ага багышталган курмандыкты маанилүү нерсе демекчиминби?

20 Албетте, жок. Айтайын дегеним бул: бутпарастар курмандыктарын Кудайга эмес, жиндерге багышташат. Силердин жиндер менен үлүштөш болушуңарды каалабайм.

21 Силер бир эле учурда Теңирдин да, жиндердин да чөйчөгүнөн иче албайсыңар. Силер бир эле учурда Теңирдин да, жиндердин да дасторконунан тамактана албайсыңар.

22 Теңирдин кызганычын ойготкубуз келеби? Же биз Андан күчтүүбүзбү?

**Бардыгын Кудайды даңкташ үчүн кылгыла**

23 Мага баарын кылууга болот, бирок баары эле пайдалуу эмес. Мага баарын кылууга болот, бирок баары эле ишенимди бекемдебейт.

24 Ар бир адам өзүн эле эмес, өзгөнү да ойлосун.

25 Базарда сатылгандын бардыгын текшербестен, тынчсызданбастан эле алып жегиле.

26 Анткени жер жана жердегинин бардыгы Теңирдики.

27 Эгерде Теңирге ишенбегендердин бири силерди үйүнө чакырып калса, аныкына барганыңарда, алдыңарга коюлган тамак-ашты текшербестен, тынчсызданбастан эле жегиле.

28 Эгерде кимдир бирөө силерге: «Бул – бурканга багышталган тамак», – десе, анда муну айткан ошол адам үчүн жана анын абийири үчүн жебей эле койгула.

29 Өзүмдүн эмес, анын абийирин айтып жатам. Башка бирөөнүн абийирине өз эркиндигимди соттотуп эмне кылам?

30 Эгерде мен тамакты Кудайга ыраазычылык билдирүү менен жеп жатсам, анда мени ыраазычылык билдирип жеген тамак үчүн айыптоонун эмне кереги бар?

31 Ошентип, ичсеңер да, жесеңер да, эмне кылсаңар да, баарын Кудайды даңкташ үчүн кылгыла.

32 Жүйүткө да, эллинге да, Кудайдын Жыйынына да азгырык болбогула.

33 Мен да өз пайдамды эмес, көптөрдүн пайдасын көздөп, куткарылып калышы үчүн, аларга бардык жагынан жагууга аракеттенип жатам.

**11-БӨЛҮМ**

1 Мен Машайактан үлгү алгандай эле, силер да менден үлгү алгыла.

**Башты жабуу жөнүндө**

2 Бир туугандар, силердин мен берген көрсөтмөлөрдү эсиңерден чыгарбай, мен үйрөткөндөй аткарып жүргөнүңөр мактоого арзырлык.

3 Бирок муну билип алышыңарды каалайм: ар бир эркектин башчысы – Машайак, аялдын башчысы – эркек, Машайактын башчысы – Кудай.

4 Баш кийимчен сыйынган же баш кийимчен пайгамбарчылык кылган эркек өз башын өзү уятка калтырат.

5 Жылаңбаш сыйынган же жылаңбаш пайгамбарчылык кылган аял өз башын өзү уятка калтырат, себеби бул чачын кырдырып салууга барабар.

6 Эгерде аял башын жапкысы келбесе, чачын кырктырып салсын. Кырктырып салгандан же кырдырып салгандан уялса, башын жапсын.

7 Эркек башын жаппашы керек, анткени эркек – Кудайдын бейнеси жана даңкы, аял болсо – күйөөсүнүн даңкы.

8 Анткени эркек аял аркылуу эмес, аял эркек аркылуу жаратылган.

9 Эркек аял үчүн эмес, аял эркек үчүн жаратылган.

10 Ошондуктан аял периштелерге өзүнүн бийлик астында экендигин көрсөтүш үчүн, башын жаап жүрүшү керек.

11 Бирок Теңирдин алдында аял эркекке, эркек аялга көз каранды.

12 Анткени аял эркек аркылуу жаратылгандай эле, эркек аялдан төрөлөт, бирок баары Кудайдан.

13 Өзүңөр эле ойлоп көргүлөчү: аялдын Кудайга жылаңбаш сыйынганы адептүүлүккө жатабы?

14 Табият өзү эле айтып жатпайбы: чач өстүрүү эркек үчүн уятсыздык,

15 аял үчүн сыймык, анткени чач аялга жабуу ордуна берилген.

16 Ким бул тууралуу талашып-тартышкысы келсе, билип койсун, бизде да, Кудайдын Жыйындарында да андай адат жок.

**Теңирдин Кечки Тамагы жөнүндө**

17 Чогулганыңардын пайдасынан зыяны көп болгондуктан, төмөндөгү көрсөтмөлөрдү берем. Мен силерди мактай албайм.

18 Биринчиден, Жыйын катары чогулганыңарда, өз ара бөлүнөрүңөрдү уктум. Кандайдыр бир деңгээлде мен буга ишенем.

19 Бирок араңарда ар кандай көз караштар да болушу керек, ошол аркылуу кимдердин ишенимдүү экендиги белгилүү болот.

20 Чогулганыңар менен, Теңирдин Кечки Тамагын жеп-ичүү расмисин туура өткөргөн жоксуңар.

21 Анткени ар ким башканы күтпөй, өз тамагын жей баштайт. Ошентип, бири ачка калса, бири мас болуп калат.

22 Үйүңөрдөн ичип-жесеңер болбойбу? Же Кудайдын Жыйынын барк албай, колунда жокторду басынткыңар барбы? Эмне дейин, силерди ушул үчүн мактайынбы? Жок, мактабайм.

23 Силерге үйрөткөндөрүмдү мен Теңирден алгам. Адамдардын колуна салынып берилер түнү Теңир Ыйса нанды алып,

24 Кудайга ыраазычылык билдирип сыйынгандан кийин, нанды сындырып, мындай деген: «Алгыла, жегиле. Бул Менин силер үчүн сындырылган Денем. Бул нанды Мени эскериш үчүн жегиле».

25 Тамактан кийин чөйчөктү да алып, мындай деген: «Бул чөйчөк – Менин Каным менен бекитиле турган жаңы келишим. Бул шараптан ичкен сайын, Мени эскергиле».

26 Бул нандан жеп, бул чөйчөктөгү шараптан ичкен сайын, Теңир келгенге чейин, силер Анын өлүмү жөнүндө жарыялайсыңар.

27 Ошондуктан ким татыксыз түрдө бул нандан жесе жана Теңирдин чөйчөгүнөн ичсе, ал Теңирдин Денесине жана Канына каршы күнөө кылган болот.

28 Адам адегенде өзүн өзү текшерсин, ошондон кийин гана бул нандан жеп, чөйчөктөгү шараптан ичсин.

29 Ким Теңирдин Денеси жөнүндө ойлонбой, татыксыз түрдө ичип-жесе, ал өзүн өзү айыптуу кылат.

30 Ошондуктан көпчүлүгүңөр алсызсыңар жана оорулуусуңар, араңарда өлгөндөр да аз эмес.

31 Өзүбүздү өзүбүз текшерсек, сотко кабылмак эмеспиз.

32 Бул дүйнө менен бирге соттолбошубуз үчүн, Теңир бизди соттоп, жазалап жатат.

33 Ошондуктан, бир туугандарым, Кечки Тамакка чогулганыңарда, бири-бириңерди күткүлө.

34 Ачка адам үйүнөн тамактансын. Кечки Тамак расмисин өткөрүүңөр сотко кабылууңарга себеп болбогондой болсун. Калганын өзүм барганда чечем.

**12-БӨЛҮМ**

**Рухий жөндөмдүүлүктөр жөнүндө**

1 Бирок, бир туугандар, мен силердин рухий жөндөмдүүлүктөр тууралуу да билишиңерди каалайм.

2 Өзүңөр билесиңер, бутпарас кезиңерде тилсиз буркандарга бирөө жетелеп баргансып барчусуңар.

3 Ошондуктан силерге айтарым: Кудайдын Руху аркылуу сүйлөгөн адам Ыйсага каршы анафема айтпайт жана ал Кудайдын Руху аркылуу гана Ыйсаны «Теңир» дей алат.

4 Рухий жөндөмдүүлүктөр ар түрдүү, бирок Рух бирөө.

5 Кызматтар ар түрдүү, бирок Теңир бирөө.

6 Иштер ар түрдүү, бирок Кудай бирөө, бардыгын кыймылга келтирген – Ал.

7 Бирок Рухтун жөндөмдүүлүгү жалпынын пайдасы үчүн ар бирине берилет.

8 Рух аркылуу бирине акылмандык берилсе, ошол эле Рух аркылуу башка бирине билим берилет.

9 Ошол эле Рух аркылуу бирине ишеним, дагы бирине айыктыруу жөндөмдүүлүгү,

10 бирине ажайып көрсөтүү жөндөмдүүлүгү, бирине пайгамбарчылык кылуу жөндөмдүүлүгү, бирине рухтарды айырмалоо жөндөмдүүлүгү, бирине ар кандай тилдерде сүйлөө жөндөмдүүлүгү, башка бирине ошол тилдерди которуп түшүндүрүп берүү жөндөмдүүлүгү берилет.

11 Мунун баары – ошол эле Рухтун иши. Ал ар бирине Өзү каалагандай жөндөмдүүлүк берет.

**Мүчөлөр көп, дене бирөө**

12 Дене бирөө болгону менен, анын мүчөлөрү көп, баары – бир дененин мүчөлөрү, алар көп болсо да, бир эле денени түзөт. Машайактын Денеси болуп эсептелген Жыйын да көп мүчөлөрдөн турат.

13 Жүйүт да, эллин да, кул да, эркин адам да – баарыбыз бир Рухка, бир денеге чөмүлүп, бир Рухтан ичкенбиз.

14 Дене бир мүчөдөн эмес, көп мүчөдөн турат.

15 Бут: «Мен денеге таандык эмесмин, анткени кол эмесмин», – десе эле, денеге таандык болбой калабы?

16 Кулак: «Мен денеге таандык эмесмин, анткени көз эмесмин», – десе эле, денеге таандык болбой калабы?

17 Дененин баары эле көз болсо, ал кантип угат? Дененин баары эле кулак болсо, ал кантип жыт сезет?

18 Кудай ар бир мүчөнү денеге Өзү каалаганындай кылып жайгаштырган.

19 Эгерде баары бир эле мүчө болсо, дене кантип дене болот?

20 Көп мүчө биригип, бир денени түзөт.

21 Көз колго: «Сенин мага керегиң жок!», баш бутка: «Сенин мага керегиң жок!» – дей албайт.

22 Дененин алсыз көрүнгөн мүчөлөрү көбүрөөк керек.

23 Денебиздеги көрксүз болуп көрүнгөн мүчөлөрүбүзгө өзгөчө кам көрөбүз.

24 Денебиздеги анча маанилүү эмес болуп көрүнгөн мүчөлөрүбүзгө өзгөчө кам көрөбүз, көрксүз мүчөлөрүбүз көрктүү кийим кийишет, ал эми көрктүү мүчөлөрүбүз буга муктаж эмес.

25 Бирок дене мүчөлөрү өз ара бөлүнбөш үчүн, мүчөлөрдүн бардыгы бири-бирине кам көрүш үчүн, Кудай дененин көрксүз мүчөсүн өзгөчө кам көрүлгүдөй кылып жайгаштырган.

26 Ошондуктан бир мүчө азап тартса, аны менен кошо бардык мүчөлөр азап тартышат. Бир мүчө даңкталса, аны менен кошо бардык мүчөлөр кубанышат.

27 Силер Машайактын денесисиңер, өз-өзүнчө алганда, ар бириңер бул дененин мүчөлөрүсүңөр.

28 Кудай Жыйынга, биринчиден, элчилерди; экинчиден, пайгамбарларды; үчүнчүдөн, окутуучуларды дайындады. Калгандарына ажайып көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн, айыктыруу жөндөмдүүлүгүн, жардам берүү жөндөмдүүлүгүн, башкаруу жөндөмдүүлүгүн, ар кандай тилдерде сүйлөө жөндөмдүүлүгүн берди.

29 Баары эле элчиби? Баары эле пайгамбарбы? Баары эле окутуучубу? Баарында эле ажайып көрсөтүү жөндөмдүүлүгү барбы?

30 Баарында эле айыктыруу жөндөмдүүлүгү барбы? Баары эле ар кандай тилдерде сүйлөй алышабы? Баары эле ал тилдерди которо алышабы?

31 Эң жакшы жөндөмдүүлүктөргө умтулгула, ошондо мен силерге мындан да жакшы жолду көрсөтөм.

**13-БӨЛҮМ**

**Сүйүү**

1 Эгерде мен адамдын жана периштенин тили менен сүйлөй алсам, бирок менде сүйүү жок болсо, анда мен зың эткен жезмин же шыңгыраган коңгуроомун.

2 Эгерде мен пайгамбарчылык кылсам, бардык сырларды билсем, толук билимге ээ болсом, тоону ордунан жылдыра ала тургандай ишенимим бар болсо, бирок менде сүйүү жок болсо, анда мен эч ким эмесмин.

3 Эгерде мен мал-мүлкүмдүн баарын таратып берсем, денемди отко таштоого даяр болсом, бирок менде сүйүү жок болсо, мунун баары пайдасыз.

4 Сүйүү чыдамдуу, боорукер, сүйүү көрө албастык кылбайт, мактанбайт, текеберденбейт,

5 адепсиздик кылбайт, өз пайдасын көздөбөйт, ачууланбайт, кек сактабайт,

6 адилетсиздикке кубанбайт, чындыкка кубанат,

7 баарын жаап коёт, баарына ишенет, баарынан үмүт үзбөйт, баарын көтөрөт.

8 Сүйүү эч качан токтобойт. Пайгамбарчылык айтылбай калат, тилдер сүйлөнбөй калат, билимдин кереги жок болуп калат.

9 Анткени биздин билимибиз чектелүү, пайгамбарчылыгыбыз да чектелүү.

10 Жеткилеңдүүлүктүн убагы келгенде, чектелүү нерселер жок болот.

11 Бала кезимде жаш балача сүйлөп, жаш балача ойлонуп, жаш балача ой жүгүртчүмүн. Эр жеткенде балалык көз караштарымды калтырдым.

12 Азыр биз күңүрт күзгүдөн көргөнсүп, даана көрө албай жатабыз, кийин болсо даана көрөбүз. Азыр менин билимим чектелүү, Теңир мени кандай билсе, кийин мен баарын ошондой билип алам.

13 Ал эми азыр үчөө бар: ишеним, үмүт, сүйүү. Бирок сүйүү баарынан жогору.

**14-БӨЛҮМ**

**Ар кандай тилдерде сүйлөө жана пайгамбарчылык кылуу**

1 Сүйүүгө жетүүгө аракеттенгиле, рухий жөндөмдүүлүктөргө, айрыкча пайгамбарчылык кылууга, умтулгула.

2 Ар кандай тилдерде сүйлөгөн адам адамдарга эмес, Кудайга сүйлөп жатат. Анткени аны эч ким түшүнгөн жок, ал сырларды руху менен айтып жатат.

3 Ал эми пайгамбарчылык кылган адам бекемдейт, акыл-насаат айтат, сооротот.

4 Ар кандай тилдерде сүйлөгөн адам өзүн бекемдейт, ал эми пайгамбарчылык кылган адам Жыйынды бекемдейт.

5 Ар кандай тилдерде баарыңардын эле сүйлөшүңөрдү каалайм, бирок ага караганда пайгамбарчылык кылганыңар жакшы. Ар кандай тилдерде сүйлөгөнгө караганда, пайгамбарчылык кылган жакшы. Сүйлөгөнүн которуп түшүндүрүп бербесе, Жыйындын бекемделиши үчүн, пайгамбарчылык кылганы жакшы.

6 Бир туугандар, мен силерге барып алып, ар кандай тилдерде сүйлөсөм, бирок менин айткандарымдан же ачылыш албасаңар, же бир нерсени таанып билбесеңер, же пайгамбарчылык укпасаңар, же насаат албасаңар, мен силерге кандай пайда келтирген болом?

7 Үн чыгарган чоор же гусли сыяктуу жансыз буюмдардын ар бири ар башка үн чыгарбаса, алардын үнүн кантип ажыратмак элек?

8 Сурнай белгисиз эле бир үн чыгарып жатса, согушка ким даярданмак эле?

9 Ошол сыяктуу эле, эгерде силер түшүнүксүз сөздөрдү сүйлөп жатсаңар, эмнени айтып жатканыңарды кантип билишет? Сүйлөгөнүңөр ооздун жели эле болуп калат.

10 Дүйнөдө ар кандай сөздөр бар, ар бир сөздүн мааниси бар.

11 Эгерде мен сүйлөп жаткан адамдын сөзүнүн маанисин түшүнбөсөм, мен ал адам үчүн чет өлкөлүкмүн, ал адам мен үчүн чет өлкөлүк.

12 Бул рухий жөндөмдүүлүктөргө умтулуп жаткан силерге да тиешелүү. Жыйындын бекемделиши үчүн, жөндөмдүүлүктөргө бай болууга аракет кылгыла.

13 Ошондуктан ар кандай тилдерде сыйынган адам которуп берүү жөндөмдүүлүгүн да сурап сыйынсын.

14 Анткени ар кандай тилдерде сыйынып жатканда, рухум сыйынганы менен, акылым жемишсиз калат.

15 Анда эмне кылыш керек? Рухум менен да сыйынам, акылым менен да сыйынам. Рухум менен да ырдайм, акылым менен да ырдайм.

16 Эгерде сен рухуң менен Кудайга ыраазычылык билдирип жатсаң, эмнени айтып жатканыңды түшүнбөгөн адам сен ыраазычылык билдирип сыйынгандан кийин, кантип «Оомийин» демек эле? Анткени ал сенин эмнени айтканыңды түшүнгөн жок.

17 Сен Кудайга канчалык жакшы ыраазычылык билдирсең да, бул аркылуу башка бирөөнүн ишеними бекемделбейт.

18 Кудайга ыраазымын, ар кандай тилдерде мен баарыңардан көбүрөөк сүйлөйм.

19 Бирок Жыйында ар кандай тилдерде көп сөз айткыча, башкалар насаат алышы үчүн, акылым менен беш сөз айтканым жакшы.

20 Бир туугандар, акылыңар жаш баланыкындай болбосун. Жамандыкка карата жаш баладай болгула, бирок акылыңар жетик болсун.

21 Мыйзамда мындай деп жазылган: «“Бул элге башка тилдер менен башкалардын оозу аркылуу сүйлөсөм да, булар Мени угушпайт”, – дейт Теңир».

22 Ошентип, ар кандай тилдерде сүйлөө – Теңирге ишенгендер үчүн эмес, Теңирге ишенбегендер үчүн жышаан. Пайгамбарчылык кылуу – Теңирге ишенбегендер үчүн эмес, Теңирге ишенгендер үчүн жышаан.

23 Жыйындагылардын баары чогулуп алып, ар кандай тилдерде сүйлөп жатышканда, муну билбеген же Теңирге ишенбеген адам келип калса, «Буларга жин тийгенби» дебес бекен?

24 Баарыңар пайгамбарчылык кылып жатканыңарда, араңарга Теңирге ишенбеген же муну билбеген адам келсе, ал силер аркылуу ашкереленет, соттолот.

25 Анын жүрөгүндөгү жашыруун ойлору ачыкка чыгат. Ошондо ал жүзтөмөндөп жыгылып: «Кудай, чын эле, силер менен экен», – деп, Кудайга таазим кылат.

26 Бир туугандар, чогулганыңарда рухий ырлардан ырдайсыңар, насаат айтасыңар, алган ачылышыңар менен бөлүшөсүңөр, ар кандай тилдерде сүйлөйсүңөр, аны которуп түшүндүрүп бересиңер, бирок мунун баары Жыйындын бекемделиши үчүн болсун.

27 Кимдер ар кандай тилдерде сүйлөсө, алардын экөөсү, ашып кетсе үчөөсү кезектешип, биринин артынан бири сүйлөсүн, бири аны которуп түшүндүрүп берсин.

28 Эгерде которуп түшүндүрүп берүүчү адам жок болсо, ал Жыйында унчукпай эле койсун, өзү үчүн сүйлөсүн, Кудайга сүйлөсүн.

29 Ошондой эле эки же үч пайгамбар сүйлөсүн, угуп отургандар алардын айткандары жөнүндө ойлонушсун.

30 Эгерде угуп отургандардын бири ошол убакта ачылыш алса, сүйлөп жаткан адам ачылыш алган адамга сөз берсин.

31 Баарыңар үйрөнүп, баарыңар соороно алышыңар үчүн, кезек менен пайгамбарчылык кылсаңар болот.

32 Пайгамбарчылык руху пайгамбарларды угат.

33 Анткени Кудай тартипсиздикти эмес, тынчтыкты каалайт.

34 Ыйыктардын бардык Жыйындарындагыдай эле Жыйында аялдарыңар унчугушпасын, анткени аларга сүйлөөгө уруксат берилген эмес. Алар мыйзамда айтылгандай баш ийишсин.

35 Эгерде алар бир нерсени үйрөнгүсү келсе, үйүнө барганда, күйөөсүнөн сурап алсын. Аял кишинин Жыйында сүйлөгөнү уят.

36 Кудай Сөзү силерден чыкты беле? Кудай Сөзү жалгыз силерге жетти беле?

37 Ким өзүн пайгамбармын же рухий адаммын деп эсептесе, силерге жазгандарым Теңирдин осуяты экендигин билип койсун.

38 Билгиси келбеген адам билбей эле койсун.

39 Ошентип, бир туугандарым, пайгамбарчылык кылууга умтулгула, бирок ар кандай тилдерде сүйлөөгө тыюу салбагыла.

40 Бирок баары өз орду, өз тартиби менен болсун.

**15-БӨЛҮМ**

**Машайактын тирилүүсү**

1 Бир туугандар, мен силерге тараткан Жакшы Кабарды эсиңерге салайын. Силер аны кабыл алып, ага бекем ишенип калдыңар.

2 Эгерде ага мен айткандай ишенсеңер, ал аркылуу куткарыласыңар, болбосо ишенгениңердин пайдасы жок.

3 Адегенде өзүм кабыл алып, анан силерге жеткирген кабарым бул: Ыйык Жазууда жазылгандай, Машайак биздин күнөөлөрүбүз үчүн өлдү,

4 көргө коюлду жана Ыйык Жазууда жазылгандай, үчүнчү күнү тирилди.

5 Ал Кейфага, кийин он эки шакиртине көрүндү.

6 Андан кийин бир эле убакта беш жүздөн ашуун бир тууганыбызга көрүндү. Алардын көпчүлүгү азыркы күнгө чейин тирүү, айрымдарынын көзү өтүп кетти.

7 Андан кийин Жакыпка жана башка элчилерге көрүндү.

8 Акырында ай-күнүнө жетпей төрөлгөн балага окшогон мага да көрүндү.

9 Мен элчилердин эң кичинесимин, атүгүл, элчи деп аталууга да татыксызмын. Анткени мен Теңирдин Жыйынын куугунтуктачумун.

10 Бирок Кудайдын ырайымы менен азыр ким болсом, ошолмун. Анын мага кылган ырайымы текке кеткен жок, мен баарынан көп кызмат кылдым. Дегинкиси, мен эмес, Кудайдын мендеги ырайымы кызмат кылды.

11 Ошентип, мен да, алар да тараткан, силер ишенген Жакшы Кабар ушул.

**Өлгөндөрдүн тирилүүсү**

12 Машайактын өлгөндөрдүн арасынан тирилгендиги жарыяланып жатса, кээ бирөөлөрүңөрдүн: «Өлгөндөр тирилишпейт», – дегени кандай?

13 Эгерде өлгөндөр тирилишпесе, анда Машайак да тирилген жок.

14 Эгерде Машайак тирилген эмес болсо, анда биздин Жакшы Кабар таратканыбыздын да, силердин ишенимиңердин да пайдасы жок.

15 Эгерде өлгөндөр чын эле тирилишпесе, ал эми биз Машайакты Кудай тирилтти деп жатсак, анда Кудайга каршы жалган күбөлүк кылган болор элек.

16 Эгерде өлгөндөр тирилишпесе, анда Машайак да тирилген жок.

17 Эгерде Машайак тирилген эмес болсо, анда силердин ишенимиңердин пайдасы жок: күнөөлөрүңөр дагы деле өз мойнуңарда.

18 Анда Машайакка ишенип жүрүп көз жумгандар да тирилишпейт.

19 Эгерде Ыйсага ушул жашоодо гана үмүттөнүп жатсак, анда биз эң бактысыз адамдарбыз.

20 Бирок Машайак өлгөндөрдүн арасынан биринчи болуп тирилди.

21 Өлүм бир адам аркылуу келген сыяктуу эле, өлгөндөр бир Адам аркылуу тирилишет.

22 Адам атанын айынан баары өлүштү, ал эми Машайак аркылуу баары тирилишет.

23 Ар бири өз кезеги менен тирилет: адегенде Машайак, Машайак келгенде, машайакчылар тирилишет.

24 Машайак бардык бийликти, үстөмдүк кылуучулукту жана күчтү жоюп, Падышачылыкты Кудай Атага өткөрүп бергенден кийин, баарынын акыры келет.

25 Анткени Ал бардык душмандарын Өзүнүн бут алдына жыкканга чейин бийлик жүргүзүүгө тийиш.

26 Өлүм акыркы душман катары жок болот.

27 Себеби Кудай бардыгын Машайактын бут алдына жыкты. Албетте, бардыгынын ичине бардыгын Ага багындырып берген Кудай кирбейт.

28 Бардыгы Уулга багындырылып берилгенден кийин, Уул Өзү да бардыгын багындырып берген Кудайга баш иет. Ошентип, Кудай бардык бийликти Өз колуна алат.

29 Өлгөндөр үчүн чөмүлдүрүлүп жаткандар эмне кылып жатышат? Эгерде өлгөн адамдар эч качан тирилишпесе, анда эмнеге өлгөндөр үчүн да чөмүлдүрүлүп жатышат?

30 Биз да эмнеге саат сайын өзүбүздү кыйынчылыктарга туш кылып жатабыз?

31 Мен күн сайын өлүмгө баш байлап жатам. Бир туугандар, Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу мен ээ болгон силердин мактооңор буга күбө.

32 Адамдык көз караш менен айтайын, өлгөндөр тирилишпесе, Эфестеги жырткычтар менен күрөшүп, өз өмүрүмдү тобокелге салып эмне кылам? «Анда ичип-жейли, баары бир өлөбүз да».

33 Алданбагыла, акылсыз адамдар менен достошкон адам бузулат.

34 Эсиңерге келгиле, күнөө кылганды токтоткула. Уяткарыш үчүн айтайын, айрымдарыңар Кудайды али тааный элексиңер.

**Тирилгенден кийинки жаңы дене**

35 Бирок кимдир бирөө: «Өлгөндөр кантип тирилишет? Алардын тирилгенден кийинки денеси кандай болот?» – дейт чыгар.

36 Акылсыз! Сепкен уругуң өлбөсө, өнүп чыкпайт.

37 Буудай себесиңби, башканы себесиңби, сен өсүмдүктүн өзүн эмес, уругун эле себесиң.

38 Кудай ар бир өсүмдүккө Өзү каалагандай түр берет, ар бир уруктун денеси ар башка болот.

39 Денелердин баары бирдей эмес: адамдын, малдын, канаттуунун, балыктын денеси бири-биринен айырмалуу.

40 Асмандагылардын денелери бар, жердегилердин денелери бар. Асмандагылардын денелеринин даңкы башка, жердегилердин денелеринин даңкы башка.

41 Күндүн көркү башка, ай-жылдыздардын көркү башка. Көркү жагынан жылдыздар бири-биринен айырмаланышат.

42 Өлгөндөрдүн тирилүүсү да ушундай болот: топуракка көмүлгөн дене чирийт, тирилген дене эч качан чирибейт.

43 Себилген нерсе барксыз, тирилген нерсе барктуу. Себилген нерсе алсыз, тирилген нерсе күчтүү.

44 Себилгени – табигый дене, тирилгени – рухий дене. Табигый дене бар, рухий дене бар.

45 Тооратта мындай деп жазылган: «Ошентип, биринчи адам – Адам ата тирүү жан болуп калды». Ал эми акыркы Адам – өмүр берүүчү рух.

46 Адегенде табигый адам, андан кийин рухий Адам келди.

47 Топурактан жаратылган биринчи адам жерден, экинчи Адам асмандан келди.

48 Жердеги адам кандай болсо, жердегилер да ошондой. Асмандан келген Адам кандай болсо, асмандагылар да ошондой.

49 Азыр жердеги адамдын бейнесин алып жүрөбүз, кийин асмандан келген Адамдын бейнесин алабыз.

50 Бир туугандарым, айтайын дегеним бул: бул дене Кудайдын Падышачылыгын мурастай албайт. Чирип калчу нерсе чирибес нерсени мурастай албайт.

51 Силерге бир жашыруун сыр айтайын: баарыбыз эле өлбөйбүз, бирок баарыбыз өзгөрүлөбүз.

52 Акыркы сурнай тартылганда, көз ачып-жумгуча өзгөрүлөбүз. Сурнай тартылганда, өлгөндөр чирибес болуп тирилишет, биз болсо өзгөрүлөбүз.

53 Анткени чирип калчу бул дене чирибес болот, өлүп калчу бул дене өлбөс болот.

54 Чирип калчу бул денебиз чирибес болгондо, өлүп калчу бул денебиз өлбөс болгондо, «Өлүм жеңилди, жок болду» деген сөз аткарылат.

55 «Өлүм! Сенин уу тишиң кайда? Өлгөндөр жаткан жай! Сенин жеңишиң кайда?»

56 Өлүмдүн уу тиши – күнөө, ал эми күнөөнүн күчү – мыйзам.

57 Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу бизге жеңиш берген Кудайга ыраазыбыз!

58 Ошондуктан, сүйүктүү бир туугандарым, бекем болгула, туруктуу болгула. Теңирдин ишин ар дайым жан-дилиңер менен кылгыла, анткени Теңир үчүн кылган эмгегиңер текке кетпестигин билесиңер.

**16-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдеги Жыйынга көрсөтүлгөн жардам**

1 Ыйыктар үчүн чогултулчу жардам жөнүндө айтарым: Галатиядагы Жыйындарга берген көрсөтмөмдү колдонгула.

2 Мен барганда чогултуп жүрбөшүңөр үчүн, ар жуманын биринчи күнү ар бириңер шартыңарга жараша колуңардан келгенин чогултуп коюп жүргүлө.

3 Барганымда, өзүңөр тандаган адамдарды кат менен Иерусалимге жөнөтөм. Алар чогулткандарыңарды Иерусалимге жеткирип барышат.

4 Эгерде менин да барышым керек болсо, алар мени менен барышат.

5 Адегенде Македонияга барып, андан ары силерге барам.

6 Араңарда бир аз убакыт туруп калат окшойм, атүгүл, кыштап калышым да ыктымал. Кийин силер мени бара турган жагыма узатып коёрсуңар.

7 Мен силерге тийип эле кетким келген жок. Кудай буюрса, силер менен көп убакыт бирге болоюн деген оюм бар.

8 Элүүнчү күн майрамына чейин Эфесте болом.

9 Анткени мен үчүн эшик кенен ачылды, бирок каршылашкандар да көп.

10 Эгерде силерге Тиметей барса, өмүрүнө коркунуч туулбагыдай болсун. Анткени ал да мага окшоп, Теңирдин ишин кылып жатат.

11 Аны тоотпой койбогула. Силер аны тынчтык менен узатып койгула, биз аны бир туугандар болуп күтүп жатабыз.

12 Аполос бир тууганыбыздан бир туугандар менен бирге силерге баруусун абдан өтүндүм. Бирок ал азыр барууну каалаган жок, ыңгайы келгенде барат.

13 Сергек болгула, ишенимиңерди бек туткула, бекем болгула, кайраттуу болгула.

14 Бардык ишти сүйүү менен кылгыла.

15 Ахая жеринде Теңирге биринчилерден болуп ишенген, өздөрүн ыйыктарга кызмат кылууга арнаган Степандын үй-бүлөсүн билесиңер.

16 Бир туугандарым, силерден өтүнөрүм, мындай адамдарды сыйлагыла. Силерге жардам көрсөтүп, силер менен чогуу эмгектенген адамдардын баарын сыйлагыла.

17 Степандын, Портунаттын жана Ахайиктин келгенине аябай кубандым, анткени алар силерди жоктотушкан жок.

18 Алар мени да, силерди да тынчтандырып коюшту, мындай адамдарды сыйлагыла.

19 Асиядагы Жыйындар силерге салам айтып жатышат. Теңир жолунда жүргөн Акила менен Прискила да өздөрүнүн үйүндө чогулган Жыйын менен бирге силерге ысык салам айтып жатышат.

20 Бардык бир туугандар силерге салам айтып жатышат. Ыйык өбүшүү менен саламдашкыла.

21 Мен, Пабыл, саламымды өз колум менен жаздым.

22 Теңирибиз Ыйса Машайакты сүйбөгөн адамга анафема! Маранафа!1

23 Теңирибиз Ыйса Машайак силерге ырайымын төгө берсин!

24 Мен баарыңарды Машайак Ыйсанын сүйүүсү менен сүйөм. Оомийин.

**КОРУНТТУКТАРГА ЖАЗЫЛГАН ЭКИНЧИ КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Кудайдын каалоосу менен Ыйса Машайактын элчиси болууга чакырылган Пабылдан жана бир тууганыбыз Тиметейден Кудайдын Корунт шаарындагы Жыйынына жана Ахаядагы бардык ыйыктарга салам!

2 Кудай Атабыз жана Теңирибиз Ыйса Машайак силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин.

**Кудай – сооронуунун булагы**

3 Теңирибиз Ыйса Машайактын Кудайы жана Атасы, боорукердиктин жана сооронуунун булагы болгон Кудай Ата мактalсын!

4 Кудай бизди соороткондой эле, ар кандай кыйынчылыктарды башынан кечирип жаткандарды соорото алышыбыз үчүн, Ал бизди бардык кыйынчылыктарыбызда сооротуп жатат.

5 Машайак жолунда биз азапты канчалык көп тарткан сайын, Машайак аркылуу ошончолук сооронуп жатабыз.

6 Эгерде кайгырып жатсак, силердин сооронушуңар үчүн жана куткарылышыңар үчүн кайгырып жатабыз. Эгерде сооронуп жатсак, силердин сооронушуңар үчүн сооронуп жатабыз. Анткени бул сооронуу биз сыяктуу эле кыйынчылыктарды башынан өткөрүп жаткан силерге да кыйынчылыктарды чыдамкайлык менен көтөрүүгө жардам берет.

7 Биздин силерден үмүтүбүз чоң, анткени биз сыяктуу эле силер да кыйынчылыктарды башыңардан өткөрүп жатканыңарды, биз сыяктуу эле сооронуп жатканыңарды билебиз.

8 Бир туугандар, Асия жеринде башыбызга түшкөн кыйынчылык жөнүндө билишиңерди каалайм. Өтө оор, адам чыдагыс кыйынчылыкка туш болгон элек, тирүү каларыбызга да үмүттөнбөй калганбыз.

9 Өзүбүздү өлүм жазасына өкүм кылынган адамдардай сезген элек. Бул кыйынчылык өзүбүзгө таянбай, өлгөндөрдү тирилткен Кудайга таянышыбыз үчүн болду.

10 Ал бизди өлүм коркунучунан куткарып алды, куткарып жатат, дагы да куткарат деп, биз Андан үмүттөнөбүз.

11 Силердин да биз үчүн сыйынганыңар боюнча, көптөрдүн арачылык кылып сыйынганы боюнча Кудай бизге ырайым кылгандыгы үчүн, көптөр Кудайга ыраазычылык билдиришет.

**Пабылдын пландарынын өзгөрүшү**

12 Дүйнөдө, айрыкча, силердин араңарда биз адамдык акылмандуулук менен эмес, Кудайдын ырайымы, Кудайдан келген ыйыктык, тазалык менен жашаганыбызга абийирибиз күбө. Бул биздин мактанычыбыз.

13 Биздин силерге жазганыбыз силер окуп түшүнө албагыдай нерсе эмес, бизди толук түшүнөсүңөр деп үмүттөнөм.

14 Теңирибиз Ыйса Машайак келген күнү биз силердин мактанычыңар болорубузду, силер биздин мактанычыбыз болоруңарды силер азыр кандайдыр бир деңгээлде түшүнүп калдыңар.

15 Буга мен бекем ишенгендиктен, эки ирет батага ээ болушуңар үчүн,

16 Македонияга бара жатып да, ал жактан келе жатып да силерге тие кетейин деп ойлогом. Силер мени Жүйүт аймагына узатып коймоксуңар.

17 Ушундай максатты алдыма койгонум жеңил ойлуулукпу? Же эмне, мен адамдык акыл менен чечим чыгарып, бир туруп «ооба», бир туруп «жок» деп жатыптырмынбы?

18 Кудай ишенимдүү, биз силерге бир туруп «ооба», бир туруп «жок» дечү эмеспиз.

19 Мен, Сылас жана Тиметей аркылуу араңарда жарыяланган Кудай Уулу Ыйса Машайак бир туруп «ооба», бир туруп «жок» болгон эмес, Анда «ооба» гана болгон.

20 Кудайдын бардык убадалары Машайак аркылуу «ооба». Ошол себептүү Кудай даңкталыш үчүн Машайак аркылуу Кудайга «Оомийин» дейбиз.

21 Машайак аркылуу силерди да, бизди да бекемдеген жана бизди майлаган – Кудай.

22 Мөөрүн басып, жүрөгүбүзгө Рухту аманат кылып салып берген да – Ал.

23 Кудайды күбөгө тартам, Корунтка кайра келбегенимдин себеби: силерди аядым.

24 Биз силердин ишенимиңердин үстүнөн бийлик кылып жаткан жокпуз, тескерисинче, силердин кубанышыңарга өбөлгө түзүп жатабыз, анткени силердин ишенимиңер бекем.

**2-БӨЛҮМ**

1 Ошондуктан мен дагы барып силерди капалантпаш үчүн, келбей эле коёюн деп чечтим.

2 Эгерде мен силерди капа кылган болсом, капа болуп калган силерден башка мени ким кубантат?

3 Барганымда, мени кубантчу адамдар мени капалантышпагандай болсун деп, буларды жаздым. Менин кубанычым жалпыңардын кубанычыңар болот деп, бекем ишенем.

4 Силерди капа кылыш үчүн эмес, менин силерге болгон терең сүйүүмдү сезишиңер үчүн, кайгыга батып, жүрөгүм сыздап, көз жашымды төгүп жаздым.

**Күнөөсү үчүн кечирим сураган адамды кечирүү**

5 Эгерде кимдир бирөө мени капа кылса, мени эмес, кандайдыр бир деңгээлде (ашыра айтпайын) баарыңарды капа кылды.

6 Мындай адамга көпчүлүктүн бул жазасы жетиштүү.

7 Кайгыга чөгүп мүңкүрөп калбашы үчүн, ал адамды кечирип, сооротконуңар жакшы.

8 Ошондуктан ага сүйүү менен мамиле кылууңарды суранам.

9 Мен муну силерге бардык учурда эле тил алар-албасыңарды иш жүзүндө көрүш үчүн жаздым.

10 Кимди кечирсеңер, мен да аны кечирем. Эгерде мен бирөөнү кечирсем, силер үчүн Машайактын атынан кечирдим.

11 Шайтан бизге зыян келтирбеши үчүн кечирдим. Анткени анын арам ойлору бизге белгилүү.

12 Машайактын Жакшы Кабарын таратыш үчүн, Троаска келгенимде, Теңир аркылуу бул жерде Жакшы Кабар таратуу үчүн, эшик ачык болгонуна карабастан, рухум тынчтана албады.

13 Анткени мен бир тууганым Титти ал жерден таппай койдум. Алар менен коштошуп, Македонияга жөнөп кеттим.

**Машайак жолундагы жеңиш**

14 Машайак аркылуу бизге ар дайым жеңиш берген жана Өзүн таанып билүүнүн жагымдуу жытын ар кайсы жерде биз аркылуу таратып жаткан Кудайга ыраазыбыз!

15 Анткени Кудай үчүн биз куткарыла тургандардын арасында да, өлүмгө бара жаткандардын арасында да Машайактын жагымдуу жытыбыз.

16 Бирөөлөр үчүн өлүм алып келген өлүм жыты болсок, башка бирөөлөр үчүн өмүр алып келген өмүр жытыбыз. Андай болсо бул ишке ким жөндөмдүү?

17 Биз көптөргө окшоп Кудайдын Сөзүн бурмалабайбыз. Кудай Сөзүн Кудайдан келген Сөз катары, Кудай алдында, Машайак менен тыгыз байланышта болуп, чын жүрөктөн айтабыз.

**3-БӨЛҮМ**

**Элчилер – Жаңы Келишимдин кызматчылары**

1 Чыны менен эле, биз өзүбүздү силерге кайрадан тааныштырышыбыз керекпи? Чыны менен эле, биз кээ бирөөлөр сыяктуу силерге мактоо катын жазганга же силерден ошондой кат алганга муктажбызбы?

2 Жүрөгүбүзгө жазылган, бардык адамдар таанышып да, окуп да жаткан биздин катыбыз силерсиңер.

3 Силер биздин кызматыбыз аркылуу сыя менен эмес, тирүү Кудайдын Руху менен, таш лоокторго эмес, жүрөктүн эт лоокторуна жазылган Машайактын каты экендигиңерди өзүңөр эле көрсөтүп жатасыңар.

4 Биз Кудайдын алдында Машайак аркылуу ушундай ишенимге ээ болдук.

5 Биз өзүбүз бир нерсе жөнүндө ойлонууга жөндөмдүү эмеспиз, биздин жөндөмдүүлүгүбүз Кудайдан.

6 Ал бизге Жаңы Келишимдин кызматчылары болууга жөндөмдүүлүк берди. Бул кызмат болсо – мыйзам тамгасына эмес, Рухка негизделген кызмат. Анткени мыйзам тамгасы өлтүрөт, ал эми Рух өмүр берет.

7 Мусанын жүзүнөн өчө турган нур чачырап тургандыктан, Ысрайыл уулдары анын жүзүн карай алышкан эмес. Ташка чегилип жазылган, өлүм алып келүүчү мыйзам тамгасынын кызматы ушундай даңктуу болсо,

8 Рухтун кызматы андан бетер даңктуу.

9 Адамды айыптоо кызматы даңктуу болсо, адамды актоо кызматы андан бетер даңктуу.

10 Азыр даңкталып жаткан кызмат менен салыштырганда, мурун даңкталган кызмат даңктуу болбой калат.

11 Анткени өтүп кетчү кызмат даңктуу болгон болсо, азыркы кызмат андан бетер даңктуу.

12 Ушундай үмүтүбүз бар болгондуктан, кайраттуулук менен кызмат кылып жатабыз.

13 Жүзүндөгү нурдун өчүп бара жатканын Ысрайыл уулдары көрбөсүн деп, жүзүнө жабуу жаап алган Мусадай эмеспиз.

14 Бирок Ысрайыл уулдарынын акылы караңгыланып калган. Анткени Байыркы Келишимди окуп жаткан алардан ошол жабуу ушул күнгө чейин алынбай турат. Ал жабууну Машайак гана алып сала алат.

15 Муса пайгамбардын китептерин окуп жатышкан алардын жүрөктөрүндө ушул күнгө чейин жабуу бар.

16 Бирок Теңирге кайрылышканда, ал жабуу алынат.

17 Теңир – Рух, Теңирдин Руху болгон жерде – эркиндик.

18 Биз баарыбыз жабуусуз жүзүбүз менен Теңирдин даңкын чагылдырып турабыз. Биз Ага окшошкон сайын, бир даңктан бир даңкка өтүп, өзгөрүлүп жатабыз. Бул Теңирдин Руху аркылуу болуп жатат.

**4-БӨЛҮМ**

**Чопо идиштердеги кенч**

1 Бул кызмат бизге Теңирдин ырайымы менен берилгендиктен, көңүлүбүздү чөгөрбөйбүз.

2 Жашыруун жана ыпылас иштерди кылуудан качабыз, кууланбайбыз, Кудай Сөзүн бурмалабайбыз. Тескерисинче, чындыкты ачык жарыялап, Кудай алдында өзүбүздү ар бир адамдын абийирине коёбуз.

3 Биз жарыялаган Жакшы Кабар жабык болсо, ал өлүмгө бара жаткандар үчүн жабык.

4 Кудайдын бейнеси болгон Машайактын даңкын жарыялаган Жакшы Кабардын жарыгын көрүшпөсү үчүн, бул дүйнөнүн төрөсү ишенбегендердин акылын караңгылатып койгон.

5 Биз өзүбүздү жарыялап жаткан жокпуз. Машайак Ыйсаны Теңир деп, өзүбүздү болсо Ыйса үчүн силердин кулдарыңарбыз деп жарыялап жатабыз.

6 Караңгылыкта жарык жаркырасын деп буйруган Кудай Өзүнүн даңкын Ыйса Машайак аркылуу бизге көрсөтүш үчүн, жүрөгүбүздү жарык кылды.

7 Бирок кудуреттүү күч биздики эмес, Кудайдыкы болуп эсептелиш үчүн, ушул кенчти биз чопо идиштерде сактап жүрөбүз.

8 Биз бардык тараптан кысымга алынып жатабыз, бирок өзүбүздү кысымга алынгандай сезбейбиз. Биз үмүтсүз абалдабыз, бирок үмүтүбүздү үзбөйбүз.

9 Бизди кубалап жатышат, бирок кароосуз калган жокпуз. Бизди кыйнап жатышат, бирок өлгөн жокпуз.

10 Ыйсанын өмүрү денебизде көрүнүшү үчүн, Теңир Ыйсанын өлүмүн ар дайым денебизде алып жүрөбүз.

11 Анткени биз, тирүүлөр, өлө турган денебизде Ыйсанын өмүрү көрүнүшү үчүн, Ыйса үчүн ар дайым өлүмгө баш коюп жатабыз.

12 Ошентип, биз өлүмгө баш коюп жатабыз, силер болсо өмүргө ээ болуп жатасыңар.

13 Забурда: «Мен ишенгем, ошондуктан сүйлөдүм», – деп жазылган. Ошол эле ишеним рухуна ээ болгон биз да ишенебиз, ошондуктан сүйлөп жатабыз.

14 Анткени биз Ыйса Теңирди тирилткен Кудай Ыйса менен бирге бизди да тирилтерин, Өзүнүн алдына силер менен кошо бизди да алып келерин билебиз.

15 Мунун баары силер үчүн, артыгы менен көрсөтүлгөн ырайым көптөрдүн ыраазычылык билдирүүсүн арттыруу үчүн жана Кудай даңкталышы үчүн болуп жатат.

16 Ошондуктан биз көңүлүбүздү чөгөрбөйбүз. Сырткы адам карып бара жатса да, ички адам күндөн-күнгө жаңыланууда.

17 Башыбыздан өткөрүп жаткан убактылуу, анча оор эмес кыйынчылыктарыбыз түбөлүктүү даңкты эбегейсиз көп жаратат.

18 Анткени биз көрүнгөн нерсеге эмес, көрүнбөгөн нерсеге назар салабыз. Көрүнгөн нерсе убактылуу, көрүнбөгөн нерсе болсо түбөлүктүү.

**5-БӨЛҮМ**

**Бардык адамдар Машайактын сотуна тартылышат**

1 Жердеги үйүбүз, бул чатырыбыз, кыйрагандан кийин, Кудай бизге асмандан адамдын колу менен жасалбаган иморатты, түбөлүк үйдү, берерин билебиз.

2 Ошон үчүн асмандагы үйүбүздү кийүүнү каалап, улутунуп жатабыз.

3 Кийимчен туруп, жылаңач деп табылып калбасак эле болду.

4 Бул чатырыбызда турганыбызда кыйналып, үшкүрүнүп жатабыз. Анткени өлө турган нерсенин бардыгынын үстүнөн өмүр жеңишке жетиши үчүн, биз жылаңач болууну эмес, кийимчен болууну каалайбыз.

5 Кудай бизди ошого даярдаган жана бизге Рухту аманат кылып берген.

6 Ошондуктан ар дайым кайраттуубуз, бул денебизде жашап жатканыбызда, Теңирден алыс экенибизди билебиз.

7 Анткени биз көргөнүбүз боюнча эмес, ишенимибиз менен жашап жатабыз.

8 Ошондуктан биз кайраттуубуз, денеден чыгып, Теңирдин жанына барууну артык көрөбүз.

9 Денебизде жашап жатсак да, денебизден чыгып кете турган болсок да, Теңирге жагууга аракеттенип жатабыз.

10 Анткени денеде жашап жүргөндө кылган жаман же жакшы иштерибизге жараша тиешебизди алуу үчүн, баарыбыз Машайактын сот тактысынын алдына келишибиз керек.

11 Ошентип, Кудайдан коркуу деген эмне экенин билгендиктен, адамдарды ынандырууга аракеттенип жатабыз. Кудай алдында ачыкпыз, силердин абийириңердин алдында да ачыкпыз деп ойлойм.

12 Биз өзүбүздү силерге кайрадан тааныштырып жаткан жокпуз. Жүрөгү менен эмес, сырткы көрүнүшү менен мактангандарга жооп бере алгыдай болушуңар үчүн, биз менен мактана алгыдай мүмкүнчүлүк берип жатабыз.

13 Эгерде өзүбүздү кармай албай калып жатсак, анда Кудай үчүн ошентип жатабыз. Эгерде өзүбүздү токтоо алып жүрсөк, анда силер үчүн ошентип жатабыз.

14 Анткени Машайактын сүйүүсү: «Бирөө бардыгы үчүн өлдү, демек, бардыгы өлүштү», – деп ойлогон бизди ошентүүгө милдеттендирет.

15 Жашап жаткандар эми өздөрү үчүн эмес, өздөрү үчүн өлгөн жана кайра тирилген Машайак үчүн жашашы үчүн, Машайак бардыгы үчүн өлгөн.

16 Ошондуктан биз мындан ары эч кимди сырткы көрүнүшү боюнча баалабайбыз. Биз мурун Машайакты сырткы көрүнүшү боюнча адам катары бааласак да, азыр андай баалабайбыз.

17 Ошентип, ким Машайактын ичинде болсо, ал – жаңы адам. Мурункунун баары өтүп кетти, азыр баары жаңы болду.

18 Мунун баары Кудайдан, Кудай Машайак аркылуу бизди Өзү менен элдештирди жана бизге элдештирүү кызматын берди.

19 Анткени Кудай Машайактын ичинде дүйнөнү Өзү менен элдештирди, адамдардын күнөөлөрүн эске алган жок. Бизге болсо Кудай менен элдешүү жөнүндөгү сөздү жарыялоону тапшырды.

20 Ошентип, биз Машайактын атынан келген элчилербиз, Кудай Өзү биз аркылуу адамдарга кайрылып жатат. Машайактын атынан суранабыз: Кудай менен элдешкиле.

21 Машайак аркылуу Өзүнүн алдында бизди адилеттүү кылыш үчүн, күнөөнү билбеген Машайакты биз үчүн күнөө кылды.

**6-БӨЛҮМ**

**Жакшы Кабар таратууда Пабылдын тарткан азаптары**

1 Кудайдын кызматташтары катары силерге эскертебиз: Кудайдын ырайымын кабыл алганыңар пайдасыз болуп калбасын.

2 Себеби Ал мындай деген: «Жакшы убакта Мен сени уктум, куткарылуу күнү сага жардам бердим». Мына азыр – жакшы убакыт, мына бүгүн – куткарылуу күнү.

3 Кызматыбыз сөзгө калбаш үчүн, эч кимге эч нерседе кедерги болбойбуз.

4 Тескерисинче, кыйынчылык келгенде, муктаж болгондо, кысымчылык болгон учурларда,

5 таяк жегенде, түрмөлөргө түшкөндө, куугунтуктар болгондо, эмгектенгенде, уйкусуз түндөрдө, орозо кармаганда,

6 тазалыкты, кеменгерликти, кең пейилдикти, чыдамдуулукту, жакшылыкты, Ыйык Рухтун күчүн жана таза сүйүүнү көрсөтүүдө,

7 чындык сөзүн жарыялоодо, Кудайдын күчүн көрсөтүүдө адилдиктин куралын оң колубузга да, сол колубузга да кармап,

8 бизди сыйлап жатышканда да, кордоп жатышканда да, жамандап жатышканда да, мактап жатышканда да – бардык учурда бардык нерсеге чыдап, өзүбүздү Кудайдын кызматчылары катары көрсөтүп жатабыз. Бизди жалганчы деп эсептешет, бирок биз ишенимдүүбүз.

9 Таанымал болбосок да, бизди таанышат. Бизди өлгөн адамдар катары көрүшөт, бирок биз тирүүбүз. Бизди жазалап жатышат, бирок өлгөн жокпуз.

10 Бизди капа кылып жатышат, бирок биз ар дайым кубанабыз. Жардыбыз, бирок биз көптөрдү байытабыз. Эч нерсебиз жок, бирок биз баарына ээбиз.

11 Корунттуктар, силер менен ачык сүйлөштүк, силерге жүрөгүбүздү кенен ачтык.

12 Биз силерди жүрөгүбүзгө батырдык, бирок силер бизди батыра албадыңар.

13 Силерге балдарым катары кайрылып жатам, биз сыяктуу эле силер да бизге жүрөгүңөрдү кенен ачкыла.

**Тирүү Кудайдын ийбадатканасы**

14 Ишенбегендер менен бирге жат моюнтурукка кошулбагыла. Себеби адилдик менен мыйзамсыздыктын ортосунда кандай жалпылык бар? Жарык менен караңгылыктын ортосунда кандай жалпылык бар?

15 Машайак менен Белиардын ортосунда кандай макулдашуу бар? Ишенген адам менен ишенбеген адамдын ортосунда кандай жалпылык бар?

16 Кудайдын ийбадатканасы менен буркандардын ортосунда кандай байланыш бар? Анткени силер тирүү Кудайдын ийбадатканасысыңар. Кудай мындай деген: «Алардын арасына жайгашып, алардын арасында жүрөм, алардын Кудайы болом, алар Менин элим болушат».

17 «Ошон үчүн алардын арасынан чыккыла, алардан бөлүнгүлө, – дейт Теңир, – арам нерселерге жолобогула, ошондо Мен силерди кабыл алам».

18 «Мен силерге Ата болом, силер болсо Менин уулдарым, кыздарым болосуңар», – дейт кудуреттүү Теңир.

**7-БӨЛҮМ**

1 Сүйүктүү бир туугандарым, Кудай бизге ушундай убадаларды бергендиктен, денебизди жана рухубузду булгаган ар кандай ыпыластыктан арылалы, Кудайдан коркуу менен, ыйыктыкка умтулалы.

**Пабылдын корунттуктар үчүн кубанышы**

2 Бизге жүрөгүңөрдөн орун бергиле: биз эч кимди таарынткан жокпуз, эч кимге зыян келтирген жокпуз, эч кимди пайдаланган жокпуз.

3 Муну силерди айыпташ үчүн айтып жаткан жокмун. Мурун айтып кеткенимдей, силер биздин жүрөгүбүздөсүңөр, өлсөк да, жашасак да силер менен биргебиз.

4 Силерге болгон ишенимим чоң, силер менен өзгөчө сыймыктанам. Бардык кайгы-капабызга карабай, толугу менен сооронуп, аябай кубанып жатам.

5 Себеби Македонияга келгенибизде, жаныбыз тынчтык тапкан жок, ар тарабыбыздан кысымга алындык: сырттан – кол салуу, ичтен – коркунуч.

6 Бирок көңүлү чөккөндөрдү сооротkon Кудай бизди Титтин келиши менен сооротту.

7 Титтин келиши гана эмес, анын силер аркылуу сооронгондугу да бизди сооротту. Мага болгон камкордугуңар, сагынычыңар, мен үчүн төккөн көз жашыңар жөнүндө Титтен укканымда, ого бетер кубандым.

8 Ошондуктан жазган катым менен силерди капалантканыма өкүнбөйм. Катымдын силерди капалантканын көрүп, өкүнгөн элем, бирок силер убактылуу эле капаландыңар.

9 Азыр болсо кубанып турам. Албетте, кайгырганыңар үчүн эмес, күнөөңөрдү сезип өкүнүп, кайгырганыңар үчүн кубанып жатам. Анткени силер Кудайга жаккандай кайгырдыңар, демек, биз силерге эч кандай зыян келтирген жокпуз.

10 Себеби Кудайга жаккан кайгы тобо кылып куткарылууга алып келет, ал эми бул дүйнөнүкүндөй кайгы өлүмгө дуушар кылат.

11 Себеби Кудайга жаккан кайгы силерде кандай тырышчаактыкты, кечирим суроону, күнөө кылган адамга нааразылануунy, коркунучту, каалоону, кызганчаактыкты, жазаны жаратканын карагылачы. Бул иште таза экениңерди бардык жагынан көрсөттүңөр.

12 Мен бул катты таарынткан адам үчүн да, таарынган адам үчүн да жазган жокмун. Болгону, биз жөнүндө кандай кам көрөрүңөр Кудай алдында өзүңөргө белгилүү болушун гана каалайдым.

13 Анткени биз силердин сооронууңар аркылуу сооронуп калдык. Буга кошумча Титтин кубанычы бизди ого бетер кубантты, баарың анын рухун тынчтандырыптырсыңар.

14 Мен силерди ага мактап, уятка калган жокмун. Силерге айткандарыбыздын баары чындык болгондой эле, Титке силерди мактаганыбыз да туура болуп чыкты.

15 Баарыңардын тил алчаактыгыңарды, өзүн коркунуч менен кандай ызааттап кабыл алганыңарды эстеген сайын, анын жүрөгү жылыйт.

16 Ошентип, бардык нерседе силерге таяна ала тургандыгыма кубанам.

**8-БӨЛҮМ**

**Иерусалим Жыйыны үчүн жардам чогултуу**

1 Бир туугандар, силерди Кудайдын Македониядагы Жыйындарга көрсөткөн ырайымы жөнүндө кабардар кылабыз.

2 Баштарына оор сыноолор келгенине карабастан, алардын кубанычы чоң; өтө жакырдыгына карабастан, алар өтө берешен.

3 Анткени мен алардын чын көңүлдөн, колдорунан келишинче, атүгүл, ашыра беришкенине күбөмүн.

4 Ыйыктарга кызмат кылууга кошкон салымдарын кабыл алышыбызды алар бизден көптөн-көп өтүнүштү.

5 Алар биз күткөндөн да артык кылышты. Алгач өздөрүн Кудайга арнашты, андан кийин Кудайдын эрки менен өздөрүн бизге арнашты.

6 Ошондуктан биз Титтен силердин араңарда баштаган ушул жакшы ишин да аягына чыгарышын өтүндүк.

7 Силерде бардыгы мол: ишенимге, сөзгө, билимге байсыңар, бардык жагынан тырышчааксыңар, бизди чын дилиңер менен сүйөсүңөр, эми ушул кайрымдуулук ишинде да ынталуулук көрсөткүлө.

8 Муну мен силерге буйрук иретинде айткан жокмун. Башкалардын ынталуулугуна салыштыруу аркылуу силердин сүйүүңөрдү да сынап жатам.

9 Теңирибиз Ыйса Машайактын ырайымы силерге белгилүү, Ал Өзү бай болуп туруп, силер үчүн жардыланды. Силер Анын жардылыгы аркылуу бай болушуңар үчүн ошентти.

10 Бул нерсеге карата мен өз оюмду айтайын: бул ишти жаңы эле баштабастан, өткөн жылы эле өз каалоосу менен баштаган силер үчүн бул пайдалуу.

11 Эми бул ишти аягына чыгаргыла. Өзүңөр каалап баштаган ишти өз мүмкүнчүлүгүңөргө жараша аягына чыгаргыла.

12 Бергенге каалоосу болсо, колунда жок нерсеге жараша эмес, колунда болгон нерсеге жараша кабыл алынат.

13 Башкаларга жеңилдик болуп, силерге оордук түшпөсүн, тескерисинче, теңдик болсун.

14 Теңдик болуш үчүн, азыр силердин ашык нерсеңер тигилердин кем-карчын толуктоого жумшалсын, кийин тигилердин ашык нерсеси силердин кем-карчыңарды толуктоого жумшалсын.

15 Ыйык Жазууда: «Көп жыйнаган адамдыкы ашып калган жок, аз жыйнаган адамдыкы жетпей калган жок», – деп жазылган.

16 Титтин жүрөгүндө силерге карата ушундай камкордукту пайда кылган Кудайга ыраазымын.

17 Анткени мен да андан өтүнгөм, бирок анын өзүндө эле ушунчалык каалоо бар болгондуктан, ал силерге өз ыктыяры менен кетти.

18 Тит менен кошо дагы бир бир тууганды жибердик. Ал Жакшы Кабар тараткандыгы үчүн бардык Жыйындар тарабынан макталып жүрөт.

19 Анын үстүнө, бул бир тууган ушул кайрымдуулук ишин аткарууда биз менен чогуу жүрүш үчүн, Жыйындар тарабынан дайындалган. Биз бул ишти Теңирди даңкташ үчүн жана жардам берүүгө даяр экенибизди көрсөтүш үчүн кылып жатабыз.

20 Биз аны өзүбүз жыйнаган бул мол жардам тууралуу кимдир бирөөдөн жеме угуудан сактануу үчүн жибердик.

21 Анткени биз Теңирдин алдында эле эмес, адамдардын алдында да таза болууга аракеттенебиз.

22 Аны менен кошо дагы бир бир тууганыбызды жиберип жатабыз. Анын ынтасы көп жолу көп жагынан сыналган. Азыр анын ынтасы мурдагыдан да артты, анткени ал силерге бекем ишенет.

23 Тит жөнүндө айтсам: ал менин жолдошум, силердин араңарда кызмат кылган кызматташым. Берки бир туугандар болсо – Жыйындар тарабынан жиберилген өкүлдөр, алар – Машайактын даңкы.

24 Ошентип, Жыйындардын алдында аларга өзүңөрдө сүйүү бар экендигин жана силер менен мактанганыбыздын жөнү бар экендигин көрсөткүлө.

**9-БӨЛҮМ**

**Корунт Жыйынынын жардам чогултуусу**

1 Ыйыктарга жардам берүү тууралуу силерге жазганым ашыкча эле болот деп ойлойм.

2 Анткени мен силердин жардам берүүгө даяр экениңерди билем. «Ахаядагылар өткөн жылдан бери эле даяр», – деп, македониялыктарга ошон үчүн мактанып жүргөм. Силердин аракетиңер көптөргө дем берди.

3 Силерди мактап жүргөнүм куру сөз болуп калбаш үчүн, мен айткандай даяр турушуңар үчүн, бир тууганларды жибердим.

4 Мени менен бирге барган македониялыктар силердин даяр эмес экениңерди көрсө, силер эмес, силерди бекем ишеним менен мактап жүргөн биз уятка калабыз.

5 Ошондуктан мен бир туугандардан силерге бизден мурун баруударын суранууну туура таптым. Алар өзүңөр убадалаган тартууларыңарды оор салык катары эмес, тартуу катары алдын ала даярдоонун камын көрүшөт.

6 Айтарым бул: «Аз эккен аз жыйнайт, мол эккен мол жыйнайт».

7 Кыйналып же аргасыз болуп эмес, ар кимиң жүрөгүңдөн чыкканды бер. Анткени Кудай чын көңүлү менен берген адамды сүйөт.

8 Ар дайым бардык нерсеңер жетиштүү болуп, жакшы иштерге бай болушуңар үчүн, силерди ар кандай жакшы нерселерге байытууга Кудайдын кудурети жетет.

9 Ыйык Жазууда: «Жакырларга марттык менен таратып берди. Анын адилеттиги түбөлүк болот», – деп жазылган.

10 Үрөн себүүчүгө үрөн, жегенге нан берген Кудай сепкен үрөнүңөрдүн түшүмүн да мол кылып, адилеттигиңердин жемишин арттырат.

11 Бардык нерсеге бай, жоомарт болушуңар үчүн ошондой кылат. Ошентип, силердин жоомарттыгыңар бизде Кудайга болгон ыраазычылыкты жаратат.

12 Анткени бул кызмат ыйыктардын кем-карчын толуктоо менен гана чектелбестен, көп адамдарда Кудайга болгон чексиз ыраазычылыкты жаратат.

13 Анткени бул кызматтын натыйжасын көргөндө, өзүңөр кабыл алган Машайактын Жакшы Кабарына моюн сунуп, алар менен жана башкалар менен чын ниеттен мамилелешип жаткандыгыңар үчүн, алар Кудайды даңктап жатышат.

14 Силерде Кудайдын ырайымы мол болгондуктан, силерди жакын санап, силер үчүн сыйынып жатышат.

15 Сөз менен айтып жеткире алгыс улуу белеги үчүн Кудайга даңк!

**10-БӨЛҮМ**

**Пабылдын өз кызматын коргоосу**

1 Араңарда жүргөндө момун, алыста жүргөнүмдө кайраттуу деп эсептелинген мен, Пабыл, Машайактын момундугу жана ырайымдуулугу менен силерден өтүнөм.

2 Силерге эскерте кетейин: мен келгенде, бизди адамдык кылып жатат деп эсептеген адамдарга каршы көрсөтөйүн деп жүргөн кайраттуулугумду силерге каршы көрсөтпөгүдөй болоюн.

3 Бул дүйнөдө жашап жатканыбыз менен, адамдык кылып күрөшпөйбүз.

4 Анткени күрөшө турган куралдарыбыз адамдык куралдар эмес, алар – чептерди талкалаган Кудайдын күчүнө ээ куралдар.

5 Алар менен биз Кудайды таанып билүүгө каршы турган ар кандай ойлорду, менменсинүүчүлүктү талкалайбыз жана ар кандай ой жүгүртүүлөрдү Машайакка тил алдыруу үчүн туткундайбыз.

6 Силер тил алгандан кийин, биз тил албагандарды жазалоого даярбыз.

7 Көз алдыңардагыны карагылачы! Ким өзүнүн Машайакка таандык экенине бекем ишенсе, ал ойлонуп көрсүн. Анткени ал Машайакка таандык болгондой эле, биз да Машайакка таандыкпыз.

8 Теңирдин бизге силерди зыянга учуратуу үчүн эмес, бекемдөө үчүн берген бийлиги менен ашыра мактанып койсом, уят болбойм деп ойлойм.

9 Бирок мен силерди каттарым менен коркутуп жаткандай болбоюн.

10 Анткени кээ бирөөлөр мени: «Каттарында курч жана кайраттуу болгону менен, бетме-бет келгенде, алсыз, сөзү өтүмсүз», – дешет экен.

11 Ушинтип айтып жүргөндөр билип коюшсун: көзүбүз жокто, катыбызда кандай болсок, бетме-бет келгенде деле ошондойбуз.

12 Өзүн өзү мактагандарга теңелүүгө, өзүбүздү аларга салыштырууга батынбайбыз. Өздөрүнө өздөрү баа берип, өздөрүн өздөрүнө салыштырышканы – акылсыздык.

13 Биз ашыкча мактанбайбыз, Кудай белгилеген чекте мактанабыз. Бул чек силерди да камтыйт.

14 Силерге жете элек болгонсуп күч жумшабайбыз. Анткени биз Машайактын Жакшы Кабары менен силерге да жеткенбиз.

15 Биз ашыкча мактанбайбыз, башка бирөөлөрдүн эмгеги менен да мактанбайбыз. Тескерисинче, ишенимиңер өскөн сайын, силердин араңардагы иш-аракетибиз да көбөйөт деп үмүттөнөбүз.

16 Жакшы Кабарды силерден нары жашагандарга да таратабыз, биз башка бирөөнүн даяр эмгеги менен мактанбайбыз.

17 Мактанган адам Теңир менен мактансын.

18 Мактоого өзүн өзү мактаган адам эмес, Теңир мактаган адам татыктуу.

**11-БӨЛҮМ**

**Пабыл жана жалган элчилер**

1 Менин акылсыздыгыма бир аз чыдап койсоңор боло! Бирок силер мага чыдап жатасыңар.

2 Мен силерди Кудайдын кызганычы менен кызганып жатам, анткени силерди бир Күйөөгө – Машайакка никелеп койгом. Анын алдына таза бойдон барышыңарды каалагандыктан кызганып жатам.

3 Обо энени жылан өзүнүн куулугу менен алдап кеткендей эле, силерди да кимдир бирөө Машайак жолундагы жөнөкөйлүктөн жана тазалыктан четтетип, акылыңарды адаштырбаса экен деп корком.

4 Анткени бирөө келип, силерге биз жарыялагандан башка Ыйсаны, силер алгандан башка рухту, силер кабыл алгандан башка Жакшы Кабарды жарыяласа, силер ага чыдайсыңар.

5 «Мыкты элчилерден» менин эч жерим кем эмес деп ойлойм.

6 Сөзгө чечен болбосом да, билимим бар. Дегинкиси, биз силерге бардык жагынан белгилүүбүз.

7 Силерди жогорулатуу үчүн, өзүмдү басынтып, Кудайдын Жакшы Кабарын силерге акысыз тараткандыгым үчүн күнөөлүүмүнбү?

8 Силерге кызмат кылыш үчүн, башка Жыйындарды чыгымга учураттым, алар мени каржылап турушту. Араңарда жүргөндө муктаж болгонума карабастан, бирөөңөргө да оорчулук келтирген жокмун.

9 Анткени менин кем-карчымды Македониядан келген бир туугандар толукташты. Силерге эч бир нерседе оорчулук келтирбегенге аракеттендим, дагы да аракеттенем.

10 Машайактын мендеги чындыгы менен айтайын, Ахая жеринде бул мактоону менден эч ким тартып ала албайт.

11 Эмне үчүн минтип жатам? Силерди сүйбөгөндүгүм үчүнбү? Силерди сүйөрүм Кудайга белгилүү!

12 Бирок мактанган нерселери менен бизге окшошуш үчүн шылтоо издеп жүргөндөргө түрткү бербөө үчүн, мен кандай кылып жатсам, ошондой кыла берем.

13 Анткени алар – жалган элчилер, алдамчы кызматчылар, өздөрүн Машайактын элчилери кылып көрсөтүшөт.

14 Бул таң каларлык нерсе эмес, анткени шайтан да өзүн Жарыктын Периштеси кылып көрсөтөт.

15 Ошондуктан шайтандын кызматчылары да өздөрүн чындыктын кызматчылары кылып көрсөтүшсө, бул таң каларлык эмес. Бирок алар акырында иштерине жараша тиешесин алышат.

**Пабылдын өз кыйынчылыктары менен мактанышы**

16 Дагы да кайталайм: эч ким мени акылсыз деп эсептебесин. Эгерде ошондой эсептеп жатсаңар, анда мени акылсыз катары кабыл алгыла, мен да бир аз мактангыдай болоюн.

17 Айтып жатканым Теңирден эмес, «акылсыз» болгондугумдан улам мактоого татыктуумун деген бекем ишеним менен айтып жатам.

18 Көптөр адамдык кылып мактанып жатышат, ошондуктан мен да мактанып коёюн.

19 Анткени, силер, акылдуулар, акылсыздарга жан-дилиңер менен чыдайт эмессиңерби.

20 Силерди кул кылып жаткандарга да, силердикин жеп түгөтүп жаткандарга да, силердикин тартып алып жаткандарга да, силерге менменсинип жаткандарга да, силерди жаакка чаап жаткандарга да чыдайсыңар.

21 Уялсам да, айтышым керек, мындай иштерге биздин күчүбүз жеткен жок. Эгерде кимдир бирөө бир нерсе менен мактанууга батынса, акылсыз адамдай айтайын, анда мен да мактанууга батынам.

22 Алар эврейби? Мен да эвреймин. Алар ысрайылдыктарбы? Мен да ысрайылдыкмын. Алар Ыбрайымдын урпактарыбы? Мен да урпагымын.

23 Алар Машайактын кызматчыларыбы? Акылсыз адамдай айтайын, мен кызматчыдан да жогорумун. Мен аларга караганда көп эмгектендим, көп жолу жарадар болдум, түрмөгө көп түштүм, көп жолу өлүмдөн калдым.

24 Жүйүттөрдөн беш жолу отуз тогуздан камчы жедим.

25 Үч жолу таяк менен сабашты, бир жолу таш бараңга алышты, үч жолу кеме кырсыгына учурадым, бир күн, бир түн деңизде калдым.

26 Көп жолу сапарга чыгып, дарыялардын үстүндө, шаарда, чөлдө, деңиз үстүндө коркунучка дуушар болдум; каракчылар, уруулаштарым, бутпарастар, жалган бир туугандар коркунуч туудурушту.

27 Эмгектендим, кыйналдым, көп жолу уйкудан калдым, ачка калдым, суусадым, көп жолу орозо кармадым, суукка калдым, кийимсиз калдым.

28 Мындан тышкары мага адамдар күн сайын агылып келип турушат, бардык Жыйындар үчүн кам көрөм.

29 Бирөө алсыз болсо, мен да өзүмдү алсыз сезбейминби? Бирөө азгырылса, ал үчүн күйүп-бышпаймынбы?

30 Эгерде мактанышым керек болсо, мен алсыздыгым менен мактанам.

31 Теңирибиз Ыйса Машайактын түбөлүккө даңктуу Кудайы жана Атасы менин жалган айтып жатпаганымды билет.

32 Падыша Аретанын кол астындагы дубан башчысы мени колго түшүрүш үчүн, Дамаск шаарын кароолго алган эле. Бирок мени чабырага салып, шаар дубалынын терезесинен түшүрүп коюшту. Ошентип, мен анын колунан качып кутулдум.

## 12-БӨЛҮМ

### Пабылдын көргөн көрүнүштөрү жана алган аяндары

1 Пайдасыз болгонуна карабастан, мактанууга туура келет. Теңирдин көрүнүштөрү жана аяндары жөнүндө сөз кылууга өтөйүн.

2 Машайакка таандык бир адамды билем, мындан он төрт жыл мурун ал үчүнчү асманга көтөрүлгөн эле. Ал денеси менен жогору алындыбы же денесиз жогору алындыбы, билбейм, Кудай билет.

3 Мен ушундай адам жөнүндө билем, бирок ал денеси менен жогору алындыбы же денесиз жогору алындыбы, билбейм, муну Кудай билет.

4 Ал адамдын бейишке көтөрүлгөндүгүн билем. Ал жерден ал адам сөз менен айтып жеткиргис, адам айтып бере алгыс сөздөрдү уккан.

5 Мындай адам менен мактана алам. Өзүм болсо алсыздыктарымдан башка эч нерсе менен мактана албайм.

6 Деген менен мактангым келсе, акылсыз болбойм, анткени мен чындыкты айтам. Кимдир бирөө мен жөнүндө уккан-көргөнүнөн да жогору ойлоп албашы үчүн, өзүмдү токтотуп жатам.

7 Өзгөчө аяндарды алгандыгымдан улам менменсинип кетпешим үчүн, менин денемде тикенек бар. Менменсинип кетпешим үчүн, денемди кыйнап турууга шайтандын бир периштеси жиберилди.

8 Менден аны четтетүүсүн өтүнүп, Теңирге үч ирет сыйындым.

9 Бирок Ал мага мындай деди: «Менин сага болгон ырайымым жетиштүү. Анткени Менин күчүм алсыздыкта жеткилең болот». Ошондуктан Машайактын күчү менден орун алат деп, өзүмдүн алсыздыгым менен артыгыраак мактанам.

10 Ошондуктан Машайак үчүн алсыз болгонума, кордук көргөнүмө, муктаж болгонума, куугунтукталганыма жана кысымчылыкты башымдан өткөргөнүмө ыраазымын. Анткени мен алсыз болгондо күчтүүмүн.

**Пабылдын Корунт Жыйыны үчүн кам көрүүсү**

11 Мактанып акылсыз болдум, бирок ошондой болууга мени силер аргасыз кылдыңар. Мени силер макташыңар керек эле, анткени мен эч ким эмес болсом да, «мыкты элчилерден» эч жерим кем эмес.

12 Элчиликтин белгилери силердин араңарда улуу чыдамдуулук, жышаандар, кереметтер жана кудурет-күч менен көрсөтүлдү.

13 Башка Жыйындар менен салыштырганда, силер эмнеден кем болдуңар? Силерге жүк болбогонум менен элеби? Бул айыбымды кечирип койгула.

14 Мына, мен силерге үчүнчү ирет барууга даярмын, бирок силерге оордук келтирбейм. Анткени каалаганым силердеги эмес, силерсиңер. Балдары ата-энеси үчүн эмес, ата-энеси балдары үчүн мал-мүлк жыйнашы керек.

15 Силер мени мен силерди сүйгөнчөлүк сүйбөсөңөр да, силердин жаныңар үчүн мен чын көңүлүм менен колумда болгондун баарын сарптаймын, өзүмдү да аябаймын.

16 Мындай деп коёлу, мен өзүм силерге оорчулук келтирген жокмун, бирок куулук кылып, силерден айла-амал менен алып турдум.

17 Жиберген адамдарым аркылуу силерден пайда көрдүмбү?

18 Титтен силерге баруусун өтүнүп, аны менен кошо бир туугандардын бирин жибердим эле: Тит силердин бир нерсеңерди пайдаландыбы? Экөөбүз тең бир рух менен кызмат кылып жаткан жокпузбу? Экөөбүз тең бир жол менен бара жаткан жокпузбу?

19 Алиге чейин силер бизди өзүңөрдүн алдыңарда актанып жатат деп ойлойсуңарбы? Машайакка таандык болгон биз Кудай алдында айтып жатабыз. Сүйүктүү бир туугандар, мунун баары силердин ишенимиңердин бекемделиши үчүн болуп жатат.

20 Анткени силерге барганымда, силер мен каалабагандай абалда болбосоңор экен деп, мен өзүм да силер каалабагандай абалда болбосом экен деп корком: силердин араңарда өз ара талаш-тартыш, көрө албастык, ачуулануу, чыр-чатак, жалаа жабуу, ушак, текебердик, тартипсиздик бар болбосо экен деп,

21 кайра барганымда, Кудайым мени силердин алдыңарда басынтпаса экен деп, буга чейин күнөө кетирип, өздөрү кылган ыпылас иштерин, ойноштук кылгандарын, адепсиздиктерин мойнуна алып өкүнбөгөн көптөр үчүн ыйлабасам экен деп корком.

**13-БӨЛҮМ**

**Пабылдын акыркы эскертүүсү жана саламы**

1 Ушуну менен силерге үчүнчү ирет бара жатам. Ар бир сөз эки же үч күбө аркылуу бекемделет.

2 Экинчи жолу барганымда эскерткендей эле, араңарда жок болгонума карабастан, азыр да эскертип жатам: эми барганымда, буга чейин күнөө кылгандарды да, башкасын да аябайм.

3 Мен аркылуу Машайак сүйлөп жатканына далил издеп жатасыңар. Араңарда Өзүнүн кудуретин көрсөтүп жаткан Машайак силер үчүн күчсүз эмес.

4 Алсыз болуп айкаш жыгачка кадалган эле, бирок Кудайдын күчү менен азыр Ал тирүү. Ошол сыяктуу эле биз да Анын ичинде алсызбыз, бирок силердеги Кудайдын күчү аркылуу тирүү болобуз.

5 Өзүңөрдү өзүңөр текшерип көргүлөчү: ишеним жолундасыңарбы? Өзүңөрдү өзүңөр сынап көргүлөчү. Же силер өзүңөрдү, Ыйса Машайак ичиңерде экенин билбейсиңерби? Андай болсо силер ким болушуңар керек болсо, ошол эмессиңер.

6 Биз жөнүндө болсо, биз ким болушубуз керек болсо, ошол экенибизди билип аласыңар деп үмүттөнөм.

7 Силер эч кандай жамандык кылбашыңар үчүн, Кудайга сыйынып жатабыз. Өзүбүздүн ким болушубуз керек экендигин көрсөтүш үчүн эмес, тескерисинче, ким болушубуз керек болсо, ошол эмес болуп көрүнсөк да, жакшылык кылышыңар үчүн сыйынабыз.

8 Себеби биз чындыкка каршы күчтүү эмеспиз, тескерисинче, чындык үчүн күчтүүбүз.

9 Биз алсыз, силер күчтүү болгондо, биз кубанабыз, жеткилең болушуңар үчүн сыйынып жатабыз.

10 Теңирдин мага бузуу үчүн эмес, куруу үчүн берген бийлигин силердин араңарда жүргөнүмдө катаалдык менен колдонуп койбошум үчүн, буларды мен силердин араңарда жок кезимде жазып жатам.

11 Ошондой болсо да, бир туугандарым, кубангыла. Жеткилең болууга умтулгула. Кайраттуу болгула, бир ойдо болгула, тынчтыкты сактагыла! Ошондо сүйүүнүн жана тынчтыктын булагы болгон Кудай силер менен болот.

12 Ыйык өбүшүү менен саламдашкыла. Бардык ыйыктар силерге салам айтып жатышат.

13 Силерде Теңирибиз Ыйса Машайактын ырайымы, Кудай Атанын сүйүүсү жана Ыйык Рухтун баарлашуусу болсун! Оомийин.

**ГАЛАТИЯЛЫКТАРГА ЖАЗЫЛГАН КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Адамдар тарабынан да эмес, адам аркылуу да эмес, Ыйса Машайак аркылуу жана Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудай Ата аркылуу элчи болуп дайындалган мен – Пабылдан,

2 ошондой эле менин жанымдагы бардык бир туугандардан Галатиядагы Жыйындарга салам!

3 Кудай Атабыз жана Теңирибиз Ыйса Машайак силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!

4 Машайак бизди бул жаман дүйнөдөн куткарыш үчүн, Кудайыбыздын жана Атабыздын каалоосу боюнча биздин күнөөлөрүбүз үчүн Өзүн курмандык кылган.

5 Ал түбөлүктөн түбөлүккө даңктала берсин! Оомийин.

**Жалган «Жакшы Кабар»**

6 Силерди Машайактын ырайымы менен чакырып алган Кудайдан жүз буруп, тез эле башка «Жакшы Кабарга» өтүп кетип жатканыңарга таң калып жатам.

7 Чындыгында, башка Жакшы Кабар жок, бирок силердин тынчыңарды алган жана Машайактын Жакшы Кабарын бурмалоону каалаган адамдар бар.

8 Бирок бизби же асмандан келген периштеби, башында силерге өзүбүз тараткан Жакшы Кабарга каршы келген «Жакшы Кабарды» таратса, ага анафема.

9 Мурун айтканыбызды мен азыр да кайталаймын: эгерде кимдир бирөө силерге өзүңөр мурун кабыл алгандан башка «Жакшы Кабар» таратса, ага анафема.

10 Азыр мен адамдарга жагууну ойлоп жатамбы же Кудайга жагууну ойлоп жатамбы? Же силер мени адамдарга жагууга аракеттенип жатат деп ойлоп жатасыңарбы? Эгерде мен дагы эле адамдарга жагынып жүрсөм, анда Машайактын кулу болмок эмесмин.

**Пабыл элчилик кызматка Кудай тарабынан чакырылган**

11 Бир туугандар, муну билишиңерди каалайм: мен таратып жаткан Жакшы Кабар адамдын оюнан чыгарылган эмес.

12 Анткени мен аны адамдан кабыл алган эмесмин, адамдан үйрөнгөн эмесмин. Аны мен Ыйса Машайактын аяны аркылуу кабыл алгам.

13 Силер менин жүйүт динин туткан кезимдеги мурунку жашоом жөнүндө: Кудайдын Жыйынын ырайымсыздык менен куугунтуктап, аны жок кылууга аракеттенгенимди,

14 ата-бабаларымдын салттарын өзгөчө кызганчаактык менен сактаганымдан улам, жүйүт динин тутууда өзүм менен тең чамалаш болгон уруулаштарымдын бир тобуна караганда көбүрөөк ийгиликке жетишкенимди уккансыңар.

15 Бирок мени энемдин курсагында жатканда эле тандап алып, Өзүнүн ырайымы менен чакырып алган Кудай

16 бутпарастарга Уулу жөнүндө жар салышым үчүн, мага Өзүнүн Уулун ачып берүүнү ылайык тапты, ошондо мен эч кимден кеңеш сураган жокмун.

17 Иерусалимге, менден мурун чакырылган элчилерге барбастан, Аравияга кеттим, андан кийин кайра Дамаскка кайтып келдим.

18 Үч жылдан кийин Петир менен таанышуу үчүн Иерусалимге барып, аныкында он беш күн болдум.

19 Теңир Ыйсанын бир тууганы Жакыптан башка элчилерди көргөн жокмун.

20 Силерге жазып жаткандарым – чындык, буга Кудай күбө.

21 Андан кийин Сирия, Киликия өлкөлөрүнө бардым.

22 Машайактын Жүйүт аймагындагы Жыйындары мени таанышчу эмес.

23 Бирок алар «Бир учурда бизди куугунтуктаган адам мурун өзү жок кылууга аракеттенген ишеним жөнүндө азыр жар салып жүрөт» деген сөздү гана угушуп,

24 мен үчүн Кудайды даңкташты.

**2-БӨЛҮМ**

**Пабылдын элчилер тарабынан кабыл алынышы**

1 Он төрт жылдан кийин Титти жаныма алып, Барнаба менен чогуу кайрадан Иерусалимге бардым.

2 Мен ал жакка Кудай ачып бергендиктен бардым. Бекер эле эмгектенбегенимди жана бекер эле эмгектенип жатпаганымды билиш үчүн, бутпарастардын арасында таратып жаткан Жакшы Кабар жөнүндө өзгөчө кадырлуу адамдарга айтып бердим.

3 Бирок алар мени менен жүргөн Титти да, эллин болгонуна карабастан, сүннөткө отурууга мажбурлашкан жок,

4 ал эми биздин Машайак Ыйса аркылуу ээ болгон эркиндигибиз жөнүндө астыртан билип алып, бизди кулга айландырыш үчүн,

5 Жыйынга жашыруун түрдө кирген жалган «бир туугандарга» бир азга да макул болгон жокпуз, көнгөн жокпуз. Жакшы Кабардагы чындык силерде сакталыш үчүн ошенттик.

6 Кээ бирөөлөр тарабынан кадырлуу деп эсептелгендер (алардын качан, кантип кадырлуу болушкандыгы мен үчүн мааниге ээ эмес, анткени Кудайда бет карамалык жок) мага эч кандай кошумча нерсе жүктөшкөн жок.

7 Бирок Петирге сүннөткө отургузулгандарга Жакшы Кабар таратуу иши тапшырылгандай эле, мага сүннөткө отургузулбагандарга Жакшы Кабар таратуу иши тапшырылганын билишти.

8 Анткени Петирдин сүннөткө отургузулгандардын арасындагы элчилик кызматын колдоп жаткан Кудай менин да бутпарастардын арасындагы элчилик кызматымды колдоп жатат.

9 Жыйындын кадыр-барктуу тиректери деп эсептелген Жакып, Кейфа жана Жакан Кудайдын мага көрсөткөн ырайымы жөнүндө билишип, мага жана Барнабага биргелешип иштөө үчүн кол сунушту. Ошентип, биз бутпарастарга бара турган болдук, алар болсо сүннөткө отургузулгандарга бара турган болушту.

10 Бирок алар бизден жакырларды эстен чыгарбообузду өтүнүштү, мен бул ишти бүт күчүм менен аткарууга аракеттендим.

**Пабылдын Петирге каршы чыгышы**

11 Петир Антийохеяга келгенде, мен ага ачык эле каршы чыктым, анткени анын кылганы туура эмес эле.

12 Жакып жиберген кишилер келгенге чейин, Петир бутпарастар менен чогуу тамактанып жүргөн. Бирок ошол сүннөткө отургузулгандар келгенде, Петир коркуп, сүннөткө отургузулбагандардан четтеп, алыстай баштаган.

13 Кээ бир жүйүттөр да ага окшоп эки жүздүүлүк кылышкан, атүгүл, Барнаба да аларга азгырылып, эки жүздүүлүк кылган.

14 Бирок мен алардын Жакшы Кабардагы чындыкка ылайык жашашпагандыгын көргөнүмдө, бардыгынын көзүнчө Петирге: «Эгерде сен жүйүт болуп туруп, жүйүттөрдөй эмес, бутпарастардай жашап жатсаң, анда эмнеге бутпарастарды жүйүттөрдөй жашоого мажбурлап жатасың?» – деп айттым.

**Ишеним аркылуу акталуу**

15 Биз жүйүт болуп төрөлгөнбүз, күнөөкөр бутпарастар эмеспиз.

16 Бирок адам мыйзамды аткаруу менен эмес, Ыйса Машайакка болгон ишеними аркылуу гана акталарын билебиз. Ошондуктан биз да мыйзамды аткаруу менен эмес, Машайакка ишенүү аркылуу акталыш үчүн, Машайак Ыйсага ишенип калдык. Анткени мыйзамды аткаруу менен эч бир адам акталбайт.

17 Эгерде Машайак аркылуу акталууга умтулуп жүргөн биз өзүбүз да күнөөкөр болуп чыксак, анда Машайак күнөөнүн кызматчысы болуп калабы? Албетте, жок!

18 Эгерде мен өзүм талкалаганды кайра куруп жатсам, анда өзүмдү өзүм кылмышкер кылып жатам.

19 Себеби мен Кудай үчүн жашайын деп, мыйзам аркылуу мыйзам үчүн өлгөм. Мен Машайак менен кошо айкаш жыгачка кадалгам.

20 Азыр мен жашап жаткан жокмун, менин ичимде Машайак жашап жатат. Ал эми азыркы денедеги жашоомду айта турган болсом, мени сүйгөн жана менин ордума Өзүн курмандык кылган Кудай Уулуна болгон ишеним менен жашап жатам.

21 Мен Кудайдын ырайымын четке какпайм. Эгерде мыйзам аркылуу акталсак, анда Машайак бекер эле өлдү.

**3-БӨЛҮМ**

**Мыйзам же ишеним**

1 Акылсыз галатиялыктар, айкаш жыгачка кадалган Ыйса Машайак силердин көз алдыңарга тартылгыдай сүрөттөлүп берилбеди беле, ким силерди чындыкка баш ийбөөгө азгырды?

2 Силерден бул нерсени гана билгим келет: силер Рухту мыйзамды аткаруу аркылуу алдыңар беле же айтылган сөзгө ишенүү аркылуу алдыңар беле?

3 Силер ушунчалык акылсызсыңарбы? Рух менен баштап, эми адамдык аракеттер менен бүтүрүп жатасыңарбы?

4 Башыңардан өткөргөнүңөрдүн баары пайдасыз болуп калдыбы? Чын эле, пайдасыз болдубу?

5 Мыйзамды аткаргандыгыңар үчүн Кудай силерге Ыйык Рухту берип, араңарда кереметтерди көрсөтүп жатабы? Же айтылган сөзгө ишенгендигиңер үчүн ошентип жатабы?

6 Бизге белгилүү: «Ыбрайым Кудайга ишенди, ишеними ага адилдик катары эсептелинди».

7 Ошентип, ишенгендер гана Ыбрайымдын балдары экенин билип койгула.

8 Ыйык Жазуу да Кудайдын бутпарастарды ишеними аркылуу актай тургандыгы жөнүндө алдын ала билгендиктен, Ыбрайымга: «Бүт элдер сен аркылуу бата алышат», – деп, алдын ала жарыялаган.

9 Ошентип, ишенгендер ишенимдүү Ыбрайым менен бирге бата алышат.

10 Ал эми мыйзамга таянгандардын бардыгы каргыш астында. Анткени Ыйык Жазууда: «Тооратта жазылган мыйзамдын бардыгын дайыма аткарбаган адамга каргыш!» – деп жазылган.

11 Мыйзам аркылуу Кудай алдында эч кимдин акталбастыгы белгилүү. Анткени «Адил адам ишеними аркылуу тирүү болот».

12 Мыйзам болсо ишенимге негизделген эмес, тескерисинче, «Мыйзамды аткарган адам ал аркылуу тирүү болот».

13 Ыбрайымга берилген бата Ыйса Машайак аркылуу бутпарастарга да берилиши үчүн жана биз ишеним аркылуу убадаланган Рухту алышыбыз үчүн,

14 Машайак биздин ордубузга каргышка калып, бизди мыйзамдын каргышынан кун төлөп куткарып алды. Анткени Ыйык Жазууда: «Жыгачка асылган ар бир адам каргышка калган», – деп жазылган.

**Ыбрайымга берилген убада жана Мусанын мыйзамы**

15 Бир туугандар, жашоодон бир мисал келтирейин: адам тарабынан бекитилген мурас кагазын эч ким жокко чыгара да, ага эч нерсе кошумчалай да албайт.

16 Бирок убадалар Ыбрайымга жана анын урпагына берилген. Кудай Ыбрайымга көптүк түрдө: «Сенин урпактарыңа», – деп айткан эмес, «Сенин урпагыңа», – деп, бирөө жөнүндө, башкача айтканда, Машайак жөнүндө айткан.

17 Мен бул нерсени айткым келет: төрт жүз отуз жылдан кийин келген мыйзам Кудай тарабынан алдын ала бекитилген келишимди жокко чыгарбайт, демек, убада өз күчүн жоготпойт.

18 Анткени мураска мыйзамдын негизинде ээ болууга болсо, анда убаданын зарылчылыгы жок болмок. Бирок Кудай аны Ыбрайымга убаданын негизинде белек кылган.

19 Андай болсо мыйзам эмне үчүн берилген? Ал кийинчерээк, кылмыштардын айынан, Урпак келгенге чейин берилген. Кудайдын убадасы ошол Урпакка байланыштуу. Мыйзам периштелер аркылуу бир арачынын колу менен берилген.

20 Бирок жалгыз бирөөгө арачынын кереги жок, Кудай болсо бирөө.

21 Демек, мыйзам Кудайдын убадаларына каршыбы? Албетте, жок! Эгерде өмүр бере турган мыйзам берилген болсо, анда мыйзам аркылуу акталууга болор эле.

22 Бирок Ыйык Жазуу бүткүл адамзат күнөөнүн туткунунда экендигин жарыялайт. Демек, убадаланган нерсе ишенгендерге Ыйса Машайакка болгон ишенимдери аркылуу берилет.

23 Ишеним келгенге чейин, ишеним айкын болгонго чейин, биз мыйзамдын сакчылыгы астында туткундалган болчубуз.

24 Ошентип, ишеним аркылуу акталышыбыз үчүн, мыйзам биз үчүн Машайакка жетелеп келүүчү болду.

25 Ал эми ишеним келгенде, жетелөөчүнүн көзөмөлүнөн бошондук.

26 Анткени силер, бардыгыңар, Машайак Ыйсага болгон ишенимиңер аркылуу Кудайдын балдарысыңар.

27 Анткени силер, бардыгыңар, Машайактын урматына чөмүлдүрүлүп, Машайактын бейнесин кийдиңер.

28 Мындан ары силердин араңарда жүйүт да, эллин да, кул да, эркин адам да, эркек да, аял да жок, анткени бардыгыңар Машайак Ыйсанын ичинде бирсиңер.

29 Эгерде силер Машайактыкы болсоңор, анда силер Ыбрайымдын урпактарысыңар, убада боюнча мурасчыларсыңар.

**4-БӨЛҮМ**

**Машайак мыйзамдын бийлигинен бошотот**

1 Бирок бул нерсени айткым келет: мурасчы бардык нерсенин кожоюну болсо да, бала кезинде кулдан эч айырмаланбайт,

2 атасы белгилеген убакытка чейин кам көрүүчүлөрдүн жана үй башкаруучулардын көзөмөлү астында болот.

3 Ошондой эле биз да «бала кезибизде» дүйнөдөгү алгачкы негиздерге кул болчубуз.

4 Бирок өз убагы келгенде, Кудай Өз Уулун жиберди. Ал аялдан төрөлдү, мыйзамга баш ийди.

5 Ал мыйзамдын бийлиги астындагыларды кун төлөп куткарды. Ал мыйзамдын бийлиги астындагылар Кудайдын балдары болушу үчүн ошондой кылды.

6 Силер Кудайдын балдары болуп калгандыктан, Кудай силердин жүрөгүңөргө Өз Уулунун «“Абба!”, Ата!» деп чакырган Рухун жиберди.

7 Демек, эми сен кул эмессиң, сен Анын баласысың. Эгерде баласы болсоң, анда Кудай сени Ыйса Машайак аркылуу мурасчы да кылды.

**Пабылдын галатиялыктар үчүн кам көрүүсү**

8 Бирок ошол убакта силер Кудайды тааныбагандыктан, чыныгы Кудай эмес кудайлардын кулдары элеңер.

9 Азыр болсо Кудайды таанып билгениңерден кийин, тагыраак айтканда, Кудай тарабынан таанылганыңардан кийин, кантип кайрадан алсыз жана жакыр алгачкы негиздерге кайрылып жатасыңар? Кайрадан аларга кул болгуңар келеби?

10 Кээ бир күндөрдү, айларды, мезгилдерди, жылдарды ыйык тутуп жатасыңар!

11 Мен силердин араңарда куру бекер эле эмгектендимби деп коркуп жатам.

12 Бир туугандар, силерден өтүнөмүн: мендей болгула, анткени мен да силердей болчумун. Силер мени эч таарынткан эмессиңер.

13 Өзүңөр билесиңер, мен биринчи жолу Жакшы Кабарды силерге алсыз абалымда тараткам,

14 алсыз абалым силер үчүн азгырык болсо да, кемсинткен эмессиңер, жийиркенген эмессиңер, тескерисинче, мени Кудайдын периштеси катары, Машайак Ыйса катары кабыл алгансыңар.

15 Силердин ошол убактагы кубанычыңар кайда? Мен өзүм күбөлөндүрө алам, мүмкүн болсо, ошондо силер мага көзүңөрдү оюп берүүгө да даяр элеңер.

16 Эми мен чындыкты айтуу менен, силерге душман болуп калдымбы?

17 Тигилер силерди таза ниет менен кызганып жатышкан жок, тескерисинче, силер аларды кызганышыңар үчүн, силерди бизден бөлүп кетүүнү каалап жатышат.

18 Дайыма таза ниет менен кызганган жакшы, бирок мен араңарда болгондо эле эмес.

19 Балдарым, силерден Машайак көрүнгөнгө чейин, мен силер үчүн кайрадан толгоо азабын тартамын.

20 Азыр жаныңарга барып, үнүмдү өзгөртүп сүйлөгүм келип жатат, анткени мен силерге айран-таң калып жатам.

**Ыбрайымдын эки уулу – эки келишим**

21 Силер, мыйзамдын бийлиги астында болууну каалагандар, айткылачы мага, мыйзамда эмне айтылганын уккан жок белеңер?

22 Анткени Ыйык Жазууда: «Ыбрайымдын эки уулу бар эле, бири күң аялынан, бири эркин аялынан», – деп жазылган.

23 Бирок күң аялынан төрөлгөн уул кадимки балдардай, ал эми эркин аялынан төрөлгөн уул убада боюнча төрөлгөн.

24 Мында каймана маани бар. Бул эки келишимди билдирет. Бири Синай тоосунда түзүлгөн, ал – балдарын кулчулук үчүн төрөгөн Ажар.

25 Ажар Аравиядагы Синай тоосун билдирет. Ал азыркы күндөгү Иерусалимге туура келет, анткени Иерусалим өзүнүн балдары менен кулчулукта.

26 Жогорку Иерусалим болсо эркин, ал баарыбыздын энебиз,

27 анткени Ыйык Жазууда: «Кубан, баласы жок, төрөбөс аял! Кубанып кыйкыр, катуу үн сал, толгоо тартып кыйналбаган аял! Анткени күйөөсү бар аялга караганда күйөөсү таштап кеткен аялдын балдары көп», – деп жазылган.

28 Бир туугандар, силер да Ыскакка окшоп, убада боюнча төрөлгөн балдарсыңар.

29 Бирок ошол убакта кадимки балдардай төрөлгөн бала Рух боюнча төрөлгөн баланы кубалаган, азыр да ошондой.

30 Бирок Ыйык Жазууда эмне деп айтылат? «Күң аялды баласы менен кууп чык, анткени күң аялдын баласы эркин аялдын баласы менен бирге мураскор болбойт».

31 Ошондуктан, бир туугандар, биз «күң» аялдын балдары эмеспиз, «эркин» аялдын балдарыбыз.

**5-БӨЛҮМ**

**Машайак тартуулаган эркиндик**

1 Машайак бизге тартуулаган эркиндикте жашагыла, кайрадан кулчулуктун моюнтуругун кийбегиле.

2 Мен, Пабыл, силерге муну айтамын: эгерде силер сүннөткө отургузула турган болсоңор, анда Машайактан силерге эч кандай пайда жок.

3 Сүннөткө отургузулган ар бир адамга дагы муну билдиремин: ал бүт мыйзамды аткарууга милдеттүү.

4 Мыйзам аркылуу акталууну каалагандар, силер Машайактан четтеп, ырайымдан ажырап калдыңар.

5 Ал эми биз өзүбүз үмүттөнгөн, ишенимдин негизинде келе турган адилдикти рухубуз менен күтүп жатабыз.

6 Себеби Машайак Ыйса жолунда сүннөткө отургузулуу да, сүннөткө отургузулбоо да маанилүү эмес, өзүн сүйүү аркылуу көрсөткөн ишеним маанилүү.

7 Силер жакшы эле чуркап бара жаттыңар эле, силердин чындыкка баш ийүүңөргө ким тоскоолдук кылды?

8 Бул ынандыруу силерди Чакырып алгандан эмес.

9 Бир аз ачытки бүт камырды ачытат.

10 Силер башкача ойлобойсуңар деп, мен толук ишенемин, бул ишенимим Теңирден. Ал эми силерди адаштырган адам, ал ким болбосун, жазага тартылат.

11 Бир туугандар, эгерде мен дагы деле сүннөт жөнүндө жар салып жатсам, эмне үчүн мени куугунтуктап жатышат? Андай болсо айкаш жыгачтын азгырыгы токтойт эле да!

12 Силерди адаштыргандар өздөрүн бычып салышса кана!

13 Бир туугандар, силер эркиндикке чакырылгансыңар, бирок эркиндигиңер күнөөкөр табиятыңарды канааттандырууга негиз болуп бербесин, тескерисинче, бири-бириңерге сүйүү менен кызмат кылгыла.

14 Анткени бүт мыйзам «Өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүй» деген бир сөз менен жыйынтыкталат.

15 Бирок бири-бириңер менен тиштешип, бири-бириңерди жеп жатсаңар, абайлагыла, бири-бириңерди жеп-жутуп койбогула!

**Рухтун жемиши жана күнөөкөр табияттын иштери**

16 Мен болсо муну айтамын: Ыйык Рухтун жетеги менен жашагыла, ошондо денеңердин күнөөлүү каалоолорун аткарбайсыңар.

17 Анткени күнөөкөр табияттын каалоолору Рухка, Рухтун каалоолору болсо күнөөкөр табиятка каршы. Алар бири-бирине каршы, ошондуктан силер өзүңөр каалаганды жасабайсыңар.

18 Эгерде силер Рухтун жетеги менен жашап жатсаңар, анда мыйзамдын бийлиги астында эмессиңер.

19 Күнөөкөр табияттын иштери болсо белгилүү, алар: ойноштук кылуу, нике бузуу, ыпыластык, адепсиздик,

20 бутка табынуу, сыйкырчылык кылуу, касташуу, чыр-чатак, көрө албастык, ачуулануу, уруш-талаш, келишпестик, жалган окутуу,

21 жек көрүү, киши өлтүрүү, аракечтик, шапар тебүү жана башка ушул сыяктуулар. Силерге мурда эскерткенимдей эле, дагы да эскертемин: мындай кылуучулар Кудайдын Падышачылыгын мурасташпайт.

22 Рухтун жемиши болсо булар: сүйүү, кубаныч, тынчтык, чыдамдуулук, ак көңүлдүк, боорукердик, ишенимдүүлүк,

23 момундук, өзүн өзү токтото билүү, буларга каршы мыйзам жок.

24 Машайак Ыйсага тиешелүү болгондор өздөрүнүн күнөөкөр табиятын кумарлануулары жана күнөөлүү каалоолору менен бирге айкаш жыгачка кадашкан.

25 Эгерде биз Рух аркылуу өмүргө ээ болсок, анда Рухтун жетеги менен жашайлы.

26 Менменсинбейли, бири-бирибизди кыжырдантпайлы, көрө албастык кылбайлы.

**6-БӨЛҮМ**

**Бири-биринин кыйынчылыктарын көтөрүү**

1 Бир туугандар, кандайдыр бир күнөө жасап айыбы ачылган адамды, силер, Рухтун жетеги менен жашагандар, момундук менен оң жолго салгыла, бирок өзүңөр да азгырылып кетпеш үчүн, сак болгула.

2 Бири-бириңердин кыйынчылыгыңарды көтөргүлө, ошентип, Машайактын мыйзамын аткарасыңар.

3 Анткени, эгерде кимдир бирөө чынында эч ким эмес болуп туруп, өзүн жогору бааласа, ал өзүн өзү алдайт.

4 Ар ким өзүнүн ишин текшерсин, ошондо ал башка бирөө тарабынан эмес, өзү тарабынан мактоого ээ болот,

5 анткени ар ким өз жүгүн өзү көтөрөт.

6 Насаат алып жаткан адам колунда болгон нерсесин өзүнүн насаатчысы менен бөлүшсүн.

7 Алданбагыла: Кудай шылдың болбойт, анткени адам эмнени сепсе, ошону орот.

8 Себеби өзүнүн күнөөкөр табиятына сепкен адам күнөөкөр табиятынан чирий турган нерсени алат, ал эми Рухка сепкен адам Рухтан түбөлүк өмүрдү алат.

9 Жакшылык кылып жатып кейибейли, анткени алсырап калбасак, өз учурунда жыйнап алабыз.

10 Ошондуктан убакыт барда, бардыгына, айрыкча, ишенимибиз бирлерге жакшылык кылалы.

**Элчинин мактанычы – Машайактын айкаш жыгачы**

11 Карагылачы, мен өз колум менен, чоң тамгалар менен жазып жатам.

12 Адамдык табияты боюнча беделдүү болгусу келгендердин бардыгы Машайактын айкаш жыгачы үчүн куугунтукка алынбоолору үчүн гана силерди сүннөткө отурууга мажбур кылып жатышат.

13 Анткени сүннөткө отургузулгандардын өздөрү да мыйзамды аткарышпайт, бирок алар силердин денеңер менен мактаныш үчүн, силердин сүннөткө отургузулушуңарды каалап жатышат.

14 Мен болсо Теңирибиз Ыйса Машайактын айкаш жыгачынан башка эч нерсе менен мактангым келбейт. Мен бул дүйнө үчүн, бул дүйнө мен үчүн айкаш жыгачка кадалган.

15 Анткени Машайак Ыйса жолунда сүннөткө отургузулуу же сүннөткө отургузулбоо маанилүү эмес, жаңы адам маанилүү.

16 Ушул эреже боюнча жашагандардын бардыгына жана Кудайдын Ысрайыл элине Кудай тынчтыгын берип, ырайымын төгө берсин!

17 Мындан ары эч ким мага кыйынчылык келтирбесин, анткени мен Теңир Ыйсанын жараатын өзүмдүн денемде алып жүрөм.

18 Бир туугандар, биздин Теңирибиз Ыйса Машайактын ырайымы силердин рухуңар менен бирге болсун! Оомийин!

## ЭФЕСТИКТЕРГЕ ЖАЗЫЛГАН КАТЫ

### 1-БӨЛҮМ

**Элчинин саламдашуусу**

1 Кудайдын каалоосу менен Машайак Ыйсанын элчиси болгон Пабылдан Эфестеги ыйыктарга – Машайак Ыйсага ишенгендерге салам!

2 Кудай Атабыз жана Теңирибиз Ыйса Машайак силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин.

**Машайак аркылуу берилген рухий баталар**

3 Бизге Машайак аркылуу асмандагы ар кандай рухий баталарды берген Теңирибиз Ыйса Машайактын Кудайы жана Атасы макталсын!

4 Биз Кудайдын алдында сүйүүдө ыйык жана кемчиликсиз болушубуз үчүн, Ал бизди дүйнө жарала электен мурун Машайак аркылуу тандап алып,

5 Өз каалоосу жана жакшы тилеги боюнча Ыйса Машайак аркылуу Өзүнө бала кылып алууну алдын ала белгилеп койгон.

6 Кудай Өз ырайымынын даңкы чыгышы үчүн, сүйүктүү Уулу аркылуу бизге мол ырайым көрсөттү.

7 Кудайдын мол ырайымынын негизинде Уулунун каны аркылуу кун төлөнүп, күнөөлөрүбүз кечирилди.

8 Кудай бизге бул мол ырайымды Өзүнүн даанышмандыгы жана акылмандыгы менен көрсөттү.

9 Кудай бизге Машайак аркылуу алдын ала белгилеп койгон Өзүнүн жакшы тилеги боюнча Өз каалоосунун жашыруун сырын ачып берди.

10 Ал өз убагы келгенде, асмандагы менен жердегинин бардыгын Машайактын башчылыгы астында бириктирет.

11-12 Машайакка башынан үмүт кылып жүргөн биз аркылуу Анын даңкы чыгышы үчүн, бардыгын Өз каалоосунун чечими боюнча Жасоочунун алдын ала аныктап койгону боюнча, Машайак аркылуу биз да мурасчылар болуп калдык.

13 Чындык сөзүн – куткарылууңар жөнүндөгү Жакшы Кабарды угуп, Машайакка ишенгениңерде, силер да Ал аркылуу убадаланган Ыйык Рух менен мөөрлөнгөнсүңөр.

14 Анын даңкы макталыш үчүн, Анын энчисине алынгандар куткарылышы үчүн, Ыйык Рух – биз ээ боло турган мурастын аманаты.

**Пабылдын сыйынуусу**

15 Ошондуктан мен да силердин Теңир Ыйсага болгон ишенимиңер жана бардык ыйыктарга болгон сүйүүңөр жөнүндө уккандан бери,

16 сыйынган сайын силерди эстеп, силер үчүн дайыма Кудайга ыраазычылык билдирип жатам.

17 Теңирибиз Машайактын Кудайы, даңктуу Ата Аны таанып билишиңер үчүн силерге акылмандык берүүчү жана түшүндүрүүчү Рухун берсин деп;

18 Ал чакырып алганда ээ болгон үмүтүңөр эмне экендигин жана Анын ыйыктарга бере турган даңктуу мурасынын молдугу кандай экендигин,

19 ошондой эле Анын бийлиги бар күчүнүн таасири астында ишенген биздин ичибизде аракеттенип жаткан Анын кудурети канчалык ченемсиз экендигин таанып билишиңер үчүн, жүрөгүңөрдүн көздөрүн ачсын деп сыйынып жатам.

20 Кудай Машайакты өлгөндөрдүн арасынан тирилтип, асманда Өзүнүн оң жагына отургузганда, ошол эле күч Машайактын ичинде аракеттенген;

21 Аны бардык башчылыктан, бийликтен, күчтөн жана үстөмдүктөн, ошондой эле азыркы мезгилде гана эмес, келечекте да атала турган бардык ысымдардан жогору койгон;

22 бардыгын Анын бут алдына багындырган жана Аны бардыгынын үстүнөн, Жыйындын Башчысы кылып койгон.

23 Жыйын – Анын Денеси, бардыгын бардык жагынан Толтуруучунун толуктугу.

**2-БӨЛҮМ**

**Ырайымдын негизинде берилген жаңы өмүр**

1 Кылмыштарыңардын жана күнөөлөрүңөрдүн айынан өлгөн силер

2 бир кезде бул дүйнөнүн адаты боюнча, абада бийлик кылып жаткан төрөнүн жана Кудайга баш ийбеген адамдарда азыркы учурда аракеттенип жаткан рухтун каалоосу боюнча жашачусуңар.

3 Бир кезде мындай адамдардын арасында биз да дененин каалоолорун аткарып, оюбузга келгенди кылып, денебиздин күнөөлүү каалоолору боюнча жашачубуз, башкалар сыяктуу эле табиятыбыз боюнча Кудайдын каарына кала турган адамдардан болчубуз,

4 бирок ырайымга бай Кудай бизге болгон улуу сүйүүсү менен

5 кылмыштарыбыздын айынан өлгөн бизди да Машайак менен бирге тирилтти (ырайымдын негизинде куткарылдыңар),

6 бизди Машайак менен бирге тирилтип, Машайак Ыйса аркылуу асманга отургузду.

7 Кудай муну Машайак Ыйса аркылуу бизге көрсөткөн жакшылыгын жана Өз ырайымынын ченемсиз молдугун келечек кылымдарда көрсөтүш үчүн жасады.

8 Силер ырайымдын негизинде, ишеним аркылуу куткарылдыңар, бул силерден эмес, бул – Кудайдын белеги.

9 Эч ким мактанбашы үчүн, бул кылган иштерден да эмес.

10 Анткени бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн, биз Машайак Ыйса аркылуу жаратылганбыз.

**Машайак бутпарастар менен жүйүттөрдү бириктирет**

11 Ошондуктан эстегилечи, бутпарас болуп төрөлгөн силер бир кезде кол менен сүннөткө отургузулгандар тарабынан «сүннөтсүздөр» деп аталчусуңар.

12 Ошол мезгилде силер Машайаксыз элеңер, Ысрайыл коомчулугунан четтетилгендер элеңер, келишимдердин негизинде берилген убадаларга чоочун элеңер, бул дүйнөдө үмүтсүз жана кудайсыз элеңер.

13 Бир кезде алыс болгон силер Машайак Ыйса аркылуу, Машайактын каны аркылуу азыр жакын болуп калдыңар.

14 Анткени Машайак биздин тынчтыгыбыз, Ал экөөнөн бирди жаратып, аларды бөлүп туруучу тосмону талкалады,

15 душмандыкты Өз Денеси менен, осуяттардан турган мыйзамды окутуусу менен жок кылды. Муну Ал тынчтык орнотуп, экөөнөн Өзүнө бир жаңы адамды жаратыш үчүн,

16 душмандыкты айкаш жыгачта жок кылып, айкаш жыгач аркылуу экөөнү бир Денеде Кудай менен элдештириш үчүн кылды.

17 Ошентип, Ал келип, алыс болгон силерге жана жакын болгон аларга тынчтыкты жар салды.

18 Анткени Ал аркылуу биз – алыс жана жакын болгондор бир Рух менен Атага баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп жатабыз.

19 Демек, силер эми чоочундар жана келгиндер эмессиңер, ыйыктардын мекендештерисиңер жана Кудайдын Өз элисиңер,

20 силер элчилер менен пайгамбарлардын пайдубалынын үстүнө курулгандарсыңар, ал эми бурчка коюлуучу негизги таш – Ыйса Машайак Өзү.

21 Ошол Таштын үстүнө кыналып курулуп жаткан бүт имарат Теңирдин ыйык ийбадатканасы болуу үчүн бийиктеп келе жатат.

22 Кудайдын турак жайы болуу үчүн, силер да Рух аркылуу ошол Таштын үстүнө курулуп жатасыңар.

**3-БӨЛҮМ**

**Пабылдын бутпарастарга кызмат кылуусу**

1 Ошондуктан мен, Пабыл, силер – бутпарастар үчүн Машайак Ыйсанын туткуну болдум.

2-3 Мага ачылган жашыруун сыр жөнүндө, атап айтканда, Кудайдын ырайымы жөнүндө силерге жарыялоо кызматы мага тапшырылгандыгын уккансыңар. Бул жөнүндө жогоруда кыскача жаздым.

4 Силер бул катты окуганда, Машайактын жашыруун сырын кандай түшүнөрүмдү байкай аласыңар.

5 Азыркы күндө Анын ыйык элчилерине жана пайгамбарларына Рух аркылуу белгилүү болгон бул сыр мурунку муундун адамдарына белгилүү болгон эмес.

6 Ал сыр мындай: бутпарастар да мураскорлор жана ошол эле дененин мүчөлөрү болушат, ошондой эле Жакшы Кабардын негизинде Машайак Ыйса аркылуу Анын убадасы аларга да тиешелүү.

7 Кудайдын күчү менен берилген Кудайдын ырайым белегинин негизинде мен Жакшы Кабар тарата турган кызматчы болуп калдым.

8 Ыйыктардын эң кичинеси болгон мага берилген ырайым бул: Кудайдын ырайымы менен Машайактын изилденгис байлыгын бутпарас элдерге жар салуу,

9 ошондой эле Кудайдын ар тараптуу акылмандуулугу асмандагы башкаруучуларга жана бийликтегилерге Жыйын аркылуу азыркы учурда белгилүү болушу үчүн,

10 бардыгын жараткан Кудайдын Өзүндө эзелтеден бери жашыруун болуп келген сырдын мааниси кандай экендигин бардык адамдарга ачып берүү.

11 Бул сыр Анын Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу жүзөгө ашырылган эзелтеден берки максатына негизделген.

12 Машайак аркылуу жана Машайакка болгон ишенимибиз аркылуу Кудайга кайраттуулук менен, ишенимдүү түрдө кайрылууга мүмкүнчүлүгүбүз бар.

13 Ошондуктан силер үчүн азап тартып жатканыма кайгырбооңорду өтүнөм, анткени менин азап тартуум – силердин даңкыңар.

**Пабылдын Жыйын тууралуу сыйынуусу**

14-15 Ошол себептен мен Теңирибиз Ыйса Машайактын Атасынын – жердеги жана асмандагы бардык үй-бүлө Ким аркылуу аталса, Ошонун алдында тизе бүгүп,

16 Ал Өз даңкынын молдугу боюнча Руху аркылуу ички адамыңарды бекемдесин деп;

17 ишеним аркылуу Машайак силердин жүрөгүңөрдөн орун алсын деп;

18 ошондой эле сүйүүгө тамырланышсын жана негизделишсин, бардык ыйыктар менен бирге Машайактын сүйүүсүнүн кеңдиги менен узундугу, тереңдиги менен бийиктиги эмне экенин түшүнө алышсын деп;

19 акыл жеткис ошол сүйүүнү таанып билишсин, Кудайдын толуктугуна толушсун деп сыйынам.

20 Биздин ичибизде күчү менен аракеттенип жаткан, сураганыбыздан да же ойлогонубуздан да артык кыла ала турган Кудай

21 Жыйында Машайак Ыйса аркылуу муундан муунга, кылымдан кылымга даңкталсын! Оомийин!

**4-БӨЛҮМ**

**Машайактын Денеси болуп эсептелген Жыйындын биримдиги**

1 Ошентип, Теңир үчүн туткун болгон мен силерден өтүнөмүн: Кудай тарабынан чакырылып алынганыңарга ылайык жашагыла,

2 бардык учурда момун, жоош жана чыдамдуу болгула, бири-бириңерге сүйүү менен мамиле кылып, көтөрүмдүү болгула.

3 Рух биримдигин тынчтык байланышы аркылуу сактоого аракеттенгиле.

4 Дене бирөө, Рух бирөө, чакырылып алынганыңарда, бир үмүткө чакырылгансыңар.

5 Теңир бирөө, ишеним бирөө, чөмүлдүрүү бирөө,

6 бардыгынын үстүндө, бардыгы аркылуу жана бардыгынын ичинде болгон, бардыгынын Кудайы жана Атасы бирөө.

7 Машайактын чени менен ар бирибизге ырайым берилген.

8 Ошондуктан Ыйык Жазууда: «Жогоруга чыкты, туткундоону туткундады, адамдарга белектерди берди», – деп айтылган.

9 Ал эми «чыкты» деген сөздүн мааниси Машайак адегенде жердин түпкүрүнө түштү дегенди билдирбейби?

10 Төмөн түшкөн да, бардыгын толтуруш үчүн, асмандан жогору көтөрүлгөн да – Ал.

11 Бардыгыбыздын ишенимибиз жана Кудай Уулун таанып билүүбүз бирдей деңгээлге жеткенге чейин,

12 жеткилең адамдын, Машайактын деңгээлине жеткенге чейин, Машайактын Денесин түзүүдө ыйыктарды кызмат кылууга жөндөмдүү кылуу үчүн,

13 Ал бирөөлөрдү элчи, бирөөлөрдү пайгамбар, бирөөлөрдү Жакшы Кабар таратуучу, бирөөлөрдү Жыйын башчысы жана окутуучу кылып дайындады.

14 Ал буларды адамдык амалкөйлүк жана ар кандай азгыруу ыкмасы менен адаштырган ар кандай окутуулардын шамалына айдалган, олку-солку болгон жаш балдардай болбой,

15 тескерисинче, чындыкты сүйүү менен айтып, бардык жагынан Башчыбыз Машайакка окшошуп өсүшүбүз үчүн дайындады.

16 Анын башчылыгы астында өз ара бириккен бардык муундардын жардамы менен бириктирилген жана түзүлгөн дене өзүн сүйүү менен бекемдеп, ар бир мүчөнүн өз алдынча кылган аракетине жараша өсөт.

**Эски жана жаңы жашоо**

17 Ошондуктан Теңирдин атынан айтып эскертемин: мындан ары силер бутпарастарга окшоп куру кыял менен жашабагыла.

18 Алардын акылы караңгылангандыктан, түркөйлүктөрүнүн жана жүрөктөрүнүн катууланганынын айынан Кудайдын жашоосунан четтеп калышкан.

19 Ыйманынан ажырап калган алар ар кандай ыпылас иштерди тойбостук менен жасап, бузуктукка берилип кетишкен.

20 Бирок силер Машайакты мындай таанып билген эмессиңер,

21 силер Ал жөнүндө уккансыңар жана Андан үйрөнгөнсүңөр, анткени чындык Ыйсада.

22 Силер Андан алдамчы кумарлары менен чирип бара жаткан эски адамдын мурдагы жүрүм-турумун таштоо керек экендигин,

23 акыл-оюңарды жаңыртып турушуңар керек экендигин,

24 чыныгы адилдик жана ыйыктык менен Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган жаңы адамды кийүү керек экендигин үйрөнгөнсүңөр.

**Жаңы жашоо үчүн берилген көрсөтмөлөр**

25 Мына ошондуктан жалгандан баш тартып, ар кимиңер жакыныңарга чындыкты айткыла, себеби биз бири-бирибизге мүчөбүз.

26 Ачууланганыңарда күнөө кетирбегиле: күн батканча, ачууңарды баскыла,

27 шайтанга орун бербегиле.

28 Ким уурулук кылып жүрсө, мындан ары уурулук кылбасын, тескерисинче, эмгектенип, муктаж болгон адамга бир нерсе бере алгыдай болуш үчүн, өз колу менен пайдалуу нерсе жасасын.

29 Оозуңардан эч кандай жаман сөз чыкпасын, тескерисинче, уккандарга пайдалуу боло турган, ишенимди бекемдей турган жакшы сөздөрдү сүйлөгүлө.

30 Кудайдын Ыйык Рухун капа кылбагыла. Куткарылуу күнү ошол Рух менен мөөрлөнгөнсүңөр.

31 Кыжырдан, ачуудан, каардан, кыйкырыктан, заар тилден жана бардык жаман нерселерден арылгыла.

32 Бири-бириңерге кайрымдуу, боорукер болгула. Кудай силерди Машайак аркылуу кечиргендей, бири-бириңерди кечиргиле.

**5-БӨЛҮМ**

1 Сүйүктүү балдар катары Кудайды туурагыла,

2 Машайак бизди сүйгөндүктөн, биз үчүн Өзүн Кудайга жыты жагымдуу тартуу жана курмандык катары бергендей, силер да сүйүү жолунда жүргүлө.

3 Араңарда ойноштук, ар кандай ыпыластык жана дүнүйөкорлук жөнүндө сөз да болбошу керек, себеби ыйыктарга мындай кылуу жарабайт.

4 Ошондой эле уятсыз, маңызсыз жана маскаралаган сөздөрдү сүйлөбөгүлө, мындай кылуу жарабайт, анын ордуна ыраазычылык билдиргиле.

5 Билип койгула: ойноштук кылуучу, нике бузуучу, дүнүйөкор, башкача айтканда, бутка табынуучу Машайактын жана Кудайдын Падышачылыгында мураска ээ болбойт.

6 Эч ким силерди маңызсыз сөздөр менен алдабасын. Ошондой кылган баш ийбес адамдар Кудайдын каарына калышат.

7 Ошондуктан аларга шерик болбогула.

**Жарыкта жүргүлө**

8 Силер бир кезде караңгы элеңер, бирок азыр Теңир аркылуу жарык болдуңар, жарыктын балдары катары жашагыла.

9 Анткени жарыктын жемиши: боорукердик, адилдик, чындык.

10 Кудайга эмне жагарын ажырата билгиле.

11 Караңгылыктын жемишсиз иштерине аралашпагыла, тескерисинче, аларды ашкере кылгыла,

12 анткени алардын жашыруун кылып жаткандарын айтканга ооз да барбайт.

13 Анткени ашкереленген нерсенин баары жарык аркылуу ашкереленет, ачыкка чыккан нерсенин баары – жарык.

14 Ошондуктан Ыйык Жазууда: «Уктап жаткан өлүк адам, ойгон, тирил, Машайак сени жарык кылат», – деп айтылган.

15 Ошентип, кандай жашап жатканыңарга көңүл коюп карап, акылсыздардай эмес, акылдуулардай жашагыла.

16 Убакытты пайдалана билгиле, анткени убакыт жаман.

17 Ошон үчүн акылсыз болбогула, тескерисинче, Кудайдын каалоосу эмне экендигин таанып билгиле.

18 Шарап ичип мас болбогула, анткени бул бузулган жашоого алып барат, тескерисинче, Рухка толгула:

19 бири-бириңерге забурларды, даңктоо ырларын жана рухий ырларды айтып, Теңирди чын жүрөгүңөр менен даңктап ырдагыла;

20 Теңирибиз Ыйса Машайактын атынан Кудай Атабызга бардык учурда бардык нерсе үчүн ыраазычылык билдиргиле;

21 Кудайдан коркуу менен бири-бириңерге баш ийгиле.

**Үй-бүлөлүк жашоонун эрежелери**

22 Аялдар, күйөөңөргө Теңирге баш ийгендей баш ийгиле,

23 анткени дененин Куткаруучусу Машайак Жыйындын башчысы болгон сыяктуу эле, күйөө да аялдын башчысы.

24 Жыйын Машайакка баш ийгендей эле, аялдар да бардык нерседе күйөөлөрүнө баш ийишсин.

25 Күйөөлөр, аялыңарды Машайак Жыйынды сүйгөндөй сүйгүлө. Машайак Жыйын үчүн Өзүн берген.

26 Ал Жыйынды сөз менен, суу менен жууп тазалап, ыйыктоо үчүн;

27 тагы, кемчилиги же ушул сыяктуу бир нерсеси жок, ыйык жана кемчиликсиз кылып, Өзүнүн алдына даңктуу кылып коюу үчүн Өзүн берген.

28 Ошол сыяктуу эле күйөөлөр да аялдарын өздөрүнүн денесин сүйгөндөй сүйүшү керек. Аялын сүйгөн адам өзүн сүйөт.

29 Анткени эч ким эч качан өзүнүн денесин жек көрбөйт, тескерисинче, Машайак Жыйын үчүн кам көргөн сыяктуу, өз денесин азыктандырат, жылытат,

30 анткени биз Анын дене мүчөлөрүбүз. Анын этинен жана сөөгүнөн жаратылганбыз.

31 «Ошондуктан адам ата-энесин таштап, аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот».

32 Бул сыр аябай терең, менин айтканым Машайакка жана Жыйынга тиешелүү.

33 Силерге тиешелүүсү болсо бул: күйөөсү аялын өзүн сүйгөндөй сүйсүн, аял болсо күйөөсүн урматтасын.

**6-БӨЛҮМ**

**Балдар жана ата-энелер**

1 Балдар, ата-энеңерге баш ийгиле, бул Теңирге жагат, анткени ушундай кылганыңар туура.

2 «Ата-энеңди сыйла» деген осуят – убадалуу осуяттардын биринчиси:

3 «Сага жакшы болушу үчүн жана жер үстүндө өмүрүң узак болушу үчүн, ата-энеңди сыйла».

4 Аталар, силер да балдарыңарды кыжырдантпагыла, аларды Теңирдин үйрөтүүсү жана акыл-насааты менен тарбиялагыла.

**Кулдар жана кожоюндар**

5 Кулдар, кожоюнуңарга Машайакка баш ийгендей, чын жүрөктөн, коркунуч жана титирөө менен баш ийгиле.

6 Бирок адамдарга жагынуучуларга окшоп көзгө көрүнүш үчүн баш ийбегиле, тескерисинче, Машайактын кулдары катары Кудайдын эркин чын жүрөктөн аткарып,

7 адамдарга эмес, Теңирге кызмат кылгандай, тырышчаактык менен кызмат кылып баш ийгиле.

8 Анткени кул болобу, эркин адам болобу, ар ким өзүнүн кылган жакшы ишине жараша Теңирден тиешесин аларын билесиңер.

9 Кожоюндар, силер да кулдарыңарга катаал мамиле жасабагыла, анткени алардын да, силердин да үстүңөрдө, асманда Кожоюнуңар бар экендигин, Анда бет карамалык жок экенин билесиңер.

**Рухий курал-жарак**

10 Акырында айтарым, Теңирден жана Анын кудуреттүү күчүнөн күч алгыла.

11 Шайтандын айла-амалдарына каршы тура алуу үчүн, Кудайдын бардык курал-жарагын кийгиле,

12 анткени биз адамдарга каршы эмес, башчыларга, бийликтерге, бул караңгы дүйнөнүн башкаруучуларына жана асман астындагы жаман рухтарга каршы күрөшөбүз.

13 Ошондуктан кыйын күндөрдө каршы тура алышыңар үчүн, бардыгын жеңип, туруштук бере алышыңар үчүн, Кудайдын бардык курал-жарагын алгыла.

14 Ошентип, чындык менен курчанып, адилдикти соот кылып кийип,

15 бут кийиминерди кийип, тынчтык жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратууга даяр тургула.

16 Баарынан мурун амалкөйдүн оттуу жебелеринин баарын өчүрө алышыңар үчүн, ишенимди калкан кылып алгыла.

17 Ошондой эле куткарылгандыгыңарды туулга кылып кийип, Кудай Сөзүн – рухий кылычты алгыла.

18 Жалынуу жана суралуу менен, бардык учурда Рухтун жетеги менен сыйынгыла. Дайыма сергек болуп, туруктуулук менен сыйынгыла, бардык ыйыктар үчүн,

19 ошондой эле мен үчүн сыйынгыла: мага керектүү сөз берилсин, Жакшы Кабардын сырын кайраттуулук менен ачык жарыялагыдай болоюн.

20 Жакшы Кабар үчүн мен элчилик кызматты кишенде жүрүп аткарып жатам. Ошондуктан Жакшы Кабарды кайраттуулук менен, кандай таратышым керек болсо, ошондой таратышым үчүн сыйынып тургула.

**Акыркы сөз**

21 Менин абалым, иштерим кандай экендигин силер да билишиңер үчүн, Теңирдин ишенимдүү кызматчысы, сүйүктүү бир тууганыбыз Тихик силерге бүт баарын айтып берет.

22 Мен аны силерге ушул максат менен жиберип жатам, ал силерге биздин абалыбыз жөнүндө билдирип, силерди сооротот.

23 Кудай Атадан жана Теңир Ыйса Машайактан бир туугандарга тынчтык, ишеним жана сүйүү тилейм.

24 Теңирибиз Ыйса Машайакты өзгөрүлбөс сүйүү менен сүйгөндөрдүн бардыгына Кудай ырайымын төгө берсин! Оомийин.

**ФИЛИПИЛИКТЕРГЕ ЖАЗЫЛГАН КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Филипидеги Жыйын башчылары жана диакондор менен бирге эле Машайак Ыйсанын бардык ыйыктарына Машайак Ыйсанын кулдары Пабыл менен Тиметейден салам!

2 Кудай Атабыз жана Теңирибиз Ыйса Машайак силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!

**Пабылдын ыраазычылык билдирүүсү жана сыйынуусу**

3 Силерди эстеген сайын, Кудайыма ыраазычылык билдирем.

4 Сыйынган сайын, баарыңар үчүн ар дайым кубаныч менен сыйынам.

5 Себеби силер биринчи күндөн тартып азыркыга чейин Жакшы Кабар таратуу ишинде бизге кызматташ болуп келе жатасыңар.

6 Силерде баштаган жакшы ишин Кудай Ыйса Машайактын күнүнө чейин аягына чыгарарына бекем ишенем.

7 Баарыңар жөнүндө мен ушундай ойлоого тийишмин. Силер ар дайым менин жүрөгүмдөсүңөр, анткени кишенде жүргөнүмдө болобу, Жакшы Кабарды коргоп, бекемдеп жатканымда болобу, баарыңар мени менен бирге ырайымга шериктешсиңер.

8 Баарыңарды Ыйса Машайактын сүйүүсү менен сүйөрүмө Кудай күбө.

9 Силердин сүйүүңөр таанып билүү жана ар кандай сезимталдык жагынан өсө бериши үчүн сыйынам.

10 Эң жакшысын ажырата билип, Машайактын күнүндө таза жана кемчиликсиз болушуңар үчүн,

11 Кудай даңкталышы жана макталышы үчүн, Ыйса Машайак аркылуу адилдиктин жемишине артыгы менен ээ болушуңар үчүн сыйынам.

**Машайак – мен үчүн өмүр**

12 Бир туугандар, мен туш болгон жагдайлар Жакшы Кабар таратылышы үчүн жакшы шарт түзүп бергенин билишиңерди каалайм.

13 Машайак үчүн кишенделгеним падыша сарайынын бардык сакчыларына жана башкаларга маалым болду.

14 Менин кишендерим Теңир жолундагы бир туугандардын көбүнө дем берди. Алар Кудай Сөзүн кайраттуулук менен, коркпостон тарата башташты.

15 Ырас, кээ бирөөлөрү Машайак жөнүндө таза ниет менен, кээ бирөөлөрү ичи тардык жана атаандаштык менен жар салып жатышат.

16 Жакшы Кабарды коргоо мага дайындалганын билишип, кээ бирөөлөрү сүйүү менен жар салып жатышат.

17 Дагы бирөөлөрү болсо туткунда жаткан мага азап тарттыруу үчүн, Машайак жөнүндө таза ниет менен эмес, атаандаштык менен жар салып жатышат.

18 Анткорлонуп болобу же чын жүрөктөн болобу, кандай болсо да, Машайак жөнүндө жар салып жатышат. Мен буга кубанам жана кубана бермекчимин.

19 Анткени силердин сыйынууңар жана Теңир Ыйсанын Рухунун колдоосу менин кутулуума шарт түзөрүн билем.

20 Эч нерседе уятка калбайм деп бекем ишенем жана үмүттөнөм. Машайак менин денем аркылуу ар дайым даңкталып келгендей, мындан ары да, жашасам да, өлсөм да даңкталат деп, кайраттуулук менен айта алам.

21 Мен үчүн өмүр – Машайак, ал эми өлүм – утуп алуу.

22 Эгерде жердеги жашоом үзүрлүү эмгек менен коштолуп жатса, анда кайсынысын тандап алууну билбейм.

23 Мен тигинисине да, мунусуна да тартылам. Бул дүйнөдөн кетип, Машайак менен бирге болгум келет, анткени бул эң жакшы.

24 Бирок калганым силер үчүн пайдалуу.

25 Ишеним жолунда ийгиликке жетип, кубанычка ээ болушуңар үчүн, каларымды жана баарыңар менен бирге болорумду жакшы билем.

26 Ошентип, силерге экинчи ирет барганымда, мен аркылуу Машайак Ыйсаны көбүрөөк мактай аласыңар.

27 Бирок Машайактын Жакшы Кабарына татыктуу жашагыла. Барып, силерди көрсөм да, силерден алыс жүрсөм да, силер тууралуу «Жакшы Кабар таратылышы үчүн бир ой, бир тилек менен бардык күч-аракетин жумшап жатышат» деген сөздү уккандай болоюн.

28 Силерге каршы чыккан адамдардан эч коркпогула. Бул – алар үчүн өлүмдүн, ал эми силер үчүн куткарылуунун белгиси, бул Кудайдан.

29 Анткени силерге Машайакка ишенүү гана эмес, Ал үчүн азап чегүү артыкчылыгы да берилген.

30 Мындай күрөштү мурун менин жашоомдон көргөн болсоңор, азыр угуп жатасыңар.

## 2-БӨЛҮМ

### Ыйсага ишенгендердин момундугу жана Ыйсанын момундугу

1 Ошентип, эгерде силерде Машайактан келген кандайдыр бир сооронуу, кандайдыр бир сүйүү кубанычы, Рух менен болгон кандайдыр бир баарлашуу, кандайдыр бир кайрымдуулук жана боорукердик бар болсо,

2 анда мени кубанткыла: бир ойго, ошол эле сүйүүгө ээ болгула, ынтымактуу жана бир пикирдүү болгула.

3 Эч бир нерсени атаандаштык жана көйрөңдүк менен кылбагыла, тескерисинче, момундук менен башкаларды өзүңөрдөн жогору санагыла.

4 Ар кимиң өзүңдү гана эмес, өзгөнү да ойло.

5 Анткени силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болушу керек.

6 Ал Кудайдын бейнеси болгонуна карабастан, Өзүнүн Кудай менен теңдигин олжо деп эсептеген жок.

7 Бирок кул кейпин кийип, адамга окшош болуп, сырткы көрүнүшү боюнча адамдай болуп, Өзүн Өзү басынтты.

8 Өлгөнгө чейин, айкаш жыгачта өлгөнгө чейин тил алчаак болуп, Өзүн басынтты.

9 Ошондуктан Кудай Аны жогорулатып, Ага бардык ысымдардан жогору ысым берди.

10 Ыйсанын ысымынын алдында асмандагылардын, жердегилердин жана жер түпкүрүндөгүлөрдүн баары тизе бүгүшү үчүн,

11 «Ыйса Машайак – Теңир, Кудай Атанын даңкы» деп, ар бир тил ачык таанышы үчүн ушундай кылды.

**Жаныңардын куткарылышы үчүн кам көргүлө**

12 Ошентип, менин сүйүктүүлөрүм, араңарда болгонумда гана эмес, айрыкча, азыр араңарда жок болгонумда да, дайыма тил алчаак болгонуңардай эле, куткарылууңарды коркуу жана титирөө менен жүзөгө ашыргыла.

13 Анткени Кудай силердеги тилекти да, аракетти да Өзүнүн жакшы ниети боюнча жаратат.

14-15 Бул дүйнөдө жылдыздай жаркырап турушуңар үчүн, кежир, бузулган бул муундун арасында Кудайдын таза, кемчиликсиз, кемтиксиз уулдары болушуңар үчүн, бардыгын наалыбастан, шектенбестен кылгыла.

16 Бекерге чуркап, эмгегим текке кетпей, Машайактын күнүндө силер менен сыймыктангыдай болушум үчүн, өмүр сөзүн бекем туткула.

17 Ишеним кызматыңар жана курмандыгыңар үчүн курмандык боло турган болсом, мен кубанам, баарыңар менен бирге кубанам.

18 Буга силер да кубангыла, мени менен бирге кубангыла.

**Тиметей жана Эпафродит**

19 Силердин ал-абалыңарды билип, көңүлүм тынчыш үчүн, жакында силерге Тиметейди жиберем деп, Ыйса Теңирден үмүттөнөм.

20 Анткени силер үчүн чындап кам көргөн андан башка эч кимим жок.

21 Анткени баары тең эле Ыйса Машайакка жакканды эмес, өздөрүнө жакканды көздөшөт.

22 Анын ишенимдүү экенин билесиңер. Анткени Жакшы Кабар таратуу ишинде ал мага уулу атасына кызмат кылгандай кызмат кылды.

23 Менин эмне болорум белгилүү болор замат аны силерге жөнөтөм деген үмүтүм бар.

24 Жакында өзүм да барып калам деп, Теңирге бекем ишенем.

25 Мени менен бирге иштеген, бирге күрөшкөн, муктаж болуп турганымда жардамчы болгон, өзүңөр жиберген бир тууганыбыз Эпафродитти силерге кайра жиберүүнү зарыл деп таптым.

26 Анткени ал баарыңарды абдан сагынды, өзүнүн ооруп калганы тууралуу силердин да кабардар болгонуңарга аябай тынчсызданды.

27 Чынында эле, ал катуу ооруп, өлүм алдында жаткан эле. Бирок Кудай ага ырайым кылды, ага гана эмес, кайгыма кайгы кошулбашы үчүн, мага да ырайым кылды.

28 Аны кайра көрүп кубанышыңар үчүн, өзүм да бир аз кубанып калышым үчүн, аны силерге жиберүүгө шаштым.

29 Аны Теңирдин урматына кубаныч менен кабыл алгыла, мындай адамдарды сыйлагыла.

30 Силерди жоктотпой, мага кызмат кылуу үчүн, ал өз өмүрүн тобокелге салды. Машайактын иши үчүн өлүмгө да баш байлады.

**3-БӨЛҮМ**

**Чыныгы адилдик**

1 Акырында айтарым, бир туугандарым, Теңир менен кубангыла. Муну кайталап жазуу мен үчүн оор эмес, силер үчүн болсо пайдалуу.

2 Иттерден сактангыла, жамандык кылуучулардан сактангыла, жалган сүннөттөн сактангыла.

3 Анткени чыныгы сүннөт бизбиз, себеби Кудайдын Руху менен кызмат кылгандарданбыз, Машайак Ыйса менен мактангандарданбыз, денеге таянгандардан эмеспиз.

4 Дегинкиси, денеме таянууга менде негиз бар. Эгерде кимдир бирөө денесине таянам дей турган болсо, анда мен денеме ага караганда көбүрөөк таяна алам.

5 Сегизинчи күнү сүннөткө отургузулгамын, Ысрайыл тукумунун Бенжемин уруусунанмын, эврейден чыккан эврейимин, окутуу боюнча фарисеймин,

6 кызганчаактык жагынан Жыйынды куугунтуктоочумун, мыйзамдын негизиндеги адилеттик боюнча кемчиликсизмин.

7 Бирок Машайак үчүн өзүмдүн артыкчылыктарымды пайдасыз деп эсептедим.

8 Теңирим Машайак Ыйсаны таанып билүү артыкчылыгы үчүн башка нерсенин баарын пайдасыз деп эсептейм. Ал үчүн баарынан баш тарттым, Машайакка ээ болуу үчүн,

9 мыйзамдан келген өз адилдигим менен эмес, Машайакка болгон ишеним аркылуу, ишенимдин негизинде Кудайдан келген адилдик менен, Ал аркылуу адил деп табылышым үчүн,

10 Аны жана Аны тирилткен күчтү таанып билиш үчүн, Анын тарткан азаптарына ортоктош болуш үчүн, Ага окшоп өлүп,

11 өлгөндөр менен бирге тирилиш үчүн, баарын таштанды деп эсептейм.

**Жеткилеңдикке умтулуу**

12 Мен мунун баарына жеттим же жеткилең болдум дебейм. Бирок Машайак Ыйса мага жеткен сыяктуу, мен да жетүүгө аракет кылам.

13 Бир туугандар, мен өзүмдү жеттим деп ойлобойм. Болгону, арттагыны унутуп, алдыга умтулам.

14 Максатыма – Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу бере турган жогорку сыйлыгына умтулуп жатам.

15 Ошентип, арабызда ким жеткилең болсо, ушундай ой жүгүртсүн. Эмне жөнүндө башкача ой жүгүртүп жатсаңар, ошону Кудай силерге ачып берет.

16 Эмнеге жеткен болсок, ошого жараша ой жүгүртүп, ошого ылайык жашайлы.

17 Бир туугандар, менден үлгү алгыла. Бизден алган үлгү боюнча жашап жаткандарды карагыла.

18 Анткени Машайактын айкаш жыгачынын душмандары катары жашагандар көп. Алар жөнүндө мен силерге мурун да көп айткам, азыр да көз жаш менен айтып жатам.

19 Алардын акыры – өлүм, алардын кудайы – курсак, алар уятсыз иштери менен мактанышат, алар жердеги жөнүндө ойлошот.

20 Ал эми биздин мекенибиз асманда. Асмандан Куткаруучубузду – Теңирибиз Ыйса Машайакты күтүп жатабыз.

21 Ал Өзүнүн бардыгын багындыра ала турган кудуреттүү күчү менен биздин даңкынан ажыраган денебизди өзгөртүп, Өзүнүн даңктуу денесиндей кылат.

**4-БӨЛҮМ**

**Акыркы насаат**

1 Ошентип, мен сүйгөн жана сагынган бир туугандар, силер менин кубанычым жана таажымсыңар, Теңир жолунда бекем тургула, сүйүктүүлөрүм.

2 Эйдиядан жана Синтихеден өтүнөрүм, Теңир жолунда оюңар бир болсун.

3 Жан досум, сенден да өтүнөм, бул аялдарга жардам бер. Анткени алар мени менен, Килемес менен жана ысымдары өмүр китебине жазылган башка кызматташтарым менен бирге Жакшы Кабар таратуу ишине катышышты.

4 Ар дайым Теңир менен кубангыла, дагы да айтам: кубангыла.

5 Силердин момундугуңар бардык адамдарга маалым болсун, Теңир жакын.

6 Эч нерсе тууралуу кам санабагыла, ар дайым сыйынганда жана жалынганда, каалооңорду ыраазычылык билдирүү менен Кудайга айткыла.

7 Ошондо Кудайдын акыл жеткис тынчтыгы силердин жүрөгүңөрдү жана ойлоруңарды Машайак Ыйса аркылуу сактайт.

8 Ошентип, бир туугандарым, эмне чындык, эмне туура, эмне адилеттүү, эмне таза болсо, эмне адептүүлүккө жатса, эмне мактоого арзырлык болсо, ошол жөнүндө ойлогула.

9 Менден эмнени үйрөнсөңөр, эмнени кабыл алсаңар, эмнени уксаңар, эмнени көрсөңөр, ошону аткаргыла. Ошондо тынчтыктын булагы болгон Кудай силер менен болот.

**Элчинин ыраазычылык билдирүүсү**

10 Мага кайрадан кам көрө баштаганыңар үчүн, Теңир менен абдан кубандым. Буга чейин деле мага кам көрүүнү ойлочусуңар, бирок ишке ашырууга ыңгайы келбей жүргөн.

11 Муну муктаж болгонумдан улам айтып жаткан жокмун, себеби болгонуна ыраазы болууга үйрөнгөм:

12 жокчулукта да, молчулукта да жашай алам. Мен бардыгына үйрөнгөм: ачкачылыкка да, токчулукка да, барга да, жокко да көнгөм.

13 Мага күч-кубат берген Ыйса Машайак аркылуу бардыгын кыла алам.

14 Бирок менин кайгыма ортоктош болгонуңар жакшы болду.

15 Филипиликтер, өзүңөр билесиңер, Жакшы Кабар таратыла баштаганда, Македониядан кеткенимде, жардам жиберүү жана кабыл алуу ишинде силерден башка эч бир Жыйын мага көмөктөшкөн жок.

16 Тесалоникада жүргөндө муктаж болгонумда, силер мага бир нече ирет жардам жөнөттүңөр.

17 Силерден жардам үмүт этип жаткан жокмун. Силердин пайдаңар үчүн көбөйүп жаткан жемишти каалап жатам.

18 Мен бардыгын алдым, менде бардыгы бар. Эпафродит аркылуу берип жибергендериңерди алдым. Ал тартууларыңар – Кудайга жаккан жыпар жыттуу, жагымдуу курмандыктар.

19 Менин Кудайым силердин бардык кем-карчыңарды Машайак Ыйса аркылуу Өзүнүн даңктуу байлыгы менен толуктайт.

20 Кудай Атабыз кылымдан кылымга даңкталсын! Оомийин.

**Элчинин коштошуусу**

21 Машайак Ыйсага ишенген ар бир ыйыкка салам айткыла. Менин жанымдагы бир туугандардын баары силерге салам айтып жатышат.

22 Бардык ыйыктар, айрыкча падыша сарайындагылар силерге салам айтып жатышат.

23 Баарыңарга Теңирибиз Ыйса Машайак ырайымын төгө берсин! Оомийин.

**ТЕСАЛОНИКАЛЫКТАРГА ЖАЗЫЛГАН БИРИНЧИ КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Кудай Атабыздын жана Теңирибиз Ыйса Машайактын Тесалоника Жыйынына Пабылдан, Сыластан жана Тиметейден салам! Кудай силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!

**Элчинин тесалоникалыктар үчүн Кудайга ыраазычылык билдирүүсү**

2 Сыйынган сайын силерди эсибизге алып, бардыгыңар үчүн ар дайым Кудайга ыраазычылык билдиребиз.

3 Кудай Атабыздын алдында ишеним менен кылып жаткан ишиңерди, сүйүү менен кылып жаткан эмгегиңерди жана Теңирибиз Ыйса Машайакка үмүттөнүү менен чыдамдуулук көрсөтүп жатканыңарды дайыма эскеребиз.

4 Кудай сүйгөн бир туугандарым, силерди Ал тандап алганын билебиз.

5 Себеби биз силерге Жакшы Кабарды сөз менен гана эмес, күч менен, Ыйык Рух менен жана бекем ишеним менен жеткирдик. Силердин араңарда силер үчүн кандай болгонубузду өзүңөр билесиңер.

6 Көп кыйынчылыктарга карабастан, сөздү Ыйык Рухтан келген кубаныч менен кабыл алып, силер бизден жана Теңирден үлгү алуучулар болуп калдыңар.

7 Ошентип, силер Македониядагы жана Ахаядагы бардык ишенгендер үчүн үлгү болуп калдыңар.

8 Анткени Теңир Сөзү силерден Македония менен Ахаяга гана тараган жок. Кудайга болгон ишенимиңер бардык жерге тарады, бизге бул тууралуу айтуунун кажети жок.

9 Анткени алар биз жөнүндө, бизди кандай кабыл алганыңар жөнүндө, тирүү, чыныгы Кудайга кызмат кылуу үчүн, буркандардан баш тартып, Ага кайрылганыңар жөнүндө,

10 өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Уулу Ыйсаны асмандан күтүп жатканыңар жөнүндө айтып жатышат. Ал бизди келечектеги каардан куткарат.

**2-БӨЛҮМ**

**Пабылдын Тесалоникадагы кызматы**

1 Бир туугандар, биздин силерге барганыбыз пайдасыз болбогонун билесиңер.

2 Бирок буга чейин биздин Филипиде азап чегип, кордук көргөнүбүздү өзүңөр билесиңер. Катуу каршылыктарга карабастан, Кудайдан кайраттуулук алып, силерге Кудайдын Жакшы Кабарын жарыяладык.

3 Анткени биз силерге насаатты адашкандыктан же арам ой менен айтпайбыз, эч кимди алдабайбыз.

4 Тескерисинче, Кудай ылайык деп таап, Жакшы Кабар таратуу ишин бизге ишенип тапшыргандыктан, биз адамдарга жагуу үчүн эмес, жүрөгүбүздү сынаган Теңирге жагуу үчүн сүйлөйбүз.

5 Өзүңөр билесиңер, биз силерге эч качан жагалданган жокпуз, куулук менен өз пайдабызды көздөгөн жокпуз. Буга Кудай күбө!

6 Силерден да, башкалардан да адамдык атак-даңк издеген жокпуз.

7 Машайактын элчилери катары силерге салабат менен келсек деле болмок, бирок биз баласын бөпөлөгөн энедей болуп, силерге жумшак мамиле кылдык.

8 Силерге болгон сүйүүбүздөн улам биз силерге Жакшы Кабарды таратып гана тим болбостон, өз жаныбызды берүүгө да даяр элек, анткени силер биз үчүн кымбат болуп калдыңар.

9 Бир туугандар, биздин эмгегибиз, кыйналганыбыз силердин эсиңерде: эч кимиңерге оорчулук түшпөшү үчүн, күнү-түнү иштеп жүрүп, силерге Кудайдын Жакшы Кабарын тараттык.

10 Силердин – Ыйсага ишенгендердин алдында өзүбүздү ыйык, адил жана кемчиликсиз алып жүргөндүгүбүзгө өзүңөр күбөсүңөр, Кудай да күбө.

11 Анткени өзүңөр билесиңер, силердин ар бириңерге атасы балдарына кылгандай мамиле кылдык:

12 силерге кайрат берип, силерди сооротуп, силерди Өз падышачылыгына жана даңкына чакырып алган Кудайга татыктуу жашашыңарды өтүндүк.

13 Биз жарыялаган Кудай Сөзүн кабыл алганыңар үчүн, Кудайга дайыма ыраазычылык билдиребиз. Силер муну адамдын сөзү катары эмес, Кудай Сөзү катары кабыл алдыңар, чынында эле бул – Кудай Сөзү. Ыйсага ишенген силерде аракеттенип жаткан да ошол сөз.

14 Анткени силер, бир туугандар, Кудайдын Жүйүт аймагындагы, Машайак Ыйса жолундагы Жыйындарына окшоп кыйынчылык көрүп жатасыңар. Жүйүттөр тарабынан кыйынчылык көрүп жаткан алар сыяктуу силер да өз уруулаштарыңар тарабынан кыйынчылык көрүп жатасыңар.

15 Алар Теңир Ыйсаны өлтүрүштү, Анын пайгамбарларын өлтүрүштү, бизди кууп жиберишти. Кудайга жакканды кылышпайт, адамдардын бардыгына каршылык көрсөтүшөт.

16 Куткарылып калышсын деп, бутпарастарга Жакшы Кабар таратып жатсак, бизге тоскоол болуп жатышат. Ушул аркылуу алардын күнөөлөрү чегине жетет. Алар Теңирдин каарына калышты.

**Пабыл тесалоникалыктарды көрүүнү каалайт**

17 Бир туугандар, кыска убакытка силер менен жүз көрүшпөсөк да, жүрөгүбүздө силер менен биргебиз, ошондой болсо да силердин жүзүңөрдү көрсөк деген каалообуз чоң.

18 Биз, мен, Пабыл, силерге баралы деп, бир-эки жолу чыгындык, бирок бизге шайтан кедерги болду.

19 Үмүтүбүз, кубанычыбыз же мактанар таажыбыз ким? Теңирибиз Ыйса Машайак келгенде, Анын алдында ошол нерселерибиз силер эмессиңерби?

20 Ооба, биздин мактанычыбыз да, кубанычыбыз да силерсиңер.

**3-БӨЛҮМ**

**Тиметейдин Тесалоникага жиберилиши**

1 Ошондуктан биз чыдай албай, Афинде өзүбүз эле калып, бир тууганыбыз Тиметейди жибердик.

2 Ал – Кудайдын кызматчысы, Машайактын Жакшы Кабарын таратуу ишинде биздин кызматташыбыз. Аны силерге ишенимиңерди бекемдеши үчүн, силерди сооротушу үчүн,

3 ушул кыйынчылыктардан улам эч кимиңер олку-солку болбошуңар үчүн жибердик. Анткени бизге азап чегүү белгиленгендиги силерге маалым.

4 Азап чегерибиз тууралуу силерге барганыбызда, алдын ала айткан элек, айтканыбыздай болгонун өзүңөр да билесиңер.

5 Ошондуктан мен чыдай албай, ишенимиңер жөнүндө билип келсин деп, Тиметейди жибердим. Силерди азгыруучу азгырып, эмгегибиз текке кеткен жокпу, билейин дедим.

**Тиметейдин кубанычтуу кабар менен кайтып келиши**

6 Тиметей бизге силердин ишенимиңер, сүйүүңөр жөнүндө жакшы кабар менен келди. Силер бизди кубаныч менен эскерериңерди, биз сыяктуу эле силер да бизди көргүңөр келерин айтты.

7 Азыр болсо биз, бир туугандар, азап чегип, муктаж болуп жатканыбызга карабастан, силер жөнүндө, силердин ишенимиңер жөнүндө угуп сооронуп калдык.

8 Анткени силер Теңир жолунда бекем турсаңар эле, биз тирүүбүз.

9 Кудайыбыздын алдында силер үчүн, силер үчүн кубанып жатканыбыз үчүн, Кудайга кандай ыраазычылык билдирсек болот?

10 Жүзүңөрдү көрсөк экен деп, ишенимиңердин жетишпегенин толуктасак экен деп, күнү-түнү чын жүрөктөн сыйынып жатабыз.

11 Кудай Атабыз Өзү жана Теңирибиз Ыйса Машайак биздин жолубузду силерге багыттаса экен.

12 Биздин силерге болгон сүйүүбүз кандай болсо, Теңир силердин бири-бириңерге жана бардык адамдарга болгон сүйүүңөрдү ошондой арттыра берсин.

13 Теңирибиз Ыйса Машайак Өзүнүн бардык ыйыктары менен келгенде, Кудай Атабыздын алдында, ыйыктык жолунда жүрөгүңөр бекем, кемчиликсиз болсун.

**4-БӨЛҮМ**

**Кудайга жаккан жашоо**

1 Бир туугандар, Кудайга жагуу үчүн кандай жашаш керек экендигин бизден үйрөндүңөр. Мындан ары да бул нерседе ийгиликке жетишиңерди Теңирибиз Ыйсанын атынан өтүнүп суранабыз.

2 Силерге Теңирибиз Ыйсанын атынан кандай осуяттарды бергенибизди билесиңер.

3 Кудайдын каалоосу – силердин ыйыкталышыңар: ойноштук кылуудан алыс болгула;

4 ар ким өз денесин ыйык жана таза сактай билсин,

5 Кудайды таанybаган бутпарастарга окшоп дене кумарына батпасын;

6 чектен чыгып, өз бир тууганын пайдаланып, бул нерседе өз кызыкчылыгын көздөбөсүн, анткени Теңир мунун баары үчүн өч алат. Биз мурун силерге бул жөнүндө айтканбыз, эскерткенбиз.

7 Анткени Кудай бизди ыпыластыкка эмес, ыйыктыкка чакырган.

8 Баш ийбеген киши адамга эмес, бизге Өзүнүн Ыйык Рухун берген Кудайга баш ийбеген болот.

9 Силерге бир туугандык сүйүү жөнүндө жазуунун кереги жок, анткени силер Кудайдан бири-бириңерди сүйүүнү үйрөндүңөр.

10 Анткени силер бүтүндөй Македония жериндеги бардык бир туугандарга ушундай мамиле кылып жатасыңар. Бирок, бир туугандар, силерден суранарыбыз: бул нерседе мындан ары да ийгиликке жеткиле,

11 силерге буйруганыбыздай, тынч жашаганга аракет кылгыла, өз ишиңерди кылгыла, өз колуңар менен иштегиле,

12 сырттагылардын алдында туура жашашыңар үчүн, эч нерсеге муктаж болбошуңар үчүн ушундай кылгыла.

**Өлгөндөрдүн тирилери жөнүндө**

13 Бир туугандар, үмүтсүз адамдарга окшоп кайгырбашыңар үчүн, өлгөндөр тууралуу билүүңөрдү каалайм.

14 Ыйсанын өлүп кайра тирилгенине ишенгенибиздей эле, Кудайдын Ыйсага ишенип жүрүп көз жумгандарды да Аны менен бирге алып келерине ишенебиз.

15 Теңирдин сөзүнүн негизинде силерге айтарыбыз бул: Теңир келгенге чейин өлбөй тирүү жүргөн биз өлгөндөрдөн озуп кетпейбиз.

16 Анткени буйрук берилгенде, башкы периштенин жана Кудайдын сурнайынын үнү чыкканда, Теңир Өзү асмандан түшүп келет. Адегенде Машайакка ишенип жүрүп көз жумгандар тирилишет.

17 Андан кийин тирүү жүргөн биз алар менен бирге Теңир менен абада жолугушуу үчүн, булут үстүндө асманга көтөрүлөбүз. Ошентип, түбөлүккө Теңир менен болобуз.

18 Ошондуктан бири-бириңерди ушул сөздөр менен соороткула.

**5-БӨЛҮМ**

**Теңирдин келиши жөнүндө**

1 Бир туугандар, убакыты жана мөөнөтү жөнүндө жазып кереги жок.

2 Теңирдин күнү түн жамынган уурудай болуп келерин силер жакшы билесиңер.

3 «Тынчтык жана коопсуздук», – деп айтышканда, кош бойлуу аялдын толгоосу кармаган сыяктуу, алар күтүлбөгөн жерден өлүмгө дуушар болушат жана андан качып кутула алышпайт.

4 Бирок, бир туугандар, ал Күн силерге ууруга окшоп күтүлбөгөн жерден келгидей, силер караңгыда эмессиңер.

5 Анткени силер, баарыңар, жарыктын уулдарысыңар, күндүн уулдарысыңар. Биз караңгынын да, түндүн да уулдары эмеспиз.

6 Ошондуктан башкаларга окшоп уктабайлы. Тескерисинче, сергек жана эстүү бололу.

7 Себеби уктагандар түнкүсүн укташат, ичкендер түнкүсүн ичишет.

8 Биз болсо күндүн уулдарыбыз, ошондуктан эстүү бололу. Ишеним менен сүйүүнү соот кылып, куткарылуу үмүтүн туулга кылып киели.

9 Анткени Кудай бизди каарга эмес, биз үчүн өлгөн Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу куткарылууга белгилеген.

10 Сергек болсок да, уктасак да, Аны менен жашашыбыз үчүн, Ал ушундай кылган.

11 Ошондуктан бири-бириңерге кайрат берип, акыл-насаат айтып жатканыңардай эле, мындан ары да ошондой кыла бергиле.

**Акыркы акыл-насаат**

12 Бир туугандар, силерден суранарыбыз, араңарда эмгектенип жаткандарды, Теңир жолундагы жетекчилериңерди жана насаатчыларыңарды сыйлагыла.

13 Аларды кылган эмгеги үчүн өзгөчө сыйлагыла, сүйгүлө. Өз ара тынчтыкта болгула.

14 Силерден өтүнөрүбүз, бир туугандар, ээнбаштык кылгандарды эскерткиле, коркокторго кайрат бергиле, алсыздарды колдогула, баарына чыдамдуулук көрсөткүлө.

15 Жамандыкка жамандык менен жооп бербегиле, тескерисинче, ар дайым бири-бириңерге жана бардыгына жакшылык кылгыла.

16 Дайыма кубангыла.

17 Үзгүлтүксүз сыйынгыла.

18 Бардыгы үчүн ыраазычылык билдиргиле, анткени Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу силерге ачылган эрки ушундай.

19 Рухту өчүрбөгүлө.

20 Пайгамбарчылыктарга маани бербей койбогула.

21 Бардыгын сынагыла, жакшысын кабыл алгыла.

22 Ар кандай жамандыктан алыс болгула.

23 Тынчтыктын булагы болгон Кудай Өзү силерди толугу менен ыйык кылсын. Рухуңар, жаныңар жана денеңер Теңирибиз Ыйса Машайак келгенге чейин эч кемчиликсиз, толук сакталсын.

24 Силерди чакырып алган Кудай ишенимдүү, Ал ишке ашырат.

25 Бир туугандар, биз үчүн сыйынгыла.

26 Бардык бир туугандарды өөп, салам айтып койгула.

27 Бул катты бардык ыйык бир туугандарга окуп беришиңерди Теңирдин атынан суранам.

28 Теңирибиз Ыйса Машайак баарыңарга ырайымын төгө берсин! Оомийин.

**ТЕСАЛОНИКАЛЫКТАРГА ЖАЗЫЛГАН ЭКИНЧИ КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Кудай Атабыздын жана Теңирибиз Ыйса Машайактын Тесалоника Жыйынына Пабылдан, Сыластан жана Тиметейден салам!

2 Кудай Атабыз жана Теңирибиз Ыйса Машайак силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!

3 Бир туугандар, Кудайга ар дайым ыраазычылык билдиришибиз керек, ошенткенибиз туура, анткени силердин ишенимиңер өсүүдө, баарыңардын бири-бириңерге болгон сүйүүңөр артууда.

4 Ошондуктан биз Кудайдын Жыйындарында силер менен мактанып жатабыз. Башыңардан кечирип жаткан куугунтуктар, кыйынчылыктар учурундагы чыдамдуулугуңар, ишенимиңер менен мактанып жатабыз.

5 Ушуларды башыңардан кечирип жаткандыгыңар – Кудайдын адилет соту боло тургандыгынын белгиси. Кудайдын Падышачылыгы үчүн азап чегип жаткан силер Кудайдын адилет сотунун негизинде Кудайдын Падышачылыгына татыктуу деп табыласыңар.

6 Кудай адилеттүү: силерди кордогондорго Ал кордук көрсөтөт,

7 кордолуп жаткан силерге жана бизге кубаныч тартуулайт. Теңир Ыйса Өзүнүн күчтүү периштелери менен, жалындаган от менен асмандан келгенде ушундай болот.

8 Ошондо Ал Кудайды таанывагандарды жана биздин Теңирибиз Ыйса Машайактын Жакшы Кабарына баш ийбегендерди жазалайт.

9 Алар Теңирден жана Анын кудуретинин даңкынан ажырап, түбөлүк өлүм жазасына тартылышат.

10 Мунун бардыгы Теңирибиз Ыйса Машайак Өзүнүн бардык ыйыктарынын арасында даңкталыш үчүн жана бардык ишенгендер аркылуу таң калтырарлык улуулугу менен көрүнүш үчүн келген күнү болот. Алардын ичине силер да киресиңер, анткени биздин күбөлөндүрүүбүзгө ишенгенсиңер.

11 Ошондуктан биз Кудайыбыздын жана Теңирибиз Ыйса Машайактын ырайымына ылайык Теңирибиз Ыйса Машайактын ысымы силер аркылуу даңкталышы үчүн жана силер Ал аркылуу даңкталышыңар үчүн,

12 Кудайыбыз силерди Өзүнүн чакырыгына татыктуу кылсын деп, жакшы иштерди кылууга болгон ниетиңерди ишке ашырсын деп, ишенимден улам кыла турган иштериңерди Өзүнүн күчү менен аягына чыгарсын деп, силер үчүн дайыма сыйынабыз.

**2-БӨЛҮМ**

**Машайак келерден мурун мыйзамсыз адам ачыкка чыгат**

1 Бир туугандар, Теңирибиз Ыйса Машайактын келиши жөнүндө жана биздин Аны менен биригүүбүз жөнүндө айта турган болсок, мындай өтүнүчүбүз бар:

2 «Машайак келип калды» деген рухка же сөзгө, же биздин атыбыздан жазылгансыган катка таянып, дүрбөлөңгө түшпөгүлө, үрөйүңөрдү учурбагыла.

3 Силерди эч ким эч бир жол менен адаштырбасын, анткени адегенде Кудайдан четтей турган учур келет; өлүм уулу, күнөөнүн адамы, ачыкка чыгат;

4 ал Кудай деп аталгандын же ыйык деп аталгандын бардыгына каршы чыгып, өзүн жогору көтөрөт; Кудайдын ийбадатканасында отуруп, өзүн Кудай кылып көрсөтөт.

5 Араңарда жүргөнүмдө, ушул жөнүндө айтканым эсиңерде жокпу?

6 Белгиленген убакытта ачыкка чыгышы үчүн, аны азыр эмне токтотуп жатканын силер билесиңер.

7 Анткени мыйзамсыздыктын жашыруун сыры азыр аракетте, бирок токтотуп туруучу алынмайынча, ал ачыкка чыкпайт.

8 Ошондон кийин гана мыйзамсыз адам ачыкка чыгат, аны Теңир Ыйса оозунун деми менен өлтүрөт, Өзүнүн келгендеги көрүнүшү аркылуу жок кылат.

9 Мыйзамсыз адамдын келиши шайтандын аракети боюнча болот. Анын келиши ар кандай күчтөр, белгилер жана жалган ажайыптар менен,

10 куткара турган чындыкты сүйбөгөндүктөрү үчүн өлүмгө дуушар боло тургандарды адаштыруучу азгырыктар менен коштолот.

11 Ошондуктан жалган нерселерге ишениши үчүн, Кудай аларга адаштыруучу күч жиберет.

12 Ошентип, жалганды жакшы көрүп, чындыкка ишенбегендердин баары соттолот.

**Ишеним жолунда бекем болуу**

13 Теңир сүйгөн бир туугандарым, биз силер үчүн Кудайга дайыма ыраазычылык билдирүүгө милдеттүүбүз, анткени Рух аркылуу ыйыкталып, чындыкка болгон ишенимиңер аркылуу куткарылышыңар үчүн, Кудай силерди башында эле тандап алган.

14 Ал силерди биз тараткан Жакшы Кабар аркылуу куткарылып, Теңирибиз Ыйса Машайактын даңкына жетишиңер үчүн чакырып алды.

15 Ошентип, бир туугандарым, бекем тургула! Сөзүбүз аркылуу, катыбыз аркылуу үйрөткөндөрүбүздү сактагыла.

16 Теңирибиз Ыйса Машайак Өзү жана бизди сүйгөн, Өз ырайымы менен бизди түбөлүк сооротkон, бизге жакшы үмүт берген Кудай Атабыз

17 силерди сооротсун жана силерге ар кандай жакшы иштерди кылууга, жакшы сөз сүйлөөгө күч берсин.

**3-БӨЛҮМ**

**Сыйынып туруу жөнүндө өтүнүч**

1 Бир туугандар, биз үчүн сыйынып тургула, силердегидей эле бизде да Кудайдын Сөзү таратылсын жана даңкталсын.

2 Адепсиз, жаман адамдардан кутулушубуз үчүн да сыйынгыла, анткени баарында эле ишеним жок.

3 Бирок Теңир ишенимдүү, Ал силерди бекемдейт жана амалкөйдөн сактайт.

4 Теңир жолунда силер тууралуу биздин мындай бекем ишенимибиз бар: силер биздин буйруктарыбызды аткарып жатасыңар жана аткарасыңар.

5 Теңир силердин жүрөгүңөрдү Кудайдын сүйүүсүнө жана Машайактын чыдамдуулугуна багыттасын.

**Жалкоолукка каршы эскертүү**

6 Бир туугандар, Теңирибиз Ыйса Машайактын атынан буюрабыз: биздин силерге үйрөткөнүбүз боюнча эмес, оюна келгенин кылган ар бир бир тууганды алыс болгула.

7 Бизден кандай үлгү алуу керектигин билесиңер, анткени биз силердин араңарда жүргөнүбүздө, адепсиздик кылган эмеспиз.

8 Эч кимдин нанын бекер жеген эмеспиз, эч кимиңерге оорчулук келтирбеш үчүн, болгон күчүбүздү жумшап, күнү-түнү иштедик.

9 Укугубуздун жоктугунан эмес, силер бизди туурашыңар үчүн, силерге үлгү бололу деп ошенттик.

10 Анткени биз араңарда жүргөнүбүздө, силерге «Ким иштегиси келбесе, ал жебеши да керек» деген көрсөтмө бергенбиз.

11 Бирок силердин араңардан кээ бирөөлөр иштебей, болбогон иштер менен алек болуп, оюна келгенин кылып жатышканын угуп жатабыз.

12 Мындайларга Теңирибиз Ыйса Машайактын атынан буйрук кылабыз жана алардан өтүнөбүз: тынч иштеп, өз нанын таап жешсин.

13 Ал эми силер, бир туугандар, жакшылык кылуудан чарчабагыла.

14 Ушул каттагы сөздөрүбүзгө кулак салбаган адамга эскертүү бергиле жана уяткарыш үчүн, аны менен мамиле түзбөгүлө.

15 Бирок аны душман катары көрбөй, бир тууганыңар катары акыл айткыла.

16 Тынчтыктын булагы болгон Теңир Өзү силерге ар дайым бардык нерседе тынчтык берсин! Теңир баарыңар менен болсун!

17 Мен, Пабыл, бул саламымды өз колум менен жазып жатам. Ар бир катымдагы белгим ушул. Мен ушундай жазам.

18 Теңирибиз Ыйса Машайак баарыңарга ырайымын төгө берсин! Оомийин.

**ТИМЕТЕЙГЕ ЖАЗЫЛГАН БИРИНЧИ КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Биздин Куткаруучубуз Кудайдын жана үмүтүбүз Теңир Ыйса Машайактын буйругу боюнча Ыйса Машайактын элчиси болгон Пабылдан

2 ишеним жолундагы чыныгы уулум Тиметейге салам! Сага Атабыз Кудай жана Теңирибиз Машайак Ыйса ырайымын төгүп, боорукердигин көрсөтүп, тынчтыгын бере берсин!

**Жалган окутуучулардан сак болуу**

3 Македонияга кетип жатканымда, мен сенден муну өтүнгөм: Эфесте калып, кээ бирөөлөргө эскерт, алар башка окутууларды таратышпасын,

4 тамсилдер жана аягы жок санжыралар менен алек болушпасын, анткени ал нерселер ишенимди бекемдөөнүн ордуна көптөгөн талаш-тартыштарды туудурат.

5 Акыл-насааттын максаты болсо чын жүрөктөн чыккан сүйүү, таза абийир жана чыныгы ишеним болуп эсептелет.

6 Булардан алыстап, кээ бирөөлөр куру сөзгө кирип кетишти.

7 Алар мыйзам үйрөтүүчү болууну каалашат, бирок эмне жөнүндө айтып жатышканын, эмнени ырастап жатышканын өздөрү түшүнүшпөйт.

8 Ал эми биз мыйзамга ылайык колдонулган мыйзамдын жакшы экенин билебиз.

9 Мыйзам адил адамдар үчүн эмес, тескерисинче, мыйзамсыздар жана баш ийбестер, кудайсыздар жана күнөөкөрлөр, бузулгандар жана ыйык нерсени булгоочулар, ата-энесин өлтүрүүчүлөр, киши өлтүрүүчүлөр,

10 ойноштук кылып нике бузгандар, бачабаздар, адам уурдап сатуучулар, (ушакчылар, малга жанашуучулар), калпычылар, антты бузуучулар жана туура окутууга каршы тургандар үчүн берилгендигин билебиз.

11 Бул окутуу – берекелүү Кудайдын мага ишенип тапшырган даңктуу Жакшы Кабарына ылайык келген окутуу.

**Кудайдын Пабылга көрсөткөн ырайымы**

12 Мага күч берген Теңирибиз Машайак Ыйсага ыраазычылык билдирем, анткени Ал мени ишенимдүү деп таап, кызматка дайындады.

13 Мен мурда Кудайга тил тийгизгем, Ыйсага ишенгендерди куугунтуктагам, кордогом, бирок мага ырайым кылынды, анткени мен буларды билбестиктен жана ишенбегендиктен кылгам.

14 Биздин Теңирибиздин ырайымы мага ишеним жана Машайак Ыйсадагы сүйүү менен кошо мол төгүлдү.

15 «Машайак Ыйса бул дүйнөгө күнөөкөрлөрдү куткаруу үчүн келди» деген сөз туура жана бардык жагынан кабыл алынууга татыктуу. Мен ошол күнөөкөрлөрдүн биринчисимин.

16 Ыйса Машайакка ишенип түбөлүк өмүргө ээ боло тургандарга үлгү кылып көрсөтүү үчүн, Ал Өзүнүн чыдамдуулугун алгач мага көрсөтүп, мага ырайым кылды.

17 Түбөлүктүү Падыша, өлбөс, көрүнбөс, жалгыз акылман Кудай түбөлүккө урматталып, даңктала берсин! Оомийин.

18 Уулум Тиметей, мен сага өзүң жөнүндө айтылган пайгамбарчылыктарга ылайык жакшы аскер сыяктуу согушуп,

19 ишенимиңди жана абийириңди таза сактагын деп кеңеш берем. Кээ бирөөлөр абийирин таза сакташкан жок, ошондуктан алардын ишеними кыйроого учурады.

20 Именей менен Искендер ошондойлордон, Кудайга акарат келтирбөөнү үйрөнүшсүн деп, мен аларды шайтанга тапшырдым.

**2-БӨЛҮМ**

**Сыйынуу жөнүндө**

1 Ошентип, баарынан мурда суранарым: такыбаалык, тазалык менен бейпил жана коогасыз жашашыбыз үчүн,

2 бардык адамдар үчүн, падышалар жана бардык башкаруучулар үчүн сыйынгыла, өтүнгүлө, жалынгыла жана ыраазычылык билдиргиле.

3 Анткени бул жакшы жана биздин Куткаруучубуз Кудайга жагат.

4 Анткени Ал бардык адамдардын куткарылышын, чындыкты таанып билишин каалайт.

5 Анткени Кудай бирөө, Кудай менен адамдардын ортосундагы арачы да бирөө. Ал – адам болуп келген Машайак Ыйса.

6 Ал Өзүн бардык адамдар үчүн кун катары берди: өз убагында берилген күбөлөндүрүү ушул.

7 Мен ошол күбөлөндүрүүнүн жар салуучусу жана элчиси, ишеним жана чындык менен окуткан бутпарастардын окутуучусу болуп дайындалгам. Мен чындыкты айтып жатам, калп айткан жокмун.

**Эркектер менен аялдардын жүрүм-туруму**

8 Ошондуктан мен эркектердин бардык жерде таза колдорун көтөрүп, ачууланбастан жана шектенбестен сыйынууларын каалайм.

9 Ошондой эле аялдар да өздөрүн өргөн чачы, алтын, бермет, кымбат баалуу кийим менен эмес, жөнөкөй кийим менен, уят-сыйыттуулук жана акыл-эстүүлүк менен,

10 өздөрүн такыбаа жашоого арнаган аялдарга таандык болгон жакшы иштер менен жасалгалашсын.

11 Аял киши унчукпастан, толук баш ийүү менен үйрөнсүн.

12 Аял кишинин окутушуна, күйөөсүнө бийлик кылышына тыюу салам, ал унчукпасын.

13 Анткени адегенде Адам ата, андан кийин Обо эне жаратылган.

14 Адам ата азгырылган эмес, аял азгырылып, күнөөгө баткан.

15 Ошондой болсо да, эгерде ишенимди жана сүйүүнү, ыйыктыкты жана адеп-ахлактуулукту сактаса, бала төрөө аркылуу куткарылат.

**3-БӨЛҮМ**

**Жыйын башчылары жөнүндө**

1 «Ким Жыйындын башчысы болууга умтулуп жатса, ал жакшы ишти каалап жатат» деп айтылып жүргөн сөз туура.

2 Бирок Жыйын башчысы кемчиликсиз, бир эле жолу үйлөнгөн адам болушу керек. Ал токтоо, акыл-эстүү, адептүү, чынчыл, меймандос, окутууга жөндөмдүү,

3 ичкиликке жакын эмес, эч кимге кол көтөрбөгөн, көр жеме эмес, дүнүйөкор эмес, тескерисинче, кичи пейил, тынчтыкты сүйгөн, акчаны сүйбөгөн,

4 өз үйүн жакшы башкара билген, балдарын өзүнүн кадыр-баркы менен баш ийдире алган адам болушу керек.

5 Анткени өз үйүн башкара албаган адам Кудайдын Жыйыны үчүн кам көрө алабы?

6 Текеберденип кетип, шайтан сыяктуу сотко кабылбашы үчүн, ал Кудайга жаңы кайрылгандардан болбошу керек.

7 Жаман сөзгө калбаш үчүн, шайтандын торуна түшпөш үчүн, ал сырттагылар тарабынан жакшы күбөлөндүрүүгө ээ болгон адам болушу керек.

**Жыйын кызматчылары жөнүндө**

8 Диакондор да өз кадыр-баркын сактай билген, эки сүйлөбөгөн, ичкиликке жакын эмес, дүнүйөкор эмес,

9 ишенимдин сырын таза абийир менен сактаган адамдар болуулары керек.

10 Бирок булар да адегенде сыналуулары керек, андан кийин, эгерде кемчиликсиз болушса, кызмат кылышсын.

11 Аялдар да өз кадыр-баркын сактай билген, ушак сүйлөбөгөн, акыл-эстүү, бардык нерседе ишенимдүү болуулары керек.

12 Диакон бир эле жолу үйлөнгөн, балдарын жана өз үйүн жакшы башкара билген адам болушу керек.

13 Анткени жакшы кызмат кылгандар жакшы даражага жетишет жана Машайак Ыйсага болгон ишеним жолунда зор кайраттуулукка ээ болушат.

**Ишенимдин жашыруун сыры**

14 Сага жакында барам деген үмүтүм бар болсо да, балким, кечирээк барып каламбы деп, ушул катты жазып жатам.

15 Чындыктын тиреги жана негизи, тирүү Кудайдын Жыйыны болгон Кудайдын үйүндө өзүңдү кандай алып жүрүүнү билишиң керек.

16 Ишенимдин сыры улуу экендиги шексиз: Кудай адам болуп келди, Анын адил экендиги Рух аркылуу далилденди, Ал периштелерге көрүндү, элдер арасында жар салынды, дүйнөдө ишеним аркылуу кабыл алынды, даңк менен жогору көтөрүлдү.

**4-БӨЛҮМ**

**Ишеним жолунан четтөө жөнүндө**

1 Рух болсо мындай деп ачык айтып жатат: акыркы убактарда адаштыруучу рухтарга жана жиндердин окутууларына кулак салып, кээ бирөөлөр ишенимден четтешет.

2 Бул окутуулар абийири күйүп кеткен калпычылардын эки жүздүүлүгү менен таратылат.

3 Алар үйлөнүүгө жана Кудай жараткан кээ бир тамактарды жегенге тыюу салышат. Бирок ал тамактарды ишенгендер менен чындыкты таанып билгендер ыраазычылык билдирүү менен жеши керек.

4 Анткени Кудай жараткан нерсенин бардыгы жакшы. Эгерде ыраазычылык менен кабыл алынса, эч бир нерсе четке кагылбоого тийиш.

5 Себеби алардын бардыгы Кудайдын сөзү жана сыйынуу менен ыйыкталынат.

**Машайактын ишенимдүү кызматчысы**

6 Ушуну бир туугандарга үйрөтсөң, өзүң жолдогон жакшы окутуунун жана ишенимдин сөздөрү менен азыктанган, Ыйса Машайактын жакшы кызматчысы болосуң.

7 Пайдасыз, куру сөздөрдөн кач. Такыбаа болууга машык.

8 Анткени денени машыктыруудан пайда аз, ал эми такыбаалык бардык нерсеге пайдалуу, анда азыркы жана келечектеги жашоо үчүн убадалар камтылган.

9 Бул сөз чындык жана толугу менен кабыл алынууга арзыйт.

10 Анткени биз бардык адамдардын, айрыкча Ыйсага ишенгендердин, Куткаруучусу болгон тирүү Кудайдан үмүттөнгөндүгүбүз үчүн, эмгектенип да, кордукка чыдап да жатабыз.

11 Ушуну айтып үйрөт.

12 Эч ким сени жашсынтпашы үчүн, сен Ыйсага ишенгендерге сөзүң менен, жүрүш-турушуң менен, сүйүүң менен, ишенимиң менен, тазалыгың менен үлгү бол.

13 Мен келгенче, Ыйык Жазууну окуп берип, насаат айтып, үйрөтүп тур.

14 Пайгамбарчылык боюнча Жыйын башчыларынын кол коюп сыйынуусу аркылуу берилген жөндөмдүүлүгүңө көңүл коштук кылба.

15 Ошол үчүн кам көр, ошону таштаба, сенин ийгилигиңди бардыгы көргүдөй болсун.

16 Өзүңө жана окутууга көңүл бур, ушул нерседе туруктуу бол, анткени ошентүү менен өзүңдү да, угуучуларыңды да куткарасың.

**5-БӨЛҮМ**

**Элчинин Жыйын башчысына берген кеңештери**

1 Кары кишини жемелебе, тескерисинче, ага атаң катары, жаштарга бир туугандарың катары,

2 кемпирлерге энең катары, жаш аялдарга эже-карындаштарың катары адеп-ахлактуулук менен акыл-насаат айт.

**Жесирлер жөнүндө**

3 Чыныгы жесир аялдарды сыйла.

4 Эгерде бир жесир аялдын балдары же неберелери болсо, анда алар адегенде өздөрүнүн үй-бүлөсүнө Кудайдан коркуу менен мамиле кылууну жана ата-энелери үчүн кам көрүүнү үйрөнүшсүн, анткени бул Кудайга жагат.

5 Чыныгы жесир, жалгыз бой аял Кудайдан үмүттөнүп, күнү-түнү сыйынат жана жалынат,

6 ал эми ыракатты сүйгөн аял – тирүүлөй өлүк.

7 Кемчиликсиз болуулары үчүн, аларга ушуларды үйрөт.

8 Ким өз туугандары үчүн, айрыкча өз үйүндөгүлөрү үчүн, кам көрбөсө, ал ишенимден баш тарткан, ишенбегендерден да жаман адам.

9 Жашы алтымыштан кем болбогон, бир эле жолу турмушка чыккан, жакшы иштери менен таанымал болгон жесир аял,

10 эгерде балдарын тарбиялап өстүргөн болсо, жолоочуларды кабыл алып, ыйыктардын бутун жууп, кыйналгандарга жардам берип, жакшы иштерди тырышчаактык менен кылып жүрсө, анда ал Жыйындын жесирлер тизмесине киргизилсин.

11 Жаш жесир аялдарды тизмеге киргизбе, анткени алар дене каалоолоруна алдырганда, Машайактын каалоолоруна каршы чыгып, күйөөгө тийүүнү самашат.

12 Алар өздөрүнүн алгачкы чечиминен баш тартышкандыктан, айыпталууга дуушар болушат.

13 Андан сырткары, алар жалкоо болушкандыктан, үйдөн үйгө киргенди адатка айландырып алышат. Алар жалкоо гана эмес, сүйлөөк да болушат, башка бирөөлөрдүн ишине кийлигишишет, керексиз нерселерди сүйлөшөт.

14 Ошондуктан мен жаш жесирлердин күйөөгө тийип, бала төрөп, үй иштерин кылуусун жана душмандын жамандоосуна себепкер болбоосун каалаймын.

15 Анткени алардын ичинен кээ бирлери азгырылып, шайтандын жолуна түшүп кетишти.

16 Эгерде Ыйсага ишенген адамдын, ал эркек болобу, аял болобу, жесир калган жакындары болсо, анда ал аларга жардам берсин, алар Жыйынга жүк болушпасын. Ошондо Жыйын чыныгы жесирлерге жардам бере алат.

**Жыйын жетекчилери жөнүндө**

17 Туура жетекчилик кылган Жыйын жетекчилерине, айрыкча насаат айтып, окутуп кызмат кылгандарга, эки эсе урмат көрсөтүлсүн.

18 Анткени Ыйык Жазууда: «Эгин бастырып жаткан өгүзүңдүн оозун таңба!» жана «Эмгектенген адам эмгек акысын алууга татыктуу», – деп жазылган.

19 Эки же үч күбө болбосо, Жыйын жетекчисине карата айтылган айыптоону кабыл алба.

20 Башкаларда да коркунуч болуш үчүн, күнөө кылгандарды бардыгынын алдында ашкереле.

21 Кудайдын, Теңир Ыйса Машайактын жана тандалган периштелердин алдында сенден суранарым: ушул көрсөтмөлөрдү эч кандай жаман ойсуз сакта, бардык нерседе калыс бол.

22 Башка бирөөлөрдүн күнөөлөрүнө ортоктош болуп калбаш үчүн, бирөөнүн үстүнө кол коюуга шашпа, өзүңдү таза сакта.

23 Мындан ары суу эле иче бербе, ашказаның менен тез-тез кармаган ооруларың үчүн аз-аздан шарап да ичип тур.

24 Кээ бир адамдардын күнөөлөрү сотко чейин эле белгилүү болот, ал эми кээ бирөөлөрдүн күнөөлөрү кийин билинет.

25 Ошол сыяктуу эле жакшы иштер да ачык көрүнүп турат, ачык көрүнбөсө да, жашыруун бойдон калбайт.

**6-БӨЛҮМ**

**Кулдар жана кожоюндар жөнүндө**

1 Кудайдын ысымына жана окутуусуна карата жаман сөз айтылбашы үчүн, кул сыяктуу моюнтурук астында жүргөндөрдүн бардыгы өз кожоюндарын урматталууга татыктуу деп эсептешсин.

2 Кожоюндары Ыйсага ишенгендер болсо, кулдары аларды бир туугандар деп тоотпой коюшпасын, тескерисинче, аларга тырышчаактык менен кызмат кылышсын, анткени жакшылык кылып жаткан кожоюндар – Теңирдин сүйүктүүлөрү. Ушуну айтып үйрөт.

**Жалган окутуу жана акчага кызыгуу жөнүндө**

3 Ким башка нерсени окутса жана туура сөздөрдү – биздин Теңирибиз Ыйса Машайактын сөздөрүн сактабаса, такыбаалык жөнүндөгү окутууну жолдобосо,

4 анда ал текебер, эч нерсе билбейт, ал талашып-тартышуу, курулай айтышуу оорусуна чалдыккан. Бул нерселерден көрө албастык, чыр-чатактар, жамандоолор, жөнү жок шектенүүлөр, курулай талаш-тартыштар келип чыгат.

5 Мындай талаш-тартыштар акылынан айныган, чындыктан алыстап кеткен, такыбаалыкты байлыкка жетүүнүн жолу деп ойлогон адамдардын ортосунда болот. Ошондойлордон алыс бол.

6 Такыбаа болуу жана ыраазы болуу – улуу байлык.

7 Себеби биз бул дүйнөгө эч нерсе алып келген жокпуз, эч нерсе алып кетпестигибиз да белгилүү.

8 Кийгенге кийимибиз, ичкенге тамагыбыз болсо, ошого ыраазы бололу.

9 Ал эми баюуну каалагандар азгырылып, торго түшүшөт; кырсыкка жана өлүмгө дуушар кыла турган, көптөгөн акылсыз, зыяндуу кумарларга батышат.

10 Анткени бүт жамандыктын тамыры – акча жандуулук. Акчага кызыгып, кээ бирөөлөр ишенимден четтеп, өздөрүн өздөрү көптөгөн азап-кайгыга салышты.

**Пабылдын Тиметейге берген кеңеши**

11 Ал эми сен, Кудайдын адамы, ушунун бардыгынан кач, тескерисинче, ишенимиңди, сүйүүңдү өстүрүүгө, адилет, такыбаа, чыдамкай, момун болууга умтул.

12 Ишеним үчүн болгон жакшы күрөштө тырышчаактык менен күрөш, түбөлүк өмүрдү бек тут, анткени сен ошого чакырылгансың жана көп күбөлөрдүн алдында жакшы ырастоону ачык күбөлөндүргөнсүң.

13 Бардыгына өмүр берүүчү Кудайдын алдында жана Понтий Пилаттын алдында жакшы ырастоону ачык күбөлөндүргөн Машайак Ыйсанын алдында мен сага буйрук кыламын:

14 Осуятты Теңирибиз Ыйса Машайак келгенге чейин, туура, так аткар.

15 Бул нерсени мактоого татыктуу, бирден-бир кубаттуу, падышалардын Падышасы, эгедерлердин Эгедери Өзү белгилеп койгон убакта ишке ашырат.

16 Ал – бирден-бир өлбөс, адам жетпей турган жарыкта жашаган Кудай. Аны эч бир адам көргөн эмес, көрө да албайт. Түбөлүк урмат-сый жана бийлик Ага таандык! Оомийин.

**Байлар жөнүндө**

17 Бул дүйнөдөгү байларга мындай деп насаат айт: алар өздөрү жөнүндө жогору ойлошпосун жана өздөрүнүн ишенүүгө болбой турган байлыгына таянышпасын, тескерисинче, биздин жыргалчылыгыбыз үчүн бардыгын мол берүүчү тирүү Кудайга таянышсын.

18 Алар жакшылык кылышсын, жакшы иштерге байышсын, берешен болуп, башкалар менен бөлүшө билишсин.

19 Ошондо алар түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн, өздөрүнө келечек үчүн жакшы негиз боло турган кенч жыйнаган болушат.

**Акыркы эскертүү**

20 Тиметей! Өзүңө ишенип тапшырылганды сакта, пайдасы жок куру сөздөрдөн жана жалган илимдин талаш-тартыштарынан кач.

21 Кээ бирөөлөр ошол илимге берилип, ишенимден четтеп кетишти. Кудай сага ырайымын төгө берсин! Оомийин.

**ТИМЕТЕЙГЕ ЖАЗЫЛГАН ЭКИНЧИ КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Машайак Ыйса аркылуу бериле турган өмүр жөнүндөгү убаданын негизинде, Кудайдын эрки менен Машайак Ыйсанын элчиси болгон Пабылдан

2 сүйүктүү уулум Тиметейге салам! Кудай Атабыз жана Теңирибиз Машайак Ыйса сага ырайымын төгүп, боорукердигин көрсөтүп, тынчтыгын бере берсин!

3 Ата-бабаларым сыяктуу эле, өзүм да таза абийир менен кызмат кылып жаткан Кудайга ыраазычылык билдирем. Күнү-түнү сыйынганымда, ар дайым сени эстейм.

4 Сени ушунчалык көргүм келет, көрсөм, кубанычым артар эле. Коштошкондогу көз жашың эсимде.

5 Сенин чыныгы ишенимиңди эсиме түшүрөм, мындай ишеним адегенде сенин таенең Лойис менен апаң Ойникеде бар эле, сенде да бар деп ишенем.

**Жакшы Кабар таратуу ишинде ишенимдүү болуу**

6 Ошондуктан сага эскерте кетейин: менин кол коюп сыйынуум аркылуу Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат.

7 Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген.

8 Ошондуктан сен Теңирибиз Ыйса Машайакты күбөлөндүрүүдөн жана Ал үчүн туткунга алынган менден уялбагын. Тескерисинче, Жакшы Кабар үчүн башыңа түшкөн кыйынчылыктарга Кудайдын күчү менен чыда.

9 Ал бизди иштерибиздин негизинде эмес, Өзүнүн каалоосунун жана ырайымынын негизинде куткарды, ыйык чакыруусу менен чакырып алды. Бул ырайым бизге кылым менен белгиленген убакыт баштала электен мурун Машайак Ыйса аркылуу көрсөтүлгөн.

10 Бирок бул ырайым азыр Куткаруучубуз Ыйса Машайактын келүүсү аркылуу ачыкка чыкты. Ал өлүмдү жеңип, Жакшы Кабар аркылуу өмүрдү жана өлбөстүктү жарыкка алып чыкты.

11 Мен ошол Жакшы Кабардын таратылышы үчүн насаатчы, элчи жана бутпарастардын окутуучусу болуп дайындалгам.

12 Ошол себептен мен ушундай азап тартып жатам, бирок уялган жокмун. Анткени мен Кимге ишенип калганымды билем жана Ал Өзүнүн мага ишенип тапшырганын ошол Күнгө чейин сактарына ишенем.

13 Менден уккандарыңды туура сөздүн үлгүсү катары ишеним жана Машайак Ыйсадагы сүйүү менен сакта.

14 Сага ишенип тапшырылганды ичибизде жашаган Ыйык Рухтун жардамы менен сакта.

15 Асиялыктардын баары мени таштап кетишкенин сен билесиң. Алардын арасында Пигел менен Эрмоген да бар.

16 Теңир Онесепордун үй-бүлөсүнө ырайым кылсын, анткени ал мени көп жолу сооротту, менин кишенимден уялган жок.

17 Римде жүргөндө, ал бүт аракетин жумшап, мени издеп тапты.

18 Теңир ага ошол Күнү Теңирден ырайым таптырсын. Анын Эфесте кандай кызмат кылганын сен жакшы билесиң.

**2-БӨЛҮМ**

**Ыйса үчүн азап чегүү**

1 Ошентип, уулум, Машайак Ыйсадагы ырайым аркылуу күч алгын.

2 Көп күбөлөрдүн көзүнчө менден укканыңды башкаларды да үйрөтө ала турган, ишенимдүү адамдарга айт.

3 Ыйса Машайактын жакшы жоокериндей болуп кыйынчылыктарга чыда.

4 Эч бир жоокер өзүнүн аскер башчысына жагуу үчүн, тиричилик иштерине байланбайт.

5 Мелдешке чыккан адам мелдештин эрежелерин бузса, таажы албайт.

6 Эмгектенген дыйкан алган түшүмүнөн өзү биринчи ооз тийиши керек.

7 Менин айткандарым жөнүндө ойлон, Теңир болсо сага бардыгын түшүнүүгө жардам берет.

8 Дөөттүн тукумунан чыккан, өлүп кайра тирилген Ыйса Машайакты ар дайым эсиңде сакта. Мен тараткан Жакшы Кабарда Ал жөнүндө ушундай айтылат.

9 Мен ошол Жакшы Кабар үчүн азап тартып жатам, атүгүл, кылмышкер сыяктуу кишенделдим, бирок Кудайдын сөзү кишенделбейт.

10 Ошондуктан мен тандалгандар үчүн, алар да Машайак Ыйса аркылуу куткарылышсын деп, бардыгына чыдап жатам. Бул куткарылуу түбөлүк даңк менен коштолот.

11 Бул сөздөр чындык: эгерде биз Аны менен кошо өлгөн болсок, анда Аны менен кошо тирилебиз;

12 эгерде чыдасак, анда Аны менен бирге падышачылык кылабыз; эгерде Андан баш тартсак, Ал да бизден баш тартат;

13 эгерде биз ишенимсиз болсок, Ал ишенимдүү бойдон кала берет, анткени Ал Өзүнө Өзү каршы чыга албайт.

**Кудайдын ишенимдүү кызматчысы**

14 Ушуну бардыгынын эсине сал. Теңирдин алдында эскерт: сөз үчүн талашып-тартышышпасын. Анткени сөз үчүн талашып-тартышуу эч кандай пайда алып келбейт, тескерисинче, угуп тургандардын башын маң кылат.

15 Кудайдын алдында сыноодон өткөн, уятка калбаган, чындык сөзүн туура жеткирген кызматчы болууга аракеттенгин.

16 Пайдасыз, куру сөздөрдөн кач, анткени куру сөз менен алек болгондор адилетсиздик жолунда илгерилешет.

17 Алардын сөзү денеге тараган рак оорусу сыяктуу тарайт. Именей менен Пилет ошондойлордон.

18 Алар кайра тирилүү болуп өттү деп, чындыктан четтеп кетишти жана кээ бирөөлөрдү ишенимден тайытып жатышат.

19 Бирок Кудайдын бекем негизи бек турат, анын төмөнкүдөй мөөрү бар: «Теңир Өзүнө тиешелүүлөрдү билет» жана «Теңирдин ысымын оозуна алган ар бир адам адилетсиздиктен четтесин».

20 Бир чоң үйдө алтын жана күмүш идиштер гана эмес, жыгачтан жана чоподон жасалган идиштер да бар. Бирөөлөрү сыйга урунулат, бирөөлөрү күндө урунулат.

21 Ошондуктан ким өзүн ушулардан тазаласа, ал сыйга урунула турган, ыйыкталган, Кожоюндун керегине жарай турган жана бардык жакшы иштерге даярдалган идиш болот.

22 Жаштыктын кумарларынан кач, Теңирди чын жүрөктөн чакыруучулар менен бирге адилеттикти, ишенимди, сүйүүнү жана тынчтыкты сактоого умтул.

23 Акылсыз, маанисиз талаш-тартыштардан кач, себеби алар уруш-талашты туударарын билесиң.

24 Теңирдин кулуна урушуп-талашууга болбойт, тескерисинче, ал бардыгына кичи пейилдик менен мамиле кылуусу, үйрөтүүгө жөндөмдүү жана сабырдуу болуусу зарыл.

25 Каршы чыккандарга момундук менен насаат айтышы керек. Чындыкты таанып билиши үчүн, Кудай аларды тобо кылдырар,

26 алар өзүнүн эркине баш ийдирүү үчүн туткундап алган шайтандын торунан бошонушар.

**3-БӨЛҮМ**

**Акыркы убактагы адамдардын адеп-ахлагынын бузулушу**

1 Акыркы убакта оор күндөрдүн келерин бил.

2 Анткени адамдар өзүн өзү сүйүүчү, акчаны сүйүүчү, бой көтөргөн, менменсинген, заар тилдүү, ата-энесине баш ийбес, жакшылыкты билбеген, кудайсыз, таш боор,

3 элдешпес, ушакчы, өзүн өзү кармай албаган, кара мүртөз, жакшы нерсени жек көргөн,

4 чыккынчы, кара өзгөй, көөдөнүн көтөргөн, Кудайга караганда ыракатты сүйгөн,

5 такыбаа болуп көрүнгөн, бирок такыбаалыктын күчүнөн баш тарткан адамдар болушат. Ошондойлордон алыс бол.

6 Андай адамдарга үйлөргө уурданып кирип, күнөөнүн сазына баткан, ар түрдүү кумарларга жетеленген,

7 дайыма үйрөнгөнү менен, эч качан чындыкты таанып биле албаган аялдарды азгырган адамдар кирет.

8 Жанес менен Жамбирес Мусага каршы чыгышкандай эле, алар да чындыкка каршы чыгышат. Алар – акылы бузулган, ишеними сыноодон өтпөгөн адамдар.

9 Бирок алар алыска узашпайт, анткени тигилердин акылсыздыгы бардыгына белгилүү болгондой эле, алардын акылсыздыгы да бардыгына белгилүү болот.

**Тирүү ишеним сөзсүз куугунтукка алынат**

10 Сен болсо менин окутуумдан, жашоомдон, максатымдан, ишенимимден, чыдамкайлыгымдан, сүйүүмдөн, көтөрүмдүүлүгүмдөн,

11 Антийохеяда, Иконияда жана Листрада башымдан өткөргөн куугунтуктарымдан жана кыйынчылыктарымдан үлгү алдың. Мен кандай гана куугунтуктарды башымдан өткөрбөдүм! Бирок алардын бардыгынан мени Теңир куткарды.

12 Деги эле, Машайак Ыйса жолунда такыбаа жашагысы келгендердин бардыгы куугунтукка алынат.

13 Кара ниет жана алдамчы адамдар болсо башкаларды азгырып, өздөрү да азгырылып, мурункудан да көбүрөөк жамандыкка барышат.

**Ыйык Жазуунун маанилүүлүгү**

14 Сен болсо эмнени үйрөнсөң, сага эмне ишенип тапшырылса, ошону сактагын, анткени кимден үйрөнгөнүңдү билесиң.

15 Анын үстүнө, Машайак Ыйсага болгон ишеним аркылуу куткарылууга боло тургандыгын түшүндүрүүчү Ыйык Жазууну сен бала чагыңдан эле билесиң.

16 Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, оңдоо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу.

17 Ал аркылуу Кудайдын адамы жеткилең жана бардык жакшы ишке даяр болот.

**4-БӨЛҮМ**

**Акырына чейин ишенимдүү болуу**

1 Ошондуктан Кудайдын алдында жана Өзүнүн падышачылык бийлиги менен кайтып келип, тирүүлөрдү да, өлгөндөрдү да соттой турган Ыйса Машайактын алдында мен сага буйрук кыламын:

2 Кудайдын сөзүн айт, аны ыңгайы келсе да, ыңгайы келбесе да айтууга даяр бол, ашкереле, тыюу сал, акыл-насаат айт, чыдамдуулук менен үйрөт.

3 Анткени адамдар туура окутууну кабыл албай, кошомат кылып сүйлөй турган окутуучуларды өз каалоолору боюнча тандап кала турган убак келет.

4 Чындыкты уккулары келбей, тамсилдерге кулак төшөп калышат.

5 Бирок сен бардык нерседе кыраакы бол, кыйынчылыктарга чыда, Жакшы Кабар таратуучулук милдетиңди аткар, өз кызматыңды аягына чыгар.

6 Анткени мен курмандыкка чалынуунун алдында турам, менин бул дүйнө менен коштошор убактым келди.

7 Мен жакшы күрөштүм, жарыштын аягына чыктым, ишенимди сактадым.

8 Азыр болсо мага адилеттиктин таажысы даярдалып жатат. Адилет Сот – Теңир аны мага ошол Күнү берет, мага эле эмес, Анын келишин чыдамсыздык менен күткөндөрдүн баарына берет.

**Пабылдын жеке өтүнүчтөрү**

9 Мага тезирээк келүүгө аракет кыл.

10 Анткени Демас бул дүйнөнү сүйүп, мени таштап, Тесалоникага кетип калды. Кирескес Галатияга, Тит Далматияга кетти. Бир гана Лука мени менен калды.

11 Маркты өзүң менен кошо ала кел, анткени кызмат кылышы үчүн, ал мага керек.

12 Тихикти Эфеске жибердим.

13 Келеринде Троастагы Карпостукуна калтырып кеткен чапанымды жана китептеримди, айрыкча булгаары китептеримди ала кел.

14 Жез иштетүүчү уста Искендер мага көп жамандык кылды. Теңир ага иштерине жараша тиешесин берсин!

15 Андан сен да сак бол, анткени ал биздин айткан сөздөрүбүзгө аябай каршы чыгып жатат.

16 Мен биринчи жолу сот алдында коргонуу сөзүн сүйлөп жатканымда, эч ким жанымда болгон жок, мени бардыгы таштап кетишти. Кудай муну аларга күнөө катары эсептебесин!

17 Бирок Жакшы Кабар мен аркылуу таратылып, бардык бутпарастар угушу үчүн, Теңир жанымда болуп, мага күч берди. Ошентип, мен арстандын азуусунан куткарылдым.

18 Теңир мени ар кандай жамандыктан куткарып, Өзүнүн Асмандагы Падышачылыгы үчүн сактайт. Ал түбөлүккө даңктала берсин! Оомийин.

**Саламдар**

19 Прискила менен Акилага, Онесепордун үй-бүлөсүнө салам айтып кой.

20 Эраст Корунтта калды. Ал эми ооруп калган Трофимди Милетке калтырдым.

21 Кышка чейин келүүгө аракет кыл. Эйбул менен Пуд, Линос менен Клавдия жана бардык бир туугандар сага салам айтып жатышат.

22 Теңир Ыйса Машайак сенин рухуң менен бирге болсун. Теңир силерге ырайымын төгө берсин! Оомийин.

**ТИТКЕ ЖАЗЫЛГАН КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Кудай тандап алгандар ишениши үчүн жана такыбаалыкка жеткире турган чындыкты таанып билиши үчүн, Ыйса Машайактын элчиси болуп дайындалган Кудайдын кулу Пабылдан салам!

2 Элчилик ишим түбөлүк өмүргө болгон үмүткө негизделген. Ал өмүрдү жалган сүйлөбөгөн Кудай кылым менен белгиленген убакыт баштала электен мурун эле убада кылган.

3 Убагы келгенде, Кудай Өз сөзүн менин жар салуум аркылуу жарыялады. Жар салуу Куткаруучубуз Кудайдын буйругу боюнча мага ишенип тапшырылган.

4 Ишеним жолундагы чыныгы уулум Титке Кудай Атабыз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайак ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!

**Титтин Критте кылган кызматы**

5 Мен сени бүтпөй калган иштерди бүтүрүшүң үчүн жана мен буйругандай, бардык шаарлардагы Жыйындарга башчыларды дайындашың үчүн Критте калтыргам.

6 Жыйын башчысы болуп дайындала турган адам кемчиликсиз, бир эле жолу үйлөнгөн адам болсун. Анын балдары жаман жолго түшүп же ээнбаштык кылып жаманатты болбогон, Теңирге ишенген балдар болушу керек.

7 Жыйын жетекчиси Кудайдын Жыйынын башкаруучу катары кемчиликсиз болушу керек. Ал өзүнүкүн бербеген, ачуулуу, ичимдикке жакын, мушташты сүйгөн, дүнүйөкор адам болбошу керек.

8 Тескерисинче, меймандос, жакшылыкты сүйүүчү, адеп-ахлактуу, адилеттүү, такыбаа, өзүн өзү кармай билген,

9 туура окутууга үйрөтө билиши үчүн жана каршы чыккандардын айыбын ача билиши үчүн, окутууга ылайык келген чындык сөзүн карманган адам болушу керек.

**Жалган окутуучулар жөнүндө**

10 Анткени баш ийбегендер, сөз деп эле сүйлөй бергендер, алдамчылар көп. Мындайлар, айрыкча сүннөткө отургузулгандардын арасында көп.

11 Алардын жаагын жап кылуу керек. Алар өз керт башынын уятсыз кызыкчылыктары үчүн, окутпаш керек болгон нерсени окутуп, кээ бир үй-бүлөлөрдү толугу менен бузушат.

12 Өздөрүнүн эле арасынан бирөө, алардын бир акыны: «Криттиктер дайыма калп айтышат, алар – ырайымсыз жырткычтар, жалкоо соргоктор», – деп айткан.

13 Бул күбөлөндүрүү туура. Ошол себептен алар жүйүттөрдүн тамсилдерине жана чындыктан тайган адамдардын буйруктарына көңүл бурбастан,

14 ишенимди туура тутушу үчүн, алардын айыбын аёосуз ашкереле.

15 Тазалар үчүн бардыгы таза. Ал эми таза эмес жана ишенимсиз адамдар үчүн таза нерсе жок, анткени алардын акылы да, абийири да булганган.

16 Алар Кудайды билебиз деп ырасташат, бирок кара ниет, баш ийбес, жакшы иштерди кылууга жөндөмсүз болушкандыктан, кылган иштери менен Аны танышат.

**2-БӨЛҮМ**

**Ыйсага ишенгендердин жашоосу**

1 Сен болсо туура окутууга ылайык келген нерсени айт.

2 Карыялар кыраакы, оор басырыктуу, адеп-ахлактуу болушсун, алардын ишеними, сүйүүсү жана чыдамдуулугу туура болсун.

3 Ошондой эле улгайган аялдар өздөрүн такыбаа алып жүрүшсүн, алар ушакчы жана шараптын кулу болушпасын, жакшылык кылууга үйрөтүшсүн,

4 Кудай сөзүнө тил тийбеши үчүн, алар жаш аялдарды күйөөсүн, балдарын сүйүүгө,

5 адеп-ахлактуу, таза, үйгө камкор, кең пейил болууга, күйөөсүнө баш ийүүгө үйрөтүшсүн.

6 Жаштарды да адеп-ахлактуу болууга чакыр.

7 Жакшы иштерди кылып, бардык нерседе өзүң үлгү бол, окутууда тууралыкты, олуттуулукту көрсөт,

8 сөзгө калбагыдай болуп, туура сөздөрдү сүйлө. Каршы чыккан адам биз жөнүндө эч бир жаман сөз айта албай, уят болсун.

9 Кулдарга айт, бардык жагынан биздин Куткаруучубуз Кудайдын окутуусуна жасалга болуш үчүн, алар өз кожоюндарына бардык нерседе баш ийишсин, алар менен айтышпай, уурулук кылбай,

10 тескерисинче, бардык нерседе ишенимдүүлүк көрсөтүп, кожоюндарынын көңүлүнө жагышсын.

**Куткара турган ырайым**

11 Анткени Кудайдын бардык адамдарды куткара турган ырайымы айкын болду.

12 Бул ырайым бизди кудайсыздык менен бул дүйнөнүн кумарларын четке кагууга, азыркы мезгилде адеп-ахлактуулук менен, адилеттүү жана такыбаа жашоого үйрөтүп жатат.

13 Биз ыйык үмүттү, улуу Кудайыбыз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайактын даңкынын көрүнүшүн күтүп жашашыбыз керек.

14 Бизди бардык мыйзамсыздыктан куткарып, тазалап, бизден Өзүнө таандык, жакшы иштерди кылууга тырышкан эл жаратуу үчүн, Машайак биз үчүн Өзүн берген.

15 Ушуну бийлик менен айт, акыл-насаат айт, ашкереле. Эч ким сени тоотпой койбосун.

**3-БӨЛҮМ**

**Ыйсага ишенген адамдын жүрүш-турушу**

1 Ишенгендерге эскерт: алар башкаруучулар менен бийликтегилерге баш ийишсин, тил алышсын жана бардык жакшы иштерди жасоого даяр болушсун,

2 эч кимге жаман сөз айтышпасын, жаңжалчыл эмес, жоош болушсун жана бардык адамдарга момундук менен мамиле кылышсын.

3 Анткени биз да бир кезде акылсыз, баш ийбес, адашкан, кумарлардын жана ар кандай күнөөлүү каалоолордун кулу болгон, жамандык, көрө албастык кылып жашаган, жек көрүндү, бири-бирибизди жек көргөн адамдар элек.

4 Бирок Куткаруучубуз Кудайдын жакшылыгы жана адамдарга болгон сүйүүсү айкын болгондо,

5 Ал бизди адил иштерибиздин негизинде эмес, Өзүнүн ырайымынын негизинде кайра төрөлтүү менен жуунтуу жана Ыйык Рух аркылуу жаңылантуу менен куткарып алды.

6 Биз Кудайдын ырайымынын негизинде акталып, үмүтүбүзгө ылайык түбөлүк өмүрдүн мураскорлору болуп калышыбыз үчүн,

7 Кудай ал Ыйык Рухту Куткаруучубуз Ыйса Машайак аркылуу үстүбүзгө мол төктү.

8 Бул сөз чындык, ошондуктан Кудайга ишенгендер жакшы иштерди кылууга тырышчаактык менен аракеттенүүлөрү үчүн, мен сенин ушул жөнүндө ынандырышыңды каалайм. Анткени бул жакшы жана адамдарга пайдалуу.

9 Акылсыз уруш-талаштардан жана ата-текти териштирүүдөн, мыйзам тууралуу талашып-тартышып чатакташуудан кач, анткени мунун бардыгы пайдасыз жана маанисиз.

10 Бир же эки жолу эскерткенден кийин, бөлүп-жаруучу адамдардан четтегин.

11 Анткени сен мындай адамдын бузулганын, күнөө кылып жатканын, ошентүү менен өзүн өзү айыптуу кылып жатканын билесиң.

**Тапшырмалар жана саламдар**

12 Мен сага Артемасты жана Тихикти жиберем. Алар баргандан кийин, сен мага, Никополго келүүгө аракет кыл, анткени мен кышты ошол жерден өткөрүүнү чечтим.

13 Мыйзам окутуучу Зенас менен Аполосту жолго чыгарарыңда, алар үчүн кам көр, эч нерсеге муктаж болбогудай болушсун.

14 Жемишсиз болуп калбаш үчүн, биздикилер да жакшы иштерди кылууга көнүгө беришсин, керек болгон учурда башкалардын муктаждыктарын канааттандыргыдай болушсун.

15 Жанымдагылардын бардыгы сага салам айтып жатышат. Ишеним жолунда бизди сүйгөндөрдүн бардыгына салам айт. Кудай бардыгыңарга ырайымын төгө берсин! Оомийин.

**ФИЛЕМОНГО ЖАЗЫЛГАН КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элчинин саламдашуусу**

1 Ыйса Машайак үчүн туткунга алынган мен, Пабылдан, бир тууганыбыз Тиметейден сүйүктүү бир тууганыбыз жана кызматташыбыз Филемон, сага,

2 сенин үйүңдө чогулган Жыйынга, сүйүктүү бир тууганыбыз Апияга, биз менен бирге күрөшкөн Архипке салам!

3 Атабыз Кудай жана Теңирибиз Ыйса Машайак силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!

**Филемондун сүйүүсү жана ишеними**

4 Сенин Теңир Ыйсага болгон ишенимиң жана бардык ыйыктарга болгон сүйүүң жөнүндө угуп,

5 сыйынган сайын сени эстеп, Кудайыма дайыма ыраазычылык билдирип жатам.

6 Машайак Ыйсадагы байлыгыбызды таанып билишиң үчүн, сенин ишеним жолундагы жашооң таасирлүү болсун деп сыйынам.

7 Анткени сенин сүйүүң мени абдан кубантты жана сооротту. Себеби, бир тууганым, сен аркылуу ыйыктардын көңүлү көтөрүлдү.

**Онесим үчүн арачылык кылуу**

8 Ошондуктан сага эмне кылууну буйруганга Машайак жолунда зор кайраттуулугум бар болсо да,

9 мен, Пабыл, карыя катары да, азыр Ыйса Машайак үчүн туткунга алынган адам катары да сенден сүйүү менен өтүнүүнү туура көрдүм.

10 Мен түрмөдө отурганда, уулум болуп калган Онесим тууралуу сенден өтүнөмүн.

11 Ал бир кезде сен үчүн «пайдасыз» болчу, бирок азыр сага да, мага да «пайдалуу».

12 Мен аны кайра сага жөнөтүп жатам, аны менин жан боорум катары кабыл ал.

13 Мен Жакшы Кабар үчүн түрмөдө отурганда, ал мага сенин ордуңа кызмат кылышы үчүн, аны жаныма алып калууну каалагам.

14 Бирок сенин макулдугуңсуз эч нерсе кылгым келген жок. Анткени жакшы ишиңди аргасыздан эмес, өз ыктыярың менен кылышыңды каaладым.

15 Онесимдин убактылуу кетип калышы, мүмкүн,

16 мындан ары сен аны кул катары эмес, кулдан жогору сүйүктүү бир тууган катары түбөлүккө кабыл алышың үчүн болгондур. Ал мен үчүн кымбат, ал эми сен үчүн адам катары да, Теңир жолундагы бир тууган катары да андан бетер кымбат.

17 Эгерде сен менин досум болсоң, анда аны мени кабыл алгандай кабыл ал.

18 Эгерде ал сага зыян келтирген болсо же сага карыздар болсо, менин мойнумда болсун.

19 Мен, Пабыл, муну өз колум менен жазып жатам: мен төлөп берем. Сен өзүң да мага карыз экениңди айткым келбейт.

20 Ооба, бир тууганым, Теңир жолунда сенин пайдаңды көргүм келет, Машайак жолунда менин көңүлүмдү тынчтандыр.

21 Сени тил алат деп ишенем, айтканымдан да көптү кыларыңды билем, ошондуктан жазып жатам.

22 Ошондой эле мен үчүн орун даярдап кой, анткени силердин сыйынууңар боюнча Кудай мени силерге белек кылат деп үмүттөнөм.

**Саламдар**

23 Машайак Ыйса үчүн мени менен бирге туткунга алынган Эпафрас, менин кызматташтарым Марк, Аристарх, Демас жана Лука сага салам айтып жатышат.

24 Теңир Ыйса Машайак силерге ырайымын төгүп, рухуңар менен болсун! Оомийин.

**ЭВРЕЙЛЕРГЕ ЖАЗЫЛГАН КАТЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Кудай Өзүнүн Уулу аркылуу сүйлөгөн**

1 Буга чейин ата-бабаларыбызга пайгамбарлар аркылуу ар кандай жолдор менен сүйлөп келген Кудай

2 акыркы күндөрдө бизге Уулу аркылуу сүйлөдү. Ал аркылуу Кудай ааламды жараткан жана Аны баарына мураскор кылып дайындаган.

3 Уул Теңирдин даңкын чагылдырып турат, Ал – Анын табиятынын толук көчүрмөсү. Ал Өз Сөзүнүн күчү менен бардык нерсени кармап турат. Күнөөлөрдөн тазалоону ишке ашыргандан кийин, Ал асмандагы улуу Кудайдын оң жагына отурду.

4 Периштелерден Ал канчалык жогору болсо, алардын алдында Анын мураска алган ысымы да ошончолук жогору.

5 Кудай периштелердин кимисине: «Сен Менин Уулумсуң, бүгүн Мен Сенин Атаң болдум» же «Мен Ага Ата болом, Ал Менин Уулум болот», – деп айтты эле?

6 Тун Уулун дүйнөгө кайра дагы алып киргенде, Ал мындай дейт: «Кудайдын бардык периштелери Ага табынышсын».

7 Периштелер жөнүндө Ыйык Жазууда мындай деп айтылган: «Сен Өзүңдүн периштелериңди шамал, кызматчыларыңды жалындаган от кыласың».

8 Ал эми Уул жөнүндө мындай деп айтылган: «Оо, Кудай, Сенин тактың түбөлүктүү, Сенин Падышачылыгыңдын таягы – адилеттик таягы.

9 Сен чындыкты сүйүп, мыйзамсыздыкты жек көрдүң. Мына ошон үчүн Кудай, Сенин Кудайың, жолдошторуңа караганда Сени кубаныч майы менен көбүрөөк майлаган.

10 Сен, Теңир, адегенде жерди негиздегенсиң, асманды да Сенин колдоруң жараткан.

11 Алар жок болушат, Сен болсо түбөлүк жашайсың. Алардын баары чапандай эскирет.

12 Сен аларды жабуудай түрөсүң, кийимдей алмаштырасың, алар өзгөрөт. Бирок Сен ошол бойдонсуң, Сенин жылдарыңдын аягы жок».

13 Кудай периштелердин кимисине: «Мен Сенин душмандарыңды бут алдыңа жыгып бергенге чейин, Менин оң жагыма отур», – деп айтты эле?

14 Периштелердин баары куткарылууну мураска алчуларга кызмат кылуу үчүн, Теңир тарабынан жиберилген кызмат кылуучу рухтар гана эмеспи?

**2-БӨЛҮМ**

**Сак болуу жөнүндө**

1 Ошондуктан ишенимден тайбаш үчүн, уккан сөзүбүзгө өзгөчө маани беришибиз керек.

2 Эгерде периштелер аркылуу жарыяланган сөз милдеттендирүүчү сөз болгон болсо, ар бир күнөө, тил албастык тиешелүү жазасын алган болсо,

3 ушундай улуу куткарылууну барк албай койсок, анда биз жазадан кантип качып кутулабыз? Башында Теңир тарабынан жар салынган бул куткарылууну бизге Андан уккандар ырастап беришти.

4 Кудай да аны Өзүнүн керемет-жышаандары, ажайыптары, ар түрдүү күчтөрү жана Өз каалоосуна жараша Ыйык Рухту бөлүштүрүп берүүсү менен күбөлөндүргөн.

**Машайактын кемсинтилиши жана даңкталышы**

5 Анткени Кудай биз айтып жаткан келечектеги ааламды периштелерге багындырып берген эмес.

6 Бирөө бир жерде мындай деп күбөлөндүргөн экен: «Сен унутпагыдай, адам ким? Өзүң келип тургудай, адам баласы ким?

7 Сен аны периштелердин алдында бир аз убакытка эле басынттың. Ага урмат менен атак-даңкты таажы кылып кийгиздиң. Аны Өз колуң менен жасагандарыңдын үстүнө башчы кылып койдуң.

8 Бардыгын бут алдына жыгып, багындырып бердиң». Бардыгын Ага багындырып бердиң, Ага багындырылбаган нерсе калган жок, бирок баары Ага багындырылганын азырынча көрө элекпиз.

9 Бирок биз периштелердин алдында бир аз эле убакытка басынтылган Ыйсанын өлүмдү баштан кечиргендиги үчүн даңк менен урматты таажы катары кийгендигин көрдүк. Ал Кудайдын ырайымы боюнча бардыгы үчүн өлүмдү башынан кечирди.

10 Баары Ал үчүн жана Ал аркылуу жаратылган. Көптөгөн балдарын даңкка жетелеген Ал алардын куткарылуусунун Башчысын азап чегүүлөр аркылуу жеткилең кылышы керек эле.

11 Анткени ыйыктаган да, ыйыкталгандар да – баары бир Атадан. Ошондуктан Ыйса аларды бир тууганадарым дегенден уялбайт:

12 «Сенин ысымыңды бир туугандарыма жарыялайм, Сени жыйында даңктап ырдайм», – дейт.

13 Ошондой эле: «...Мен Андан үмүттөнөм», дагы: «Мына, Мен жана Кудайдын Мага берген балдары», – дейт.

14 Балдарынын денеси эттен жана кандан тургандыктан, Ыйса да эт менен кандан турган денеге ээ болду. Ал Өз өлүмү менен өлүм бийлигине ээ шайтанды күчүнөн ажыратыш үчүн,

15 өлүмдөн коркуп, өмүр бою кул болуп жүргөндөрдү эркиндикке чыгарыш үчүн, денеге ээ болду.

16 Себеби Ал периштелер үчүн эмес, Ыбрайымдын тукуму үчүн кам көрөт.

17 Ошондуктан Ал Кудай алдында ырайымдуу, ишенимдүү Башкы ыйык кызмат кылуучу болуш үчүн, адамдардын күнөөлөрү үчүн чалына турган ырайым курмандыгы болуш үчүн, бардык жагынан бир туугандарына окшош болууга тийиш эле.

18 Өзү сыналып азап чеккендиктен, сыналып жаткандарга да жардам бере алат.

**3-БӨЛҮМ**

**Машайак Мусадан жогору**

1 Ошондуктан, ыйык бир туугандар, асман чакырыгынын катышуучулары, биздин ишенимибиздин негизи болгон Элчи жана Башкы ыйык кызмат кылуучу Ыйсаны карагыла.

2 Кудай үйүндө бардык жагынан Кудайга ишенимдүү болгон Муса сыяктуу эле, Ыйса да Өзүн дайындаган Кудайга ишенимдүү.

3 Үйдү курган адам үйгө караганда чоң урматка ээ болгондой эле, Мусага караганда Ыйса чоң урматка ээ.

4 Ар бир үйдүн куруучусу бар, ал эми бардык нерсенин куруучусу – Кудай.

5 Муса болсо жарыяланышы керек болгон сөздөрдү жарыялаш үчүн, Кудай үйүндө кызматчы катары бардык жагынан ишенимдүү болгон.

6 Ал эми Машайак Анын үйүндө Уулу катары ишенимдүү. Анын үйү болсо бизбиз. Эгерде кайраттуулугубузду жана мактанган үмүтүбүздү аягына чейин бекем сактасак, Анын үйүбүз.

**Ишенбестикке карата эскертүү**

7 Ошондуктан Ыйык Рух айткандай: «Бүгүн Анын үнүн укканыңарда,

8 чөлдөгү сыноо күндөрүндөгү козголоң убагындагыдай, жүрөгүңөрдү катуулантпагыла.

9 Ата-бабаларыңар ал жерде Мени сынашты, кырк жыл бою Менин иштеримди көрүштү.

10 Ошондуктан Мен ал муунга каардана мындай дедим: “Жүрөктөрү кайра-кайра адашат, алар Менин жолдорумду таанып билишкен жок”.

11 Ошондуктан Мен каарданып турганымда: “Алар Менин бейпил жайыма киришпейт”, – деп ант бергем».

12 Бир туугандар, сак болгула, тирүү Кудайдан баш тартпашыңар үчүн, эч кимиңердин жүрөгүңөрдө амалкөйлүк, ишенбестик болбосун.

13 Кимдир бирөөңөр күнөөгө азгырылып, жүрөгүңөрдү катуулантпашыңар үчүн, «бүгүн» деп айта турган күн келгенге чейин, ар күнү бири-бириңерге акыл-насаат айткыла.

14 Баштапкы ишенимибизди акырына чейин бекем сактаганда гана Машайак менен катышыбыз болот.

15 Жогоруда айтылгандай: «Бүгүн Анын үнүн укканыңарда, козголоң убагындагыдай, жүрөгүңөрдү катуулантпагыла».

16 Анын үнүн уккандар, Ага каршы чыккандар кимдер эле? Мусанын жетеги менен Мисирден чыккандардын баары эмес беле?

17 Кырк жыл бою Кудай кимге каарданды эле? Күнөө кылгандарга эмеспи? Алардын сөөгү чөлдө калган.

18 «Алар Менин бейпил жайыма киришпейт», – деп, баш ийбегендерге каршы ант бербегенде, анан кимге каршы ант берди эле?

19 Ошентип, биз алардын ишенбестиктен улам кире албагандыгын көрүп турабыз.

**4-БӨЛҮМ**

**Кудай убада кылган тынчтык**

1 Анын бейпил жайына кирүү жөнүндөгү убада күчүндө турганда, арабыздан эч ким кечигип калбашы үчүн сак бололу.

2 Аларга жарыяланган сыяктуу эле, Жакшы Кабар бизге да жарыяланды. Ишеним менен кабыл алышпагандыктан, аларга өздөрү уккан сөз пайда алып келген жок.

3 Ал эми биз, ишенгендер, бейпил жайга киребиз. Анткени Кудай мындай деген: «Каарданып турганымда, мындай деп ант бердим: "Алар эч качан Менин бейпил жайыма киришпейт"». Өзүнүн иштери дүйнө жаратылып бүткөн кезде эле аягына чыккан болсо да, Ал ушинтип айткан.

4 Ыйык Жазууда жетинчи күн жөнүндө мындай деп айтылган: «... Өзүнүн бардык иштерин бүтүрүп, жетинчи күнү эс алды».

5 Ошондой эле: «Алар Менин бейпил жайыма киришпейт», – деп да айтылган.

6 Ошентип, кээ бирөөлөрдүн бейпил жайга кирери шексиз. Ал эми мурун уккандар өздөрүнүн тил албастыгынан улам киришкен жок.

7 Ушунча көп убакыт өткөндөн кийин, жогоруда айтылгандай, Дөөт аркылуу: «Бүгүн Анын үнүн укканыңарда, жүрөгүңөрдү катуулантпагыла», – деп айтуу менен, дагы бир күндү – «бүгүндү» белгиледи.

8 Эгерде Нундун уулу Жашыя аларды бейпил жайга киргизген болсо, анда Кудай ошондон кийин башка бир күн жөнүндө сөз кылбас эле.

9 Демек, Кудайдын эли үчүн ишемби күн али алдыда.

10 Кудай Өз иштерин бүтүргөндөн кийин эс алгандай эле, Анын бейпил жайына кирген адам да өз иштерин бүтүргөндөн кийин эс алат.

11 Ошондуктан ошол бейпил жайга кирүүгө аракеттенели. Эч ким аларга окшоп тил албастык кылып жыгылбасын.

12 Себеби Кудайдын Сөзү тирүү жана таасирдүү, кош миздүү ар кандай кылычтан курч: ал жандан рухту ажыратып, муунга чейин, сөөктүн чучугуна чейин жетет, жүрөктөгү ойлорду, ниетти соттойт.

13 Андан жашыруун эч бир жан жок. Анын көз алдында баары ачык-айкын. Анын алдында жооп беребиз.

**Машайак – улуу Башкы ыйык кызмат кылуучу**

14 Асмандан да жогору көтөрүлүп кеткен улуу Башкы ыйык кызмат кылуучубуз Кудай Уулу Ыйса бар болгондуктан, ачык тааныган ишенимибизди бекем туталы.

15 Ал биздин алсыздыгыбызга боору оорубаган Башкы ыйык кызмат кылуучу эмес. Ал биз сыяктуу бардык жагынан сыналган, бирок күнөө кылган эмес. Биздин ушундай Башкы ыйык кызмат кылуучубуз бар.

16 Ошол себептен жардам керек болгон убакта Анын мээримин көрүп, Андан ырайым табыш үчүн, ырайым тактысына кайраттуулук менен жакындайлы.

**5-БӨЛҮМ**

1 Адамдардын арасынан тандалып алынган ар бир башкы ыйык кызмат кылуучу адамдар үчүн Кудайга кызмат кылууга, алардын күнөөлөрү үчүн алып келген тартуулары менен курмандыктарын Кудайга алып келүүгө дайындалат.

2 Өзү да алсыз болгондуктан, түркөй жана адашкан адамдарга ырайымдуу мамиле кыла алат.

3 Ошондуктан ал Кудайга өз күнөөсү үчүн да, элдин күнөөсү үчүн да курмандык алып келиши керек.

4 Адам башкы ыйык кызмат кылуучу болуу урматына өзү ээ боло албайт. Ал бул урматка Арун сыяктуу Теңир тарабынан чакырылганда гана ээ болот.

5 Ошол сыяктуу эле Машайак да Башкы ыйык кызмат кылуучу болуу даңкына Өзү ээ болгон жок. «Сен Менин Уулумсуң, бүгүн Мен Сенин Атаң болдум» деген Кудай Аны даңкка ээ кылды.

6 Башка бир жерде Ал мындай дейт: «Сен Малки-Седек даражасындагы түбөлүктүү Ыйык кызмат кылуучусуң».

7 Ал адам болуп жашап жүргөн күндөрүндө өлүмдөн алып кала алчу Кудайга катуу үн менен сыйынды, көз жаш менен жалбарды. Кудайды урматтагандыгы үчүн, Анын сыйынуусу угулду.

8 Ал Кудайдын Уулу болгонуна карабастан, азап чегүү аркылуу моюн сунууга үйрөндү.

9 Жеткилеңдикке жеткен Ал Өзүнө моюн сунган адамдардын баары үчүн түбөлүктүү куткарылуунун булагы болуп калды.

10 Кудай тарабынан Ага Малки-Седек даражасындагы Башкы ыйык кызмат кылуучунун наамы берилди.

**Ишенимден тайбоо, жеткилеңдикке умтулуу**

11 Бул тууралуу көп эле нерсени айтышыбыз керек эле, бирок силердин түшүнүшүңөр кыйын, анткени силер угууга жөндөмсүз болуп калдыңар.

12 Убакыт боюнча алып караганда, силер окутуучу болуп калышыңар керек эле, бирок силерге кайрадан Кудай Сөзүндөгү окутуунун алгачкы негиздерин үйрөтүш керек болуп калды. Силерге күчтүү тамак эмес, сүт керек.

13 Ким сүт менен азыктанса, ал чындык сөзү боюнча тажрыйбасыз, анткени ал али наристе.

14 Күчтүү тамак болсо акыл-сезими жаман-жакшыны айырмалай билүүгө көнүккөн жеткилең адамдар үчүн.

**6-БӨЛҮМ**

1-2 Ошондуктан Машайак жөнүндөгү окутуунун алгачкы негиздерине токтоло бербей, өлүк иштер үчүн тобо кылуу, Кудайга ишенүү, чөмүлдүрүүлөр, кол коюу, өлгөндөрдүн тирилиши жана түбөлүк сот жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөргө кайра-кайра кайрыла бербей, жеткилең болууга умтулалы.

3 Кудай кааласа, муну да кылабыз.

4 Бир кезде чындыкты билген, асман белегинен даам таткан, Ыйык Рухка үлүштөш болгон,

5 Кудайдын жакшы Сөзүнүн жана келечектеги замандын кудуретинин даамын таткан адамдар

6 ишенимден четтеп кетишсе, аларды кайрадан тобо кылдыруу аркылуу баштапкы абалына келтирүү мүмкүн эмес. Анткени алар ушинтүү менен Кудай Уулун кайрадан айкаш жыгачка керип, жаманатты кылышууда.

7 Жамгыр менен көп жолу сугарылып, дыйкандарга өз түшүмүн берген жер Кудайдан бата алат.

8 Ал эми төө тикен менен коко тикенди өстүргөн жер – жараксыз, каргышка кала турган, акыры өрттөлө турган жер.

9 Сүйүктүүлөрүм, ушинтип айтканыбыз менен, силердин абалыңар мындан жакшыраак экенине жана куткарылууну бекем тутуп жүргөнүңөргө ишенебиз.

10 Анткени Кудай адилетсиз эмес, Ал силердин эмгегиңерди жана Анын ысымы үчүн ыйыктарга көрсөткөн сүйүүңөрдү, аларга кылган жана кылып жаткан кызматыңарды унутпайт.

11 Толук үмүткө ээ болуш үчүн, ар бириңердин аягына чейин ушундай аракет кылышыңарды каалайбыз.

12 Жалкоолонбогула, убадаланганды ишеними жана чыдамдуулугу менен мурастагандардан үлгү алгыла.

13 Кудай Ыбрайымга убада бергенде, Өзүнөн жогору эч ким жок болгондуктан, Өзү менен ант берип, мындай деген:

14 «Сага батамды мол берем, сенин тукумуңду көбөйткөндөн көбөйтөм».

15 Ыбрайым чыдамдуулук менен күтүп, убадаланганга ээ болду.

16 Адамдар жогорку нерсе менен ант беришет, ант айтылган сөздү бекемдеп, талаш-тартышты токтотот.

17 Ошол сыяктуу эле Кудай да убадалангандын мураскорлоруна Өз эркинин өзгөрбөстүгүн ачыгыраак көрсөткүсү келгендиктен, убадасын ант менен бекемдеди.

18 Баш паанек тапкан жана алдыбыздагы үмүттү карманган биз Кудайдын калп айтууга мүмкүн болбогон өзгөргүс эки нерсеси – убадасы жана анты менен сооронушубуз үчүн ошондой кылды.

19 Биздин жаныбыз үчүн кеменин оор кайырмак темириндей бекем жана ишенимдүү болгон ал үмүт көшөгөнүн артына өтө алат.

20 Ыйса түбөлүккө Малки-Седек даражасындагы Башкы ыйык кызмат кылуучу болуп, ошол жерге бизден мурун, биз үчүн кирди.

**7-БӨЛҮМ**

**Ыйык кызмат кылуучу Малки-Седек**

1 Малки-Седек – Шалем падышасы жана баарынан жогору турган Кудайдын ыйык кызмат кылуучусу. Ал падышаларды жеңип кайтып келе жаткан Ыбрайымды тосуп чыгып, ага батасын берген.

2 Ошондо Ыбрайым ага колунда болгон бардык нерсесинин ондон бир бөлүгүн берген. Малки-Седек ысымынын мааниси «Адилдик падышасы» болсо, Шалем падышасы «Тынчтык падышасы» дегенди билдирет.

3 Малки-Седектин ата-энеси, ата-теги, өмүр таржымалы жөнүндө эч нерсе айтылган эмес. Кудайдын Уулуна окшогон ал түбөлүккө ыйык кызмат кылуучу болуп кала берет.

4 Көрдүңөрбү, ал кандай улуу адам болгон! Түпкү атабыз Ыбрайым ага олжосунун ондон бир бөлүгүн берген.

5 Лебинин тукумунан чыккан ыйык кызмат кылуучулар Кудайдын осуяты боюнча элден, башкача айтканда, өз бир туугандарынан, алар да Ыбрайымдан тараганына карабастан, ондук алышкан.

6 Ал эми Малки-Седек Леби уруусунан чыкпаса да, Ыбрайымдан ондук алган жана Кудайдын убадасына ээ болгон ага батасын берген.

7 Бата берген адам бата алган адамдан жогору болору талашсыз.

8 Бул жерде көзү өтүп кетчү адамдар ондук алып жатат, ал жерде болсо тирүү экендиги тууралуу күбөлөндүрүлгөн адам алып жатат.

9 Ондук алып жаткан Леби өзү да Малки-Седекке Ыбрайым аркылуу ондук берген десек болот.

10 Анткени Малки-Седек Ыбрайым менен жолукканда, Леби атасы Ыбрайымдын денесинде эле.

**Машайак – Малки-Седек сыяктуу Ыйык кызмат кылуучу**

11 Эгерде лебилердин кызматы аркылуу жеткилеңдикке жетүүгө мүмкүн болсо (Тоорат мыйзамы Ысрайыл элине лебилердин кызматынын негизинде берилген), Аруңдун даражасындагы эмес, Малки-Седектин даражасындагы башка бир Ыйык кызмат кылуучунун келишинин кандай зарылчылыгы бар эле?

12 Анткени ыйык кызмат кылуучулардын кызматы өзгөрүлгөндө, мыйзам да өзгөрүлүшү керек болуп калат.

13 Анткени бул жерде сөз болуп жаткан Адам башка уруудан. Анын уруусунан эч ким курмандык чалынуучу жайда кызмат кылган эмес.

14 Теңирибиздин Жүйүт уруусунан чыккандыгы белгилүү. Бул уруунун ыйык кызматка катышуусу тууралуу Муса эч нерсе айткан эмес.

15 Малки-Седекке окшогон башка бир Ыйык кызмат кылуучунун чыгышы муну ого бетер ачык көрсөтүп турат.

16 Ал адамдык мыйзам боюнча эмес, тескерисинче, соолубас өмүрдүн күчү боюнча Ыйык кызмат кылуучу болгон.

17 Анткени: «Сен Малки-Седек даражасындагы түбөлүктүү Ыйык кызмат кылуучусуң», – деп күбөлөндүрүлгөн.

18 Мурунку мыйзам күчсүз, пайдасыз болгондуктан, жокко чыгарылат.

19 Себеби мыйзам эч нерсени жеткилеңдикке жеткирген жок. Бирок мурункудан жакшы үмүт берилүүдө, ал аркылуу биз Кудайга жакындайбыз.

20 Ал антсыз Ыйык кызмат кылуучу болгон эмес. Тигилер антсыз ыйык кызмат кылуучулар болушкан.

21 Ал Теңирдин «Теңир ант берген, аны өзгөртпөйт: Сен Малки-Седек даражасындагы түбөлүктүү Ыйык кызмат кылуучусуң» деген анты боюнча Ыйык кызмат кылуучу болгон.

22 Ошентип, Ыйса мурункудан жакшы келишимдин кепили болуп калды.

23 Ыйык кызмат кылуучунун кызматын көптөр алып барышкан, анткени бир гана адамдын ыйык кызмат кылуучу болушуна өлүм жол берген эмес.

24 Ал эми Ыйса түбөлүк жашагандыктан, туруктуу Ыйык кызмат кылуучу.

25 Ошондуктан Ал Өзү аркылуу Кудайга келгендердин баарын толук куткара алат. Ал түбөлүк тирүү болгондуктан, алар үчүн арачылык кылат.

26 Башкы ыйык кызмат кылуучубуз ыйык, жамандыктан алыс, кемчиликсиз, күнөөкөрлөрдөн бөлүнгөн, асмандан да жогору көтөрүлгөн Башкы ыйык кызмат кылуучу болушу керек.

27 Ал мурунку башкы ыйык кызмат кылуучуларга окшоп, адегенде Өзүнүн, андан кийин элдин күнөөлөрү үчүн Кудайга күн сайын курмандык алып келүүгө муктаж эмес. Анткени Ал муну Өзүн Өзү курмандыкка алып келүү менен бир жолу жана биротоло кылды.

28 Мыйзам адамдык алсыздыгы бар адамдарды башкы ыйык кызмат кылуучу кылып дайындаган. Бирок мыйзамдан кийин келген, ант менен бекемделген сөз түбөлүктүү жеткилең Уулду Башкы ыйык кызмат кылуучу кылып дайындады.

**8-БӨЛҮМ**

**Ыйса – жаңы келишимдин Башкы ыйык кызмат кылуучусу**

1 Биз айтып жаткандардын эң башкысы бул: Улуулуктун тактысынын оң жагында отурган Башкы ыйык кызмат кылуучубуз бар.

2 Ал – чыныгы жыйын чатырынын жана адам эмес, Теңир тургузган ыйык жайдын Ыйык кызмат кылуучусу.

3 Ар бир башкы ыйык кызмат кылуучу тартууларды жана курмандыктарды Кудайга алып келүү үчүн дайындалат. Ошол себептүү биздин Башкы ыйык кызмат кылуучубуздун да Кудайга алып келгенге бир нерсеси болушу керек.

4 Эгерде Ал жерде калса, анда Ыйык кызмат кылуучу болмок эмес. Анткени мыйзам боюнча Кудайга курмандык алып келе турган ыйык кызмат кылуучулар бар.

5 Алар асмандагынын бейнеси менен көлөкөсүнө кызмат кылышат. Муса жыйын чатырын курууга киришкенде, ага Кудай тарабынан мындай деп айтылган: «Байкагын, аларды Мен сага тоодо көрсөткөн үлгү боюнча жаса».

6 Бул Башкы ыйык кызмат кылуучу мурункудан жогору кызматты алды, Ал – мурункудан жакшы келишимдин арачысы, ал келишим мурункудан жакшы убадаларга негизделген.

7 Эгерде биринчи келишим кынтыксыз болсо, экинчисинин кереги жок болмок.

8 Ал аларды мындай деп жемелейт: «Ысрайыл жана Жүйүт менен Мен жаңы келишим түзө турган күндөр келе жатат.

9 Бирок бул келишим Менин алардын ата-бабалары менен түзгөн келишимимдей эмес. Мен ал келишимди алардын ата-бабаларын Мисир жеринен алып чыгыш үчүн, аларды колунан алган күнү түзгөм. Бирок алар келишимди сакташкан жок, ошондуктан Мен алардан жүзүмдү бурдум, – дейт Теңир.

10 Бирок ошол күндөрдөн кийин Мен Ысрайыл менен мындай келишим түзөм, – дейт Теңир, – Мен Өзүмдүн мыйзамдарымды алардын акылына салам, алардын жүрөктөрүнө жазам, алардын Кудайы болом, алар болсо Менин элим болушат.

11 Ошондон кийин эч ким өз жакынын, эч ким өз бир тууганын: “Теңирди таанып билгиле”, – деп үйрөтпөй калат, анткени алардын бардыгы, кичинесинен чоңуна чейин, Мени таанып билишет.

12 Анткени Мен аларга ырайым кылып, адилетсиздиктерин кечирем, мындан ары алардын күнөөлөрү менен мыйзамсыздыктарын эстебейм».

13 «Жаңы» деп айтуу менен мурункунун эскиргендигин көрсөттү. Ал эми көөнөргөн, эскирип бара жаткан нерсе жок болуунун алдында турат.

**9-БӨЛҮМ**

**Жаңы келишим курмандыгы байыркы келишим курмандыгынан жогору**

1 Ошентип, биринчи келишимдин Кудайга кызмат кылуу боюнча көрсөтмөлөрү, жердеги ыйык жайы бар эле.

2 Биринчи жыйын чатыры тигилген. Анын «ыйык» деп аталган биринчи бөлмөсүндө чырактан, дасторкон, нан курмандыктары бар.

3 Экинчи көшөгөнүн артында «ыйыктын ыйыгы» деп аталган ички бөлмө бар.

4 Анда жыпар жыттуу заттар түтөтүлүүчү алтын идиш жана ичи-тышы алтын менен жалатылган келишим сандыгы, сандыкта манна салынган алтын идиш, Аруундун бүрдөгөн аса таягы жана келишим жазылган таш лооктор бар.

5 Сандыктын үстүндө канаттарын жайып, сандыктын капкагын жаап турган даңктын керуптары турат. Азыр буга токтолуп отуруунун зарылчылыгы жок.

6 Ушундай жабдылган чатырдын биринчи бөлмөсүнө ыйык кызмат кылуучулар Кудайга кызмат кылуу үчүн дайыма киришет.

7 Ал эми экинчи бөлмөгө башкы ыйык кызмат кылуучу гана жылына бир жолу кире алат. Ал бөлмөгө ал өзү үчүн жана элдин билбей жасаган күнөөлөрү үчүн чалынган курмандыктын каны менен кирет.

8 Бул аркылуу Ыйык Рух муну билдирет: биринчи бөлмө турганда экинчисине, ыйык жайга кирүүгө жол али ачыла элек.

9 Бул азыркы учур үчүн үлгү: Кудайга алып келинген тартуулар менен курмандыктар аларды алып келген адамдын абийирин жеткилең кыла албайт.

10 Денеге тиешелүү болгон жеп-ичүү, ар кандай жуунуу расмилери жана салттар жөнүндөгү көрсөтмөлөр жаңы тартип келген убакка чейин гана күчүндө болгон.

11 Бирок Машайак келечектеги жакшылыктардын Башкы ыйык кызмат кылуучусу катары кол менен жасалбаган, башкача айтканда, бул дүйнөгө таандык болбогон, мурункудан чоң жана жакшы чатыр менен келди.

12 Текелердин, торпоктордун каны менен эмес, Өз каны менен бир ирет ыйык жайга кирип, бизге түбөлүк куткарылуу алып берди.

13 Эгерде денелери тазаланыш үчүн, үстүлөрүнө чачылган текелердин, торпоктордун каны жана кунажындын күлү булгангандарды ыйыктаган болсо,

14 анда түбөлүктүү Рух аркылуу кемчиликсиз Өзүн Кудайга курмандыкка алып келген Машайактын каны тирүү Кудайга кызмат кылышыбыз үчүн, абийирибизди өлүк иштерден тазалары анык.

15 Ошондуктан Машайак – жаңы келишимдин Арачысы. Ал адамдарды байыркы келишимдин убагында жасаган күнөөлөрүнөн арылтуу үчүн, Өз жанын өлүмгө кыйды. Ошентип, Кудай тарабынан чакырылып алынгандар Анын убада кылган түбөлүк мурасына ээ болот.

16 Анткени мурас кагазы бар жерде мурас калтырган адамдын өлгөндүгү аныкталышы керек.

17 Анткени мурас кагазы мурас калтырган адамдын көзү өткөндөн кийин гана күчүнө кирет, анын көзү тирүү турганда, мурас кагазынын күчү жок.

18 Ошондуктан биринчи келишим да кансыз бекитилген эмес.

19 Муса бүт Ысрайыл элине мыйзам китебиндеги бардык осуяттарды жарыялады. Андан кийин курмандыкка чалынган кочкорлор менен торпоктордун канына суудан кошуп, ага кызыл жүндү жана иссопту малып, китепке жана бүт элге чачып:

20 «Бул кан – Теңирдин силер менен түзгөн келишимин беките турган кан», – деди.

21 Ошондой эле жыйын чатырына, Кудайга кызмат кылууда колдонулуучу бардык буюмдарга чачты.

22 Мыйзам боюнча дээрлик бардыгы кан менен тазартылат. Кан төгүлмөйүнчө, күнөө кечирилбейт.

23 Ошентип, асмандагынын үлгүсү ушул курмандыктар менен, асмандагынын өзү болсо булардан жакшы курмандыктар менен тазаланышы керек болгон.

24 Анткени Машайак чыныгы ыйык жайдын үлгүсү боюнча колго жасалган ыйык жайга эмес, азыр биз үчүн Кудай алдында туруу үчүн асмандын өзүнө кирди.

25 Ыйык жайга жыл сайын өзүнүн эмес, курмандыктын каны менен кирген башкы ыйык кызмат кылуучуга окшоп, Ыйса Өзүн кайра-кайра курмандыкка алып келиш үчүн кирген эмес.

26 Болбосо Ал дүйнө жаратылгандан бери бир нече ирет азап чегиши керек болор эле. Бирок Ал Өзүн курмандыкка берүү менен, күнөөнү жок кылуу үчүн, кылымдын акырында бир ирет келди.

27 Адам баласы бир ирет өлүп, андан кийин сотко келиши керек.

28 Ошол сыяктуу эле көптөрдүн күнөөлөрүн Өз мойнуна алыш үчүн, Машайак Өзүн бир ирет курмандыкка берди. Ал эми экинчи ирет күнөөдөн тазалоо үчүн эмес, Өзүн күтүп жаткандарды куткаруу үчүн келет.

**10-БӨЛҮМ**

1 Мыйзам – келечектеги жакшылыктардын бейнеси эмес, көлөкөсү гана. Ошондуктан ал жыл сайын Кудайга ошол эле курмандыктарды алып келгендерди эч качан жеткилең кыла албайт.

2 Эгерде ошондой болсо адамдар Кудайга курмандык алып келүүнү токтотуп коюшмак, анткени бир жолу курмандык алып келүү менен биротоло тазаланып калышса, анда алар өздөрүнүн күнөөлөрүн сезишмек эмес.

3 Бирок жыл сайын алып келинген курмандыктар күнөөнү эске салып турат.

4 Анткени торпоктордун жана кочкорлордун каны күнөөлөрдү жок кыла албайт.

5 Ошондуктан Машайак бул дүйнөгө келгенде, мындай деген эле: «Сен курмандыктарды, тартууларды каалаган жоксуң, бирок Сен Мага дене даярдап койдуң.

6 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар менен күнөө үчүн чалынуучу курмандыктар Сага жакпайт.

7 Ошондо Мен мындай дедим: "Мына, түрмөк китепте Мен жөнүндө жазылгандай, Мен Сенин эркиңди аткаруу үчүн бара жатам, Кудайым"».

8 Машайак адегенде: «Курмандыктарды, тартууларды, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды жана күнөө үчүн чалынуучу курмандыктарды Сен каалаган жоксуң, аларга ыраазы болгон жоксуң», – деди. Булар болсо мыйзам боюнча алынып келинүүчү курмандыктар эле.

9 Андан кийин мындай деп кошумчалады: «Мына, Мен Сенин эркиңди аткаруу үчүн бара жатам, Кудайым». Экинчисин күчүнө киргизүү үчүн, биринчисин алып таштайт.

10 Биз Кудайдын ушул эрки боюнча Ыйса Машайактын бир ирет курмандыкка алып келген денеси аркылуу ыйыкталдык.

11 Ар бир ыйык кызмат кылуучу ошол эле курмандыктарды кайра-кайра алып келип, күн сайын кызматта турат. Бирок ал курмандыктар күнөөлөрдү жок кыла албайт.

12 Ал эми Машайак күнөөлөр үчүн бир гана курмандык алып келип, түбөлүккө Кудайдын оң жагына отурду.

13 Ал бардык душмандарынын Өзүнүн бут алдына жыгылышын күтүп жатат.

14 Анткени Ал ыйыкталып жаткандарды бир ирет курмандык алып келүү аркылуу түбөлүккө жеткилең кылды.

15 Ыйык Рух да бизге бул жөнүндө күбөлөндүрөт. Анткени Ыйык Жазууда мындай деп айтылган:

16 «Ошол күндөрдөн кийин алар менен түзө турган келишимим бул, – дейт Теңир, – мыйзамдарымды алардын жүрөктөрүнө салам, акылдарына жазам.

17 Ошондон кийин алардын күнөөлөрү менен мыйзамсыздыктарын эстебейм».

18 Ал эми күнөөлөр кечирилгенден кийин, күнөө үчүн курмандык алып келүүнүн кереги жок.

**Ишенимден четтеп кетүүдөн сак болуу**

19 Ошентип, бир туугандар, ыйык жайга Ыйса Машайактын каны аркылуу, жаңы жана тирүү жол менен кирүүгө укугубуз бар,

20 бул жолду Ал бизге көшөгө аркылуу, башкача айтканда, Өзүнүн денеси аркылуу ачты.

21 Кудай үйүн башкарган улуу Ыйык кызмат кылуучубуз бар,

22 ошондуктан жүрөгүбүздү булганган абийирден кан чачуу менен тазалап, денебизди таза сууга жууп, Кудайга таза жүрөк жана бекем ишеним менен жакындайлы.

23 Өзүбүз жарыялаган үмүттү бекем сактайлы, анткени убада берген Кудай ишенимдүү.

24 Бири-бирибизге көңүл бөлүп, бири-бирибизди сүйүүгө жана жакшы иштерге үндөйлү.

25 Чогулушка барбоону адатка айландырып алган кээ бирөөлөргө окшоп, чогулуштарыбызды калтырбайлы. Ал Күндүн жакындап калганын билгендиктен, бири-бирибизди сергек болууга чакыралы.

26 Эгерде биз чындыкты билип туруп, атайлап күнөө кылсак, анда күнөөлөр үчүн чалына турган башка курмандык жок.

27 Тескерисинче, сотту жана каршы чыккандарды жеп жутууга даяр турган жалындаган отту коркунуч менен күтүү гана калат.

28 Мусанын мыйзамын бузган адам эки же үч күбөнүн көзүнчө ырайымсыздык менен өлүм жазасына тартылган болсо,

29 Кудайдын Уулун жана өзүн ыйыктаган, келишимди бекиткен Канды тебелеп-тепсеп, аны ыйык нерсе катары тутпаган, ырайым Рухун кордогон адам канчалык оор жазага тартылат деп ойлойсуңар?

30 Анткени: «Өчтү Мен алам, тиешесин Мен берем» жана дагы «Теңир Өзүнүн элин соттойт», – деп айткан Аны билебиз.

31 Тирүү Кудайдын колуна түшүү өтө коркунучтуу!

32 Силер өзүңөрдүн мурунку күндөрүңөрдү эстегилечи: чындыкты билгенден кийин, азаптуу күрөшкө чыдадыңар.

33 Бирде көпчүлүктүн алдында кордолуп азап тарттыңар, бирде ушундай кыйынчылыктарды башынан өткөрүп жаткандардын кайгысына ортоктош болдуңар.

34 Туткунга алынгандардын да кайгысына ортоктош болдуңар, мал-мүлкүңөрдү талап-тоноп кетишкенде, кайгырган жоксуңар. Анткени асманда андан жакшы, түбөлүктүү байлыгыңар бар экенин билчүсүңөр.

35 Ошондуктан кайратыңардан жазбагыла, анткени ал үчүн чоң сыйлык бар.

36 Кудайдын каалоосун аткарып, Анын убадалаганын алуу үчүн, силерге чыдамкайлык керек.

37 Анткени аз калды, абдан аз калды. Келе турган келет, кечикпестен келет.

38 «Адил адам ишеними менен тирүү болот, ал эми олку-солку болгон адамга Менин жаным ыраазы болбойт».

39 Биз болсо жок болуу үчүн артка кетенчиктегендерден эмеспиз, тескерисинче, жаныбыздын куткарылышы үчүн ишенгендерденбиз.

**11-БӨЛҮМ**

**Байыркылардын ишеним жолу**

1 Ишеним – бул үмүттөнүп күтүп жаткан нерсенин ишке ашарынан шектенбөө жана көрүнбөгөн нерсеге бекем ишенүү.

2 Ушундай ишеними үчүн байыркылар жакшы күбөлөндүрүүгө ээ болушкан.

3 Аалам Кудайдын сөзү менен жаратылганын ишеним аркылуу таанып билебиз. Демек, көрүнбөгөн нерседен көрүнгөн нерсе жаралган.

4 Ишеним менен Абыл Кудайга Кабылдыкынан жакшы курмандык алып келген. Ишеними аркылуу анын адил деп табылгандыгы жөнүндө жана анын тартуулары жөнүндө Кудай күбөлөндүргөн. Ишеними менен ал азыркыга чейин сүйлөп жатат.

5 Ишенгендиги үчүн Энох асманга алынды, ал өлгөн жок. Аны таппай калышты, анткени аны Кудай алып кетти. Алынып кетерден мурун ал Кудайга жаккандыгы жөнүндөгү күбөлөндүрүүгө ээ болгон эле.

6 Кудайга ишенимсиз жагууга мүмкүн эмес: Кудайга келген адам Анын бар экендигине, Аны издегендерге Ал тиешелүүсүн берерине ишениши керек.

7 Ишеними аркылуу Нух пайгамбар али көрүнө элек нерсе жөнүндө аян алып, өз үй-бүлөсүнүн куткарылышы үчүн, Кудайдан коркуу менен кеме курган. Өз ишеними менен ал бүткүл дүйнөнү айыптады, ишенимдин негизинде адилеттиктин мурасчысы болду.

8 Ишеними аркылуу Ыбрайым мураска ала турган өлкөгө кетүү жөнүндөгү чакырыкка баш ийип, кайда барарын билбесе да, жолго чыккан.

9 Ишеними аркылуу ал убадаланган жерге келгин сыяктуу отурукташып, ошол эле убаданын мурасчылары болгон Ыскак жана Жакып менен чатырда жашаган.

10 Анткени ал архитектору жана куруучусу Кудай болгон, пайдубалы бекем шаарды күтүп жүргөн эле.

11 Саара төрөбөс болгонуна, жашы өтүп калганына карабай, ишеними аркылуу кош бойлуу болууга Кудайдан күч алган, анткени убада берген Кудайдын ишенимдүү экенин билген.

12 Ошентип, бир адамдан, анан калса, карып калган адамдан асмандагы жылдыздардай сансыз, деңиз кумундай көп урпак тарады.

13 Булардын баары ишенип жүрүп өлүшкөн, убадаланганды алышкан эмес, бирок аны алыстан гана көрүп кубанышкан, алар өздөрүн бул дүйнөдө келгинбиз жана жолоочубуз деп эсептешкен.

14 Алардын бул айтканы чыныгы мекенин эңсеп жүргөндүктөрүн билдирет.

15 Өздөрүнүн чыккан жерин өз мекенибиз деп эсептешсе, анда ал жерге кайтууга убакыт табышмак.

16 Бирок алар андан жакшысына, башкача айтканда, асмандагыга умтулушкан. Ошондуктан Кудай алардын Кудайымын дегенден уялбайт. Кудай алар үчүн шаар даярдап койгон.

17 Ыбрайым сыналганда, ишеними аркылуу Ыскакты Кудайга курмандык катары алып келди. Убада алганына карабастан, жалгыз уулун курмандыкка чалуу үчүн алып келди.

18 Бирок ага уулу жөнүндө: «Сенин тукумуң Ыскактан тарайт», – деп айтылган эле.

19 Анткени ал: «Өлгөндөрдү тирилтүүгө Кудайдын кудурети жетет», – деп ойлоду, ошондуктан келечектеги тирилүүнүн белгиси катары уулун кайра алды.

20 Келечекке болгон ишеним менен Ыскак Жакып менен Эйсапка батасын берген.

21 Жакып өлөр алдында, ишеними аркылуу Жусуптун эки уулуна батасын берген, таягына сүйөнө туруп, Кудайга табынган.

22 Жусуп өлөр алдында, Ысрайыл уулдарынын Мисирден чыгары жөнүндө ишеним менен айтып, өзүнүн сөөгүн алып кетүүнү осуят кылган.

23 Муса төрөлгөндө, анын жакшынакай экенин көргөн ата-энеси аны ишеним менен үч ай бою жашырган. Алар падышанын буйругунан коркушкан эмес.

24 Муса эр жеткенде, ишеними аркылуу фараондун кызынын баласы деп аталуудан баш тарткан.

25 Ал күнөөнүн убактылуу жыргалчылыгынан Кудайдын эли менен кошо азап чегүүнү артык көргөн.

26 Машайак үчүн кордук көрүүнү ал Мисирдин байлыгынан артык байлык эсептеген, себеби келечектеги сыйлыкты караган.

27 Ал падышанын каарынан коркпостон, ишеним менен Мисир жеринен кетип калган. Анткени ал көрүнбөгөн Кудайды көрүп тургансып, бекем эле.

28 Тун уулдарды өлтүргөн periште ысрайылдыктарга тийбесин деп, Муса ишеним менен Пасах курмандыгын союп, кашектерге кан сүрткөн.

29 Ишеним аркылуу ысрайылдыктар Кызыл деңизден кургак жерден өткөндөй өтүшкөн. Аларды туураган мисирликтер болсо чөгүп өлүшкөн.

30 Ысрайылдыктар Жерихо шаарынын дубалдарын жети күн айланып чыгышканда, ишенимдери аркылуу Жерихо дубалдары кулаган.

31 Чалгынчыларды тынчтык менен кабыл алган сойку аял Рахап ишенгендиги үчүн моюн сунбагандар менен бирге өлгөн эмес.

32 Дагы эмнени айтайын? Гидон, Барак, Шимшон, Иптах, Дөөт, Шемуел жана башка пайгамбарлар жөнүндө айтууга убакыт да жетпейт.

33 Алар ишенимдери менен падышачылыктарды жеңишкен, адилеттикти орнотушкан, убадаланганды алышкан, арстандардын азуусунан аман калышкан.

34 Жалындаган өрттү өчүрүшкөн, жалаңдаган кылычтан аман калышкан, алсыраганда бекемделишкен, согушта тайманбас болушкан, бөтөн аскерлерди кууп чыгышкан.

35 Аялдар өлгөн адамдарынын тирилгенин көрүшкөн. Кээ бирөөлөрдү кыйнашканда, эң жакшы тирилүүгө жетүү үчүн, эркиндикке чыгуудан баш тартышкан.

36 Кээ бирөөлөр кордук көрүшкөн, таяк жешкен, кишенделишкен, түрмөгө камалышкан.

37 Кээ бирөөлөрдү ишенгендиги үчүн таш бараңга алышкан, араалашкан, кыйнашкан, кылычтап өлтүрүшкөн; кээ бирөөлөр кой-эчкинин терисин жамынып, тентип күн өткөрүшкөн, жокчулуктун каарын тартышкан, кысымга алынышкан, азап тартышкан.

38 Алар бул дүйнөнүн бүт адамдарынан жогору эле. Бирок алар чөлдөрдө, тоолордо, үңкүрлөрдө, капчыгайларда каңгып жүрүшкөн.

39 Ишенимдери жөнүндө жакшы күбөлөндүрүүгө ээ болгон алардын баары убадаланганды алышкан эмес.

40 Алар асмандагы жеткилеңдикке биз менен бирге жетиши үчүн, Кудай бизге жакшы нерсени даярдап койгон.

**12-БӨЛҮМ**

**Машайакчылардын ишеним жолу**

1 Ушундай көп күбөлөрдүн курчоосундагы биз ар кандай түйшүктөн жана оңой эле чырмап алчу ар кандай күнөөдөн арылып, алдыбыздагы жарыштын аягына чыдамдуулук менен чыгалы.

2 Ишенимибиздин баштоочусу жана бүтүрүүчүсү болгон Ыйсаны карайлы. Ал алдыда күтүп турган кубанычтын ордуна, шылдың болгонуна карабай, айкаш жыгачка керилип, азапка чыдады, андан кийин Кудайдын тактысынын оң жагына отурду.

3 Алдан тайып, кайратыңардан жазбашыңар үчүн, күнөөкөрлөрдөн ушундай кордук көргөн Ыйса жөнүндө ойлогула.

4 Күнөөгө каршы силер кан төгүлгүчө күрөшө элексиңер.

5 Силерге уулдары катары «Уулум, Теңирдин жазасын четке какпа, Ал сенин айыбыңды ашкерелегенде, көңүлүңдү чөгөрбө.

6 Анткени Теңир кимди сүйсө, ошону жазалайт. Кабыл алган ар бир уулун уруп-сабайт» деп айтылган насаатты да унутуп койдуңар.

7 Тарбияланышыңар үчүн чыдагыла, анткени Кудай силерге уулдарындай мамиле кылып жатат. Атасы жазалабаган уул барбы?

8 Уулдарынын баарын жазалайт, эгерде жазаланбасаңар, анда силер өз эмес, никесиз төрөлгөн балдарсыңар.

9 Бизди жазалаган ата-энебизди коркунуч менен урматтасак, анда жашашыбыз үчүн, рухий Атабызга андан бетер баш ийишибиз керек эмеспи?

10 Алар бизди кыска гана убакыт үчүн, өздөрү туура көргөндөй жазалашкан. Кудай болсо бизге пайдалуу болушу үчүн, Өзү ыйык болгонундай, бизди да ыйык кылыш үчүн жазалайт.

11 Убагында ар бир жаза кубанычтай эмес, кайгыдай туюлат. Бирок ал аркылуу тарбиялангандан кийин, ал адилеттиктин тынчтык берүүчү жемишин берет.

12 Ошондуктан чарчаган колуңарды, алсыраган тизеңерди чыңдагыла.

13 Аксагандар жолдон чыкпай, оңолушу үчүн, түз жол менен жүргүлө.

14 Бардык адамдар менен тынчтыкта болууга жана ыйык болууга умтулгула, ыйык болмоюнча, эч ким Теңирди көрбөйт.

15 Эч ким Кудайдын ырайымынан ажырап калбашы үчүн, кандайдыр бир ачуу тамыр өсүп чыгып, зыян келтирбеши үчүн жана ал аркылуу көптөр булганбашы үчүн сак болгула.

16 Араңарда тамак үчүн өзүнүн тунгучтугун сатып жиберген Эйсапка окшогон бузулган, кудайсыз адам болбошу үчүн сак болгула.

17 Өзүңөр билесиңер, кийин Эйсап батаны мурастагысы келсе да, четке кагылган. Көз жашын төгүп жалбарса да, атасынын чечимин өзгөртө алган эмес.

18 Силер көзгө көрүнгөн, жалындап күйгөн тоого, караңгылыкка, коюу караңгылыкка, бороон-чапкынга,

19 сурнай үнүнө, угулган үнгө жакындап келген жоксуңар. Ал үндү уккандар: «Мындан ары бизге сүйлөбөсүн», – деп жалбарышкан.

20 Анткени алар «Эгерде тоого жырткыч жакындаса да, ал таш бараңга алынат (же жаа менен атып өлтүрүлөт)» деген буйрукка чыдай алышкан эмес.

21 Көрүнүш ушунчалык коркунучтуу болгондуктан, Муса да: «Коркуп, титиреп турам», – деген.

22 Силер болсо Сион тоосуна, тирүү Кудайдын асмандагы Иерусалим шаарына, түмөндөгөн периштелерге,

23 салтанаттуу чогулушка, ысымдары асмандагы китепке жазылган тунгучтардын Жыйынына, баарынын соттоочусу болгон Кудайга, жеткилеңдикке жеткен адилеттүүлөрдүн рухтарына,

24 жаңы келишимдин арачысы Ыйсага, Абылдын канынан да жакшы сүйлөгөн чачыратылуучу канга жакындап келдиңер.

25 Силерге сүйлөгөн Кудайдан баш тартуудан сак болгула. Эгерде тигилер жер үстүндө сүйлөгөн Мусага кулак салбай жазаланышкан болсо, андан бетер биз, эгерде асмандан сүйлөгөн Кудайга кулак салбасак, жазадан качып кутула албайбыз.

26 Ошол убакта Анын үнү жерди солкулдаткан. Азыр болсо Ал: «Жерди гана эмес, асманды да дагы бир жолу солкулдатам», – деп убада берди.

27 Солкулдабаган нерселер калышы үчүн, «дагы бир жолу» деген сөз солкулдаган, башкача айтканда, жаратылган нерселер өзгөрөрүн билдирет.

28 Ошондуктан солкулдабаган Падышачылыкты кабыл алган биз Кудайга ыраазычылык билдирели, коркуу жана урмат көрсөтүү менен, Ага жаккандай кызмат кылалы.

29 Анткени биздин Кудайыбыз – жалмап салуучу от.

**13-БӨЛҮМ**

**Акыркы насаат сөз**

1 Ортоңордо бир туугандык сүйүү дайыма болсун.

2 Меймандос болууну унутпагыла. Анткени кээ бирөөлөр өздөрү билбестен, периштелерди коноктошкон.

3 Өзүңөрдү туткунга алынгандар менен чогуу туткунга алынгандай эсептеп, туткунга алынгандарды эсиңерден чыгарбагыла. Өзүңөр азап чегип жаткандай болуп, азап чегип жаткандарды эсиңерден чыгарбагыла.

4 Никеңер адал болсун, нике төшөгүңөр булганбасын. Бузулгандар менен нике бузгандарды болсо Кудай соттойт.

5 Дүнүйөкор болбогула, колуңарда болгонуна ыраазы болгула. Анткени Кудай Өзү: «Сени калтырбайм жана таштабайм», – деп айткан.

6 Ошондуктан биз: «Теңир менин жардамчым, ошондуктан мен коркпойм, адам мага эмне кыла алат?» – деп, чечкиндүүлүк менен айта алабыз.

7 Кудай Сөзүн айткан насаатчыларыңарды унутпагыла. Алардын өмүрүнүн акырын карап, алардын ишеним жолун жолдогула.

8 Ыйса Машайак кечээ кандай болсо, бүгүн да ошондой жана түбөлүккө ошол бойдон.

9 Ар кандай, жат окутууларга кызыкпагыла! Анткени жүрөгүңөрдүн тамак-ашка байланыштуу расмилер менен эмес, ырайым менен бекемделгени жакшы, ал расмилерди кармангандар пайда табышкан эмес.

10 Биздин курмандык чалынуучу жайыбыз бар, жыйын чатырынын кызматчыларынын андагы курмандыктан жегенге укугу жок.

11 Анткени башкы ыйык кызмат кылуучу курмандыкка чалынган малдын канын күнөөлөрдүн тазаланышы үчүн ыйык жайга алып кирет, малдын эти болсо кошуундун сыртында өрттөлөт.

12 Ошол сыяктуу Ыйса да Өз каны менен адамдарды ыйыктоо үчүн, шаар дарбазасынын сыртында азап чекти.

13 Ошондуктан кошуундун сыртына чыгып, Ага баралы. Ал көргөн кордукту биз да көрөлү.

14 Анткени биздин бул жерде туруктуу шаарыбыз жок, келечектегини эңсеп жатабыз.

15 Ошондуктан Кудайга мактоо курмандыгын, башкача айтканда, Анын ысымын даңктаган ооз курмандыгын Ыйса аркылуу тынымсыз алып келели.

16 Кайрымдуулук иштерин кылууну жана бири-бириңерге жардам берүүнү унутпагыла, анткени мындай курмандыктар Кудайга жагат.

17 Жетекчилериңерге баш ийгиле, моюн сунгула. Себеби алар силер үчүн жооп бере турган адамдар катары силердин жаныңар үчүн күндүр-түндүр кам көрүшөт. Алар үшкүрүнө эмес, кубаныч менен кам көрүшү үчүн баш ийгиле. Алардын үшкүрүнө кам көргөнү силер үчүн пайдасыз.

18 Биз үчүн сыйынгыла. Абийирибиздин таза экенине бекем ишенебиз, анткени өзүбүздү бардык нерседе туура алып жүрүүгө аракет кылабыз.

19 Силерге тезирээк барышым үчүн сыйынып турушуңарды өзгөчө суранам.

**Саламдар**

20 Койлордун улуу Кайтаруучусун – биздин Теңирибиз Ыйса Машайакты түбөлүк келишимди ырастаган кан менен тирилткен, тынчтыктын булагы болгон Кудай

21 Өзүнүн эрки аткарылышы үчүн, Ыйса Машайак аркылуу силерде Өзүнө жага турганды жаратып, силерди ар кандай жакшы ишке жөндөмдүү кылсын. Ал кылымдан кылымга даңктала берсин! Оомийин.

22 Бир туугандар, силерден суранарым, бул насаатты кабыл алгыла. Мен силерге көп деле жазган жокмун.

23 Бир тууганыбыз Тиметейдин бошотулганы тууралуу кабардар болгула. Эгерде ал тез арада келсе, мен аны менен бирге силерди көргөнү барам.

24 Жетекчилериңердин баарына жана бардык ыйыктарга салам айтып койгула. Италиялыктар силерге салам айтып жатышат.

25 Кудай баарыңарга ырайымын төгө берсин! Оомийин.

**ЖАКАН АЛГАН АЯН**

**1-БӨЛҮМ**

**Кириш сөз**

1 Бул – Ыйса Машайактын аяны. Жакында эмне болорун Өзүнүн кулдарына көрсөтүү үчүн, Кудай Ага ушул аянды берди. Кудай бул аянды Өзүнүн периштеси аркылуу Өзүнүн кулу Жаканга көрсөттү.

2 Жакан болсо Кудайдын сөзүн, Ыйса Машайактын күбөлөндүрүүсүн жана өзүнүн көргөндөрүн күбөлөндүрдү.

3 Ушул пайгамбарчылыктарды окугандар жана уккандар, ошондой эле аянда жазылганды кармангандар бактылуу, анткени убакыт жакындап калды.

**Жети Жыйынга айтылган салам**

4 Асиядагы жети Жыйынга Жакан мындай деп жазат: Азыр бар болуп турган, башынан бери эле бар болгон жана келе жаткан Кудай, Анын тактысынын алдында турган жети рух,

5 ошондой эле ишенимдүү күбө, өлгөндөрдүн арасынан биринчи болуп тирилген, жер үстүндөгү падышалардын падышасы болгон Ыйса Машайак силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин! Бизди сүйгөндүктөн, күнөөлөрүбүздү Өзүнүн каны менен жууган,

6 бизди Өзүнүн Атасы Кудайга таандык падышалар жана ыйык кызмат кылуучулар кылган Ал түбөлүккө даңкталып, бийлик кыла берсин! Оомийин!

7 Мына, Ал булуттар менен келе жатат, Аны бардык көздөр көрөт, Аны найза менен сайгандар да көрүшөт. Жер үстүндөгү бардык элдер Анын алдында боздоп ыйлашат. Ооба, ошондой болот, оомийин.

8 Азыр бар болуп турган, башынан бери эле бар болгон жана келе жаткан, бардыгын кармап турууучу Теңир мындай дейт: «Мен Альфамын жана Омегамын, башымын жана аягымын».

**Жакандын Патмос аралында көргөн көрүнүшү**

9 Ыйса Машайактын азап чегүүсүнө, падышачылык кылуусуна жана чыдамкайлык көрсөтүүсүнө ортоктош болгон силердин бир тууганыңар мен, Жакан, Кудайдын сөзү үчүн жана Ыйса Машайак жөнүндө күбөлөндүргөнүм үчүн, Патмос аралында болдум.

10 Теңирдин күнүндө мен Рухка толдум. Ошондо мен арка жагымдан сурнайдын үнүндөй болгон катуу үндү уктум, ал үн мындай деп айтты: «Мен Альфамын жана Омегамын, биринчимин жана акыркымын.

11 Эмнени көрүп турсаң, ошону китепке жазып, аны Асиядагы Эфес, Смирна, Пергам, Тиатира, Сардес, Филаделфия жана Лаодикея Жыйындарына жибер».

12 Мага сүйлөгөн үн кимдин үнү экенин көрөйүн деп, артымды карадым. Ошондо мен жети алтын чыракты көрдүм.

13 Жети чырактын ортосунда Адам Уулуна окшогон бирөө туруптур. Ал узун кийим кийип, көкүрөгүн алтын кемер менен курчап алыптыр.

14 Анын башы менен чачы ак жүндөй жана кардай аппак, көздөрү оттун жалынындай,

15 буттары меште кызып жаркыраган жездей, үнү суулардын шаркыраган үнүндөй эле.

16 Анын оң колунда жети жылдыз бар экен, Анын оозунан эки миздүү кылыч чыгып туруптур. Анын жүзү болсо жаркырап тийип турган күндөй эле.

17 Мен Аны көргөндө, Анын бут алдына өлүк сыяктуу жыгылдым. Ошондо Ал менин үстүмө оң колун коюп, мындай деди: «Коркпо! Мен биринчимин жана акыркымын.

18 Мен тирүүмүн. Өлгөн элем, азыр болсо түбөлүккө тирүүмүн, оомийин. Өлгөндөр жаткан жай менен өлүмдүн ачкычтары Менде.

19 Ошондуктан эмнени көрсөң, азыр эмне болуп жатса, мындан кийин эмне боло турган болсо, ошонун баарын жаз.

20 Менин оң колумдагы сен көргөн жети жылдыздын жана жети алтын чырактын жашыруун сыры мындай: жети жылдыз – жети Жыйындын периштелери, ал эми сен көргөн жети чырак – жети Жыйындын өзү.

**2-БӨЛҮМ**

**Эфес шаарындагы Жыйынга жазылган кат**

1 Эфестеги Жыйындын периштесине мындай деп жаз: Оң колунда жети жылдыз кармап турган жана жети алтын чырактын арасында басып жүргөн Теңир мындай дейт:

2 “Мен сенин иштериңди, эмгегиңди, чыдамкайлыгыңды, бузулгандарга чыдай албастыгыңды, элчи эмес болушса да, өздөрүн элчибиз деп эсептегендерди сынап көрүп, алардын жалганчы экенин аныктаганыңды билем.

3 Сен көп нерсени башыңдан өткөрдүң, сенде чыдамкайлык бар, Менин ысымым үчүн иштедиң, чарчаган жоксуң.

4 Бирок Менин сага айта турган бир наразычылыгым бар: сен биринчи сүйүүңдү таштап койгонсуң.

5 Ошондуктан кайсы жерден жыгылганыңды эстеп, тобо кыл да, мурун жасап жүргөн иштериңди жасай бер. Эгерде андай кылбасаң, тобо кылбасаң, анда Мен сага жакын арада келем да, чырагыңды ордунан алып таштайм.

6 Бирок сенин Николайдын окутуусун жолдоочулардын иштерин жек көргөнүң жакшы, алардын иштерин Мен да жек көрөм.

7 Кимдин кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын уксун: жеңген адамга Кудайдын бейишинин ортосундагы өмүр дарагынын жемишинен даам таттырам”.

**Смирна шаарындагы Жыйынга жазылган кат**

8 Смирнадагы Жыйындын периштесине мындай деп жаз: Өлүп кайра тирилген Биринчи жана Акыркы мындай дейт:

9 “Мен сенин иштериңди, тарткан азаптарыңды жана жакырдыгыңды билем (бирок сен байсың). Өздөрүн жүйүтпүз деп эсептеп жүргөндөрдөн жаман сөздөрдү укканыңды билем, бирок алар – жүйүттөр эмес, шайтанга таандык адамдардын тобу.

10 Башыңдан өтө турган кыйынчылыктардан коркпо. Сыналышыңар үчүн, шайтан силердин араңардан кээ бирөөлөрүңөрдү зынданга салат, он күн кыйналасыңар. Өмүрүңдүн акырына чейин ишенимдүү бол, ошондо Мен сага өмүр таажысын берем.

11 Кимдин кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын уксун: жеңген адам экинчи өлүмдөн зыян тартпайт".

**Пергам шаарындагы Жыйынга жазылган кат**

12 Пергамдагы Жыйындын периштесине мындай деп жаз: эки миздүү кылычы бар Теңир мындай дейт:

13 "Сенин иштериңди билем, сен шайтандын тактысы турган жерде жашайсың, Менин ысымымды бек тутуп жүрөсүң, Менин ишенимдүү күбөм Антипа силердин араңарда, шайтан жашаган жерде өлтүрүлгөн күндөрдө да Мага болгон ишенимиңден баш тарткан жоксуң.

14 Бирок Менин сага айта турган бир аз нааразычылыгым бар: сенде Биламдын окутуусун жолдогондор бар. Ошол Билам Балакты Ысрайыл уулдарын азгырууга: аларды буркандарга чалынган курмандыктан жегенге, бузуктук кылууга үйрөткөн.

15 Ошондой эле сенде Николайдын окутуусун жолдогондор бар, Мен ал окутууну жек көрөм.

16 Тобо кыл. Эгерде антпесең, Мен сага жакында келип, ошол окутууну жолдогондорго каршы оозумдагы кылыч менен согушам.

17 Кимдин кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын уксун: жеңген адамга жашыруун маннадан даам таттырам жана ага бир ак таш берем. Ал таштын бетинде жаңы ысым жазылуу болот, алган адамдан башка эч ким ал ысымды билбейт".

**Тиатира шаарындагы Жыйынга жазылган кат**

18 Тиатирадагы Жыйындын периштесине мындай деп жаз: көздөрү оттун жалынындай күйүп турган, буттары жездей жаркырап турган Кудайдын Уулу мындай дейт:

19 "Сенин иштериңди да, сүйүүңдү да, ишенимиңди да, кызматыңды да, чыдамкайлыгыңды да, кийинки иштериң мурунку иштериңден көп экенин да билем.

20 Бирок Менин сага айта турган бир аз нааразычылыгым бар: сен өзүн пайгамбар эсептеген Изебел деген аялдын Менин кулдарымды бузуктук кылууга, буркандарга чалынган курмандыктан жегенге үйрөтүүсүнө, адаштыруусуна жол берип жатасың.

21 Мен ал аялга бузуктугу үчүн тобо кылууга убакыт бергем, бирок ал тобо кылгысы келген жок.

22 Ошондуктан Мен аны оорутуп, төшөккө жаткырам. Эгерде өздөрүнүн иштери үчүн өкүнүп тобо кылышпаса, аны менен бирге бузуктук кылгандарды оор кайгыга салам.

23 Анын балдарын өлтүрөм, ошондо Жыйындардын баары Менин адамдын ички дүйнөсүн жана жүрөгүн Сыноочу экенимди билишет. Ар бириңерге иштериңерге жараша тиешеңерди берем.

24 Ал эми силерге, бул окутууну жолдобогон жана «шайтандын терең сырлары» деп аталган нерселерди билбеген Тиатиранын калган тургундарына, мындай демекчимин: Мен силердин башыңарга башка кыйынчылык салбайм.

25 Эмнеңер бар болсо, ошону гана Мен келгенче, бекем кармап тургула.

26 Ким жеңип чыгып, Менин иштеримди аягына чейин аткарса, Өзүмдүн Атамдан бийлик алганымдай эле, аны бутпарастардын үстүнөн бийликке коём.

27 Ал аларды темир таяк менен кайтарат, алар чопо идиш талкалангандай талкаланышат.

28 Ага таң жылдызын берем.

29 Кимдин кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын уксун".

**3-БӨЛҮМ**

**Сардес шаарындагы Жыйынга жазылган кат**

1 Сардестеги Жыйындын периштесине мындай деп жаз: Колунда Кудайдын жети Руху жана жети жылдыз бар Теңир мындай дейт: "Мен сенин иштериңди билем. Сен тирүү болуп аталып жүргөнүң менен өлүксүң.

2 Сергек бол, өлүм алдында турган нерселериңди бекемде, анткени Мен сенин иштериңди Кудайымдын алдында жеткилең деп таппадым.

3 Эмнени кабыл алганыңды, эмнени укканыңды эстеп, ошону сакта, тобо кыл. Эгерде сен сергек болбосоң, анда Мен сага ууру сыяктуу келем, Менин кайсы саатта келеримди билбей каласың.

4 Бирок сенин Сардесте бир нече кишиң бар, алар кийимдерин кирдетишкен жок. Алар ак кийимдерин кийип, Мени менен жүрүшөт, анткени алар ошого татыктуу.

5 Жеңген адам ак кийим киет. Мен анын ысымын өмүр китебинен өчүрбөйм, анын ысымын Атамдын алдында жана Анын периштелеринин алдында ачык таанымйм.

6 Кимдин кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын уксун".

**Филаделфия шаарындагы Жыйынга жазылган кат**

7 Филаделфиядагы Жыйындын периштесине мындай деп жаз: Ыйык, Чыныгы, Дөөттүн ачкычын алып жүрүүчү Теңир (Ал ачса, эч ким жаба албайт; Ал жапса, эч ким ача албайт) мындай дейт:

8 "Мен сенин иштериңди билем. Мына, Мен сенин алдыңда эшикти ачып койдум, аны эч ким жаба албайт. Анткени сен күчүң аз болгонуна карабастан, Менин сөзүмдү сактадың, Менин ысымымдан баш тарткан жоксуң.

9 Мына, Мен шайтанга таандык топтогу адамдардын кээ бирөөлөрүн, жүйүт эмес болушса да, жүйүтпүз деп калп айткандарды, сенин алдыңа алып келип, таазим кылдырам, ошондо алар Менин сени сүйгөндүгүмдү билишет.

10 Сен Менин чыдамкайлык жөнүндөгү сөзүмдү сактадың, ошондуктан Мен да сени жер үстүндө жашагандардын сыналуусу үчүн бүт дүйнөдө боло турган сыноо убагынан сактап калам.

11 Мен жакында келем. Бирөө сенин таажыңды тартып албаш үчүн, эмнең бар болсо, ошону бекем карма.

12 Жеңип чыккан адамды Мен Кудайымдын ийбадатканасынын тирөөчү кылам, ал ошол жерден эч качан чыкпайт. Тирөөчтүн бетине Мен Кудайымдын ысымын жана Кудайымдын шаарынын атын, Кудайымдан, асмандан түшкөн жаңы Иерусалимдин атын жана Өзүмдүн жаңы ысымымды жазып коём.

13 Кимдин кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын уксун".

**Лаодикея шаарындагы Жыйынга жазылган кат**

14 Лаодикеядагы Жыйындын периштесине мындай деп жаз: Ысымы Оомийин, ишенимдүү жана чыныгы күбө, Кудайдын жаратуусунун башталышы, мындай дейт:

15 "Сенин иштериңди билем. Сен муздак да, ысык да эмессиң. Атаганат, сен муздак же ысык болсоң эмне!

16 Сен ысык да, муздак да эмес, жылуу болгонуң үчүн, Мен сени оозумдан бүркүп чыгарып салам.

17 Анткени сен: "Мен баймын, байып калдым, эч нерсеге муктаж эмесмин", – деп айтып жатасың. Бирок сен өзүңдүн бактысыз, аянычтуу, жакыр, сокур жана жылаңач экендигиңди билбейсиң.

18 Мен сага мындай кеңеш берем: байышың үчүн, сен Менден отко тазаланган алтын сатып алгын; жылаңач этиң көрүнбөш үчүн, Менден ак кийим сатып алып кий; көзүң көрүш үчүн, Менден көздүн майын сатып алып, көзүңө сыйпа.

19 Мен кимди сүйсөм, ошолорду ашкерелеп, жазалайм. Ошондуктан тырышчаак бол жана тобо кыл.

20 Мына, Мен эшиктин алдында туруп, эшикти чертип жатам. Ким Менин үнүмдү угуп, эшигин ачса, Мен аныкына кирип, аны менен бирге тамак ичем, ал да Мени менен бирге тамак ичет.

21 Мен жеңип чыгып, Атамдын жанына, Анын тактысына отурганымдай эле, жеңип чыккан адамды Өзүмдүн жаныма, тактыма отургузам.

22 Кимдин кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын уксун"».

**4-БӨЛҮМ**

**Асмандагы тактыда отурган Кудай**

1 Ошондон кийин мен өйдө карап, асмандын эшиги ачылганын көрдүм. Мен мурун уккан, сурнайдын үнүндөй болгон, мага сүйлөгөн үн мындай деди: «Бул жакка чык, Мен сага мындан кийин эмне болушу керек экендигин көрсөтөм».

2 Ошол замат мен Рухка толдум. Ошондо мен асманда такты турганын, тактыда Бирөө отурганын көрдүм.

3 Анын көрүнүшү яспис жана акак таштарындай экен. Ал эми тактыны көрүнүшү зымырыт ташындай болгон жаа тегерете курчап турат экен.

**Тактыларда отурган аксакалдар**

4 Ал тактынын тегерегинде жыйырма төрт такты бар экен. Ал тактыларда үстүлөрүнө ак кийим, баштарына алтын таажы кийген жыйырма төрт аксакал отурганын көрдүм.

5 Такты тараптан чагылган чартылдап, күн күркүрөп, катуу дабыштар чыгып жатты. Ал эми тактынын алдында Кудайдын жети руху болгон жети чырак жалындап күйүп туруптур.

6 Тактынын алдында кристаллга окшогон, тунук айнектей болгон деңиз, тактынын ортосунда жана тегерегинде алды-арты бүт көз болгон төрт тирүү жандык бар экен.

7 Биринчи жандык арстанга, экинчиси торпокко, үчүнчүсүнүн бети адамдыкына, төртүнчүсү болсо учуп бара жаткан бүркүткө окшош экен.

8 Төрт тирүү жандыктын ар биринин алтыдан канаты бар эле, ал эми алардын тула бою көзгө толо эле. Алар күнү-түнү тыным албастан: «Башынан бери эле бар болгон, азыр да бар болуп турган, келе жаткан, бардыгын кармап туруучу Кудай-Теңир ыйык, ыйык, ыйык!» – деп жатышты.

9 Бул тирүү жандыктар тактыда отурган, түбөлүк жашоочу Кудайды даңктап, Ага урмат көрсөтүп, ыраазычылык билдиришкен сайын,

10 жыйырма төрт аксакал тактыда Отургандын алдына жыгылып, түбөлүк Жашоочуга таазим кылып, таажыларын тактынын алдына коюп, мындай деп жатышты:

11 «Теңир, Сен даңкталууга, урматталууга жана бийлик кылууга татыктуусуң, анткени бардыгын Сен жараттың, бардыгы Сенин каалооң менен жаратылып, бар болуп турат».

**5-БӨЛҮМ**

**Жети мөөр басылган китеп**

1 Анан мен тактыда Отургандын оң колунан эки бетине тең жазылган, жети мөөр басылган түрмөк китепти көрдүм.

2 Ошондой эле күчтүү периштени көрдүм, ал: «Мөөрлөрдү алып таштап, китепти ачууга ким татыктуу?» – деп, катуу үн менен сурап жатты.

3 Бирок асманда да, жерде да, жер астында да ал китепти ачууга, анын ичин караого эч ким табылган жок.

4 Ошондо мен ал китепти ачып окууга, атүгүл, анын ичин кароого татыктуу эч ким табылбагандыгы үчүн аябай ыйладым.

5 Ошондо аксакалдардын бири мага мындай деди: «Ыйлаба, мына, Жүйүт уруусунан, Дөөттүн тукумунан чыккан Арстан жеңип чыкты. Мына Ошол жети мөөрдү алып таштап, китепти ача алат».

6 Анан мен тактынын, төрт тирүү жандыктын жана аксакалдардын ортосунда мууздалган сыяктуу Козу турганын көрдүм. Анын жети мүйүзү жана жети көзү бар экен. Алар – Кудайдын бүт дүйнөгө жиберген жети руху.

7 Ошол Козу келип, тактыда Отургандын оң колунан китепти алды.

8 Ал китепти алганда, төрт тирүү жандык жана жыйырма төрт аксакал Козунун алдына жыгылышты. Алардын ар биринде гусли жана жыпар жыттуу затка толгон алтын чөйчөктөр бар эле. Ал чөйчөктөрдөгү жыпар жыттуу зат – ыйыктардын сыйынуусу.

9 Анан алар мындай жаңы ыр ырдашты: «Сен китепти алууга, анын мөөрлөрүн ачууга татыктуусуң, анткени Сен мууздалдың, Өз каның менен ар бир уруудан, ар бир тилден, ар бир элден жана ар бир улуттан бизди Кудайга сатып бердиң.

10 Бизди Кудайыбызга падышалар жана ыйык кызмат кылуучулар кылдың. Биз жер үстүндө падышачылык кылабыз».

11 Анан мен тактынын, тирүү жандыктардын жана аксакалдардын тегерегинен көптөгөн периштелерди көрдүм, алардын үндөрүн уктум. Алар миң-миңдеп, миң-түмөндөп саналат экен.

12 Алар катуу үн менен: «Мууздалган Козу бийликке жана байлыкка, даанышмандыкка жана кудуретке ээ болууга, урматталууга, даңкталууга жана макталууга татыктуу», – деп айтып жатышты.

13 Ошондо мен асмандагы жана жердеги, жер астындагы жана деңиздеги, бүт дүйнө жүзүндөгү тирүү жандыктардын баарынын: «Тактыда Отурган жана Козу түбөлүккө макталсын, урматталсын, даңкталсын жана бийлик кыла берсин!» – деп айтышканын уктум.

14 Ошондо төрт тирүү жандык: «Оомийин», – дешти. Жыйырма төрт аксакал болсо жерге жыгылып, түбөлүк Жашоочуга таазим кылды.

## 6-БӨЛҮМ

### Биринчи мөөр – ак атчан

1 Анан мен Козунун жети мөөрдүн биринчисин ачканын көрдүм. Андан кийин төрт тирүү жандыктын биринин күндүн күркүрөгөнүндөй болгон үн менен: «Келип кара», – дегенин уктум.

2 Мен барып карап, ак ат чыкканын көрдүм. Аны минип тургандын жаасы бар экен. Ага таажы берилди. Ал жеңүүчү катары жеңүү үчүн чыкты.

### Экинчи мөөр – жээрде атчан

3 Ал экинчи мөөрдү ачканда, экинчи тирүү жандыктын: «Келип кара», – дегенин уктум.

4 Ошондо жээрде ат чыкты. Адамдар бири-бирин өлтүрүшү үчүн, ал атты минип турганга жер үстүнөн тынчтыкты алып салуу укугу берилди. Анан ага чоң кылыч берилди.

### Үчүнчү мөөр – кара атчан

5 Ал үчүнчү мөөрдү ачканда, мен үчүнчү тирүү жандыктын: «Келип кара», – дегенин уктум. Карасам, кара ат чыкты, аны минип тургандын колунда тараза бар экен.

6 Ошондо мен төрт тирүү жандыктын ортосунан мындай деп сүйлөгөн үндү уктум: «Бир ченем буудай бир динарий, үч ченем арпа бир динарий болсун, ал эми май менен шарапка кол тийгизбе».

### Төртүнчү мөөр – боз атчан

7 Ал төртүнчү мөөрдү ачканда, төртүнчү тирүү жандыктын: «Келип кара», – дегенин уктум.

8 Карасам, боз ат чыкты, аны минип тургандын ысымы «Өлүм» экен. Анын артынан өлгөндөр жаткан жай ээрчип алыптыр. Ага жердин төртүнчү бөлүгүн кылыч жана ачкачылык менен, жугуштуу оору жана жырткычтар менен өлтүрүүгө бийлик берилди.

### Бешинчи мөөр – курмандык чалынуучу жайдын алдындагы азап тарткан адамдар

9 Ал бешинчи мөөрдү ачканда, мен курмандык чалынуучу жайдын алдынан Кудайдын сөзү үчүн жана өздөрүнүн күбөлөндүрүүсү үчүн өлтүрүлгөн адамдардын жандарын көрдүм.

10 Алар үндөрүн бийик чыгарып, мындай деп кыйкырып жатышты: «Ыйык жана чыныгы Эгедер, качанкыга чейин сот жүргүзбөйсүң, качанкыга чейин биздин каныбыз үчүн жер үстүндө жашагандардан өч албайсың?»

11 Ошондо алардын ар бирине ак кийим берилди жана аларга: «Кызматташтарыңар менен бир туугандарыңар да силердей болуп өлтүрүлүп, белгиленген санды толуктаганга чейин, дагы бир аз убакыт тынчтана тургула», – деп айтылды.

**Алтынчы мөөр – Козунун каары**

12 Ал алтынчы мөөрдү ачканда, карасам, катуу жер титирөө болду, күн зумбал сыяктуу карарды, ай кан сыяктуу кызарды.

13 Катуу шамалдан анжыр дарагынын быша элек мөмөлөрү күбүлүп түшкөн сыяктуу, асмандагы жылдыздар жерге түштү.

14 Асман да түрүлгөн кагаз сыяктуу түрүлүп жок болду. Бардык тоолор, бардык аралдар ордунан жылды.

15 Жер үстүндөгү падышалар да, башчылар да, байлар да, миң башылар да, күчтүүлөр да, кулдар да, эркин адамдар да үңкүрлөргө жана капчыгайларга жашынып,

16 тоолорго жана аскаларга: «Үстүбүзгө кулап, бизди тактыда Отургандын жүзүнөн жана Козунун каарынан жашыра көргүлө.

17 Анткени Анын каары төгүлө турган улуу күн келди, ага ким туруштук бере алат?» – дешти.

**7-БӨЛҮМ**

**Мөөрлөнгөндөрдүн саны**

1 Андан кийин мен жердин төрт бурчунда турган төрт периштени көрдүм. Алар жерге, деңизге, бир да даракка шамал тийбесин деп, жердин төрт тарабынын шамалын кармап турушуптур.

2 Анан мен чыгыштан көтөрүлүп келе жаткан, колунда тирүү Кудайдын мөөрү бар башка периштени көрдүм. Ал жерге жана деңизге зыян келтирүүгө буйрук алган төрт периштеге катуу үн менен мындай деди:

3 «Кудайыбыздын кулдарынын чекелерине биз мөөр басканга чейин, жерге да, деңизге да, дарактарга да зыян келтирбегиле».

4 Анан мен мөөрлөнгөндөрдүн санын уктум: Ысрайылдын бардык урууларынан мөөрлөнгөндөрдүн саны жүз кырк төрт миң экен.

5 Жүйүт уруусунан он эки миң адамга, Рубейин уруусунан он эки миң адамга, Гат уруусунан он эки миң адамга,

6 Ашыр уруусунан он эки миң адамга, Напталы уруусунан он эки миң адамга, Менаше уруусунан он эки миң адамга,

7 Шымон уруусунан он эки миң адамга, Леби уруусунан он эки миң адамга, Исахар уруусунан он эки миң адамга,

8 Забулун уруусунан он эки миң адамга, Жусуп уруусунан он эки миң адамга, Бенжемин уруусунан он эки миң адамга мөөр басылыптыр.

**Ар кайсы элдердин арасынан куткарылгандар**

9 Ошондон кийин карасам, ар бир уруудан, ар бир улуттан, ар бир элден, ар бир тилден эч ким санай алгыс, эбегейсиз көп адамдар тактынын жана Козунун алдында ак кийим кийип, колдоруна курма пальмасынын бутагын кармап турушуптур.

10 Алар үндөрүн бийик чыгарып: «Тактыда отурган биздин Кудайдан жана Козудан куткарылуу келет!» – деп айтып жатышты.

11 Бардык периштелер тактыны, аксакалдарды жана төрт тирүү жандыкты тегеректеп алып, тактынын алдына жүзтөмөндөп жыгылып, Кудайга мындай деп табынып жатышты:

12 «Оомийин! Алкыш, даңк, даанышмандык, ыраазычылык, урмат-сый, күч-кубат жана кудурет түбөлүккө биздин Кудайыбызга таандык! Оомийин».

13 Анан аксакалдардын бири сөз баштап, менден: «Бул ак кийимчендер кимдер, булар кайдан келишкен?» – деп сурады.

14 Мен ага: «Сен аны билесиң, мырза», – деп жооп бердим. Ошондо ал мага мындай деди: «Булар – улуу кайгыдан келгендер. Алар өздөрүнүн кийимдерин жуушкан, алар өздөрүнүн кийимдерин Козунун канына агартышкан.

15 Ошон үчүн алар азыр Кудайдын тактысынын алдында туруп, Анын ийбадатканасында Ага күнү-түнү кызмат кылып жатышат. Тактыда Отурган алардын арасында жашайт.

16 Алар эми эч качан ачка болушпайт, суусашпайт, аларды күн жана эч кандай ысык куйкалабайт.

17 Анткени аларды тактынын ортосундагы Козу кайтарып, тирүү суунун башатына алып барат. Кудай алардын бардык көз жашын аарчыйт».

**8-БӨЛҮМ**

**Жетинчи мөөр – тынчтыктын өкүм сүрүүсү**

1 Козу жетинчи мөөрдү ачканда, асманда жарым саатча тынчтык өкүм сүрдү.

2 Андан кийин мен Кудайдын алдында турган жети периштени көрдүм, аларга жети сурнай берилди.

3 Анан башка бир периште келип, курмандык чалынуучу жайдын алдына турду. Анын колунда жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү алтын чөйчөк бар экен. Ага көп жыпар жыттуу зат берилди. Анткени ал аны бардык ыйыктардын сыйынуулары менен бирге тактынын алдында турган, алтындан жасалган курмандык чалынуучу жайдын үстүнө коюшу керек эле.

4 Жыпар жыттуу заттардын түтүнү ыйыктардын сыйынуулары менен бирге периштенин колунан Кудайдын алдына көтөрүлдү.

5 Анан периште жыпар жыттуу заттар түтөтүлүүчү чөйчөктү алды да, аны курмандык чалынуучу жайдагы от менен толтуруп, жерге ыргытып жиберди. Ошондо катуу дабыштар чыгып, күн күркүрөп, чагылган чартылдап, жер титиреди.

6 Анан жети сурнайы бар жети периште сурнай тартууга даярданды.

**Биринчи сурнай – кан аралаш түшкөн мөндүр жана от**

7 Биринчи периште сурнай тартканда, жерге кан аралаш мөндүр жана от түштү. Ошондо дарактардын үчтөн бир бөлүгү өрттөндү, көк чөптүн баары күйүп кетти.

**Экинчи сурнай – жалындап күйүп жаткан тоонун деңизге кулашы**

8 Экинчи периште сурнай тартканда, жалындап күйүп жаткан чоң тоо сыяктуу бир нерсе деңизге кулады. Ошондо деңиздин үчтөн бир бөлүгү канга айланды.

9 Деңизде жашаган тирүү жандыктардын үчтөн бир бөлүгү өлүп, кемелердин үчтөн бир бөлүгү кыйрады.

**Үчүнчү сурнай – «Эрмен» жылдызы**

10 Үчүнчү периште сурнай тартканда, асмандан шам чырактай күйгөн чоң жылдыз түштү. Ал дарыялардын үчтөн бир бөлүгүн жана булактарды басып калды.

11 Бул жылдыздын аты «Эрмен» эле. Ошондо суунун үчтөн бир бөлүгү уулуу болуп калды. Бул суудан көп адамдар өлүштү, анткени суу ачуу болуп калган эле.

**Төртүнчү сурнай – күндүн, айдын жана жылдыздардын үчтөн бир бөлүгүнүн кыйрашы**

12 Төртүнчү периште сурнай тартканда, күндүн, айдын жана жылдыздардын үчтөн бир бөлүгү кыйрады. Ошондо алардын үчтөн бир бөлүгү караңгыланып, күндүзгү убактын да, түнкү убактын да үчтөн бир бөлүгү жарыгы жок болуп калды.

13 Анан мен асмандын ортосунда учуп келе жаткан бүркүттү көрдүм жана анын катуу үн менен мындай дегенин уктум: «Жер үстүндө жашап жаткандарга кайгы, кайгы! Үч периште тарта турган калган сурнайлардын үнү чыкканда, алардын башына кайгы түшөт!»

**9-БӨЛҮМ**

**Бешинчи сурнай – чегиртке жана туңгуюктун периштелери**

1 Бешинчи периште сурнай тартканда, мен асмандан жерге түшкөн жылдызды көрдүм. Ал жылдызга түпсүз туңгуюктун ачкычы берилди.

2 Ал түпсүз туңгуюкту ачканда, чоң мештен түтүн чыккансып, андан түтүн чыкты. Түпсүз туңгуюктан чыккан түтүндөн улам, аба карарып, күн көрүнбөй калды.

3 Ошондо түтүндөн жер үстүнө чегиртке чыкты, ага жер үстүндөгү чаяндыкындай бийлик берилди.

4 Ал чегирткеге мындай деп айтылды: «Жер үстүндөгү чөпкө, эч бир өсүмдүккө, эч бир даракка зыян келтирбе, чекесинде Кудайдын мөөрү жок адамдарга гана зыян келтир».

5 Ага аларды өлтүрүүгө эмес, беш ай кыйноого гана уруксат берилди. Чаян чакканда адам кандай кыйналса, анын кыйноосу да ошондой эле.

6 Ошол күндөрдө адамдар өлүмдү издешет, бирок таба алышпайт; алар өлүмдү каалашат, бирок өлүм алардан качып кетет.

7 Чегирткенин сырткы көрүнүшү согушка даярдалган аттардай эле. Анын баштарында алтын таажыларга окшогон нерселер бар эле, анын беттери болсо адам баласынын бетиндей эле.

8 Чачтары аялдын чачындай, тиштери арстандын тишиндей эле.

9 Анын кийгени темир соотко окшогон сооттор эле, ал эми канаттарынын шуулдоосу согушка бара жаткан, көп атка чегилген арабалардын калдыраганына окшош эле.

10 Анын чаяндыкындай куйруктары, куйруктарында болсо уусу бар эле. Ага адамдарды беш ай кыйноого бийлик берилди.

11 Анын падышасы туңгуюктун periштеси эле. Ал периштенин аты эврейче Абадон, ал эми грекче Аполион экен.

12 Биринчи кайгы өтүп кетти. Мына, анын артынан дагы эки кайгы келе жатат.

**Алтынчы сурнай – кыйратуучу төрт периште**

13 Алтынчы периште сурнай тартканда, мен Кудайдын алдында турган, алтындан жасалган курмандык чалынуучу жайдын төрт мүйүзүнөн чыккан бир үндү уктум.

14 Ал үн сурнай кармап турган алтынчы периштеге: «Улуу Эфрат дарыясынын боюнда байланып турган төрт периштени бошот», – деди.

15 Ушул жылга, ушул айга, ушул күнгө жана ушул саатка даярдалган төрт периште адамдардын үчтөн бир бөлүгүн өлтүрүү үчүн бошотулду.

16 Атчан аскерлердин саны эки жүз миллион экенин уктум.

17 Ошентип, мен көрүнүштө аттарды жана аларга мингендерди көрдүм. Атчандардын оттой кызыл, кара көк жана күкүрттөй сары соottору бар эле. Аттардын баштары арстандын башындай эле. Алардын ооздорунан от, түтүн жана күкүрт чыгып турду.

18 Алардын ооздорунан чыккан бул үч жазадан – оттон, түтүндөн жана күкүрттөн адамдардын үчтөн бир бөлүгү кырылды.

19 Анткени бул аттардын күчү ооздорунда жана куйруктарында эле. Алардын куйруктары жыландарга окшош эле. Жыландардын баштары бар болчу, ошолор менен зыян келтиришчү.

20 Бул үч жазадан өлбөгөн адамдар болсо жиндерге жана өздөрүнүн колу менен алтындан, күмүштөн, жезден, таштан, жыгачтан жасалган, көрбөгөн, укпаган, баспаган кудайларга табынышканы үчүн өкүнүп тобо кылышкан жок.

21 Алар өздөрүнүн киши өлтүрүшкөнү үчүн да, сыйкырчылык кылышканы үчүн да, ойноштук кылып нике бузушканы үчүн да, уурулук кылышканы үчүн да өкүнүп тобо кылышкан жок.

**10-БӨЛҮМ**

**Колунда ачылган китепчеси бар периште**

1 Анан мен асмандан булут жамынып түшүп келе жаткан күчтүү, башка периштени көрдүм. Анын башынан жогору жакта көк желе бар эле. Анын жүзү күндөй жаркырап, буттары оттуу тирөөчтөрдөй болуп турду.

2 Анын колунда ачылган китепче бар экен. Ал оң бутун деңизге, ал эми сол бутун кургак жерге коюп,

3 арстандын айкырыгындай болгон катуу үн менен кыйкырды. Ал кыйкырганда, жети күн күркүрөө өздөрүнүн үнү менен сүйлөй баштады.

4 Жети күн күркүрөө өздөрүнүн үндөрү менен сүйлөп жатканда, мен жазып алмакчы болдум. Бирок асмандан мага: «Жети күн күркүрөөнүн эмне деп сүйлөгөнүн жазба, аны жашырып кой», – деп айткан үндү уктум.

5 Бир буту менен деңизде, экинчи буту менен кургак жерде турган, мен көргөн periште оң колун асманга көтөрүп,

6 асманды жана андагы бардык нерсени, жерди жана анын үстүндөгү бардык нерсени, деңизди жана анын ичиндеги бардык нерсени жараткан түбөлүк Жашоочунун ысымы менен мындай деп ант берди: «Мындан ары создуктурулбайт.

7 Жетинчи periште сүйлөп, сурнай тарткан күндөрдө Кудайдын Өз кулдарына – пайгамбарларына айткан жашыруун сыры ишке ашат».

8 Мен асмандан уккан үн мага кайрадан мындай деп сүйлөй баштады: «Бар, бир буту деңизде, экинчи буту кургак жерде турган periштенин колундагы ачылган китепчени ал».

9 Ошондо мен periштеге барып: «Мага китепчени бер», – дедим. Ал мага: «Алгын да жегин. Ал сенин карыныңа барганда, ачуу, бирок оозуңда балдай таттуу болот», – деди.

10 Мен periштенин колунан китепчени алдым да жедим. Ал менин оозумда балдай таттуу болду, бирок жегенден кийин, карынымда ачуу болуп калды.

11 Анан ал мага: «Сен элдер, уруулар, тилдер жана падышалар жөнүндө кайрадан пайгамбарчылык кылууң керек», – деди.

**11-БӨЛҮМ**

**Ийбадаткананы ченөө**

1 Анан мага ченегич камыш таяк берилип, мындай деп айтылды: «Ордуңдан туруп, Кудайдын ийбадатканасын жана курмандык чалынуучу жайды чене, ал жерде табынып жаткандардын санын эсепте.

2 Ал эми ийбадаткананын сырткы короосун ченебей эле кой, анткени ал бутпарастарга берилген: алар ыйык шаарды кырк эки ай тебелеп-тепсешет.

3 Мен Өзүмдүн эки күбөмө бийлик берем, алар зумбал кийип алып, бир миң эки жүз алтымыш күн пайгамбарчылык кылышат».

4 Алар – бүт дүйнө жүзүнүн Кудайынын алдында турган эки зайтун дарагы жана эки шам чырак.

5 Эгерде аларга кимдир бирөө зыян келтирүүнү кааласа, анда алардын ооздорунан от чыгып, душмандарын жалмап коёт. Ким аларга зыян келтирүүнү кааласа, ал өлтүрүлүшү керек.

6 Пайгамбарчылык кылып жаткан күндөрүндө жер бетине жамгыр жаабашы үчүн, аларда асманды жаап коюу бийлиги бар. Аларда сууларды канга айландыруу жана каалаган убактыларында жерди ар кандай жазалар менен кыйратуу бийлиги бар.

7 Күбөлөндүрүп бүтүшкөндөн кийин, түпсүз туңгуюктан чыккан жырткыч алар менен согушуп, аларды жеңет, аларды өлтүрөт.

8 Алардын өлүктөрүн каймана мааниде Содом жана Мисир деп аталган улуу шаардын көчөсүнө ташташат. Алардын Теңири да ошол шаарда айкаш жыгачка кадалган.

9 Ар бир элден, ар бир уруудан, ар бир тилден жана ар бир улуттан көптөгөн адамдар үч жарым күн алардын өлүктөрүн мүрзөгө коюуга жол бербей, карап тура беришет.

10 Жер үстүндө жашап жаткан адамдар алардын өлтүрүлгөнүнө кубанып, шаттанып, бири-бирине белектерди жиберишет, анткени бул эки пайгамбар аларды кыйнашкан эле.

11 Бирок үч жарым күндөн кийин аларга Кудайдан өмүр руху кирип, экөө тең орундарынан турушту. Ошондо аларды карап тургандарды чоң коркунуч басты.

12 Анан ал экөө асмандан катуу үндү угушту, ал үн аларга: «Бул жакка чыккыла», – деди. Ошондо алар булут менен асманга көтөрүлүп кетишти, душмандары болсо аларды карап турушту.

13 Ошол учурда катуу жер титирөө болуп, шаардын ондон бир бөлүгү кулап калды. Жер титирөөдөн жети миң адам өлдү. Калган адамдарды коркунуч басып, асмандагы Кудайды даңкташты.

14 Экинчи кайгы өтүп кетти. Мына, үчүнчү кайгы жакындап келе жатат.

**Жетинчи сурнай**

15 Жетинчи периште сурнай тартканда, асмандан «Бул дүйнөнүн үстүнөн болгон падышачылык биздин Теңирдин жана Анын Машайагынын колуна өттү, Ал түбөлүккө падышачылык кылат» деген катуу үндөр чыкты.

16 Кудайдын алдында, өздөрүнүн тактыларында отурган жыйырма төрт аксакал жүзтөмөндөп жыгылып, Кудайга мындай деп табынып жатышты:

17 «Азыр бар болуп турган, башынан бери эле бар болгон жана келе жаткан, бардыгын кармап турууучу Кудай-Теңир, биз Сага ыраазычылыгыбызды билдиребиз, анткени Сен Өзүңдүн улуу бийлигиңди колуңа алып, падышачылык тактыңа отурдуң.

18 Бутпарастар ачууланышты. Ошон үчүн Сенин Өз каарыңды төгө турган, өлгөндөрдү соттой турган, Өзүңдүн кулдарыңа – пайгамбарларыңа, ыйыктарыңа жана Өзүңдүн ысымыңдан корккондорго, чоңдорго да, кичинелерге да өздөрүнүн тиешесин бере турган, жерди кыйраткандарды жок кыла турган убагың келди».

19 Ошондо Кудайдын асмандагы ийбадатканасы ачылып, андан Анын келишим сандыгы көрүндү. Чагылган чартылдап, катуу добуштар чыгып, күн күркүрөп, жер титиреп, мөндүр төктү.

**12-БӨЛҮМ**

**Аял жана ажыдаар**

1 Асмандан улуу жышаан: күн жамынган аял көрүндү. Анын бутунун астында ай, башында он эки жылдыздуу таажы бар экен.

2 Ал кош бойлуу болгондуктан, төрөт азабынан кыйналып, кыйкырып жатты.

3 Асмандан дагы бир жышаан: жети башы, он мүйүзү, жети таажысы бар чоң кызыл ажыдаар көрүндү.

4 Ал өзүнүн куйругу менен асмандагы жылдыздардын үчтөн бир бөлүгүн жерге шыпырып түштү. Ажыдаар наристени төрөлөрү менен жеп салуу үчүн, төрөр маалы келип калган аялдын алдына келип турду.

5 Аял бардык элдерди темир таяк менен кайтара турган эркек бала төрөдү. Бала Кудайдын жана Анын тактысынын жанына көтөрүлүп кетти.

6 Аял болсо чөлгө, Кудай даярдап койгон жерге, качып кетти. Анткени ал жерде ал бир миң эки жүз алтымыш күн багылышы керек эле.

7 Анан асманда согуш чыкты: Михаел жана анын периштелери ажыдаарга каршы согушушту, ажыдаар жана анын жин-перилери тигилерге каршы согушушту,

8 бирок жеңилип калышты, аларга андан ары асманда орун жок эле.

9 Ошентип, чоң ажыдаар – бүткүл ааламды азгырган, шайтан жана ибилис деп аталган байыркы жылан жерге кулатылды, аны менен кошо жин-перилери да кулатылды.

10 Анан мен асмандан мындай деп сүйлөгөн катуу үндү уктум: «Биздин Кудайыбыздын куткаруу иши иш жүзүнө ашты, Анын күчү көрүндү, Анын падышачылыгы орноду, Анын Машайагы бийликти колуна алды, анткени биздин бир туугандарыбызды Кудайдын алдында күндүр-түндүр жамандаган ушакчы жерге кулатылды.

11 Алар аны Козунун каны менен, өздөрүнүн күбөлөндүрүүсү менен жеңишти. Алар өз өмүрлөрүн аяшкан эмес, өлүмгө баш байлашкан.

12 Ошондуктан, асман жана анда жашагандар, кубангыла! Бирок жер үстүндө жана деңизде жашагандарга кайгы! Анткени шайтан өз убагынын аз калганын билип, силерге катуу каары менен түштү!»

13 Ажыдаар өзүнүн жерге кулатылганын көргөндө, эркек бала төрөгөн аялдын артынан сая түштү.

14 Ошондо чөлдөгү ордуна качып кетиши үчүн, аялга чоң бүркүттүн эки канаты берилди. Ага жыландан алыс жерде бир мезгил, мезгилдер жана жарым мезгил кам көрүлдү.

15 Аялды агызып кетиши үчүн, анын артынан жылан өзүнүн оозунан чоң суу коё берди.

16 Бирок аялга жер жардам берди. Ал өзүнүн оозун ачып, ажыдаар коё берген сууну жутуп алды.

17 Ошондо ажыдаар аялга аябай ачууланып, аялдын башка балдары менен – Кудайдын осуяттарын аткарган, Ыйса Машайактын күбөлөндүрүүсүнө ээ балдары менен согушууга жөнөдү.

**13-БӨЛҮМ**

**Эки жырткыч**

1 Мен деңиздин жээгиндеги кум үстүндө туруп, деңизден чыгып келе жаткан жырткычты көрдүм. Анын жети башы, он мүйүзү, мүйүздөрүндө болсо он таажы, ал эми баштарында Кудайды жамандаган ысымдар бар эле.

2 Мен көргөн ал жырткыч илбирске окшош экен. Анын буттары аюунукундай, оозу арстандыкындай экен. Ажыдаар ага өзүнүн күчүн, тактысын жана улуу бийлик берди.

3 Мен ал жырткычтын бир башынын оор жарадар экенин көрдүм, бирок ал оор жаракат айыгып калды. Бүт жер жүзү таң калып, жырткычтын артынан ээрчиди. Алар жырткычка бийлик берген ажыдаарга таазим кылып жатышты.

4 «Бул жырткычка ким тең келе алат? Аны менен ким салгылаша алат?» – деп, алар жырткычка табынып жатышты.

5 Ага текеберденип сүйлөгөн жана Кудайды жамандаган ооз берилди, ошондой эле ага өз бийлигин колдонууга кырк эки ай берилди.

6 Ошондо ал Кудайды, Анын ысымын, Анын жашаган жайын жана асманда жашагандарды жамандоо үчүн оозун ачты.

7 Ага ыйыктар менен согушуп, аларды жеңүүгө жол берилди. Ага бардык уруулардын, элдердин, тилдердин, улуттардын үстүнөн бийлик берилди.

8 Жер үстүндө жашагандардын бардыгы, ысымдары дүйнө жаралганда эле союлган Козунун өмүр китебине жазылбаган адамдар ага таазим кылышат.

9 Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун.

10 Ким бирөөнү туткундаса, ал өзү туткундалат. Ким кылыч менен бирөөнү өлтүрсө, ал өзү да кылычтан өлөт. Бул жерде ыйыктардын чыдамкайлыгы жана ишеними керек.

11 Анан мен жерден чыгып келе жаткан башка жырткычты көрдүм. Анын козунукундай эки мүйүзү бар экен, бирок ал ажыдаардай сүйлөйт экен.

12 Ал биринчи жырткычтын алдында анын бүт бийлиги менен иш жүргүзүп, бүт жер жүзүн жана анда жашагандардын баарын оор жаракаты айыккан биринчи жырткычка таазим кылууга мажбурлайт.

13 Ал улуу кереметтерди көрсөтөт. Атүгүл, адамдардын көз алдында асмандан жер үстүнө от да түшүрөт.

14 Ага жырткычтын алдында кереметтерди жасоого бийлик берилген. Ал ошол кереметтери менен жер үстүндө жашагандарды азгырып, аларга: «Кылычтан жаракат алып, бирок тирүү калган жырткычтын айкелин жасагыла», – деп айтат.

15 Жырткычтын айкели сүйлөшү үчүн, өз ишин жүргүзүп, өзүнүн айкелине табынбаган ар бир адамды өлтүрүшү үчүн, ага анын айкелине рух киргизүүгө бийлик берилди.

16 Ал чоңго да, кичинеге да, байга да, жакырга да, эркин адамга да, кулга да – бардыгынын оң колуна же чекесине белги салдырат.

17 Ошондо ушул белги: же жырткычтын ысымы, же анын ысымын билдирген сан коюлбаган адамга сатууга же сатып алууга болбойт.

18 Бул жерде акылмандык керек. Кимдин акылы бар болсо, ал жырткычтын санын эсептеп алсын, анткени бул – адамдын саны. Бул сан – алты жүз алтымыш алты.

## 14-БӨЛҮМ

### Козу жана жүз кырк төрт миң адам

1 Анан мен Козунун Сион тоосунда турганын көрдүм. Анын жанында чекелерине Анын жана Атасынын ысымы жазылган жүз кырк төрт миң адам туруптур.

2 Анан мен асмандан суулардын шаркыраганындай, күндүн катуу күркүрөгөнүндөй болгон үндү уктум. Мен уккан үн гусли чертип ырдагандардын гуслисинин үнүндөй эле.

3 Алар тактынын алдында, төрт тирүү жандыктын жана аксакалдардын алдында жаңы ыр ырдап жатышкандай болду. Ал ырды жер үстүнөн сатылып алынган бул жүз кырк төрт миң адамдан башка эч ким үйрөнө алган жок.

4 Булар – аял заты менен булганбагандар, анткени алар аял затына жакындашкан эмес. Алар – Козу кайда гана барбасын, Анын артынан ээрчигендер. Алар – Кудайга жана Козуга арналган, адамдардын арасынан сатылып алынган туңгучтар.

5 Алардын оозунан эч кандай жалган сөз чыккан эмес, алар кемчиликсиз.

**Түбөлүк Жакшы Кабары бар периште**

6 Анан мен асмандын ортосунда учуп келе жаткан периштени көрдүм. Ал периштеде жер үстүндө жашаган бардык урууларга жана улуттарга, тилдерге жана элдерге таратыла турган түбөлүктүү Жакшы Кабар бар эле.

7 Ал катуу үн менен мындай деди: «Кудайдан корккула, Аны даңктагыла, анткени Анын соттой турган убагы келди. Асман менен жерди, деңиз менен булактарды Жаратканга табынгыла».

8 Анын артынан дагы бир периште келе жатты. Ал мындай деди: «Кулады! Улуу шаар Бабыл кулады, анткени ал өзүнүн бузуктугунун ачуу шарабы менен бардык элдерди мас кылган».

9 Бул периштенин артынан дагы бир периште келе жатты. Ал катуу үн менен мындай деди: «Ким жырткычка жана анын айкелине табынса, анын белгисин чекесине же колуна койдурса,

10 ал Кудайдын каарынын шарабын – Анын каары толтурулган чөйчөктөгү таза шарапты ичет. Ал ыйык периштелердин жана Козунун алдында отко жана күкүрткө күйүп кыйналат.

11 Алардын кыйналуусунан чыккан түтүн түбөлүккө көтөрүлүп турат. Жырткычка жана анын айкелине табынгандар, анын ысымынын белгисин койдургандар күн да, түн да тынч ала алышпайт.

12 Бул жерде Кудайдын осуяттарын аткарган жана Ыйсага болгон ишенимди сактаган ыйыктардын чыдамкайлыгы талап кылынат».

13 Анан мен асмандан сүйлөгөн үндү уктум, ал үн мага мындай деди: «Жаз: “Ушул учурдан баштап, Теңирге таандык болуп өлгөндөр бактылуу. Ооба, – дейт Рух, – алар өздөрүнүн иштеринен эс алышат, иштери алардын артынан барат”».

**Түшүм жыйноо**

14 Анан мен ак булутту көрдүм. Анын үстүндө Адам Уулуна окшогон бирөө отуруптур. Анын башында алтын таажы, колунда курч орок бар экен.

15 Ийбадатканадан бир периште чыгып, булуттун үстүндө отурганга катуу үн менен мындай деди: «Орогуңду шилтеп, оро башта, анткени түшүм жыйноо убагы келди, себеби жер үстүндө эгин бышты».

16 Ошондо булуттун үстүндө отурган колундагы орогун жерге шилтеди эле, жер орулуп калды.

17 Асмандагы ийбадатканадан дагы бир периште чыкты. Анын колунда да курч орок бар экен.

18 Оттун үстүнөн бийлиги бар бир периште курмандык чалынуучу жайдан чыгып, курч ороктууга катуу үн менен мындай деп кыйкырды: «Курч орогуңду ал да, жер үстүндөгү жүзүм шиңгилдерин кес, анткени жүзүм бышты».

19 Ошондо периште орогун жерге шилтеди да, жер үстүндөгү жүзүмдү кесип, Кудайдын каары толтурулган жүзүм сыгылуучу жайга ыргытты.

20 Жүзүм шаардын сыртындагы жүзүм сыгылуучу жайда тебеленди. Ошондо жүзүм сыгылуучу жайдан аккан кан аттын жүгөнүнчөлүк бийиктикке чейин көтөрүлүп, бир миң алты жүз стадий аралыкка чейин жетти.

**15-БӨЛҮМ**

**Жети периште жана жети алаамат**

1 Анан мен асмандан башка жышаанды, улуу жана таң каларлык жышаанды, көрдүм: акыркы жети алааматты алып жүргөн жети периште көрүндү. Бул алааматтар менен Кудайдын каары басылат экен.

2 Анан мен от менен аралашкан, айнектей болгон деңизди көрдүм. Жырткыч жана анын бейнеси менен, анын белгиси жана анын ысымын билдирген сан менен болгон күрөштө жеңип чыккандар ушул айнек деңиздин үстүндө Кудайдын гуслисин кармап турушуптур.

3 Алар Кудайдын кулу Мусанын жана Козунун ырын ырдап жатышты: «Бардыгын кармап туруучу Кудай-Теңир, Сенин иштериң улуу жана кереметтүү! Элдердин Падышасы, Сенин жолдоруң туура жана адилеттүү!

4 О, Теңир, Сенден коркпогон ким бар, Сенин ысымыңды даңктабаган ким бар? Анткени бир гана Сен ыйыксың. Бардык элдер Сенин алдыңа келип, баш ийип таазим кылышат, анткени Сенин адилеттүү иштериң айкын болду».

5 Андан кийин мен асмандагы ийбадаткананын – күбөлүк чатырынын ачылганын көрдүм.

6 Ийбадатканадан жети алааматты алып жүргөн жети периште чыкты. Алар зыгыр кездемеден тигилген, таза жана жаркыраган кийим кийип, көкүрөгүн алтын кур менен курчап алышыптыр.

7 Төрт тирүү жандыктын бири жети периштеге түбөлүк жашоочу Кудайдын каары толтурулган жети алтын чөйчөктү берди.

8 Ошондо ийбадаткана Кудайдын даңкы менен күчүнөн улам түтүнгө толду. Жети периштенин жети алааматы бүткөнгө чейин, ийбадатканага эч ким кире алган жок.

**16-БӨЛҮМ**

**Кудайдын каары толтурулган жети чөйчөк**

1 Анан мен ийбадатканадан чыккан катуу үндү уктум, ал үн жети периштеге: «Баргыла, Кудайдын жети чөйчөктөгү каарын жерге төккүлө», – деди.

2 Биринчи периште барып, өзүнүн чөйчөгүндөгүсүн жерге төктү. Ошондо жырткычтын белгисин койдурган, анын бейнесине табынган адамдарга жугуштуу жана жийиркеничтүү ириңдүү жаралар чыкты.

3 Экинчи периште өзүнүн чөйчөгүндөгүсүн деңизге төктү. Ошондо деңиз суусу өлгөн адамдын канындай болуп калды, деңиздеги тирүү жандыктын бардыгы өлдү.

4 Үчүнчү периште өзүнүн чөйчөгүндөгүсүн дарыяларга жана булактарга төктү. Ошондо алар канга айланды.

5 Анан мен суулардын периштесинин мындай деп сүйлөгөнүн уктум: «Азыр бар болуп турган, башынан бери эле бар болгон Теңир, Сен адилетсиң жана ыйыксың, анткени Сен туура өкүм чыгардың.

6 Алар ыйыктардын жана пайгамбарлардын канын төгүштү. Ошон үчүн Сен аларга кан ичирдиң, алар ошого татыктуу».

7 Анан мен курмандык чалынуучу жайдан мындай деп сүйлөгөн үндү уктум: «Ооба, бардыгын кармап туруучу Кудай-Теңир, Сенин өкүмдөрүң туура жана адилет».

8 Төртүнчү периште өзүнүн чөйчөгүндөгүсүн күнгө төктү. Ошондо күнгө адамдарды от менен күйгүзүүгө бийлик берилди.

9 Адамдар катуу ысыкка күйүп, ушул алааматтардын үстүнөн бийлиги бар Кудайдын ысымына тил тийгизип жатышты. Алар тобо кылышкан жок, Аны даңкташкан жок.

10 Бешинчи периште өзүнүн чөйчөгүндөгүсүн жырткычтын тактысына төктү. Ошондо анын падышачылыгын караңгылык каптады. Адамдар оор азаптан кыйналып, тилдерин тиштешти,

11 өздөрүнүн тарткан азабы жана жаралары үчүн асмандагы Кудайга тил тийгизип жатышты. Алар өздөрүнүн иштери үчүн өкүнүп тобо кылышкан жок.

12 Алтынчы периште өзүнүн чөйчөгүндөгүсүн улуу Эфрат дарыясына төктү. Ошондо күн чыгыштан келе турган падышаларга жол даяр болуш үчүн, дарыя соолуп калды.

13 Анан мен ажыдаардын, жырткычтын жана жалган пайгамбардын оозунан курбакага окшогон үч таза эмес рух чыкканын көрдүм.

14 Бул рухтар – жышаандарды көрсөткөн жиндердин рухтары. Алар бүт дүйнөнүн падышаларына барып, аларды бардыгын кармап туруучу Кудайдын улуу күнүндө боло турган согушка чогултуп келишет.

15 «Мен ууру сыяктуу күтүлбөгөн жерден келем. Сергек жүргөн жана жылаңач калып уят болбош үчүн, өзүнүн кийимдерин сактап жүргөн адам бактылуу».

16 Ал рухтар падышаларды эврейче Армагедон деп аталган жерге чогултушту.

17 Жетинчи периште өзүнүн чөйчөгүндөгүсүн абага төктү. Ошондо асмандагы ийбадатканадагы тактыдан «Аткарылды!» деген катуу үн чыкты.

18 Чагылган чартылдап, күн күркүрөп, дабыштар чыгып, катуу жер титирөө болду. Адамдар жер үстүндө жашагандан бери мындай катуу жер титирөө болуп көргөн эмес. Бул ушунчалык катуу жер титирөө эле.

19 Ошондо улуу шаар үч бөлүккө бөлүндү, бутпарастардын шаарлары кулады. Өзүнүн каары толтурулган шарап чөйчөгүн берүү үчүн, Кудай улуу Бабылды эсине алды.

20 Ошондо аралдардын баары жок болуп кетти, тоолор да жер менен жексен болду.

21 Асмандан адамдардын үстүнө салмагы бир талант болгон мөндүр жаады. Ошондо адамдар мөндүр алааматы үчүн Кудайга тил тийгизишти, анткени мөндүр алааматы аябай оор эле.

## 17-БӨЛҮМ

### Бабылдын соттолушу

1 Жети чөйчөк кармаган жети периштенин бири келип, мага мындай деди: «Бери жакын кел, мен сага көптөгөн суулардын үстүндө отурган өтө бузулган аялдын үстүнөн болгон сотту көрсөтөм.

2 Ал аял менен жер үстүндөгү падышалар бузуктук кылышкан, ал аялдын бузуктугунун шарабына жер үстүндө жашагандар мас болушкан».

3 Анан ал мени Рух аркылуу чөлгө алып барды. Ошондо мен кыпкызыл жырткычтын үстүндө отурган аялды көрдүм. Жети башы, он мүйүзү бар ал жырткыч Кудайды жамандаган ысымдарга толо эле.

4 Аялдын кийими кочкул кызыл жана ачык кызыл кездемеден, жасалгасы алтындан, кымбат баалуу таштардан жана берметтен эле. Ал колуна жийиркеничтүү нерселерге жана өзүнүн бузуктугунун ыпылас иштерине толгон алтын чөйчөк кармап алыптыр.

5 Анын чекесинде бир ысым жазылуу эле, жашыруун сыр: «Улуу Бабыл – жер үстүндөгү бузулган аялдардын жана жийиркеничтүү нерселердин энеси».

6 Мен бул аялдын ыйыктардын жана Ыйсанын күбөлөрүнүн канына тойгонун көрдүм. Аялды көрүп, мен аябай таң калдым.

7 Ошондо периште мага мындай деди: «Эмнеге таң калып жатасың? Мен сага бул аялдын жана аны көтөрүп жүргөн жети баштуу, он мүйүздүү жырткычтын жашыруун сырын айтып берем.

8 Сен көргөн жырткыч мурун бар болчу, азыр жок. Ал түпсүз туңгуюктан чыгып, кыйроого учурайт. Жер үстүндө жашагандардын ичинен ысымдары дүйнө жаралгандан тартып эле өмүр китебине жазылбагандар мурун бар болуп, азыр жок болуп кеткен жана келе турган бул жырткычты көрүп таң калышат.

9 Бул жерде акылмандык керек. Жети баш – аял отурган жети тоо, ошондой эле жети падыша.

10 Алардын бешөө кулаган, бирөө турат, бирөө али келе элек. Ал келгенде, көпкө турбайт.

11 Мурун бар болгон, азыр жок болгон жырткыч – сегизинчиси. Ал жетөөнүн бири болуп, кыйроого учурайт.

12 Сен көргөн он мүйүз – он падыша. Алар өздөрүнүн падышачылык бийлигин алыша элек, бирок алар падыша катары падышачылык бийликти жырткыч менен бирге бир саатка алышат.

13 Алардын ой-максаты бир, алар өздөрүнүн күчүн жана бийлигин жырткычка өткөрүп беришет.

14 Алар Козу менен согушушат, бирок Козу аларды жеңет, анткени Ал – теңирлердин Теңири, падышалардын Падышасы. Анын жанындагылар – чакырылгандар, тандалгандар жана ишенимдүүлөр».

15 Анан периште мага мындай деди: «Сен көргөн, бузулган аял отурган суулар – адамдар, элдер, уруулар жана тилдер.

16 Сен көргөн он мүйүз жана жырткыч бузулган аялды жек көрүп, талап-тонойт, жылаңачтайт. Анын этин жеп, өзүн өрттөп жиберет.

17 Анткени Кудай алардын жүрөгүнө Өзүнүн каалоосун аткарууну, Өзүнүн ушул каалоосун аткарууну, Кудайдын сөзү аткарылганга чейин, алардын падышачылыгын жырткычка өткөрүп берүүнү салган.

18 Сен көргөн аял болсо – жер үстүндөгү падышалардын үстүнөн бийлик жүргүзгөн улуу шаар».

**18-БӨЛҮМ**

**Бабылдын кулашы**

1 Ошондон кийин мен асмандан түшүп келе жаткан, улуу бийлиги бар периштени көрдүм. Жер анын даңкы менен жарык болуп турду.

2 Ал катуу үн менен мындай деди: «Кулады! Улуу шаар, бузуктук кылуучу Бабыл кулады, ал жиндердин турак жайы, таза эмес рухтардын баш калкалар жайы, бардык арам жана жийиркеничтүү канаттуулардын жашай турган жайы болду. Анткени анын бузуктук кумарынын шарабынан бардык элдер ичип мас болушкан.

3 Жер үстүндөгү падышалар аны менен бузуктук кылышкан, анын байлыгы менен бүт жер жүзүндөгү көпөстөр байышкан».

4 Анан мен асмандан мындай деп сүйлөгөн башка үндү уктум: «Менин элим, анын күнөөлөрүнө ортоктошуп, анын башына түшө турган алааматтарга кабылып калбашың үчүн, андан чык!

5 Анткени анын күнөөлөрү асманга чейин жетти, Кудай анын адилетсиздиктерин эсине алды.

6 Ага силерге кылган иштерине жараша тиешесин бергиле, анын кылган иштерине жараша эки эсе тиешесин бергиле. Анын шарап даярдаган чөйчөгүнө аныкынан эки эсе көп шарап даярдап бергиле.

7 Ал өзүн канчалык даңктаса, канчалык сайран курса, ага ошончолук азап, ошончолук кайгы тарттыргыла. Анткени ал өз ичинен: “Мен тактыда отурган ханышамын, мен жесир эмесмин. Мен кайгы тартпайм!” – деп айтып жатат.

8 Ошон үчүн ага бир күндүн ичинде алааматтар – өлүм, кайгы жана ачарчылык келет. Ал өрттөлөт, анткени аны соттогон Кудай-Теңир күчтүү.

9 Аны менен бирге бузуктук кылып жыргалчылык көргөн жер үстүндөгү падышалар анын өртүнөн чыккан түтүндү көрүшкөндө, аны жоктоп, боздоп ыйлашат.

10 Анын кыйналганын көрүп үрөйлөрү учкан алар алыста туруп алып мындай дешет: “Башыңа каран түн түштү, улуу шаар, бекем шаар Бабыл! Анткени сенин үстүңөн бир сааттын ичинде өкүм чыгарылды”.

11 Бүт жер жүзүндөгү көпөстөр аны жоктоп ыйлашат, анткени алардын дүнүйө-мүлктөрүн:

12 алтын менен күмүштөн жасалган буюмдарын, асыл таштарын, берметин, зыгыр буласын, кочкул кызыл жана ачык кызыл кездемелерин, жибектерин, ар кандай жыпар жыттуу жыгачтарын, пилдин сөөгүнөн, эң кымбат жыгачтан, жезден, темирден жана мармардан жасалган ар кандай буюмдарын,

13 дарчиндерин, жыпар жыттуу заттарын, миросун, ладанын, шарабын, зайтун майын, ак унун, буудайын, малын, койлорун, аттарын жана арабаларын, кулдарын, адамдардын жандарын эми эч ким сатып албайт.

14 “Өзүң жактырган жемиштериң калбай калды, баалуу жана жаркыраган нерселериңдин баарынан ажырадың, эми сен аларды таба албайсың”.

15 Ушулардын баары менен соода кылгандар, ушул шаардын аркасы менен байыгандар анын кыйналганын көрүп, корккондорунан жакын бара албай, жоктоп ыйлап, мындай дешет:

16 “Башыңа каран түн түштү, зыгыр буласынан, кочкул кызыл жана ачык кызыл кездемеден кийим кийип, алтын менен, асыл таштар жана бермет менен жасалгаланган улуу шаар, башыңа каран түн түштү!

17 Анткени ушундай байлык бир сааттын ичинде жок болду”. Кеме башкаруучулар менен кеме жүргүнчүлөрүнүн бардыгы, кемечилер жана деңиз аркылуу соода кылган соодагерлер алыста туруп алып,

18 анын өртүнөн чыккан түтүндү карап: “Ушул улуу шаарга тең келген шаар бар беле!” – деп боздошот.

19 Алар баштарына күл чачып, боздоп ыйлап: “Башыңа каран түн түштү, улуу шаар! Деңизде кемеси барлардын бардыгы сенин байлыктарың менен байышчу эле! Бир сааттын ичинде кыйрадың”, – дешет.

20 Асман, ыйыктар, элчилер жана пайгамбарлар, буга кубангыла, анткени Кудай алардын үстүнөн сот жүргүзүп, силер үчүн өч алды».

21 Анан бир күчтүү периште тегирмендин ташындай болгон чоң ташты алып, деңизге ыргытты да: «Улуу шаар Бабыл да ушундай күч менен кулатылат, ал таптакыр жок болот.

22 Сенде мындан ары гусли черткендердин, ырчылардын, чоорчулардын жана сурнайчылардын үнү угулбайт. Мындан ары сенде эч кандай уста, эч кандай устачылык болбойт, мындан ары жаргылчактын үнү угулбайт.

23 Мындан ары сенде шам чырактын жарыгы жаркырабайт, күйөө менен колуктунун үнү угулбайт, анткени сенин көпөстөрүң бул дүйнөнүн төрөлөрү эле, сенин сыйкырчылыгың менен бардык элдер адашкан.

24 Бул шаардан пайгамбарлардын, ыйыктардын жана жер үстүндөгү бардык өлтүрүлгөн адамдардын каны табылган», – деди.

## 19-БӨЛҮМ

### Бабыл кулагандагы асманда болгон кубаныч

1 Ошондон кийин мен асмандан көп кишинин үнүндөй болгон катуу үн уктум, ал үн мындай деди: «Кудайды даңктагыла! Куткаруу иши, даңк, урмат-сый жана күч биздин Кудай-Теңирибизге таандык.

2 Анткени Анын өкүмдөрү адилет жана акыйкат! Анткени Ал бузуктугу ашынган аялды соттоду. Ал аял жер жүзүн өзүнүн бузуктугу менен бузган. Кудай Өзүнүн кулдарынын каны үчүн андан өч алды».

3 Экинчи жолу: «Кудайды даңктагыла! Ал шаардын түтүнү түбөлүк көтөрүлүп турат», – деп айтышты.

4 Ошондо жыйырма төрт аксакал жана төрт тирүү жандык жыгылып, тактыда отурган Кудайга таазим кылып: «Оомийин! Кудайды даңктагыла!» – дешти.

### Козунун Өз колуктусу менен никелешүүсү

5 Анан тактыдан мындай үн чыкты: «Кудайдын бардык кулдары, Андан корккондор, чоңдор да, кичинелер да, биздин Кудайды мактагыла!»

6 Анан мен топ элдикиндей, суулардын шаркыраганындай жана күндүн катуу күркүрөгөнүндөй болгон үндү уктум. Ал үн мындай деп жатты: «Кудайды даңктагыла! Анткени бардыгын кармап туруучу Кудай-Теңир падышачылык бийликти колуна алды.

7 Сүйүнөлү, кубаналы жана Аны даңктайлы, анткени Козунун никелешүү убагы келди, Анын колуктусу өзүн даярдады».

8 Ага таза жана жаркыраган зыгыр буласынан кийим кийүүгө укук берилди. Анткени зыгыр кийим – ыйыктардын адилдиги.

9 Анан периште мага: «Жаз: Козунун нике тоюна чакырылгандар бактылуу», – деди. Анан ал мага дагы мындай деди: «Бул сөздөр – Кудайдын чындык сөздөрү».

10 Ошондо мен ага таазим кылуу үчүн, бутуна жыгылдым. Бирок ал мага: «Мындай кылба. Мен Ыйса Машайактын күбөлөндүрүүсүнө ээ болгон сенин жана сенин бир тууғандарыңдын кызматташымын. Кудайга таазим кыл. Анткени Ыйса Машайактын күбөлөндүрүүсү – пайгамбарчылыктын руху», – деди.

**Ак атчан**

11 Анан мен ачылган асманды жана ак аттын үстүндө Отурганды көрдүм. Анын ысымы – Ишенимдүү жана Чындык. Ал адилеттүүлүк менен сот жүргүзөт жана адилеттүүлүк менен согушат.

12 Анын көздөрү оттун жалынындай, Анын башында болсо көп таажы бар. Анын Өзүнөн башка эч ким билбеген, жазылган ысымы бар.

13 Анын кийген кийими канга боёлгон. Анын ысымы – Кудайдын Сөзү.

14 Анын аркасынан ак ат минген, ак жана таза зыгыр буласынан кийим кийген асман кошуундары ээрчиди.

15 Анын оозунан элдерди кыра турган курч кылыч чыгып туруптур. Ал элдерди темир таяк менен кайтарат. Ал бардыгын кармап туруучу Кудайдын каарынын жана ачуусунун шарабы толтурулган жүзүм сыгылуучу жайды тебелеп жатат.

16 Анын кийиминде жана санында Өзүнүн ысымы жазылган: «Падышалардын Падышасы жана теңирлердин Теңири».

17 Анан мен күндүн үстүндө турган бир периштени көрдүм. Ал бийик асманда учуп жүргөн бардык канаттууларга мындай деп кыйкырды: «Кудайдын улуу Кечки Тамагына чогулуп келгиле.

18 Падышалардын, миң башылардын жана күчтүүлөрдүн этин, аттардын жана аларды мингендердин этин, эркин адамдардын жана кулдардын, чоңдордун жана кичинелердин этин жеш үчүн чогулгула».

19 Анан мен жырткычты, жер үстүндөгү падышаларды жана алардын чогулган аскерлерин көрдүм. Алар ат үстүндө Отурган менен, Анын аскерлери менен согушууга чогулушкан эле.

20 Ошондо жырткыч жана аны менен бирге жалган пайгамбар колго түшүрүлдү. Ал жалган пайгамбар жырткычтын алдында көрсөткөн кереметтери менен жырткычтын белгисин кабыл алгандарды жана анын бейнесине табынгандарды азгырчу. Ал экөө тең күйүп жаткан күкүрттүү көлгө тирүүлөй ыргытылды.

21 Ал эми калгандары ат үстүндө Отургандын оозунан чыккан кылыч менен өлтүрүлүштү. Бардык канаттуулар алардын өлүгүн жеп тоюшту.

**20-БӨЛҮМ**

**Миң жылдык падышачылык**

1 Анан мен асмандан түшүп келе жаткан периштени көрдүм. Анын колунда түпсүз туңгуюктун ачкычы жана чоң чынжыр бар эле.

2 Ал шайтан жана ибилис болуп эсептелген байыркы жыланды – ажыдаарды кармап алып, миң жылга чынжырлап койду.

3 Миң жыл өткөнгө чейин элдерди азгырбасын деп, ал аны түпсүз туңгуюкка кулатып түшүрүп, камап салды, анан үстүнөн мөөр басып койду. Ал ошондон кийин гана бир аз убакытка бошотулууга тийиш эле.

4 Анан мен тактыларды жана аларда отургандарды көрдүм. Аларга сот жүргүзүүгө укук берилди. Ошондой эле мен Ыйсаны күбөлөндүрүшкөнү үчүн жана Кудайдын сөзү үчүн башы алынгандардын жандарын – жырткычка жана анын бейнесине табынбаган, өздөрүнүн чекесине да, колуна да белги койдурбагандарды көрдүм. Алар тирилип, Машайак менен бирге миң жыл падышачылык кылышты.

5 Калган өлгөндөр миң жыл өткөнгө чейин тирилишкен жок. Бул – биринчи тирилүү.

6 Биринчи тирилүүгө катышкан адамдар – бактылуу жана ыйык адамдар: экинчи өлүм алардын үстүнөн бийлик кыла албайт, алар Кудайдын жана Машайактын ыйык кызмат кылуучулары болушат жана Аны менен бирге миң жыл падышачылык кылышат.

**Шайтандын жазаланышы**

7 Миң жыл өткөндөн кийин шайтан камалган жеринен бошотулуп, жердин төрт тарабында жашаган элдерди, Гок менен Магокту азгыруу үчүн чыгат, аларды согушка чогултат. Алардын саны деңиз кумундай көп.

8 Алар дүйнөнүн төрт тарабына чыгып, ыйыктардын кошуунун жана Кудайдын сүйүктүү шаарын курчап алышты.

9 Ошондо асмандан, Кудайдан от түшүп, аларды өрттөп жиберди.

10 Ал эми аларды азгырган шайтан күйүп жаткан күкүрттүү көлгө ыргытылды. Ал жерде жырткыч жана жалган пайгамбар бар. Алар күнү-түнү, түбөлүк кыйналышат.

**Акыркы сот**

11 Анан мен чоң ак тактыны жана анда Отурганды көрдүм. Анын жүзүнөн асман менен жер качты: аларга орун табылбай калды.

12 Ошондо мен тактынын алдында турган өлгөндөрдү – чоңдорду да, кичинелерди да көрдүм. Китептер ачылды. Дагы бир китеп ачылды, ал өмүр китеби эле. Өлгөн адамдар китептерде жазылган өздөрүнүн иштерине жараша соттолушту.

13 Ошондо деңиз өзүндөгү өлгөн адамдарды кайрып берди, өлүм жана өлгөндөр жаткан жай да өздөрүндөгү өлгөн адамдарды кайрып беришти. Ар бир адам өз иштерине жараша соттолду.

14 Анан өлүм жана өлгөндөр жаткан жай күйүп турган көлгө ыргытылды. Күйүп турган көл – экинчи өлүм.

15 Ал эми ким өмүр китебине жазылбаган болсо, ал күйүп турган көлгө ыргытылды.

## 21-БӨЛҮМ

### Жаңы асман жана жаңы жер

1 Анан мен жаңы асманды жана жаңы жерди көрдүм. Анткени мурунку асман менен мурунку жер жок болгон эле, деңиз да жок болгон.

2 Мен, Жакан, ыйык шаарды – жаңы Иерусалимди көрдүм. Ал күйөөсү үчүн жасанган колуктудай даярдалып, асмандан, Кудайдан түштү.

3 Анан мен асмандан мындай деген катуу үндү уктум: «Мына, Кудайдын жыйын чатыры адамдар менен бирге. Кудай алар менен жашайт, алар Анын эли болушат. Кудай Өзү алар менен болуп, алардын Кудайы болот.

4 Кудай алардын бардык көз жашын аарчыйт. Өлүм деген болбойт. Ый деген, өкүрүк деген, оору деген болбойт, анткени мурункунун баары өтүп кеткен».

5 Анан тактыда Отурган мындай деди: «Мына, Мен бардыгын жаңы жаратып жатам». Анан мага мындай деди: «Жаз, анткени бул сөздөр туура жана чындык».

6 Анан мага мындай деди: «Аткарылды! Мен Альфамын жана Омегамын, башымын жана аягымын. Суусаганга тирүү суунун башатынан сууну бекер берем.

7 Жеңип чыккан адам бардыгын мураска алат, Мен анын Кудайы болом, ал Менин уулум болот.

8 Коркоктор жана ишенбегендер, кара ниеттер жана киши өлтүргүчтөр, бузулгандар жана сыйкырчылар, бутка табынуучулар жана бардык жалганчылар күйүп жаткан күкүрттүү көлгө ыргытылышат: бул – экинчи өлүм».

9 Акыркы жети алаамат толтурулган жети чөйчөк кармаган жети периштенин бири мага келип: «Жүр, мен сага колуктуну – Козунун үйлөнө турган аялын көрсөтөм», – деди.

10 Анан ал мени Рух аркылуу чоң жана бийик тоого алып чыгып, асмандан, Кудайдан түшкөн улуу, ыйык Иерусалим шаарын көрсөттү.

11 Ал Кудайдын даңкына толуп турган эле. Анын шам чырагы асыл ташка, кристалл сыяктуу тунук яспис ташына окшош экен.

12 Анын чоң жана бийик дубалы, он эки дарбазасы бар эле. Дарбазалардын үстүндө он эки периште, дарбазалардын бетинде Ысрайыл уулдарынын он эки уруусунун аттары жазылыптыр:

13 чыгыш тарапта үч дарбаза, түндүк тарапта үч дарбаза, түштүк тарапта үч дарбаза, батыш тарапта үч дарбаза бар экен.

14 Шаардын дубалынын пайдубалы он эки таштан турат экен, алардын бетине Козунун он эки элчисинин ысымы жазылыптыр.

15 Мени менен сүйлөшкөндүн колунда шаарды, анын дарбазаларын жана дубалын ченей турган алтын таягы бар экен.

16 Шаар төрт бурчтук түрүндө эле, анын узундугу менен туурасы бирдей экен. Ал шаарды таяк менен ченегенде, он эки миң стадий болду: узундугу, туурасы жана бийиктиги бирдей.

17 Ал анын дубалын да ченеди: периште адамдар колдонгон чен менен ченегенде, бир жүз кырк төрт чыканак болду.

18 Анын дубалы яспис ташынан тургузулуптур, шаар болсо тунук айнекке окшош таза алтындан эле.

19 Шаардын дубалынын пайдубалы ар кандай асыл таштардан экен: биринчи негизги таш – яспис, экинчиси – сапфир, үчүнчүсү – халкидон, төртүнчүсү – зымырыт,

20 бешинчиси – сардоникс, алтынчысы – кызыл агат, жетинчиси – хризолит, сегизинчиси – берилл, тогузунчусу – топаз, онунчусу – сары зымырыт, он биринчиси – гиацинт, он экинчиси – аметист.

21 Он эки дарбазасы – он эки бермет. Ар бир дарбазасы өзүнчө берметтен жасалган эле. Шаардын көчөсү – тунук айнек сыяктуу таза алтын.

22 Мен ал шаардан ийбадаткананы көргөн жокмун, анткени бардыгын кармап туруучу Кудай-Теңир жана Козу анын ийбадатканасы экен.

23 Шаар күндүн да, айдын да жарык кылып туруусуна муктаж эмес экен, анткени аны Кудайдын даңкы жарык кылып турду, анын шам чырагы – Козу Өзү.

24 Куткарылган элдер анын жарыгы астында басып жүрүшөт, жер үстүндөгү падышалар өздөрүнүн атак-даңкын шаарга алып келишет.

25 Анын дарбазалары күндүз бекитилбейт, анткени ал шаарда түн болбойт.

26 Ал шаарга элдердин атак-даңкын жана урмат-сыйын алып келишет.

27 Ал шаарга эч бир таза эмес нерсе кирбейт, жийиркеничтүү жана жалган иштерди жасаган эч бир адам кирбейт, ысымы Козунун өмүр китебине жазылгандар гана киришет.

**22-БӨЛҮМ**

1 Анан ал мага Кудайдын жана Козунун тактысынан агып чыгып жаткан өмүр суусунун кристаллдай тунук дарыясын көрсөттү.

2 Анын көчөсүнүн ортосунда, дарыянын аркы тарабында да, берки тарабында да өмүр дарагы өсүп туруптур. Ал ай сайын, бир жылда он эки жолу жемиш берет экен. Анын жалбырактары элдерди айыктырууга арналыптыр.

3 Ал шаарда каргышка калган эч нерсе болбойт. Ал жерде Кудайдын жана Козунун тактысы болот, Ага Өзүнүн кулдары кызмат кылышат.

4 Алар Анын жүзүн көрүп турушат, алардын чекесинде Анын ысымы жазылуу болот.

5 Ал жерде түн болбойт, алар шам чырактын жарыгына же күндүн жарыгына муктаж болушпайт, анткени Кудай-Теңир Өзү алардын үстүнөн жаркырап турат. Алар түбөлүккө падышачылык кылышат.

**Машайактын келиши**

6 Анан ал мага мындай деди: «Бул сөздөр туура жана чындык, ыйык пайгамбарлардын Кудай-Теңири жакында эмне боло тургандыгын Өзүнүн кулдарына көрсөтүү үчүн, Өзүнүн периштесин жиберди».

7 Ыйса мындай дейт: «Мына, Мен жакында келем. Бул китептеги пайгамбарчылыктарды карманган адам бактылуу».

8 Мен, Жакан, ушуну көрдүм жана уктум. Мен муну уккандан кийин жана көргөндөн кийин, мага ушуну көрсөткөн периштеге таазим кылуу үчүн, бутуна жыгылдым.

9 Бирок ал мага мындай деди: «Мындай кылба, анткени мен сенин, сенин бир туугандарың болгон пайгамбарлардын жана ушул китептеги сөздөрдү сактагандардын кызматташымын. Кудайга таазим кыл».

10 Анан ал мага мындай деди: «Бул китептеги пайгамбарчылыктарга мөөр басып бекитпе, анткени убакыт жакындап калды.

11 Адилетсиз иштерди жасаган адам адилетсиз иштерин жасай берсин, ыпылас адам ыпылас иштерин жасай берсин. Ал эми адил адам адил иштерин жасай берсин, ыйык адам ыйыктала берсин».

12 Ыйса мындай дейт: «Мына, Мен жакында келем. Ар бир адамга иштерине жараша бере турган сыйлыгымды ала келем.

13 Мен Альфамын жана Омегамын, биринчимин жана акыркымын, башымын жана аягымын.

14 Өмүр дарагынын жемишинен жегенге жана шаарга дарбаза аркылуу кирүүгө укук алуу үчүн кийимдерин жуугандар бактылуу.

15 Шаардын сыртында болсо – иттер жана сыйкырчылар, бузулгандар жана киши өлтүргүчтөр, бутка табынуучулар, жалганды сүйүүчүлөр жана адилетсиз иштерди кылуучулар.

16 Мен, Ыйса, ушуну силерге Жыйындарда күбөлөндүрүшү үчүн, Өзүмдүн периштемди жибердим. Мен Дөөттүн тукумунан чыккан таңкы жарык жылдызмын».

17 Рух менен колукту: «Кел!» – дешет. Муну уккан да: «Кел!» – десин. Суусаган келсин, каалоочу өмүр суусун бекер эле алсын.

18 Мен, Жакан, бул китептеги пайгамбарчылыктарды уккан ар бир адамга эскертемин: ким аларга бир нерсе кошо турган болсо, Кудай ага бул китепте жазылган алааматтарды кошуп берет.

19 Ким бул пайгамбарчылыктар жазылган китептеги сөздөрдөн бир нерсе алып салса, Кудай андан өмүр дарагындагы жана ыйык шаардагы үлүшүн, ошондой эле бул китепте жазылган үлүшүн алып коёт.

20 Муну күбөлөндүрүүчү мындай дейт: «Ооба, Мен жакында келем!» Оомийин. Ооба, кел, Теңир Ыйса!

21 Биздин Теңирибиз Ыйса Машайак бардыгыңарга ырайымын төгө берсин! Оомийин.